**Жетимишов Суранчы**

# ТАҢ ТОСКОН ТООЛОР

**Ош – 2017 ж**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-4**
**Ж 64**

Жетимишов Суранчы
**Ж 64** Таң тоскон тоолор  Ош «Кагаз Ресурстары» 2017  428 б.

**ISBN 978-9967-471-33-7**

Бабалар аздектеп, барктаган жашоонун ыйыктыгы, ар бир адамдан мекенди, эл-жерди, жаратылышты сүйүүнү, коом алдында ак кызмат кылууну талап кылат.

Анын канчалык деңгээлде аткарылышы, ал адамдын жашоодогу ишмердиги аркылуу айгинеленет. Чыгармада Соломон, Бишкек баатырлардын жана алар менен бир мезгилде жашаган инсандардын жунгар баскынчыларына каршы күрөшү баяндалат.

**Ж 4702300100-17** **УДК 821.51**

**ISBN 978-9967-471-33-7** **ББК 84 Ки 7-4**

**© Жетимишов Суранчы 2017 ж**

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ

Аксы аймагында кастарланып, ыйык аталган жер-суулар арбын. Алар жөнүндө эл оозунда эчендеген айтымдардан улам,, түрдүү жактардан уккандар келип, булак-сууларынан татып, таш мазарларына сыйынып, зыярат кылып кетишери белгилүү. Көбүнүн тилеги кабыл болуп,ойлогон ойлору акталса-Аксы жеринин касиети деп билишет.

Келгендерге алыстан эле Бозбу-Ата, батыш тарабында Кароол-Ата тоолорунун карааны чалдыгат. Кышын-жайын эзели төбөсүнөн булут кетпеген тоонун көрүнүшү жөнөкөй болгону менен түрдүү касиеттерге ээ экендиги, уккан-көргөндөрдүн баарына маалым. Тоонун атарабындагы ар түрдүү аталыштагы жер-суу аттарын байыркы бабалар атап, жердин шартына, жашоонун ыңгайына карай турак кылып жашоо-тиричиликтерин өткөрүп, өмүр өтөп келишкен. Тоону тегерете курчаган Ак-Суу, Кой-Таш, Кара-Жыгач,Сыны, Авлетим, Кербен, Кош-Дөбө аймактары Бозбу-Атадан агып түшкөн суулар менен азыктанып, элдин тиричилиги да ошого баглык. Тоонун так төбөсүндө Тулпар-Көлдүн болушу да, кандайдыр бир касиеттен кабар бергендей. Айтууда дал ошол көлдүн жанында Бозбу-Атанын кабыры жайгашып, көпчүлүк аны ыйык тутуп, ушул күнгө чейин мазар аталып келет.

Элдик айтымдардын арасында Аксы жери тууралуу дагы бир аңыз бар. Аксы атанын тогуз баласы болгон экен. Алардын эң кичүүсүнүн аты Арстанбап болуптур. Бозбу-Ата тоодогу булактарды тескеп:

-Тентектенбей, өз нугуңар менен жүргүлө! Силердин кесепетиңерден жердин бети аска, жарга айланып, көрк кетет-деп айтат.

Арадагы эң эле тентек булак, ага каяша кылып:

-Биздин эркибизге койбой, тескей бересиңби-деп таарынат.

-Сенин кесепетиңен жердин көркү кетип, кемер-жарга айланды. Эч кимге пайда келтирбей, ээн сайга түштүң. Бул кылыгың болбойт, дейт, Бозбу-Ата.

-Мага эле киришип, тескеп калдың. Сенин өңүңдү бузуп, кейпиңди кетирбесемби, деп, булак каяша кылат.

-Мага каяша кылба! Өзүңдүн абалыңа кара! Мен миңдеген жылдардан бери турам. Сага кебетем кетпейт. Кой убара болбо, деп, эскертет.

-Көрөсүң. Кетирем эле-дейт да, булак сайдан атырылып жөнөйт.

Баарын көрүп, билип турган Аксы-Ата Тоскоол уулуна :

-Экөөнү чырдаштырбай, элдештирип кой дейт.

Тоскоол сайдын оозуна барып, бууракандап жөнөгөн сууну токтотуп калат. Ал жер көлгө айланып, кийин Тоскоол-Ата көлү аталып кетет. Куу сайга ным көп топтолуп, ар түрдүү өсүмдүктөр өсүп, көлдүн айланасы көркүнө чыгып кооз болгондуктан эл ал жерди «Сары-Челек көлү» деп атап калышыптыр.

Бозбу-Тоонун төбөсүндөгү Тулпар-Көлдүн да өзүнө тиешелүү уламышы бар. Ак-Суулук бир чарбадар жыл сайын Бозбу-Атадагы Көлгө жайлоого чыкчу. Ал жылкыны көп кармачу. Бир үйүр жылкысын күнгөй тарапка, экинчи үйүрдөгү жылкысын тескей тарапка байлатып, эрте жаздан, кеч күзгө чейин кымызын ичип, жолдон өткөндөрдү «Ак ичип кет?»-деп үйүнө чакырчу. Субай жылкыларын көлдүн бир тарабына жайып, күн алыс келип жылкыларынан кабар алып турчу. Бир жайда көлдүн жээгинде сейилдеп отурса, көлдүн үстү барактап, буркан-шаркан түшө толкуну көбөйө баштайт. Көл бирде бир тарапка, бирде экинчи тарапка серпилип толкуй. Чочулаган чарбадар келме келтирип:

-Астапыр-алла, астапыр-алла! деп жакасын кармана элтеңдей калат. Аңгыча болбой жылкынын кулагы, анан башы көрүнүп, жээкти көздөй сүзүп жөнөйт. Аш-паш дегичекти ал жээкке жетип, көл ичинен окторула кемерге секирет да, кургак жерге чыгып, бир-эки жолу силкинет. Жал-куйругу төгүлгөн, сымбаты келишкен, ого эле көрктүү ак боз айгыр, атарабын карап, жер чапчый туруп калат. Жакын жерде жайытта жүргөн жылкыларды карай окуранып, чирене тумшугун көтөрөт. Суудан чыккан денеси күн нуруна чагылышып, күмүштөй жылтырап, ордунда жер таптап, жайыт тарапка моюн созо, атарабын жаңырта кишинейт. Анын үнүн уккан жылкылар селт эте, баш көтөрүшүп, үн алыша жооп беришкенсип, алар да кишинейт.Суудан чыккан тулпар дагы да кишинеп, көп жылкылар тарапты көздөй бет алат. Жайыттагы жылкылар да эңкүүлөп, аны утурлай басышат. Аң-таң болгон жылкылардын ээси:

-Эми эмне болоор экен?-деп таңыркап, ары кызыгып, аңдып жата берет. Ак боз айгыр көп жылкыга бет маңдай чыгып, улам бир-бирден жытташа аралаша кетет. Ак боз айгыр жер таптап, башын чулгуй бир тарапка басса, жылкылар да анын аркасынан ээрчишет. Улам жыттарын сиңиштиришип, бир-бирден келип,

кашына башташат. Алардын ичинен айрыкча көк чаар байтал бөлүнө, улам айгырды жыттап, мойнун мойнуна арта, кайра артын сала шынарлайт. Бир топ убакыттан соң, көк чаар байтал жылкылардан бөлүнө, четтей басып, топ арчаны аралай кетет. Ак боз анын артынан калбай ээрчип, бир кезде анын окуранган үнү угулат. Бир топ убакыттан соң, боз айгыр көк чаар байталды ээрчитип топ жылкыга аралашат.

Жылкылардан бөлүнүп ак боздун качан кеткени белгисиз. Жылкынын ээси күн санап, алдыртадан көк чаарды акмалап жүрдү. Келерки жылы чын курандын башында көк чаар чидерип, желининен сүт агызып калганын байкаган ээси, күнү-түнү көз айрыбай, бээни жанынан алыс чыгарбады. Кудай жалгап, бир күнү таң эрте менен көк чаар кулундады. Жаш кулундун тумшугун сыгып, кулагын үйлөп:

-Ак мээнет менен адалдан тапкан малым кулундады. Ак сары башыл, садага. Жараткандын аманатын адалдап сары майдан оозуна салдым. Шамалдан бүткөн Камбар-Ата тукумун короомо насип эт, деп жаратканга жалынып, ырым кылды.

Эки күндөн кийин кулун тунгагын таштап, энесин өзү ээмп калды. Жаш төл сөөк-саактуу болгондуктан көзгө комсо, тартайган арык кулунду аяп, энесинин сүтүнөн кечип, желеге байлабады. Ай аралап, энесинин сүтүн кана ичкен кулун оңолгонсуп калды. Башка кулундардай ары-бери чуркап ойнобойт. Үйүрдү жайытка карай айдаганда эң артында калат. Түйтөйүп, жүнү өскүлөң болгондуктан, кулун сыны жок, көргөн киши көп эле кызыга бербейт. Тай кезинде кунандай, кунан кезинде аттай көрүнүп, мүчөлөрү улам сымбатына келип булчуңдары өсүп, темирдей тулкусу көркүнө чыга өсө берди. Асыйына келгенде көкүлүнө кошуп, пахта ороп үйүргө койду. Ал үйүрүнө жакын жылкы жолотпой, жайлоодогу айгырлардын көбүн кажып жеңди. Үйүрүндөгү бээлерди так токтотткондо, туугандардын бирөөсү айгырдын кабарын угуп:

-Атыңан урук алайын? Жаңгыз бээмди кошоюн-деп келгенинен, анын көңүлүн кыя албай маакул болгон жылкынын ээси. Кимге догурунарын билбей, ташка отуруп калды.

Үйүргө жаңы кошулган бээни талашкан эки айгыр тең зоодон учуп, эттерин жору-кузгундар талап кетиптир. Анткени менен үйүр ээси өлгөн соң, токтогон бээлер башка үйүрлөргө кошулбай жайыт which

короосунан ченде жок күлүктөр чыгып, даңазасы дабанга кеткен экен. Тоо башындагы көл кийин Тулпар-Көл аталып калыптыр.

Сары-Челек аймагы, анын атын уккандарга кооз токойлору, асман тиреген бийик тоолору, көк кашка мөлтүр суулары, таза абасы, жап-жашыл адыр-белес, кокту-колоттордо кубулжуй сайрап, үн алышкан канаттуу куштары менен даңазалуу. Ого эле кооз аймакта карагай, арча, кайың, долоно, четин жыш. Жердин бети көрүнбөйт. Ал эми жапайы алма, жаңгак, алча, кайноолу, карагат, кожогат, бүлдүркөнү баш болгон жемиштери шактарда мөлтүрөп, жазы-кышы көргөн адамдын көөнүн өзүнө тартып, суктандырып турат. Сары-Челек көлүнүн айлана-тегерегинин кооздугунан да абасынын тазалыгы, жайынын салкындыгы көңүл сергитип, көргөн адамды көкөлөтө эргитпей койбойт.

Аптаптуу Фергана өрөөнүнүн төрүндө келбети келишкен ары кооз, ары көркөмдүү Аркыт аймагы жайгашкан. Анын кучагында көз тайгылган көркөмдүү көл жайгашып, жаратылышта сейрек кездешүүчү айбанаттар, бай өсүмдүктөр дүйнөсү бардыгын уккандар суктанып, көргөндөр танданып, кайра-кайра кеп кылышат. Берешен жаратылыштын ажайып кооздугу кандай эле бул аймакта гана жаралып калган? деп алгачкы барып көргөн пенде тамшанары анык. Айта келсе сөз түгөнбөгөн, барып көрсө миң түрлөнгөн Аксы аймагы жөнүндө көптөгөн уламыштар айтылат.

Мезгилдердин бир мезгилинде Тоскоол-Ата деген ары акылман, ары мээнеткеч дыйкан жашаптыр. Ал аябагандай ак көңүл, жоомарт адам экен. Элдин баары аны аябай эле сыйлашчу. Кандай маселе болбосун ага барып, кеңешин угушчу. Тоскоол-Ата Сары-Челек көлү жайгашкан өрдөштүн этегине, маңдай терин төгүп, жерин кастарлап эгин эгет. Берекелүү күз маалы келип, бышкан эгинди оруп-жыйып, кырманга ташып жаткан учурда, асманды булут каптап нөшөрдөгөн жамгыр аралаш добул жаайт. Долулана жааган жамгырдын токтошун күткөн Тоскоол-Ата жаз-жайы менен кылган эмгегин ойлоп, кыжалаттана асманды караса, түнөргөн кара булут кетпей, жамгыр күчөп, өрдөш толо сел келип, жыйналган эгинди бүт жууп кете тургандай. Аны баамдаган камбыл дыйкан өрдөштүн баш тарабына тосмо жасоого киришет. Мээнеткеч, ак пейил дыйкандын аракетине жаратылыш да боор ооруганбы, тосмонун эки тарабындагы тоо көчүп келип, атырыла агып, ташкындаган селди заматта тосуп калат. Тоскоол-Ата жаратылышка ыраазы болуп:

-Сары күздөгү сел, сары талаага келип челектей болуп туруп калды. Эгин эккен сары талааны тоскон көлдү Сары-Челек дейли- деп, маңдай терин шыпыра, кубанып туруп калат.

Тоскоол-Атанын сөзү менен көл Сары-Челек аталып калат.

Касиеттүү Бабаш-Ата өзүнүн өлөөр мезгилин билип, балдарына осуят калтырган делет.

-Балдарым, менин сөзүмдү эки кылбагыла! Берекеси төгүлүп, кут уялаган касиеттүү өрөөндүн көркүнө жылдын төрт мезгилинде тең карап отуруп, аралап жүрүп да, көөнүм тойбоду. Бүгүнкүсүнөн эртеңкиси кооз. Келбети келишкен аймактан эч бир ажырагым жок. Көркүн көрүп отуруп да, кайрадан көргүм келе берет. Көрсө, көрктүн кадыры көргөн сайын, бааланган сайын көкөлөй берет экен. Ажалым жетип, ичээр суум түгөнгөндө, мени тээ бийиктеги тоонун төбөсүнө койгула! Төрт мезгил ичиндеги өрөөн, мага айкын көрүнүп турсун-дейт, ата. Балдары олуя атанын айтканын аткарып, ал өлгөндөн кийин денесин бийик тоонун башына алып барып коюшат.

Касиеттүү атанын сөөгү коюлган тоо ошондон кийин Бабаш-Ата тоосу аталат.

Тоонун түштүк тарабындагы Баба-Устун-Атанын үңкүрү, Бай-Булак-Ата, Шарап-Ата, Кайын-Ата, Имам-Ата аттуу аталыштардагы мазарлардын ар биринин өзүнө ылайык уламыш айтымдары, ыйык жайлардан экенинен кабар берет. Мазарга бай тоолордун боорлорунан чыккан булактардын даамдары да өзгөчө. Бири-бирине окшобогон суулар кышын-жайын ийип, өрөөндүн тиричилигине кан сыяктуу жан берип, жашылдандырган, көрккө бөлөгөн касиеттерге ээ.

Тээ илгери кайырдиндегилер Мухаммед пайгамбардын сахабаларын кыргын кылганда, алардан аман калгандар качып, туш-тарапка чачылып, жашынарга жер издешет. Алардын бири Баба-Устун-Ата, Бозбу-Тоосунун түштүк тарабына качып келип, бир үңкүргө жайгашат. Узак жол басып, ак-эткендин так эте чаңкап, жараткандан суу тилеп, суусу жок үңкүрдүн үстүн ал кылычы менен чапканда, суу чыгып ошол үңкүр Бозбу-Устун аталып калыптыр. Мазардын кабарын уккандар туш тараптан зыярат кылганы кышын-жайын келип турушат.

Бозбу тоосунун этегиндеги Ак-Суу айылында Имам-Атанын мазары бар. Ала-Бука аймагындагы «Кыргын мечити» кайыр-диндегилер менен мусулмандардын ортосундагы кандуу кармаштын айкын күбөсү. Кербен баш менен Ихшиддин

мыкачылыгынан мусулмандардын он эки миң колунан, эки миң жети жүз жетимиш эки сахабанын башы алынат.

Бул тарыхта болгон окуя. Калган сахабаларды жоо колунан ажыратып, жардам берүүдө кыргыздын Мачак баатырынын кырк жигитинин даңкы ушул күнгө чейин айтылып келет. Алар эрдик менен калган сахабаларды да бошотуп, аман алып калат. Баатырга ыраазы болгон кол башчы Шах-Жарир:

-Баатыр, сиздердин жакшылыгыңыздарды кантип актай алабыз?-дейт.

-Бизге эч нерсенин кереги жок. Бир сахабаны бизге бериңиз? Мусулман динин кабыл тутуп, имам кылып алабыз-деп, жооп берет Мачак баатыр.

Мусулмандардын кол башчысы Шах Жарир ыраазы болуп, жарадар имамды берет. Ошол кезде чабыш кайрадан башталып кетет. Кыргыздардын башчысы Мачак баатыр баш болгон жоокерлер имамды күн чыгыш тарапты көздөй алып качышат. Дал Ак-Сууга келгенде жаратынан улам имам кайтыш болот. Анын сөөгүн Ак-Сууга коюшканда, какыр сайдан суу чыгып, ал Ак-Суу, жер Имам-Ата аталып калат.

Ал эми Шарап-Ата менен Кайың-Ата Бозпиек аймагындагы капчыгайга качып киришип, аска бетиндеги үңкүргө келип жашынышат. Алардын атынан ал аймак Шарап-Ата, Кайын-Ата аталат. Мындай сахабалардын аты менен аталган жер-суулар Аксы аймагында ого эле арбын.

Аксыкент калаасы Ала-Бука өзөнү Нарын (Сыр) дарыясына куйган алабынан батыш жарым аралына курулган байыркы коргон. Искендер Зулкарнайн келген Парикана (Фергана) өрөөнүндөгү жети кенттин эң мустакамы Аксыкент болгону тарыхта белгиленет. Ала-Бука аймагына кирген Наманган элетинин мурда Аксыкент-Аксы дубаны-деп аталышы ошондон калган. Ушул капкада төрөлгөн Захирдин Мухамед Бабур (1483-1530) өзүнүн «Бабур наама» дастанында «Сейкун (Нарын) дарыясынын түштүк тарабындагы калабалардын бири Аксыкент. Байыркы китептерде да Аксыкент деп жазылган. Ушул калаалык Асирдин шайырды (акынды) «Асирдин Аксыкент» дешет. Парикана аймагында Анжыяндан соң мындай касаба? жок. Анжиядан түндүк батыш тогуз жыгач (90 чакырым) жол. Омор шайык мырза муну байтак кылган экен»,- дейт.

Ала-Бука аймагына калктын келип жайгашышы үч этап менен белгиленет. Жетинчи кылымда «Курайш» уруусунан болгон

Мухаммед Алейхиссаламдын шакирттери жана небереси (кызы Зайнаптин азырети Осмондун уулу) Шах Жарир баш болгон арабдар Ферганадагы, анын ичинде Касан-Онгар элин мусулман динине киргизебиз деп келишкен,

Сафед булан-Шах Фазил ошол мезгилде «Долоно шаар» деп аталып, ал жерде «Корум», «Муг дөбө», «Муг таш», «Мончок дөбө», «Такават дөбө», «Жарак дөбө», «Бостол дөбө» жана «Ак дөбө» өңдүү дөбөлөр жайгашып, «от парас» деген эл жашаган, алар «кыргыздар» болгондугу жөнүндө божомолдонот. Шах Хаким Халистин «Сафед булан киссаси» деген чыгармасында орто кылымдын биринчи жарымында Борбордук Азияда фарсыча сүйлөөчү элдер менен бирге негизинен түрк тилдүү элдер жашашкан. Ал доордо Фергана өрөөнүндө, анын ичинде Сафед буланда «муг» деген эл жашаган. Ал калмак сөзүнөн алынган «муг»-толук эл дегенди билдирет деп көрсөтүлөт. Касандын акими Ишхид арабдар менен өтө катуу салгылашкан. Көп кан төгүлгөн. Ошондо Касанда жашаган эл ар кайсы жакка качып-көчүп кетишкен.

Элдик уламаларга караганда байыркы заманда Ала-Бука аймагында Миңжашар-Чанач аттуу көптү көргөн, алыс менен жакынды аңдай билген, калкы катуу кадырлаган, эл-журту тайып-сыйынган, даанышман адам болуптур. Чанач дабаны ошол кишинин ысымы менен аталып калган деген аңыз айтылат. Дал ошол Чанач ашуусу да олуя Миңжашардай дүйнө элине узактан бери, астейдил кызмат өтөп келди. Фергана өрөөнүндөгү Чаткал-Талас аймактарын бириктирүүчү кыска каттам Аксыкент – Касам – Чуст- Беш-таш – Ак- Белес- Орошон- Кең-Саз-Чапчыма ашуусу. «Кожожаш» эпосундагы мергендин соодагерлер менен байланыш түзүп, ок-дары алып турушу «Кара кысмакчы кытайлар» деп Кожожаштын уруусунун аталышы да соода жолуна байланыштуу. Түндүк тарапка кеткен Чанач ашуусу-Чаткал-Кара Буура дабаны, Талас (Тараз) багытындагы Жибек Жолу жөнүндө биздин заманга чейинки, байыркы доордо эле «Тоо Кербен Жолу» болгондугу, «Молдо кыргыз Медресе ырыс аласы» китеби, «Миңжашар», «Зулкайнар» уламыш-дастарында баяндалат. Кийинки соодагер-лер Чуст-Чаткал-Талас аркылуу каттап Жаңы-Базар, Ала-Бука айылдарында тажиктердин жашап калышына себеп болгон

Кыргызстандын аймагын аралап өткөн, мындан башка Жибек Жолдору ушунчалык талаш-тартышка дуушар болбогон. Күн-түн дебей, кыштыр-жайдыр жүздөгөн төө кербендери өтсө гана Жибек

Жолу аталат. Ала-Бука багытында мындан башка ашуулардын бардыгынан төө өтө албаган. Ушул Жибек Жолу менен Сары-Аркадан Парганага (Ферганага) андан кайра Парганадан – Сары-Аркага он, он беш күндө жеткен каттам болгон. Ал эми ашууга кар жаап, жол бекилип калса Тараз-Сайрам-Ташкен-Паргана жолу аркылуу бир-эки айда жетип, ого эле убакыт коротулгандыктан, Ала-Бука-Тараз-Шабак жолун башкарууну ээлөө дайыма талаш-тартышка түшкөн. Дүйнөдө аталышы көп өзгөргөн эки калаа бар. Жалал-Абад дубанындагы Ала-Бука кыштагы мезгилге карай Баба-Дыйкан, Заӊги-Ата, Улак хандын ордосу, Манасия, Ак долоно, Кербен башы, Сафед булан болуп аталып турган. Эмне үчүн дегенде Жибек Жолуна кимдер үстөмдүк кылса ал бажы төлөмүнүн ээси болгон ушул жолду Кытай соодагерлери көп талашышкан. Алар жөнүндө түрдүү уламыштар арбын.

Мухаммед пайгамбарыбыз жаш кезинде соода менен «Тоо Кербенине» кербен башы болуп жүргөндө Ала-Бука-Миӊжашар-Чанач дабаны –Чаткал-Кара-Буура ашуусу –Талас-Тараз-Баласагын (Токмок) -Барскоон-Нарын-Торугарт каттамы менен Артыш-Кашгар аркылуу Мекке-Мединага кайткан калпаларына Улуу Жибек Жолун колго алууда, эӊ оболу Ала-Буга (Ак долоно) аймагындагы үстөмдүктү ээлөөнү эскерткендиктен, сегизинчи кылымда Кожо Ахтям баатыр, он биринчи кылымда Шахи Жарир, Кожо туу башы, Шах Фазил баатырлар Сафед булан калаасына келишип, мусулман динин таратышкан. Ала-Бука-Тараз Жибек Жолун талашпаса, аларга эӊ четки, алыскы жерде салгылашып өлүмгө дуушарланыштын кандай зарылчылыгы бар эле? Анткени Сафед булан калаасы Ала-Бука-Тараз Жибек Жолунун Парикана өрөөнүндөгү алгачкы дарбазасы болчу. Ал эми түндүгүндөгү Сары-Аркадагы аты өтө көп өзгөргөн экинчи калаа-шаар, касаба, сепил, ордо, кент, капка, коргон делген Ажо Дөбө, анан Тараз, кийин Олуя-Ата, акырында кайрадан Тараз болуп өзгөргөн.

Аксыкент Ала-Буканын Чаткал тарабынан агып чыккан Касан-Сай суусунун Сыр-Дарыяга куйган жеринде жайгашкан. Шаар 1540-жылдары катуу жер титирөөдө талкаланат. Ошондон кийин анын жанындагы Наманган шаарынын калыптанышына негиз болот. Кыргыздар үстөмдүк кылып турган шаары Аксы-Аксыкент аталчу.

Он бешинчи кылымдын аягында он алтынчы кылымдын баштарында Сайф ад-дин ибн дамулла шах Аббас Аксыкенти тарабынан экинчи бөлүгүн анын уулу Нур (Нооруз) Мухаммед ибн

мулла Сайф-ад-дин Аксыкенти уланткан. Кол жазма карапайым тажик тилинде жазылган «Маджму ат-таварихте» байыркы убактарда түрк уруулары аралаш жашагандыгы айкын байкалат.

Бир убактарда Румдан Хорезмге чейинки аймакта гуздар деген эл жашайт. Аларды Сирияны башкарган Езиданын тукумунан чыккан-Абу-л-Хайры Джафар Садык деген имам менен бирдикте талкалайт. Абу-л-Хайрыдан талкаланган гуздар-Хотон, Кашмирге сүрүлөт. Ал жерде жай таба албай, Кабулга өтөт. Кабулда аларды баштап келген имам өлөт да, гуздар Өзгөнгө келишет. Ал жерде Султан Санжар деген башкарып турган болот. Келген гуздарга салык салса, алар төлөбөй коюшат. Ачууланган Султан гуздарды кырып таштайт. Андан кырк гуз гана качып чыгып, Кожент тоосуна жашынат. Ошол кырк гуздун тукуму кийин «кырк гуз» болуп кеткен делет.

Кийин ошол кыргыздарга Имам Ибрагим кол башчы болуп Касандын жанында Гурканды талкалаш үчүн кыргыздарды оң жана солго бөлүп, аларга башчы шайлап, Гурканды жеңип чыгып, Касан шаарын негиздеген. Араб саякатчысы-Абу Искак Ибрахим ибн Мухаммад ал-Истахринин онунчу кылымда жазып калтырган «Китеп масалик ал-мамалик» (Книга путей государств) деген географиялык чыгармасында кыргыздар менен кошо, тогуздар, гуздар, жашап турганы баяндалат. Ошондой эле Фергана өрөөнүндө, Шаш (Сыр-Дарыя) дарыясынын жээгинде Аксыкент шаары жана ага жакын Касан жана Чаткал аймактарында көп айылдар, кыштактар бардыгы айтылган. Кийинки он бешинчи кылымдын эстелиги катары бизге жеткен «Маджиу-ат таварихте» да Аксыкент-Касан гүлдөгөн шаар» мусулманчылык үстөмдүк кылып, молдо, имамдар негизги орунда экендигинен маалым берет.

* * *

Ар ким өз тиричилиги менен алек дегени болбосо, айыл-аксакалдары ар бир күндү, ал тургай саатты эсептеп отурду.

«-Алда, эмне балакет болуп кетет?» деп коопсузданып, кайра «Кудайдын айтканындай болот»- деп, өзүн сооротконордун, эки кулагы эшикте болуп, айылга келгендердин ат бастырышын акмалайт. Неге дегенде опурталдуу чак. Жортуулга кеткендерден кабар жок. Өткөндө гана, үзүл-кесил «миш» угулган. «Набыт болгон жоокерлерди аманат жайга жашырышыптыр» деген суук кабар айтылып, анын аныгын тактап, билгиче болбой, «Жоо сүргөндөр жердин жети түбүнө кетип, кайтыша элек экен» деген,

каңшаар чыккан. Бирок, бул аймактан баргандар арасында курман болгондордун кимдиги көпкө бүдөмүк эле. Бир гана кечээ жакында төрөлгөн наристенин атасынын аты, баштагы көз жумгандардын арасында бардыгы, күмөндүү эмес экендигин кабарчы карыянын өз кулагына шыбыраган.

-Абаке, туу башы болуп, алдыда бараткан жоокерлерге капылеттен буктурмадагы жоо тийип, көбү набыт болуптур. Аркадан жете баргандар, аларды кубалап кеткени боюнча дайындары жок. Кимдердин бар-жогу али белгисиз. Жоо сүргөндөр келгенге чейин, эл укпасын деп, топ башы кабар айттырыптыр. Аманаты мына бул-деп түйүндө оролгон уруунун туусунун четин көрсөтүптүр, набыт болгондорду убактылуу, аманат жайга койдурганын шыбырап, караңгы түнгө аралаш, бирөөсү келген.Суук кабарды, аныктамайынча оозго албайын деген таризде, тилин тиштеп эч кимге айтпай, «сасык тумоологон болуп», оозун таңып, башын чүмкөнө жатып алып, өз ичинен бүлкүлдөйт.

-Кайран гана кыраандарым. Ушинтип эле, жаштайынан жайрап калышабы. Айылыбыздын көркү, элибиздин намыстары эмес беле? Желек болуп желбиреп барышып, желп эте жыгылышкан тура. Кудай аткыр, жоо курусун, деп санаага чөгүп, ичи өрттөндү.

Эчактан бери жыты сиңишип, эгиз козудай болгон өмүрлөш байбичеси, абышкасынын кабыргасы кайышып, ичинен кан өтө, көөнүзилдегенин туюп, ачышкан жерин тырмап аламбы деп, ал да сары санаада.

-Э абышка, тескери карабай, бери оңдончу? Айткандан жүрөк жарылбайт. Неге эле кайра-кайра үшкүрүнөсүң? Жаман кабар уктуңбу? Эмне эле, бүк түшөсүң? Элден жашырсаң да, менден жашырба. Эзелтен эле жаман-жакшыңа энчилеш экеним эсиңден көтөрүлдүбү?

-Э-э байбиче, гүлгүн балдар күбүлүп, жаркыган жандар жайрап калгандай.

-Ок! Оозуңа таш. Алжыбай кал! Оңдонуп сүйлө. Эмне түш көрдүңбү? Жакшылыкка жору.

Эзели абышкасына тике карап сүйлөбөгөн, ою ортоктош, санаасы бирге байбиче аябай эле чочуду. Колундагы ишин коюп, абышкасынын маңдайына келди да, чекесин басып көрүп, жакасын кымтылай, сөзгө кирди:

-Табың жокпу, кай жериң ооруйт?

Чалкасына оодарылган абышка, удаа-удаа оор үшкүрө:

-Жүрөгүм ооруйт.

-Эшик-эликке чыгып, өзүңдү алаксытып, ары-бери басып, сергичи.

-Сергигенде эмне?

-Туруп отурчу? Оозуң кургадыбы? Өңүңдөн кетип турасың, көөнүң зилдедиби?

-Өх… Кабар жаман.

-Деги, балдар сак бекен?

-Ошону айт…  Алдырып коюшуптур.

-Алдырганы эмнеси? Эмне деп жатасың?

-Ошону… Айта албай жатпайынбы. Жоо чалып.

-Оозуңа таш тыгылгыр, ким айтты?

-Кабар келди. Эч жанга оозуңдан чыгарба! Жоо кубалап кеткендердин, кимиси бар-жогу белгисиз. Бир гана… биздин тууну аманат жиберишиптир.

-О-о-уу! Кашайгырдыкы.

-Шүк! үнүңдү чыгарба!

-Кантип чыгарбайм, абышка? Кайгымды, жамандыкты кантип, ката алам? Туу башы жайраганда, беркилер… аман калат беле?

-Ал иш Кудаадан. Жаныңы оозуңа тиштеп тур. Катын-бала сестенип, чуу чыкпасын

-Байкуш-ай! Түгөнгүр туу башы, баласын көрбөй кете бердиби?

-Армандуу дүнүйө. Арга жок деген ушул. Пенде өтөт-кетет. Кийинкилер ордун басат.

-Жаңы эле турмуш отун эми тутантып жатып, бириси жесир, бириси жетим аталабы?

-Не айла кыла алабыз? Жесир кетилет, жетим жетилет. Жашоонун оту өчпөйт.

-Өксүйт да, байкуштар.

-Өксүйт. Өксүгөн заман. Кимдин эле боору бүтүн дейсиң! Түбөлүктүү эч нерсе жок. Жан аманат. Ажал кайып. Жоодон, селден, ушинтип шылтоо табыла берет. Жүктүн баарын тирүүлөр, кийинкилер көтөрөт, тура!

-Аманат алачыкта, үстүндө үйлөрү жок. Ким караан болот, байкуштарга?

-Талаада калышпайт.

-Кабарды качан угузасыңар?

-Жортуулдагылар келишсин.

-Байкуш келин, кимдин этегин кармайт?

-Көздүү мончок жерде калбайт. Деги, бели бекийик дедиби?

-Ооба, кыркы чыгайын деп калды, эстеген эч ким жок. Ээсинин жогун жоктотпой, айыл арасындагылар менен жентек тоюн өткөрүп койсок кантет?

-Кыркы качан толот?

-Он күнгө толуп барат.

-Кайткандар да жакындап калды. Угузуп, көзү өткөндөрдүн кара ашын берели. Анан кыркын чыгаралы, жентек тойду белгилейли.

-Жамандык менен жакшылык бирге болмок беле?

-Жамандыкты амандык жеңип келген. Шартка ылайык иш туталы.

Баамчыл байбиче абышкасынын дилиндегилерин туюп-билип жатып оюна бир несе түшө калдыбы:

-Байым?

-Айт.

-Кайгынын арты сүйүнүч дегендей, сагырларды ар кимге түрткүнчүк кылбай.

-Түшүнөм. Ыңгайына ылайык иш кылайлы. Ошого чейин ойлон, кеңешиңди бер!

Эки карынын бүтүмү менен айыл аксакалдарына кеңешип, кабар угузулду. Келген эл чуру-чуу түшүшүп, эрлерди жоктоп, ыйлап-сыкташты. Кайрат айтылып, кайгы тарткандар белди бекем буушуп, кара ашын да беришти. Бели бекиген келин менен бөбөгү экөөнүн жентек тою белгиленип, айылдагылар жакшы сөз, калоо тилектерин айтышып, баталарын арнашты. Тойго келгендер, шылтоого шына дешип, жаш аялмет, жаңы ото эне-балага тапкан-туткандарын ала келишип, үйлөрүн толтурушту. Алачык ичинде коерго жай табылбай, анча-мынча кара мал, жандык көгөнгө байланды.

***

Убакыт өтө берди. Жыл маалы келгенде, эр азаматтардын эрдиктери айтылып, айрымдарын ырга кошушту. Жомок кылып жообурашты. Эсил кайрандардын жылдыгы чыгарылып, катындардын карасы өрттөлдү. Өлгөндөрдүн зыйнаты делип, жакшылыктары, кылган кызматтары эскерилип, калгандардын камы көрүлдү.

-Жакшыны жабыр тарттырбайлы, жаманды чүнчүтпөйлү. Эл болуп, үзүлгөндү улап, сынганды бүтөшкө бүтүм чыгарышты.

-Боло келген, боло берет. Жетимди тентитпейбиз, жесирди эрсинтпейбиз. Айылды бөксөртпөйбүз, сагырды кемсинтпейбиз.

Симиңдин ойлогон оюң, айта турган сөзүң болсо, ортого салып, ачык айтып, ак сүйлөгүлө-дешти карылар

-Эр жигитибиздин туягы, биздин көкүрөбүзгө тумар, мурдубузга жыттооч. Ботогүл келинибиз абийир, намыска бек Айылдагы ак жоолуктардын алды. Жакшыдан жахан, жатка кетпейт. Эзелтен элибиз жакшынын жубайын кемсинтпейт. Кезинде ак босогону аттап келген. Айылыбызды таштап, кайда кетет? Кесепети жоо, жакшы балабызды, ажалынан мурун арабыздан алып кетти. Ордун басар уулу турат. Кетирбейбиз!

Келиндин кайын журту биринен-бири өтүп, кетирбестин аракетинде болушту. Айтылгандардын баарын акылга калчаган карыялар, калыстыкты карманышты.

-Келин баланы чакыргылачы? Эмне айтаар экен? Ой-мүдөөсүн тыңшайлы?

Жоолукту үлпүлдөтө салынган келин, көп алдына келип, ыйба кыла жүгүнө бергенде, кучагындагы баласын жанындагылардын бирөөсү ала койду. Кош колун көкүрөгүнө алган келин, салам берген болуп, ийиле туруп калды. Анын көрүнүшүнөн, ыймандуу ата-эненин колунан тарбиялангандыгы айкын көрүнүп турду. Бой-келбетине жылдызы жарашкан жаш жубан кимди болбосун өзүнө каратпай койбойт эле.

-Каралдым, калк алдында, ачык айтып, ак сүйлө! Тагдырыңды талашка салбайлы-деди Бакы карыя, келиндин ыйбаалыгына баа берип, эркелете жумшак кайрылып.

Жагымдуу үн менен жумшак сүйлөгөн Ботогүлдүн жүзү тамылжып ичиндеги өксүгү айкын байкалды.

-Бир уулуңардын туягынын эртеңин, энеси экөөнүн тагдырын, талашка салбай, катарга алганыңыздарга ыраазыбыз. Бутагыңарга жетим атын угузбайын деген тилегим бар. Балам экөөбүздү ажыратпасыңыздарга ишенем?

-Ыктыяр өзүңдө. Көп алдындагы сөз эки болбойт.-деди Акыл карыя

-Терек барбы?-деди тургандарды кыдырата караган Бакы аксакал.

-Бармын аба.

Көп артында турган Терек алдыга умтула, аксакалдарга жакын келди.

-Ой-дитиңди ортого сал. Эмне дейсиң?

-Агаман калган туякты, ардактайын деп жүрөм.

-Ботогүл келиндин кадырына жете аласыңбы?

-Жеңемди агамдан кем көрбөйм.

-Агаңын арбагын сыйласаң, азали жерде калбайсың. Бул экөө бир сен үчүн эле эмес, баарыбыз үчүн азиз. Кастарлап, куштап жүр!-деп, Бакы аксакал кош колдоп жүзүн сылай, жардана тиктеп тургандарга, кайрыла кетти.

-Агасынын үй, бүлөсүнө Теректен артык ким күймөк эле?

Айылдагылар аксакалдын сөзү эч качан эки болбостугун жакшы билишчү.

Айылда ата-энеси караан кылган жигит-эр жетип, эл башына оорчулук түшкөн чакта, теңтуштары менен бирге жортуулга кеткен. Ал жубайы экөө көптөн бери балалуу болбой жүрүшкөн эле. Тагдырдын буйругуна айла жок тура. Келин ай-күнү жетээр чакта, күйөөсү жортуулга аттанды. Келин аман-эсен көз жарганда туугандары кубанып күтүнүштү. Көптөн бери бала көрбөй, кудайдан тиленип-суранып тапкан наристеге, баягы элдеги ырым-жырымдарды жасап жатышты.

Киндигин кескен байбиче бөбөктү этегине салып үйүн көздөй ала чуркады. Аны баланын атасынын туугандары барып, бир буюм берип, ага айрыбаштап, же «сатып алып» келиши керек. Ага чейин киндик эне наристени ылым ылык сууга киринтип, ороп-чулгап, эмчегин оозантат. Кубанышкан баланын туугандарынын колуна үй ичиндеги буюмдардан, төрдө илинүү турган бишкек менен көнөк тийиптир. Ага чөмүч, кашык, табактарды кошушуп, куржундун бир көзүнө салышып, киндик эненин үйүн көздөй жөнөштү. Ал жерге барышып, баланы берүүнү, же буюмдарга алмаштырууну өтүнүштү.

-Кана, эмнелерди алып келдиңер?-деди, киндик эне боз үйдүн босогосунан башбага.

-Мына буларга, алмаштыралы?-дешти баргандар.

-Бала эр жеткенде үй бүлөгө камдуу, тиричиликке бүйрө болуп чоңоет экен. Макул, айрыбаштайын деп, баягы куржундун бош көзүнө бөбөктү аярлап салып берди.

Баланы эне жаткан үйгө алып келишип, куржундун оозунан алышып, керегенин көзүнөн ичкеркилерге беришти.

-Сатып алып келдик. Ууз эмчегинди бер?-дешип, төрөгөн энеден өтүнүштү.

Бала энесинин эмчегин ээмп, уузга тойгондон кийин, ага салт боюнча ат коюу каадасы өткөрүлө баштады.

Жортуулга кеткен жигиттин келинчегине жаман кабарды угузууга эч кимдин көңүлү даабады.

–Жамандыкты-амандык жеңет. Атасынын ордун басат. Наристеге ат коелу-дешип чогула келишти.

-Балдар! Элибизде «Атан төө өлсө, тайлак бар. Кому жерде калбастыр» дегендей, Көнөк тобунун бир эр жигити элинин курмандыгына айланып, өмүрүн берди. Каниет, аты өчпөй, изи жоголбой уул төрөлүп отурат. Ылайыктуу ысым берип, араңарга кошуп алгыла. Буйруса, ал эртең эле эркектананын бири-деп, таягына сүйөнгөн аксакал кайрыла кетти.

Тургандар улуу адамдын айтканын туура көрүшүп, өздөрү жактырган  ысымдарды атап жатышты. Капаланып тургандардын көңүлүн жазгысы келдиби, же оюнда туура көрдүбү, четте турган бирөөсү:

-Абам туура айтты. Бу бөбөк Көнөктүн бири. Көнөктүн баласы Бишкек болот.  Биротоло эле Бишкек койбойлубу?

-Абаке, аталган ысымдардын кайсынысы сиздин көңүлүңүзгө туура келсе, азан айтып, атын атаңыз-деп, шымаланган бирөөсү, аксакалды боз үйгө карай жетеледи.

-Наристени бери бергиле!

-Кана кайсыл ысымга токтолдук?

-Бутак деңиз?

-Бишкек деп айтыңыз?

-Алоо акпар! Алоо-акпар! Наристенин аты Бутак.

-Жо-ок. Бишкек.

-Наристенин ысымы Бутак.

-Бишкек.

Топтогулар көз жарган келинге капалыктарын билдиришпей азил-тамашага аралаштыра бөбөктү атап жатышты.

-Избасар коелу.

-Орунбай атайлы

-Аман ылайык.

Ар кимисинин ар кыл айта бериши топтогуларга жакпады. Өлгөн жоокердин бир тууган абасы баятан бери ойлонуп отурганбы, башын көтөрө жашып:

-Чырпыгы сынса, чынар бар. Каниет элибиз аман. Инимин жогун жоктотпой, бутагыбыз болсун. Бутактай көктөп, шактап жүрсүн Бутак деп атайлы!

-Ап-бали!

-Туура.

-Бутак деп атайлы.

***  ***

Бутак айылдагылардын эрмеги. Кимиси көрсө да,башынан сылап, эркелетип өтүшөт. Кээлери атайын токтоп, ырдап берүүсүн өтүнөт. Андайда Бутак кежирдик кылбайт.

-Кана, кана? Бутак бир ырдап койчу?

-Кичинекей тою тай.

Сууга салсам бойлобойт.

Кысталактын кыжайы.

Мени менен ойнобойт-деп, мурунду бир тартып, туруп калат.

-Азамат. Жакшы ырдайт турбайбы? Чоңойгондо чоң ырчы болгудай-деп, сураган киши, мактап өтөт.

-Ики.. Баатый болом.

-Оо, бу баланын ниети жакшы экен. Болсун! Ниетине жетсин. Элди коргогон баатыр болсун!-деп көбү алкышын билдирет.

Айылдагы жаш балдар чогулуп алышып, түрдүү оюндарды ойношот. Чоңдорду туурап, кайда барышпасын «суу талдын чырпыгын, же куурайдын сөңгөгүн» ат кылып, минип алышып, үймө үй кыдырып, өз курбуларына жетип барышат. Кээде «байге сайышып, соорун коюшуп», «байге дешип, кунан чабыш дешип», бирин-бири омуроолотуп, колдорунан бир буюмду жулуп алышып, «ала качты», «жула качты» деп, «теминише» жандарын чапкылаша, качып жөнөшөт.

Жайлоодогу тоолуктар күндө эртеден турушуп, күндүн мурду тоолордун чокусуна тийгичекти саанын саап, малдарын жайытка айдап калышат эмеспи. Күн жерге тегиз тийгичекти саалган сүттү бышырып, каймагын алып, айранга уютканга үлгүрүшөт. Күн алыс ашкананын башындагы алабаканга асылта байланган көнөктү, же серке чаначтагы кымызды кол чаначтарга бөлүп куюштурушуп, аларды кайнак суунун табы кайтканда бир сыйра жууп, кургасын деп, эшиктеги сереге айкарасынан илишет. Же чанач кымыз куюлуп тура берип, ирип кетпесин деп, жаңы ышка коюшат. Көнөктөгү, же серке чаначтагы суу сарыгып агып, заматта эле как тийген күнгө какталып, кургайт. Аны катып калбасы үчүн же кийинки күндөрү уламдан-улам саамал куюлуп, чанач жумшарып, «көгүнө» тартып кетпесин дешип, дакталган сары май менен ысуулайында сүртүп, май сиңгичекти кайра күнгө коюшат. Жаңы ышталып, дак болгон майга сүртүлгөн чаначтагы кымыздын даамы бузулбайт, эскирбейт. Көнөк менен серке чаначты күнгө койгондо, бишкекти дагы нымдалбай, кургасын-дешип, кырчоого тикесинен сайып коюлушу, күндө болбосо да, күн алыстагы көрүнүш.

Бута эрте менен ойгонсо үйдө эч ким жок. Малды жайытка айдап кетишкенби, же желеде бээ саап жүрүшөбү, чоңунан кичинесине чейинкилердин эч кимиси көрүнбөйт. Сырттагы, жогорку журт тарапта ойноп жүргөн балдардын чуулдаган үндөрү чыгат. Улакчылардын үндөрү, чабандести делгирткенсип, майда балдардын чуулдагы эми гана ойгонгон Бутанын кулагына чак дей түштү. Балдардын баары барып, бир гана өзү калгансып, уйкулуу көзүн ушалап, ордунан шарт тура кала эшикке чуркады. Босогодон чыгып-чыкпай жатып, өйдөңкү чуру-чууга түшүп жаткан тарапты карады. Чоң-кичинеси, баары ошол тарапта кызыктуу бир нерсе менен алек болуп жатышкандай сезилди. Эки тарабын карап, адатынча «атын» издеди. Көзүнө ылайыктуу чыбык, же курай көрүнбөдү. Астанага жакын кырчоодо айкарасынан сайылган бишкек көрүнө калды. Көңүл коюп караса, бир тарабы аттын башына окшош. Ага ат болсо болду да. Жакын барып кармаса, бишкек «шылк» эте бир тарапка жыгылып кетти. Кырчоодон сууруп алып, «ат кыла», теминген бойдон атырылта чаап, жөнөдү. Заматта «күлүктү, ойкута-кайкыта, атыраң алдыртып» жетип барды. Көпчүлүк балдарды ортого алышып, чоңдор аларды бири-бири менен «эңиштирип», «бука тартыштырып» сүрөмөлөп кыйкырып жатышыптыр.

Жете келген Бута мойнун созо, көпчүлүк алдына өтө калды. Эзели жерге тийгизбей, керегенин көзүнө, же курут жайган серенин үстүнө коюп кастарланган бишкекти, чаңга бөлөп учун сүйрөлтө «минип келген» баланын карааны көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө бурду.

-Эй, эй-бишкек-дешти, акыл-эсине кирип калган балдар бирине-бири көрсөтүп.

-Бута «баатыр», бишкекти минип алыптыр го?-дешти, чоң балдар тамашалайт.

-Эй, Бишкек-деп улуулар каткырды.

-Көргөндүн баары жаалап,коштоп кыйкырыша шылдыңдап, күлүп жатышты.

Бутага эмне, өзүнө карап күлүп жаткандарды назарына албады.

-Жаш балага күлбөгүлө балдар. Анын бишкек менен иши эмне. Кой, бириң алып, үйүнө жеткирип бергиле!-деди улуулардын бири, күлгөндөрдү тыйып.

-Чоң энеси бишкегин таба албай, издеп жүргөндүр.

-Ооба. Издебей коет дейсиңби. Бишкек болбосо, сабаны эмне менен бышат.

-Бул күү бышкан бишкекпи? Же сабаа бышканбы?

-Эмне болсо да бишкек да. Чоң энесин издетпей, үйүнө жеткирип бергиле!-деди улуулардын бириси.

-Бутактай, алдагы бишкекти бер. Үйүңө жеткирип берели?-деди бириси.

-Бейбейм-деди анын сөзүнө ынабаган бала.

Жаш баланы ыйлаткысы келбегендер, анын колунан тартып алышкан жок.

Аңгыча боз үйлөр тараптан:

-Ой! Бишкек жок. Мына, бул эле жерге кое койдум эле-деп кыйкырынган байбиченин доошу угулду.

Тургандардын баары дуу күлө кетишти.

Ошондон баштап, Бутаны көбү Бишкек деп атай башташты.

***

Айылдагы балдар тиричиликке эрте аралашышат эмеспи. Эртели-кеч жандыктарды короого имериш, козу-улак кайтарып, малды айдап-тосуш балдардан ашпайт. Чоңдор да, аларга ишенишип, анча-мынча иштерге илбериңки балдарды жумшап:

-Тигини тос! Тетигини айдап кел. Чурка, жет! Аз-замат! Аттан күлүк, иттен илбериңки экен-деп мактап коюшса, заматта тызылдап чуркап барып келе калышат.

Аларды жумшаган үй ээлери гана эмес, коңушу-колоң да ыраазы. Алдарынча алкап, жакшы сөздөрүн жамыратышат. Жаш балдар бир үйдүн эле эмес, жаамы айылдагылардын элгенчиси. Кимиси, кай тарапка жумшашпасын, баш тартпай кете беришет. Айрыкча мергенчилер ууга барганда, айылдагы тил алчак, тың балдарды атайлап ээрчитип алышат. Бир зоодон, экинчи зоого барганда:

-Тигини алып кел! Бул жакка бар! Тээтигинин алдынан чыгып, бери карай үркүт-дешип, тайганындай жумшашат.

Кокустан эле тил албай, моюн толгосо, же чаалыгып-чарчаса, коркуп, тайсалдаса, чабалдык кылып, айткандарды аткара албаса, экинчи жандарына жолотпойт. Ишеним кылышпайт. Аңга баргандар чоң-кичинеге карабай, сагызгандай сак, түлкүдөй куу, тайгандай күлүк, куштай алгыр болушу керек. Мергендердин «этиңи берип, эт аласың» деген эрежеси бар. Аңчы эр жүрөк, эч нерседен жалтанбаган, чаалыгып-чарчоону билбеген ары күлүк, ары сергек адам болушу керек. Ал караңгы түнгө калат. Жалама

аска-зоого кептелет. Жапайы жырткычтарга туш болот. Алардан жалтангандар ажал табат. Тоо баласы андай кыйынчылыктарга дайым даяр.

Эзели ээринчек-жалкоонун күнү өтпөйт. Ырыскысы кем. Баарынан кур калат. Кыштоодо калгандын керээлден кечке жаны тынбайт. Таң менен кошо туруп, кериле кетмен чаап, эгин отоп, суу сугарат. Кышкыга тоют, отун даярдайт. Эгини бышса оруп, боо боолоп, ташып-үйүп, кырман кылат. Саманын сапырып, кызылын иргейт. Аптапка кактап, орого куят. Анын баары түгөнбөгөн түйшүк, чаалыкпаган мээнет. Кийинкилерге берген тарбия. Жашоо заңы ушундай. Жаныңы кыйнабасаң тиричилигиң өтпөйт. Сугалак итке окшоп,  бирөөнүн колун караган жаман. Ырыскысын талашып турсаң, эч кими жакшы көрбөйт. Мээнетиң менен энчилеш бол. Маңдай териңди төгүп, күчүңү бер. Каалагандай кайтарымын аласың! Эгин эккен дыйканы болобу, же мал кайтарган малчысыбы уул-кыздарына ушунтип айтышат. Чарбадардын бардыгына көзү жетет. Түшүм сыры, малдын төлү ага беш салаасындай белгилүү.

-Бүгүнкү мээнетиң эртеңки ичээр оокатың, кийер кийимиң. Өзүңдөн ашса бирөөнү кел?,-деп, сый көрсөтүп, меймандостук кыласың. Ашпаса эмнеңе кел?,-дей аласың!  Кудук да, суусу болсо кудук. Суусу болбосо, ага эч ким басып барбаса ор. Жакшылыгы тийбес, кесепети бар чуңкур. Акыр-чикир түшчү аң. Акылы тетик аксакалдар жаштарга  ушинтип айтышат.

Бишкек да элдин балдарындай элгенчи болуп, жаз алды жер тырмап, жайы жайлоодо мал кайтарып, күзү күүлөнө түшүм жыйнап, кышы кырчылдаган аязды тоготпой торолду. Айылдыктарда адат көп. Эптеп эле шылтоо табылса, той камын көрүп, эл чакырышат. Көпчүлүк бар жерде оюн-зоок болбой койбойт эмеспи. Ыр-күү таңшып, жобураган жомок айтылат. Мелдеш уюштурулуп, алыш-күрөш башталат. Шыңкылдашкан кыз-келин, шынарлашкан боз балдар. Карылар каада-салттарын өткөрүп, ырым-жырымдары менен алек. Ыр-чоорлогон өнөрпоздор ушундайда сыналып, өнөрүнө баа берилет. Кыйкырык сүрөө кызып, эртеден-кечке уланган оюнда балбан, эрлер, ак таңдай ырчы-чоорчу, комузчулар, куудул, кызыкчылар деги койчу өнөрдүн баары көрсөтүлүп, таймашка таймаш уланат. Жеңгендердин эл таанып, «Палан антти, палан минтти»-дешип, жакшы өнөрдү жат кылышып, ооздон оозго улап айтышат.

* * *

Эрте жаздан баштап, табы күч алган күндөн улам, эгин талаалары эрте тоборсуду. Күн санаган чарбадарлар да, эрте бел чечип, жазгы талаа ишине жабыла киришишкендиктен, эгин-тегин да жылдагыга караганда бир айга алдын жерге түштү. Жамгыр да маалында жаап, жылдын түшүмдүү болоорун күткөн көптүн көңүлү ток. Эгин чыкканга чейин эле талаа түйшүгүнөн бир жаңсыл боло, көңүлдөрү сергиген эл, тоо таяна шайланып, жайлоого көчө башташты. Салкын төрдү самаган тоолуктардын үй-бүлөлөрүнүн баары кетип, кыштоодо эч ким калган жок. Жада калса ээлери жок жолбун иттер да, аптапты жээришип, тилдерин салаңдатыша, эчаак эле кургап калган мал тезектерин жыттагылап, өрдү карай өрлөп кетишкен.

Аптап күч алган сайын сырттагы мөңгү-муздар асты-үстүндөгү таптан улам түнү-күнү шалтактап, бошошуп, болбурайт. Те бийик беттердеги чокулардын тескейлериндеги ала дөбөттүн даакысындай болгон калың карлар күндөн-күнгө жукарып, алардан сарыккан мөлтүрөгөн тамчылар бири-бирине кошулуп, сала болуп агыла, андан эңкейе бергенде билектей, андан төмөндөй бир арыктан ташып, борпоң топурактарды кемире агыза, күүлөнгөн бойдон эңишке карай энтеңдейт. Бирин-бири сүрөгөн ташкын, таштан-ташка секирип, кара кочкулуна тартып, кокту-колотторду жаңыртат. Ар жылганын топурак-ылайына карай кызарып, же кочкулуна тартып, этектей эңкүүлөп келип кошулган тентек суулар өркөчтөнө чамынып, анча-мынча тоскоолдуктарга бой бербей, киргил тарта коюуланат. Жолдо жоолукканды кошо агызган ары шагылдуу, койдой таштарды кодоңдото кошуп алган агынды-селге айланып, күчүнө эч нерсе туруштук бере албастай, аска-зоолорду жаңырта, кирген буурадай өркөчтөнө күүлөнөт.

Сандаган кокту-колоттордон кошулган суулары ташкындап, Терек-Сай менен Күйгүмө дарыясына келип кошулушат да капчыгай ичин жаңыртып, окторула  чамынат. Жергиликтүүлөр дарыяны «кандуу»-деп аташканынын жөнү бар. Жыл сайын кирген маалда адамдарды агызып, деги эле бой бербей күпүлдөйт. Күздө, кээде кыш кыроодо гана тартыла калып тунбаса, калган убактарда киргилденип, чамынганы чамынган. Аттууларды агызган суудан ары-бери каттагандар сестенишип, ого эле түйшүк тартышат. Албууттанган дарыянын ташкынынан айбыккан эл жыл сайын чогулуп келишип, түлөө өткөрүшүп, мал союшуп, атайлап кан чыгарышып, көпүрө куруунун түйшүгүндө. Кайра эле жаз келип, суу

киргенде кыян каптап, көпүрөнү шарт аңтара алып кетет. Быйыл да эрте келген жаздан улам күндүн табы катуу ысып, мөңгү суу мол, жээкке батпайт. Тиричилик өткөрүүнүн шартында ар ким колунан келген ишин кылат. Соодагер биринен арзан алып, экинчисине кымбат сатып, үй бүлөсүн багат. Дыйкан жер иштетип, эгин эгет. Тоолук жайлоого чыгып, мал асырап, каймак, майын алат.

Бир кезде малдын ыгына карай, сырттап кеткен тоолуктар чарбасына карап, этекте калгандарды кара дарактар-дешчү.

Кокустан, бир-экөө зарыл иши чыккандарды, же эңкүүлөп, дыйкандардан кабар алганы бараткандардан:

-Кайда баратасың?-деп кабарын сурашса.

-Кара дарактарга чейин барам-деп жооп берет:

Кеч тоо таянып, кайрылып бараткан жолоочулардан:

-Кайдан келе жатасыңар?-дешсе:

-Кара дарактардан келе жатам-деп жооп беришет.

«Кара дарак» делгендин себеби, өрүк-алмасынын түшүмүнө карап, жайлоого көчпөй калгандарды, тоолуктар «кара даракчылар» деп коюшчу.

Жаш бала кара курсактын айынан ээн калган кыштоонун баш-аягына аралап, шамшум этерлик эч нерсе таппады. Айласы кеткенде койдун корголундай болгон өрүктүн короосунан үзүп жеп, өзөк жалгаган болот. Анысы да убактылуу тойгузганы менен кайрадан эле оозуна кара суу келтирип, өзөгү үзө тартат.

Эрте бышып жетилген, тыттарды кочушуна толтура аймаган сайын, оозу-мурду боелуп, кан жалаган күчүктөй, бети-башы чамбыл ала. Ал канчалык даамдуу болгону менен кайра эле курсагы ачып, ичи жалаңдай түшөт. Кара курсак менен болуп жүрүп, кеч киргенин да туйбады. Бир караса күн тоолорго жашынып, иңир болоюн деп калыптыр. Аркы өйүздөгү агасы эсине түшүп, айылдан эңкүүлөй басып, сайды көздөй жөнөдү.

Ат улоочон биреөлөрдүн караандары көрүнөбү деген үмүт менен айлана-тегерегин акмалайт. Жан адам көрүнбөйт. Шылкыя басып, суу жээгине келди. Терек-Сай менен Күйгүмөндүн суусу биригип калдырт-кулдурт эте таштарды агызып, дарыянын толкундары жээкти тээп, кээде чектен аша, көптөн бери омок болуп жаткан таштарды чапчый, булкунуп жатты. Курсагы аябай ачып, өйүзгө өтө албай алсыраган баланын ызаасы ташып, көздөрү каканактап ыйлагысы келет. Омсоңдой карап отуруп, акыры түңүлгөндө кимдир биреөлөрдөн жардам күтүп шылкыят. Иңир кирип көз байланды. Өйүзгө өтүүдөн үмүтүн үзүп, кайтууну ойлогон чакта,

«дүп-дүп» эте ат басыгы угула калды. Арытан атчан адамдын карааны бүлбүл көрүнгөндө, ордунан тура кала, шашыла салам айтты.

-Ассалоом алейкум.

-Ва алеки салам. Кеч күүгүмдө, суу боюнда эмнеге отурасың?-деди атчан, алик алганга удаалаш сурай кетти.

-Аркы өйүзгөөтө албай турам,- деп бошоң жооп берди.

-Эмне, өйүздө өтө эле зарылдыгың барбы?

-Агама барайын дегем.

-Эртелеп чыкпай, эмне кылып жүрдүң?

-Кечтин киргенин билбей калыптырмын.

-Келе, учкаша кой?

Бала колун сунуп, үзөңгүнү тептиби, же теппедиби анысын билбейт. Жеп-жеңил боло, атчанга учкашканына сүйүндү. Алдыдагы ат сайдын таштарын тарсылдата басып барып, иримденген сууга кирди. Долуланган дайранын сүрүнөн сестенген бала, «башым айланбасын» дедиби көзүн бекем жуумп, алдыдагы кишинин белин кармады.

Сөөк какшаткан мөңгү суу таманына тийип, анан кызыл ашыгына жетип, балтырларына жаба берди. Тим эле күүлдөп-шарылдап, атчандарды көмөлөтө койгудай болуп долуланат. Ат дарыянын агымына каршы соорусун тосуп, басып баратканы, же сүзүп баратканы билинбейт. Бир кезде жээкке жакындап калышканбы, суу баланын аягынан тартылып, аттын омуроосунан төмөндөн, тизесине чейин тайыздаганы билинди. Шарп-шарп эте сууну чачыратып, анан бара курч-туяктын жээктеги ташка тийген дабышы угулду. Аны сезе калган бала көзүн ачса, буттарына жаба берген суу сарыгып акканын туйду да, аттын жоон сандарына көз салса кургактай сезилди.

-Кана, мырза жигит. Аттан кон-деген жумшак үн каткан киши, аны кайрыла колунан кармап, аярлай жерге түшүрдү да. Коркпойсуңбу?-деп сурады.

-Жок, деген бала багалегинен сарыккан сууну күбүнө, ыраазычылыгын билдиргени баш көтөрдү.

Жанындагы атчандын карааны көрүнбөдү. Ар жак-бер жагын караса, асманга учуп кеткендей, изи да билинбейт. Заматта эле жок боло түшкөн карааңды таппай, оозун ача, аңкайды. Шыпылдай басып, жакын эле аралыктагы агасы турган өжүрөгө баш бакты. Эч ким жок. Эшикти түрө ачып, очок боюндагы «шайтан чыракты» таап, чакмак ташты ургулап, аны күйгүздү. Күңгүрт жарыктын

шооласы менен жыгач челекти таап, үстүндөгү туура коюлган чөмүчтү алып, ичин шапшыды. Чөмүч тийген суюктук, «шалп-шалп» эткенинен улам, жарма бардыгын туюп, сүйүнүп кетти. Жанындагы кара аякты издебей, чөмүчкө сузулган жармадан кере-кере кайталап жутту. Аз болсо да, өзөк жалгаганга каниет кылып, күңгүрт көрүнгөн айланасын карады. Эч кандай өзгөрүү жок. Караңгыда кыларга иш болбогондуктан, «шайтан чыракты» үйлөп өчүрдү да, капшыттап өйдө жылып, кыйшая кетти. Кечке ачка жүргөндүктөнбү, жумурунан өтүп, аш казанына жеткен көжө өзөгүнө түшкөндөн уламбы, чекесинен муздак тер чыга, шалдырап, алы кетти. Баш көтөрүүгө дарманы келбей жатып, уйкуга кирди.

* * *

Жалаң этине тап-таза жеңи кыска ак көйнөк, тизесине жетпеген ак ыштан кийген бала, ак көпөлөктөй жеп-жеңил, аяк шилтеп, чуркап, же учуп баратканы билинбейт. Өрүктүдөн төмөн Терек-Сайды көздөй буттары менен колдорун кошо жазып, чуркагансыйт. Буттары жерге тийип, тийбейт. Тим эле, куштун канатындай элпек. Дарыя тараптан соккон жел анын кийимин делбиретип, жап-жашыл тулаң үстүндө ак көпөлөктөй кайкыйт. Сандаган, түркүн-түстөгү гүлдөр, жыпар жытын аңкытып, соккон желдин эпкини менен кошо сеңселет. Көл толкунундай ыргалган курук сайлуу жээктин үстүндө жыбыраган майда көпөлөктөр жылдыз сымал учкун чыгарып, тим эле жыбырайт. Жер бети көпөлөк менен гүлгө толгон. Көңүлүн көкөлөткөн сулуулукка эргиген бала, керемет дүйнөдө сайран куруп, ары-бери арыш керет. Заматта дарыянын аркы жээгине өтүп, кайра кайрыла жээкке жетип, бирде дарыянын агымынын үстүндө кайкып, учуп жүрдү. Кубанычы ашып-ташып, өзүн-өзү ааламга жар салгысы келди.

-Эхе-хей! Ээ-эй! Мени көргүлө! Учу-уп жүрө-өм! Мына ке-ей! Карагыла-ачы мени! Канаттарым ба-ар!-дегенче колдорун шилтеген сайын, канаттай болгон көйнөгү желге дирилдеп, ойкуп-кайкып, кең абада сүзүп баратты. Ар кыл түстөгү, ар кыл көпөлөктөр анын артынан ээрчип, уюлгуган арыдай калышпайт. Төбөдө күндүн нурлары жаркып, жер бетиндеги сан гүлдөр түрлөнүп, Орто-Токой аймагы ажарлана сулуулукка бөлөнгөн эле. Жаратылыштын көркүнө, жашыл аймактагы гүлдөрдүн сулуулугуна кумарланган бала, ары-бери эргип учуп, акырындык менен жеп-жеңил жээктеги тулаң үстүнө конду.

Аны эле күтүп тургансып, аркы тараптан кап-кара, тим эле көмүрдөй кара аргымагын алчыланта бастырган ак сакалдуу карыя келип, баланы сүйкүмдүү жүзү менен карап, тизгинди анын колуна карматты. Баш-аягына аппак кийинген ак сакалдуу карыянын келбети өңүнө жарашып, көргөндүн баары ага суктанарлыктай эле. Ак кабагы жазылып, аппак муруту алдындагы акактай тиштери кашкая:

-Кана, бала баатыр! Аргымакка аяк артып, дарыяны ары-бери кечтирип көрчү!-дегенсиди.

Алдына туура тартылган аргымактын көркүнө суктанган бала күмүш үзөнгүгө бут салбай секирип минди. Тим эле алып-учуп кетчүүдөй ойдологон тулпар ооздуругун кемире баскан сайын аягы жеңил. Кай тарапка бурса элпек тил алып, атырылып жөнөөчүдөй. Албууттанып, асманды карай көбүк чачкан, долу дарыяны тоготуп да койбой, анын чамынып «күр-шар» эткенин эстен чыгара, аргымактын тизгинин бура, теминип койду. Күтүрөтө ооздук чайнаган тулпар, жалтанбай көк иримге бой урду. Жалына жете берген сууну тоготпой, эки кулагын күйгөн шамдай жалындатып, каздай мойнун койкойтуп, азоо сууда балыктай сүзүп ойноду. Көбүк чачып, жээк чапчыган дарыяны аргымагына малтаткан баланын кумары канып, жээкке чыга, суу болгон боюн кагынып, күбүнөйүн десе, денесинин бир жерине да суу тийбептир. Ага таңданып, баш көтөрсө азыр эле минген аргымак тургай, аны берген ак сакалдуу карыянын да карааны көрүнбөйт.

Ал чочуп, ордунан тура кала, айланасына карады. Агасынын өжүрөсүндө жатыптыр. Көзгө тааныш буюмдар. Сыртта тык-тык эткен Балтанын үнү чыгат. Башбага караса, агасы отун кертип жатыптыр. Инисинин ойгонгонун туюп:

-Кайсы маалда келдиң?-деп, отун керте суроо салды.

-Кеч, күүгүмдө.

-Дарыядан ким өткөрдү?

-Бир аксакал.

-Ким деген экен?

-Билбейм.

-Эмне, бул тарапка келаткан бекен?

-Билбейм.

-Кай тарапка кетти?

-Билбейм

-Ал эмне дегениң?-деп, кайрыла инисин тиктеди да,-Бул тарапкабы, же бул тарапкабы?-деп мойнун бурду.

-Мен багелегимдеги сууну сыгып жатып, баш көтөрсөм эле, көрүнбөй калды.

-Кантип эле? Баамдабадыңбы? Деги, ырахматыңды айттыңбы?

-Ырахмат айтууга үлгүрбөдүм.

-Өтө эле кеч болуп калды беле?

-Көз байлана баштаган чак болчу.

-Анча кеч калып, жаныңдан түңүлдүңбү? Жашайм десең, күн отургандан кийин, дарыя боюна жакын келбей жүр. Кирген дарыя ушул чакта адам учкаштыргандан да, жалгыз атчанды чамындыдай алып кетет. Силерди бир Кудай колдоптур.

-Билбейм. Атчандын керемети барбы, менин тиземе чейин суу жаба берди. Жээкке чыкканда анын атын карасам кургактай көрүндү.

-Анда сага Кызыр жолуккан окшойт.

-Ал эмне, бизге тууган болобу? Мени тааныдыбы?

-Ооба, чоң атаңын бир туугаы-деп инисин какшыктай кетти да, кайра инисинен кызыга карап-Ал сага сүйлөдүбү?

-Ооба.

-Эмне деп сүйлөштүңөр?

-«Кайда барасың?»-деди. Өйүзгө дедим. «Өтө эле зарыл ишиң барбы»?-деди. Кеч киргенин билбей калыптырмын дедим. «Учкаш!» деп, колун сунду. Учкаштым.

-Колун кармадыңбы? Кандай экен?

-Билбейм. Ат үстүнө учкашып калыптырмын.

-Аттан түшкөндөчү?

-«Кана, мырза жигит, аттана кон. Коркпойсуңбу?»-деди. Жок-деп, багалегимди сыгып жатып, кайда кеткенин билбей калыптырмын.

-Колун кармаганыңда, бармагы бардыгын билдиңби?

-Аны этибар кылбаптырмын. Бала ойлоно кетип, кайра суроо берди-Бармагы болсо эмне болмок?

-Кызырдын бармагы болбойт дешет. Алаканы жумшак, таптуу бекен?

-Анысын да сезбей калдым.

-Балалыгыңа барыпсың да.

-Ии. Эмнеге?

-Эгер ал Кызыр болгондо, тилегиңдин баары орундалмак.

Бала эмне тилектери бардыгын ойлонуп жатып, түшү эсине келе калды.

-Мен түш көрдүм.

-Жакшылыкпы?

-Укмуш. Аппак кийинип алып, учуп жүрүптүрмүн. Айлананын баары толтура гүл, тулаң, укмуштай көпөлөктөр. Тим эле кымылдайт. Жеп-жеңил экемин. Аркы өйүздөн, берки өйүзгө бир өтүп, суу үстүндө каршы-терши сүзүп, колуму канат кыла сермеп жүрдүм. Мына минтип. Анан кубанычымы жашыра албай:

-Учуп жүрө-өм. Мени көргүлө!-деп кыйкырдым.

Көкмөк көйкөлгөн тулаң үстүнө жеңил келип, конуп отурсам, ак сакалдуу карыя келип кап: кара тим эле көмүрдөй кара аргымакты алдыма туура тартып, «Мин!» дегендей белги берди. Жүзү аябай эле сүйкүмдүү, аппак кийими өзүнө укмуш жарашыптыр. Бир да ашыкча өөнү жок. Аргымагы ойкуштап, ойноп турду. Үзөнгүнү теппей, секирип миндим. Аргымак элирип турганы менен оозу аябай эле жеңил. Тизгинди кайда бурсам, ошол тарапка окторулуп турду. Шарт көк иримди көздөй ат салсам, кылчаңдабай шар жөнөп берди. Чамынган суу ат жалынан ашса да, кулактарын тикчийтип, койкойгон мойнун көтөрүп, албууттанган дарыяда ары-бери балыктай сүзүп жүрдү.

Бала бир көргөн түшүнө кубанып, агасынын алдында эргип сүйлөдү. Анын курсагынын ачканы, кийиминин жыртык экени, жайлоого көчкөндөрдөн калып, жалгызсырап, тамак издегени да эсинен чыккан эле.

Инисинин түшүнө кубанганын, этибар албай, агасы аны какшыктай кетти.

-«Ач калган короздун түшүнө, акталган таруу кирет» имиш. Күндө жегидей токоч эсиңе келбедиби?

Көргөн түшүнө чындап ишенип алган бала агасынын шылдыңын, кулагынын сыртына кетирди. Какшыгына маани бербеген инисинин калп болсо да, көңүлүн көтөрмөккө:

-Сага чындап эле Кызыр жолугуптур. Түшү оңолгондун, иши да оңолот. Эми курсагың ашка тойгудай-деп, сөз аягында тамашалай кетти.

Агасынын сөзүнө көп эле маани бербеген иниси.

-Кызыр чындап эле, чоң атабызга тууган болобу?

-Ооба. Экөө эгиз.

-Анда ал эмнеге бизден кабар албайт.

-Кабар алганы ошол. Кечинде сени талаага калтырбай, дарыядан өткөрүптүр. Болбосо сен, эптеп өтөм деп, дарыяда агып, кум-жам болмоксуң.

-Чын эле тууганыбыз окшойт. Аябай эле боорукер көрүндү.

-Абаке, мендей тууганыңды талаага таштабай, өзүң менен кошо ала кет дебейсиңби?

-Мен сенин жаныңа келем-деп айткам.

-Агаң ким деп сурабадыбы?

-Шашылыш окшойт. Сураганга үлгүрбөдү.

Кертилген отундарды жыйнап жатып, агасы «бырс» күлүп:

-Тамашалап койсо баарына ишенип аласың да. Кел от жагып, курсак кампайткыдай бир нерсе жасайлы. Мен суу алып келейин, сен от тутантып тур?-деген агасы, жыгач челекти алмакка өжүрөгө баш бакты.

Ою менен алек болгон бала кайра суроо бере кетти.

-Аке, чоң атабыздын бир тууганынын аты Кызырбы?

-Аны тамашалап койдум. Ишенип алба. Кызыр деген касиеттүү адам. Ага жолуккан кишинин иши оңолот. Кызыр да, көрүнгөнгө эле жолуга бербейт.

-Мени суудан өткөргөн Кызырбы?

-Аны билбейм. Бирок, сени караңгыда чоң дарыядан өткөргөн жөн адам эмес.

-Эмнеге?

-Аябай эле боорукер, же өтө эле зарыл иш менен бараткан жолоочу. Болбосо, караңгыда кечүүнү билбей, эч ким чамынган дарыяны кечпейт. Эскертип коеюн, дарыянын жээгине көп эле жакындабай жүр.

-Жакындаса эмне болот?

-Жээкке келгениңде жиндер, же шайтан-шабырлар билинтпей артыңдан түртүп жиберсе, сени менден башка эч ким издебейт. Болду. Бабырабай от жак, деп, сыртты карай жөнөдү.

Баланын көргөн түшү эсинен кетпей, көкүрөгү өрөпкүп турду.

* * *

Ага-инилүү Соломон менен Бишкек эгиз козудай айрылышпайт. Биринин колундагы ишти бири алып, тиричиликтери да жөндүү. Көп элдин бири катары бирөөлөрдөн улоо сурашып, жер чийип, аңыз жумшартышты. Жылдан жылга дың бузушуп, эски аныздардын четтерин кетмендешип, таштарын теришип, токумдай болсо да аянттарды кеңейте беришти. Соломо өтө эле баамчыл. Кайсыл ишти колго алса да, майын чыгарат. Өр тараптан эңиштете алыш алып, суу чыгарышты. Бир карап, көз ченем менен билип, арык нугун болжоду. Иниси экөө чот, керкилерди алып, жаз алды

таш оодарып, из кылып, пайнабын келтире арык казышты. Бириси үрөн сээп, экинчиси бутактуу караган-долонону, же чычырканакты сүйрөп, жер тырмап, мала басты. Бир четинен жөөккө пайнаб алып, топурак тартышып, ар түрдүү жашылча, жемиштердин уругун ченеп-өлчөп, көмүштү. Тегиз тийген күндөн улам, жерге тап өтүп, эрте эгилген эгин топурак кургай электе жабыла жабырап чыга келди. Андан көп өтпөй түптөрүн жумшартып, отун отогондон кийин, тим эле тегиз көтөрүлгөн майса, көл бетиндей жыбырап, жогортон жорткон желге майда толкундай желпинип, көргөн көз суктанарлык көйкөлө өстү.

Ачык тийген күндөн улам, тегиз жердин турпагы эрте катып, кесегине айлана баштаганча, эгиндин алды баш алып, жашылча-жемиштер гүлүн төгөр убакыт да жете келди. Дал ошол аптапта чаңкап, буурулдана карамтыл болуп, суу сураган чакта мөңгүнүн сөөк какшаткан суусун бура келип, эгин таласынын пайнабына тегиз чегишип, кандыра сугарышты. Чанкоосу канган эгин заматта бой керип, жаңыдан дан түйө баштайт эмеспи. Ошол чакта эринбей, кайра бир арам отун отоп, кээлеринин түбүн жумшарткандан соң, жалпы эгин аянты көркүнө чыга көйкөлүп, келбети келишкен сулуулардай суйсалып бой тирешет. Тегиз теңселе келбети келишип, эгиздеп өскөн эгин экинчи сугаттан соң, мөңгү суусун сабактарына сиңире жутуп, жумшак топуракка тамырын кенен жайып, баш алган данын чыңайт. Өсүмдүктөрдүн жашаң, сүт эмек денелери кубаттанып, чыңалып бараткынына ынанган мээнеткечтердин көңүлдөрү көтөрүлдү.

Эгин-тегинден көңүлдөрү бир жаңсыл болгон азаматтар эрте бышкан жашылчалардын алдын, аярлап үзүп алышып, алгачкы түшүм берекесинен куржундарга кампайта артынышып, эрте баарда көчүп кетишкен жайлоодогулардан кабар алышканы, кымыз бышкан чакта баглан козу союп, үлүш ичип, тууган шерне жеген айылдаштарына саламга барышты.

-Келгиле дыйкандар? Күн табы төбөнү кактап, чөлдөгөн окшойсуңар?-деп тамашалай кабыл алды Элтүзөр карыя.

-Абаке, сизден кабар алганы келдик-дешти ага-инилер көпчүлүк менен сурашып, жай отурушкандан соң.

Нак кымыздан кере жутушуп, боз үй толо отургандардын жүздөрү тамылжып, алды терлеп алышкан. Кара аяк кыдырата тегеретилген соң, бакылдагандар бир аз дымый түшүштү. Себеби, ага чейин:

-Жаңы келгендерди жоктоп алалы-дешип, удаа-удаасы менен кесе жаңырта сунуп жатышкан чакта:

-Эгин-тегин жайы кандай? Майса көтөрүлгөндүр? деди төр башында отургандардын ортосундагы Кабыл баатыр.

-Алды, баш ала баштады

-Оо, ууз кымыз менен болуп жүрүп, жаз этектеп баратканын туйбай калган окшойбуз. Мына, биздин жайлоолордогу сүт эмек чөптөр боткок алып, жайлоонун да бышкан чагы. Алып келген жашылча-жемишиңерди балдарга берели. Ичтери бир тазалансын-деди бак-бак эткен Темиш чоң.

-Ансыз да, нак кымыз жайлоодогулардын ичеги-карындарын гана эмес, сөөктөрүнөн өтүп, чучуктарынан бери агартты-деп, кошумчалады Үмөталы саяпкер.

-Касиетиңден айланайын ак даам, таткан адамдын тамырына чейин жетет го. Сакалын эми ак аралаган Түгөл чабандес, ыраазы боло компойду.

-Кана, бала баатырларга кайтара-кайтара кесе сунгула! Биринчи тартканыңар чөлдөгөнүңөрдү басты. Экинчи кесе суусунуңарды кандырды. Үчүнчү кесе катар аяк. Төртүнчүсү дем албас. Быш этмей жок. Бешинчиси үлүштөгүлөрдүн катары.-Жайдарыланган Капар карыя тамашалай балдарга сүйкүм жылмайды,

-Абаке, анын баарын кантип ичип түгөтөбүз?-дешти ага-ини жарыша.

-Үлүштүн эрежеси ушундай. Чыдаган адам саламчы деди Адил бакылдай.

-Болбосо, «дем албастан» баштайлы?-Аны коштоду серке чаначты өңөрө отурган Байыз.

-Андай болгондо, ичтейи ачык немелер кайт кылып коюшпайбы?- Этекте отурган бирөөсү ортого сөз ыргытты.

-Кусушсун. Жыдыганы ар бирибизге, бир каптан эгин берсе кутулушат. Болбосо, кайт кылгандарын «бала кылып», кеч күздөөңөрө барабыз.. Чар тарабын омсоңдой караган Сарык каткыра сүйлдү.

-Ха-ха-ха! Отургандар жабыла күлүштү.

-Мынакей, «жайлоодогу балаңарды» торолтуп келдик дейбизби? Көзүнөн жашы чыккан Черик ортодогу тамашаны күчөтө күлүп жатты,

-Силерди издеп, сагынып келди дейбиз.

-Ох-ох-ох! деп, дагы каткырышты отургандар.

-Уккан элге шылдың болушпайбы?-деди капшытагы бириси.
-Үлүштүн шарты ушундай.
-Намыс кылышса, бир каптан түшүмдөрүн беришсин, «Жабылуу аяк, жабылуу бойдон калат»-деди үчүнчүсү.
-Ха-ха-ха!
Бирин-бири сүрөп, азил-тамаша обого көтөрүлдү.
-Койгула, өөндө, ысыктын күнүндө тынбай иштеп, чарчашып, бир ичеги болуп калган балдарды кыйнабагыла? Бир-эки күнгө жеңилдик бергиле. Көнүгүшсүн. Ичтейлери ачылсын. Анан силерге тең келет-деп Элтүзөр карыя отургандарды тыйды.
-Олбурлуу балдар, эки-үч күндөн соң кайра силерди качырып жүрүшпөсүн-деп кыстагандарга Темир чоң эскерткендей болду.
Төрдө отурган карылар ортого түшкөн болушса, этектеги жаштар сүрөгөн болушуп, тамаша андан бетер кызыды. Жайлоонун болуп турган чагындагы нак кымызга мас болгондор күүлдөшүп, иче албагандарды кысташып, шыңгыта жуткандарды кубатташа:
-Та-арт. Алдаяр, тарт!
-Кесе кырбусунан эми бөксөрдү.
-Жок. Жарымдай түштү.
-Азамат.
-Түбүнө чейин тартып, кесени какшыта койду, -деп бакырган Билал, жанындагы «дем албас» аталган кара аякты бошоткондун кесесин колуна ала, отургандарга көрсөттү.
Бирин-бири сүрөгөн жаштар, түйшүктүн баарын унутушуп, карыялардын алдында чектен аша тамаша айтуудан айбыгышса да, үлүштүн эрежесин тутуп, шаңдуу отурушту. Алды боргулдана тердеп, кайра-кайра «кара аяк, кара аяктан соң, сыр аяк. Аны ээрчиген тай аяк. Иче албасаң дагы аяк»-дешип кымызга кысташып отурушту кызытышты. Үлүш ата-бубалардан калган каада-сый. Ар кими кезек менен үйлөрүнө чакырып, очоктогу казанда баглан козунун эти кайнап, дасторкондо: эжигей, быштак, сары май, каймак жайнап, боорсок чачылып, өпкө, быжы бышырылып, ак менен эттин дүйүм даамдары толтурулуп, деги эле эртеден кечке сөзгө да, тамакка да кененчилик. Шылтоо менен көпчүлүктүн башы биригип, аркы-берки сөздөр уланды. Өткөн-кеткендер айтылып, кулактын кычуусу канып, ак сакалдар насаат тарын, ырчы, комузчулар өнөрлөрүн ортого салышты.
Кымызга кызып, кысталгандар өздөрүн жооткото кезек алмашып, күпүлдөтө Манас айтышып, алым-сабак ыр ырдашып,

тамашанын шаңы ого эле көтөрүлдү. Катары менен «ыр кесе» сунулуп, отургандар четинен ырдап, азил-тамаша айтышып, өнөрлөрүн аяшпады. Эреже боюнча ким бирөөлөрү ырдабаса, же күү черте албаса, кезегинен сырткары кымызга кысталып, акыры кусуп, жыдыйт. Ал айыбы үчүн эртеси элди үйүнө чакырат. Же тапкан кымызын артынып, козусун өңөрүп, көп алдына келет. Үлүштүн эрежесин билгендер, жыдыбастын аракетинде, кайдан болсун күү, ыр үйрөнүшүп, атайлап жылуулана кийинип келишкен. Жаңы келген саламчылардын суусундары канса да, отургандар кайра-кайра кыстап, тамашалаганын туйган төрдөгү Элтүзөр карыя, колундагы кеседен кылт эттире жутуп, жай сөзүн улады.

-Кымыздын касиети бийик, балдар. Татканга даам, ичкенге оокат. Чаңкаганга суусундук. Дене-бойду сергитип, эскирген ооруну сүрүп, өпкө-боорду тазалайт. Миң илдетке дары. Үйрөнбөгөндөр-дүн алдын ичин алып, башын оорутуп,  сөөктөтөт. Үч-төрт күндөн кийин, денеге жагып, тердетет. Кан тамыр аркылуу сөөктүн чучугуна жетип, дартты тазалап, көбүн эсе сөөк ооруларга, кулгуна, өпкө-боор, жүрөк, бөйрөк илдеттеринин баарына шыпаа болуп, алдын ылгап, анан барып жагат. Көңүлдү көтөрүп, сергитет. Ошон үчүн ата-бабалар кымызды «баатырдын суусундугу» дешип, өзгөчө кастарлап, «миң дарттын дабасы»-деп келишкен. Себеби, Камбар ата тукуму, шамалдан бүткөн жаныбар. Чөптүн түрүн тандап жеп, таза жерден оттоп, боюн да таза тутат. Айлап жүрсө да чарчабайт. Түндөп жүрсө адашпайт. Мүргүбөй, чалынбай жол тандабай, канаты бар немедей, желдей сызат. Каалаган максатыңа жеткирип, көңүлү сергек, өтө сак, баамчыл, жакшылыкты өзгөчө баалаган жаныбар. Кыргыз баласы жылкыга өтө эле жакын. Жан жолдошундай, сырдашындай сезип, бар тапканын ага берип, куштап, сылап-сыйпап, жасалгалап, ого эле көңүлүн буруп бапестейт. Жылкы жаныбар да адамдын оюн түшүнүп, сырын туюп, эч убакта талаада калтырбай, ээсинин көңүлү менен болуп, этин, сүтүн, күчүн берет.

Отургандар карыянын сөзүнө муюп, дымып калышты. Мелт-мелт толтурулган кара-аякты кош колдоп кармап чыдамсыздык менен кеп аягын күткөн «касакүл» Орок, шашкалактай үлүштүн «бийинен» уруксатсыз отургандардын көбүнөн аксакал,  Элтүзөр карыяга кайрыла кетти:

-Абаке, бу чөлдөгөн балдарыңыздын суусундары кандыбы-канбадыбы билбейм. Колго тийген кеселерди, узатпай отурушат.

Айыбын тартышсын, ыр кезегин ушуларга берип көрөлүбү?-деп жанаша отурган Бишкекти нукуду.

-Абаке, айыбын өзү тартсын-деди, кымыз куюп «байбиче» аталганы

-Эмнеге айып тартам-деп «касакүл» «байбичени»* карады.

-Бир айыбы, кеп аягына чыга электе, ортодон жыра сүйлөдү. Экинчи айыбы, «Касакүл» болуп туруп, келген меймандардын суусундары канганын билбейт. Үчүнчүсү сунган кесесин кайтарып алуунун эрежесин бузду-деп Чоро айгак боло кошумчалады.

-Төртүнчүсү «бийден» уруксатсыз, меймандарды айыпка тартып жатат-деди алдыңкыларга кошумча болгон Адил.

-Бешинчи айыбы дагы бар-деп Черик досун тамашалай кетти.

-Анысы кандай айып?-деди теңтуштарынын дагы бири.

-«Касакүл» болгон соң, ар бирибизге астейдил көңүл бурушу керек эле. Кимдин ичкен-ичпегенин билбей отурат-деп ортодогу бирөөсү каткырды.

-«Касакүл» кандай айып тартсын? Көпчүлүк өзүңөр айткыла?-деди «байбиче»

-Бишкектин колундагы кара аяктагы кымызды тапа-так ичсин.

-Бишкек айыбы үчүн ырдап берсин?.

Бүтүм отургандарга жаккандай болду. Карыя да ага макул болуп, башын ийкей Бишкекке карады.

Отуруштун шарты-айтылган бүтүм аткарылат. Кезек алган киши, убакытты созбойт. Болгон өнөрүн ортого таштайт. Аны жакшы билген. Бишкек эриндерин колунун сырты менен сүртө, оңдоно отуруп, досторунан үйрөнгөн Манастан баштады.

-Ээ-э-э. Алакандай кыргыздар,
Аянбастан кирди эми…
Кудай бетин көрсөтпө.
Капчыгай көчкөн немедей
Найза башта такылдап,
Ай балта башта шакылдап.
Касаба колдо калкылдап,
Кылыч башта жаркылдап.
Аламанга киргенде,
Ашкере согуш болгондо.
Найза тийген эрендер,
Четке тартып жадашып.
Качпаганы качканын,

Найза менен кадашып.
Караса көзгө илинбей,
Кум-Арыктын кең талаа,
Кайсы экени билинбей.

- Үлүштүн эрежеминде кымыз куйгам-«байбиче», кесени узаткн-«кесекул» аталган.

Бүтүндөй дити менен берилип, көздөрүн сүзө, башын чулгуй, денесин чайпалта эрдикти айтып жаткан Бишкекке, отургандардын бардыгы көңүл буруп калышты. Көздөрү сүзүлүп, кабактары түйүлүп, анда-санда колдорун сермеп, обдула кала, чамынып, үнүнө кыймылы төп келген Бишкек отургандардын эркин бийлеп, өзүнө тартып алды. Бир саамга болсо да, айтылган окуя менен жашап, ошол дүйнөгө бериле калгандар, тук этип, үн чыгарбай кулак түрүштү.

Кангайлар менен кыргыздар,
Качпай туруп салышты.
Канын суудай агызды,
Канга батып калышты.
Күндүз тынып калган жок,
Күн мезгилин алган жок.
Түндө тыным алган жок,
Түн мезгилин алган жок.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо болду.
Түзөндүн баары чаң болду,
Кокту-чуңкур жерлери.
Андан кызыл кан болду,
Не бир жалгыз эр өлдү.
Нечен сонун хан өлдү,
Тулпардан нечен ат өлдү.
Өлбөй тирүү жүргөнү.

Кыпкызыл канга бөлөндү... деген экен-деп, тердеген чекесин сылап, алдыдагы кесени кош колдой алган Бишкекти отургандар жабыла алкай кетишти.

-Бар бол, азамат!

-Келтирип айттың,

-Кебетең да окшошо калбадыбы.

-Денедеги кан, төбөгө дүргүй түштү.

-Өнөрүн, бар экен. Манасты оозуңан түшүрбө.

-Ооба. Баатырдын арбагы колдосун.

-Ме  балам,-деп, ичи жылыган Элтүзөр карыя алдындагы эми гана ооз тийип, дасторконго койгон кесесин Бишкекке узатканча, кайра сөзүн улады:

-Тоолуктардын салтында тууган-урук, дос-жар куда-сөөктөргө жаман-жакшылыкта атайлап кабар айттырып, барыш-келиш кылууга өзгөчө маани берилет. Кабарды уккан тарап маалында келбей калганы чоң айып, осол иш. Бардык тиричилигин таштап түндөп-күндөп болсун келиши милдет. Катташкан тараптын кимдиги, кайгы-кубанычына ортоктош болоору ушундайда билинет. Намыс-ариетти баалап, адамгерчиликти кастарлай алган адам гана жаман-жакшылыкта өбөлгө. «Катташпаган туугандан бейкараз, ыты-жыты билинбеген жат жакшы», же болбосо «катташпаган туугандан  коңушу жакын» деп айтылат. Салтты билип, туугандын баркын баалаган адам кабар бараары менен жете келээри ошондон.

Айылдан чыгып, бир тарапка барып келгендердин саламынан соң, кеп сурамай адат.

-И кана, кайда бардың? Эмне кабар, эмне кеп?

Жаңы келген адам, көргөн-бакканын сармедиреп айтып берет. Күңк-мыңк этип, айта албаганды «Атаңын көрү. Сенен кеп сурабай калалы. Адам деп, кеп сурасаң, көргөн-билгениңди эптеп айтып бере албайсың. Адам болуп жарыбайсың. Эмнени көрдүң, эмнени баамдадың, эмнени уктуң? Эч болбосо бирөө сурайт деп, ойлобойсуңбу? Ой-сaанасы жок, малдан айрымаң жок, бир деме экенсиң. Жогол, мындан кийин, көпчүлүктүн жанына жолобой жүр!» дешет.

Арытан басып келген айылдашы андан  сурайт:

-Тигини эмнеге кубалап жибердиң?

-Ээ, көргөн-билгенин  жөндөп айтып бере албаган немени мен адам деп ойлоп жүрүпмүн. Адам эмес турбайбы.

-Эмнеси адам эмес?

-Башы тоголок, айры буттуу болсо эле адам боло береби. Адам деген аң-сезимдүү, бир нерсени көрүп-билип аны талдап, айтып бере ала турганы адам. Көрүп-билгенин талдап, акыл жүгүртүп, айта албаса, жеген тамагын гана ойлогон айбандан айрымасы жок-деп, кеп сураган тоолуктар баа берет.

-«Кенешкиң келсе, келбетине кара. Сөз угайын десен сөөлөтүн баамда»- дегендей, бир кездеги Эркөбөк бубаң «Эркөбөк аталып», элине калкан болгонун улуулардан укчу элем. Андан бери не заман өттү. Учур-шартка карап, адамдардан адам тандалып,

аттары эл оозунда кала тургандарын баары эле билет.  Эл кайсы адамдын атын унутпайт? Болбосо тоголок баштуу, айры буттуулар бу жашоого түмөндөп эле келип-кетип жатышпайбы. Мына бул отургандар да уксун. Мен сенин бубаң жөнүн аны менен кошо болгон, булардын да бабаларынын баянын айта кетейин-деп Элтүзөр карыя оңдоно отурду.

Жунгар-ойроттордун жаңы ханы Суан Рабдан кыргыздарды казактардан бөлүп алуунун аракетин көздөп, казактарды багындарууга кол курай баштады. Себеби казак ханы Тооке султан кийинки жылдары калмактарга баш бербей Жети-Суу аймагынан кууп чыгып эрдемсий баштаган. Ал тургай орус мамлекетине элчилерди жөнөтүп, мамиле түзүүнүн камында болду. Себеби, эзелки жоо кытайларга караганда орус падышасы менен мамиле түзүү эртеңки күнгө ыңгайлуу эле. Аны байкаган контайчы казак өлкөсүнө согуш  жарыялоодон мурда кытай-манжу богдыханы Кансиге элчи жиберди. Анда Тооке ханга каршы көп кошун жыйып, даярдык көрүп жатканын билдирди. Коңушу жашаган жунгар-ойроттор менен казактардын ортосунда жайыт жер талашуудан баары бир чатак чыгарын богдыхан жакшы билер эле. Жунгар-ойроттордун кырк миң колу казак калкынын жерин селдей каптады. Тооке хан ал кезде үч уруу казактын ханы аталчу. Казактын талуу жери аталган Улуу жүз кыргыздар менен чектеш болчу. Көкчө деңиз аталган Балкаш көлүнүн тегерегиндеги согуш  көп күндөргө чейин токтободу.

Калмактар касиеттүү Ысык-Көлдү басып кирип Чолпон-Атадан өтө бергенде капылеттен беттешип калышты. Кыргыздардан Кожомберди баатыр калмактардын алдын тороп, аларды жекеме-жекеге чакырды. Калмак-кыргыз сыяктуу көчмөн элдин салтында эрөөлгө чыккандан баш тарткан эр адам, эркек катары кабыл алынбай-катын деп эсептелчү. Эгерде майданга келген баатыр, айрыкча хан, же кол башчы жекеме-жекеге чыгуудан баш тартса, ал кошун алдында шылдыңга кала турган. Аны сезген калмактар кыргыздын миң башысы Кожомбердиге, калмактардын миң башысы, Галдандын иниси Гунжанды чыгарышат. Эки тарап тең баатырларына чопкут кийгизишип, бөдөнө көз соотторун ырасташып, камдашты.

Кошун башчысы Кожомберди оң колуна долонодон  как союл, сол колуна ай балта алып, белиндеги кылычын кындан суурубай ат ойнотуп чыкты. Ал эми калмак тараптан Гунжан ноен сыр найзасы менен качырып кирди. Сыр найзанын учунан шамал ышкырып, эки

баатырдын аргымактары окторула атырылып жөнөдү. Гунжан найзасын кыргыз баатырынын көкүрөгүнө мээлеп келатканда, ал ат жалына оой калып, как союл менен найзаны согуп өттү. Колунан найза ыргыган калмак баатырынын аттын оң тарабына ыктуу экенин туйган Кожомберди кайрылып келип анын сол тарабына көздөп ай балтасын кармай аттанды. Экөөнүн тең күүлөнгөн ай балталары кагыша кетип, саптары сынды. Эми экөө тең кылычтарын кындан суурушуп, жалаңдаган куралдарын күнгө чагылтыша булгалап келишип, бирин-бири согуп өтөөрдө, Кожомберди баатыр Гунжанга жакын келип, шамдагайлык менен моюн талаштыра шилтей өттү. Анын узун алмаз кылычы душманынын кекиртегине дал келип, ноен шалак эте эрге өбөктөй кулады.

Алардын айкашына күбө болуп турган эки тарап, чуру-чуу түшүп, алга умтулушту. Эрөөлдүн шартында эки тарап бөлүнө калып, экинчи эрөөлдү улантышчу. Баатырынан айрылган калмактар ал эрежени бузушуп, жабыла ат коюшту. Кармаш узакка созулуп, эки тараптан тең чыгым көп болуп, кеч кирип, күн батканда уруш токтоду.

Кожомбердинин ошондогу кылычы, баатыр бабалары карманган ыйык курал болчу. Ал эчен жылдар өтсө да кастарланып, баатырдын баатырлары гана кармаган, баа жетпеген барктуу мурас экенин эч ким билчү эмес. Ал кыргыз баатырлары урунган кылычка таптакыр окшобогон бөлөкчө кылыч эле. Шаптай узун, ары ичке, мизине бүт бойдон алмаз чөгөрүлгөн, ташка салса, таш кескен өтө курч, мокобогон курал, болгондо да Аксак Темир өзү ардактап урунган курал экенин бир-эки гана адам билчү. Анын жайын Эрбол карыя Кылыч баатырга түшүндүрө кетти.

-Ал кандай Кожомберди баатырдын колуна тийип калган?-деди таңданган Кылыч баатыр таңдана.

-Кептин баары ошондо. Ал өлгөндөн кийин, кылыч анын урпакарынын бири Бабыр падышанын колуна тийген-деди карыя сырдуу.

-Бабырдын бул жерге кандай тиешеси бар?- Баатыр кызыга суроо узатты.

-Угуп тургула. Бабыр падышанын кошунунда анын эң бир ишенген адамы кыргыз болгон. Бириси Жолборс баатыр, экинчиси Илбирс баатыр. Экөөнүн тең насили кыргыз сол канаттын урпактары. Падышанын казынасын кыргыздар кармап жүргөн. Ал эми Бабырды көздүн карегиндей карап, анын өмүрүнө жоопкер

болгон кыргыздар, ары найзакер, чебер кылыч шилтеген, өлүмдөн кайра тартпаган эр жигиттерден эле.

Бабыр падыша Шейбани хандан запкы тартып, Ооганстанга кетээр алдын, Алай тоолорунун арасын байырлап жүргөн. Аны жат көздөн сактап, астейдил караган кыргыз жигиттери ак кызматын кылат. Алар туулуп-өскөн жерин кыя албай, Оогастанды көздөй аттанган Бабырга чын дилинен таазим этип:

-Азирети таксыр! Чын дилимден сизге кайрылып отурам. Эгер уруксат берсеңиз, ак сөзүмдү айтайын, дейт жигит башы.

Жаныңдай жакшы көргөн, ары сырдаш, ары санаалаш адамынын, кайрылышын кабыл алган падыша:

-Сиздин сөзүңүздү угуу мен үчүн дайыма жагымдуу, баатыр,-деп көңүл бөлөт.

-Сиз узак жолго аттанууга камданып отурасыз. Жараткан тилегиңизди кабыл кылсын. Туулган жеримди таштап кетүү, мен үчүн өтө оор болуп турат. Уруксат берсеңиз, мен ушул жерде калсамбы дейм?

-Жандай көргөн сырдашым, ары жакын агамдай жана жан досум да сиз болуп калды элеңиз. Сизден ажыроо мен үчүн оор. Бирок, бир өтүнүчүңүздү аткарбай кое албаймын. Сиздин көптөн берки ак кызматыңызга чын көңүлүмдөн ыраазымын. Буйруса, экөөбүз дагы бир жолу кубаныч менен жолугушубузду Кудайдан тилейм.

-Ырахмат, падышам!

-Мен сизге, эң кымбат көргөн адамыма эң кымбат буюмду арнагым келет. Мына бул кудурети күч алмаз кылыч, сизге тартуу болсун. Аны кези келгенде кыргыз баатырлары гана урунсун. Бөтөн элдин тукумуна, аны карматпаңыз. Менден сизге ушул эстелик болсун-деп, падыша алмаз кылычты жигит башчыга белекке берип, өз жерине калтырат.

-Аксак Темирдин касиеттүү кылычы кантип Бабыр падышага тийип калды экен?- Баатыр ого бетер кызыкты.

-Аксак Темир небереси Улукбекке көп мурас калтырат. Ал Бабырга атасынын кымбат буюмун ыйгарат.

-Аксак Темирдин касиеттүү кылычы кыргыз урууларындагы аттуу-баштуу аталардын колунда сакталып жүрүп, Көкүм баатырга Ташкенге хан шайланганда ырымдап тапшырылган.

-Аксак Темирдин алмаз кылычын падышаны Гур-Эмирдеги көрүстөнгө өзү менен кошо койгон деп айтылчу эле го?-деп Бишкек шашыла сөз узатты.

-Аксак Темир тамчыдай окшош эки алмаз кылычын алмак-салмак урунчу. Сыягы алар чагылгандын огунан жасалып, мизине алмаз чөгөрүлгөн окшойт. Бирисин дайыма үйүнө коюп, экинчисин жортуулга аттанганда ала жүрчү. Жортуулдан келгенде анысын үйүнө коюп, беркисин кийинки жортуулга аттанганда гана алчу экен. Экинчиси Бабыр падыша айткандай кыргыздын баатырларынын бирисинин колуна тийиптир.

-Кылычтардын бир касиети бар го?-Ортолуктан бирөөсү суроо бере кетти.

-Анысын билбейм. Сабы асыл таштар менен кооздолуп, шоодой узун, ичке кылычтар албарстай курч болгондуктан, таш кесчү экен. Аксак Темир көзү тирүүсүндө эле бирисин жандай көргөн небереси Улукбекке бериптир. Ошол баатыр Илбирс, казактын ханы Эр Эшимдин кайнатасы деп айтышчу. Эр Эшимдин байбичеси Төрайым кыргыз кызы. Анын балдары Жаангир, Тооке султандар кыргызга жээн. Кийин экөө тең казактарга хан болушуп, баатыр аталышып казак-кыргызды бирге коргошту.

-Кыргыз баатыр эмнеге алмаз кылычты Эр Эшимге бербей, Хан Тейишке тартуу кылды?

-Хан Тейиш Эр Эшимдин бир тууган жээни, кыргыздын алгачкы ханы. Көкүм бийдин уулу Тейиш хандыкка шайланганда ырымдап берген болуп жатпайбы.

Жолборс, Илбирс баатырлар урпактарына кайра тартпастыгын мурас калтырбадыбы. Алардын тукумдары аталарынын мурастарын ардактап, калмактар менен болгон кайсыл кана кан күйгөн кармаштарда эли үчүн төштөрүн калкан кылып тосушту го. Эл тагдыры кылыч мизинде, найза учунда турганын туйган кайран гана баатырлар, бир жалтанып койбой, кан майданды кечип, кармашканын аксакалдар кайра-кайра эскеришип даңаза кылышчу. Эр азаматтардын ак кызматын, эрдиктерин эске алып, айта жүрүү баарыбызга милдет. Алар кийинкилер, урпактары үчүн өмүрлөрүн аяшкан жок. Биз үчүн ал адамдар ыйык. Сен Бишкек ошол сол канат баатыры Илбирстин урпагысың. Сенин каныңда алардын кыял-пейилдери, оттон-чоктон кайтпаган эрдиктери жашайт. Өзүңүн ким экениңе баа берип, асти жамандыктан, пастиктан, арамдыктан алыс бол!

Баралыңа келгенде сен да, өрттөй жанып чыгаарың бар. Себеби сени жакшыдан калган туяк деп, төрөлгөнүңдөн кийин Идирис пайгамбарыбыздын күмбөзүнө барып, зыярат кылып өмүр

тилегенбиз. Тостопян Атанын каны аккан дарыяга киринтип, анын башы алынган жерге жаткырып:

-«Адамгерчилик менен достукту баалаган Тостопян Атадай, илим-билимди баалаган, адамдарга жакшылык каалаган Идирис пайгамбарыбыздын касиеттери жуксун»-деп ырым кылганбыз.

-Тостопян Ата менен Идирис пайгамбарыбыздын касиеттерин, кошо айта кетсеңиз?-деп отургандардан бирөөсү суроо узата койду.

-Ап-бали! Аны да билип алгыла-деп карыя, эки тарабын обдула карап, сөзүн улады.

-Ааламда Адам Ата-Обо Эне жаралгандан кийинки не бир замандарда, ар кандай ишке жөндөмдүү, өтө такыба, таза Идирис пайгамбар төрөлүп, кат сабаттуу илимпоз болуп өсөт. Ал кудайдын амири менен периштелерди, өзүнөн кийинки пайгамбарларды окутуп, үлгү болуп, билим берет. Ал Алла Тааланын уруксаты менен жер үстүндөгү ааламды кыдырып көрүп келе жатып Чаткал аймагына туш келет да, ал жерди жактырып, туруп калат. Ошол кезде ары илимпоз, сылык, жаамы-бардыгына таалим-тарбия берген ары акылман, Идиристи көрүп, ага жолугуп, акыл-кеңешин уккусу келген периште жерге түшөт. Ал адам кейпине келип. эңсеген адамына жолугат. Ошол мезгил рамазан айы болгондуктан орозо кармап, үч күн бою дүйүм даамдарды дасторконго жайнатып, кеч мейманына сунуш кылса, ал тамак жебей, сөз да сүйлөбөйт. Ага таңданган Идирис пайгамбар:

-Эмнеге даам татпайсың? Периштесиңби, же адамсыңбы?-деп суроо берет.

-Периштемин. Алладан сени бир көрүп кетүүгө, уруксат сурап келгенмин,- дейт ал.

-Ырас периште болсоң, мага өз кереметтериңди көрсөтүп, асманга алып чык? Мен ал тарапта болуп дабат-ибадатымды арттырайын?

-Алланын амирисиз, ал ниетти аткара албайм. Алла буйруса гана ал жакка бара алабыз-дейт периште.

Алла таала Идиристин ниетин кабыл алып, периштеге уруксат берет. Периште Идиристи асманга алып чыгат. Идирис ал жайда Азиреилге жолугуп:

-Жанымды алчы, жан ачуусун көрөйүн?- дейт. Алланын амири менен ал жан ачуусун баштан өткөрөт. Алланын амири менен Азирейил аны кайра тирилтет.

-Эми тозокту көрсөт? Азап-кыйноолорун көрөйүн?-деп суранат. Азирейил анын өтүнүчүн кабыл кылат. Тозоктун азабын тарткан Идирис:

-Эми бейишти да көрсөт?-дейт.

-Ал менин колумдан келбейт. Алла өзү билет,-дейт Азирейил. -

-Алла Таала Идиристин бейишти көрүүсүн амир кылат. Бейишти көрүп, аябай жактырат да, андан чыгарында бир дарактын түбүнө атайлап, бут кийимин таштап коет. Бейиштин эшигинен чыга береринде:

-Бут кийимим калып калыптыр-деп, кайра кайрылат.

-Тез алып чык!-деп, азирейил кайра бейишке киргизет.

Идирис пайгамбар бейиштен чыккысы келбей, кечиге берет.

-Эмне чыкпайсың?-деп суроо берет periште.

-Кирдим-чыктым. Кайра кирдим. Эми чыккым келбейт-деп, периште менен тартышат.

-Мунун баары менин амирим менен болду. Ырас бейиштен чыккысы келбесе, кала берсин-деп, Алла Таала уруксат берет.

Идирис пайгамбардын өзү курдурган Чаткалдагы күмбөзү ошондон бери ыйык аталып калыптыр.

Мусулмандардын ыйык борбору Меккеге ажылыкка баргандарга, андагы улама-шайыктар:

-Дүйнөдөгү эн ыйык, касиеттүү аталган Идирис пайгамбардын күмбөзүнө зыратка бардың беле?-деп, сурашат. Себеби, Идирис Алла Тааланын досу, илим-билимди дүйнөгө тараткан касиеттүү пайгамбар экендигин, ыйык күткөн мусулмандар аны өзгөчө баалашат.

-Жан ачыгына, бейиш-тозоктун бардыгына Алланын амири менен мен күбөмүн. Кимде ким эмнени тилек кылса, алардын тилегин кабыл кылууга Алланын атынан жардам беремин-дептир бейиште турган Идирис пайгамбар.

Идирис пайгамбардын күмбөзүнө барып, зыраят кылуучулар алдын Тостопян Атага алгач дуба кылып, атайлап куран окуп, анан Идирис пайгамбардын күмбөзүнө баруу керек. Анткени, кайырдиндеги душмандар Идирис пайгамбарды өлтүрүүгө артынан кубалап келишип, аны таппай калышат.

-Ким Идирис пайгамбар? деп, ошол жердегилерге суроо салышат.

-Мен-деп Тостопян Ата Идирис пайгамбар үчүн жанын берет.

Душмандар дароо анын башын алышат. Илимдар пайгамбардын жер үстүндөгүлөргө илим-билим, тарбия-таалим

бергенин баалап, ал үчүн өз өмүрүн аянбаган Тостопян Атанын күмбөзү, намаз окуган жайы, анын башы алынган көпүрө ыйык аталып, анын каны аккан дарыя, ал жердеги булактардын касиети зыраят кылгандарды колдойт дешкен. Пайгамбарыбыздын үмметтөрү аталган мусулмандар, ал жерлерге келип жуунушуп, тазалана-жеңилдешип, оору-сыркоолордон арылышат.

Карыянын аңгемеси баарына сабак эле. Сөзгө муюп отургандар карыянын козголушунан улам, орундарынан тура кала, жол бошотушту.

* * *

Аксы аймагынын жери тегиз. Ошондон уламбы, эли жаз-күзү атаандашкандай жапырт ишке киришишет. -Жаз алдын жер тоборсуп, топурак кургап кеткичекти, эгин-тегинди сээп калалы дешип, көпчүлүк амач аштап, кош чыгарып, жер айдашат. Дыйкандар түнү жылдыз санап, күндүзү күндүн чыгышы менен батышын карап, аба-ырайынын ачык болушун, жамгырдын жаап, жаабасын баамдап, жер айдап, үрөн чачуунун аракетинде болушат.

-«Ай арасы» дешип, айдын башында астейдил кам көрүшсө, жер айдалган соң күн санап, үрөндүн өнүшүн, жер бетине чыгышын табырка кылышат.

-Көк майса тегиз. Демек, үрөнүбүз да суугa каныл, семиз жерден кубат алган экен. Мээнетибиз текке кетпептир. Кышы бою чөп-чардан, «арам» оттон арылтып, үрөн тазаладык эле. Күнгө жайып, көсөөсүн терип, кызыл данды шамалга сапырып, күн табына кургаттык эле дешип, үрөндүн өнүшүн, жер бетине тегиз чыгышын байкоого алышат.

Дыйкан адам жер менен сырдаш. Жаратылыштын кубулуштары ага тааныш. Кайсы күндөрү жамгыр жаап, күн ачык болот. Кайсы мезгилде жер тоборсуйт. топуракка тап кирет. Канткенде үрөн өнөт. Кай жерде, кайсыл эгин жакшы өсөт. Кайсыл отоо чөп, кай жерде көп болот? Баарын билиши керек. Кайсыл отоо чөп, кайсыл мезгилде жулунары, анын тамырлашы, урук алышы дыйканга сырдана. Дыйкан дыйкандын мээнетин баалайт. Бири-бирине кол-кабыш кылып, шартына карай жардам беришет.

Аз болсо да жайлоонун салкын төрүндө эс алышып, чөлдөгөндөрүн нак кымызга кандырган ага-инилер шашылбай өөнгө келишти. Алардын эси-көөнү эле баш алайын деген аштык эгинде. Арпа, буудай, таруу, конок айдалган аңыз тап кирген

топуракта тегиз чыгып, бой кере, берекесин чачып, ыңкып турду. Баш алып келаткан аштык-дандын арасында кылайган отоо чөп жок. Жогортон леп эткен жел жорто калса салмактанган баштарын ийип сеңселет. Тим эле көл бетиндеги быжыраган майда толкундай болуп, жоодурап көздүн жоосун алат. Текши чыккан аштыктардын сугаты кангангабы, дан түйгөн баштары салмактанып, мээнет кылган ээлерине ыраазы болгондой жүгүнө, ыргалышат. Конок менен таруунун дандары толуп, баштарын көтөрө албай ийиле баштаптыр. Эртерээк орок салышпаса, баштарын көтөрө алышпай, жатып калгыдай. Анын үстүнө аларга канаттуунун баары өч. Кокус жатып калса, курт-кумурсканын күнү тууйт. Как бышса, дандары төгүлүп, жерге төшөлө, ширелип калгыдай.

Аркы тараптагы арпа, буудай эгилген аңызды көздөй басышты. Алгачкы күздүн керимсел ысык шамалы эрте жүрүп, буудайдын түптөрү саргая баштаптыр. Ушу тапта сууну кана ичпесе, дандары толбой, эрте бышып, буудайды кара көсө басат. Тамак-аштын төрөсү буудай нан. Ал как бышпаса, камырына доо кетет. Ийлегенде, ал тургай бышырганы казанга жапканда да, наны күлдөп, камырынын даамы кем болорун билген дыйкандар буудайга айрыкча көңүл бөлүшөт. Кеч салкында, кандыра сугарууга камданышты. Арпа эгилген талаа тим эле көздүн жоосун алат. Тегиз баш алган арпа, бой жеткен сулуулардай сүлкүлдөшө ыргалат. Саалкам сөөмөйдөн өтүп, тегиз кылканы менен кере карышка жетип, дандары дүмбүлүнө айланып, алды кыяра түсүнө кире баштаптыр. Кирпинин огундай кылкандары шоодурап, бири-бирине баштарын ийе, теп-тегиз боло, тим эле деңиз бетине шамал жүргөндөй толкуп, чайпалат.

-Арпа дүмбүлүнө айланыптыр, сугаттын кереги жок. Буудайдын дандары эми толо баштаптыр, кандыра сугаралы. Сен алышка барып, суу байлап кел. Мен аңызга чеккенге ок арык менен жөөк арыктарды камдайын,- деп, Соломон Бишкекти алышка жиберди да, кетминин алып, аңыз аралай кетти.

Бишкек алыш башына баратып, жашылчалар эгилген жөөктөрдү көргүсү келди. Алыстан эле бадырая көрүнгөн коон-дарбыз, уя баскан тооктордой томпойо көзүнө чалдыгып, жыттары буркурайт. Жаңы жердин турпагынын жумшактыгынанбы, же көптөн бери эгин эгилбей жер сагынып калганданбы, аңыз бетин бербей, сайдын ташындай бадыраят. Агасы экөө эки ирет түбүн жумшартып, көмө чапкангабы «арам от» жок. Өз эмгегине өзү суктанып, түйшүгүнүн

ыраатына сыймыктангандай болду. Көрсө, дыйкан пейили талаасындай кенен, түшүмүндөй мол деген сөз бекеринен айтылбаптыр. «Эр эмгегин, жер жебейт» демекчи, канчалык тер төгүп эмгектенсе, кайтарым да ошончолук артык болooруна чын көңүлүнөн ынанды. Дыйкандын жамандыгы жок. Бардык дити талаасында. Тилеги түшүм мол болушун гана каалайт. Өмүр бою дыйкан болууну самады.

Ойго чөмүлүп, өзү менен өзү болуп бараткан Бишкек капылеттен туура тараптан жан үрөп, безелене чырылдаган чымчыкты көрө калды. Улам көтөрүлө, кайра түшүп, жалбырагы куурай баштаган тикен куурайдан алыс кетпеген боз чымчык, безелене айланчыктап, жанып үрөп чыйпылдайт. Тикен куурайга байлангансып канаттарын дилдирете, бүткөн бою титирей, алыс кетпейт. Бирде боюн уруп кайра жалтана, көккө көтөрүлө, муңкана безилдеп, бир жамандыктын болгонунан кабар бергенсийт. Жан үрөп, жалында калгансыган боз чымчыктын, зарлаган үнүнөн улам, Бишкек эңиле карады. Билектей кара чаар жылан түйүлө башын көтөрүп, тикен куурайдын бутагына салынган уяга умтулуп, суук тумшугун салаарда, ага тоскоол болууга аракеттенген эне чымчык улам учуп келип, ага даабай кайра тумшугу менен жетип душманын чокумакка, канаттары менен кагып түшүрүүгө тап берип жатканда, жакындап келген адам баласынын караанын көрүп, эш тутканбы, же аны жардамга чакырганбы, жаны калбай жалбарып, чырыйттап, көңүлүн бурмакка көтөрүлө учуп жаткан экен.

Өңү суук жыландан эми гана темир канат болуп, жетилип бараткан балапандарын ажыратып алууга далбас уруп, өзүн аябай эптеп каршылык кылуунун аракетиндеги чымчыкты аяп, колунда эч кандай куралы жок Бишкек жыланды чочутмакка дүпүлдөтө жер тепкиледи. Эми гана жаш балапандарды соруп, өз максатына жетүүнүн аракетинде болгон жылан адамдын караанын көрүп, «Олжомдон азгырган сен кимсиң?» дедиби, тилин соймоңдото кылчая карады. Жанында турган караандын колуна куралы жоктугун байкадыбы, же эмне болсо да «олжомду бербейин» дедиби, ача тилин соймоңдото, уяга башын салууга умтулду.

Уяда ажал тооруп, жырткычтын «оп» эте соруп аларын туйбай, энесинин жем алып келишин күткөн балапандар көздөрүн ачпай, сары ооздорун кере чыйылдашат. Ал ансайын жылан сугун артып, ача тилин соймоң-соймоң эттире, балапандарды бирден соруугa умтулуп, уяга тумшугун жакындатып баратты. Көз көрүнө байкуш балапандардын жыланга жем болушун каалабаган Бишкектин

колунда жазгап урар, эч нерсе жок эле. Ал кайсалап калды. Талпылдата жер тепкенин тоготпой, аны коркунуч катары сезбей олжого умтулган жырткычка итиркейи келген Бишкек эңкейе калып, баятан бери ар тарапка бултактаган куйругунан шап кармап, өзүнө тартты. Бултаңдаган жыландын куйругу колунан чыгып кетти. Узундугу кулачка жеткен кара чаар жылан ууны таштап, тилин соймоңдото жылбышкак куйругун жыйрып, аркага бурулду да, тикесинен тик тура кала, суук өңүн көрсөтө тап берип, тилин соймоңдотту.Бир нерсе менен чабууга, же урууга колуна эч нерсе кирбеген Бишкек бош колу менен эки санын чапкылаган болду.

-Сен мени олжомдон ажыраттың. Мага тийбегин. Мен да сага тийбейм-дегенсип, жылан улам ача тилин соймоңдото, кайрылып ордунан жылып жөнөдү.

Көз көрүнө, байкуш балапандардын ажалы болуп, жамандык кылгысы келген жыландын эч бир запкы тартпай кутулуп кетерин ойлогон Бишкек эми узап бараткан жыландын куйругунан шап кармап, өйдө көтөрдү. Бою, жоондугуна жараша салмагы да-суу таяктай болгон жылан асылып калса да башын көтөрүп, куйруктан кармап турган колду кайсамакка жыйрыла ийрилди. Соймоңдогон тили колуна жете береринде, бултаңдаган жыландын куйругу дагы да колунан чыгып кетти. Жылан сулк жерге чабылды. Бой бербей, бултаңдаган жыланды жөн кетиргиси келбеген Бишкек шарт кайра кармап, жерге бир чапкысы келди. Каршылык кылып, кутула албастыгын туйган жылан «качып кутулбасам болбойт» дедиби, ийри-буйру соймоңдоп, жол четиндеги чөп-чарды аралай жөнөдү. Душмандын жөн кетишин каалабаган Бишкек артынан кууп, улам жетип, куйругунан кармап, бургап ыргытуунун аракетинде болду.

Артынан түшкөн душманынан эптеп кутулуунун аракетинде болгон жылан жашынарга жай, бекинерге ийин издеп, шашкалак-тай соймоңдоп жөнөдү. Ага жетем деген аракет менен Бишкек артынан калбады. Бир жерге келгенде эски ийинби, же таштын коңулубу жылан башын сала, жыйрыла берeринде, Бишкек сыртта калган куйругунан кармап, колуна орой, күчөнө тартты. Жылан жыйрыла алга умтулду. Бишкек чирене артка тартат. Эки күч тартышып, бир топко турушту. Кокустан эле колун бошотсо, жылан соймоңдоп, бошонуп кетчүүдөй. Буттарына таканчык илешпей, согончоктоп, салмагын артка салган Бишкектин колунан жыландын куйругу улам жылмышат. Колуна орой кармаганы жакшы болгон экен. Эки күч эки тарапка тартса да, жыландын денеси өл кайыштай созулуп, улам жылмыша сыдырылат. Ийленбеген

кайыштай созулган жыландын денеси улам узарып, ортосунан чарт үзүлүп кетчүүдөй туюлат. Эки күч канчалык тартышып турганы белгисиз. Бир мезгилде Бишкектин оюна. Ар кандай нерсе чочуганда, денеси жыйрыла, алагды болот деген улуулардын айткан сөзү эсине түшө калды.

Жыландын денесин чочутуп саярга эч нерсе жок. Болгондо да, ага эч нерсе өткүдөй эмес. Бир гана учтуу шибеге, же темир керек. Ал кайдан табылмак? Табылган кезде да, аны саярга колдору бош эмес. Анын денесин тарткан сайын узарып, оң колуна эки оросо да чылбырдай чубалат.

-Кантсе да, ийинге киргизбей, сууруп чыгам деген өжөрдүк менен тайтая тартып, өзүн-өзү солбуй, улам копшоп коет. Жылан ийин ичинде байланып калгандай, денеси ичкерип, узарып баратты. Катуу оролгон жыландын денесинен улам, кан барбаган манжалары көгөрө баштады. Жаны ачыганга ачуусу келген бала баатыр чирене тартпай, бир кое берип, кайра тартып иле кыла баштады. Денеси бошошо калганда, заматта жыйрыла калууну самаган жылан да, ийин ичинде түйүлгөндөй солк этпеди.

-Мына сага!-деп, колуна оролгон куйругунан кырча тиштеди.

Эки тарапка күчөнө тартылуудан уламбы, же кырча тиштегенден денеси чочудубу жыландын башы кирген ийиндин топурагы бошошуп, ийиндин оозу омкорулуп кетти. Таканчыктаган таш жылдыбы, же топурак борпоңдук кылдыбы, ийин жырыла бошошо түштү. Күч менен чирене тарткан бала баатыр чалкасынан кетип, колундагы жыландын денеси башынан аша серпилип, жерге чабылды. Бала баатыр тура кала, жыландын куйругу оролгон колун өйдө көтөрө, кайра жерге катуу силкти. Чубалжыган жыландын денеси чылбыр бою узарып, денесин жыйрып алууга дарманы калбагандай чубалып жатты. Жан кирген куйругу кыймылдап, башын көтөрөрдө бала баатыр шап согончогу менен башын ныгыра басты. Чубалган дене түйүлүп, улам жыйрыла токочтонуп, туш келди куйругун чапкылай берди. Башын бошотууга далбас уруп, бирде түйүлүп, бирде анын бутуна оролуп туйлай берди. Бишкек эңиле, куйруктан колуна орой кармап, колун күүлөп, айландырып-айландырып жерге чапты. Башы айланган жылан денесин жыйрууга алы келбей сулк жерде жатты. Чагып, тиштеп алууга дарманы келбеген жыланды бала баатыр каалагандай эрмектеп, жерге чапкылап башын ташка жанчып, денесин алыс ыргытты да, уядагы балапандарга келди. Байкуш эне чымчык адам баласынын жакшылыгына ыраазы болгондой, чочуласа да алыс

кетпей, өз тилинде чырыйттап, ыраазылыгын билдиргенсийт. Жакындаган шыбырттан улам, ак күп, сары ооз балапандар, жем күткөндөй ооздорун ачышат. Өз ишине өзү ыраазы болгон Бишкек алыш башындагы сууну жыгып, кайра келсе, Соломо аны күтүп отуруптур.

-Мынча неге кечиктиң? Алышты суу жеп кетиптирби?

-Жок. Бир жылан кезигип, аны менен алышып жаттым.

-Алышканы эмнеси? Өтө эле алп бекен?

-Алп дале эмес. Ийинге кирип баратканда, куйругунан тартып, сууруп алдым.

-Ийинге баш баккан жыланды эч ким сууруй албайт.

-Мен суурудум.

-Эмне, ийин омкорулуп кеттиби?

-Ооба, омкорулду эле, башымдан айландырып, эсин оодарып, жерге чаптым.

-Өлтүрдүңбү?

-Ооба.

-Ийинге кирген жыланга эч ким тийбейт. Ал сенден качыптыр. Жеңилгендиктин белгиси. Тек койбопсуң.

-Байкуш балапандарды сормокчу болгонунан улам, азабын колуна берейин дегем.

-Ийинден сууруп алганың жакшы болуптур. Эгер сууруй албасаң, ал сенин болгон күчүңдү, өзү менен ала кетмек экен.

-Анда, жыландын күчү менде калдыбы?

-Аны эми, ишиңден көрөбүз.

-Кантип?

-Жылан жан-жаныбарлардын алпы, эң бир акылдуусу деп да айтылат.

-Акылдуу болсо эмнеге балапандарды сорот?

-Жаратылыш ошондой. Бири-бирине жем. Адамдар деле, кайберенди тутуп, атып жеп жатпайбы.

-Жыландын акылмандыгы кайсы?

-Жылан жакшылыкты баалап, «Мага эч ким тийбесе, мен да эч кимге тийбейм» дейт экен.

***

Мөңгүнүн тиш какшаткан муздак суусу, аңыз бетине тегиз жайылып баратты. Курт-кумурска, чегирткелер дүрдүгө, кургак тарапка сүрүлүп, аңыз четине качып чыгышты. Саратандын сары күнүнүн аптабына какталган топурактардагы таштай каткан кесектерге, суу сиңип, заматта бошошо балбырайт. Аңыздын сууну

кана ичкен тарабындагы буудайлардын баштары түзөлүп, чирене көккө боюн созгонсуйт. Заматта эле билине калган көрүнүшкө таңданган Бишкек суунун ар бир өсүмдүккө кан, кубат берген касиетине суктанды. Көрсө, дыйкан иштеткен талаасына, андагы эгинге сырдана болуп, кайсыл мезгилде суу талап кылып, кай учурда отолуп, кам көрүлүшүн сезет тура. Талаа менен дыйкандын мамилеси, бири-биринин туюнуусу аркылуу гана түшүм жараларын билди. Адам кайсыл гана ишке болсун жан дили менен аракеттенип, ага берилип, мээнет кылса, анын кайтарымы мол болоорун түшүндү.Демек, жашоодо көңүл коштук, жалкоолук менен ойлогон ойго, умтулган максатка жетүүгө болбойт экен.

Арадан көп күндү өткөрбөй Соломо инисин ээрчитип алып, орокко түштү:

-Биссимилларахманиррайым, ата-бабадан калган ырым. Баба дыйкан өзүң колдо! Маңдай терди төгүп, ак эмгекти аябайлы. Аңыз бети берекелүү болсун! Түшүмүбүз мол болсун! Кырманыбыз данга, дасторконубуз нанга толсун!-деп тутамына толгон паяга орок тартты. Заматта токумдай жердеги паяны оруп, боо байлады. Агасынын ар бир кыймылын аңдып, астейдил көңүл бөлгөн Бишкек ал эмне кылса ошону кайталап, алгачкы жолу орок тартты. Соломондун он тутамдагы паясы бир боого толуп, анын бели кырча байланып, боо тикелене тигилет. Тим эле колу-колго илешпейт. «Шырт-шырт» эте, орок тартылган сайын аңыз жыты, буркурап, даны толо баштарын ийген паялар, саман тыгылган каптай тикелене тик турат. Заматта эле токумдай, анан шалча бетиндей эгин орулуп, тикеленген паялар көбөйө берди. Бишкек паяны тутамдап тартканы менен бирде этектеп, бирде бел курчоосунан оруп, кээде тутамынан ашкан машак чачылып, оргон жери жаз алдындагы тагы түшпөгөн тайдын жонундай ала чокул көрүндү. Агасынын оргон жерине, өзүнүн оргон аянтын салыштырып уялды. Анын ар бир кыймылына көз кырын салган Соломо, алгачкы жолу орок оруп, боо байлаган кыймылына киришпей көпкө чейин тек койгон. Улам эңкейип, кайра тура кала, бели талыган Бишкек, ысыктын күнүндө балбалактап терлеп, бирде маңдайын аарчып, бирде тутамдап койгон паялары чачылып, жүдөп жаткан. Анын ар бир аракетине көз салган агасы бир солду башына чыгара кайрылып келип:

-А де! Ишиң илгери болсун!-деп, инисине кубат бере, тамашалай кетти. Орокчу эгин оруп жатканда турбайт. Көп тике турса, бели талыма болуп калат.

-Өзүң деле боо байлаганда туруп жатпайсыңбы?

-Боо байлоо, дыйканга эс алганга барабар. А сен боо байлабай эле оро берип, белиңди талытып алыпсың.

-Сенин оргон жериң устара тарткандай тегиз. А меники эмнеге андай эмес?

-Сен бир калыпта орок тартпай, кээде тура кала, кээде эңкейип оргонуң билинип, ала-чокул болуп жатат. Орокчулар жалкоону оргон жеринен билип алышат. Сен жалкоо атыкпайын десең, баш көтөрбөй иште.

-Боо салалбай жатам? Салган боону канчалык бурасам да, чыйыры бошоп, чачылып кетип жатат?

-Ап-бали. Алдын менин жасаганымы баамда. Ошондой кылып көргүн. Эки-үч жолу жасагандан кийин, көнүп кетесиң. Баары тегиз болушу үчүн паяны тутамдаганда чыңай карма. Чың кармалган пая чачылбайт. Машак болбой, тегиз орулат. Тегиз орулган пая, тегиз бооланат. Боолонгон эгиндин баштары ысырап болбосу үчүн башын өйдө каратып, тикесинен тигебиз. Боонун баштары үбөлөнбөс үчүн баштарын кайчылаштыра коюп, алкымынан бири-бирине бурай өткөрөбүз. Орулган паяларды анын үстүнө тегиз койгон соң, боону тартып, тизе менен ныгырып, паянын түп жагын бири-бирине чырмай, бир учун боо ичине кыстарабыз. Эми ыргытсаң да боо чечилбейт. Чачылбайт. Кана, мен айткандай кылып көр!

Бишкек агасы айтып көрсөткөндөй тик турган эгинди тутамдай чың кармап, орок тартты. Улам паяларын тегиздей коюп, бир боого жетерлик болгондо, агасы көрсөткөндөй баштуу буудайларды түбү менен жулуп алып, баштарын кайчылаштыра бурап, боо байлап, паяны тегиз жаткыра, боону чыңай тартып, тизеси менен ныгыра боонун түпкү учун бурап, бир тарабын боого илип койду. Ары чакан, пукта боо кооз боло тикеленди.

-Мына, дитиңди коюп, чын дилиңден жасаган ишиң, ары сарамжалдуу, ары кооз бүткөрүлдү. Ар бир аткарылуучу ишке көңүл коюш керек. Ак дилден жасалган иштин жыйынтыгы кооз да, жарашыктуу болот. Өзүңдүн ишиңе, өзүң суктанасың. Ороктун сырын, боо байлоонун ыгын билип, жарым дыйкан болдуң.

-Толук дыйкан боло элекминби?

-Толук дыйкан болуш үчүн боолорду ташып барып, баштарын ичкериге, сабагын сыртка калтырып үймөктөө керек. Анын себеби, эгиндин башы жамгырда, күндө калбайт. Жанчканга чейин кургак турат.

-Ал иш оңой экен.

-Иштин оңою жок. Сырын билиш керек. Эгинди жанчканга кырман даярдоо керек.

-Кырманга тегиз жер боло берет да?

-Тегиз жер боло бербейт.

-Кандай жер болушу керек?

-Ал үчүн паам-парасат салып, тегиз жерди сугарып, кургаганда топурагын таптап, чыңдоо керек. Эң негизгиси жаратылышты билүү керек.

-Жаратылышты элдин баары эле билет да.

-Жок. Аны чыныгы дыйкан билет.

-Кантип?

-Чыныгы дыйкан күндүн чыкканынан-батканына, түндүн жана таңдын атканын, айдын чыгышын, жылдыздардын толушун так билиши керек. Ал тургай канаттуулардын учуп өтүшүн да эске алат.

-Дыйкан аларды эмнеге билиши керек?

-Кырман тегиз жер болсо эле боло бербейт. Кырманга күнүдүзү ысыктык, эртели-кеч, түнкү, таңкы шамалы керек. Канаттуулар учуп-конуп талабас үчүн ачык, жайык жер керек. Жырткыч куштар-кыргый, ителги, ылаачындардан корккон канаттуулар, бак-дарактарга, далдоолорго бекинип, жайык жерге чыгышпайт. Жайык жерде шамал эртели-кеч, түнү аркы-терки жүрүп, кызыл сапырганга жардам берет. Күзгү шамал алтын күрөк. Дыйкандын самаганын аткарат.

-Ушулардын  баарын аткарган адам, чыныгы дыйкан болуп эсептелеби?

-Жок.

-Дагы эмнеси калды?

-Дыйканга саман, топон, бакал кызыл дандай эле керек. Аны иреттеп жыйыштырат.

-Дагы?

-Кызылдын акысын берет.

-Кимдерге?

-Саламчыга, сурамчыга.

-Алар мээнет кылбай эле алып кете береби?

-Чечкор деген ошол. Кызыл кырман. Дыйкандын пейили кырманындай кенен дейт. Алгачкысын жетим, жесир, сагырларга берет. Андан соң «Кырманга береке»! деп, тууган-туушкан, куда-

сөөк келет.-«Малга айрыбашта» деп, байлар келет. Баарына берип бүткөндөн соң, эртеңки жазгы үрөнгө деп, бөлөт.

-Өзүнөчү?

-Өзүнө эң акыркысын алып калат. Жок. Ага чейинкилери да бар. Курт-кумурскага, канаттууларга, ал тургай чычканга чейин унутка калтырбайт.

-Бардыгы эле мээнет кылбай, дыйканды талап кете беришеби?

-Дыйкандын пейили ток. Жер менен сырдашып, берекени сузуп алды. Көз акы деген бар. Үмүттөнгөндөр, назары ач-токтор. Бүтүндөй жер үстүндө жүргөндөр дыйканга келишет. Себеби, берекесин дыйкан жерден алды. Анын кырманына кут түшүп, токчулук уялады. Пейили жер эндей кенен болду. Бардыгынан ыраазычылык алуу сыймык!

Бишкек агасы айткан түйшүктөрдүн бардыгын көз алдына келтирип, кыялданды. Көрсө, адамдар ыраазы болгондо «Дыйкандын пейилиндей пейил берсин!» деп бекеринен айтпайт тура. Жашоодо эң бир кенен адам дыйкан экен. Дыйкандын тарткан мээнети, ак эмгеги гана адамдардын пейилин оңдойт. Жакшылыктын баары дыйканга ортоктош.

Жалкоолукту билбеген, ары ак көңүл, ишти жан дили менен аткарган инисинин пейилине ыраазы болгон Соломон, аны кай жакка болсун өзү менен ала жүрөт. Жумушка көнүксүн, тасыксын. Келечегине жакшы дейт.

-Ор, орокчум! Боо байла,

Жеткиребиз кырманга.

Темин кылып бастырып,

Ыр ырдайбыз, Оп майда!-деп тамашалай, кайра орокко киришти.

Деги эле дыйкандардын арасындагы жакшы салт, бири-бирине кол кабыш кылуусу. Аны «ашар» деп коюшат. Ар ким алынын келишинче тамак-ашын даярдап, чак баштуу болуп көп аянтты оро албай жүдөп, кыйналып калган учурда, жоро-жолдошторун, тууган-уругун жардамга чакырат. Келген көпчүлүк жапырт ишке киришишип, жалгыз адам он-он беш күндө араң бүтүрчү ишти заматта аткарып коюшат. Бул айрыкча дыйкандар арасында адатка айланган. Көпчүлүк бүтүргөн иш ары сапаттуу, ары жыйынтыктуу болуп, тез шаңдуу бүткөрүлөт. Эгин сепкенден тартып, аны сугаруу, оруу жана темин басууда иштин оорчулугу билинбей, оюн-күлкү, тамаша, ыр менен аякталат. Иштин

жүрүшүнө карай ыр ырдалып, дыйкандын мээнети, тарткан түйшүгү, тилеги «Оп майдада» баяндалат.

Дыйкандар жапырт орокко түшүшүп, ишти башташкан соң, адаттагыдай «ашар» башталат. Саргайган сары талаада жандуу кыймыл жүрүп, шаңдуу тамаша, ыр-күлкү жаңырат. Ороктор шартылдап, боолор тикеленип, дан жыттанган аңыз, сырткы чапанын чечкендей жеңилдеп, четтен түрүлө бошой баштайт. Таң эртеңден келгендер жабыла киришишип, түшкө жетпей биринин аңызын бошотсо, түштөн кийин экинчисине түшүп, бир-эки адам жумалап орчу эгинди жарым күндөп бүткөрүп жатышты. Орокчулардын кимдиги орулган аңыздан, боолонгон боолордон, тикеленген паялардан билинет эмеспи. Шамдагай, чапчаң иште-гендер заматта көпкө таанылa түшөт. Ынтымак менен жасалган иш да сарамжалдуу болуп, ар бир дыйкандын маңдайын жаркыта сүйүндүрүп, ыраазылыкка сөз табышпай, берер ашын, ичер суусундугун белендешип, орокчулардын артынан жүгүрүп жүрүштү.

-Айланайын көпчүлүк! Колуңарга береке. Илайым дарт тартпагыла! Көптүн алкышын алып, узак өмүр сүргүлө!-дешип, бүткөн ишке баары ыраазы.

Ороктон соң, бооланган паялар кырманга ташылып,- Соп, соп! деп, кырман бастырылып, кызыл сапырылып, аңыз талааларынын четтеринде кызыл үймөктөр үйүлдү. Жылдын түшүмүнүн молдугуна ыраазы болгондор дыйкандарды алкашып, ак төөнүн карды жарылган берекелүү күз күндөрүндө бири-бирине жакшылык тилеп жатышты.

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

Кыргыз жерлери Иле, Текес, Каркыра, Үч-Алматыны басып алган калмак кошуну улам илгерилей берди. Кыргыз Ала-Тоосунун берекелүү жайыттары көчмөн калмактар үчүн өтө ыңгайлуу эле. Согушууга биротоло тасыккан, барган жеринен ташын талкандап, жолукканын бүлүнтүп, аеосуз чапкан көп калмактарга кадам сайын каршы чыккан кыргыздардын качкындуу колу туруштук бере албады. Миңдеген жергиликтүү эр азаматтар эли-жерин коргоодо душмандын курч куралдарынын курмандыгы болушту. Баскынчылар колго түшкөн жаштарды курал берип, зордоп казактарды чабууга пайдаланышты. Кары-картаңдарды өлтүрүшүп, аман калгандарын кул-күң кылып пайдаланышты.

-Калмактардын кара чабуулун аркалыктар Кара-Кочкордо тосмок болуптур-деген кабардан улам, Аксы аймагындагы эркек аттуулар түгөл аттана башташты. Көбү куралга таңсык. Ар уруудан топтолгон жигиттерди Бишкекке окшогон тың чыкмалар тескеп жүрүштү. Айрымдары калмактар менен кагылышууга катышып, уруштун эмне экенин башынан өткөрүп, тиш кагып калгандар. Көпчүлүгү бирин-экин талаага чыкпаган, уруш эмне экенин көрө элек, боз уландар. Көпчүлүктүн уу-дуусунан улам, дымак байлап, ат куйругун түйүп алып жөнөгөндөр. Өз эрки менен баскынчыларга каршы жөнөгөндөрдү ким тыймак. Бир чети аларга ыраазы болушканы менен экинчи кан майдандагы кагылышууга көптүн сүрөмөсү менен барып, кылыч чаап, найза сунуунун ыгын билбей, бейажал жоо колунан набыт болбосун деген аяныч менен жигит башылар аларды жолдуката дасыктырмак болушту. Көбүнүн узак жолго ат турманы ылайык келбейт. Кийим-кече, жан азыктары чакталуу. Көбүнүн колунда куу союл, долоно, кайың. Темир куралдар аз эле. Көп калмакка каршы туруп, тосконго жараша, ар бири согуш өнөрүнө дасыгып, курал жагынан шай болгондо барбы, жоо колун экинчи келгис кылышмак.

Жардамга жөнөгөндөр тынбай жүрүшүп, беш күн дегенде болжогон жерге жете барышты. Кабактан чыга беришкенде эле, чуру-чуу бирин-бири сүрөгөн үндөр. Кагышкан куралдар. Кан майданда таймаш жүрүп, ары сүр-бери сүр болуп жатыптыр. Сырттан келгендер аркадан кошула кетишти. Согушуп жаткан-

дар жаңы күчтөрдөн шердене түшүштүбү, качыра киришип, умтулуп жаткан душман колун чегинте коюшту. Уруш талаасында чаң көтөрүлүп, тер менен кандын жыты каптап, айбат кыла бакырыкка толгон. Улам тикелешип, кайра сүрүлүшүп, ат өлүгү, эр өлүгү аралаш. Баатырлар сүңгүп кирип барышып, жан-алдары калбай кылычтарын кайсай чабышып, найазаларын шукшурулта бышып, ай балталарын шилтешет. Жан берип, жан алган чабыш канчага созулганы белгисиз. Күн отуруп, кеч кирери менен сээлдеп барып токтоду. Кан менен жин жыттанган майдан талаа өлүккө толгон. Күүгүм талаш эки тарапка бөлүнгөн согушчандар өз кошундары тарапка кетип жатышты.

Кечке жан алакетке түшө кармашкан кыргыз колу ал жерден алыстап тыныгуунун аракетинде, топтолуп жатышты. Тизгиндери тартыла, каңтарылган аттардын күйүккөндөрү басылбай, бышкырып жөткүрүшүп, ооздоруктарын кемирет. Ар кими бөктөрүнчөктөрүндөгү жан азыктарын алып, тамактануу үчүн суу бойлой отурушту. Чарчап-чаалыгуудан улам үн катышпайт. Түнкү жылдыз толгондо каңтарылган аттарынын ооздуруктарын чыгарып, ээрлерин алып, жайдакташа, отко коюшуп, токумдарын жаздана эс алууга киришишти. Бир күндүк кармаш, узак жол басуу, ар бир жоокерге майдан талаада эмне зарыл болоорун эскерткендей болду. Таң дык салаары менен жигит башчылары жоокерлердин даярданышын талап кылышты. Шашылыш аттарын токушуп, куралдарын ала даярданышты. Кармаш кайра башталып, майдан талаасы канга бөлөндү. Куралы шай көп калмак курал жагынан таңкыс, согуш өнөрүнө көп эле дасыга элек жергиликтүүлөргө өктөмдүк кылып, чегинте качырды. Колдун саны азайып, чыгымга учурап жаткан шериктерин көргөн жигит башчылары согуш майданын таштап чыгууга белги беришип, акырындык менен кетенчиктешти.

Эки күнгө жетпеген кан майданга катышкандар согушта курал пайдалануунун, кармаштын ыгын билүүнүн, коргонуунун, чабуулга өтүүнүн, бири-бирине көмөктөшүүнүн бирдиктүү аракетенүүнүн зарылдыгын байкашты. Эң негизгиси машыгуу, кармаштын ыгын үйрөнүүгө көнүгүү керектигин аңдашты. Сүрүлүп барган колдун жарымынан ажырап, жеңилүүнүн ызасынан улам жылдыздары жерге түшүп, кайра кайтышты. Ашуу ашып, эки күндүк жол басып, дарыянын боюндагы түзөңгө келгенде Бишкек ат чалдырып, эс алууну эскертти. Бардыгы аттарын отко коюп, муздак сууга жуунуп келишкенде, уруу топ болгон жигиттерди бир жерге чогултту.

-Жигиттер, биз урушка келип, көп досторубуздан айрылдык. Алардын денесин жерге жашырып, үйлөрүбүзгө кетип баратабыз. Туугандарыбыз жеңиш менен аман-эсен келет деп, күтүп жатышат. Биз аларга кубаныч эмес, кайгы-капаны угузабыз. Бул иш баарыбыз үчүн оор. Көптөгөн үй бүлө уулунан, ини-агасынан, атасынан ажырап отурат. Бул да болсо согуштун кесепети. Согуш эч кимди аябайт. Анын акыры өлүм.

Биз өз эли-жерибизди коргоого, баскынчыларды келген жагына кубалап келтирбес үчүн күрөшүп, жатабыз. Күрөшүбүз адилет. Адилеттик дайыма жеңет. Демек жеңишке жетиш үчүн ар бирибиз согуш өнөрүн так билишибиз, күн-түн тынбай көнүгүү зарылдыгына маани беришибиз керек. Согушта өлүш үчүн эмес, жеңиш үчүн кармашабыз. Бүгүндөн баштап согуштук өнөрдү терең өздөштүрүп, чыныгы жоокер болууга көнүгөбүз. Буга макулсуңарбы?

-Маакулбуз.-Жоокерлер бир добуштан кыйкырышты.

***

Кеч кирип, жигиттер жуунуп, сергишкенден кийин,чогуу тамактанышып, ортодогу алоолоно жагылган от боюна келип жатышты. Аларга Аксы аймагындагы куйма кулак, ары сөзмөр аксакалдардын келгендиги маалым эле. Керээлден-кечке балдарынын машыккан оюндарын көрүшүп, согуш өнөрүн окуп, жоокердикти үйрөнүп, дасыга баштаганына күбө болушкан карыялар Бишкек менен Соломонун аракетине ыраазы. Такшалткан түйшүк, катуу талап болбосо, казатка карай аттануу опурталдуу. Душман аябайт. Канчалык чабандес, баатыр болсо да, колундагы камчы, куу союлу менен албарс кылычка, ажал самаган ай балта, найзага бет келүү кыйын. Канчалык айла-амалга салса да, куралдын иши курал. Аны жакшы билген уста Соломо менен анын шакирти Бишкек аска аралап темир таап, тоолор кезип көмүр алып келип, курал согуп, көбүн камсыз кылышты. Эл да алардын тарткан мээнеттерин, кылган эмгектерин баалашып, айткандарын айткандай аткарышууда. Көптүн башын бириктирип, эл жерди коргоого болгон аракеттеринен улам, ынтымакташып турушат. Ынтымактын шарапаты менен элди коргоор жоокерлер тарбияланды. Элдин тагдыры ушулардын колунда.

Ар бир жигиттин карааныа кагылып, сүйлөгөн сөзүнө, шамдагай кыймылдарына ичи элжиреген карылар ыклас кое тиктешип, бирөөсүнүн кабагы бүркөлүп, санаа чеккендерин көрө алышпады. Баарысы шайыр, шатыра-шатман. Эртеңки жоо менен беттешип, өлүмдү эске алышпагандай. Бул да болсо жакшылыктын

белгиси дешип, ар биринин кыймылын, баскан-тургандарын ырым кылышат. Ичтеринен жаратканга жалынышып, эр азаматтардын өмүрүн, эртеңки жашоо, бак-таалайларын тилешет.

Аксакалдардын алдында ар кандай сөздү айтуудан айбыккан жигиттер кимден, кандай сөз чыгарын күтүшүп, төр тарапка ыклас кылышат. Бир маалда ортодогу Жолочу карыя сөз баштай кетти.

-Ко-ош. Кеп угалы деп келгениңерге ырахмат. Кеп кадырын баалаган азали кем болбойт. Илгерки аксакалдар айтып калаар эле. «Кеп бак, ой жыйна» деп, кезинде, аны түшүнбөпбүз. Кепти кантип баксын дечүбүз. Көрсө, кептин мааниси тереңде экен. Кеп билген киши дилди билет. Дилди билген киши, аңгемелешкендин кимдигин билет. «Жылкы кишинешкенче, адам сүйлөшкөнчө» деген макал айтылат. Сүйлөшүп, сырдашкан жакшы.

Кызыккан сурооңор болсо айткыла. Билишимче жооп берейин. Билбегенди билгендер толукташсын. Ар бир адам баласы өзүнүн туулган жерин, ата-тегин так билиши милдет. Мына өзүбүз отурган Чынжыр Буба, Аламайдан деген качандан, эмне себептен айтылып калды. Аксыкент, Чанач-Ата, Касан эмнеге айтылып жүрөт? Ушул сөздөргө парасат салдыңарбы? Ар бир сөздүн терең мааниси, тарых, таржымалы бар. Аны биле жүргөн жакшы болот. Кийин балдарыңар сурап калышы мүмкүн. Жооп бере албасаңар уят иш.

Отургандардын арасынан бирөөсү суроо узата кетти.

-Абаке, Касан деген адам атыбы, же жердин атыбы?

-Аб-бали. Суроoңо жооп берейин. Баарың угуп тургула. Илгертен ата-бабалары мекендеген тоо ичиндеги айылдарда, уул үйлөп-кыз берип, той кылган, күндөлүк тиригилигин өткөрүп, бейкам жаткан тоолуктардын тынчтыгын бузуп, капылеттен жоо басып кирди. Тоолуктар турак алган жерлерин таштап, бийиктеги аска-зоо арасына көчүп кете башташты. Андан башка айла жок. Эптеп урпактарды аман сактап калуу керек. Алыскы аймактарга көчүп кетишкени менен жаштарга күндөлүк тиричилигине кийим-кече, буюм-тайым зарыл эле. Адаттагыдай келип-кетип турган кербендердин жолун, жоо тосуп калган. Башкалар менен байланыш жок. Мындан кийинки жашоо кандай болот? Туюусуздан басып киргендер кимдер? Кайдан келген жоо? Эмне максат менен келишти? Убактылуу жашап турушабы? Кете турган түрү барбы? Ушул суроолорго такалган элдин көңүлүн алууга, айылдан чыккан атактуу баатыр Абан эр жүрөк жигиттерин жоо сырын тартып, абалдарын билип келүүгө жөнөттү. Бир нече күндөн кийин алардан кабар барды.

-Басып кирген жоонун кимдер экени белгисиз. Саны көптүгүнөн алардын канча экенин билүүгө болбойт. Бирок, баштарына бука мүйүз чопкут кийишип, оор жарактары курч, найзалары узун, салаңдаган оор кылычтарды тагынышып, күлүк аттарды минишип, ары-бери чапкылап жүрүшөт. Кеткидей түрлөрү жок деп, билдиришти.

Андан көп өтпөй:

-Жоонун санын билүү кыйын. Ээлеген жерлерине чеп куруп жатышат. Аймакты турак кылып биротоло ээлегилери бардай-деген маалымат келди.

Жоонун оңой эмес экендигин туйган Абан баатыр кыш кирип келгенге чейин жоо менен бир жаңсыл болууну ойлоду. Болбосо, эл эңкүүлөп, кыштоого келсе, көп кол билдирбей келип баса калып, тукум курут кыла кырышы да мүмкүн. Бу күнгө чейин көптөгөн элди-жерди тебелеп-тепсеп, талкалап, көбүн баш ийдирди. Тоолуктардын жерине келип, биротоло турак кылгыдай түрлөрү бардай. Аркы-беркини калчап, көп ойлогон Абан баатыр «Жым көлдөгү» Азирети-бабага кеңешип, жоонун сырын, санын билип берүүсүн өтүндү.

Качандыр бир кезде Азирети баба жер кезип келип, ушул аймакты жактырып, турук алат. Коогасы жок, тынч тиричилигин өткөрөт. Күндөрдүн бир күнүндө, эртели-кеч ат дүбүртү тынчтыкты бузуп, котологон кошуун төмөн агылат. Андан көп өтпөй эле сээлдеген кол кайра кайтып, өр таянат. Андан кийинки күндөрдүн биринде, дымактуу кол сап тизип, жолдон өтөт. Азирети баба боолголоп, баарын түшүнөт. Аңгыча болбой арып-чаалыккан жоокерлерин баштап, тоолуктардын жоокер башчысы алыстан келип, тоо тарапты өрлөй өтүп калат. Анын айтуусуна караганда, алыскы бир тараптан саны белгисиз көп душман келип, тынч жаткан элди-жерди басып, алымын алып, салыгын салып, түрдүү талаптарын коюп жатыптыр. Жергиликтүүлөр баскынчыларды ыйык ата конуштан, өз жерлеринен кубалап чыгуу аракетинде, жабыла каршы туруп, кол топтоп, кошуун түзүп, бет келише жалтанбай кармашка чыгышыптыр. Бирок сан жагынан да курал жагынан да, артыкчылык кылган душман менен күрөшүүдө көп чыгымдарга дуушар болушат.

Азирети баба өз Ата Журтун коргоого аянбай, өмүрүн берген жоокерлердин денесин өзү турган жерге алып келип кое баштайт. Курман болгон жоокерлер көп болгондуктан жалгыз үлгүрбөйт.

Ортодогу өркөчтөнүп агып жаткан дарыянын аркы өйүзүндөгү жашап жаткан инисин өзүнө жардамга чакырат. Тоодон октorула, күпүлдөп аккан дарыянын шарынан эч нерсе угулбайт. Тентектенген дарыяны карап «Жым бол!» дейт. Эмелеки буркан-шаркан түшкөн дарыя, буйлаланган төөдөй «жым» боло түшөт. Ошондон баштап ал жердеги дарыя «Жым көл» аталып калат. Кан майданда шейит кеткен жигиттердин денеси коюлган жай кийин чоң мазарга айланат.

Эч бир жанга зыяны жок, ары карыпка окшогон карыя жоо жайгашкан жайга келип, эптеп жан сактап, күнүмдүк жашоосун өткөргөн пендеге окшоп басып жүрдү. Караса, ушул күнгө чейин баскынчылар менен кармашып, туткунга түшкөн көптөгөн карыптарды ишке салып, энине эки араба кенен бата турган чеп салдырып жатканын байкап, жоонун кете турган түрү жоктугун билди. Күндө жоокерлердин жанын койбой машыктырып, ким менен болсо да беттешүүгө даярдап жаткандыгын түшүндү. Аскер башчысы Касандра аталып, башка динди кармашарын өзүнө келгендер аркылуу билдирди. Азирети бабанын кабары менен тоолуктар кайрадан кеңешке чогулушту.

-Жоо биздин жерди турак кылгысы келсе, айлабыздын кеткени. Ата-бабалардан калган салт өзгөрөт. Өзүбүздүн каадаларды кармана албай калабыз. Жерибизди тарттырсак, аларга көз каранды болобуз. Ата-конушубуздан айрылсак, башкаларга келгин аталабыз. Душман омок ала элегинде, бир тийишип көрөлү. Жадаса кетишет. Көп колу менен үстөмдүк кылып баратышса, аркага чегинип, тоо-токой аралатып барып, күчтөрүн бөлүндү кылалы. Кыргыздын эне-атасы тоо. Тоо бизди калкалайт-деди, Абан баатыр элине кайрылып.

«Айлаң кеткенде Абанга бар»-делип, элинин ишеничине ээ болгон баатырынын айтканына эч кими каршы чыкпады. Абан баатырдын өзүндөй эр жүрөк, кайра тартпас, ары ак көңүл, эл үчүн кызмат кылар: Мамен, Оболбек, Мискен, Асан деген төрт уулу боло турган. Алар да өз алдыларынча жигит курап, элди сактоодо аталарына тирек болушчу. Төрт уулун жигиттери менен төрт тарапка бөлүп, Абан баатыр негизи күчтү өзү башкарды. Эки уулу буктурмага түнү менен жетип, жоонун чабуулун тосмок болду. Бир уулу чалгынга чыгып, жигиттери менен жоо колуна тийиштик кылат. Бир уулунун колу душман алга карай сүрүлгөндө качырткы салып, болжогон жерге жете келишет.

Жоо колунун башчысы Касандра да оңой адам эмес эле. Эчен жолу машыгып, эчен жолу согуштун алааматын башынан өткөрүп, жеңилүүнүн ызаасын, жеңиштин кубанычын эчен жолу тартып, өтө илекер, өтө куусуна айланган жан эле. Деги эле адамзаты согуштук өнөрдө болбосун, же жөн жай эле тиричиликтеби, эч убакта душманын алсыз, зыян кылбайт деп ойлобойт. Абан да, анын эр жүрөк уулдары да, кайдадыр бир тараптан келген жоо колун өтө эле коркунучтуу, өтө каардуу, залим деп сезишти. Канткенде да жакынкы эле аймактардан эмес, те дүйнөнүн бир четинен, ата-бабаларынан бери билип, укпаган тили, дини бөтөн, өңү-түсү башка жоо келип, жергиликтүүлөрдү тоготуп да койбой, баскынчылык кылып, биротоло турак алганга сепил куруп жатышы, ниеттеринин бузулганы эле. Ала-Тоо аймагы, бейиштей берекелүү, азыгы мол. Аймак кимдерди гана кызыктырбаган. Анын баарын Абан баатыр билип, балдары баш болгон жоокерлери менен кеңешип, бүтүмгө келди.

Тоо тараптан сүрүлүп келе жаткан Мамендин колун Касандранын дайындуу жайга жайгаштырган чалгынчылары эчак эле байкашып, жетекчилерине жеткиришкен. Эки кол алгачкы жолу Ажыдар дөңдө кездешти. Жердин шарты жергиликтүүлөргө дайын болчу. Ал бекеринен Ажыдар дөң аталган эмес. Тегиз аймактын орто тушунда билинер-билинбес дөңсөлөрдөн кийин кадимки ажыдар сойлоп өткөнсүп, түп тарабы терең, ийри-буйру болуп, узата кеткен аңдын эки тарабы тең, ат өтө алгыс бийик жар. Аны көргөндөр гана билбесе, ал жайда болбогондор, аңды да, дөңдү да аңдашпайт. Коркунучтуу экенин туюшпайт.

Мамен баштаган колу менен алыстан караан көрсөтүп, душмандын чагын билип, сүйлөшүүгө келгенге чейин, илгерилебейбиз деп турушкан. Көптөн бери каршы чыккандар менен кармашпай бук болушканбы, же карааны көрүнгөн жоо болсо ташын талкан кылып, тебелеп кеткенге көнүшкөнбү, этек тараптан уюлгуган чаң көтөрүлүп, катуу жүрүш менен келе жаткан көп аттын дүбүртү угулду. Тоо тараптан соккон шамалдын эпкининен улам, темир курал-жарактары кагылышып, зоот кийимдери күнгө чагылышып жарк-журк эте, айкын көрүндү. Аттарын текирең-таскакка салышып, жетээри менен жапырып киришчүүдөй катуу келатышты. Жергиликтүүлөрдүн колу аларды утурлап чаап-чыкпай, чабуулга өтүп сүрүлбөй, камырабай турду. Өздөрүн тоготпогонсуп, аркага качып да койбой, мисирейип турган

жергиликтүүлөргө эң алдыда келе жаткан Касандранын Искөбүл баатыры кыжыры келдиби, колун өйдө көтөрүп:

-Чабуулга!-деп белги берип, атын чаап жөнөдү.

-Аң четинде турган жергиликтүүлөр, көз боегондой, ордуларынан жылт коюшту. Алардын ордунда коюу чаң калды. Чаң асманга көтөрүлүп, эми гана суюлуп бараткaнда күү менен келишкен жоо колу алдыда терең аң бер экенин туйбай калышты. Тизгиндерин тартууга буямалары келбегендер, биринин-артынан бири аттары менен кошо кулап түшүп, биринчисин-экинчиси былчыйта тебелеп, кум-жам кылып жатышты. Анча-мынча аярлап, ат оозун тарткандарды аркада күү менен келгендер коюп өтүп, заматта эле чабуулга өткөн жоо колунун жарымдайы жардан набыт болушту. Жардын экинчи четинде бир да чыгым тартпаган жергиликтүүлөр аларды сурдана тиктеп турушту. Жоо чабуулун улантып, терең аңдын баш-аягына жеткиче, жергиликтүүлөр аркайган тоо ичине житип, караандарын да көрсөтө койбостугун билген душман колу, тоолуктардын миңген атына, кармаган куралдарына, кийген кийимдерине кызыга карап тим болушту. Мамен баатыр ат тизгинин буруп, колу менен жай гана жылга-жыбыттарды аралай сиңип кетти.

Жоонун сырын терең билишпесе да, ат улоо, курал-жарак, кийген-кийимдерин байкоого алышкан тоолуктар дагы бир тийишип көрмөк болушту. Эптеп тынчын ала беришсе, жадаган жоо орун которуп, башка бир жакка кетер деген ой менен даярдыктарды көрө башташты. Абан колун экиге бөлүп, он канатка Мук баатырды, сол канатка Мамен баатырды башчы коюп, жалпы жонунан колду өзү баштап, тоо этектеп келди. Тике беттешип, аламан уруш салууга, колдун саны да, күчү да чектелүү. Амал таап, чептен чыгарып, тоо ичине алып кирсе, тоолуктардын жолу болоору анык. Канткенде да жоону козгоп, аларга каршы турар күч бар экенин, эсине салуу керек болду.Түн бышкан чакта кол аттанды. Бөрү жүрүш менен «Жым көлгө» кирип келишти. Азирети-бабадан бата алышып, таң үрүл-бүрүлдө, чептин маңдайында тизилип туруп калышты. Негизги күч оң-солдо. Абандын баатыр уулдары колдору менен буктурмада. Таң менен кошо жоо да көтөрүлүп, шайма-шай даярдык менен чеп алдында тизилип туруп калышты. Мук баатыр атын ойдолото ортого чыгып:

-Касандра! Касандра!-деп кыйкырып, аны жекеме-жекеге чакырып жатты.

Башчысынын аты аталганына карабай, анын аскер жетекчиси Искөбүл атын темине ортого чыга келди. Учтуу темир найзасын оң колго ала, бет жапкычын түшүрүп, маңдай тарапка үңүлдү. Ат үстүндөгү аскер жетекчисинин тулку-бою темир менен капталган бет кабын түшүргөндө мойну ачык экени билинди Мук аны көз жаздымынан кетирген жок. Аңгыча белги берилип, эки баатыр бири-бирине ат коюшту. Атырыла чуркаган аттардан улам, таңкы желде найзалардан шуулдаган үн чыгат. Эки аргымактын ортолугу улам кыскарып баратты. Абан баатыр менен кошо жүрүп, эр сайыштын эчен ыгын үйрөнгөн Муктун ою-дити душманынын ачык калган кекиртеги. Дал ошол жерди мээлеп баратты.

Эти эмес, бетин да темир менен жаппаган жапайы тоолукту найзанын учуна сайып ойноймун деген Искөбүл, Муктун көкүрөгүнө найза мылгытып, өпкө-боорун теше саюууну самап келе жатты. Ажал каш-кабактын ортосунда демекчи, Искөбүлдүн найзасынын учунан шуулдаган шамал чыгып, каршысындагыны дал көкүрөккө мылгытып аларда карс эте найзасы кагылып, колунан ыргып кете жаздады. Ал шарт эсине келгиче кекиртегине катуу нерсе тийип, күүлөнгөн аттын эпкини менен ат үстүнөн учуп түштү. Искөбүлдүн тагдыры заматта чечилип, ээсиз калган аты кошкура, бет келди чуркап баратты. Эки тарап жабыла, селдей каптап, аралаша кетишти. Карсылдаган найза, кагышкан үзөнгү, чабылган кылыч, карс-карс эткен калканга кошул- ташыл. Эки тарап тең куралдарын чабышып, бирин-бири оморолото сүрөгөн үндөр. Көп колго туруштук бере албаган тоолуктар артка сүрүлө баштаган чакта Мамендин колу жете келди. Алыстан ураан чакырып, каптап кирген тоолуктардын сүрүнөн, душман колу нестейишти. Жанын канжыгага байлаган тоолуктар өлөр-тирилерине карашпай, жоонун алдыңкы катарларын мойсоп жиберишти. Бирок, жоо көптүгүнө салып, тоолуктарды кетенчиктетишти. Сан жагынан да, сапат жагынан да алардын артыкчылыктары айкын билинди. Бирок, тоо этегине чейин жоо сүрүп келишип, андан ары илгерилей алышпады.

Тоолуктар аз болсо да согуш өнөрүндөгү жоонун тажрыйбасын, артыкчылык илелерин байкашты. Аркадан куугун жоктугун билишип, «Жым көлдүн» дайрасына түшүп, жуунуп-чайынышты. Кечки салкында Азирети бабанын арабасын чегишип, каршы-терши кулаган жоокерлердин арасынан өздөрүнүн жигиттеринин денелерин таап келип, шейит болгондорду эртеси кадырлап, аруу жууп, жайга беришти. Тоолуктар көп чыгымга учурашса да, жоонун

колунун көбүн мертинтип, ким экендиктерин аларга билдиришти. Бирок, жоонун көп колу дале кубатынан жазбаганын түшүнүштү. Эрдиги менен даңазаланып, кан майданда канчалаган каршылаштарга туш келсе да, ак жолборстой алышып, өлүм коркунучун эстен чыгарышкан баатырлардын атын, кыял-жоруктарын эли эзелтен эстен чыкыс кылып тоо-ташка, жылга жыбыт, өзөн-сууларгы коюп ардактап аташты.

-Мискендей тирешкен аска дешип, баатырлардын мүнөзүн күндөлүк турмуштарына чагылтып, ал сөздөр кийинкилерге чейин айтылып калды. Тоолуктар таймашуу менен ийгиликтерге жетише албастыгын ойлошту да элдешүүнү көздөштү. Элчи жиберишип, эп келишти. Баары бир, сырттан келгендерге азык таңсык. Баш сурашпады. Мүлк талап кылышпады. Жер менен шыбагалаш болгон элден азык-түлүк ташылып келип жатты. Аккан суунун да аягы болот демекчи, кышка камдалган аштык аягына чыгып, колго караган мал арыктады. Элдин колу жукарып, күн эсеби эсептелип, өлчөмгө түштү. Бар эсеби кышка камдалып, жазгы үрөнгө, андан артканы бышыкчылыкка жетер-деген божомол менен болгон элде артарлык ашыкча аштык калбаган эле. Ал эми тоолукта күзгү күр мал семирип, эркеги согумга союлуп, жалаң эле төл бере турганы калат. Анысы да, кол карабай, жайытта болуп, жаз алды төл бергендиктен, баардын башын эл үзүкчүлүк деп коюшат. Дал ушундай шартта жоо, доо доолап жанды кашайтты. Баягы өлчөмү менен келген дандын, семиз эттин саны да, салмагы да азая башташы, эки тарапты тең кооптондурду. Анын үстүнө этектен эрте баскан күздөн тарта, кар оңор эмес калың жаап, кыш баса калып оор болду. Жаз кечеңдеп, баар башында балпалактаган кар очойто түшүп, кыш кайра келчүүдөй туюлду.

Баскынчыларга байырлаган баардын андан башка иши жоктой, элди-жерди ого эле жүдөтүп жиберди. Улуу кардан улам мал оозу чөпкө тийбей, мурду көк жыттабай, жаактары карышты. Жандык бири-биринин жүнүн жеп, жылкы жаныбар бири-биринин жал-куйругун отоп, бир жумага жетпей ар жерде тырайып-тороюп жатты. Бул алааматтан сестенген тоолуктар үрөнгө деп сактаган аштыктарын, алдын кочушка өлчөшсө, күн өткөрүп алаканга ченеп, үнөмдөн калышты. Балакет келгенде баары кошо келеби, тумоо-бучкактан да, бир тарабы көз боегон уурулар чыкса, экинчи тараптан азуулуу ит-куш күч алды. Эчен жылды табырка кылып, барды-жокту эчен баштан өткөргөн карыялар:

-Үйдө отуруп үйдөй балээге кабылбай, сыртка чыгып тоо таянгыла. Мезгил келди, жер белин чечти. Таш тиштеген тоң кетти. Топурак жибишти. Чөп тамырын таап, өзөк жалгагыла. Кокту-колоттон коомайланып, кырды кырлагыла. Бассаңар каныңар суюлуп, денеңер жибийт. Боюңар сергийт. Адырашман, чырыч чыкты. Ичтейиңдерди тазалап, илешкен илдеттен куткарат-дешип билген кеңештерин беришти.

Баарынан жаманы баскынчылардын ач калбасына кам көрүштү. Ач калышса эч кимди аябайт. Бар-жогуңа карабайт. Басып жейт. Ага канааттанбай тартып жейт. Берген бербегенге карабай, чачып кете берет. Аны эске алган көсөм аксакалдар эптеп убактылуу болсо да баскынчылардын көңүлүн алууга аракеттеништи. Күндө жылкыларды сойдуруп келишип, казан-казан эт бышыртышты. Карынга топуктуу болсун дешип арпа-буудай күйшөтүшүп, жарма кылып беришти. Күн өткөн сайын тамактын өлчөмү тартылып, күндөн-күнгө азайтылып берилишин жактырбаган баскынчылар наараазылыгын билдиришти. Жаратылыштын катаалдыгын, аба-ырайынын татаалдыгын туюнтушуп, абалды түшүндүрүшкөн эл аксакалдары:

-Кыш узарып, жут чыкты. Кол жукарып, азык-түлүк азайып, элди тумоо басты. Силер аскерлериңерди элге аралаштырбагыла! Тумоо жугат, дешти.

Абалды көрүп-билип турган жоо башчылары алардын айткан сөздөрүнө ынангандай болушту. Бирок, аларга жергиликтүү элдин ачка калышы, тумоо-бучкак көбөйүп, андан жабырланышы баары бир эле. Жылкынын этине, арпа-буудайдын көжөсүнө убактылуу болсо да канаттанган душман колу, бир жумадан ашкан соң, жапырт тумоого кабылышты. Жылкынын шорпосун ичип, этин жеп, көнүкпөгөндөрдүн ичи өттү. Ал биринен, бирине жугуп, сепилден чыга жайылып кетишчүү болушту. Ич өткөк али-бери токтободу. Аңгыча ала-телек кар кетип, тоңу чыккан жер бетине шашыр чыкты. Аарчынарга эч нерсе таппагандар, жуп-жумшак шашырды жулуп алып күндө пайдаланышты. Уу чөп аталган шашыр, алардын аарчынган жерлерин күпчөктөй шишитти.

Аскерлеринин кырылып калышынан чочулаган баскынчылардын башчылары ал жерден эртерээк көчүп кетүүгө аракеттеништи. Касан деген сөз ошондон калган деп айтып жүрүшөт.

-Абаке, сиз айткан жоо Искендер Зулкарнайн болуп, ушул Касан, Аксыкентти таштаган соң, Арстанбаптын жаңгагын дарылыкка пайдаланып, анын ооруну айыктыра турган касиетинен

улам, өздөрү менен кошо туулган жерлерине алып кеткен имиш. Ал чынбы?

-Бекер жеринен сөз айтылбайт.

-Анда кыргыз эли байыртадан бери эле ушул аймакты турак кылып жашаганы ырас экен да?-отургандардын арасынан дагы бири, шашыла сурай кетти.

-Бул суроого молдо Иляз жооп берсин. Мага караганда илимдар эмеспи-деди Жолоочу карыя, жанында отурган молдо Илязга карап:

Молдо Иляз ары сөзмөр, ары илимдар киши болгондуктан, көпчүлүк андан сөз талашпайт. Ал санжыра, же өткөн ата-бабалардын тарыхын айтканда, көбүн эсе окуган китептерине таянчу. Анын чоң атасы Сайпидин (Сайф-ад-Дин Аксыкенти) Аксылыктан таалим алып, окуган жана уккан окуяларын кагаз бетине түшүрүп, балдарына мураска калтырыптыр. Ал көпчүлүк учурда балдарына насаатын айтып, окуп билим алууну эскертчүү:

-Жакшы жашайм, дүйнөнү тааныйм десеңер, катты таанығыла. Илим үйрөнгүлө. Мен силерге мал-мүлк калтырбадым. Бирок, алардан кымбат китептеримди калтырдым-деп, куржундун эки көзү толо тапкан, каткан китептерин калтырган экен.

Ал киши Ирандан чыккан араб географы Ибн Кардарбектин «Жолдор жана өлкөлөр китеби», Кыргызстандын жана Чыгыш Түркстандын аймагынан чыккан аалымдар белгилеген Карим Самалы жазган «Ныспалар китеби» аттуу арабча эмгек, айтылуу араб тарыхчысы жана биографы Ибн Халли хан жазган «Чыгаандардын өлгөн мезгили тууралуу китеп», фарсыча Худуд ал-аалам («Аалам дин чектери»), араб тилинде жазылган. «Ийине жеткирилген тарых» аттуу Ибн ал Асирдин эмгектерин, Саид Гардизинин фарсы тилинде жазылган «Зайн ал-ахбар» («Кабарлардын тагнасы») аттуу ж.б араб, фарсы тилдеринде жазылган Жамал Каршынын, Махмуд Кашкаринин, Мырза Мухаммед Хайдардын, Жусуп Баласагунинин «Кутадгу Билиг» («Кут алчу билим») аттуу эмгектеринен өзү кызыккан жерлерин көчүрүп алып, кол жазмаларын калтырыптыр. Анын айтымында мусулман маданияты менен илиминин түндүк Чыгыштагы алдыңкы чеги болгон Баласагун, Өзгөн, Ош, Кашкардан математика, астрономия, медицина адабияттан кызыккан жаштар терең билим алышкан. Абу Наср ал-Фараби ат Турки Сыр-Дарыянын ортосундагы Фараб шаарында түрк аскер башчысынын уулу болгонун, Бухара, Дамаскта, Багдатта окуганын, анын көптөгөн

ойлорун Орто Азиядагы белгилүү ойчулдар ал-Беруни жана Ибн-Сина кабыл алып, пайдаланышканын кеп кылчу.

Аталарынын кымбат белектерин кастарлап катып, кызыккандарга жана да сурагандарга окуп беришип, урпактары атадан балага илимдерин өткөрүп келишиптир. Ата насаатын ардактап кат чийип, илим окуп, кызыккандардын сабатын ачып, дамбылдалыкты кесипке айландырышыптыр. Молдо Иляз да эл арасында айтыла калган окуяларды, санжыра-тарыхты унутка калтырбай китебине чийип, жыйнап келгенине теңтуштары күбө.Ал көбүнчө Жусуп Баласагундун:

«Билим үчүн кол создум тынбай өзүм,
Сөздү сөзгө кынадым кошуп сезим.
Кийик эле түрк сөзү тоодо жүргөн.
Үйрөттүм, үйүр кылдым анын өзүн» деген саптарын көп айтып,

Кыргызстанда туулуп-өскөн Махмуд Кашкарыны, Жусуп Баласагынды мактаныч кылчу.

Билимдар адам, ойлуу баш ийкей отуруп, анан башын көтөрө, айланадагыларды сыдыра тиктеп, сөзүн баштады.

-Бир мезгилде сактар деген эл жашап өткөн экен. Мүмкүн кыргыздар болгонбу. Жети-Суу, Орто Азиядагы сактардын, кыргыздардын, үйсүндөрдүн (усундардын) ырымдары, салттары окшош. Өз доорунда өтө жоокер эл болуп, «Менден кудуреттүү жок» деген Персиянын падышаларынын сазайын колуна берген. Атка минген сак баласы, өзүнүн эли-жери үчүн курман болгонду эрдик көрүп, жанын кыйган. Көчмөн элдер мекенин коргоп, намыс менен жан кыйган адамзатты баатыр деп эсептешкен.

Борбор Азия мейкиндигинде бир мезгилде сак (скифтер деп да аталган) байыркы уруулары жашагандыгы тарыхта белгиленет. Индиялык булактарда турлар, байыры кытайлык малыматтарда се эли деп аталат. Алардын бир тобу бир нече уруунун бирикмесинен туруп Каспий деңизинен жана Узбайдан тартып, Теңир-Тоо менен Иле дарыясынын өрөөндөрүнө чейинки аймакты, экинчи тобу Түндүк Индиядан, Алайдан Ферганага чейинки мейкиндикти ээлеп мал багып көчүп жүрүшкөн. Аларды гректер «скифтер» дешсе, персилер «сактар», ал эми кытайлар «сэ» деп аташкан. Сактар согуш өнөрүн мыкты өздөштүрүп, Байыркы Азиядагы негизги окуяларга катышкан уруулардын бири болгон. Алар чыгыш иран тилинде сүйлөшүшүп, жашоо шартына ылайык мал чарбачылыгы, дыйканчылык менен тиричилик өткөрүшкөн.

«Сактардын өлөрман эле бир койчусу өзүн-өзү бычактап, канжалап, жортуулга келаткан перстердин алдынан чыгат да, муңкана бышактайт.

-Сактар мага көргүлүктү көрсөттү. Бычактады. Силерге жол көрсөтүп, өч алам!-дейт.

Персилер ага ишенишет. Баягы айлакер сак элин сакташ үчүн персилерди чөлгө жети күн адаштырып тентитет. Чыгыш Түркстан, Казакстан аймактарында өзү да өлөт-деп грек тарыхчысы Полнен жазган.

Кыргыздар биздин замандын башталыш мезгилинде Теңир-Тоонун чыгыш тарабын мекендеп турган. Кытай булактары «Яң цинин (кара шаардын)  түндүгүндө Ак-Тоонун жанында» жайгашкан эл катары сыпаттайт. Кыргыздар төөлөстөр сыяктуу эле Түндүк кытайга ооп келген жуан-жуандарга  каршы согушуп, баш ийүүгө аргасыз болушат. Ашина (арслан) түрк уруусу менен кыргыздардын жакындыгы болгондугун Бөрү эненин урпактарынын бири катары Кытай даректеринде белгиленет. Жалпысынан алганда байыркы доордон бери, ары жазуу жүзүндө, тарыхый жыл наамаларда болгон кыргыздар өздөрүнүн узак жолду басып өткөн тарыхында, башка түрк уруулары менен жуурулушуп, Борбордук жана Орто Азиянын бир даалай түрк элдеринин өкүлдөрүн өздөрүнө сиңирип келген.

Айланасын бүтүндөй тоолор каптаган өрөөндө миңдеген жылдарды камтыган тарыхый өсүштү башынан кечирген дыйканчылык өнүккөн мамлекет пайда болгон. Ал жөнүндөгү маалыматтар Кытай булактарында ал Даван, «Бахан» жана «Полоно» деп белгиленип, кийнчерээк кытай тилинде «Фергана» деп чечмеленип, чарбачылыгы өнүгүп: күрүч, буудай, пахта, жүзүм, беде өстүрүшкөн. Атагы алыска кеткен аргымактары бар. Даван элин басып алууга Хан мамлекети алгачкылардан болуп кызыга баштаган. Император У-динин узакка созулган падышачылыгы учурунда Фергана мамлекети оор күрөштү башынан кечирди. Империя басып алган жерлери аркылуу Улуу Жибек Жолунун тоому болгон Даван мамлекетин каратып алууну чечкен. Айтылуу аргымактарды алуу максатында атайын элчилерди жөнөткөн. Ферганалыктар кытайларга аргымактарды сатуудан баш тарткан.

Ферги́нанын курамындагы аймактарда дыйканчылык өнүгүп, эзелтеден түрк тилдерде сүйлөгөн элдер, уруулар жанаша жашап келишкен. Алардын кылымдар тереңинен келе жаткан тарыхый тагдырлары окшош, маданий мурастар жана диний каада-

салттары бирдей. Окумуштуулар (б.з.ч.) миң жылдыктын аягында Ферганадагы көпчүлүк аймактарда Чуст маданиятына таандык дыйканчылык очоктору болгондугун, малчылык, ошондой эле коло менен жезди пайдалануу өнүккөндүгүн аныкташкан. Андан кийин Чуст маданияты алгачкы темир доорунун маданияты менен алмашат. Ал мезгилден кийин тарыхый жана эл аралык кырдаал татаалдаша берет.

Иран аймагында пайда болгон Ахменийлер мамлекети Орто Азияга баскынчылык жортуулдар менен келе башташат. Бир катар түштүк аймактарды каратып, алардын чек арасы түндүктө Сыр-Дарыя боюнча өтөт. Бирок, Фергана өзүнүн көз карандысыздыгын сактап калат. Ахменийлер мамлекетин талкалаган грек падышасы Александр Македондун аскерлери Сыр-Дарыяга чейин жетип, андан ары Ферганаы көздөй жылуусу сактар тарабынан токтотулган. Андан кийинки мезгилдерде түзүлгөн Грек-Бактрия, Кушан империясы түзүлгөндө да, Ферганнын өз алдынчалыгын сактап калуусуна аймактын түштүк тарабындагы тоолуу өрөөндөрдө коңушу жашаган көчмөн сак уруулары себепкер болушкан.

Көчмөн сактарды Искендер Зулкарнайн (Александр Македондук) да чөгөлөтө алган эмес. Зулкарнайндын аскери (б.з.ч IV-кылымдын экинчи жарымында) Персияны багынткан соң Орто Азияны басат. Орто Азиялык сактардан алты саны аман кайтпайт. Бели сынганы тарыхта белгилүү. Грек тарыхчысы Геродот Персияны жеңгенден кийин чаначка падышанын канжалаган башын салып:

-Каалаганың кан эле, эми өлгөнчө той!-деп дарыяга ыргытканын белгилеген.

Жолдуката жолуккандарды кырып-жоюп, талкалап, бүлүнтүп келе жаткан Искендердин көп колу Аксыкентке келип, байырлап туруп калышты.

-Доо доолап, жоо жоолап, көрүнгөндү талкалап, жоо келди!-деп, калаага келген кыргыздар бүлүккө түшүшүп, тоону көздөй кайра качышты.

Качкандарды кубалаган персы аскерлери тоонун этегине чейин жете келишти. Аттары тың, жоого жеткирбеген тоолуктар кайрылып карашса аттары арып, өздөрү чаалыккан, узун найзалуу перстердин карааны ар-ар жерде бирден көрүнөт. Жабыла ат коюшса, бириндеген душманды заматта эле талкалашчуудай. Абалды байкаган тоолуктар ат сооруларын бурушуп, кайра

чабышты. Согуш өнөрүнө дасыккан душмандар куралдары жок жабалактап келгендерди кайра сүрүштү.

Качкан тоолук узак барып кайрыла, аркасын караса, аты арыган, узун найзалуу перс куралын пеш кылып, ач айкырык салып, аркадан жетип-жетпей теминет. Ат тизгинин тартып, жай бастырган тоолук, дене-башын темир менен калкалап, узун найзасын сороктото, ат желдирген персти көрүп, бир топко таңыркайт. Ал жете келип, найзасын сунаарда, тоолук алчыланган атын атырылта, кемер-жарды аттатып өтүп кетет. Аны кууган жоонун аты аңды аттайм-деп мүдүрүлө жыгылганда, үстүндөгү перс талпак эте, учуп түшөт. Ал оңдонуп тургуча тоолук кыргыйдай тийип, башка чаап, найзасын тартып алып, өзүн колго түшүрөт. Жоосунун куралын тартып алып, өзүн байлап, жөө айдап, атын жетекке алган тоолукту көргөн шериктери:

-Бул жоону, кантип жеңип алдың?-дешип, жабыла сурашат.

-Аңды аттайм деген аты мүдүрүлүп жыгылды. Өзү учуп түштү. Барып башка чапсам «пап» дейт. Түшө кала, колун байлап, айдап келдим дейт.

Перси колго түшкөн жер, кийин «Пап» деп аталып калат.

Искендердин аскерлери кай тарапка жортуулга аттанышпасын, дайыма сапка тизилип, ал тургай аламан чабуулга өтүп, кырчылдаган согушта да сабын бузбай салгылашчу. Аны байкаган кыргыз жоокерлери да, Чымыр баатырдын башчылыгында сапка түзөлүп, кармашка көнүгүштү.

Кан майданда кыргыз жоокерлери бири-бирине дем берише:

-Сап кир! Сапка түзөл! Сабыңды бузба-дешип жапырт аттанышчу. Искендердин колу менен кармашууда кыргыздар бириндебей, сапка түзөлүшүп, жапырт чабуулга киришти. Кармаш катуу болуп, тең тайлашкан таймашта көп адам өлдү.

Сабын бузбай күчүн бириктирген кыргыздар жоо колу менен теңдешип, баатырлыктарын көргөзүштү. Ошол кан майдан болгон жер кийин. Сап кир! аталып калыптыр.

* * *

Персиянын падышасы Кир II Мизия мамлекетин талкалап, Жер ортолук деңизинен Индия өрөөнүнө чейинки мейкиндикти ээлеген. Борборлоштурулган кубаттуу Ахмениддер династиясын негиздейт. Башында ханыша Томирис турган сактарды талкалоо үчүн эки жүз миң күчтүү аскери менен аттанат. Адам каны суудай аккан бул кыргында перстер жеңилип, дүйнөлүк бийликке умтулган Кир II өлөт. Ахменид династиясынын кезектеги падышасы Дарий 1

сактарды баш ийдирүүгө жетишип, аларды салык төлөөгө мажбур кылат. Канчалык аракет кылганы менен Ирандыктардын бийлиги Сыр-Дарыядан түндүккө өтө албады.

Кийинчирээк сактар иран элдери менен тынчтык мамиледе болуп, дүйнөлүк ири тарыхый окуя болгон Грек-перси согуштарына катышкан. Айтылуу марафон салгылашуусунда сак атчандары каарман эрдиктерди көрсөтүшкөн. Согуш ишине өтө машыккан сак жоокерлери Грецияны жана Египетти басып алууда перстерге чоң жардам беришкен.

Сактардын тарыхынын кезектеги барагы байыркы дүйнөнүн тарыхындагы белгилүү полководец Александр Македондуктун баскынчылык согушуна байланыштуу. Грек-Македон баскынчылары Ахменид династиясын талкалап, басып алгандан кийин Орто Азияга жортуул жасашат. Македондуктун аскерлери перстер менен сактардын аскерлерин жеңип, Сыр-Дарыянын жээгине чыгат. Бул жерден баскынчалар сактардын күчтүү каршылыгына дуушар болушат. Анткени бул жердегилер өздөрүнүн мамлекетин негиздеп, тиричиликте жашоосун бир кыйла жөнгө салышып, аскердик тартипти чыңдашып, согуш өнөрүнө дасыгышкан. Курал-жарактары боюнча алар грек-македондуктардан кем калышпаган. Чечүүчү салгылаш Сыр-Дарыянын жээгинде болуп, Орто Азия элдери жеңилип калганы менен баскынчылардын күч-кубаты кетип алсырашкандыктан алардын Индияга жүрүшү кечеңдеген.

Александр Македондуктун кол башчысы Селевн өзүнүн жаңы Грек-Бактрия мамлекетин негиздегенде, анын чыгышындагы Антиохия шаары, Өзгөндүн жанында болгон деген божомол бар. Ферганалыктардын кыска мөөнөттө гректерге көз каранды болгондугунан улам, алыскы Грекия менен Кыргызстандын түштүгүнө чейинки байланыш кийин Кытайдан Римге чейин созулган Улуу Жибек Жолунун каттамына өбөлгө болду.

Чыгыш Түркстандан сүрүлүп чыккан йүэчжилер (тохарлар) Теңир-Тоо менен Ферганадагы сактар менен биргелеши Орто Азиядагы Грек-Бактрия падышачылыгын талкалашты. Чыгыш-Батышты ого эле тополоңго түшүргөн, көчмөн элдердин жоокердин өнөрүнө үлгү көрсөткөн сактар акыры алсырап, көп бөлүгү көчмөн боордошторуна кошулган. Ошондогу бир бөлүгү Ала-Тоодо «сак кыргыздары» аталган. Экинчи канаты Алтай тарапка ооп, журт которуп кеткен. Алар азыркы кыргыздардын мекенинде, киндик-каны тамган жери Ала-Тоо, Ысык-Көл, Чүй, Таласта (Талашта),

Орто Азияда жайгашыптыр. Сактардын башын бириктирген Улус деген адам болгон. Андан бери үч миң жыл өттү.

«Сак» деген куштун канаты дегенди түшүндүрөт. Сактар куштун канатын тагынышкан. Кыргыздын эзелки келаткан аңыз, санжырасында байыркы сактар, хуннулар, үйсүндөр, дөөлөстөр, кыргыздар боордош, мамилелеш эл болуп, алардын ордосу Сары Өзөн (Чүй), Асман Тоо (Теңир Тоо), Туздуу-Көл (Ысык-Көл) эле. Бир кезде көчмөн уруулар биригип, сак хандыгына баш ийген. «Кулаалы таптап куш кылган, куюккан жыйнап журт кылган» Улус деген акылман чыгат. Койчунун баласы Улустун көзү өрт, өзү сүрдүү, балбан-эр болуптур. Ал бала кезинде жолборсту жалтанбай барып куйругунан кармап, талпагын ташка жайчу экен. Аны сактар ак карлуу тоонун бийигине алып чыгып, ак кийизге салып, ай туяк чалып ажо шайлашат. Ал кезде сактын ажосу, кол башчылары куштун канатын тагынышкан.

Элин жыргал заманга жеткирген Улустун акылмандуулугу, баатырдыгы эл-жердин бардыгына жетти. Ал жөнүндө улама сөз, дастан чыкты, жомок айтылды. Улус ажо сөзгө, акылмандыкка мааниберди. Эли бейпил жашады, ордосу кеңиди, жайлоосу малга толду. Калктын башы бирикти. Жоосу батынып келе албады.

Акыры өмүр кезегин бербейт экен. Улус ажогода карылык келди. Бел бекчейди, көз чекчейди. Улус картайганын эч кимге билгизбеди.

Журт акылмандары аны жоромодон билер эле.

-Хан картайды. Анын тагын ээлер, татыктуу балдарынан кимбар? Улустун көзү өтсө, анын кашыктап жыйнаганын эси жок балдары чөмүчтөп чачса, элдин ыркы кетмек. Айланадагы аңдыган жоо кыргыздарды тепсеп кетмек.

Санаага алдырган Улус хан өзү менен өзү күңгүрөнүп сүйлөнүп, ойго чөгүп, элден качып, жалгыздады.

-Улус хан кара ооруга чалдыкты-деп, эл оозунда аңыз жүрдү. Анын тажаал, сааттуу аялы эки уулун, кызын ортого чакырды. Балдарынын көзүнчө үн дебеди Улус хан. Аялы балдарына айкырды:

-Атаңардын кейпи ушул. Сүйлөшкүлө. Тагын, байлык-бийлигин көзү тирүүсүндө, силерге тегиз бөлсүн. Айткыла.

Хан унчукпады.

-Ооруп калыпсың. Бакшы чакырайын. Эрте дарылан-деди улуу уулу. Башкалар да аны колдошту.

-Мен асан кайгыдамын, балдарым-деди хан сөзгө келип-Кумга ойногон куландарымдын ал-жайына кейиймин. Ошону эстесем дартым күчөйт.

Балдары атасынын каймана айткан сөдөрүн түшүнүшпөдү.

-Атабыздын оорусу ашынган экен-дешти.

-Каймана сөз менен түшүндүрө албадым. Балдарыма башкача айтайын деп өлөң чыгарды хан:

«Аласкан Кең-Сары өзөн, кенен чөлүм,
Азоо бермет, Асман Тоо, Туздуу-Көлүм.
Суусаган кара курттай черүү келсе,
Кан менен сугардым да, каздым көрүн.
Куландар кумга ойногон кантээр экен,
Мага  да жакын калды чиркин өлүм.
Араңдан чыгып калса бир даанышман,
Уяңды бузбас беле, билсе жөнүн»

Улустун балдары эстерине келип, ойлонуп калышты. Эл муюду.

-Айтар сөзүңдү түшүндүрүп, чечмелеп бер?-дешип суранышты калкы.

-Жети табышмак айтам. Кырк күн мөөнөт. Ким жообун тапса, хандыгымы ошого берем-деген хандын сөзүн, эли эп көрдү.

Калың калайык жарданып, Улустун табышмагын тыңдашты.

-Дүйнөдө ким күчтүү?
Дүйнөдө учкул кайсы?
Баатыр деген эмне?
Коркок деген эмне?
Жакшы деген эмне?
Жаман деген эмне?
Жаманга даба кайсы?

Уккан ойлонду. Табышмак эл оозуна тарады. Жер-жерге кабар кетип, Улустун табышмагын табууга көбү аракеттенди.Табышмак менен жашаган сак, үйсүн, дөөлөстөрдөн, кыргыздардан жообун таап, ордого-чаап келген эч ким болбоду. Кырк биринчи күнү хан ордого эл чогулду.

Табышмактын жообун таап, жаңы хан болгон акыманды көрөбүз дегендер котолоду. Акылмандар, баатырлар, чечендер, сынчылар, эмчилер, кол башчылар, бектер, байлар, ырчылар түгөл келишти. Жарым күн табышмактын жообун күтүп отурган хан тактысынын алдына эч бири даап бара албады. Акыры Улус

хандын өз кызы, суйкайган сулуу Салыйман чач мончогун шылдырата басып келди.

-Хан Ата, ушунча элиңден эч ким чыкпады. Табышмакты жандырууга мага уруксат бер?-деп ызат кылды.

-Айтып көрчү, кызым-деди хан кызына мээр төгө.

-Дүйнөдө кутман падыша күчтүү болот. Ага эси бар эли баш ийет. Кыбыр эткен жандуу, жер-суу багынат.

Дүйнөдө учкул даанышмандын сөзү касиеттүү. Даанышмандын сөзү оңбойт. Эл ичинде куштай, булуттай учат, жетилет.

Баатыр деген-хандын чапса оң колу, таянса тоосу. Караламан элинин бакты-таалайы

Коркок деген-эки көзү көр, бактысы шор. Барары ор. Көөдөнү сокур, кулагы керең. Тили дудук, суу алгыс кудук. Иши бузук, элге пайдасы жок, эптеп жүргөн пенде курук

Жакшы деген-даанышмандыктын булагынан суу ичкендерди айтат. Сүйлөсө сөзү эп болот. Жамы журтка бак конот.

Жаман деген-өпкөсүн колуна кармап, көккө ыргыткан шыпыр. Жүрсө көйрөң. Бетинде жылдызы жок. Сөзүндө чындыгы жок. Жүрөгү тетир, кылганы кесир болот.

Жаманга даба жок. Алдайын дейт, алдай албайт. Коркутамын дейт, дарманы келбейт. Карманарга ырысы жок. Айтарга сөзү жок кууураган даракка окшош.

-Улустун кабагы жарк этип ачылды. Хан кызына ыраазы болду. Жардаган эл акылдуу Салыйман кыздын жооп тапканына алкыш айтышты.

Бирок, Улустун уулдары ырк бузду. Улуу баласынын ичи тар:

-Нарк боюнча хандык мага өтүш керек эле. Атам мага ыраа көрбөдү. Кызына тартты-деп кызганды да-Атам табышмактын жандырмагын алдын ала кызына айтып коюптур-деп калкка кайрылды.

-Хандык кызга эмес эркекке, улуусу болбосо, кичүүсү мага өтүшү керек-деп эңсегенин айтып, агасынын сөзүн иниси колдоду. Атасына ичтен наaразы болду.

-Анда, хандын кичүү уулу табышмак айтсын! Салыйман чече алса, хандык ошонуку болсун-дешти, акылмандар калыстык кылышып.

-Он сегиз миң ааламдын энеси ким? Эмчеги кайсы? Он сегиз миң ааламдын атасы ким? Ардагы кайсы?-деп хандын кичүү баласы табышмак айтты.

Жумурай журт үн катпады. Салиман сулуу сөзгө такалган жок.

-Он сегиз миң ааламдын энеси жер. Эмчеги жел. Атасы күн. Ардагы-суу болот деп, такалбай жооп берди.

Эл дуу эте Салиманга жол берип, тең жарыла берди.

Улус хан күн тийгендей, жарк этип:

-Уулдарымдан ата жолун улар тыңы чыкпады, теңирим кызыма акыл бериптир-деп, ичтен тынып, журтуна жарлыгын айтты.

-Калайык, ушул ырыстуу күндөн баштап, Улус кызы Салиман сак, үйсүн, кыргызга хан болсун!

Уккан эл анын сөзүн жабыла кубаттап кетишти.

Боордош элдер биргелешип шайлаган Салиман кызга ак каздын канатын (сагын) тагып, ак кийизге салып, эл хандыкка көтөрүп кетти.

***

Искендер Зулкарнайн Касан шаарын зордук менен ээлеп алып, элге эбегейсиз салык салып, чеп курдура баштады. Колго түшкөн туткундарды иштетип, аеосуз эзди. Ачка калган алсыздарды, оор ишке буюгуп, чаалыккандарды турган жерлеринде чаап салышты. Искендердин андай мыкаачылыгынан элдин баары нааразы коркуп-үркүштү. Падыша ким бирөөнүөзүнө чакыртса, ага бара турган киши ал жерден аман кайтарынан түңүлүп, үй бүлөсү менен биротоло коштошуп кетчү болушту. Бир күнү жергиликтүү адамдардан бирөөнү чакыртып, желдеттерин жиберди.

-Азыр барам-деп, жергиликтүү киши желдеттерди узатып, үйүндөгүлөр менен биротоло коштошуп чыккычакты болбой, падышанын үч желдети, биринин артынан бири келип, шаштырышты.

Акыркысы ачууланып, жергиликтүү адамды дегдеңдете, зордоп падышанын алдына айдап барды. Өзүнүн буйругун маалында аткарбай, улам желдеттерин убара кылган жергиликтүү адамга каарданган падыша аны өлүм жазасына тартмак болуп, кечиккенинин себебин билгиси келди.

-Сен эмнеге, менин буйругумду аткарбай, удаа жиберген адамдарды үч жолу убара кыласың?-деп ачууланды.

-Сиздин буйрукту убагында аткарууга үлгүрбөй калдым, таксыр? Өз күнөөмдү мойнума алам-деди ал, бүжүрөп.

-Менин буйругумдан да, зарыл кандай ишиң бар эле?

-Апамы тургузуп, бетин жууп жаттым эле, улуу урматтуум.

-Экинчи адамды баргызбай келе бербейсиңби?!

-Апамы тамактандырып жаттым эле, азирети падышам.

-Үчүнчүсүн эмнеге убара кыласың?

-Тамактанган апамдын оордун күүп, жумшактап, кайра жаткызып жаткам, эл эгеси.

-Апаңды сенен башкалар караса болбойт беле?

-Жок. Апам карып калган. Башкаларга ишенбейм. Өзүм карайм.

-Апаң өзүн-өзү эптей албайбы? Канчага чыкты?

-Апамын канчага чыкканын, жашын да билбейм.

-Өтө эле карыбы? Кары адам көптү билет.

-Апам өтө карып калган. Өзү баса албайт.

-Эмне, жаткан жайынан тура албайбы? Андай болсо, алып кел!

-Ооба. Тура да албайт. Ар дайым, алдын жумшактап турам.

-Эмненин үстүндө жатат?

-Апам тогуз кабат пахтанын, анын үстүндө тогуз кабат төөнүн чуудасынын үстүндө жатат, таксыр.

-Андай көп жашаган адамдын алдына өзүм барайын-дейт Искендер.

Көп жашап, басууга дарманы келбеген, кары кемпирдин алдына Искендер келип учурашып, суроо берет:

-Көп жашап, көптү көрдүңүз. Деги, жашоодо эмнелерди байкадыңыз? Билгендериңизден айтып бере аласызбы?

-Ооба. Көп жашап, көптү көрдүм. Дүйнөдөгү сук адам согуш менен кыргынды билет. Жакшы адам жакшы жүрүштү, элди сыйлашты билет.

-Көп жашапсыз. Деги, арманыңыз барбы?

-Ажужу-мажужулар согушту жакшы көрүштү. Жашоонун баркын баалашпады.Талап-булап алгандары өздөрүнө буйрубады. Бүтүндөй жерге кетти. Жакшы-жаманды барктабаган, кадырына жетпегендерди көрүп, аттиң деп, арманда калдым. Жаш кезимде, таң эртеде себилген буудай кечке бышып, аны оруп-жанчып, нанын бышырып жечү элек. Баскынчылардын суктугунан, кан төгүлгөн согуштун апаатынан улам, ал топурак жер астында калып кетти. Берекелүү жер кадырын, алтын топурактын баркын билбегендерге арман кылам.

-Кийинки айткан сөздөрүңө ишенбейм-дейт падыша.

-Сен мага ишенбесең, жерди каздыр. Мен жаш кездеги топуракты алдыр.  Чындыкты сага көрсөтөйүн.

Искендер Зулкарнайын көп жоокерлерине жерди каздырып, тереңдеги бир катмардагы топуракты кемпирге алып келтирди. Кары кемпир жер алдындагы топуракты жыттап көрүп:

-Дагы он күн каздырып, жер кыртышындагы топуракты алып кел.- дейт.

Көп жоокер жерди он күн казып, катмар алдындагы топурактан алып келишти. Кемпир ал топуракты колуна алып, жыттап көрдү да:

-Кочушка ченеп, топуракка таң эртеңден буудай сепкиле!

Таң үрүң-барaңда себилген дан күндүн мурду көрүнгөндөөнүп чыгат. Күн жерге тегиз тийгенде майса болот. Түшкө жетпей богок байлайт. Чак түштө дан сүт эм болот. Түш оой бергенде сарала, дүмбүлүнө айланат. Бешим ченде бышат. Дароо оруп алышып, токмоктотуп, жанчып, дан кылышып, күн отура баштаганда тегирменге тартып, күндүн нуру тоого жашынып баратканда жети катырма нан бышырышат. Кемпир, падыша баш болушуп карап тургандар жаңы дандын нанынан ооз тийишет.

Искендер кемпирдин жалган айтпаган сөзүнө ыраазы болуп, элден алым алганын токтотуп, Касанга куруп жаткан чептин курулушун бүтүрбөй, өз мекенине кайтып кетиптир.

Искендердин жоокерлери курууга камданган коргондун тому азырга чейин бардыгын, көргөн-билгендер ушул күндө да айтып калышат.

Биздин заманга чейинки биринчи миң жылдыктын орто ченинен баштап калыптанган байыркы Паркана, же кытай булактарында баяндалган Даван мамлекетинин өнүгүү доору башталат. Даван мамлекетинин аймагы Фергана өрөөнүнүн чыгыш жана борбордук аймактарын камтып, калкынын саны үч жүз миңге жетип, жетимишке жакын шаарларда жайгашат. Парганалыктардын асыл тукум аргымактары тарых булактарында өзгөчө белгиленген. Мамлекеттин борбору Эрши, экинчиси Гуйшан шаары (Ала-Бука аймагына чектеш) Касан чеби деп да болжолдонгон. Улуу Жибек Жолу аркылуу кытай хан империясы Даванга кол салып, убактылуу карaтат. Кытай саякатчысы жана тыңчысы Чжан Цзянь алгачкы ирет Даван (Паркана) мамлекетине келип, давандыктардын отурукташып, буудай, күрүч айдашып, дыйкынчылык кылып жашашкандыгын белгилеген. Парганaнын айтылуу аргымактарын алууну шылтоо кылып, кытай императору эки ирет Даван мамлекетине жортуул уюштурду. Борборун басып алып, өз өкүлчүлүгүн дайындаган. Кытайлар кайра кеткенде, давандыктар алардын өкүлүн өлтүрүп, көз карандысыздыкты кайра калыбына келтиришкен.

Ферrананын чет жакаларында дыйканчылыкты кесип кылган уруулар менен бирге, жарым көчмөн уруулар (юечжилер) жашашкан. Ошол кылымдын аягында Даван мамлекети Кушан империясынын курамына кирген. Кушан мамлекетинин Фергана аймагынын гүлдөп өнүгүү мезгили, чарбасынын жана маданиятынын жогорку деңгээли тоолуу аймактарда Ала-Бука, Чаткал, Алайда отурукташкан элдердин маданияты аркылуу белгиленет.

Биздин замандын биринчи миң жылдыктын ортосунда Фергана өрөөнү Эфталиттер мамлекетинин курамына кирген. Бул доордогу жарым көчмөн малчыларга таандык Мугхана* деп аталуучу күмбөздөр Фергана өрөөнүнүн түндүк батыш бөлүгүндө, Кармазар жана Чаткал кырка тоолоруна таандык деп эсептелет. Муг уруулары түрк тилинде сүйлөгөн Фергана өрөөнүнүн калкы деп айтылат. «Муг» сөзү калмак сөзүнөн алынган «тоолук эл» дегенди маанини билдирет. Араб уламыштарында айтылгандай тоолордо «жарымы адам, жарымы куш» кейпиндеги адамдардын жашагандыгы жана алардын «муг» деп аталгандыгы туралуу кызыктуу маалыматтар кездешет. Кийин араб аскерлери Фергана өрөөнүнүн Касан шаарына келгенде, жакын жайгашкан тоолорду «каф», ал эми ал жерде жашаган тоолуктарды «муг» деп аташканы белгилүү. Касан шаарынын түндүк бөлүгүндө, ошондой эле Ала-Бука аймагындагы Сафед булан кыштагынын айланасындагы байыркы калаа урандылары сакталган жана аларды жергиликтүү эл «муг дөбө», «корум», «муг таш»-деп аташкан. Мугханаларды курушкан урууларды айрым окумуштуулар эфталиттер менен байланыштырышат. Алардын пикиринде мугханалар отко сыйынуучулардын ыйык үйү катары саналып, алардын түзүлүшү боз үй түрүндө болуп, таштан курулган күмбөздү элестетет.

Биринчи миң жылдыктын экинчи жарымы Түштүк Сибирде, Казакстанда, Орто жана Борбордук Азиянын чек арасында алгачкы түрк мамлекетинин түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө таандык болуп, байыркы түрк доору деп аталат.«Түрк» деген аталыш Кытай булактарында биринчи жолу эскерилет. Согдулар, персилер жана византиялыктар жаңы талаа багынтуучуларын «түрк» деп аташкан. Бул сөз элдин өз аты –«күчтүү», «бекем» дегенди билдирген. «Түрк» дешип алды менен аскердик төбөлдөрү гана аталган. Акырындап отуруп, бул ат көптөгөн тектеш элге өткөн.

Түрк уруусу Борбордук Азия Хуннуларынын чөйрөсүндө түзүлгөн. Алар өздөрүнүн ата-бабалары дешип карышкыр уулу Ашинаны эстешет. Түрктөр жуан-жуан (авардык) кагандыгына баш ийишкен. Жуандар кагандыгы ал учурда Борбордук Азияда үстөмдүк кылышып, Алтайга отурукташкан.

* Мугханаларды (профессор Г.А. Пугаченкова) кыргыз, казак күмбөздөрүнүн алгачкы түрү деп божомолдойт.

Бул жерде түрктөр бай кенди өздөштүрүшүп, темир эритип турушкан.

Аны ушунчалык көп эритишкендиктен жуан-жуандардын салыктарынан да темир менен кутулушкан. Түрктөрдүн чечкиндүү башчылары Асан-шад, Туу жана Бумын кенчилердин, эритүчүүлөрдүн жана усталардын бүтүндөй мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланышкан. Алгач соот кийинишип, атчан аскерлерди түзүшүп, алардын жардамы менен жүз жылга жетпеген мезгил ичинде бүтүндөй алтай урууларын өздөрүнө багындырып алышкан.

Өзүнүн күчүнө жана атчан аскерлерине таянган Бумын бүтүндөй Жунгарияны ээлеп турган жер жайнаган теле элин талкалап, жерин ээлейт. Ошондон тартып түрктөр салык төлөөдөн кутулуп, Борбордук Азияга үстөмдүк кылууга жуан-жуандардын атаандаштарына айланышкан. Аз эле убакыт ичинде түрктөр жуан-жуандарды талкалашып, жеңишке жеткен Бумын «Илик каган» аталып, Борбордук Азияда улуу Түрк кагандыгы түзүлөт. Түрктөр коңшу элдерге, бара-бара дүйнөнүн башка калктарына таанылып, тарыхта өз оордун элей баштайт. Бумын өлгөндөн кийин бийлик иниси Истеминин колуна өтөт. Ал агасы өлгөнгө чейин эле Жети-Сууну, борбордук жана Батыш Теңир-Тоону жердеген оң ок уруусун (он жебе элин) өз ээлигине кошуп алган. Ошондой кийин Истеми «он ууру каганы» аталып кетет.

Эфталиттерге салык төлөп турган Ирандын шахы Хосров Ануширван Истеми менен достошууну көздөп, кагандын кызына үйлөнөт. Шериктештер эфталиттер менен кармашууга катуу даярданышып, жеңишке жетишишет. Эфталиттер талкалангандан кийин Иран менен Түрк кагандыгынын ортосунда салык жана Улуу Жибек Жолундагы соода кызыкчылыктары боюнча каршылыктар пайда болот. Ирандын талкаланышына түрктөргө караганда Согди соодагерлери көп кызыгышкан. Согдилердин башчысы Монишах Истеми каганга Ирандын баштатан жоолашып келе жаткан душманы Византия менен биригүүгө сунуш кийирди. Теңир-Тоого

аттанган Монишах Константинополго келет. Император Юстин II элчилерди кабыл алып, Иранга каршы Истемиге Земарх башчылык кылган элчилерди жөнөттү.

Византиялык элчилер, ошол учурда «Согдулардын жери» деп аталган Талас жана Чүй өрөөндөрүнө келишти. Кайраттуу Истеми башында турган түрктөр чоң ийгиликке жетишип, акыры Истеми каган дүйнөдөн өттү. Кагандын тактысын төрт талапкер талашып, алардын үчөөсү өлгөндөн кийин, Истеминин мурасчысы Тарду Боке тактыга отурат. Бул мезгил ичинде түрктөргө оор салык төлөп келишкен бытыранды кытай Суй династиясына кошулган Иран Гераттын алдында түрктөргө оор сокку урду. Тарду Боке каган өлгөндөн кийин түрк мамлекети экиге бөлүнүп кетти.

Батыш Түрк кагандыгынан Түргөш мамлекети пайда болду. Чүй жана Иле дарыяларынын аралыгын ээлеп турушкан түргөштөр «сары» жана «кара» урууларына бөлүнүшүп төбөлдөрүөз ара атаандашып турушкан. «Сары» түргөштөрдүн уруу башчысы Үч-элиг каган жаңы династиянын негиздөөчүсү болуп, ал Суяб шаарын ээлеп, бийлиги Чыгыш Түркстанга да тараган. Үч элигдин ордун, анын уулу Сакал каган ээлейт. Ошол учурда ага түштүктөн Тан империясынын аскерлери, чыгыштан өздөрүнүн калыбына келтиришкен түрктөр, түштүк батыштан араб баскынчылары коркунуч түзүшкөн. Сакал каган бардык тараптагы коркунучтун мизин кайтарууга аракеттенет. Ал кытай аскерлерин жеңип, андан кийин түргөштөр аскерлерин Орто Азияга жиберишип согдулар менен бирге Бухаранын алдында араб кол башчысы эмир Кутейбу ибн Муслимди камоого алат.

Чыгыш түрктөрү көтөрүлүш чыгарышып, Тан империясынын эзүүсүнөн кутулушуп, эң жогорку күч-кубатына Капаган кагандын тушунда жетет. Ага таянган түрк акимдери өздөрүнүн түрк ата – бабалары Бумын жана Истеми кагандарынын мамлекеттеринин чек араларын калыбына келтирүүгө аракет кылышат. Ага Тан кытайы, Эне-Сайдагы кыргыз жана Теңир Тоодогу түргөш кагандары тоскоол болушат. Чыгыш Түрктөрдүн Капаган каганы аларды таш талканын чыгарат.

Капаган өлтүрүлүп, тактыга анын жээни Билге каган олтурат. Түргөштөр толук көз каранды эместикке жетишип, аларга «кара» уруулардын башчысы Чабышчор Сулук каган болот. Ал түргөштөр үчүн коркунучтуу үч каган менен нике биримдигин түзөт. Ашина урпагынын кызына үйлөнөт. Экинчи аялы Билге кагандын, үчүнчүсү

Тибет падышасынын кыздары болгон. Каган өзүнүн кызын Билгенин уулуна берген.

Багдад халифинин Харасандагы араб мураскорлору түргөштөрдүн түрктөрдөн жеңүлүүсүнөн пайдаланып Согдияны, Тохарстандын бир бөлүгүн жана Хорезмди багындырып алышат. Чабышчор Сулук каган арабдарга каршы бир нече жортуул жасайт. Ага Фергана, Чаш (Ташкен өрөөнү) жана түргөштөр Согдиянын калкынын көтөрүлүшчүлөрүн колдошуп, арабдар жеңилүүгө учурап, Согдияны таштап кетүүгө аргасыз болушат. Араб төбөлдөрү капырларга каршы «газават» (ыйык согуш) жарыялашат. Арабдардын күчтүү армиясы Аму –Дарыясы аркылуу өтүшүп, Бухарага бет алышат. Орто-Азия элдеринин бириккен күчтөрү узакка созулган камолоодон кийин, араб армиясын шаарды таштап кетүүгө аргасыз кылган.

Арабдар басып алган жерлерге ислам динин күч менен кийирген. Сулук Чабыш чоро башчылык кылган түргөштөр арабдарды талкалашып, Харасанга чегинишет. Араб аскерлери түргөштөргө кыйратуучу сокку урушат. Жеңилүүгө учураган Сулук Чабыш чоронун өлүмү түргөштөрдүн кара жана сары урууларынын ортосундагы бийлик үчүн узакка созулган күрөштүн башталышына шылтоо болгон. Бул ички чыр-чатак мамлекетти алсыраткан. Учурдан пайдаланып кагандыктын бийлигин карлук уруулары тартып алган.

«Карлук бодуң» же «үч карлук» (карлуктардын үч уруусу) деген атты Моңгол алтайынан Балкаш көлүнө чейинки Тарбагатай аймактарын ээлеп жаткан көчмөн уруулары аталышкан Карлуктар күчтүү армияга ээ болушуп, Батыш жана Чыгыш Түрк кагандыктарынын чек арасындагы аймакты ээлеп, өтө тынчы жок жана козголоңчу болушуп, Түрк жана түргөш кагандарынын кулашынын себепкери аталышты. Басмыл, Уйгур жана Карлук урууларынын бириккен күчтөрү экинчи түрк кагандыгын кыйратышат. Карлуктардын башчысы «жабгу» наамын алат.

Түргөш кагандыгындагы токтобогон кармашуудан улам, кытай армиясы Чүй өрөөнүн басып кирип, Суяб шаарын ээлеп, кыйратты. Кийинки жылы Чаш (Ташкен) бийлигин кулатышты. Жагдайга байкоо салып турган арабдар Тан империясынын Орто Азиянын иштерине кийлигишүүсүнө жол бербей Зияд ибн Салих башчылык кылган аскерлер кытайларга каршы бет алышты. Карлуктар кытай армиясынын артынан сокку урду. Эки тараптан тең кысымга алынган кытай аскерлеринин элүү миңи туткунга түшүп, жыйырма

миңдейи набыт болду. Ушул жеңилүүдөн кийин болжол менен кытай аскерлери миң жылга Орто Азиянын чек араларына жолой албады. Мунун өзү бул аймакта мусулман маданиятынын өсүшүнө шарт түздү.

Карлук жабгулары Жети-Суудагы үстөмдүктү ээлеп, Ысык-Көл, Талас өрөөндөрүндөгү бийликке ээ болушту. Жүз жылдар аралыгындагы Теңир-Тоонун, Жети-Суунун, Жаңы Чыгыш Түркстандын карлук урууларынын арасында кубаттуу Караханийлер династиясы Орто Азияны бийлеп калды-деп молдо Иляз эки тарабындагыларга карады.

-Дал ушул окуялар жөнүндө менин чоң атам жомок айтып берчү. Эгер өөн болбосо, сиздерге ошол окуяны баян этип этейинби?-деди ортодогу Раушанбек айланасындагылар кайрылып.

-Айт. Айтып көрчү?-дешти көпчүлүк жаалап.

-Аны мен башка карыялардан да укканым бар-деди ал.

-Илгертен бери эл оозундагы айтым ушул күнгө жетиши таң калыштуу. Көрсө, бир кылым башта өткөн окуялардан улам айтылып калган сөз, жомок эмес. Чындык экенине ишенишке туура келет-деп Раушанбек сөзүн баштады.

-Тээ илгери Саруу, Каруу деген эки уруу эл болуптур. Жараткан аларга аябагандай эле бак-дөөлөттү ашыгы менен берген экен. Алар урушарга жоо, айтышарга доо табышпай, бүтүндөй Борбор Азиянын кең мейкиндигин мекен кылыптыр. Кай жеринде болбосун мал көрүнсө, дүнүйө мүлк көрүнсө «Саруу менен Каруунуку» дешчү экен. Ал тургай тоолордогу кайберендер да алардын энчилери аталчу.

-Саруу менен Каруунун мал-мүлкү ушунча көппү? Алар жайыттарды кай жерге чейин ээлешкен?-деп билбегендер таң калышаар эле.

-Күн тийген жердин баары Саруунуку. Ал эми түн тийген жердин баары Каруунуку. Өмүрүң өткөнчө кыдырсаң да, алардын малын эсептеп, түгөтө албайсың деген жоопторду угушат сурагандар.

-Күн чыккан жер кимдики болду экен?-дейт, тандангандар.

-Сунган колун суурулган кылыч кеспеген Саруунуку деген жооп угулат.

-Күн баткан жер кимдики болду экен?-дешет таңдангандар.

-Кармаган колун канжар кеспеген Каруунуку.

Айтылган жоопторго таң калгандар, Саруунун өзүнөн сурашып:

-Күн кайсыл жерден, кантип чыгат?-дешти.

-Күн чыккан жерди көрө элекмин. Чыгыштагы күн чыккан жерди мен ээлешим керек. Ошондо айтып берем-дейт.

Ала-Тоонун оң-сол аймагына, күн чыгыштан, батышына чейин жар салып, бүт элдин иш билермандары, «хан такты»?- деп аталган Терек-Сайдагы ташка чакырып, кара жыйын куруп, элден кеңеш сурайт.

Хан көтөрүлүүчү мезгилге жеткенде, Каруу хан тактынын үстүндө турган эле.

-Хан көтөрүү, убактысы миң жылдан ашып кетти. Саруу бийдин өзүн кармайлы,- дешти көпчүлүк.

Саруу бийди шап кармап, анын жигиттери мууздап, жиберишет. Эреже боюнча буйрук болгондо, ага эч ким моюн толгоп, же каяша кылып, такаат бере албайт. Хан тактынын алдында он жигит кармап турган Саруунун аккан канына, ак кийизге оролуу келген бир жигитти жылаңач жаткырышып:

-Күн чыгыштын ханы кабыл болду. Чыгыш хан! Чыгыш хан!- дешип, кыйкырышып, кийизди ары-бери силкип, баягы кишини канга оонатышып:

-Эми көтөргүлө! Хан болду!

Хан көтөрүлдү!-дешип, көпчүлүк жабыла кыйкырыкты улап кетишти.

Көтөрүлгөн хандын аты Чыгыш хан! Чыгыш хан!-деп кыйкырып улап кетишти.

Жаңы ханды Каруу бий жабдып, куралдандырды. Ал бүт колу усулдуу адамдарды жыйнап, Токмокто токмок жасатыптыр.

«Токмогу күчтүү болсо, кийиз казык жерге кирет» деп, кийиз казыкты жерге кактырган экен.

-Көрдүңөрбү жигиттер, жомок жөндөн жөн айтылбайт экен. Бир нерсе себеп, же негиз болуп, чындык окуя эл оозунда жомок болуп айтылат тура. Аңыз аягын улайлы.

Байыркы түрк-кыргыз тарыхы чоң күзгүнүн бытыраган сыныгындай чачырады. Ошонун ичинен көбүрөөк бүтүн калганы Эне-Сай доору.

Эне –Сайда калыптанган кыргыз мамлекетинин кадыр-баркы жыл өткөн сайын көкөлөй берди. Ар тарапта чачылган кыргыздардын башын бириктирген кагандары, баатырлары чыгып, дөөлөтү өсүп, аскер күтүп, согуш өнөрүн өздөштүрүп, өркөнү өскөн

эл болуп калды. Көчмөн урууларынын ичинен биринчилерден болуп, кен казууну, темир иштетүүнү билишти. Жер айдап, түшүм алып, дыйканчылыкты өздөштүрүштү. Жоого минчү аттарды короодо, колдо багышты. Кыргыздар күч алган сайын, байлыгы арткан сайын анын жерине көз арткан алыстан-жакындан көбөйдү. Хан ордосу көчмөндүн жайыгы болду. Кыргыздарды акылман, ары баатыр Барсбек каган жетектеп турду. Ал өзүнүн кыргыз элинин кызыкчылыгын коргоо максатында Кытайдын Тан империясы, түргөш каганаты, ошондой эле коңушу уруулар менен биримдик түздү. Алакалаш болуп, барыш-келиш байланыштарды күчөттү. Ошону менен катар мамлекетинин коопсуздугуна кам көрүүнү эсинен чыгарган жок. Кара ниет душмандардын кайдан чыгаарын ким билиптир. Опурталдуу чакта, өзүңө өзүң сак болбосоң, элиңдин тынчтыгына ким кепилдик бере алмак. Андыктан Миң-Суу өрөөнүнө душмандын кирип келүүсүн токтотуу максатында түштүктөн Эне-Сай капчыгайы аркылуу кеткен чоң жолдун боюна, эң бекем чыңдоо курдурган эле. Жайкысын табигый бөгөттүн кызматын эч кимге моюн бербеген, албууттанып, ай чапчыган ары жайык, ары кубаттуу дарыя аткарган.

Илгертен эле ата-бабалар тарабынан ар бир кыш сайын, шибердин катаал-суук шартында, муз үстү менен Эне-Сайдын жээктерин бойлото жыгач устун жана кардан жасалган узундугу бир канча чакырымдарга созулган бийик тосмолорду куруу колго алынган эле. Ал эми жазгы үйөр башталаары менен баягы курган чептин баары сууга кошулуп, агым менен бирге кетчү. Буга өзгөчө маани берген Барсбек каган улуулардын жолун жолдоп, элинин амандыгына кам көрүүнү эсинен чыгарган жок.

Кыргыздар Барсбекти хан көтөрүштү. Айыл аксакалдары Барсбектин башына оюу-кыюуулары алтындан басылган ак калпак кийгизип, мойнуна жибек ороп, белине алтын кемер курчап, шааң-шөкөттөп кийизге отургузуп, катар-катар тизилген калктын кыйкырыгы, куттуу ырлардын коштоосунда, күн багыты боюнча тогуз жолу айланта көтөрүп өтүштү. Ак боз атка мингизишип, хандын элге кайрылган жаңы жарлыгын угушту.

Барсбек бабалары Теңир атага, Умай энеге тегиз сыйынган тектүү жерден тукумунан чыккан эле. Атасынан жаштайынан төрт бир туугандары менен жетим калып, өзүнүн зиректигинен элге аралашып, баатырдык даңазасы өсүп, эрте жетилип, эл оозуна кирген болчу. Кыргыз санжырасына кулак түрсөк, бөрү жатындашын жамандыкка таштай качат. Барс боордошун

таштабайт-дешип кыргыздар Барсбек хан болгондо, ардак наам аташкан.Барсбек сандаган кыргыздарды сай-сайдан чогултуп, күн кеткен кыргызды кыр-кырдан чогултуп, эл кылып бириктирген, жоодон жалтанбаган, кылычынан от жанган, ажарынан нур чачкан алп баатыр эле.

Чыгыш-Батышта эч кимден жалтанбаган түрк билармандары Барсбекке ынанчу Алп Билги деген даража ыйгарышкан. Алар бир чети жалтаңдашса, экинчиси кыйдылык менен аны өздөрүнө тарткылары келишкен. Эне-Сайлык кыргыз кагандарын айла-амал менен Тан империясына чогулуп, сокку урууга үгүттөштү. Акылман кыргыз каганы азгырыкка көнбөдү. Кыргыздардын дүркүрөп өсүп баратканын, ажосунун зоболосуна жана кытайлар менен ымалашканын көрө албай, ичи тарыган түрк каганы Капаган жамандык ойлоду. Карасанатай түрк каганы көк асаба кыргыздарга казатка аттанды. Бирок, жолу болбоду. Кыргыздардын эрдигине Тан империясы ыраазы болду. Алар тарыхый жазмаларында кыргыз эли жөнүндө:

«Кыргыздардын жери жазда суулуу болуп, кышында калың кар каптап жатат. Барып-келиш өтө кыйынга турат. Элдери тоо таянып конуш алган. Алп денелүү, кызыл жүз, коңур чач, көк көз келишет. Адамдары өтө баатыр келип, кошуна элдер коркунуч ичинде турушат. Кундуз, суусар терисинен кийим кийишет. Тамакты колу менен жешет. Салт-санаасы негизинен түрктөр менен окшош» деп суктанышкан.

Айла-амалдуу Түрк каганы Капаган кыргыздар менен убактылуу жарашкысы келди. Кыргыздар аны жактырбаса да, баалуу белек, куш, ат тартуулап, алдын-ала кол куушуруп, жарашканга барды. Түрк каганы кыргыз каганынын алдына түшүп, кан чыгарып, шерттешип, жээни Кутлугдун кызын Барсбекке токолдукка берди. Эки тарап ушуну менен бир топко тынчыгандый болушту. Түрктөр канчалык сырын бек жашырышса да, алардын кыбыр эткени бакан ооздор, куда-сөөктөр, жолоочулар аркылуу кыргыздарга жетип турду.

Чыгыш түрк каганаты өз ээликтеринин чегин кеңейтүүгө умтулган түрк күчтөрүнүн жолун бөгөп гана тим калбай, ошол кең аймактагы күрөштө өзгөчө күч-кубатка жетишкен кыргыз мамлекетинин ар бир кыймылын сая кетирбей пайлап турган. Өз мамлекетинин кубатына ишенген Барсбекке Ынанчы Алп Билги деген ысым татыктуу болгон. Боло жүргөн адаттагыдай салгылаштардын биринде жеңилүүгө дуушар болгон түрк каганы

Капаган Барсбекти тынчытуу жана өзүнө жакындатуу үчүн өзүнүн бир тууган карындашын-канбийкечти ага аялдыкка берген.

Кыргыз мамлекетинин кадыр-баркына жараша күч-кубатынын улам күчтөнүп баратышы түрктөрдү улам кооптондура берди. Каганаттын төбөлдөрү Барсбекке каршы жортуулга күн мурдатан даярдык көрө баштаган эле. Себеби, кыргыздардын конушуна алардын бекем ынтымакты түзүшкөн түргөштөр менен кытайлардан жардам келтирбей, капылеттен жетип, кол салууга үлгүрүп калууга ашыгышкан. Алдын ала иштелген даярдыктар боюнча, өздөрүнүн чабуулунан эки жыл мурун түрктөр кыргыздарга достошкон урууларды Миң-Суу ойдуңунан түштүккө карай жайгаштырышып, Тубанын аймагына чыңдоо түзүп, аны бардык аракеттери менен чыңдай баштаган болчу. Барсбек түрктөргө каршы демилгени колго алды. Ошол кезде түрктөр менен согушуп жаткан Кытайга элчилик жиберген. Түрктөргө каршы биримдикти уюштуруу боюнча Барсбектин аракетин түргөш каганаты да кубаттаган. Чүй өрөөнүндөгү түргөштөргө Эзгене башчылык кылган элчилик жиберилет. Тан империясы жана Түргөш кагандыгы брикмеси түзүлдү. Түрк кагандыгынын ири аскер ишмери Тонукөк Борбордук Азияда түзүлгөн жагдайга: «Табгач (кытайлык) каганы биздин душманыбыз эле. Онок (түргөштөрдүн) каганы биздин душманыбыз эле. Бирок, биздин баарынан чоң душманыбыз кыргыздардын күчтүү каганы болгон»-деп баа берген.

Түрктөр карап отурбай, биримдик түзгөндөргө биринчи болуп кол салып, аларды жалгыздап талкалоону чечишти. Түрктөрдүн кошууну Эне-Сайдын баш жагынан кечип өтүп, кыргыздарды кубаттаган чик жана аз урууларды талкалап, Туваны ээлешип, кыргыздарга чабуул коюуга пайдаланышты. Кыргыздар Тубадан Эне-Сайга капчыгай аркылуу кеткен башкы жол, бийик кар менен тосулган болчу. Барсбек Саяндагы башка маанилүү ашууларды да, ээлеп, толук камсыз кылдым деп ойлогон. Түргөштөр да кытайлар да, өз чектерин гана коргоп кыргыздарды колдоп чыгышпады.

Кышында согуштук жүрүштү Түрктөрдүн башкаруучулары Билге-Каган менен Култегин баштап чыгышты. Алардын аскер жетекчиси, белгилүү кол башчы Тонукөк эле. Мурунтан көрүлгөн даярдык боюнча жол баштоону жергиликтүүлөрдөн тандашып, ал өзү билген тоо чыйыры аркылуу ээрчитип жөнөдү. Алардын багыты адамзаты өтүүгө мүмкүн эмес деп эсептелген ашуу аркылуу жүрүштү тандап алышты. Аттарын жетелеп, терең карга көмүлгөн кууш тоо жолунда жандарын оозуна тиштеген түрктөр

жол баштоочуга ишенишпей өлтүрүп салышты. Акыр аягында көрбөгөн азапты тартышкан душмандар ашууну ашышып, арткы бетке чыгышты. Алар тыным алышпай токтоосуз кыргыздардын конушуна түштүк тараптан эмес, күтүлбөгөн жерден түндүк жактан сокку урушту.

Күтүүсүздөн урулган сокку кыргыз жоокерлеринин арасында дүрбөлөңдү түшүрдү. Антсе да урулган соккуну эр жүрөктүүлүк менен тосушуп, жан аябаган айкашка чыгышты. Өз жоокерлерине кубат берген Барсбек теңдешсиз кармашууда Сунга деген жерде каза тапты. Аны менен кошо жүздөгөн кыргыз жоокерлеринин жандары кыйылды.

-«…Мен түмөндөгөн душман менен тайманбастан кармашып жатып, элимди кыйын күнгө калтырып кеттим» деген арманы таш эстеликке чегилип жазылып кийинкилерге калтырылды. Сунгадагы салгылашуу Эне-Сайлык кыргыздардын тарыхындагы өзгөчө окуя. Биримдик түзгөндөрдүн чыккынчылыгынан аз сандагы кыргыз жоокерлери өзүнөн алда канча күчтүү душман менен беттешип, эрдиктин үлгүлөрүн көрсөтүштү. Жеңилүүнүн олуттуу кесепетинен кыргыздар Борбордук Азиядагы согуштарга катышкан жок.

Жараткан теңир Каардуу түрктөр жөнүндө:

-Менин күткөн аскерим бар. Анын атын түрк койдум. Аны Чыгышка жайгаштырдым. Эгер кайсыл бир эл жиниме тийсе, түрктөрдүн кол алдына ошол элди берем-деп айткан экен.

Түрк кагандыгы Түндүк Кытайды басып кирди. Кол башчысын, аскерин талкалап, аттарын айдап кетишкен. Түрктөр буга чейин Кытайдын түндүгүн беш жолу чапкан эле. Обуру араандай ачылган Түрк кагандыгы коңшуларын басып, талкалап турду.

Түрк кагандыгы кулагандан кийин кыргыздар эркин жашады.

Алтынчы кылымдын элүүнчү жылдары Алтайда көчмөн түрк урууларынын күчтүү мамлекети-Түрк каганаты түзүлүп, алардын Орто-Азияга басып кирүүсү менен Эфталиттер мамлекети кулаган. Улуу түрк каганаты Батыш жана Чыгыш каганаттарга бөлүнүп кетет. Чыгыш түрк кагандыгына Алтай аймагы, түндүк Моңголия, ал эми батыш түрк кагандыгынын карамагына Орто Азиянын ири бөлүгү, анын ичинде Жети-Суу, Теңир-Тоо, Фергана, ошондой эле Чыгыш Түркстан аймагы кирген. Мамлекеттин борбору Чүй өрөөнүндөгү Суяб шаары болгон. Жетинчи кылымдын башында көчмөн түрк уруулары Фергана өрөөнүнүн түндүк аймактарын караткан. Ушул доордо калктын курамы кескин өзгөрүп, Ферганада түрк тилинде сүйлөгөн элдер басымдуулук кыла баштаган. Өрөөн

Батыш Түрк каганаты, кытайлар жана арабдардын өз ара тирешүүсүнүн очогуна айланган.

Аймактын тарыхый өнүгүүсүнүн кийинки мезгили араб басып алуучулары менен байланышкан. Арабдар Фергана өрөөнүн басып алуу үчүн бир нече жолу жортуулдарды жүргүзүшкөн. Ислам динин жетинчи кылымдын ортосунда араб жарым аралында кубаттана баштады. Ислам динини пайгамбары Мухамед жана анын сахабалары жактоочуларынын (аксарлары) таасирлери улам өркүндөдү. Мухаммедди кийинки Абубакир, Умар, Осмон жана Мухаммеддин күйөө баласы Али сыяктуу чарыярлар (Мухаммеддин төрт досу) калпалык кылган доордо ислам дининин таасири кеңейди. Айрыкча Умайа калпалык доорунда арабдар Иран, Афганистан, түндүк Африка, Европанын батыш-түштүк, Орто Азия, Памир тоолорунун аймактарына жортуул жасады. Айрыкча Умайа калпасы Валид ибн Кутейба ибн Муслим Орто Азиядагы, Аму, Сыр өзөндөрүнө чабуул жасайт. Араб Умайа халифалыгы кулатылып, Мерван экинчинин ордун Абул-Айбас ээледи. Беш-жүз жылдан ашык өкүм сүргөн Айбасилер халифалыгынын доору башталат.

Чыгыш Түрк каганатынын каганы Тонукөк, Билги жана Кул-Тегин жетектеген Чыгыш түрк аскерлери Сыр-Дарыяны кечип өтүп, Согду өрөөнүнө барышты. Бул аймактарда түрктөрдүн кошуундары араб кол башчысы Кутейбадан жеңилип, Моңголияга кайтып кетишкен. Арабдар Ферғананын борбору Касанды биротоло басып алышканынан улам жергиликтүү калктын ислам динине өтүүсү башталган. Мухаммед ибн Абдуллах ибн Жарир жетектеп келген араб аскерлери Ферғананын Куба, Наманган, Миң-Булак, Төрө-Коргон, Касан-Сай, Жаңы-Коргондо, өрөөндүн түндүгүндөгү Ала-Бука, Аксы аймактарында жүргөн Сафед булан айылындагы «Кыргын мечитте» жума күнү арабдар намаз окуп жаткан учурда Касан акими Ихшид жана Онгар акими Карванбас өз аскерлери менен чабуул жасап, арабдардан 2772 адамды өлтүргөндүгү маалым. Эки күнгө созулган согуштун жүрүшүндө имам Жарир жеңилип, Касан, Аксыкент аркылуу Мадинага кайтып кетет. Кырк жылдан кийин кайрадан арабдар тарабынан ээленген Сафед буланда Шах Жарирдин уулу Шах Фазил бул жерге келип, шейит болгондордун сөөктөрү кайра көмүлүп, күмбөз курулат. Карванбастын кызы Бу Убайданын Бу Булан аттуу жакын кызматкери болуп, Убайданы имам Жарирге узатканда ал дагы аны менен кошо келген. «Кыргын мечиттеги» кандуу окуяны уккан

Булан согуш болгон жерге келип, шейит болгондордун арасынан өзүнүн жакындарын издеп табууга аракеттенет. Жакындарын таба албай, оор кайгыдан кыздын өңү, чачы, агарып кетет. Жергиликтүү эл аны ыйык дешип, ак-кыз-Сафед Булан деп аташат.

Тогузунчу кылымдарда өз ара, ички чыр-чатактан улам Саманийлер династиясы (негиздөөчүлөрү Түндүк Афганистандагы Балх шаарына жакын Саман кыштагынан чыгышкан) бийликке келип, Фергана Саманийлер мамлекетинин курамына кирген. Саманийлер мамлекети Борбору Бухара шаары Орто Азияны жана ага чектеш аймактарды камтыган.

Аскер күчтөрүн түрк урууларынан чыккан жоокерлер-гулямдар түзгөн. Мамлекеттин гүлдөгөн мезгили онунчу кылымдын биринчи жарымына туура келет. Бул мезгилде шаарлар соода, кол өнөрчүлүк, илим жана искусство өнүккөн. Ош, Өзгөн, Аксыкент ж.б. шаар болуп калыптанган.

Мамлекеттин башкаруучусунун бир туугандарынын бири Ахмат башкарган. Анын байтактысы Ала-Бука аймагынын түштүк аймактарына чектеш Аксыкент шаарында жайгашып, онунчу кылымдарда жалпы Ферганanyн борбору болгон. Ал шаар кийин моңгол чапкынында кыйроого учураган. Кийин анын ордуна Наманган шаары пайда болду. Онунчу кылымдын аягында Саманийлер мамлекетинин начарлыгынан пайдаланып андагы Аму Дарыяга чейинки жерлер ошол мезгилде Борбордук Теңир Тоодо, Жети-Сууда түзүлгөн Караханийлер мамлекети тарабынан каратылат. Анын негиздөөчүсү Чигил уруусунан чыккан Сатух Бура хан теңир тоолук бийлик ээлеринен биринчи болуп ислам динин кабыл алган жана «Абдал –Карим-Айкөл» (Алланын) кулу деген ысымды алды. Ал эми анын уулу жана мурасчысы Байташ (Муса) Караханийлер кагандыгынын расмий дини катары исламды жарыялады. Теңир тоонун түрк уруулары ыктыярдуу түрдө ислам динине өтө башташкан. Мамлекеттин борборунун бири Баласагын* шаары

Онунчу кылымдын экинчи жарымынан тарта караханийлер өз чегин кеңейтүүүчүн эки багытта Исфиджаб (Чимкент) жана Фергана өрөөндөрүнө жортуулдарды жүргүзөт. Фергана өрөөнүнүн шаар-лары гүлдөп өнүккөн. Айрыкча кен казуу өндүрүшү жогорку деңгээлге жеткен. Ала-Букага чектеш Жидгал-Чаткал аймагындагы Шах Фазил күмбөзү. Гүлстан Сафед булан айылындагы, күмбөз Арча тоонун этегинде туюк таштын үстүндө орнотулган. Түзүлүшү жагынан Орто Азияда мындай типтеги курулуштардан кескин

айырмаланат. Күмбөздүн ички дубалдарында түшүрүлгөн курандын сүрөөлөрү араб жана фарсы тилдеринде Баласагын архитектуралык усталары тарабынан жогорку деңгээлде чебердик менен аткарылган.

Сафед булан кыштагынын айланасында жайгашкан эл байыртадан дыйканчылык жана соода-сатык менен тиричилик кечиришип, көчмөн чарбалар менен коңушу турушкан.

*(Чүй өрөөнүндөгү Токмоктун жанындагы Бурананын аймагы).

Бул аймактан өткөн кербен жолу Фергана өрөөнүнүн шаарларын, Теңир тоонун түндүгүндө жайгашкан калктар менен өз ара байланыштырып турган. Фергана өлкөсүнүн ири шаарларынын катарына Заркан, Кербен, Касан, Аксыкент шаарлары белгиленген.

Каракытайлардын басып кирүүсүнөн улам Караханийлер мамлекети кыйраган. Он экинчи кылымдарда Фергана аймагы тунгус моңгол тобундагы көчмөн уруулар-кара кытайлар (кидандар) мамлекетинин курамына кирген. Каракытайлар мамлекетинин гурханы Елюй Даши жетектеген кошундар Жети-Сууга келип, Баласагын шаарын басып алып, аны мамлекеттин борбору деп жарыялайт. Алардын динге кайдыгер саясаты жергиликтүү түрктөр менен тыгыз-чарбалык-маданий алакасын чыңдап, аларды акырындык менен түрктөшүп кетишине шарт түзөт. (Кытай уруусу кыргыз , казак ж.б. түрк тилде сүйлөгөн элдердин карамагында кеңири кездешет.) Кара кытай мамлекети 1208-жылы Чыңгыз хандын аскерлеринен талкаланган. Күчлүк хандын Моңгол-наймандардан куралган аскерлеринин калдыгы Теңир тоону басып кирген учурга туш келет.

Караханийлер доорунда майданга келген атактуу маданият мурасы болгон «Диван лугати ат түрк» деген чыгармада кыргыздар бир канча жерде тилге алынат. Бул чыгармадагы маалыматтарга караганда Караханийлер доорунда кыргыздар эки тайпада Эне–Сай өрөөнүнүн бойлорунда жана Ак-Суунун батыш, батыш-түндүк тарабында, Кашкардын түндүк тарабында, Ысык-Көлдүн түштүк аймактарында жашаган. Кашкарга жакын түндүк тарапта, Талас шаарынын бойлорунда көчүп-конушуп, бак-мөмөлөрдү өстүргөнү, уран деген бир түрдүү эки канаттуу кайык жасап чыгаргандыгы, алардын журтунда булан деген бир айбандын болгондугу жазылат. Булан деген айбандын асманга тик караган бир ичи көңдөй мүйүзү болгон. Кар жана жаан жааганда анын мүйүзүнүн ичине суу толуп калуучу. Эркек булан суусаганда ургаачы

буландын, ал эми ургаачы булан болсо эркек буландын мүйүзүнө толуп калган сууну ичүүчү экен.

Чусттан чыккан Ферганалык Лутфилла шайыктын өмүр баянында кыргыздар Кашкардан башка Ферганага да кол салып турушкан. Кыргыздардын Аксыкент жергесиндеги жортуулдарынын биринде дербиштерге таандык болгон койлорду айдап кетип, андан кийин кечирим сурап кайра беришкен. Башка шайыктар сыяктуу эле, Лутфилла Чисти көчмөндөр арасында исламды

* («Диван лугатит түрк 1т 395-396-бет ).

таркатууга кам көргөн. Анын шакирти Мухаммед деген казак, казактардын арасында гана эмес, кыргыздардын арасында да дин үгүтүн жүргүзгөн. Мындай үгүтчүлөр талааларга да барып турушкан. Алардын таасири астында көчмөндөр ислам дининин ырым-жырымдарын кабыл алуу жагынан мусулман гана болбостон, алар шайыктарды урматташып, аларды олуялар катары сезишкен.

Сегизинчи кылымда Борбордук Азиядагы үстөмдүк уйгурлардын колунда болду. Алар эзелтен бери Борбордук Азиянын талааларында жашаган байыркы түрк тилиндеги элдер эле. Түрк кагандыгы начарлаганда уйгурлар, карлуктар, басмырлардын биргелешкен күчтөрү аны талкалаган. Ошентип көчмөндөрдүн жаңы талаа дөөлөтү-Уйгур кагандыгы пайда болгон. Ага кытай жыл сайын салык төлөп турду.

Ал убакта кыргыздар өздөрүнүн күчтөрүн Жети-Сууну ээлеп алышкан карлуктар, чиктер жана түрк урууларынын калдыктары менен уйгур каганы Элетмиш Билгеге каршы күрөш үчүн бириктиришти. Уйгурлар ортоңку Эне-Сайдагы кыргыздардын өлкөсүн басып алышты. Жыйырма жылдык согушка кыргыздар салгылашууда басымдуулук кыла башташат. Уйгурлардын каганына кыргыз ажосу:

-Сенин тагдырың бүттү. Мен жакында сенин алтын ордоңду аламын. Анын алдына атымды байлап, өзүмдүн туумду илемин. Эгерде мени менен алышкың келсе, анда дароо келгин. Эгерде алыша албасаң тезинен жогол! -деген билдирүү жиберди.

Кар калың түшкөн кышта мал кырылып, ачарчылык жана жугуштуу оорулар күчөдү. Ушундай кыйын кезеңде уйгур төрөлөрүнүн бирөөсү кыргыздарды жардамга чакырды. Ажо Орто-Балыкка жүз миң аскерден турган армияны жиберип, уйгур аскерлерин талкалады. Салгылаштан качкан уйгурлар кытайга, Байкалдан ары Чыгыш Түркстанга качууга аргасыз болушту.

Кыргыздардын Улуу Дөөлөтү пайда болду. Эне-Сай кыргыз кагандыгынын бул күч алган доору, кыргыз улутунун улут болуп калыптануусуна негиз болду.

***

Баштатан эле Туба-Сегиз сууда кыргыздар-ойроттор канатташ жашап, алардын өз ара жакындашуу биримдиги түзүлгөн болчу. Ойроттордун саны басымдуу болгондуктан түндүктөн ооп келген жамаатташ жашаган калктар ойрот биримдигинде кошо айтылып келген. Канткенде да кыргыздар өздөрүнө ыктаган уруулар менен бирге өз алдынчалыгын жоготпой, ар дайым өз башкаруучуларынын бийлигинде болушкан. Ойроттор менен кыргыздар тыгыз алакалашып, бири-бирине таасирлерин тийгизип турганы бул аймакта түрк жана монгол тилдери да өз ара байланышта болгону ал жердеги жер-суу аттарынан билинет. Ошондой эле кошуна эки элдин ортосунда айрым учурда талаш-тартыштар, кагылыштар да болуп турганы маалым.

Борбор Азияда монгол доору бүлбүлдөгөн чырактай өчүп баратты. Монгол империясынын бийлиги бошоңдоп, өз алдынча чачырай баштады. Мавернахр өзүнчө, Моголстан аталган чыгыш бөлүгү андан ары да майдалана берди. Бирок моңгол таасири уланып, хандын урпактары бийликтерин колдорунан чыгаргылары келишпесе да, көптөгөн уруу-тайпалардын өз алдынчалыкка умтулуусу күчөдү.

Моңгол империясы жоюлгандан кийин кыргыздын чыгаан кол башчысы кыргыздарды күчтөнтүп, бүтүндөй ойрот биримдигине жана чыгыш моңголдордун көп бөлүгүнөөз бийлигин орнотууга жетише алды. Мына ошо күч алып, кеңири аймакка бийлик жүргүзүүгө ээ болгон бирикмеси Алтай кыргыз хандыгы аталды. Калмактар ал аймакта бир нече өз алдынча ээликтерге бөлүнүп, өз ара жоолашып турушкан. Кытайдан кубаланган моңолдор Борбордук Моңголияга чегинип келишкенде, алардын ичиндеги «алтын уруктун» (Чыңгызхандын тукумдары) өкүлдөрү көп болгондуктан, алардын ортосунда бийлик үчүн чабышуулар башталып, чыгыш моңголдор ичинде да, батыш моңголдор ичинде да, ич ара жаатташуулар, кармашуулар күч алган. «Алтын урук» мүчөлөрү өздөрүн бардык моңолдорго бийлик жүргүзүүгө укуктуу санап, калмактарды баш ийдирүүгө умтулушкан. Бирок, алардын күч-кубаты жетишпей, тескерисинче, ойроттор чыгыш моңголдорго үстөмдүгүн орнотууга аракеттенген учурлар болуп жатты.

Моңолдор ичинде чыр-чатактар ырбап, алар жалпы алсызданып турганда, кадыр эсе кубаттуу кыргыздар башкы күчкө айланышты. Алардын башында ары чечкиндүү, эр жүрөк жана айлакер Өгөйчү-кашка туруп, кыргыз уруулар-бирикмесин билгичтик менен чыңдай алды. Ал кыргыз аймагын батышта Тарбагатайга, чыгышта Каңгайга чейин кеңейтип, улам күчтөндүрө берди. А дегенде ойрот-моңголдор тарабында согушуп, чыгыш моңолдорго биргелешип үстөмдүк орнотууга кол кабыш кылды. Ошол эле учурда ал Моңголиядагы бийлик талашууга да катышып, алардын ички иштерине да кийлигишип турду. Жалпы моңолдор ичиндеги чыр-чатактарды, ырксыздыкты кылдат пайдаланып, Өгөйчү-кашка ойротторго жана чыгыш моңолдорунун басымдуу көбүнөөз бийлигин орнотту.

Алтай кыргыз хандыгы түзүлгөн жылдары Моголстан хандары Мавернахрды каратып, бир убактагы чоң мамлекетти сактап калууну көздөшсө, ага каршы Мавернахрды бийлеген Аксак Темир Моголстанга катар-катар жортуул уюштурду. Ошол кезде кыргыздар Моңгол Алтайынын түштүк-батыш капталынан Тарбагатайга чейинки аймакты мекендеп турушкан Кыргыздардын түштүк жак четинде булгачы уруусу орун алып, Баймурат чериктин (Энге төрөнүн) улусу ээлеген эле. Кыргыздар Аксак Темирдин күчтүү армиясынан чегинип, Алтайдын чыгыш тарабына ооп келгенде, алардын моңголдорго үстөмдүгүн орнотууда ого бетер оңтойлуу жагдай түзүлгөн. Чечкиндүү Өгөйчү кашка ойроттордун басымдуу бөлүгүнө, анын ичинде чоросторго да өз бийлигин орноткондо, чоростордун төбөлү Хухай моңол ханы Элбектин жардамы менен Өгөйчү кашкадан бийлик тизгинин тартып алууга, бардык ойротторду башкарууга аракеттенди. Ошол кезде Элбек хан менен анын иниси Каргацуг экөөнүн ортосунда бийлик талашкан тирешүү башталып, бийликти сактап калуудагы ишмердиги үчүн Хухайга «төрт ойротту» башкаруу укугун колуна берүүгө убадалашты. Элбек хан Хухайдын көмөгү аркылуу инисинин көзүн тазалап, анын аялы Улдзейта сулууга үйлөндү.

Экөөнүн ортосундагы келишим ишке ашкан соң, Хухайды «төрт ойротко» башчылыкка дайындоо салтанатын уюштуруу камы көрүлө баштады. Кылдат түзүлгөн, тымызын кутумдук Өгөйчү-кашкага билинип калды. Ал Хухайдын Каргацугду атайлап өлтүргөнүн элге жарыя кылды. Каргацугдун жакындары Хухайды кармап көзүн тазалашты.

Өз каталыгын сезген Элбек хан Хухайдын уулу Бартуланы жалпы ойроттордун башчылыгына дайындап, ага өз кызы Цамурга Гунжини берди.  Кабар Өгөйчү-кашкага жеткенде:

-«Төрт ойроттун» ээлигин, менин кол алдымдагы Батулага, эмнеге уруксатсыз берет? Анын башчысы мен тирүү турбайынбы?- деп каарданып, каршылаштарын камынтпай дароо басып кирип, Элбек ханды өлтүрүп, анын аялы Улдзейта Гооны олжого алып, моңгол элинин көбүнө бийлик жүргүздү. Түндүк-Батыш Моңголиядагы бийликти жүргүзүүдө Өгөйчү-кашка ойроттор менен бирге Хами ээлигине көзөмөл орнотууга дайыма аракетте болчу. Өгөйгү-кашка менен кытай сарайы ортосунда атаандашуу күчөдү. Өгөйчү-кашка жана анын уулу Эсеку ханда Чыгыш Түркстан анын ичинде Хами чөлкөмү менен соода байланыш түзүүгө, айрыкча жылкы соодалаганга зор маани беришкен. Өгөйчү-кашкага чейин аз эле убакыт аралыгында моңгол тактысына беш хан күрөшкө чыгып, бийлик талашууда алардын бардыгы киши колдуу болуп, өлүм табышкан эле. Өгөйчү-кашка  Хамиге чабуул жасап, акимин өлтүрдү. Бешбалык-Турпан-Хами акимдери ойрот-кыргыз биримдигинен үстөмдүгүнө нааразы болушуп, андан бошонууга аракет кылышты. Көп жылдарга созулган күрөштөн кийин Өгөйчү-кашка  Батуланы өлтүрүүгө жетишти. Моңол ханы Элбек калмак акими Батулага өз кызы Цамур Гунжини бергенде Тогон төрөлгөн. Кийин Тогон  Эсен аттуу уулдуу болгон. Ал эми Өгөйчү-кашка Батуланы өлтүргөндөн кийин Эсеку Цамур Гунжиге үйлөнүп, андан Амансанжы төрөлгөн. Амансанжы менен Тогондун атасы бөлөк, энеси бир. Андан көп өтпөй эле Өгөйчү-кашка өзү да дүйнө салды. Анын ордуна уулу Эсеку өзүн хан деп жарыялады. Батуланын жесири (Элбек хандын кызы) Цамир Гунжиге үйлөндү.

Кыргыз-ойроттор Хамини кайрадан ээлешти. Ошого удаа Эсеку хан Моголстанга (Чыгыш Түркстанга) жортуул жасады. Эсеку хандын өлүмү менен ойрот-кыргыз биримдигиндеги кыргыз бийлиги соңуна чыкты. Чыгыш моңголдор  ойрот-кыргыз биримдигин талкалашты.

Өгөйгү кашка менен Эсеку хандын мезгили кыргыздардын абдан маанилүү тарыхый баскычы болгонун өзгөчө билгилөөгө болот. Өгөйчү-кашканын жигердүү ишмердиги аркасында кыргыздар андан ары чабылып-чачылуудан кутулуп, эл өз кадыр-баркын кадимкидей туюнуп, улуттук беделдик сезими жетилди. Башкысы кыргыз урууларын бекем баш коштуруп, бир хандыкка бириктирип, күчүн чыңады. Кыргыздарды көп аймак-элдерге

бийлөөчү даражасы көтөрүлдү. Ал элдин келечеги чыгыштагы моңгол чөйрөсүндө эмес, түштүккө, Теңир тоо аймагына маани берип, мүмкүн болушунча элди ошол жакка багыттады. Айрыкча Өгөйчү-кашканын уулу Эсеку хандын кыргыздардын өз алдынчалыгына болгон аракети келечектеги Ата Мекенин ээлеп, Ала-Тоодо биротоло турук алышына жол ачты. Ал кыргыздар үчүн Моголстанда, атап айтканда Теңир тоодо оңтойлуу жана ыңгайлуу шарт-жагдай түзүлүп жатканын байкап, могол улусун Иледен ары түштүккө сүрүп, жер бошотууга көп күч жумшады. Иле-Эртыш аралыгында жана Теңир тоонун түндүк капталдарында Эсеку хан менен моңгол ханы Вейстин ортосунда 61 жолу согуш болуп, анын биринде гана Вейс хан артыкчылыкка жетишсе, калганын бардыгында ал жеңилген, эки жолу душмандын колуна түшкөн.

Эсеку өлгөндөн кийин кыргыз хандыгы жоюлса да, кыргыз түмөнү ойрот-кыргыз биримдигинин курамында өз таасирин сактап калган (1439-жылы) Чыгыш моңолду Тото Буха, эл эми кыргыздарды Ата-барс, чоросторду Тогон, хойтторду Энке башкарган.

* * *

Өз ичине Мавернахрды, Жети-Сууну, Чыгыш-Түркстанды камтыган Чагатай улусу он төртүнчү кылымдын орто ченинде батышында Мавернахр, чыгышында Моголстан аталган эки мамлекетке бөлүнүп калды. Моголстандын калкы түрки тайпалардан жана түрктөшүп кеткен моңгол уруу-уруктарынан туруп, алардын басымдуу бөлүгү көчмөн турмушта жашашкан. Мамлекеттин Моголстан деп аталышы жергиликтүү калкты моңгол төбөлдөрүнүн түрктөшүп кеткен урпактарынын бийлеп турганынан келип чыккан. Моголстан төбөлдөрү да, Мавернахрдын башкаруучулары да өткөндөгү Чагатай улусу калыбана келтирүү үчүн бирин-бири басып алып, эки бөлүктү бириктирүүгө умтулушкан. Моголстан бирде күчтөнүп, бирде ич ара бытырай алсызданып тургандыктан, анын аймагын да бирде кичирейип, кеңейген. Моголстандын түндүк чеги Баркөл-Эртыш-Балкаш аркылуу чектелген. Эртыш бойлору-Тарбагатай, Жунгар Ала-Toocуна чейинки аймакты мекендеген кыргыздар анын хандарын эч убакта баш ийишкен эмес.

Могол эмирлеринин Мавернахрга багыт алуусу жөнүндө кеп таркайт. Тимур эбегейсиз кошуун менен алардын мизин кайтарууга жөнөйт. Моголстандын көчмөн калкы ыраакка журт которуп, кошундарын сактап турушкан. Канткенде да Аксак Темир

Моголстанга бир нече ирет жортуул уюштуруп, аеосуз талкалап, колго түшкөн калкын Мавернахрга айдап кетип турушкан. Моголстандын түндүк чыгышынан чектеш жайгашкан кыргыздар Темирдин жортуулунан азыраак жапа чегишкен. Темир Иранда согушуп жүргөнүнөн пайдаланып, могол төбөлдөрү Ак Ордонун ханы Токтомуш менен биргелешип, Мавернахрга кол салышкан. Аларга жооп кылып, Амир Темир Моголстанга чоң чапкын уюштурганда мол сандагы жылкы унааларды, периште сымал ай жүздүү сулуу кыздарды олжолошкон.

Тогон калмактардын көп бөлүгүн бириктирүүгө жетишип, тез күчтөндү. Ал Моңгол Тотобуханын бийлигин ооз жүзүндө таанып, баш ийген эмес. Ойрот биримдигинин башчысы болууга жакындап калган Тогон өлгөндө анын ордун уулу Эсен тайжа басат. Каардуу Эсен өтө жигердүү аракеттенип, калмактарды бекем бириктирип, чоң күч топтоду. Ал тез эле моңолдорду өзүнө каратууга жетишип, хан даражасына көтөрүлгөн. Ойроттордун, моңолдордун жана кыргыздардын бириккен күчү менен Кытайга чоң жортуул жасап, жеңиштерге жетишти. Бээжинди камалап, кытай императорун колго түшүрдү. Ойрот-моңолдордун биримдиги борпоң болуп, чоң жортуул учурунда моңол төбөлдөрү кытайлар менен алдыртадан байланышып, аны алсыратууга аракеттеништи. Чоң жортуулдан кийин Эсен тайжи моңолдорду алсыздандыруу максатында Турпанга жакын жердеги согушта моңолдорду катуу талкалады. Андан соң Эсен хан кыргыздарга кол салып, кыргыздар менен моңолдорду араздаштырып ынтымактарын атайлап эле бузду. Катуу кармашта кырылууга дуушар болгон кыргыздар батышка Ак Ордо аймактарына чейин чегинүүгө аргасыз болушту. Алардын бир бөлүгү кыпчак талаасынын чет-жакаларына келип кошулушту. Эсен батышка чегинген кыргыздарды артынан кууп барып, Ак Ордого да жортуул жасады. Эсен хан мезгилинде ойроттор менен кыргыздардын мамилеси өзгөрүп ортолукта душмандашуу күч алды.

Эсен өзүн хан жарыялап, күч-кубаты чыңалып турган чакта, калмактардын дагы бир тайжасы-Алак Тимур капыстан ага кол салып, Эсен ханды өлтүрүп, анын айланасындагыларды талкалады. Эсен хан өлгөндөн кийин ойроттордун бирикмеси бошоңдоп, кайрадан чыр-чатак башталып, ыдырашты. Ырк бузуудан пайдаланып, моңолдордун бириккен күчү кытайлардын колдоосу менен ойротторго кол салышып, Алак Тимурду өлтүрүшүп, ойротторду катуу талкалашты. Эсен хандын уулу

Хоэрхуда башында турган бөлүгү түндүктөгү илгерки мекени жакка, дагы бир бөлүгү чыгышка көчө качты. Ал эми Амансанжы башында турган калмак менен кыргыздардын бир бөлүгү Илеге чейин чегинип, Теңир Тоого жакындап келишти.

Калмак-кыргыз бирикмесинин ханы Эсеку менен могол ханы Вейстин ортосундагы бир нече жолу кандуу кагылыш болуп өттү. Эсеку хан Турпандын жанындагы бир согушта Вейсти колго түшүргөн соң, анын карындашы Махтумханымды өзүнө аялдыкка берүүнү талап кылды. Вейс хан ал талапты аткарууга мажбур болду. Экөө мусулман динин кабыл алышты. Ал эки уул, бир кыз төрөп, уулдарынын атын Ибрагим жана Илийас коет. Исламды тутушкан Ибраим жана Илийас ханзадалар менен Амансажынын ортосундагы ич ара тартыш башталып, касташуу күчөйт. Ибрагим менен Илийас Кытайга өтүп кетет. Чыгыш моңголдор ойрот бирикмесинен талкаланып, туш-тарапка чачылат. Ошондон баштап эки жүз жыл чамасында «белгисиз» абалга келишкен.

Вейс хан көз жумгандан кийин анын уулдары Жунус менен Эсен буканын ортосунда такты үчүн айыгышкан күрөш башталды. (Атасы өлгөндө эки бир туугандын улуусу Жунус он үч жашта болчу). Жеңип чыккан Эсен бука тараптагылар экинчи тарапка кыргын салганда, тактыга мураскер Жунус отуз миң жактоочулары менен Улугбектин ээлиги Самаркан аймагына чегинип барууга аргасыз болду. Улугбек Жунусту Персияга жөнөттү. Ал Иран, Араб мамлекеттеринде Персияда, Багдатта билим алып, улуу окмуштуулардан таалим алып, шаар турмушун да тарбияланды. Ислам динин кеңири таркатып, «устаз» Жунус аталды. Ал эми Моголстанда борбордук бийлик чыңдалбай, ар төбөлдөр өзүнчө бийлик жүргүзүп, өлкө бытыранды түрдө кала берди. Эсен бука Моголстандагы бийлигинен четтетилип, Ак-Суу шаарын гана ээлеп турду. Эсен бука эр жетип, өз бийлигин чыңдай баштады. Ага могол төбөлдөрү биринен сала бири кошулуп, Моголстандын бардык аймактарында өз бийлигин орнотууга жетишти. Мавернахрда ич ара чыр чатак башталганда Эсен бука андан пайдаланып, кол салды. Мавернахрда бийликке келген Абу Саид (Аксак Темирдин уулу Миран шахтын небереси) Иракта жүргөн 41жаштагы Жунусту алдырып, ал экөөнүн ортосунда келишим түзүлөт. Жунус эч убакта Мавернахрга көз артып, кол салбоого жана Абу Саид менен бирдиктүү болууга убадасын берет. Ал эми Абу Саид болсо Моголстанды колуна алууга, Жунуска көмөк көрсөтүүгө сөз берди. Абу Саид биринчиден моголдордун кол

салууларынан кутулууну, экинчиден Кашкарды ээлөөнү көздөгөн. Ал Мавернахрдагы туткун моңолдору куралдантып, Жунусту Моголстанга жөнөтөт. Ага Моголстандын батышындагы бир нече төбөлдөр кошулат. Акыры Кашкардын жанында эки бир туугандар ортосунда болгон согушта Жунус жеңилип, Мавернахрга качып барат.

Ошол кезде кыпчак талаасынан баштап, Сары-Арка, Сыр-Дарыянын төмөнкү агымына чейинки аймакты Жочунун уулу Шейбандын урпагы Абдулхайыр хан негиздеген көчмөн өзбек хандыгы ээлеп турган. Ал хандыктын курамында Ак Ордонун бийлөөчүсү Урус хандын урпактары Жаныбек жана Керей султандар өз уруулары менен болгон, Жаныбек менен Керей Абдулхайырдан бөлүнүп, Моголстанга көчүп кетишет. Эки султан эли менен чыгышка келишинин себеби бар эле.

Кыпчак талаасында Абдылкайыр хан бийлик жүргүзгөн. Ал Жочунун урпактары болгон. Султандардын тынчын алып, кысым көрсөтөт. Жаныбек хан Керей хан андан качып, Моголстанга келишет. Эсен хан аларды кабыл алып, Моголстандын батыш чегиндеги Чүй жана Козу-Башы аймагын аларга бөлүп берди. Абдылкайыр өлгөндөн кийин  Жаныбек, Керей Чүйдөн кайра өз жерлерине көчүп кетишет. Өзбек хандыгынын ичиндеги эң чоң топтун бири Урус хандын урпактары башында турган бөлүгүнөн кыпчак талаасында казак эли пайда болду. Ал эми Шейбан хан башкарган уруулар Мавернахрга ооп, жергиликтүү калкка сиңип кетти. Эсен хан өлгөндөн кийин тактыга анын уулу Достмухаммед отурат. Жунус Моголстандын байтактысы Ак-Суу шаарын ээлейт. Жунус хан  мамлекеттин бардык аймагына өз бийлигин орнотууга жетишкен.

Амансанжы тайша өз улусу менен Иле дарыясынын боюна келгенде Жунус экөөнүн ортосундагы болгон согушта Жунус жеңилип, Сыр-Дарыя чегине качты. Ташкен чегинде ал өзбек акими менен кагылышып туткундалып, бир жылдан кийин бошотулду.  Амансанжы улусунун негизги бөлүгүн кыргыздар түзгөндүктөн кыргыздардын Ала Тоого келгендигин ошол кездеги окуялар аныктайт. Калмактар өздөрүнүн көнгөн жерине Жунгарияга кайтып кетип, экинчи бөлүгү кыргыздар арасында Жети–Сууда кала бергендиги байкалат.

Ошентип, кыргыздар үч кылым бою (12-кылымдын ортосуу 15-кылымдын экинчи жарымы) калмактар менен жанаша (кээлери аралаш) жашап келишкен. Эки элдин үч кылымдык тыгыз жашоосу

бири-бирине таасир тийгизип, түс-турпатына терең из калтырды. Түрдүү-түркүн карым-катыштар кыргыз элинин ооз эки чыгармачылыгында, уламыш, лакаптарында, дастан-жомокторунда кеңири чагылдырылганы күбө болот. Эки эл бирде жоо, бирде ынтымак болуп, куда-сөөктөшүп кан аралашканын, аш-тойлорду бирге өткөргөнүн билебиз. Башканы айтпаганда да «Манас» эпосунда эле Манастын атасы Жакыптын бир аялы калмак кызы. Манас өзү да а дегенде калмак кызына үйлөнөт. Манастын аталаш агасы Көзкаман калмактардын арасында жашап, калмактан аял алып, алты уулдуу болуп, алар кыргызча билбей чоңоюшат. Манас кичинекейинен эле канатташ жашашкан калмактар менен жайыт талаштан чыккан жаңжал-кагылыштарга күбө болуп чоңоет. Ойроттор Иленин башынан жайыт берип, аны пайдаланганы үчүн «Отуз жылкы, беш атты, жайыт үчүн төлөйт».

Кыргыздар менен калмактар канатташ жашоосунда ар кандай абалды баштарынан кечиришкен. Эсен хандын кыргыздарга жасаган кандуу чапкыны жана кийинки жунгар калмактарынын ала тоолук кыргыздарга жасаган катаал жортуулдары элдин аң-сезимине башкы-душман катары көрүнүүсүнө себеп болгон.

Элдик санжыра боюнча сүрүштүргөндө 1470-жылдарга тушташ келген уламыш адам-Долон бай. Ал Ала-Тоого душмандан качып келгени оозеки чыгармачылыкта «Калмактар каптаганда Долон Кара-Кужурда жайлоодо экен. Катуу каршылык көрсөтүп, бирок туруштук бере албай сүрүлүп, тоо ашып баратып белде өлөт. Долон өлгөн жер, кийин Долон бели аталып калат». Айрым санжыраларда Долонбий баштаган кыргыздар Чыңгыз хандан качып, журт которгону элдин эсинде калып, оозеки чыгармачылыгында чагылдырылат.

Кыргыздар Жети-Сууга көчүп келген мезгилде Моголстандагы абал тарыхый окуяларда белгиленет. Жунус хан Ташкендеги туткундан бошонгондон кийин өз улусу менен башка төбөлдөрү бийлеген аймактагылар ортосунда жаатташуу башталат. Шаар чөйрөсүнө көнгөн Жунус көчмөндөр арасына эмес, Ферганада жашоого умтулган. Ал Мавернахрдагы такты үчүн чыккан ички чатактан пайдаланып, Ферментанын көп бөлүгүн Түркстан, Сайрам, Ташкен шаарларын ээлеген. Ал өлөр алдын хандык такты улуу уулу Махмудга мурастаган.

Жунус хан Сайрамды караткан кезде, көчмөн могол төбөлдөрү шаарларда, дыйканчылык аймактарда жашагылары келбей, хандын экинчи уулу Акмат менен алдыртадан макулдашышат.

Акмат атасынан бөлүнүп, Моголдордун бир бөлүгү менен Моголстанга кетип калган. Ал атасы менен агасынан айрымаланып, накта көчмөн турмуштун адамы эле.

Кыргыздар Алматыдан баштап, Челек-Чарын, Каркыра сууларынын өңүрлөрүн байырлап, Ысык-Көл өрөөнүнө ашып түшүшөт. Кыргыз уруу башчылары Теңир Тоонун түндүк-түштүк аймактарындагы жана анын айланасындагы кырдаалдарды байкоого алышып, Ала-Тоону түпкүлүктүү мекенге, көз карандысыз өлкөгө айландырыш үчүн өз алдынча хандык түзүүгө аракет кыла башташкан. Алибетте, илгерки ата конушта тыгыз биримдиктин керектигин түшүнүшүп, биримдикти бекем кармап турушкандыгынын Долон бийдин жетектегенинен билебиз.

Борбор Азияда түркү, же моңгол болсун, мусулман, же мусулман эмес болсун, бардык элдердин мамлекеттик түзүлүшүндө хандык тактыга Чыңгыз хан тектүүлөр гана көтөрүлүүгө акылуу экендиги бекем сакталган. Мына ушундай салтты карманган Борбордук Казакстанда түзүлүп, башында Жоочунун урпактары турган казак хандыгы, Мавернахрдагы Шейбанилер хандыгы жана Чыгыш Түркстанда Чагатай тукуму башкарган моголдор мамлекети сыяктуу эле кыргыздар дагы өз биримдигиндеги бийликти ошол мезгилдин талабына ылайык мыйзамдаштыруу максатында жана өз хандыгынын ишенимдүү болушун көздөп, Чыңгызхан тегинен ылайыктуу киши издешип, Жунус хандын экинчи уулу, кыргыздын жээни Акмат менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшүп, аны өз хандыгынын тактысын ээлөөгө чакырышат.

Анын да себеби бар эле. Те мурдагы жылдары Темир хандыгынын урпагы Абу Сайид Темир Барлас уруктарынын ичинен туңгуч ирет султан аталган. Ал Эсен букага каршы урушуп, Жунусту колдоп келди. Аны Фергана аймагына келишине жардам бергенде Аксы элинин төбөлү Шеркожо сарынын кызы Исандөөлөткө ортончу болгон. Түпкүлүктүү эл күйөө баланы колдоорунан үмүттөнгөн. Айткандай эле саруу уруусундагы Ажыбек баштаган кыргыз жоокерлери ага ар дайым көмөктөш болуп беришти. Жунус хан кыргыздардын колдоосу менен Ташкен шаарынын чыгышындагы Фергана, Нарын, Сыр, Талас, Ысык-Көл, Алай аймактарын агасынан тартып алып, өзүн султан деп жарыялаган. Натыйжада Моголстан экиге бөлүнүп Батыш Моголстан Жунуска карап, анын негизги букаралары кыргыздар болуп калган. Моголстан аймагында эки бийлөөчү бирикме

түзүлүп, биринчиси Чыгыш Түркстан, Теңир тоо, Ат-Башы, Чыгыш Памир жана Коен-Лундан Лоп норго чейин Жунус султандын могол улусу, экинчиси негизинен кыргыз уруулары жайгашкан аймак эсептелген.

Акмат да кырдаалды сергек баамдап Жунус хандын ордосунан жашырын качып чыгып, Жети-Суудагы кыргыздарга хан аталып өзүнүн чакан кошууну менен келди. Моголстанда могол уруктары аз болсо да күжүрмөн иштеринде кыргыздарга-«Моголстандын жапайы арстандарына» таянган. Өтө кайра тартпас мүнөздөгү Акмат хан кыргыз хандыгынын ичиндеги айрым көчмөн могол урууларынын жикчилдик аракеттерин аеосуз басып, борбордук бийликти чыңдады. Ага баш ийгиси келбеген кээ бир могол уруу башчыларын уругу менен кошо кырып салып, өз таламын орнотууга он жылды коротту. Айрым эмирлерди, алардын ичинде арлат уруусунун каршылык көрсөткөн ири эмирлерин толугу менен басты. Акыры түбү аларга каршы аттанып, тукумун кырды. Бир курдай моголстандын эң ири уруусунан саналган калучи урууларынын башчылары чогулуп, түн ичинде капылеттен ханга кол салышты. Хан жаратынан сакайгандан кийин, алардын сары изине чөп салып, эки жыл ичинде тыптыйпылын чыгарды. Мына ошондон кийин хандын иши оңолуп, Моголстанда ага каршы баш көтөрүүгө дааган киши болбоду.

Акмат хан ички биримдикти чыңдап, Жети-Суу тарапка көз арткан түндүк кошунасы калмактарга катар-катар жортуул жасап, аларды катуу талкалап, талап-тоноду. Жүрөгүнүн үшү кеткен калмактар аны «Алачы хан» (Өлтүргүч хан) Моңголчо «жан алгыч» деп ат коюшкан. Калмактардан кийин, ал казактарга да бир нече жолу жортуул жасап, Жаныбек менен Керейдин уулдарын жеңгендиктен, калмактар менен казактар Моголстандын аймагына жакын жолой алышпаган. Акматтын башчылыгында кыргыз жоокерлери Кашкарды басып алып, Жаркенди камалашкан. Ал жеке эле Моголстан эмес, Чыгыш Түркстандын да кыйла аймагына өз бийлигин таанытты. Акмат хан Фергана тарапта кысмакта калган агасы Махмуд ханга жардам берүү үчүн жана Фергана522 ээлөө максатында эки бир тууган өзбек ханы Мухаммед Шейбаниге каршы аттанышты. Хан Махмуддан Ташкен, Сайрамды тартып алып, өздөрүн колго түшүрдү. Шейбани аларды бошоткон соң Акмат өз жерине келип, каза болду. Анын бийлигин уулу Мансур мурастады. Акматтын балдарына Махмуд хан Ак-Сууну,

Моголстандын чыгыш бөлүгүн берип, өзү жалпы Моголстанга бийлик жүргүзүүгө умтулду.

Моголстандын аталышы тээ Хайду хандын мезгили өткөндөн кийин Мавернахрдын жашоочулары өздөрүн чагатайлар, ал эми Теңир тоонун көчмөн уруулары бийликтеги моңгол урууларын туурап, өздөрүн моңгол деп атай баштаган. Монгол уруулары да жергиликтү түрк калктарынын тилин, маданиятын акырындап өздөрүнө сиңиришкен. Алгач моголдор өлкөсү-Моголстан мамлекетине Теңир Тоо жана Чыгыш Түркстандын айрым аймактары кирген. Мамлекеттин борбору Маңгалай Субе аймагындагы Алмалык шаары болгон. Моголстан мамлекети чыгышында Баркөл, Эмен жана Иртыш, түндүктө Балхаш, Каратал, Бум-Лишен, батышта Түркстан жана Нашкан, түштүктө Фергана Кашкар, Чалыш жана Турпан аймактары менен чектешкен. Чыгышта Моголстандын чек арасы кыргыздардын жерлерине чейин жетип, Ала-Бука аймагы да кирген.

Түрктөшүп кеткен моңголдун дуулат уруусунун эмири Пулатчы каймана түрдө Чыңгыз хандын урпагы болгон Тоглук Темирди Чыгыш Түркстандын Ак-Суу шаарында тактыга отургузуп, бийликке алып келген. Тоглук Темир Моголистан деп аталган өз алдынча мамлекетин негиздеди. Тоглук Темир ислам динин кабыл алып, аны мамлекеттик дин деп жарыялаган. Ал өлгөн соң, анын мураскору Иляс Кожо Мавернахрда моңголдордун барлас уруусунан чыккан Тимурдун мамлекети менен узакка созулган күрөшкө duушар болот. Иляс Кожо өлтүрүлүп, Камар ал-Дин бийликти колго алууга аракеттенет. Саясий аренага монголдордун барлас уруусунан чыккан Тимур келет. Он төртүнчү кылымдын башында барластар Кашка-Дарыя өрөөнүн ээлешип, акырындык менен жергилитүү түрк элдери менен аралашат. Амир Темир өз урууларын бириктирип, Мавернахрды Моголстан башкаруучуларынан тартып алат. Ал Жер-Ортолук деңизинен Чыгыш Түркстанга чейинки созулган зор империя түзөт. Жортуулга Кытайга баратып, Отрар шаарында каза болот. Сөөгү Самаркан-агы өзүнүн атактуу күмбөзүнө коюлат.

Амир-Темир өлгөндөн кийин, ал негиздеген зор империя бытыранды мамлекеттерге бөлүнүп кеткен жана аны бир аз мезгил белгилүү султан Захреддин Бабур башкарып турган. Шейбани хандын колу көчмөн өзбек уруулары Бабурду Орто Азиядан кууп чыгарат. Бабур алгач Гератка, андан ары Индияга өтүп, ал жерге улуу Моголдор империясын негиздеген. Шейбанийлер Мавернахр

аймагын каратып, Тимурийлер династиясын талкалайт. Алардын аймактары Шейбанийлердин мамлекетинин курамына кирип, борбору а дегенде Самаркан, кийинчерээк Букара болуп, мамлекет Букара хандыгы деп атала баштайт. Шейбаны хан Иран шахы Аббас тарабынан талкаланып, мамлекет экиге бөлүндү. Мавернахрда Хива хандыгы (борбору Үргөнч, кийин Хива) калган аймактар, Ферганнын чоң бөлүгү Букара хандыгынын курамында калды.

Көп өтпөй Акматтын уулдары Мансур менен Халил Султан жана Султан Сейит ортолорунда ырк келбестик, касташуу ырбайт. Халил Султан Мансурдан бөлүнүп, Жети-Суудагы «Токой арстандары» аталган кыргыздарды башкарып калды. Султан Сейит да агасына келип кошулду. Султан Халил башкарган кыргыз хандыгын өзү башкарган Могол мамлекеттине бириктирүүнү көздөп, чоң жортуулга аттанды. Халил Султан баш болгон кыргыздардын биримдигин талкалоого болгон согушка Махмуд хан да колу менен келип кошулду. Иле дарыясынын куймалары Челек жана Чарын сууларынын аралыгында жөөлөр менен атчандар майдан талаасында бет келишишти. Кыргыздар да, моголдор да түндү даярдык менен өткөрүштү. Таң сөгүлгөндө шамал жүрүп, күн бүркөлдү. Ага карабай жоолашкандар кармашка киришишти. Күч тарабынан тең келбеген согушта Халил Султан жеңилүүгө учурап, Ферганага качып барганда Мансур хан тарабынан жиберилген адамдар аны сууга чөгөрүп өлтүрүштү. Султан Сейит Кабулдагы Бабурга өтүп кетти.

-Моголстандагы бардык дүрбөлөңдүн баштоочулары кыргыздар-деген Мансур хан аларды Чалышка (Кара шаарга) жана Турпанга зордоп көчүрдү. Кыргыздарды селде чалынып жүрүүгө мажбурлады. Көнбөгөндөрдүн баштарына мык кактырып, бир эле мезгилде он миңден ашык кыргыздарды амалкөйлүк менен кырып салды. Туткундалгандарды Шейбани менен Махмудга тартуулады. Аман калгандардын айрым бөлүктөрү качып кутулушуп, Моголстанга кайрылып келишти.

Ушул капсалаңдуу окуядан кийин кыргыз уруу башчылары сырттан алып келип, «алтын уруктан» хан шайлоо расмы жана алар тарабынан жүргүзүлгөн саясат дайыма эле кыргыздардын мүдөө-максаттарына шайкеш келбестигине биротоло ынанышты. Хан тектүүлөрдүн өз ара араздашуу болгондугун жана мындан кийин да боло берерин өз баштарынан өткөрүшүп, жапырт колдонулуп келе жаткан салтка чек коюуга бел байлашты. Өздүк

аң-сезимдин бийиктеп көтөрүлүүсүнө түрткү берген кандуу окуялар кыргыздардын толук эгемендүүлүгүн айкындады. Ошондон баштап «кыргыздар бир да моголдун Моголстанда жашап калышына жол беришпеди».

Кыргыздардын бир нече уруу бирикмелерин башкарып турган уруу башчылары белгилүү боло баштады. Алардын бири кыргыз элинин атынан аракеттенген Мухаммед-кыргыз болду. Ал могол бийлөөчүлөрүнүн ички чыр-чатактары ырбап турганда Борбордук Теңир Тоодогу могол төбөлдөрүн Чыгыш Түркстанга сүрдү. Дал ошол Чыгыш Түркстандагы такты үчүн күрөш жана кошуна өлкөлөрдөгү бытырандылык кыргыздардын күч алышына ыңгайлуу шарт түздү. Түркстан, Ташкен, Сайрам шаарларына туруштук бере албады. Кыргыздар Борбордук Теңир Тоону бүт, Батыш Теңир тоонун көп бөлүгүн ээлөөгө жетишип, кыргыз бийлиги туруктуу түрдө калыптанды жана күч алды.

Мухаммед-кыргыз батыштагы Шейбанилерге, түндүк чыгыштагы калмактарга жана түштүктөгү моголдорго туруштук бериш үчүн Казак хандыгың менен ынтымак түзүүгө умтулду. Ошол эле учурда кыргыз хандыгы коңушулаш кең аймактагы тыйылбаган чыр-чатактардан оолак кармоо максатында Шейбанилердин жоосу Султан Сейиттин Чыгыш Түркстандагы бийлигин ээлөөгө умтулуусун Мухаммед-кыргыз колдоого алды. А Султан Сейит Бабурдун кеңеши менен Ферганага келип, Кашкарды ээлөөгө аракеттене баштады. Ал күчтөнүп алган Мухаммед-кыргыздын жардамына муктаж эле. Кыргыздардын аскердик колдоосуна таянып Кашкарды ээледи.

Мухаммед-кыргыз Кашкар менен Жаркендин ортосундагы чечүүчү согушта жеңип чыкты. Андан соң Сейиттин өтүнүчү менен Жаркенге чабуул жасап, аны багындырып, чоң олжого ээ болду. Султан Сейит анын көрсөткөн эмгегин жана аракетин баалап алтын-күмүш, кымбат буюмдарды тартуулады. Султан Сейит Турпан жактагы агасы Мансур хан менен сүйлөшүү жүргүзүп, экөө элдешти. Чыгыш Түркстанда бирдиктүү бир мамлекет түзүлүп, байтактысын Жаркен белгилешип, «Жаркен хандыгы», «Султан Сейит хандыгы» аталды. Жаңы хандыктын негизделишине Мухаммед-кыргыз баштаган кыргыздардын жардамы өтө эле зор болду.

-Абаке, монгол жапырыгы дүйнөдөгү согуштардын эң катаалы болгон дешет? Орто Азиядагы көптөгөн шаарларды кыйратып, элин тукум курут кылганга чейин барыптыр. Талап-тоноо,

зордуктоодогу баскынчылыгы жана канкордугу чектен ашкандыгы айтылат. Калмактар ошол монголдордун тобунан экендиги чынбы?-деди жоокерлердин арасынын бириси.

-Монголдордун баскынчылыгы көптөгөн элдердин эси-көөнүнөн чыккыс болду. Калмактар дал ошол моңголдордун чабуулунун сол бөлүгүнүн алдында жүргөндүгү белгиленет.

-Монголдордун кесепетинен көптөгөн элдер түп тамырынан жоголгон дешет. Монголдор андай күчкө, кандай ээ болуп калышты? Отургандар биринен-бири өтүп суроо беришти.

-Монголдорду күчтөндүргөн саясаты-жеңилген элди, өз аскерине кошуп алып, курал менен толуктап, ар дайым чабуулдун алдын да, баш ийбегендерге салып, ийгиликтерге жетише алышкан.

-Чыңгыз хандын көп колу Фергана аймагына, айрыкча Аксы, Ала-Бука жергесине келип, тоолуктар менен беттешип, жеңилип кайткан дегендерге ишенишке болобу?

-Чыңгыз хандын Сыр-Дарыяга, Кожент-Бухарага, Бинкент, Кокон, Жанд өңдүү шаарлардын элин талкалаганы боюнча жазма булактарда белгиленет. Аксы-Ала-Бука аймактарына келгени боюнча маалыматтарды учурата албадым.

-Ушул аймактагы Нанай, Мамай деген аталыштар. Ошол Чыңгыз хандын армиясынын башчыларынын атынан айтылып калгандыгы эл оозунда кеп болуп жүргөнүн кандай түшүнөбүз?

-Ал ысымдар жөн жеринен айтылбаган. Бул сөздөр Батый хандын армиясынын бир бөлүгү келгендигинен улам пайда болсо керек. Ал окуяга кыргыздардан Мук, Үйчү, Чолпонкул баатырлар катышканы айтылат.

-Топуктуу тоолуктар той берип, карылары санат-санжыра айтып, обончулары оболото обон созуп, акындары жамгырдай жабыратып, мөндүрдөй сабалатып, тоо суусундай ташкындатып,ырга, жомок-дастандарга моокум кандырып турган жайлоонун бышкан чагында, көк-алалуу тоонун көркүнө карк болуп турган тоолуктарга, каяктандыр бир тараптан, бүтүн барын чочуткан, каардуу «Жоо келди» деген, суук кабар угулду. Карылар мелтейип, катын-бала селтейип, кыз-келиндер сумсайып;

-Алда не балекет болуп кетет-дешип, нестейишти. Согуш аламаат, кыргын. Согуш азап, кайгы-муң. Айрылуу, жоктоо. Аны бардыгы билет. Адамзатынын көңүлүнө көк таштай тийген азап. Боору бүтүн эч ким калбайт. Өрт, түтөгөн чычыла. Алоолонгон

жалын. Бардыгын, бардыгын жалмап, жеп-жутуп кете берет. Андан эч ким жакшылык күтпөйт.

Кылым кыйыры узак дедик. Аны көргөн барбы?-дедик. Жок. Эч ким узак жашай албайт. Бир гана сөз, айтым дегендер калат. Ошол айтымдар кийинкилерге жомок. Ал тарых. Өткөн окуяны, болумушту аныктап берет. Тарых окуу, үйрөнүү, кийинкилер арасында жашайт. Ал келечекти аныктап, өткөндү баяндап берет. Окуу өнөр. Өнөр эч убакта өлбөйт.

Ала-Тоо, анын ичинде Фергана аймагы канчалаган окуялардын, алаамат согуштардын күбөсү болду. Канчалаган элдер жашап, шаар, айылдар көбөйдү. Мезгилдер өтүп, согуштун кесепетинен алар да урап, эл жоголду. Ой бузулуп, сай болду. Сай бузулуп, тоо болду. Тоо бузулуп, ой болуп отурат. Адам тери тамбаган, адам каны акпаган бир да жер жок убакыт өтүп, ошол жер кайра келип эле, ошол жерди жердеген кийинкилерге кызмат кылды. Чырпыктар дарак, булактар өзөн болуп, кең талаада эгин бышты. Бүгүнкү көргөн адамга баары белен, баары тегиз эч бир алаамат болбогондой. Кең дүйнө ушундай жаралып, ушу боюнча эле өтүп келе жаткандай туюлуп турду. Ошол үчүн албууттанганы алам деп, желпингени жулам деп жулкунду. Алкынганы бирөөлөрдүн акылын уурдады, күчүн алды, эмгегин жеди. Жуламын дегени бирөөлөрдү басмырлады, алдады, тартып алды. Акыры келип, алар да ажалдан качып кутула албады. Тагдырга моюн сунду. Бирөө да түбөлүк болуп, кылымга көпүрө болуп кала алышпады. Көрсө адамдын көзү, назары дүйнөгө тойбойт экен.

Бир гана жакшылык менен акыл калды. Жакшылыктын аты акыл болчу. Ал баарын ойлонуп жасоочу. Чырпык сайса да анын дарак болушун, мөмө беришине кам көрүп, ак дилинен түбүн жумшартып, суу берчү. Жер айдап, үрөн сепсе да, өнүп өсүшүнө, түшүмүнө кам көрүп, сугарчу. Бирөөлөрдүн эмгегине кызыкпады, алдабады, басмырлаган жок. Эккен эгини да, баккан малы да берекелүү болуп, уккан-көргөндөрдү суктандырды. Көпчүлүк да, ошондой болууга аракеттеништи. Аракет кылуу өнөргө айланды. Өнөр барып-барып күчүнө кирип, ооздон-оозго айтылып, колдон-колго өттү. Даназасы таш жарып, кылымдан кылымга жашап калды. Көрсө, жашы жеткенде өмүр өчөт экен. Анын эмгеги менен жараткан өнөрү өлбөй, ооздон-оозго, атадан-балага айтылып, кылымдан кылымга жетери анык экен.

Эл бейгам тиргилигин өткөрүп, күнүмдүк жашоо менен алек болуп жүргөн чакта, ызгаардуу-суук кабар элди дүрбөттүү. Эр

азаматтар куралдарын алып шайланышып, Чолпонкул баатырдын айланасына топтоло башташты. Жакынкылар келгени менен алыскы жууктагыларга кабар жете элек эле. Жоо кабарын оң-солго таркатышып, ат көөлүк, курал-жарак, азык-оокат камына киришти. Аралыктан үч күн өтүп, аркы тарабы Таластан, берки тарабы Чаткалдан туу көтөрүп шайланып, эр азаматтар үлгүрүп келип жатышты. Чолпонкул баатыр тоо ичинде кол бар экенин душманга билдирбеди. Чанач-Сайдын кең коктусунун этегинде ар тараптан келген жигиттерди бири-бирине «каршы салып», күн-түнү тындырбай алыштырып машыктыра берди. Тамак-ашына элден келген малдардан сойгузуп, ар-ар жерлерге кемегелерди каздырып, тай казандарды астырды. Суусундукка кымыз алдырып, айран, сүзмө, курутту тынбай жайлоодогулар ташып келип турушту.

Машыгуу кызып, таймашкандар арасында кармаш өнөрү оюнга айланды. Ат ойнотуп кылыч чабуу, чокмор уруп, шылк этмени шилтөөдө жаза чаап, же так шилтей албай аттан ооп, көпкө күлкү болгондор да жок эмес эле. Он күн аралыгын ашып жоокерлердин аттары да, өздөрү да сууп, дасыгып чапсаң тартышты. Күн сайын согуш өнөрүнө машыктырылып, андан соң эр эңиш,күрөш, чалма ыргытуу, улак тартыш оюндары өткөрүлүп, шамдагай, эптүү жигиттер терилип, калыстар тобунда сыналып, маш болгондордун катарлары толуктала берди. Жоокердик өнөрдө чабандес, өзгөчө шамдагай, илбериңки, шериктерине жол көрсөтө ала турган тың жигиттер көпчүлүк ортосунда он башы, элүү башы, жүз башылыкка дайындалып, калган жоокерлерди өз алдыларынча тандап бөлүп алышты. Ар бири өзүнүн бөлүгүндөгү жигиттеринин тартиби жүрүш-туруштары, керек болсо тагдырына чейин жооп берерлиги милдеттендирилди.

Мурунку ата-бабалардан калган тартип боюнча жоокердик өнөрдөгү жол чалуучулар, күзөтчүлөр, чабаганчылар, ат багарлар, тамак-аш даярдоочулар, чыккан кол-бутту, сынган мүчөлөрдү кынаптап, салып-таңуучу табып-дарыгерлер дайындалды. Күндө согуштук өнөргө машыгып тердеп-кургаган аттар менен жигиттер мөңгүнүн суусуна жуунушуп, сергиген сайын чыйралышты. Темир курал таңсык болгондуктан, жыгачтын эң эле катуусу деп аталган долоно, табылгы, шилби, арча уюлдуу дүмүрлөрү сомдолуп, «бир чабар» абалга келтирилди. Ал тургай сайда өскөн кайың-талдын суу союлдары деле «бир чабардын» деңгээлиндеги куралга жарап, баатырлардын бир шилтеминде, кирген бууранын, атырылган

жолборс, карышкырдын ажалы жетерлик болуп, сөөктөрү талкаланбай койбойт эле.

Топтолгон жигиттердин көңүлдөрүн көтөрүп, эртели-кеч, түшкү тыныгууда оюн-тамаша уюштурулуп, ыр ырдаган, күү черткен шайырлар четтен чыга, бирин-бири эрдикке шыктандырышып, Ата Журттун ыйыктыгын, ак калпак элдин ар-намысынын тунуктугун, элди-жерди коргоо эр жигиттердин милдети экендигин даңктап ырдашты. Манас айтылып, баатырдык күүлөр чертилди. Айылдагы алган жар, ата-эне, тууган-туушкан, жакындарга арналган сүйүү ырлары көбүн ойго салды. Баланын ата-энеге мураскор экендиги, эртеңки эл-жердин ээси, элди коргоп-барктаар, учук улаар урпактар экендигине арналган аңыз, ыр-жомоктордо кеңири маани берилди. Касиеттүү Ала-Тоо, тунук асман, келбети келишип көркү көз тайгылткан туулган жердин ыйыктыгы, аны душманга алдырбоодогу баатырдык касиеттин улуулугу даңазаланып, жоокерлердин ар биринин сезими курчуду. Ата-бабаларынын эрдигине, эч нерседен жалтанбаган шердигине шыктанган тоолук жигиттер туулган жерди сактоодо, ажал менен арбашууга даяр эле. Өздөрүн Манастын чоролорундай сезишкен эр азаматтардын көңүлдөрү шат, кармаштан кайра тартпас намыстары ашып турду. Чолпонкул баатыр колду үчкө бөлдү. Бир тобуна Көнөк баатырды, экинчи топко Жанай баатырды, үчүнчү топко Болот баатырды башчылыкка бекитти. Өзүнө үч жүз башыны колу менен алып калды да, жоо дарегин аларга тактап, кимиси кандай аракеттерди аткарарын эскертти.

-Капылеттен келген жоо, баягы Касан чебине жайгашыптыр. Айтууга караганда атка жеңил, тайга чак, ат жалында өскөн, чаап баратып жаа тарткан, кылычка кыйын, өтө эле шамдагай немелер дешет. Минген аттары жапыс болгону менен өтө ылдам, бирөө болобу, ону болобу бирин-бири колдоп, жабыла чабышып, бирдиктүү кол салышат экен. Ач айкырып куу сүрөн салышып, чөө бөрүлөрдөй жабыла киришет дешет. Кандай болсо да, алар баскынчылар. Баскынчылар бизди аябайт. Алардын бир эле максаты элди талап-тоноп, майканын чыгаруу. Колго түшкөнүн кул-күң кылганы, туткундап өз жерлерине айдап кетүү. Жоо сырттан келди. Билбеген жерди ой-чункуру көп, дейт элибизде. Жерибизди, тоо, колот-коктуларыбызды туура пайдаланып, чабуулдан мурда, коргонууну көбүрөк пайдаланалы.

Көнөк баатыр, сен жерчилсиң. Сапед –буланга түшүп, Пайтактан тартып, Чынжыр-Ата, Аламайдандан өтүп Касандра

чебинин сол өңүрүн ээле. Жанай баатыр Эчкилүү тоону этектей барып, Кара-Тоо тараптан чыгып, Касандра чебинин оң өңүрүн ээле. Эрболот, Көз-Булакта туруп, оң-солдогулар жеткенде жылга-жыбыт аркылуу илгерилейсиң. Мен үч жүз башыны алып, кимиңе жардам керек болсо, чабаганчыңардын кабарын күтүп, токой ичинде турам. Кана эмесе баатырлар, ишибизди жараткан оң жолго салсын! Ата-бабалардын арбактары, жерибиздеги олуя-машайыптардын рухтары колдосун. Омийин!

Баатырлар жабыла аны коштой, беттерине бата тартышты.

Аксы аймагын басып кирген жоонун кийимдери териден, баштарындагы малакайлары желкелерин жаап, далыларына жеткен, өздөрү шамдагай, ийри кылыч, мурдатан эл оозунда айтылып жүргөн, атактуу кан ичме Темирчыңдын урпактары эле. Алар ат туягы жеткен жерге чейин, элди чаап, шаарларды кыйрата өрттөп, колуна тийгенин көккө сапырып, каршылаштарына кайрым кылбай, тирүүлөй белин кайрып, же согуп турган жүрөгүн сууруп алып, иттерине ыргыткан, ырайымсыз, кан ичме, ары шер,  ары жалтанбас Темирчың баатырдын небереси хан Батыйдын ишенген аскер башчысынын колу болчу. Алардын максаты ата-бабаларынан калган салт боюнча, салык төлөбөгөндөрдүн жазасын берип, экинчи алардын атын унуткус кылып, алымды эскертүүсүз өздөрү жеткирип берүүчү абалга көндүрүү эле. Алар сырдын башын сыдырып, кырдын башын кыдырып, этектеги элдин эсин оодарып. жайыктагы кыпчактарга бетме-бет чыга албай, тоолуктарга тополоң салган кези болчу. Кыпчак жайыгындагы кыргыз талаасын мекендеген кыпчактардын Үйчү баатыры тымызын Аксы, Ала-Бука аймагындагы баатыр башчылары Чолпонкул баатыр, Көнөк баатыр, Жанай менен Эрболот баатырларга кабар жиберди.

-Келгиндерди кетирмей жок. Тоо ичинде тынчыталы. Убада-шерт. Болжогон күнү, колум менен жетип барам.

Кабар кыргыз баатырлардын ойлоруна дал келди. Ансыз да канчаларды кансыратып, кандарын чачып келген канкорлор, бул жерден аман кеткенде да канчалардын канына забун болуп, бей күнөө адамдардын көбүн кырып-жоеру белгилүү эле. Күндө жол чалып, кокту-колот, өзөн-суу, токой ичин аралап чалгындагандар болгон кабарды биринин артынан бири жеткирип турушат. Эрболот Көз-Булакка келип, тээ бет маңдайдагы бозоргон боз чаңгыл боло туманданып турган Касандра чеби тарапты акмалап отурган. Жол чалууга кеткен жигиттердин тобу ар-жердеги кокту-колоттордо,

токойлордо кылая чыга калышып, кайра караандарын жашырышып, эңкүүлөп баратышкан. Капылеттен алар Сыргак дөбөгө бириндеше жете беришкенде, тээ арытан уюлгуган чаң асманга көтөрүлдү. Чаңдын коюулуугуна караганда көп кол бардай. Ат дүбүртүн угуштубу, же коюу чаңды байкоого алыштыбы, чалгынга баргандар, шашыла артка кайтышып, дүпүйгөн токой ичине кирип кетишти.

Эрболоттун чакан колу Көз-Булактын кыясындагы дүпүйгөн токой ичинде, ат тизгиндерин жыйа кармашып, чалгынчылардын келишин күтүп калышты. Аркы тарапта чаң сапыра келе жаткан топ, капчыгай оозуна жакындай бергенде жол чалгандар, кыйкырык-сүрөө менен жол четинен чыга калышты. Аз сандагы жергиликтүүлөрдү көрө калышкан калың топ алды-аркасын карабай, ат сала, жабыла чабышты. Алардын көптүгүн байкаган болуп, жол чалгандар кайра кайрыла качып беришти. Аларга жетебиз деген душмандар темине-чамына кууп жөнөштү. Бириндеген жергиликтүүлөр бир топко качымыш болуп барышып, жылга-жыбыттарга бир-бирден сиңип кетишти. Алардын аркасына сая түшүп, делөөрүгөн жоо бирин да таппай калышып, токой ичине сүңгүй келе беришти. Коюу токой коркунучтуу болуп көрүндүбү, жабалактагандар кайра тартышты. Дал ушул учурду гана күтүп турган Эрболоттун колу мерчемдүү жайларга алыстата аркан-керме тартышып, таман тузак коюшуп үлгүрүштү. Токой ичинен катуу добуш чыгарышып, көп кол каптагандай, ач кыйкырык салышты. Шашкалактаган жоо колу келген жактарын көздөй кайрыла, аттарын салып-уруп жөнөп беришти. Улам тартылган кермеге чалынышып ат-маты менен оңкочок атышып, тапан тузакка түшүшүп, ат үстүнөн ыргып, жолго чабылышып, биринин жолун бири торошту. Даяр турган кыргыз жигиттери баш көтөргөнүн көмөлөтө чаап, бирин да тирүү кетиришпеди.

Батыйдын ишенген аскер башчысынын жол күзөткө чыккан бир тобу кошунга кайтып келишпеди. Аскер башчы жоокерлерин эки күн күттү. Үчүнчү күнгө чыдабады. Бир туруп, бир отура калып, тынчы кетти. Түнү уктабаганы аз келгенсип, көөнүнө тамак да барбады. Акыры бир бүтүмгө келип, тоолуктарга элчисин аттантты.

-Бетме-бет урушка чыгалы. Жеңсем да, жеңилсем да кетем. Болбосо, жолуңарды тосуп, тиричилигиңерди өткөртпөйм! Кайсыл күндү тандаганыңарды айтып, кабарын билдиргиле?!

-Ансыз да, кетпеске айлаӊ жок. Тиричилигибиз коӊушулар менен бирге экенин билипсиӊ. Демек, биз сага жалгыз жоо эмеспиз. Уруш Муктун жайыгында, ай ортологондон ооп, он алтысына белгилейбиз-деп, жооп беришти тоолуктар.

Бул кабар кыпчактардын кырааны Үйчү баатырга да жеткирилди. Баягы тоолуктардын үч баатыры, болжогон аймакка эртерээк барып, душманга билдирбей буктурмаларды ээлөөгө кеп бышытышты. Болжогон күн келип, Муктун жайыгында, өлүм менен өмүр айкашып турду. Эки жоо эки тарапта. Бирок, тоолуктардын карааны суюк. Канчалык чачырап турушса да, баскынчылардын жарымындай көрүндү. Тике карагандарга жаратылыш, жашоо кашкая көрүнүп, жалтайлап төмөн карагандарга кара жер, өлүм көрүнүп, уйгу-туйгу болгон сезим, көөдөндөрүн бийлеп турду. Айкаштын шарты боюнча жекеме-жекеге Нанай баатыр атын алчыланта бастырып, беркил тарапты тоготпогондой какырына-түкүрүнө ортого чыкты. Олчойгон, эткел денесинин булчуӊдары бөлүнө, кыймылдаган сайын, буртуя калат. Колундагы найзасын булгалай, тоолуктарды жекеме-жекеге чакырды.

Баятан бери даярданып турганбы, же шамдагайлыгыбы Эрболот аргымагынын басмайылын бек тартып, үзөнгүгө бут салбай, секирип минди да, найзасын шукшурулта чаап жөнөдү. Эки баатырдын аралыгы жакындай берди. Мерчемдүү жайга жете келишкенде белги берилип, экөө теӊ ат үстүндө түйүлө, бири-бирин көздөй шукшурулушту.

-Ээ, жараткан! Эрболотко кубат бер. Намысын алдырба! Асман теӊир колдой көр! Эр Манастын арбагы колдо!-деп тоолуктар жабыла жакасын карманыша жаратканга жалынып, Эрболотту сүрөп, жабалактай кыйкырышты. Нанай шукшурулган найзасын бетке кармап, тоолук баатырдын как жүрөгүн мээлеп, сүӊгүтө, кага береринде, Эрболот мурдагы илесине салып, атынын оӊ капталына жата калып, жандап өтүп бараткан Нанайдын сол колтугуна кыска найзасын уруп өттү. Эки аргымак бирин-бири капталдай сүрүп, кайчылаша өтө берди. Жарданып тургандарга тоолуктардын баатырынын карааны көрүнбөй, ат үстүндө чалкалап калдандай түшкөн Нанайдын тулкусу чалдыкты. Моӊголдор «чурр» эте кыйкыргыча болбой, кыргыз баатырынын карааны ат үстүндө койкоюп, Нанай баатырдын оор денеси, ат үстүнөн шылк эте, жерге кулады.

Эрболотту ат үстүнөн көргөн кыргыздар жер жаӊырта кыйкыры-шып, жабыла алга теминишти.

-«Кайда барсаң Мамайдын көрү казылуу» демекчи, атактуу Мамай баатырдын бир тууганы Нанай баатырдын каны Аксы аймагында төгүлүп, денеси калган жер Нанай аталып кетти.

Жоо бири-бирине ат салышып, кылыч шилтеп, «шылк этме» чаап жаткан мезгилде, капылеттен оң-сол буктурмадагы жигиттер каптап кириШти. Аны күтпөгөн жоо алдастай калса да, көптүгүнө сала, жабалактап жатышты. Кыргыз жигиттери Эрболоттун эрдигине шыктанышып, жоо ичине тепчий киришип, жака-белдерин каршы-терши уруп-чаап, кыйсыпырын чыгарышты. Баскынчылардан жалтанбай, баары эле кол көтөрө умтулушуп, бет келгенине найза сунуп, кылыч чаап, шылк этме шилтеп, чокмор менен койгулап, кээлерин жекелете, кээлерин ортого алышып, ат үстүнөн түшүрүп жатышты. Карсылдаган найза сынды, жалаңдаган кылыч сабы колдо калып, мизи калдактап жерге түштү. Ээси жок аттар тизгинине чалынып мөңкүсө, ат үстүнөн ооп түшкөн өлүк дене, бири-биринин өлүгүнө аралашып, тебелендиде жатты. Кимди, ким көрүптүр демекчи, жумуру баш, айры төш адамдар бирин-бири кескилеп-чапкылап, аеосуз кыра берди. Томолонгон адам башы топтой кулады. Коркурап, жаны чыкпаган денелер жерде тырпырап, эки жоо айкашкан майдан талаасы кан, жин, терге чулганып, ат туягынан сапырылган чаң, бозомук түтүнгө айланып, баягы кандуу Муктун жайыгын кара туман каптады. Жоо көптүгүнө сала, тоолуктарды торой чаап, кетенчиктетип бараткан чакта:

-Үйчү баатыр келди деген кабар тоолуктарга желдей тарап, баятан бери тыным албай кармашып, чарчагандан шалдайып бараткандардын демине-дем кошкондой болду. Жандарын канжыгага байлаган тоолуктар өлөөр-тирилерине карабай кайра чамынышты.

Жоо кетенчиктей сүрүлүп, чегинип баратты. «Жым көл» тарапта караандардын сээлдегенин билишкен душмандар топ-тобу менен ошол тарапка ат моюндарын бурушту. Көл атарабын беш колундай билген тоолуктар ичтеринен жымыңдашты. Өңгүл-дөңгүлү көп саз, жар-кемерлүү таштак жайда аттары чалынып, кээси жөө, кээлери атчан качкан жоо колу жашынарга жай таппай алдасташты. Так ошол мезгилде кыпчактын кыраан баатыры Үйчү колу менен жетип келип, качкандардын жолун бөгөдү.* Ортодо калган душман колунун аргасы кетти. Кутулуунун аракетинде болушкан жоо колу, тайыз сууда калган чоң сазандай, бултактап ар тарапка удургуй чалынышып, арга таппай алдасташты. Көп колдун жарымынын көбүнөн, айрылган аскер башынын ынданы өчүп, бул

жерден эптеп эле алыстап бошонуп кетүүгө шашты. Анын болгон ой-санаасы Батый ханга жетип, эртерээк анын кошуунуна кошулуу болду. Колун чаптырганы үчүн чоң жаза күтүп турса да, кандай болсун тоолуктардан аман кутулуунун жолу көзүнөн учту.

Аскер башы Батый ханын канчалаган жер кезсе да оңойлук менен эле таба алган жок. Кыпчак жайыгында «Талаа бөрүлөрүнө» (кыпчактарга) туш келди. Алар аны аябады. Байыр алдырып, бир жайга токтонушуна, эс алуусуна мүмкүнчүлүк беришпеди. Капылеттен эки жолу кол салышып, миңдей жоокерин жок кылышты.

*-* Жоону жеңген Үйчү баатырлардын аты эл эсинде сакталып калды. Наманган жана Үч-коргон шаарларынын ортосундагы райондун борбору Үйчү баатырдын аты менен кылымдар бою жашап келет.*

Анысы аз келгенсип, мурда-кийин барган жерлердеги элдердин мүлктөрүн тоногон «табылгаларын» тартып алышты.

-Аскер жетекчисинин жарым миңге жетпеген колу, колу да эмес, «сел-саяктар» ээн талаа, эрме чөлдөрдө түнү куурап, күнү суусап, арып-ачып, өлдүм-талдым дешкенде, бир жерде турбай, улам орун которуп, жүрүп отурган Батый ханына деңиздин боюна барганда кууп жетишти. Хандын көрктүү чатыры, бийик секичеде тигилген болчу. Чычкан мурду жорголожгус шыкалган нөөкөрлөр менен курчалган ханга, баягы Чыңгыз хан тартибиндеги белгисин көрсөтүп, араң жетти.

-Кана кол? Кайда жүрдүң? Хандын өктөм үнү баш көтөрүп сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бербеди.

-Эмнеге келдим?-деп ойлоду. Келбеске чарасы да жок эле. Бекинген чакта да, жердин жети кабатынан болсун таптырып, өзү билген жазасын бермек.

Кандай жаза болсо да кайыл болуп турду. Колдун талкаланганын, Нанайдын өлүмүн эбак эле уккан хан, жай басып келип, курун мойнуна илип, тик кароого даабай, чөгөлөп турган аскер жетекчисин өкчөлүү өтүгү менен ныгыра басып:

-Кана, сага ишенип берген жоокерлерим? Нанай баатырдын ордуна сен өлсөң болмок!

-Кыжынган хандын өкчөлүү өтүгү оозу-мурдун жапшыра, килемге ныгыра басты. Деми буулган аскер башынын жан соогалаган эки колу гана аркасында араң кыбырап жатты. Ошол убакыттан баштап, ал адам катарынан чыгарылып, мойнуна зоолу салынып, кулдардын катарына кошулду.

-Дамбылда, кызыктуу аңгемеңизге биз терең ыраазычылык билдиребиз. Бирок, бизди талаштырган дагы бир маселе болуп турат. Отургандар арасындагы улгайган жоокер сөзгө аралашты.

-Ко-ош? Талашыңарды чечмелөөгө аракет кылалы. Айтып көрүңчү?

Иляз молдонун ары жумшак, ары кичи пейил мүнөзү отургандардын баарына жакчу. Анын илимге үндөгөн, кат-сабатты үйрөтүүгө кылган аракети менен айрым жаштар анын колунан таалим алып, кат-сабаты ачылган эле. Ал кериле кетмен чаппаса да, үй бүлөсүн багууда балдарды окуткан акысы аркылуу каржы табуучу. Анын турган турпаты молдолук өнөргө берилгенин айгинелеп турчу.

-Кандай талаш болуп калды?-деп суроо берген тарапты карады.

-Софет булаң деген кыздын аты болсо, бул жерде жалаң эркектер согушса, кантип эле бул мазар кыздын аты менен аталып калат?-деди улгайган жоокер.

-Бул суроощуз жакшы. Мен сизге он үчүнчү кылымда жашаган Борбордук Азиялык тарыхчы Жамал Каршийдин «Мунханат-ус-Сурох жана Шах Хаким Халистин «Софет булан кыссасы» китеби боюнча жооп берейин.

*Алла жолунда өлтүрүлгөн шейиттер жөнүндө «Булар өлуктөр»-дебегиле! Жок, алар тирүүлөр-бирок, силер сезбейсиңер! Куран карим.*

***154-аят. Бакара сүрөсү.***

-Борбордук Азияда, айрыкча Кыргызстанда Ислам дининин таралышы жөнүндө маселеде Жалал-Абад өрөөнүнүн Ала-Бука жана Аксы аймактарынын Падыша-Ата жана Чанач-Сай өзөндөрүнүн куймасында жайгашкан «Сафид булаң, Шах Фазыл» мазарынын орду өзгөчө. Ислам дининин Борбордук Азияда жана Кыргызстанда таралышынын алгачкы этабында эле чоң мааниге ээ болгон мазар, коздугу жана тарыхый мааниси жагынан кайталангыс. Сафид булаңдагы тарыхый окуялар анын ислам динин таркатуунун белгилуу бир борбору болуп тарыхчылардан өзгөчө көңул буруну талап кылат.

Кийинки доордо, айрыкча Карахандар мамлекетинин гулдөгөн мезгилинде Сафид булаң белгилүү диний борбор катары сакталып келген. Тарыхый изилдөөлөрдө Караханиддер империясынын өнүгүп өсүшүндөгү ислам динин мамлекеттик деңгээлге

алгандыгынан улам бүгүнкү күнгө чейин жетип отурат. Сафид Булаң сыяктуу мазар жайгашкан Аксы чөлкөмүн, Орто Азиянын жана Казакстандын аймагынын ислам дүйнөсүнө таратылышынын негизги борбору болуп эсептелген. Караханийлер мезгилинде Борбордук Азияда, анын ичинде Кыргызстанда, Фергана өрөөнүндө чоң-чоң шаарлар, айыл-кыштактар менен катар эле маданияттын, искусствонун жана архитектуранын топтолгон борбору болгон.

Аксы чөлкөмүнүн ыйык жайы-байыркы мусулман бейити Софид Булаң мазарынын жанында «Шах Фазыл» күмбөзү жайгашкан Арабдар Ферганаћы каратып алуу үчүн узак убакыт бою согушкан. 715-жылы араб кол башчысы Кутейба ибн Муслим Орто Азияга жортуул жасап, алар Фергананын борбору болгон Касан шаарын караткандан кийин, жергиликтүү калктын ислам динине өтүшү башталган. Сафид Буландын пайда болушу так ушул окуяларга байланыштуу болу, арабдардын Ферганаћы басып алгандыгы жөнүндө, ошондой эле калкын мусулмандаштырууну чагылдырган окуяларды камтыйт.

Борбордук Азияда эзелтен эле түрк жана фарсы тилдеринде сүйлөгөн элдер жана уруулар жанаша жашап келишкен. Алардын көп кылымдарды камтыган тарыхый тагдырлары, маданий мурастары жана диний каада-салттары жалпысынан бирдей. Миңдеген жылдар мурда дүйнөлүк өнүгүүнүн эң жогорку баскычында болгонуна карабай, акыры кылымдарда өз тарыхын билүү жалпы элдик каада-салттарды жайылтуу мүмкүнчүлүктөрү чектелип келди. Тарыхый-маданий эстеликтер аймактын жергиликтүү калктын жашоо турмушу, жараткан иштери, илим жана маданият тармагындагы жетишкендиктери, ал жерде болуп өткөн тарыхый окуяларды изилдөөдө чоң мааниге ээ.

Онунчу кылымдын акырында Борбордук Азияда пайда болгон караханийлер мамлекетинин ордуна маданияттын бардык тармактары, айрыкча архитектура өтө кеңири өнүккөн. Өлкөнүн борбору болгон Баласагында куруучулук мектеби түзүлүп, андан мамлекеттин түрдүү аймактарынан келгендер окуп, алардын аракети, эмгеги менен бекем мунаралар, мечиттер, күмбөздөр ж.б. имараттар курулган. Ошол доордо куруучулукта бышкан кышты колдоно башташкан. Бышырылган сапал түтүктөр аркылуу суу бөлүштүрүлгөн. Алар Караханийлер маданияттынын эң жаркын үлгүлөрүнүн бири.

Сафет Булаң кыштагынын байыркы калкы ушул жердеги арча тоонун түштүк батыш жамбашында жайгашкан «Долоно шаар» аталган жерде жашаган. Эстелик курулгандан кийин эл анын тегерегине келип жайгашкан.

«Долоно шаардын» жанынан өткөн чоң кербен жол Улуу Жибек Жолунун бир тарамы болуп, Фергана өрөөнүнүн Чаткал жана Кетмен-Төбө аймагы менен байланыштырып, соода-сатык жана маданий маселелердин өнүгүшүндө негизги орунда болгон. Жолду бойлой темирчилик, чоподон ийдиш жасоочу, зергерлик, жыгач устаканалары жана соода дүкөндөрү жайгашкан.

Фергана өрөөнүнүн түндүк бөлүгү, түштүк кыргызстандын көпчүлүк аймактары, деги эле өлкөнүн көөнө тарыхы муундан-муунга уламыш түрүндө гана айтылып келген. Тарыхта бай Сафет Булаң кыштагы Наманган шаарынан элүү беш чакырым алыстыкта, Падыша-Ата жана Чанач-Сай дарыялары туташкан жайдагы Арча тоосунун батыш тарабында жайгашкан. Кыштактын айланасындагы жерлер байыркы замандан бери эле өздөштүрүлүп келген. Ага жакынкы Мамай, Падек, Ак-Коргон, Кашкалак кыштактарынын аймактарынан байыркы жез, темир дооруна таандык эстелик буюмдар табылган.

Сафет Булаң кыштагынан түштүк-чыгыш бөлүгүндөгү эл жашаган жер «Долоно шаар» деп аталган. Кыштактын айланасында көптөгөн дөбөлөр болуп, калк ичинде бул жайларды «Муг дөбө», «Корум», «Муг таш» аталган. Ислам дини кабыл алынганга чейин байыркы «От парас» (кыргыз) эли жашагандыгы болжолдонгон. Чындыгында эле, калк ушундай болуп, өзүнүн эзелки турмушун, диний көз караштарын, өзгөчө тарыхый өнүгүүнүн байыркы доорлорундагы издери аныкталган. Бул жерде мурдатан эле эл жашаганын аныктоо үчүн изилдөөчүлөр, же соңку тургундар тарыхый өнүгүүнүн түрдүү доорлорунун ортосундагы өз ара байланыштан улам тарыхый табылгалар болгон жерлерге (байыркы издерге) эски аталыштарды кошуп айтышкан. «Эски издерге» таандык «Мончок дөбө», «Такабай дөбө», «Жарак дөбө», «Бозтал дөбө», «Ак дөбө» ж.б наамдар менен аталат.

Фергана өрөөнүнүн бул жерлеринде жайгашкан эл байыртан дыйканчылык жана соода-сатык менен күн кечиришип, көчмөн чарбалар менен кошуна турушкан. Ал жерден өткөн чоң кербен жолу Фергана өрөөнун борбордук шаарларын Теңир тоонун түндүгүнө жайгашкан көчмөн чарбалар жана соода менен алектенген эл жашаган жерлерге өз ара байланыштырып турган.

Орто кылымдардагы араб-фарсы тилиндеги маалыматтарга караганда Ферганынын ири шаарлары Заркан, Кербен, Наджим-Кербен дубанынын карамагында болгон. Маалыматтарда башкы шаарлар ортосундагы аралык фарсах менен көрсөтулгөн (бир фарсак 6-7 чакырым) Касандан Наджимге чейин эки фарсах. Касандан Кербенге чейин төрт фарсах. Аксыкенттен Кербенге чейин тогуз фарсах жол. Касан жана Аксыкент шаарлары Фергана өлкөсүндөгү эки негизги шаар болгон. Алар азыркы Наманган аймагындагы Касансай жана Шаханат шаарына туура келет.

Сафет булан тарыхын жана анын атынын келип чыгышын үйрөнүүдө эпиграфиялык эстеликтердин мүрзөүстүндөгү моло таштардын мааниси чоң. Орто кылымдардын башында пайда болгон, борборунда «Шах Фазыл» мазарындагы байыркы көрүстөнгө (10 га жер аянтын ээлейт) улуу муундагылардын айтымына караганда жакынкы күндөргө чейин тегерегиндеги айыл-кыштактардан, атуугүл Чаткал, Талас өрөөндөрүндөгү беделдүү кишилердин сөөгү, алардын айткан керээздери боюнча коюлган. Бир кезде Жунгар баскынчыларынан качып, баш-паанек издеген солто журту бүт бойдон  Аксы, Ала-Бука, Чаткал аймактарынан турак алышкан.

Түрк урууларынын арасында орто кылымдардан баштап, он бешинчи кылымга чейин мүрзөлөрдүн үстүнө жазуу жазылган молоташ эстеликтерди орнотуу адаты сакталганы тарыхта белгилүү. Ислам дини кабыл алынгандан кийин да бул адат улантылып келген. Моло таштардын көпчүлүгүндө жазуулар араб тилинде болуп, кээлери фарсча. Ал эми кээ бир жазууларда тилге алынган аттар түркчө. Демек бул жергиликтүү эл тогузунчу кылымдын босогосунда ислам дининин кабыл алгандыгын билдирет. Алардын кээ бирөөлөрү  мусулман шарки деп аталган-Арабстан, Харасан, Азербайжан, Иран ж.б мамлекеттерден келгендерин билдирет.

Жергиликтүү жайлардын тарыхый наамдарын аныктоодо айрыкча жазма булактар-илимий, тарыхый, көркөм чыгармалар-дагы аталыштар негизги орунду ээлейт. Софет булаң туурасында да бир катар далилдүү булактар арбын. Орто кылымдардын тарыхчысы Жамал Карший өзүнүн «Мулханат ус Сурох» чыгарма-сында Софет булаңда болгон окуяларды баяндайт. Софет булаңдын он үчүнчү кылымда эле Фергана өрөөнүндөгү атактуу жер экендигин белгилейт. Он бешинчи кылымда жазылган Низамиддин Шамийдин «Зафарнама» чыгармасында жазылган

«Темируй Умар Шайхтын Инге-Төрө менен болгон согушу туурасындагы аңгемесинде «Булан» деп аталган жай, ушул жер экендиги болжолдонот. Он алтынчы кылымда Фергана өрөөнүндө болгон окуялар туурасында баяндаган. «Жами ал-Мухаммад» деп аталган башка бир чыгармада «Испуд булан»-Сафед булан аталат.

Тарыхта белгилүү болгондой орто кылымдардын биринчи жарымында Борбордук Азияда фарсы тилинде сүйлөөчү элдер менен бирге негизинен түрк насилдүү элдер жашаган. Бирок, чыгармада ушул доордо Фергана өрөөнүндө «муг» сөзү калмак сөзүнөн алынып, тоолуу эл деген маанини билдирет. Аларды «калмугдар» деп аташкан Араб аскерлери Фергана өрөөнүнүн Касан шаарына келгенде айлана-чөйрөдөгу тоолорду көруп, аларды «каф»-деп, ал жерде жашаган тоолуу элдерди «муг» деп аташкан. Ага «Муг дөбө» сөзү мисал боло алат. Ушул чыгармада Софет булaндын түндүк чыгыш тарабында Мамай кыштагында «Онгор» акими муг-Карванбас бар» деп көрсөтүлөт. Анын Бу «Бүбү»-Убайда аттуу кызынын «Бүбү» Булан аттуу кызматчысы болгон деп айтылат. «Софет булан» сөзүнүн этимологиясына караганда, аны экиге бөлүш мүмкүн. Биринчиси ал түрдүү убактарда «испид», «сафид», «эспид» деп түркчө бузуп айтылган. Фарсча «софед»-«ак» деген сөздү билдирет. Экинчиси «булан» белгилүү энциклопедист аалым Махмуд Кашкарийинин «Деван»-Лугати-ат Турк» чыгармасында жана Жусуп Баласагындын «Кутадгу Билиг»-дидактикалык поэмасында бул сөз жалгыз мүйүздүү айбанды билдирет деп көрсөтулгөн. Ошентип «булан» атынын келип чыгышы бул жерде байыртан бери бугуга окшогон жапайы айбандар жашагандыгынан кабар берет.

Түрк элдеринде, айрыкча тоолуу элдерде кадимден жаңы төрөлгөн балага айланадагы айбан, же өсүмдүктөрдүн наамдары коюлган. Ошон үчүн Булан аттуу кыздын аты да ошол мезгилде Чаткал тоолорунун жана анын этектеринде жашаган бугуга окшош айбандын наамынан алынган Бү (же Бүбү) сөзү болсо, аял кишини урматтаганда анын атына кошуп айтылат. Орто кылымдарда Сафет булан кыштагында жана анын айланасында жергиликтүү түрк уруулары жашаган аларды арабдар «муг» деп аташкан. Алардын арасында Бүбү улан аттуу кыз да жашап, Сафет булан аталып калган.

Алтынчы кылымдын башында Арабстан жарым аралында пайда болгон ислам дини жер жүзүнө тараган. Борбордук Азия,

тагыраак айтканда, Фергана өрөөнү кантип исламдаштырылган? Мына ушундай суроого кол жазма булактарынын бири он үчүнчү кылымда жашаган Борбордук Азиялык тарыхчы Жамал Каршийдин «Мунханат-ус-Сурох» чыгармасы далил болот. Ошол мезгилде эле Сафет булаңдын кеңири белгилүү болгондугу баяндалат.

«Фергана мамлекети түшүмдүү жана жери кең, бактары мөмөгө толо, кыштактары көрктүү, абасы таза, жемиштери берекелүү, мазарлары ыйык жана ал жерде тоолор бар. Сулайман алейхиссаламдын вазири ибн Бирхиянын мазары ушул жерде Азиздердин айтымында, Сафед булан деген жерде шейиттердин мазары бар. Алар  мусулмандардын амири Осмон ибн Аффан тарабынан Мухаммед ибн Жарир башчылыгында жиберилген болуп, алар ушул жерде  согушуп, алардан эки миң жети жүз жетимиш эки киши ошол жерде шейит болгон. (Бул чыгарма ушул күнгө чейин кыргыз тилине которулган эмес).

Ушундай чыгармалардын дагы бири Шах Хаким Халистин «Сафет булан кыссасы» китеби болуп, анда Фергана өрөөнүндө Ислам дининин жайылтуусунда Софет булан кыштагы тууралуу маалыматтар берилген. Чыгармадагы окуялар жетинчи кылымдын сексенинчи жылдары түндүк-батыш Ферганада ислам дининин таралышы менен байланыштуу болуп, негизги сөз Мухаммед ибн Абдуллах ибн Жарирдин ишмердиги жөнүндө баяндалат. Тарыхый согуштар Фергана дубанынын Куба, Наманган дубанынын Миң-булак, Төрө-Коргон, Касансай, Жаңы-Коргон, Жалал-Абад дубанынын Ала-Бука, Аксы аймактарынын чегинде болгонунан маалымат берет.

Тарыхый маалыматтарга караганда арабдар Борбордук Азияга негизинен 705-жылдан баштап Хурасан акими Кутайба ибн Муслимдин демилгеси менен анын башчылыгында жүрүш башташкан. Бирок, алар жетинчи кылымдын ортолорунан баштап эле бир нече жүрүштөр жасап, бул жерлер менен таанышып, жана жергиликтүү теңирчилик дининдеги элди исламга чакырууга киришишкен. Пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын жардамчылары болгон алгачкы халифалар, Азирети Абу Бакир Сыдык, Азирети Умар жана Азирети Осмондун доорлорунда он беш жыл ичинде Иран жана Ирак жерлерине жүрүш жасап, акыры Иран шахы Язди өлтүрүлүп, анын жерлерин толук ээлегенден кийин арабдардын көңүлү негизинен Маверинахрга (эки дарыя Амур жана Сыр-Дарыя тегерегиндеги жерлер) бурулду.   Азирети Осмон ибн Аффон доорунда жиберилген аскер жеңилип калат.

636-жылы анын өлүмүнөн кийин, халифаликти ээлеген Азратали Али араб аскерлерине жардам берүү үчүн Абдуллах ибн Омардын башчылыгында сегиз миң аскер жиберет. Алар Самарканд аркылуу Түркстанга келип, бул жерде үч ага-ини мугдар Кочкорбаш, Урбуташ жана Сукарташтар менен согушту. Бул согушта араб аскерлеринин башчысы Абдуллах ибн Омар өлтүрүлдү. Арабдар дагы жардам сурап Мединага кат жиберишти. Бул учурда араб халифалыгында бийлик талашынан өз ара карама-каршылыктар күчөп кеткен эле. Негизинен бул күрөш, курайш уруусунан болгон пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссаламдын муундары болгон хашимийлер менен Курайш уруусунан Абу Суфиян негиздеген Уммавийлер үй-бүлөсүнүн ортосунда жүргөн.

661-жылы Хашимийлер үй-бүлөсүнө таандык акыркы халифи Азирети Али өзүнүн багып алган уулу Дамаши акими Муовияга өтөт. Ал борборду Дамаши шаарына көчүрөт. 666-жылы Имам Хасан Куфада, Имам Хусаин 680-жылы Кербала чөлүндө, Муовиянын уулу Язиттин аскери менен согушта өлөт.

Шах Хаким Халистин «Сафет булан киссаси» китебинде ошол учурдан кийинки окуялар баян кылынат. Мединанын урматтуу кишилери жыйылып акимдикке чоң урмат-сыйга ээ болгон Имам Укриманы сунуш кылышат. Бирок Имам Укрима мындай өтүнүчкө ыраазы болбойт:

-Сенин көңүлүңдө кандай ой-пикирлер бар?-деп сурашканда:

Менин оюм Түркстанга дароо жетмек,Мусулман үмөттөргө жардам берсек.

Бул сунуш баарынын оюна туура келди. Алар кеңешип:

-Өзүбүзгө бир кишини башчы кылып шайлап алалы-дешип, ушундан кийин пайгамбар тукумунан болгон Мухаммед Жарирди башчы кылышат.

Чыгармада баяндалгандай, пайгамбарыбыз Мухаммед алейхиссалоом Зайнап ысымдуу кызын Азирети Осмонго берет. Андан төрөлгөн перзентке бабасынын аты менен Мухаммед Жарир деп ат коюлат. Шах (Мухаммед) Жарир да башчы болууга көнбөйт. Баары пайгамбарыбыздын ыйык мүрзөсүнө кирип, Ферганага баруу ниети бар экендигин айтып кеңеш сурайт. Алар уктап жаткан түштөрүндө Расуллуллох менен сүйлөшүшөт. Бул учур жаз мезгили болуп, чөп-чар жетиле элек эле.

-Расуллуллах кырк күн сабыр кылып күткүлө. Анан жолго чыккыла!-деп, кабар берет.

Шах Жарирди ак кийизге отургузуп күмбөздөн алып чыгышат жана Мединага аким кылып шайлашат. Алар он эки миң аскер менен Расулдун селдесин башына, көйнөгүн үстүнө кийген Шах Жарирдин башчылыгында Фергана сапарына аттанышат. Куфада Имам Хасан, Кербалада Имам Хусамендин кабырларына, зыярат кылышкан соң Аксалаң, Багдат, Балх, Бухара жана Самарканд аркылуу Ферганага жол алышат. Жолдо алар өздөрүнө душман болгон акимдерди алмаштырышат. Самарканддын акими Ибрагим аркада душман болбосун үчүн биринчи Кубага барып Хушбакты, андан кийин Аксыга (азыркы Жамаш үй шаары) барып, Хургузду жеңип, андан кийин Касанга жүрүш кылууну кеңеш берет. Алар Кубага келип, Акмат жана анын уулу Насыр аркылуу Хушбакка кат жөнөтүшөт. Катта «эгер Хушбак мусулманчылыкты кабыл алса, дубанды өзүндө калтыруу» айтылган эле. Бирок, Хушбак ыраазы болбой, согушууга чечим кылат. Эртеси болгон катуу согуштан соң Хушбакты туткун кылып, алып келишет. Шах Жарир келме айтып:

-Мусулман болгун жана өзүңдүн акимчилигиңди сактап калгын- дейт.

Хушбак буга да көнбөгөндөн кийин, аны өлтүрүүгө буйрук кылат. Шах Жарир өзүнүн аскерлери менен Кубадан чыгып, Сыр-Дарыя боюна келип, Аксынын акими Хургузга да кат жиберет. Элчи Хургуздан багынууну талап кылат. Ал багынууну каалабайт. Өзүнүн жакындарын чакырып, согушууну айтат. Аксынын эли Кубада болгон окуядан кабардар болуп, Хургузду да мусулман болууга үндөшөт. Ал көнбөгөндөн соң, ал да өлтүрүлөт.

Куба жана Аксыга өздөрүнө ишеничтүү кишилерди аким коюшат. Аксыда үч күн эс алышкандан кийин, араб аскерлери Касанга жол тартышат. Алар Касандын жанындагы Чондобул айылына токтоп, Касан акими Ихшидке эки баатыр Аслам жана Абдырахман аркылуу кат жиберишет. Ихшид абал элчилерди коркутууга аракет жасайт.

-Менин кырк миң эр жигиттерим бар. Ар бири миң кишиге тең келет. Эгер мен кылычымды тоого урсам, тоо тең экиге бөлунөт.

Ихшид алтымыш батмандуу кылычын алдырып, элчиге мактанып, кайра жайына коет да:

-Эми элчиге бергиле! Кылычты кынынан сууруй алат бекен?

Аслам оң колу менен кынды кармап, сол колу менен кылычты сууруп алат да, тизесине уруп, экиге бөлүп таштайт. Ихшид кыжалат болуп калат. Ошондо Аслам сарайдагы чоң устундардын бирин кучактап, көтөрө баштайт. Сарайдагылар кыйкырып-

бакырып аны зорго токтотуп калышат. Бул абалды көргөн Ихшид элчилерге карап:

-Миң баш ат, отуз миң алтын тенге эреже боюнча жети, тогуз кул жана күң, жандыктан бардык түрүнөн беремин. Сиздерге өзүмүн адамымды кошуп жөнөтөмүн.

Элчилер Ихшиддин адамдары менен Шах Жарирдин астына келип, анын убадасын айтышат.

Касан акиминин элчилеринин бири ислам динин кабыл алат. Аны урматтап, сыйлашат. Экинчи элчи артына кайтып, болгон окуяны айтып берет.

-Арабдар арстан сыяктуу баатыр адамдар экен.  Аларга багынуу керек. Биздин теңирчилик динибиз өнүккөн жок. Алар кудай буйруган иштен башканы кылышпайт. Бардыгынан аябас адамдар экен.

Ихшиддин ачуусу келип Касандын элин жыйнап, согуша турган ниети бардыгын  айтат. Алар Ихшидди колдошпойт. Кош көңүл болгон Ихшид Онгар акими Кербенбаска өзүнүн ишенимдүү адамы аркылуу кат жөнөтөт. Кербенбас Хушбак жана Хургуздардын тагдырларынан кабардар болду. Ал Ихшидге кат жөнөттү.

-Имамга куулук менен кат жазгын. «Ислам аскерлери бул жерге келген экен. Сиздерге окшогон жакшы адамдарга багынабыз. Бардык байлыгыбызды сиздерге тартуулайбыз. Биз бут мусулман болобуз»-деп убада берет.

Ихшид Кербенбастын айтканын аткарат да, амалкөйлук менен кат даярдап, аны Имам Жарирге жөнөтөт. Төрт миң аттуу аскери менен Зарканга (азыркы Заркент) жол тартат. Бул мезгилде имам өз аскери менен Касанга келет. Касан эли аларды чоң кубаныч менен тосушат.

Шах Жарир касандыктарга шарияттан маалымат берет. Ихшиддин кайда экенин сурайт. Касандыктар:

-Кайда экендигин билбейбиз. Бирок, эзелки Онгар тоонун этегинде муг Кербенбаш бар. Анын карамагында көптөгөн шаарлар, бекем чептер, эсепсиз байлык, сансыз малы бар. Өзү болсо каардуу аскер башы-дешет.

Бул кабарды угуп, Имам Жарир Кербенбашка каршы жүрүш кылууну чечти. Алар Софет буландан төрт чакырым түштүктө жайгашкан Бадек кыштагына токтошуп, ошол жерге чатыр тигишет. Кербенбашка дагы элчи жиберилет. Кербенбаш Оңгар тоосунун боорундагы Мамай айылынын жанынан агып өткөн Падыша ата суусунун жээгинде жайгашкан, анчалык чоң эмес чепте, орношуп

алган болчу. Ал жерден айланадагы Нанай, Актам, Софет булан, Көкжар, Кызыл-кыя, Чаткал тоолору даана көрүнөт эле. Карбанбаш алдын ала айла-амал менен кам көрөт. Ал элчилерди жылуу тосуп алып, узаткан катты элчиге кайтарып «Окуңуз»?-деп талап кылат. Каттын мазмунун билген соң, ал имамдын алдына өзу барарын айтат.Бадекке келген Карбанбаш Имам Жарирге карап:

-Тоолуктар мусулман болушту. Кандай буйрук берсеңиз аткарабыз!-дейт.

Шах Жарир Карбанбашка карап:

-Ихшид кайда?- дейт

-Анын эки аймакта ордосу бар. Касанда алты ай, Зарканда алты ай болот. Азыр ал Касанда да, Зарканда да жок, дейт ал.

Имамдын адамдары Карбанбаш мусулман болду-деп ойлошуп анын амалкөйлүгүн аңдашпайт. Арабдар өз ара кеңешип, Ихшидди таап, аны такыр жок кылмайынча Түркстанга баралбастыгын айтышат. Карбанбашты Бадакка алып келишет да, Ихшитти таап келүүнү айтышат.

-Макул Ихшидди таап келем. Мага он эки күн мөөнөт бергиле? Бирок, силердин кат керек болот. Болбосо ал мага ишенбейт-дейт Карбанбаш.

Шах Жарирдин катын алып, өз атынан ага кат жазат.

-Ихшидди издеп табуу үчүн имамга жалган убада берип, он эки күн мөөнөт сурадым. Мөөнөт аяктагандан кийин да, башка чара көрөмүн. Сен да ушуга окшош амал кыл. Эмне болсо да убададан уталы деп, кабар жиберет.

Ихшид Карбанбаштын катындагы амалкөйлүктү түшүнүп, Шах Жарирге «Эльбурстан тартып, Коконго чейин жери, анда толо мал-мүлкүм бар. Алардын бардыгын, жада калса өзүмүн жанымы да ислам кызматына багыштадым-деп кабарлайт.

Имам Жарир катты окуп, ага ишене бербейт. Карбанбаш Имам Жарирди өзунун чебине конокко чакыртат. Төрт жүз адам менен имам эзелки Онго, Бозбу тоо тарапка жол алат. Карбанбаш өзүнүн чебинин алдына кымбат баалуу килемдерди төшөп, чоң урмат-сый менен тосуп алат. Меймандостуктан кийин Карбанбаш:

-Парда ичиндеги кызымды сизге ылайык көрдүм-дейт.

Шах Жарир ыраазы болот. Имам Укрима нике окуйт. Шах Жарир Карбанбаштын кызы Бүбү Убайдага үйлөнөт да, ошол түнү Карбанбаштын сарайында калышат. Эртеси Бадекке жол алышат. Арадан бир ай өткөндө Шах Жарир Аксыга барып, өз адамдарынан кабар алмакчы болуп:

-Сиз ата-энеңиздин алдына барып, бир-эки күн болуңуз-деп аялы Бүбү Убайданы жөнөтөт.

Убайда үйүнө келгенде атасы аны көргүсү келбейт. Эки көзү жашка толгон кыз энесинин алдына келип ыйлайт. Ага боору ооруган эне:

-Сен бүгүнчө сарайдын бийик жерине чыгып жат. Эрте менен жөнөп кетесиң-дейт.

Убайда энесинин айтканын кылып, жогорудагы орунга барып уктап калат. Ал кыйкырык-чуудан улам ойгонуп кетет.

Карбанбаштын адамдары Ихшидден алган катты окуп, өз ара талкуулап жатышкан. Ихшид катында Касандан чыгып, бир нече күн эмне кыларын билбей жүргөнүн, аскер топтоп Түркстанга барганын, ал жерде мусулман аскерлерин кырып таштаганын жазып, жакынкы күндөрдө тагырак айтканда жума күнү жетип барарын билдирген болчу.

-Мен жетип барганга чейин сен да даярданып тур! Бир нече субай бээлерди алып кел. Арабдар аттарын байлап, намаз окуган мезгилде айгыр аттар бээлерди көрүп, байлаган жиптерин үзөт. Арабдар жөө калышат. Ошол мезгилде аларга кыргын салабыз-деген эле. Имам Жарирге чыныгы берилип, ислам динин кабыл алган Бүбү Убайда атасынын Ихшид менен биргеликте арабдарга кол салууга ою бар экенин туят:

Түнү уктабай, таңды күтөт. Таң агарбай Бадекти көздөй жөнөйт. Имам Жарир Аксыдан кайтып келгенде болгон окуяны айтып берет. Имам келинчегинин көз жашын аарчып:

-Көп кабатыр болбогун. Кандай иш болсо да ал Кудайдан-дейт.

Бирок, Имам Укрима жакында болуучу окуяларды түшүндө көрөт. Шах Жарир эң жакын адамдарын жыйнап, кеңешме өткөрөт. Коопсуздук үчүн Анбаса баш болгон төрт жүз адамды Чанач тоосуна мугдарды көзөмөлдөп туруууга жиберет. Өздөрү тагдырга моюн сунуп, жума күнү белгиленген жайда намаз окууну макулдашышат. Көпчүлүк Имам Укримадан намаз учурунда мүмкүн болушунча кыска сүрөөлөрдү окууну суранышат.

Шах Жарир бейшемби күнү түн бою курандан аяттарды окуйт. Эрте менен намазын жамаат менен окуп болгондон кийин, мусулмандар бири-биринен ыразылык тилешип, жума намазына чейин таркашат. Шах Жарир бардык чатырларды кыдырып, аскерлердин көңүлүн алат. Жума намазынын убактысы да келет. Алар даааратын алышып, жума намазын окуй башташат. Имам

Укрима имамдык кылып, кыска сүрөөлөрдү окуйт. Анын ою бөлүнүп убаданы унутуп, кыялга берилип кетет. Кооптуу абал пайда болуп, намаз окулушун күтүп турган Ихшид менен Карбанбаш өз аскерлери менен төрт тараптан чабуул баштап, куралы жок адамдардын баштарын кесе башташат. Бирөө рукда, дагы бири саждада, дагы бири башын көтөрө бererде курч кылыч тийип, жан берип жатышты.

Мугдар намаз окуп жаткан бардык адамдардын башын кесип жатканда, намаз токтоп калды. Ал кезде мугдар эшикти тосуп калышкан эле. Имам мээрабка ишара кылганда, мээраб экиге бөлүндү да, тирүү калгандар качып чыга башташты. Ошол кезде намаз окулган жердин батыш тарабындагы Жарак дөбөнун артында Бүбү Убайда беш жүз атчан даярдап турган. Шах Жарир баш болуп, кутулуп чыккан арабдар атчан, жөө душман менен салгылаша башташты. Жарым түнгө чейин согуш уланды. Аларга чыгыш-түштүк тараптан мажар уруусунун аскерлери жардамга келишти. Ага карабай, эртеси таң алдында ар тараптан душман аскерлери ороп калды. Мугдар пайгамбарыбыздан калган тууну алууга аракеттеништи. Жаа тартышып, Кожо Аламдарды (туу кармаган киши) жарадар кылышты. Жарадар болуп, коркунуч абалдагы Кожо Аламдар тууну тарттырып жибербөөнүн аракетинде, айласы кетип турган атасын көргөн уулу. «тууну асманга ыргытууну суранды. Акыркы күч менен ыргытылган туу тээ көктө түшпөй туруп калды. Арабдар топтолушуп «Эмне кылуу керек?» дешип санаа тарткан учурда:

- Бул жерден эртерээк кетүүнүн аракетин кылгыла!-деди Имам Укрима.

-Тууну кантип таштап кетебиз?-деди Имам Жарир.

Күчтөрү тең болбогон согушта жеңип чыгуу ишеними жоголгон арабдар курчоону жарып чыгып, жайыла качышат. Туу көтөргөн Кожо Аламдар жана анын уулу ошол жерде курман болушат. Алар өлгөн жердеги мүрзөлөрдүн үстүнө күмбөз курулат.

Карбанбаштын кызы Бүбү Убайданын эмчектеш кызматкери Бү Булан ысымдуу кыз эле. Убайданы Имам Жарирге узатканда, ал дагы аны менен кошо кеткен болчу. Булан имам Жарирди жана айымы Убайданы урматтап, мусулман динин кабыл алат. «Кыргын мечитте» болгон кан төгүүлөр жана андан кийинки салгылашууларда Булан Карбанда болчу. Кайгылуу окуядан кабардар болгон кыз, согушта бардык мусулмандар кырылганын угуп, ал согуш болгон жерге келип, шейит болгондордун арасынан

өзүнө жакын адамдарды издеп табууга ашыгат. Булан бардык өлүктөрдү аралап, ыйлап-боздоп жүрдү. Канчалык издесе да, жакындарын таба албай, жапа чекти. Өлуктөрду аралап, өзүнүн жакындарын таба албаган Булан «Кыргын мечитте» шейит болуп, денесинен кесилген баштарды издей берди. Канга боелгон баштарды тааный албай Булан кыз, аларды аяр кармап, бирден алып жууй баштайт.

-Ак баштарды жууп көрөйүн. Кимдердин баштары экенин билейин? деп, экиден башты алып барып, канын жууп, тазалай берди. Таңдан кечке тынбай, убаракерчилик тартып Бүбүлан алардын арасынан өзүнүн кымбат адамдарын эч таба албайт. Ал жакын адамдары Арабстанга жөнөп кеткенин билбей, табылып калышынан үмүтүн үзбөй, ошол жерден өткөн чоң арыктын жээгине коюлган чоң таштын (ал таш азыр да бар) үстүнө алып келип, жууп тазалагандарын чуңкурга алып келип кое берет. Күн артынан күн өтө. Күн-түнү тынбай боздоп-ыйлап, эки миң жети жүз жетимиш эки башты жууп, тазалайт. Боздогон Бүбүлан азап чегип, кыйналат. Муңга батып кайгырат. Жакындарын таба албаган Бү Буландын денеси Кудай Тааланын кудурети менен бүт бойдон аппак боло, агарып кетет.

«Кыргын мечитинде» согуш бүткөндөн кийин Ихшид менен Карбанбаштар шейит болгон адамдардын сөөктөрун жашырууга тыюу салып, эң жакын адамдары менен кесилген баштар жыйналган жерге чатыр тигишип, шарап ичишип, жеңиштин тоюн тойлошот. Шараптан ууланып Карбанбаш ошол жерде өлөт. Ихшидди кустуруп, шараптын уусун соруп чыгарышып аман алып калышат. Буландын кесилген баштарды жууганын уккан Ихшид өзүнө чакырып ачууланды:

-Кайдагы бир келгиндердин баштарын жууп, сага эмне күч келди?

-Имам Жарир Убайдага үйлөнгөндөн кийин, мен да мусулман болгомун. Алардын жакшылыгын көрүп, колдорунан туз-тамагын таткамын. Имам пайгамбар уруусунан. Анын аскерлери динди таратам деп, шейит болушту. Мен мусулман катары өлгөн мусулмандардын арасынан жакындарымды издеп жатамын. Мага эмне чара көрмөксүң? Мени коркута албайсың?

-Сен да башыңдан ажырап калбагын!

-Башымды алсаң ал. Мусулман боюнча өлөмүн.

Кыздын тике карап, тартынбай сүйлөгөнүнө ачууланган Ихшид, Буланды ал жерден айдап жиберип, баштарды көмүүгө буйрук

берет. Анын буйругу менен жуулуп, далдаланган баштар чуңкурга көмүлөт. Ал жер «Калла кана» аталып калат. Кийинчерээк жергиликтүү мусулмандар анын үстүнө күмбөз курушат. Бирок, шейит болгон денелер согуш болгон майданда калып кетет. Арадан кырк жыл өткөндөн кийин Шах Жарирдин уулу Шах Фазыл бул жерге келип, Techinadан алынган тапшырмага ылайык шейиттердин сөөктөрүн бир жерге жыйнап көмдүрөт. Агарып кеткен Бу Буланды жергиликтүү эл Софет (ак) Булан-деп «ыйык, ак, таза кыз» аташат. Анын атынан кыштактын аты да Сафет булан аталып калат. Сафет булан өлгөндөн кийин анын денесин урмат-сый менен «Калла кана» кумбөзүнүн жанына коюшат да, мурзөсүнүн үстүнө ага арнап эң кооз күмбөз салышат-деп молдо Иляз аңгемесин аяктады

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

Керээлден кечке жоокердик оюндар менен машыгып, чаалыгып-чарчашсада, кечки тамактан соң, алоолото жагылган от боюна келишет. Кээлери комуз чертип, ыр ырдашса, кээлери күпүлдөтө Манас айтышып, жомокко киришет. Көпчүлүктүн арасы ары шаңдуу. Түрлүү түмөн кеп чыгат эмеспи. Адаттагыдай эле жигиттер миңген аттарын отко коюп, жайгаштыргандан кийин, от боюна бириндеп келе башташты. Ар кими ар кыл мүнөзү бар. Бири-бирине окшобойт. Көбүн эсе жаштар шок, бири тамашаны жакшы көрүшөт. Айрыкча теңтуштар азилге жакын эмеспи. Бая күндүзгү «таймашта» алдуулары жеңилгендерди «душман» атап өздөрүн Манас баш болгон чоролорго теңешкен эле.

Чыныбектин бою чымыр. Кара жумуш менен көп алектенеби, денеси чың, булчуңдуу. Аны менен күрөшкөндөр оңойлук менен жыга алышпайт. Бүгүнкү таймашта, аны менен таймашкан Орокбай улам жеңилип, ызааланып калганбы, бейгам келе жаткан Чыныбектин аркасынан жете келип, шап кучактап көтөрүп уруштун аракетинде болду. Ал ага моюн бербей, эки жакка далысын серпип жатып бошонуп, алыша кетти.

-Келээрден кечке кыйнады-деп ызаа болгон окшойсун. Алышкың келсе, аркадан келбей, бет маңдай чык.

-Мен кыйналган жокмун. Мени утам деп, сен кыйналдың. Сага тең келе албасам, таймашат белем. Оюндун эрежесине карабай, сүзөнөк ала букадай сүрө берет экенсиң. Мен сага оңойлук менен жеңилбейм.

-«Жеңилбейм» деп коесуң. Кечке күчүктүн баласындай уйпаладым го?

-Өзүңдү Манас сезип турасыңбы?

-Манас элемин.

-Манас болсоң, бир жеңе албадың го.

-Ооба. Жөө күрөшкө жок элем. Ат үстүндө болгондо көрмөксүң.

-Ха-ха-ха. Ат үстүндө да алышып көрөлү. Эгер жеңсең сени Манас дейин.

-Жеңилсең сени Алооке деймин.

-Келе колду?

-Келе колду?

-Ого-о! Эртең «Алооке менен Манастын» таймашына күбө болот экенбиз да?-Баятан бери экөөнүн азилине күбө болуп турган Эген бакылдады.

-Илгери Манас менен Алоокенин таймашы дал ушул жерде болгон-деди Эрмек.

-Аны кантип билдиң?-деп суроо бере кетти Адыл.

-Эпостогу Анжиандан Алоокени Манас кубалап чыкканын унутуп калдыңарбы?-деп Аскар сөзгө аралашты.

-Бул жер да башта Алооке деп айтылчу экен. Манас келгенден кийин Ала-Бука аталып калыптыр.

-Эрмек, турушуң менен жалганды шыпырта бересиңби?

-Жалган эмес. Бокмурун атасына аш бергенде «Бул жер атамын атында Алооке деп аталчу эле. Силер Ала-Бука коюп алыпсыңар» деп Коңурбай чыр чыгарган экен.

Ошондон «Бокмурундун ашы чырдын башы»-деп айтылат эмеспи-деп айткан Аскардын сөзү күлкүгө айланды.

-Манас бабабыз Алтайдан Анжианга көчүп келгенде Аксы аймагын жактырып, турак кылган экен.

-Аның ырас. Бул аймактагы көп жерлер Манас баатыр менен анын чоролорунун окуяларына кошулуп айтылат.

Жигиттердин азил-тамашасынан улам эр Манаска таандык деп, ар кими уккан-билгенин айтып жатышты.

Ала-Бука-Чаткал аймагы илгертен эле аңыз-уламышка, айтымдарга, тарых-таржымалга бай. Тоо, таш, жер, суулардын аталыштары элдик ооз эки чыгармачылыгындагы эпостордон

тартып, жомоктордо да кеңири баяндалат. Ал эми көпчүлүк окуялардын тарыхы жер-суу аттарына дал келип, уккан-көргөндөрдү таң калтырбай койбойт. «Эчкилүү, Азирети, Кара-Тоо-Манастын сөөгү коюлган жай, Миңжашар, Чанач сайы» экени уламыштарда баяндалат. Ала-Бука аймагындагы Чанач-Сай-Олуя-Ата-Талас-Фергана каттамындагы Жибек Жолунун тому. «Миңжашар Чанач баба»-Манастын бабасы. Көгөйдүн тун уулу. Манастын чоң атасы Ногойдун агасы. Ал колунан көөрү төгүлгөн уста. Музыкалык аспаптардан комуз, домбура, най, дутар, күбүл, дабыл, добулбас «шай жасап, нарга бергис шай жасап», «найчы», «Найман» атыгып, миң жашка чыккан адам.

Айтымда Искендер Зулкайнарн Фергана өрөөнүндөгү Кожент калаасына келгенде Миңжашар Чанач баба миң жашка чыккан болот. Ошол кезде Наймандар он миңге (бир түмөн) жеткен экен. Миңжашар Чанач баба кыргыздардын гана эмес-бүткүл Гуз уруктарынын атынан Искендер Зулкарнайнга элчи болуп, Кожент калаасына барып, анын суроолоруна жооп берип, элди аман сактап калган экен.

-Ызар айылындагы бийиктиги он кулач, айлана-тегереги жүз кулачка жеткен дөбө «Сыргак дөбө» аталат. Сыргак Манастын эң жакын чоросу. Ал жөнүндө элде «Эр Сыргак» күүсү чертилет. Күү согуш маршы менен башталып, ураалаган дууга, жер жарылган чууга чейин көтөрүлөт. Бээжинде жарадар болуп кайтып, Алмамбеттин үйүнө өкүрүп келип түшкөн Манастын:

-Мен Бээжинди чаптым.
Кек алдым, аяш.
Бийлесе жанга табылбас
Мен Сыргагымды
Жеп алдым, аяш! деп, өксүп арманын айткан дешет.

Сыргак Бээжинде окко учкандан кийин атасы Улак хан «Эр Сыргак» күүсүн ушул «Сыргак дөбөгө» чыгып отуруп, сакалынан ылдый жаш куюлтуп, ыйлап чертчү экен.

«Манастын ажыдаар дөбөсү» -«Сыргак дөбөдөн» бир чакырым алыстагы түндүк тараптагы дөбө. Дөбөнүн чокусунда чуңкур Манастын ажыдаарынын зынданы. Ушул зынданда Жакып хан, бирде бир тууган иниси Улак хан ажыдаарды бактырчу экен. «Улак хандын ордосу»- Манастын ажыдаар дөбөсүнүн түндүк тарабындагы ойдуң-чуңкурлуу жер. Ала-Бука кыштагынын этеги, Сапалак сайынын үстүндөгү «Ыйык чалдыбар».

«Ак келте кыштагы» кийинки Ызар айылында. Ак келте Манастан калган мылтык. Ак келтени анын урпактары Кара баатыр менен көзгө атаар мерген Ак келте баатыр ушул жерди турак кылышып «Ак келтени» ар дайым колдонуп жүрүшкөн.

«Кожокент» кийин «Хожент» деп аталган. Кайра кум чөлүнөн төмөнкү кысыкта, эки тоонун ортосунан орун алган калаа. Аны Манастын чоролорунун бири Аргындын Кара кожосу курдурган болот.

«Курдурган муну Кожокең
Капкандай бекем ошо кент.
Арстан Манас өзү айткан
Аталсын деп Кожокент»-делет.

Кыргыздар убактылуу жайлоолорго көчүп кетишкенде Манас калааны сактап туруш үчүн Каныкейдин төркүндөрүнө калтырат.

Кайын журтум тажик деп,
Кесибиң элден ашык деп.
Калааны сактап калгыла,
Кастарлап, коргоп, камын жеп.
Канча пул болсо алгыла» дейт.

Шабыр Көл»-Чаткал дарыясынын Каныш-Кыя айылындагы ойдуң. Дарыя-тоону четинен тешип, жемирип, көлдү жоготкон. Манастын мезгилинде көл шарпылдап, толкуп-чалкып, толкундары шабырттап жатканда Манас келип ак шумкарына өрдөк, куу алдырып жүргөн.

«Шаа кептер»- Чаткал аймагындагы мазардын аты. Манас ушул жерде аябагандай чоң шаа кептердин Ак шумкар балапан басып жүргөнүн Миңжашар Чанач абакесинен угуп келип, Шаа чынарда конуп отурган жеринен Ак шумкарды бөпөлөп кармап алышат. Ошондон ал жер «Шаа кептер» аталат.

«Семетейдин молосу» Чаткал аймагында Санталаш тоосунун бир чокусу. Ушул тоонун башында «Семетейдин моло ташы» деген моло бар. Семетей ошол молого чыгып, жоо келүүчү ашууларды чалгындап турган.

«Манастын күмбөзүн курган киши»- Манастын күмбөзүн Аксылык (Намангандын үстүндө Анжиандын астында) Кызыл-Арстан деген эшен салганы баяндалат. Ыйык кишинин колунан бүткөн күмбөз ошончодон ушунчага бузулбай турат делет.

«Кыйба» -Манастын колуктусу Санирабиге-Каныкейдин (Хан никесине кирген-Каныкей) атасы Темир хандын ордо калаасы.

Манас күйөөлөп барып, бирок, эч кимдин уруксатысыз түндө Каныкей жаткан бөлмөгө кирип, уктап жаткан сулуунун койнуна кол салганда Санирабига:

-Сен кимсиң? деп чоочуп сурайт.

-Манасмын-дейт баатыр.

Баатырдын оройлугуна, жоосунсуз жоругуна ачуусу келип:

«Кыргызда Манас сен болсоң,
Кыйбада Рабигамын!
Кулумун аты да Манас,
Зулумун аты да Манас
Тулумун аты да Манас
Тарт колуңду эр болсоң!
Пулумун аты да Манас!-деп, канжары менен сайып, жарадар кылат.

«Көгүчкөн мүрөк карагай» -Манас Миңжашар Чанач абакесине келип сурайт:

-Мүрөктүн суусун, шаа кептер каерден ичкен?

Миңжашар Чанач сайынын ашуусунун алкымындагы чоң ташты көрсөтүп:

-Те, береги, чоң таштын башындагы карагайдан-дейт абакеси.

Манас кырк чоросу менен сейилдеп келишип, капылеттен арстанга кез келишет. Манас арстан менен алышып, аны муунтуп өлтүргөн. Ал жер «Көгүчкөн Мүрөк Карагай» аталып калат.

«Чаткал-Манас Алтайдан элди көчүрүп, Чүйгө келип жер бөлүштүрөт. Чаткал дарыясы менен Чанач Миңжашар өзөнүнүн куймасындагы Чаткал жарым аралга курулган калаа.

«Айкөлүң Манас акылы,
Асмандаган бийиктир.
Катыра басып мөөрүн,
Кат наамесин чийиптир.
Мына шондо Чанач сай,
Мурдагы эле ээсине-.
Миңжашарга тийиптир.
Парикананын түндүгү,
Өз өзөнү Чаначка.
Миңжашар коргон уруптур,
Абыдан кичи болсо да.
Аталыптыр Чат калаа,
Акыры барып бул коргон.
Айланыптыр Чаткалга,

Эки суунун чатындагы калаа-

Чаткал болуп аталыптыр.

Чаткал-сөзү боюнча эл ичинде айтылып келген уламышга:

- «Илгери кар оор түшүп, жут болуп, эл кыйналганда-калк аргасыздан бул өрөөндү таштап кетип жатып:- «Жат кал» деп айтышкан экен. Ал сөз бара-бара «Чаткал» деп өзгөрүп айтылып, «Чаткал» деген сөз «жат кал» деген кошмок сөздүн биригүүсүнөн улам пайда болгону божомолдонуп айтылат. Экинчи бир уламышта илгери Чаткал өрөөнүндө чоң калаа болгон экен. Анын так ортосу Чаткал дарыясына, Чаңдалаш жана Ички Мазар сууларынын кошулушунда жайгашкандыктан, аймак «Чаткалаа» деп аталган айтым бар.

Орто кылымдарда араб, фарсы тилдериндеги географиялык адабияттарда «Жадгал», «Жидгил» формасында кездешет Ал-Истахри (920-ж) Жадгалды Өзгөн жана Ферганага караган аймак деп белгилейт. Ибн-Хаукал (110-ж) Жалгал олус, анын борбору Ардалакент-деп атайт.

Чаткалда чоң шаарлар болгондугу «Күлбөс хан», «Жанчар хан», «Уу-Булак» шаар чалдыбарынан жана «Муңдук-Зарлык» сыяктуу элдик ооз эки чыгармалардан да байкалат.

Дагы бир уламышта «Илгери Чаткалдан чыккан бир улак үйлөрдүн үстү менен секирип отуруп, Ташкенге жетиптир» деп айтылат. Көрсө Чаткал аймагынын чети менен Ташкен шаарынын аралыгы жетимиш чакырым аралыкта жайгашкандыгынан, же Чаткалда бир мезгилде эл жыш жашагандыгынан улам айтылып калыптыр.

-Манас бабабызга карап айтылган аңызга мен макулмун. Бирок, ага чейин эле Сулайман пайгамбарымдын учурунда, бул аймактардагы жер, сууларга өзүнө тиешелүү аталыштарын ала электе эле, Ала-Бука аталып калганын билбесең керек. Бул жерге Сулайман пайгамбарымдын назары түшүп, өзү атаптыр. Пайгамбардын көңүлүнө жаккан жер, суунун касиети улук. Ошол себептен бул аймактын абасы таза, жери салкын, суулары тунук. Кен байлыкка бай. Дарактын бардык түрү өсүп, токойлору көрктөнүп турат. Кандай эгин эгилсе да түшүмү молдугунан дүйнө кезген олуя, машайыктар акыры ушул жерге келип байырлашкан. Алардын мазарына зыярат кылганы элдин көбү да ушул жерге келишет.

-Аймак кандай эле Сулайман пайгамбарыбызга жагып калат?

-Анда эмесе угуп тур. Ошол икаяны айтып берейин.

Азирети Сулайман пайгамбар бүтүндөй, жан-жаныбардын тилин билип, ар бирине өзүнчө мамиле кылат. Ортолук деп Ошто жашайт. Бир күнү ойлонуп отуруп:

-Жан-жаныбарларга ылайыктуу, малга жайыттуу жерлерди караштыргыла!-деп өзүнүн үммөттөрүнө тапшырма берет.

Жердин шартына, малдын жайытына ылайык аймак, өрөөндөрдү кыдырышкан пайгамбардын үмөттөрү ары кооз, ары кенен, ажайып жайга туш келишет. Чалкып жаткан кең аймактын суусу мол, ар жылгадан ташып аккан булактары, ары тунук, ары даамдуу, тоютка мол, ар кыл чөбү малга жагымдуу, жайы салкын, кыш чилдеде кокту-колоту суукту тоскон аймак жакты.

-Кара малга ылайыктуу жер экен,- дешти.

-Көңүлүңөргө туура келсе, малды ошол жакка айдагыла!-дейт пайгамбар.

Сүрүлгөн малды карап отуруп, азирети таксыр, артта калган ала торпокко көзү түшөт да

-А ушул, малдан бөлүнүп калбагай эле,- деп, ойлоно кетет.

Малчылар көп малды сүрүп-айдап келишип, баягы келберсиген кенен талаага жетишет. Жайыты кенен, суусу мол, жылга-жыбыттуу суу жээктеринде дүпүйгөн токою бар аймакта эркин оттогон мал нык семирет. Кеч күз келип, жайыттан кайра кайтышат. Бирок, мал арасында жүрчү ала торпок алардын бирисинин да көзүнө чалдыкпайт.

Азирети пайгамбар берекелүү жайытта кенен оттоп, көңүлүндөгүдөй эттенген малды көрүп ыраазы болот. Эсине бая жаз алдындагы бөлүнгөн ала торпок түшө калат. Ары аралап, бери аралап караса анын карааны көрүнбөйт.

-А байкуш, жалгыз бөлүнүп калган экен. Эми ит-куштан аман болгой эле деген, ойго кетет.

Малчылар кар ала телек кетип, жаз алдында малдарды кайра айдап өрөөнгө келишти. Алыстан зоңкойгон ала буканын карааны көрүнөт. Жакындап келишсе дөң үстүндө келбети келишкен, ары сындуу ала бука аларды утурлай, тиктеп турган болот. Жаш кунажындар «көздөрүн сүзүп, суйсала басып өтө беришет. Малчылар былтыркы ала торпок экенин түспөлдөшүп, ит-кушка жем болбогонуна таң калышат. Сай жээгиндеги токойду пааналап жүргөн ала торпок суукка үшүбөй, кар алдындагы бетегени тээп оттоп, зоңкойгон бука болуп жетилген эле. Жоголгон торпок жетилип бука болгонун уккан пайгамбар:

-Жайы жагымдуу, кышы мээлүүн, мамыры жерден кеч күз келбей, ошол жерде кыштагыла! Шарты малга ылайыктуу, берекеси ташкан жерде Ала-Буканы кырсык чалбаптыр. Ал касиеттүү жай деп, атайт. Ошондон улам өрөөн Ала-Бука аталып калыптыр.

Бүтүндөй Фергана өрөөнүндөгү калктарга таанымал Чаткал аймагындагы Идирис пайгамбардын күмбөзү бар. Бир кезде базардагыдай ал жайга зыраят кылып келүүчүлөрдун саны өтө арбын болгондуктан, эл ал жерди Жаны-Базар деп аташкан дешет. Айрым маалыматтарда Чынгыз хандын мезгилинде, ал аймакта чон коргон салынып, хандын жортуулда алган буюмдары сакталган имиш.

-Жо-ок, ошол кең аймакта хандын аттары багылып, ат базар болчу экен дешип, билген-билбегендер талашып келет. Ал эми Идирис пайгамбар туурасында узун сабак уламыш айтылат.

Аксы-Чаткал аймагында Амир-ата аттуу адам жашап өткөн. Анын жашына жана акылмандыгына карай элдин баары сыйлашчу. Анын үйү, минип жүргөн улоосу да болгон эмес. Алыска жол алса, жолуккандар алдына атын тартып, минип алуусун өтүнүшсө:

-Менин алчылантып ат минчү убагым өткөн-деп, андан баш тартчу.

-Келиңиз, сиз ээрге отуруңуз? Мен учкашып алайын,- дешсе:

-Жок, мен эле учкашайын-деп учкашып алчу.

Колунан тартып, же колтуктап мингизген адамга, анын салмагынын бар-жогу билинчү эмес. Ал насаатын айтып:

-Мен бала кезимде карыялар «Манастын сөзү»-дешип:

-Жер казына, суу байлык,

Иштебей карап турбайлык

Кудайдын кабы, казынасы жок

Иштеп, суугарып, эгин алалык! – деп айтышар эле. Ушул сөздү кулагым менен укканмын-деп калчу.

-Манас дайыма эл менен бирге болуп, оюн ачык айтып, ай талаада ачык согушкан. Дыйканчылык кылып жүргөнүндө тополоңдо хан көтөрүп, Чылгыйдын баласын

-Бүт күн чыгыштын ханы болосун!-дешип, эл шайлашты. Чыгыштын ханы Чыңгыз хан аталып калды.

Мени ой-боюма койбой, аскер башы кылып бекитишти. Кырк жыл аскер башы болуп кызмат кылдым. Адамдын көзү дүйнөгө тойбойт. Нечен ашууларды ашып, сууларды кечип, чыгыштагы деңизге чейин жеттик. Барган жерлерди кан төгүлгөн кармаш

менен каратып, күн чыккан жерге жетүүгө болбостугун билдик. Күн суудан чыгат экен. Күндүн ысыгынан суу боркулдап кайнаганынан, андан ары баруу болбостугун билип, артка кайтаарда күн санасак кырк жылга толуптур. Дүр-дүнүйөнү, мал-мүлктү мол артынып келгичекти, жети жыл жол басып Чаткалга келдик. Ак дил, чын көңүлүмдөн кызмат кылганым үчүн Чыңгыз хан алдына чакырып:

-Эмне тилегиң болсо, ачык айт!-деди.

-Аскер башчылыктан бошотсоңуз? Ат базарыңызга барып, далдалчылык кылайын-дедим.

-Мейли. Каалаганыңдай болсун!-деди.

-Чаткалдагы «Чыңгыз хандын ат базарында» кырк жыл далдалчы болдум. Андан соң, ат базардын жанында кырк жыл касапчылык кылдым. Токточу? Ушул жер болсо керек-деп, кошо бараткан адамдардын бирин аттан түшүрүп:

-Бутуңду тегиз жерге коюп, колуңду өйдө көтөр. Ии. Менин ошондогу кайрагым, ушул жердин тереңинде калып кеткен-дейт.

-Амир ата, жалган сүйлөбөңүз! Бул жер, дың жер,- дейт, шериктеринин бириси.

-Ишенбесең, турган жериңе казык как. Кол созгон боюң менен барабар жерди чукуп, казсаң бүлөө таш табылат.

Карыяга ишенип, ишенбегендер мелдеше кетишет да, жети жигит алдырышып, чукулдук, кетмен, чот менен көптөп казышып, айткан тереңдикке жетишет. Үбөлөнгөн жумшак топуракты шилешип, бир жагында тешиги бар бүлөө ташты табышат. Ошол күндөн баштап:

-Амир ата жети кабат жердин астын, алты кабат асмандын үстүн көрүп, билет экен дешип, уккандын баары таң калышат.

-Чыңгызхан бийликтин доорун чыгышта жүз элүү жыл сүрдү. Эми батышка хан шайлайлы-дешип эл мурдагы бүтүмүн бузушат. Бекембайдын баласы Баатырды хан көтөрүшөт.

-Батыштын ханы-дешип, аны Батый хан аташат. Шайланган хандардын экөө тең чыгыш-батыш хандыктын аброюн акташып, күндүн чыкканын да, батканын да көрүшөт.

-Эки тарабы тең бирдей экен. Күн сууну кайнатып чыгып, ортосуна барып түнөйт экен. Ал жерге эч бир жан жете албайт-деп айтышыптыр.

Чаткалдагы «Чыңгыз хандын ат коргону» ушу эки хандын тушунда салынды. Коргон жоодон коргонуш үчүн эмес. Жоонун малын, жылкыларын айдап келип, камоого пайдаланылды.

Олжолор топтолду. Не деген байлыктарды көрдүк. Колубуз менен кармадык. Байлык кыздай кызыктырды. Көп адамдардын ажалына себепкер болду. «Байлык бапа кылбайт, жанга жапа кылбайт. Ага терең көңүл бөлгүлө!-дейт Амир ата.

-Канча жашка бардыныз-деп сурагандарга:

-Чаткал дарыясын үч соолуганын көрдүм. Таштарын аттап, ары-бери үч жолу өтүп жүрдүм. Үч жолу эл толуп, кайра жоголду. Бул көөнө дүйнөнүн ысык- суугун көрүп, ысыгына жылыдым, суугуна тоңуп жашадым. Чаткал дарыясынын төртүнчү жолу соолуганын көрбөйүн-деп, ниет кылып жүрөм дептир.

Чаткалдагы тээ бир мезгилдеги курулуштардын тому болгон жайларды жергиликтүү эл Жанчар хан менен Күлбөс хандын ордолору аташат. Алар жөнүндө айтылган аңыз көпчүлүккө маалым. Ал аңыздын негизин төмөндөгүдөй окуялар түзөт.

Замандын бир заманында, Чаткал өрөөнүндө Жанчар хан менен Күлбөс хан дегендер ордо куруп, бийлик жүргүзүшкөн экен. Жангар хан адилеттүү болуп, өз ордосунда бийлигин жүргүзөт. Ал көпкө чейин балалуу болбой, мураскору жоктугуна капаланып, көп ойлонот. Күндөрдүн биринде вазирин чакырып, мураскор төрөй турган кыздардан табууну буйруйт. Аны уккан вазир өзүнүн кызы Канышайга барып, оюн айтат. Кызы хандын адилеттүү бийлик жүргүзгөнүн ойлоп, ага күйөөгө чыгууга макулдугун берет.

Хан кызды ордосуна алдырып, ар кыл сөздөрдү сурап, ой-пикирин угуп, сынайт. Акыл-эстүү кыз хандын купулуна толот. Отуз күн оюн, кырк күн тоюн берип, кызды аялдыкка алат. Жылдар өтө берет. Жети жыл өткөндө, хан аялынын айы-күнү жетээрде, мергендерин алып, алыска ууга кетет. Канышай эгиз уул төрөйт.

Хандын мурунку аялдары күндөштүк кылышып, жаш айымдын төрөгөнүнө ичтери тарып, ордодогу ишенимдүү мастан кемпирге белек-бечкектерин беришип, «Бир амал таап, балдарды жогот!» дешет. Мастан кемпир жаш аялды төрөткөн болуп, эгиз балдардын ордуна эки күчүктү алып келип, эгиз балдарды сууга ыргыттырып жиберет да, ханга:

-Аялыңыз эгиз күчүк тууду деп, сүйүнчүлөйт.

Хан ачууланып:

-Төрөлгөн күчүктөрү менен алыскы аралга алып барып таштагыла! деп, буйрук берет.

Сууда агып бараткан эгиз баланы кайырчы эне таап алып, аларга Муңдук, Зарлык деп ат коюп, багып чоңойтот.

Күндөрдүн биринде саякаттап жүргөн Зарлык Күлбөс хандын шаарына келип кабылат. Көпчүлүк менен бирге жүрбөгөн бала шаар тартибин билбей, өзүнүн эркинче болуп, базарын аралайт. Ал жердегилер:

-Биздин талаптарды аткарбай, өз билгенин жасап жатат-дешип ханга алып барышат.

Күлбөс хан баланы көрөрү менен күлүп жиберет. Жылдыздуу балага тон жаап, сый көрсөтүшөт. Хандын күлгөнүнө таңданган вазирлер андан сурашат:

-Ханым, эч бир күлбөй жүрүп, Күлбөс хан аталдыңыз эле. Бул баланын эмнесине күлдүңүз?

-Алланын амири менен Жанчар хандын баласы өлбөптүр. Мен аны, тирүү көргөнүмө кубанып, күлдүм-дептир.

Бул кабар Жанчар ханга жетип, уулдары Зарлык менен Муңдукту, Беш- Аралдагы аялын, ал баккан Ак жолборс менен Сак жолборсту, баарын ордого алдырат да, элге чоң той берет.

Мастан кемпирди азоо аттын куйругуна байлатып, белгисиз тарапка айдатат. Төрөбөгөн аялдарын төркүндөрүнө жеткирип, Жанчар хан эки уулу, алардын апасы менен бактылуу өмүр сүргөн экен.

Жанчар хан менен Күлбөс хан Чаткал аймагынын бири чыгышында, бири батышында жашап өтүшүптүр. Экөөнүн аралыгы эки-үч күндүк ат жүрүш менен жетишчү экен. Эки хан тең өздөрү жайгашкан аймактагы бийик чокуга, ого эле көп отун жыйдырып, бирисинин коопсуздугунан экинчиси кабар алып, коркунуч болуп, жоо келсе от жагып, түтөтүп, жалын чыгарышат. Аны билген экинчиси жоокерлерин коштоп келип, бири-бирин жоодон сактап ынтымактуу жашашат.

Капылеттен бир күнү Кара дөө Күлбөс хандын кызы Курулайды уурдап кетет. Капаланган Күлбөс хан кабар айттырып, кызды Кара дөөдөн бошотуп берүүсүн Зарлыктан суранат. Зарлык жоо жарагын алып Кара дөөгө барып, аны менен кармашып, ар түрдүү амалга салып, аны өлтүрөт.

Күлбөс хан анын баатырдыгына кубанып, кызын Зарлыкка берип, күйөө бала кылып алат. Курулай менен Зарлык ынтымактуу жашашып, эки хан мурда дос болушса, эми куда болушуп, элди адилеттүү башкарышат.

Монгол жапырыгынан кийинби, же мурдагы калабалуу замандарда Жанчар хан менен Күлбөс хандын ордо шаарлары

талкаланып, бүгүнкү күнгө изи гана калгандыктан, кийинкилер жомок кылып айтып жүрүшөт.

***

«Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет» дегендей жаш наристенин келечеги алдыда. Баласынын ким болооруна кызыккан ата-эне жакшы өнөр, ылайыктуу кесипке ээ болуусуна кыялданат. Өрнөктүү адамдардын өмүр жолуна суктанып «Балам да чоңойгондо ушундай адам болсо»-деп, ар кыл өнөрдү самайт. Комузчу, манасчы, уста дегендерден жуксун деп, ырым да кылат. Балдардын айрымдары жашынан эле өнөргө шыктуу болуп, өз алдынча жөндөп кетүүгө аракеттенип, же шаркирт болуп үйрөнөт.

Соломон да бала кезинен ар өнөргө шыктуу, айрыкча темирге жакын эле. Ала-Бука-Аксы аймагына таанымал Кадыр устанын насааты ага көп таасирин тийгизди. Анын үйүндө усталыкка тиешелүү бардык буюмдары бар эле. Күн кур эмес иш менен алектенип буюм жасоого убараланчу. Зарыгып келгендердин ишин заматта бүтүрүп, алкыш алчу. Күндө устанын жанына келип, теңтуш балдары менен ойноп кетпей, анын жасап жаткан ишине көңүл бөлүп отурган балага устанын да ыкласы түшүп, сураганына жооп берчү

-Аба, сизди эмнеге темирчи дешет?

-Темир иштеткеним үчүн темирчи дешет.

-Темирди кайдан аласыз?

-Таштан эритип алам.

-Таш кантип темир болот?

-Таш көмүрдү очокко жагып тынбай астынан үйлөп турганда ал аябай эле катуу ысып, эрийт.

-Эрисе эле темир болуп калабы?

-Эритиндини кайра таш көмүрдүн табына тоссо, темир болот.

Соломон балалык кыял менен талаадагы таштарга канчалык от жагып көрдү. Бирок, бириси да эрибеди. Ал жадаганда кайра устага келди.

-Мен канчалык от жаксам да таштар эримек тургай, жумшарып да койбоду го?

-Темир болчу таштар башка.

-Аны кайдан тапса болот?

-Ал тоолордо бар. Алыстан алып келүү керек.

-Сиз айткан таш көмүр, эрий турган таштар да тоодо болобу?

-Ооба. Кендин байлыгы тоолордо.

-Сиз мага таш көмүр жакканды, темир эриткенди үйрөтөсүзбү?

-Аларды үйрөнүп эмне кыласың?

-Мен да сиздей темирчи аталып, темир уста болом.

-Сен акылдуу экенсиң.

-Эмне, темир усталар акылдуу болушабы?

-Ооба. Акылдуу, балбан адамдар темир уста болушат.

-Эмне себептен алар, акылдуу, балбан болушат?

-Себеби, элдин кызматын, акылдуулар гана аткарышат. Ал эми балбан болгондугу, ал дайыма темирди иштетип, тынбай дөшү таптап, барскан урганы үчүн күчү ташыйт.

Соломон күн өткөн сайын акыл-эсине кирип, эр жете берди. Алдын көөрүк басып, аны-муну айттырбай алып берип турса, анан барып дөшү таптап, балка чабууга көнүктү. Темир куралдарды курчутуп, анча-мынча майда иштерди колго ала баштады.

***

Фергана өрөөнү тогуз жолдун тоому. Улуу Жибек Жолу каттамы Ош-Өзгөн, андан соң Аксы-Ала-Бука аймактарын аралап келип, Аксыкентке токтоп өтөт. Жаз келип ашуулар ачылгандан баштап, кеч күз, кар жаап жолдор бекилгенге чейин, чыгыштан-батышка, батыштан-чыгышка байма-бай кербендер тынбай келип турат. Кээде ыйык аталган Софет булан баш болгон мазарларга зыраят кылганы токтошуп, улоолорун тыныктырганча, өздөрү да эс алышат. Соодагерлердин келгенин уккан тоолуктар тапкан-ташыгандарын артына келишип, ар түрдүү зарыл буюмдарга ооштуруп, чакан базар да боло калат. Тоолуктардын кой-эчкилеринин жүндөрү, жылкы-топоздордун жал-куйруктары, кыл аркан, кийиз, аң терилери калбай өтүп, ар тараптан алып келинген, түрдүү-түмөн буюмдарга алмашылып, эки тарап тең кызуу соодага киришишет. Казан-табак, идиш-аяк, кийим-кече, түркүн-түстөгү такталанган кездемелердин түрлөрү, турмуш-тиричиликке, күнүмдүк жашоого ылайык буюмдар да арбын келет. Кургатылган жемиш как, шириндик даамдар жайнап, тоолуктардын баласынан чоңуна чейинкилерди чакан базар өзүнө тартып турат. Жергиликтүүлөр кайберендердин мүйүз, тиштерин, жырткычтар-дын терилерин, колдо согулган шалча, кийиздерин, шырдак, килемдерин жайып, бакылдаша баалашып, кол силкишкенден улам базар кызыйт.

Соломонду кызыктырган темир буюмдар. Айрыкча аземделген курал-жарактарды көргөндө көзү жайнайт.

-Жарашыктуу, кооздугун айт. Кандай устанын колунан чыкты экен?-деп, суктанып, аларды кайра-кайра карап, колуна кармап көргүсү келип, жанынан алыстап кете албайт. Улам бериле тиктеп, буюмдардын кооздугуна тамшанып турган Соломонду байкаган соодагер тамашалагысы келдиби, же сынадыбы:

-Кайсы буюм көңүлүңө жагып турат?

-Укмуш. Адам баласы ушундай кооз нерселерди жасаганына суктанып жатам. Кандай бактылуу адамдар жасады экен?

- Ушул буюмдарды жасагандарды бактылуу-деп, ойлойсуңбу?

-Ооба. Ушундай кооздукту жаратуу бакыт эмей эмне?

-Мунун баарын жасаган акча?

-Сиздин айтканыңызга түшүнбөй калдым?

-Ооба. Канчалык кооз болсо, кымбат акчага сатылат.

-Мынчалык кооз буюмдарды жасап сатыштын кереги эмне?

-Тиричилик, жашоого акча зарык.

-Мен мындай кооз буюмдарды жасасам сатпайт элем.

-Мындан да кооздору бар. Аны сен көрө элексиң.

-Аны, кандай адамдар жасашат?

-Кадимки эле сендей, мендей адамдар.

-Буларды кантип түздөп, кантип жылмалап, кантип кештелейт?

-Алардын баары станокто жасалат.

-Станок деген эмне?

-Сага кантип түшүндүрсөм. Темирди эритип, калыпка куят.

-Ал эмне, сыйкырчыдай немеби? Деги адам колунан чыгабы?

-Бардыгын адам колу жасайт.

-Алар кандай адамдар?

-Айтпадымбы, сендей, мендей эле адамдар. Үйрөнсөң сен дале жасай аласың.

-Менби?

-Ооба.

-Мен кантип үйрөнөм?

-Каалasaң ала кетем. Өнөр үйрөнгүң келеби?

-Үйрөнгөнгө абдан кызыгам.

-Алдын таанышып алалы. Менин атым Якуп. Силер Жакып деп коесуңар.

- А сенин атың ким?

-Соломон

-А жакшы ысым экен. Таанышып алдык. Жакында жол жүрөбүз.

-Мен сизге качан жолугайын?

Кайтарда мага кел!

-Чынбы?

-Чын. Ата-энең жооп береби?

-Ата-энем жок.

-Андай болсо мени менен жүр. Колуңда каржың барбы?

-Ал эмне деген?

-Акча?

-Акча кайдан болот. Атын укканым менен өзүн көрө элекмин.

-Сен жөн бала көрүнбөйсүң. Мындай шарт менен сүйлөшөлү. Сен менин жүктөрүмдү, төөгө жүктөп жеткирип барасың.

-Төөлөрдү кайдан алам?

-Менин төөлөрүм бар. Жүк көп болсо, дагы төөлөрдөн алып берем. Сенин барар баргычакты тамак-ашыңды, кербен башыга мен төлөп берем. Андан башка акы доолабайсың. Мен сени күтүп алам.

-Өнөрдү мага ким үйрөтөт?

-Аны мен мойнума алам. Тааныштарыма дайындаймын.

-Канча күндө жетебиз?

-Бир-бир жарым айда жетип барасыңар.

Соодагердин шыпылдаганынын жөнү бар эле. Соломон ал үчүн арзан күч. Акы доолабайт. Экинчиси мусулмандардын аймагынан өткөнгө дейре аны менен барган кербендегилер жолдун ыгын, жердин шартын, элдин тилин билген адам менен кыйналышпайт. Үчүнчүсүүч-төрт жылда өнөр үйрөнгөн соң, туулган жерине кайтып келет. Ага чейин аны менен жакшы байланыш түзүп, соода ишин кеңири жүргүзүүгөөтө ыңгайлуу шарт түзүлөт. Өлөрүнөн башкасын билген соодагер заматта кыялында кийинки күндөрдүн камын ойлой калды. Соодагерлер эзели шашпаган калк. Пайда чыккан жерде убакыттын өткөнүн эсептешпейт. Кирешени санашат. Мерчемдүү жерлерге токтошуп, ат-улоолорун тыныктырышканча, соодасын да жүргүзүшөт. Сатканынан алганы көп. Себеби аларга кайсыл буюм, кай жерде өтөөрү белгилүү. Эки эселенген пайда түшсө кымыйышып, алганынан баасын ашыра сатканы сүйүндүрүп, кылган мээнеттерин, жолду ката көргөн кыйынчылыктарын пайдага кымтып, ойлогон каражаттарын таап алышат. Соломон анын баарын көрүп-билип, түшүнүп, өзү самаган өнөрдү үйрөнүүгө алыска жол тартты.

Соодагер Якуп айткандай эле, бир жарым ай дегенде болжогон жерге жете келишти. Соодагердин таанышы жашап калган ногой эле. Соломонду ээрчитип келген адам экөөнү тааныштырып,

артын карабай кете берди. Карт уста колундагы иши менен алек болуп, жаңы келген мейманга көп дале көңүл бөлө бербеди. Ортодогу чоктон айырмасы болбогон кызарган темирди дөшүгө коюп, колундагы балка менен ийлеп, кайра чокко коюп, кайра ийлеп, качан гана көңүлүндөгүдөй болгондо «чаз» эткизе сууга салып, маңдай терин колунун сырты менен сүртө, алжапкычына колун аарчып, өзүнөн көз албай тиктеп турган мейманын жаңы гана көргөндөй:

-Кана, отур. Таанышып алалы деп, жанындагы отургучту көрсөттү-Кайдан, эмнеге келдиң?

Устанын чокорто сүйлөгөнүнө Соломон таарынган жок. Колу ишине эп келише, урган балкасы бир калыпта, мээлеген жерге дал тийип, заматта эле жумуру темирди ийлеп, кооз кыла бүтүрө койгонун көрүп, ичинен суктанды.

-Ала-Тоолук кыргызмын. Өнөр үйрөнгөнү келдим.

-Темирчиликке эмнеге кызыктың?

-Ушул өнөр мага өзгөчө жагат.

-Оордугуна чыдай аласыңбы?

-Чыдаймын.

-Силердин жериңерде темир көппү?

-Темир жок.

-Темирчилер кантип иштешет?

-Таштан темир эритишет.

-Ал таштар эмнеге эрийт?

-Таш көмүр бизде арбын. Тоолордо көп.

- Ууруну, жалкоону, калп айтканды жаман көрөм.

-Андай адатым жок.

-Иштешебиз.

Соломондун устаты өтө эле талапкөй, бирок ак көңүл, шайыр адам болуп чыкты. Көп убакыт өтпөй, ата-баладай ысык болуп кетишти. Канчалык көп иштесе, ошончолук эс алганга да убакыт табышты. Өнөр сыры, акырындык менен чечмелене берди. Билбеген өнөрү жок. Устатынын айтуусунда, көп жерде болуп, көптөгөн тилдерди билет экен.

-Адам жашоого барын эле билип келе бербейт. Үйрөнүш үчүн келет. Үйрөнүш окуу. Окуунун аягы жок. Канчалык көп окуп, көптү билсең, биле элегиң да ошончолук. Билүүгө кызыкпаган, жасоого аракеттенбеген адам моло таш. Андан эч кандай жакшылык күтүүгө болбойт. Бирөөгө жакшылык кылбаган адам жашоонун рахатын сезбейт. Адам жаралгандан тартып, жашоо үчүн

күрөшүп келди. Анын күрөшү өзүнүн кызыкчылыгы үчүн. Бардык жакшы нерселерге ээ болууну самады. Бирөөлөрдө болсо, тартып алууну көздөдү. Ал карама-каршылыкты пайда кылды. Каршылык душмандашууга себеп болду. Душмандашуудан согуш чыкты. Согуш жоготуу, бүлүнтүү, өлүм экенин билип турса да, анын кызыкчылыгы мажбурлап, аң-сезимин бийледи.

Согушта жалаң темир пайдаланылат. Темирден өткүр, темирден катык эч нерсе жок дегенибиз менен ал адамга көз каранды. Аны адам өзү да билет. Бирок ага маани бербейт. Өзүнүн кызыкчылыгына, көз каранды болуп калганын туйбайт. Миңдеген жылдар аралыгында не деген гана замандар өттү. Жашоону бүлүнтүп, дүйнөгө чаң салган согуштардан улам, бир эле адам заты эмес, жер бетиндеги бардык макулуктар тукум курут болгонго чейин жетти. Жер өрттөндү, гүлдөгөн аймактар күлгө айланды. Анын кесепетинен ташкын ташып, кыян-сел жүрдү. Жашыл аалам агындыга айланды. Боздогон боз талаада шамал уюлгуп, кум менен топурак сапырылып, жан-жаныбарга азык болгон, жашоосуна турак болгон аймактарда тиричилик токтоду. Миңдеген жылдар өтүп, жан-жаныбар кайра жанданып, жашоо-тиричилик кайра башталды. Биз ошол алааматтардан аман калган адамзатынын тукумдарыбыз. Жашоо үчүн күрөшүп, өзүбүзгө шарт түзүп жатабыз. Темирди өздөштүрүп, аны тиричилик үчүн, анан келип курал катары пайдаланып, те замандарда өтүп кеткен адамдардын жолун жолдоп баратабыз.

Ырас Нух пайгамбарымдан мурунку, адамзат тукум курут болгондон кийинки не деген замандарда таштар (метероид болуп) асмандан жаап, сүрүлүүдөн улам кыпкызыл чок болуп жерге батып, кээлери бак-дарактарды күйгүзүп өрттөгөн. Адам затынын аң-сезими өнүгүп, дал ошол таштарды эритип, темир өндүрүүнү колго алышкан. Ал сырды өтө жашыруун сакташып, жакындарына да билдиришпей, жабык жайларда иштетишкен. Кийин-кийин көп мезгилдер өткөндө адамдар аны өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланышып, башкаларга сатып, байлык топтоого аракеттеништи. Кызыкчылык байлыкка көз каранды болуп калды. Адамзаты өзүнүн кызыкчылыгы үчүн эмнелерди гана кылбады. Башкаларды айтпаганда да Чыңгыз хандын Борбордук Азиядагы калабасы канчалаган жылдарга созулуп шаар, кыштактар талкаланып, көптөгөн элдер жок кылып, айрымдарын тукум курут кылып кырды. Анын кесепетинен жаңы элдер (улуттар) пайда болду.

Жусуп устаттын тарых, философия, жаропия боюнча билими өтө терең эле. Ал алдын Соломондун сабатын ачууга аракеттенип, тамга таанытып, жазып окууга үйрөттү. Үйүндөгү сандыгы толо өзү окуган китептерди тааныштырып, ар бирин окуп чыгуусун талап кылды. Окуп чыккандарын кайра сурап, анын көз карашын, китепке, андагы окуяларга болгон пикирин угуудан тажабады. Кээде экөө сүйлөшүп отурушуп, эчендеген түндөрдү узатышты. Устатынын дагы бир жакшы адаты, бир жерге көп отургузбай, көп кыймылдашын талап кылышы. Көбүн эсе чыгыш элдеринин сыйкырдуу кыймылдарынын эрежелерин билип, шамдагай, сергек, тез аракеттерди үйрөнүшүнө себеп болду. Убакыт өткөн сайын Соломондун аң-сезими, билими, ден соолугу, кыймылы өнүгүп-өстү. Ал өзүн башка адамдай сезе баштады. Турмуштук көз карашы улам калыптана берди.

## ТӨРТҮНЧӨ БӨЛҮМ

Өрөөндүн бети жайык. Канчалык кар жааса да арбыта бербейт. Бир тараптан шамал келип, булуттарды айдап кетет. Аба-ырайына ишенишкен чарбадарлар кыш камына көп деле түйшүктөнбөй:

-Берчү кудай, дагы берет дешип, тоютту ченеп жыйышат. Ал да болсо, короодо кармалган мингичтерге, же эрте бооз малга арналат.

Көбүн эсе түз жердин кары борпоң келип, кара мал тээп оттогонго ыңгайлуу. Жандыктар да кара малдын жайытына жайылып, кар алдындагы кыртыштуу туландардан тез эле тоюнат. Ал эми өрөөндүн өйдө тарабы, кыркалекей туташа кеткен тоолор. Биринен бири бийик көрүнүп, төмөндөн келген булуттар ушул кыркалекей тоолорго такалат. Шарты оор. Кээде жумалап булуттар кетпей, тоо баштарын чүмкөп тургany турган. Коюуланган булуттардан жазы жамгыр, кышы кар жаап көз ачырбайт. Кокустан булут суюлуп, сүрүлө кетсе эле, аркыраган шамал жүрүп, кышын кар тозоңун сапырып, кокту-колотко ширенди толтуруп, жапайы жырткычтардын жашоосуна түйшүк арттырат. Аба ырайынын

катаалдыгынан улам бүтүндөй айлана-тегеректи лапыйта кар басып калып, азыктын айынан жырткычтар да өрөөнгө жакын эңкүүлөй түшүшөт.

Этектеги токой ичи кокту-колотту. Азыкка бай. Кеч күздө бышып, шагында мөлтүрөп турган жемиштин кыныгын алган аюудан баштап, майда талаа чычкандарга чейин, канаттуулардан ач тырмактуу бүркүт, ителгилерден тартып, майда чымчыктарга чейин калың токой ичинен кынык алышкан. Ал эми күн ачылып, чайыттай тийген маалда, айыл сыртына келе калган адамдын көп издерден башы адашат. Жай мезгилдеги бажырая ачылган гүлдөй болуп, сандаган издер кештелегенсип кардын бетин бербейт.

Быйылкы кыш да сыртка оор келди. Суук түшпөй жатып, күн бүркөлүп туманданды. Баягы баса калма кыш адатынча, эки күн түнү менен жаап, кар калыңдыгынан кийиктер от алмак тургай, малтап баса албай калышты. Кайберендердин баары эңкүүлөп, тоо беттерине туура жүрө албай, тик сайыла, ылдыйлап түшүштү. Тоо беттерин акмалашкан мергендер сала-салаа болгон издерди көрүшүп, кайсыл из кайсыл кайберендин, кайсынысы жырткычтыкы экенин талашып жатышты. Аска-зоолорду улуу кар көөмп, сырттын бети тумайта эле аппак түс чүмкөнгөндүктөн, карагай-арчалардын гана караандары карарып көрүнөт. Кайберен-илбесиндерди акмалашкан жапайы жырткыч канаттуулар да өзөн-сайды акмалай, дүпүйгөн токой үстүндө айланышат.

Улуу кардан кийин караандай суук күчүнө кирди. Кыш чилдеси келбей жатып, каарына алган бороон ызылдап, бети-колду каарыйт. Сууктун күчүнөн корккон чарбадарлар малдарын буйгага имерип, алды короолото айдап келишкен. Эки-үч күн жайытка чыкпаган мал улуу карда кай жакка барарын билбей, ордуларында тегеренишет. Мал ээлери өзөн-сууну бойлото, сай талдарга имеришип, токой ичине тереңдей айдаштан коопсунушат. Анын үстүнө кар калыңдыгынан кара мал да четтей оттоп, тал-теректин майда бутактарын жалмалаган болушат.

Кыргыз кыргыздыгына барат эмеспи. «Акыры башына келгенде көрөт» демекчи, кечээ түшкөн улуу кар көбүнө «кыш бар экенин, бүгүн эле камынтпай келип калганын» эсине салгандыктан, бейгам жүргөндөр отун-суу камдоонун түйшүгүн эми гана ойлонушту. Алды көң жыйып, аркасы отун алмакка, жаман жибин колго ала, токойду көздөй жөнөштү. Күндөлүк иштерин эртеңкиге калтырып, тоо беттериндеги төөнүн белиндей арчалардын дүмүрүн, каршы-терши кулаган карагай-кайыңдарды эми эстешип, кар баскан беттерди

умсуна тиктешет. «Ач короздун түшүнө, актаган таруу кирет» демекчи, ар киминин кыялына үйүлүп жаткан арча-кайың элестегени менен калың карда ага жетүү кыйын эле. Сай боюндагы тал-теректин бутактары болсо дале, бүгүн-эртеңге каниет кылалы дегендер, мал аралай куу бутактарды карсылдата сындырып жүрүштү.

Капылеттен токой четинен ачуу чаңырган үн чыкты.

-Аа-ай!-Ка-ач, карышкыр! деген үндөн улам, уккандар делдейише кулак түрүштү.

-Же-ди! Жарып таштады!-деген үн чыккан тарапты көздөй, балбалактата кар малтагандар шашылышты. Аттын омуроосунан келген карды жиреп барууга, дарманы келбегендер кышылдап-бышылдап, үн чыккан тарапка моюн созушат.

-Жеди! Чалып кетти! деген кыйкырыкты уккандар кар тозоңунан эч нерсени көрө албай, коркконДорунан келген издерине салып, артка карай чуркашты.

Кыштын кыска күнүндөгү тоонун көлөкөсү өзөн-суудан өтүп, кеч киргенин билдиргенсийт. Корккон айылдыктар үрккөн малга аралаша, айылды көздөй самсып жөнөштү.

-Кимди жеди? Эмнени чалды? Көпкө белгисиз. Баары эле жыгыла-тыгыла айылды көздөй шашышты. Айылдын четине келгенде үрккөн мал сээлдеп, уу-чуудан улам чечкен тонун алууга үлгүрбөй шашкандар бир жерге топтолуша, ар кими билгенин айтып жатышты.

-Айлан-айын, тим эле укмуш. Четтен эле жеп келе жатат.

-Аны айтасың да, азуусун арсайтып, тиштеп эле ыргытат. Тиштеп эле ыргытат!

-Бириси челип ыргытып жатат. Бириси жеп жатат-дешип, биринен бири өтө, көргөндөрүн кеп кылып жатышты. Аларды уккандар аңкайышып, ар биринин ооздорун тиктешет.

Ортодогу улуурак бирөөсү, алардын сөздөрүнө түшүнбөй, суроо бере кетти.

-Жеген эмне? Тиштеп, ыргыткан эмне? Эмнеси челип ыргытты?

-Билбейм. Бир көрүп эле эсим ооп, кыйкырганды билем. Эсиме келсем, кар үстүндө жатыпмын. Туруп эле качтым.

-Эмнени тиштеп ыргытты?

-Чыңырыкты уга калып, жалт карасам эле, башын тыякка-быякка буруп чамынып баратыптыр. Коркконумдан бакырайын десем үнүм чыкпайт. Түрү укмуш. Көздөрү от болуп, күйүп турат.

-Эмненин?

-Билбейм.

-Карышкырбы, ажыдарбы, жез кемпирби?

-Айтпа, айтпа. Өңү-түсү эсимде жок. Сыягы жан алгыч окшойт?

Ар ким көргөн-билгенин айтты. Уккандар таң калышты. Жырткыч бар экенин, ал малга кол салганын билишти. Бүгүнкү жаңылык ар бир үйдө айтылып, очок боюнда отурган жаш балдардын, айрым коркоктордун денесин калтыратты. Кээлеринин түшүнө кирип, чочугандар да болду. Эртеси таңкы үрүң-бараңда айылдагы мергендер Темиш менен Капарбай айыл четиндеги тебеленген чыйыр менен барышып, токой четинде көз салып турушту. Кечээ кечкирип кетип, үлгүрбөй калышканбы, таң эртеден мергендерден мурун ойгонгон топ сагызган бири-бирине үн салыша шакылыкташып, ар бутакка учуп конушат. Аярлаган мергендер сай боюндагы көп малдын тебелендисиндеги басырылган из менен суу бойлой жөнөштү. Таңкы аяз канчалык суук болсо да, аккан суудан буу чыгып, бутак-шактарды бубак баскан. Алыстан кызарып кан көрүндү. Жакындап келишсе, желген өлүмтүктүн тарпы да калбаптыр. Кызарган кызыл так гана көрүнөт. Аны да сугалактанган сагызгандар чокулашканбы, буттарынын, тумшукта-рынын изи араң билинет. Кыраакы мергендер аярлап, айлана-тегеректи акмалай карап, кар бетине түшкөн издерге көңүл бөлүштү. Баштагы түшкөн издерди, кийинки майда издер тебелеп, эмненики экендиги даана билинбеди. Бирок, улуу карды арымдап келгенине караганда карышкыр, жолборс сыяктанат. Кургак кар шиленип, издерди басып калыптыр. Мергендер бири-бирин сырдуу караштык.

Кийинки күндөрү Кызыл-Жардан, Сары-Күңгөйдөн, Кайрымадан кабар келди. Жырткычтар топ-топ болуп алышып, короодогу малдарга, ал тургай адамдарга кол салып, тарпын калтырбай жеп кетип жатышкандыгы угулду. Жакынкы эле Кызыл-Жардан алдуу-күчтүү жигитти ат сугарганы барганда, суу боюндагы токойго жеткизбей көп жырткыч жаалап камалап, ат-маты менен тарпын койбой жеп кеткендиги билинди. Бала-чака, кыз-келиндер жалгыз жарымдап сууга баруусу токтоду. Ал тургай эркектер да, айыл четине мал жаймак тургай, короолорун да топтошуп кайтарышчу болду.

-Айылдагы иттерди абалатып, ары-бери чапкылоочу мергендерге эмне болгон? Аргымагын алкынтып, куу союл, суу союлун көтөргөн жигиттер кайда кеткен? «Кишичил» жырткычтар

чыкты деп, баары эле ашкана аңдышып, баштарын тондоруна катып жатышабы?-деп абышка-кемпирлер да кеп кыла башташты.

Темиш менен Капарбек чуу чыккан жерге барышып, из кууп, акмалап:

-Бул чөө бөрү, бул түлкү, бул карышкыр, а булчу? Илбирспи, же жолборспу? Баары чогуу жүрүшпөйт. Чалган, алган сырттан. Андан кынык тапкандар, үйүрлүү бөрүлөр. Кешигин аңдыган чөөлөр. Ашкан-тешкенинен үмүт эткен түлкүлөр. Сырттандын изин беркилер тебелеп, кабылан, же жолборс экендигин билдирбей жатышат дешип, жалгыздаган из чалдыкса сөөмөй, нукум, карыштап өлчөшүп, эмненин изи экендигин боолголоп жатышты.
Үч-төрт жерге барышып, так аныктай алышпаганда, эчен элге өнөрү менен элан болгон, карт мерген Байтан аксакалдыкына келмек болушту.

-Карт мергенге кур барбайлы дешип, бир кийиктин семиз этин, ичин аңтарып, башын таштап, аттарына өңөрө келишти.

Кыраакы мерген алардын келерин билгенби, салам айтып, короого киришери менен  Бишкекке айтып, бир субайкалдысын- «Ак сары башыл» атап, чала койду.

-Абаке, бизди көрбөй калам деп, чочудуңуз беле? Ак сарыбашылды эмнеге садага чаптыңыз?-деди Темиш мерген тамашалай.

-Ээ балдар, бир субайкалды силердин башыңардан садага кетсин. Силердин канчалаган соогатыңарды жеп келдим. Короодогу адал малымдан да, ооз тийгезейин.

-Абаке, кайберендердин баары эле сиздики го? Бул тоо Байтан мергендин менчиги. Башка тоого уу кылалы дешип, сизди билгендер өзүңүздөн эмес, атыңыздан да айбыгышары анык го?-деди Темиш мерген тамашасын улай.

-Анык ырас. Мен ушул күнгө чейин кайберендердин бооз-кысырына карап, керегимче, жалгыздаганын гана аттым. Үйүрү менен жүргөндөрүн чочутпайын деп ок чыгарбадым. Туш келди, алдынан чыга калганын эле ата берген мерген, мерген эмес. Ал мыкаачы.  Ар нерсенин убалы болот, балдар. Мылтыкты этияттап кармагыла. Кайсыл буюмбу, жаныбарбы кээси болот. Ар нерсеге көңүл кош мамиле кылсаң, бир балээге каласың. Мылтыктыбы, капкандыбы көтөргөн соң, абайла. Ар жак, бери жагын карап, ага табынгыла. Ал сенин кызматыңды аткарат. Бөтөндүн колун тийгизбей, кастарлагыла. Туш келди таштап, ыргытып койбогула. Жаздым мамиле кылсаңар, кырсыкка өзүңөр кабыласыңар.

-Ырас айтасыз, абаке. Куралдын шерти бар-дегендин чындыгы бар. Мен куралдарды кастарлап, эгизге койсом, жолум болот. Кокустан босогого таштап, же койгон жайымда унутка калтырсам, колума эч нерсе илешпей, кур кол кайтам деп Капарбек устатынын сөзүн кубаттай кетти.

Астанадан баш бага, сүйлөп жаткандардын сөзүн бузбайын деп турган Бишкекти көрө кала, мерген:

-Кайсыл устукандарды салайын деп сураганы турасың го? Булар, кам боор жеп көнүп калышкан. Ысуулай боорду тилип, карындын салкынчагына орой койгун да, табылгыга өткөрүп, өздөрүнүн колуна бер. Арчанын чогуна кактап жешсин. Устукандарды түгөл салгыла! Ырымы кылалы, жол болгону турат.

Баш ийкеген Бишкек шып босогодон боюн тарта, аркага кайрылды.

-Көп адамдарды жактыра бербөөчү адатымды билесиңер. Ушул баланын жылдызы жагып калды. Эч бир тил кайрыбайт. Баарына куп болуп, жасаган ишинин майын чыгарат. Жолдуу жигит болгудай. Мергенчиликке да анча шыктуу.  Ниети таза адамды кайсыл иште болбосун ийгилик коштойт.

-Абаке, биздин келгенибиздин жөнүн айттырбай эле билдиңиз. Бу жырткычтар адамбы, айбанбы ылгабай кол салчу болду. Эмне балекет болгонун түшүнбөй да калдык, деди Капарбек сөздүн ток этерине токтоп.

-Ушул күнгө чейин силерди байкады деп ойлодум эле. Байкай албапсыңар. Көп из басып, байкатпай да коет. Буларды баштаган бир сырттаны бар.

-Биз да ошондой ойлодук эле. Бирок, ал сырттан эмне экенин аныктай албадык.

-Кабылан, же жолборс деп да ойлодук.

Эки мерген эки тараптан ойлорун айта башташты.

-Так изи байкалбайт. Бир жолукканда сөөм, укум чендесе. Кээде карышка жете түшөт.

-Карга баткан изине караганда, ал өтө эле салмактуу эмес, шамдагай. Кош аяктап секирет.

-Баамга караганда, аңын бир эле серпип өтөт.

-Эмне деп, болжодуңар?

-Кабыланбы десек, таштаган аягы көп дале узун эмес.

-Жолборспу десек, көп жырткычтар ал жүргөн жайга жакындай албастыгын билебиз.

-Анда, эмненики дейсиңер?

-Ошону билбей, башыбыз маң. Сизге атайлап келип отурабыз.

-Аны билдиңер. Бирок, божомолубуз туура болбой калабы-деп айбыгып турасыңар. Жырткычтардын кыял-пейили силерге беш колуңардай эле белгилүү. Өзүңөр айтып жатпайсыңарбы карышкырдын үйүрүбү?-деп. Үйүрлүү карышкыр экен. Үйүрдүн ана башы дөбөтпү, же канчыкпы?

-Аны билүүгө болбойт.

-Болот.

-Кантип?

-Силердин бир айыбыңар карышкырлар чалган жерди, чала карапсыңар. Ал жерлерди чөөлөр, түлкүлөр шимшилеп жүрүп, тебелеп салып, башыңарды айландырыптыр. Үйүрлүү карышкырлар кайдан келип, кайда кеткен тарапты карабапсыңар. Чөөлөр да, түлкүлөр да алардын жүргөн жерлерине жакындаштан коркушат. Изин баса алышпайт. Алар тарпка келип, кешик аңды-шат. Карышкырлар башка жырткычтар баштанып, ийри-буйру жол басып, ар жерди бир шимшилешпейт. Алар түз багыттап жүрүшөт. Ошол изди караганыңарда, биринчи из арыштуу экени анык билинмек. Ал токтоп, саара кылган жерди аны ээрчип жүргөндөр биринен-бири талашып жытташат. Андан чыккан арыштуу из, ошол үйүрдү баштап жүргөн көк жалдыкы болот.

-Ооба, ооба-дешти экөө тең баш ийкешип.

-Экөөң тең көңүл бура турган ишке саресеп салбай, эмненин изи экенин, анын көлөмүн, ченин алууга аракет кылып жүрүп, убакытты кетирипсиңер. Экөөңдүн аңдабастыгыңардан канча жан, мал чыгымдар болуп турат. Ай-ай, балдар. Бул кылыгыңар мергендер үчүн кечиримсиз, күнөө экенин мойнуңарга алгыла, туурабы?

-Туура, туура.

-Ап-бали, эми ишке киришесиңер.

-Анда, кеттик, жүр! деп Темиш мерген шашкалактады.

-Ай-ай. Сабыр, сабыр, мергеним. Шашкан шайтандын иши. Эртеңки күн бар. Бүгүнкү ырыскы турат. Бардыгы буйругандай болот.

-«Сакалымдын агы бар, балалыгым дагы бар» демекчи, көп жылдардан бери ууга чыгып, кайберен, илбесиндердин мүнөзүн, беш колубуздай билебиз дегенибиз менен сиз айткандарга такыр башыбыз жетпептир. Ал ойго да келбептир. Устат. Кыраакылыгыңыз ченде жок аңчысыз-деди Капарбек кемчилигин мойнуна ала.

-Баарыбыз пендебиз. Жаңылабыз, жазабыз. Ал болуп келген. Ким эле төгөрөгү төп боло калат? Менин да, аңдабаган кемим көп. Өмүр дегениң окуу турбайбы? Өлөөр өлгүчөктү үйрөнөсүң. Эч ким билип туулбайт. Билем дегенден кач. Анда мактаныч, теңсинбөө, менменсинүү бар.

-Үйүрлүү карышкырдын башчысы кутуруп кеткенби? Кантип адам баласына даап, кол сала алат?-деди ойлонбой эле Темиш.

-Темиш бай, баланын суроосун бердиң десем көңүлгө алба. Ал кутуруп кетпей эле, накта эле карышкырдын өзү. Болгондо да «көк жалы». Канча карышкырды аркасынан ээрчитип жүрөт. Ал эч нерседен кайра тартпайт. Кокустан эле ал бир нерсеге тап берсе, ага жагынгандар, көк жалдан мурун аны тытып кетишет.

Үч мерген үчөө тең өз ойлору менен алек болуп жатышты. Карт мерген көзүн жуумп, тунжурап, тээ бир оокумга чейин унчуккан жок. Берки экөө тең, элге бүлүк салган үйүрлүү карышкырлардын жүргөн багытын, айылдардан алыстап кетпеген себептерине өз алдыларынча жооп издеп жатышты. Карт мерген экөөнү сыйра карап:

-Издеген жогуңар сейрек учурай турган жырткычтардан. Менин билишимче, анын эки жерде тукуму боло турган. Ала-Мышык тоосун бирөө мекендеп, экинчиси сыртта, кыпчак талааларын мекендесе керек эле. Бул жайга кантип келип калды? Азулуунун сырттанын атып алуу, оңойго турбайт. Ага жолугуу кыйын. Өтө сактыкты жана тактыкты талап кылат. Көк жал өзү жалгыз жүрбөйт. Аны коштогон үйүрлүү тобу бар. Ага күнүгө жылуу кан ичирип, жаңы эт жедире турган, өзүндөй алгыр көк дөбөттөрү, алты ашуудан жыт искеген сак, куу канчыктары жандап жүрүшөт. Ал өзү мекендеп турган жерге аюу, илбирс түгүл, жолборсту да жолотпойт. Түнөк кылып, тукум улаган жеринде, кийик баш болгон кайберендер нык семирет. Анткени, ал жерге аңчылык кылбай, ондогон кырды ашып барып жойлошот. Ит төрөсү Куумайык, куш төрөсү-Буудайык, карышкыр төрөсү-Көк жал, жолборс төрөсү Кабылан. Жырткычтардын төрөсү сейрек учурашат. Бирок, баягы мен айткан эки жерде көк жалдын тукумунан болуу керек эле. Кантип, бул тарапка ооп келип калды дейм да?

Байтан мерген дагы көп кызыктарды айтып отурду. Табылгыга сайылган карындын салкынчагы, улам чокко жакындаганда «чызылдап» кандуу боордун бышканынан кабар берип, жыты буркурайт. Ар бири эки оромдон араң жешти. Ооздоруна толо

түшкөн боордон май сарыгып, очок боюндагы отундарга таамп жатты.

-Чокко какталган кайберендин жаңы боорун жемей сайын, аңчынын карды тойбойт. Боордун касиети мергенчиге кубат. Күнүмдүк тамагына азык. Канча басса да чарчабайт. Чаңкатпайт- деп карыя кобурап отурду.

Дасторкон жайылып, субайгалдынын дак болгон шорбосу алынып келинди. Андан соң эки жамбаш меймандарга тартылып, тилинген кабыргалар узатылды. Боорго тойгон меймандар, этти көп дале жеше алышкан жок. Колдорун аарчышып, ыраазылыктарын айтышып, дасторконго бата кылышты.

-Эми, балдар, мага ишеним көрсөтүп, атайын келипсиңер. Кудайга шүгүр, карысам да көптүн катарынан чыга элек экенмин. Дагы бир жолу элге кызмат кылып берейин. Эрте багымдаттан кийин жолго чыгалы.

Таң дык салганда карт мергенди тонго орошуп, ээрдин бөктөрүнчөгүн калыңдап, Бишкекке өңөртүштү. Улуу карда аттардын куйруктары шагалаң болбосун дешип, куйруктарын түйгөн үч атчан Жаңгактууну көздөй салышты. Эки-үч күндөн бери кар басырылып калганбы, кээ жерлерде аттардын омуроосуна жетсе, кээ жерлерде үзөңгүгө тийген карды жирешип, биринин изине бири салып, өрдөштү карай келе беришти. Улуу карда жол көп дале арбыбады. Эртели-кеч шамал боло калгангабы, кыр жондун кары жукарып, ат бастырганга бир топ жеңилдей. Жердин шартын жакшы билген мергендер Байтан аксакалдын айтканын аткарып жай жүрүштү.

Асман бети туп-тунук. Жер тумайта, акка чөмүлгөн. Тоолор уктагансып мемирейт. Шамалдан башка үн жок. Аскадан шаркырап агып, кокту-колотторду жаңыртчу тоо сууларына муз тоңуп, кар баскан. Аттар гана оор күшүлдөп дем алып, анда-санда жөткүрө, өрдү көздөй аяк шилтешет. Улам дем алган сайын, буу чыгат. Бир изден чыкпаган үч атчандын кулак-мурдун чымчылаган аязга кошул-ташыл боло, кар тозоңун сапырган шамал, этек-жеңди жула каччудай жулмалайт. Өмүр бою тоо аралап, таш комдонгон мерген, ар тарапка астейдил көз салып, ойлуу келе жатты.

Мергендердин бул жүрүшү Бишкекке жаккан жок. Үйүрлүү карышкырларды издешпей эле, жондон-жон жол жүрүп баратышкандай туюлду. Же кар бетине түшкөн из жок. Же бирөөлөрдөн «Бул жакта жүрөт» деген кабар жок. Кандайдыр бир тескери тарапка баратышкандай сезилди. Суунун катуулугунанбы, кардын

бети тоңбогондуктан, ат аяктарына көп эле илеше бербеди. Улуу карды жиреп, өйдөлөй жүргөн аттарды тер басып, бир аз жүрүп, кайра токтошуп, соолуга өпкө кагышат. Аттардын оюна коюп, камчы салган, же теминген эч ким жок. Күн түшкө жете бергенде бир жерге келип токтолушуп, аттардын демиккендерин баса, буту-колдорун жазып алышты.

Кайрадан жол улашып, ире-ширеде болжогон жерге келишти окшойт. Аттардан түшүшүп, ат үстүндөгү куржун-пуржун буюмдарын алып, үңкүргө киргизе башташты. Аттар демиккендерин бассын дешип, белдерин бошотуша, тизгиндерин ээр кашка ороп, каңтара байлашты. Темиш үңкүр ичиндеги даяр отундарды калап, от тутантып, ыш болгон кара чөгүнгө үңкүр ичиндеги булактан суза келип, жалындын үстүнө аса койду. Капарбек ала келген буюмдарды жайгаштырып, тонго оронуп отурган карыяга очок боюнан орун даярдады. Бишкек каңтарыла байланып, баятан бери сыртта туруп, эти сууган аттарды үңкүрдүн төрүнө байлап, бурчта үйүлгөн чөптөн сала, отко койду. Аңгыча от алоолоп, очок үстүндөгү кара чөгүндөгү суу боркулдап кайнай баштады. Темиш үңкүрдүн бир тарабында боо-боо боло, байланган кийик от, аркар от, бозунач өңдүү дары чөптөрдөн, четин, чие, карагат сыятуу мөмөлүү жыгачтардын кургатылган жалбырактарынан кайнак сууга демдеди. Буркураган дары чөптөрдүн жыты үңкүр ичин каптады. Арчалуу-Төрдөгү үңкүрдүн меймандары кыштын узак, ары коюу түнүн кызыктуу аңгемелери менен өткөрүштү.

Жылуу тонго оронуп жаткан карт мерген, улам баш көтөрө тыңшаган болуп, бир кезде жаткан жеринен обдула туруп, ынтаасы менен кулак түрдү. Бир топко тыңшап туруп, кайра жамбаштай, тонго оронуп, таң заарда шериктерине кайрыла:

-Кудай берди, балдар. Издеген, жогубуз табылды.

Эч нерсе түшүнүшпөгөн шериктери анын оозун тиктеше, бир кезде эстерине келиштиби:

-Оозуңузга май. Ак сарыбашыл азыр-дешип кубанышты.

Карт мерген «көк жалды» кантип тапты? Ушул жерде экенин, кайдан билди? Түндөсү чогуу уктап жатышпады беле? Үч шериги аны таңдана караншты. Мерген шериктеринин таң калганын билип:

-«Көк жалдын» үнү «Көк даңгыттын» өзү. Айныксыс ошонуку. Шумкардын түгөйү-Кумпай, Көк жалдын түгөйү-Көк даңгыт! Булар быйыл үйүгүшүп, күчүктөй турган чагы. Түндө жырткычтар Карагай-Булактагы кулжаларга кыргын салды. Эрте менен асманга толгон кузгун-жоруларды көрөсүңөр.

Карт мергендин кеби айныксыз, туура чыкты. Күндүн мурду көрүнбөй жатып, асманда жору батпай кетти. Эрте мененки чайда отуруп, карыя кебин улады.

-«Көк даңгыт» оңойлук менен алдырбайт. Колго түшүрүш үчүн көп мерген керек. «Бир күндүн ичинде, кырк белести ашат» деген элде сөз бар. Аны алдынан чыгып гана жакындабаса, аркасынан кууп жетиш кыйын.

-Карагай-Булак тарапка барганыбызда жолукмак экенбиз. Бул тарапка эмнеге келдик?-деди Бишкек мергендин сырын көп деле биле бербей.

-Ушул жерге келгенибиз жакшы болду. Ана башы «Көк даңгыт» экенин билдик. Эми кайталы-деди карыя.

Бишкек карт мергендин бул кылыгына түшүнбөдү. Ага жанаша отурган эки мергенди карады.

-Мергенчилик деген ушундай. Бир баскан жерди, миң басасың. Жалкоолонуп, зериксең эч нерсе жок. Карагай-Булак дейсиң, ал тарапка бир күндө жете да албайт элек. Барган кезде да «көк жалдын» бар экенин билбейт болчубуз. Кана, аттарды даярдагыла! -деди карыя.

Мергендердин келээр келгиче эч кимиси үндөбөдү. Карыя үйүнө келгенде гана аттан түшүп баратып:

-Экөөңдө экиден капкан, менде эки капкан, Боронбайдын капканы жарабайт. Жумабектин капканынын жаагы бош. Үмөталынын капканы тиштүү болгону менен тээгине табылгы койбосо, башка жыгач кармабайт. Камчыбектин капканынын темири жашык. Чапкан убакта да көпкө кармай албайт.Улуу кардан улам, кайберендер да, жырткычтарда өөндөп түшүштү. Кагуу жеген бөрүлөр кете турган жолдорго, капкан койгула. Менин «ак капканымды» Өрүштүн жонундагы «Таш-Секириктин» таманына койгула. Сен Капарбек бир капканды Суук-Дөбөнүн белиндеги «Куу Арчага» жетпей, Ойнок-Жардын үстүнө кой. Экинчисин Муз-Булакка өтө бергендеги секирмекке жетпей, жалгыз жолдун таманына бекит. Темиш сенин, капкандарың жолдуу болчу эле. Чапчыманын чыга беришиндеги Капкан-Таштын таманына бирин, экинчисин Боз-Дөбөдөгү жапсарга чылбыр бою жеткирбей бекит-деп, ар биринин аралыгы жарым, бир күндүк жерлердеги тоо-таш, белдерди атады.

-Аба, бардык жерге эле карышкырлар бара береби?

Суроо берген Бишкекти сынай тиктеп туруп:

-Туура айтасың. Баарына эле бара бербейт. «Жети жердин бири мазар» демекчи, бирине болбосо да, бирине илешет деп, ишенимдүү айтты.

-Койгон капкандарга карышкыр эмес, аркар, кийик, же башка жырткычтар дале түшүп калышы мүмкүн да?

-Аюу ченде, кара кийик жалаңга барбайт. Аркар, кийиктер улуу карда жайылбайт.Жайылса да кыр жондоп жүрбөйт. От издеп, караган-буталуу күңгөйлөргө оттойт. Артынан куугун түшкөнүн билген карышкырлар кыр жондоп кетишет.

-Сиз «тиги жерге, жолдун таманына кой» дейсиз. Ээн жүргөн карышкыр, сиз айткан жерлерди басарын кантип билесиз?

-Анын да жөнү бар, баатыр. Сен күндө айыл аралап басасың. Кар бетине жай баскан изиң, шашып бараткандагы изиң, чуркагандагы изиң, бир жерге түшпөйт. Бул бардык малдыкы да, жан-жаныбардыкы да ошондой. Карышкырдын да өйдө бараткандагы, төмөн түшүп келе жаткандагы кадамдары бири-бирине окшобойт. Көбүн эсе алар түздө, кыяда жортуп жүрүшөт. Баамчыл адам кайсыл жаныбар, кантип басканын, ылдамбы, же жай жүргөнүн биле жүрүшү керек.

-Сиз кой деген капканга, «көк жал» эмес, башкалары дале түшүп калышы мүмкүнбү?

-Жок. «Көк жалы» гана түшө турган кылып койгула дедим.

-Кантип, аны кайдан билдиңиз?

-Сен баатыр, суроoң менен мага жагасың. Билбегенди сурап, үйрөнгөн жакшы. Сурагандын уяты жок. Суроону да көңүлү таза адам берет. Кытмыр, митаам адамдар, өзүнүн ички арам ою билинип калбасын деп, суроо беришпейт. Эми суроoңо жооп берейин. Ар дайым топту алдуу, өзүнө ишенген, баатыр жана кыраакы адам баштайт. Мындай адат канаттууларда, жан-жаныбар, курт-кумурскаларда да бардыгы айкын көрүнөт. Айрыкча, карышкырларда көк жалдын алдына эч бири чыга албайт. Чыккан кезде да, калгандары аны талап, тытып салышат. Үйүрлүү карышкырлардын дагы бир өзгөчөлүгү, башчысы баскан изди гана басышып, бирдей ылдамдыкта жүрүшөт. Өтө чыдамдуу, кайра тартпас болушат. Кокустан эле арасынан бирөөсү коркоктук кылса, же качса, калгандары аны кечиришпейт. Жашоо мыйзамы ушундай. Алсыздын өмүрү кор. Өзүнө ишенгендер гана максатына жете алат.

Эртеси айыл аралаган мергенчилер бири-бирине кабар берип жүрүштү. Алар топ-топко бөлүнүшүп, ар аймакты акмалап, үйүрлүү

көк жалдын аркасынан түшүштү. Кийинки күнү Байтан мергендин айтуусу боюнча  Булут-Конорго аттанышты. Кечке болжогон жерге жетишип, Кереге-Таштагы мергенчилердин үңкүрүнө түнөштү. Жол чалып, тосот жайын акмалаганы кеткен Темиш менен Капарбек кеч күүгүмдө жаткан жерге келишти. Капарбек семиз кулжаны көтөрүп, үңкүргө киргенде карт мерген ага нааразылана кетти.

-Мен силерге ок чыгарбагыла дебедим беле?

-«Амалдуу жигитке, ажалдуу кийик жолугат» болуп, баягы күнкү капканга түшүп калыптыр. Мен албасам, жырткычтар тытып кеткидей. Жолубузга ырымы кылып, көтөрүп келе бердим.

-Кандай эле сырттап калды экен?

-Өөн тараптан кагуу жеген. Же куугундан качкан го сыягы.

-Издин саны канча бар?

-Жети, сегиз чамалаш. Кайкы-Ташка жетпей кайрылып кетишиптир.

-Болду, болду. Үйүрлүү бөрүлөр жакындап келе жатышыптыр.

Карыя кулжанын себебин билип, жазыла кетти.

-Темиш, сен эмнелерди байкай алдың?

-Жон-жондон шамал жүрүп, кар тозоңу алыскыны тургай, жакын жерди көрсөтпөйт.

-Шамал эрте башталыптыр, кыштын этеги жеңил болчудай.

-Кантип эле? Ченемсиз кар көп жаап койду. Калың кар жазды ортолоп барганга чейин, кеткидей эмес.

-Кеп карда эмес. Кеп күндө. Кышкы чилдеде да, күн ачык болсо, кар бир эрип, бир тоңуп, тез кетет. Түнкү жылдыздар тунук. Кыш тапкан-ташыган карын бир төгүптүр. Көрөсүңөр, мындан ары күн жылыйт.

-Айтканыңыздын жөнү бардай, уларлар төмөндөбөй жон-жондо жүрүшөт.

-Жаратылыш ушундай, баарын теңдеп коет. Кардын канчалык калың жаашы, жаздын берекесин айгинелейт. Барды –келди, бардык иш кудайдан. Буйруганындай болот.

Жылуу үңкүрдө, артына келишкен арпадан аттарга илишип, семиз кулжанын этин жан казанга кайнатышып, арча жагылган очок четинде кызуу аңгеме менен түндү узатышты.

Таң каракчысы тарай баштаган чакта карт мерген үңкүр оозуна жакын келип, кадимки карышкырча улуп кирди. Мергендер жабыла баш көтөрүшүп, аны тиктеп калышты. Тоо арасындагы таңкы тынчтыкта «жалгыз бөрүнүн» улуганы кокту-колотту аралап, тээ алыска кетип жатты. Улам-улам кайра тыңшап, «улуганын»  бир-

эки жолу кайталады. Коюуланган караңгылыкта эч нерсе билинбейт. Анда-санда зуу-зуу эте, куурай башын желпиген шамал жүргөн болот. Бир маалда, тээ алыстан чуулдаган калың карышкырдын улуган үндөрү үзүл-кесил чыккандай болду. Карт мергендин издегени булар эмеспи, башкача добуш менен эки алаканын колго тутуп, чыгыш тарапты көздөй «улуп», кулак түрө туруп калды. Бул саам үч жерден улуган карышкырлар бири-биринин үндөрүн улашты.

Бишкек карт мергендин кылыгына таң калды. Бар балээнин баарын билет. Жада калса, карышкырлардын да «тилин билип», үн алышканы эмнеси? Кары ким деген, эмне деген адам? Күндүн табын, жылдын мезгилин, ай-жылдыздын өңү-түсү, көрүнүшүн, шамалдын жүрүп-токтошун, айбандардын кайда барып, кайдан келээрин беш салаасындай билген адамга, бир чети таң калып, бир чети суктанды. Ушул кишинин айтканын угуп, ушул кишинин акылын үйрөнүүнү самады. Капырай, ушундай да болот экен да? Жөнөкөй келбети болгону менен турушу сыр, сүйлөгөнү акыл. Баскан-турганынын башкалардан эч айрымасы жок. Өзү менен өзү алек болуп жаткан Бишкектин оюн, карыянын сөзү бузду.

-Биз издеген «көк жалдын» үйүрү жок.

Түнкү түнөгүнөн козголгон уларлардын үнү угулду. Айлана жым-жырт. Чыгыш тарап улам агарып, жер жарый берди. Кезегинен кечиккенин туюп, шашмалаган күн нуру тоо баштарына чачырай тие баштады. Мерген дагы үңкүрдүн каршы тарабын багыттай карышкырдай улуду да, кулак түрө, ынтаа менен тыңшады. Таңкы үндү улап келгенби, же жакын эле жерде жүргөнбү, бул саам бет маңдайдагы бийик тоодон чоордой созолонгон карышкырдын улуган жоон үнү айкын угулду. Мергендер шашып калышты. Тура калышып мылтыктарын колго ала, үңкүрдүн оозун көздөй чуркашты.

-Шашпагыла, шашпагыла. Чай кайнамга жетпей жетип келишет. Отту түтүн чыгарбай өчүргүлө. Быкшыган чычалага суу сепкиле!

Карт мергендин айтканын айткандай аткарышкан эки мерген, үчүнчү мылтыкты Бишкекке беришти.

-Жытты билдирбегиле!-деген карт мергендин сөзүнөн улам, бая аңчылардын аксакалдын үйүнө келгенден баштап чылым, нас тартуунун кумары кармап, бири-бирин тиктегендердин абалдарын эми түшүндү. Ал тургай үңкүргө келишкенде ат тери болгон токум-ичмектерди да, сырткы карга кактырбай, аттардын тезектерин

чыгартпай койгон болчу. Көрсө, баары жыт жыттанбасын деген аракети экен, карт аңчынын.

Уучулардын кечээтен келген издерин ширенди уруп, ал анчейин дале байкалбайт. Шамал төмөндөн жогору карай согуп, аңчылардын иши оңдой берди болду. Карыя аңчынын айтканындай, үчөө үч жердеги эгизди чачыла ээлешти. Төмөндөн келе жаткан караандар өңү-түсүнө чейин айкын көрүнгүдөй эле. Бир эле шарт, жаза атмай жок. Капарбек эң алдынкысын мээлейт. Экинчисин Темиш, үчүнчүсүн Бишкек кароолго алаарын макулдашышты. Андан кийинкилерге да, ушул эле тартипте ок чыгарылат. Демдерин ичине алышып, кыймылдамак тургай, кирпиктерин ирмебей, жер менен жер боло жаткан аңчыларды үйүрдөгү карышкырлар көп дале акыйткан жок. Тайдай болгон көк жал арткылардан чылбыр бою алдыда келе жатты. Ал улам тумшугун көтөрүп жыт алгандай, токтой калып ары-бери искеген болот. Анын аркасында көк даңгыттын эки кулагы тик, жаагы кере карыш кандуу оозун жалана, семиз этти тойгончо жеп суусаганбы, басып келе жатып, эңкейе кардан бурдап сугунуп коет. Кийинкиси да, алдыңкылардан кем калбаган көгүш-карамтыл түстөгүсү башын серпе, жеңил басып келе жатты.

Мергендер канчалык тажрыйбалуу болушса да, мынчалык шашып көрүшпөсө керек. Болжогон жерге келгенде үчөө тең ок чыгарышты. Капчыгай ичи мылтык үнүнө толо түштү. Көк жал «ар-р» эте асманга секирип, талуу жерине дал тийген октон улам, чалкасынан түшүп, кайра турууга аракет кылып жатты. Көк даңгыт күчүнө салдыбы, тийген окту тоготпой, алдыга сүрдүгө шарт секирип, арыш керди. Кийинкиси эми күчүнө кирген жаш дөбөтпү, ок тийген жерин «ар-р» эте бир каап алып, беркинин аркасына түштү. Бирдей атылган мылтыктын үндөрү Капчыгай ичин жаңырткандан улам, арттагы ээрчише келе жаткан бөрүлөр, октун кай тараптан чыкканын байкабай калышканбы, алды-аркаларын бир карашып, көк даңгыттын караанынын артынан түшүштү. «Тарс-тарс» эте, удаа мылтык үнү чыгып, эми чамына арыш керген үч бөрүнү жалпайта койду. Мергендер калгандарына ок чыгарууга үлгүрүшпөдү. Канаттуу немедей ар жерди бир атташып, чымын-куюн болгон бөрүлөрдүн карааны көзгө илешпеди. Үч мерген төрт жерде сулайып жаткан бөрүлөргө жакындашканда, Капарбек чууруй аккан канды байкай калып:

-Бишкек, чурка! Тез жет. Каны чууруган көк даңгыт, кансырап бир жерге сулк жыгылат. Аркасынан барып сүйрөп кел!-десе, ага удаалаш, Темиш тамашалай кетти:

-Жетип барып, жаны чыга элек болсо, кемечтеп кел. Тирүү көк даңгытты элге көрсөтөлү.

Шашкалактаган Бишкек колундагы мылтыгын таштай коюп, карышкырлардын каны чууруган изи менен өйдөлөй чуркады. Каны аккан из тикелей салыптыр. Өйдөдө буттары тайгаланганга карабай, улуу карды балбактата кечип чуркаганы менен жолу арбыбады. Суюк абада демигип, заматта көкүрөгү ачышты. Өйдөдө шашкалактап баратып, тонунун жакасын чечти. Чекесинен куюлган тер бетинен салаалап, моюнуна кирип, денеси көл-шал боло терге чыланды.

-Жетсем эле токтоп, дем алам-деп, өзүн-өзү алдай, жакын эле жерди самаган жаш мерген ылдамдады. «Кандын агышына караганда жакын эле жерге жыгылса керек»-деп, улам чамалап, токтобой, шыпылдай баскан Бишкек өпкөсү көөп, күшүлдөй аскага келип такалды.

Баятан бери чууруп келген кан, ар-ар жерге тамчылай, аскага жеткенде андан уланган из да, кан да жоголуп, көзүнө эч нерсе көрүнбөдү.

Асканын коңулуна кирген экен-деп ойлоп эңкейе бергенде, анын келишин билгенби, же ок жеп жаны ачышканбы, демиге, күшүлдөп-бышылдаган добуштан улам, сулк жаткан карышкыр башын көтөрө, жакын келе калган адамды беттей атырыла, кол салды. Мындайды оюна албаган Бишкек чочуп кетип, шарт кетенчиктей түштү. Дал ошол учурда аркасындагы чорчойгон ташка чалына, чалкасынан жыгылды. «Ар-р» эте, чапчый секирген көк даңгыт, күү менен анын үстүнө түштү. Алдастаган Бишкек сол колунун жеңи менен бетин жаба коюп, оң колун шилтегенде карышкырдын кулагы илеше түштү. Күч менен бир тарапка тартканда жырткычтын башы бурулганы менен, анын алдыңкы эки колу Бишкектин көкүрөгүн тиреп, басып турду. Көк даңгыттын эки колун, өзүнөн ары түртүп, аңтаруу кыйын экендигин туйган жаш мерген бош сол колу менен карышкырдын экинчи кулагын мыжыга кармай, өзүнөн оолактатты. Жырткычтын мойну кейкейгени менен бүт салмагы мергенди басып, кыймылдашына мүмкүндүк бербеди. Таштын тар коңулунда, үстүндөгү салмактан улам, оодарылууга чара жок. Кулактарын канчалык мыжыга кармап, бураганына

карабай, курч тиштерин арсайта ырылдап, жырткыч башын булкуп, бошонуу аракетинде кетенчиктеп, мойнун булгалап жатты.

Бошонуунун аракетиндеги көк даңгыт, алдыңкыга эки колун тиреп, тумшугун өйдө кежейте кыймылдоого буяма келтирбегенден улам аргасы кете баштады. Бир топко эки баатыр тирешип, татайыша турушту. Көп аккан кандан улам алсырадыбы, кубаты кете баштаган бөрү бошошуп баратты. Ошондон пайдаланган Бишкек оң тарапка булка серпкенде, карышкырдын эки алдыңкы колу бошошо түшкөнүнөн, оонай кырданууга ыңгай келе калды. Жырткычтын башы бир тарапка тайып, көкүрөккө түрткөн анын буттары бошошо түштү. Бишкек чапсаңдык менен көк жалдын денесин оолак түртүп, аңтарыла калганда шап желкесинен басып, жонуна мине, башын жерге ныгырды. Бая Темиштин «кемештеп кел» деген сөзү эсине түшө калып, кончун сыйпаласа, дайыма адатка айланып, ат минбеген учурда да сала жүргөн табылгы сап камчысы колуна уруна калды.

-Ар-р, ар-ар! эте, ыркырап, оозун чоң ачкан карышкырдын арсайган азуусуна камчы сапты тыга коюп, бир колу менен белиндеги кайышты суурup ала теңдей, камчы сапка илип, кемечти оозунан чыгарбай туруп, тумшугу менен астыңкы ээгин капшыра кармоого аракет кылды. Колунун каруусу жеткидей эмес. Улам «ар-р» эте, башын булкканда, ныгырылган экинчи жаагы жерден көтөрүлө берип, бошошо калганда, кайыштын бир учун ага орой салды. Кемечтелген жырткыч бошонууга аракет кылып, жонуна минип турган мергенден оодара салып чыгып кеткиси келип, улам жумшак карды чапчый булкунуп жатты. Бири-бири менен алек болгон экөө, кургак кар үстүндө сүрүлүп баратышканын аңдабай калышты. Чакан аскадан кулап, төмөн кар үстүндө түшүшүп, жантайыштагы кургак кардын үймөгүндө уйпалашып жатышты. Карышкыр туруп кетүүнүн, Бишкек аны басып, жыгытуунун аракетинде болуп, бири-бирине моюн бербей кармаша беришти. Бир маалда жантайыштагы кардан да сүрүлүп, аска алдындагы аңга, күп эте жыгылышты. Сүрүлгөн кардын калыңдыгынан улам, аң түбүндөгү урчуктуу таштар аларга жумшактай сезилди.

Кууш, тар аңга карышкыр мурда түшүп, Бишкек анын үстүнө жыгылгандыктан, денеси көп дале ооруксунган жок. Жанатан бери кармашып жатып, колдору карышып, кардын суугунан улам, тоңгон колдору кымтууга эп келбей жатты. Убакыт канча болгону белгисиз. Төбө тарабын караса, күн кеч киргенби, же бүркөкпү, үлбүл, бозомук жарык көрүнөт. Эрте мененки күндүн ачыктыгы эске

келип, күүгүм киргендигин боолголоду. Айланасына саресеп салды. Кууш аңдан чыгып кетүү, мүмкүн эмес. Тоңгон муздак таштын бетин тээп, асылып  чыгайын десе, караңгылыктан эч нерсе көрүнбөдү.

-Шериктерим издеп келип, баары бир куткарып алат-деген ишеним менен ток пейил тарта, бейгам болду. Өрдү карай,  шаша басып чарчаганданбы, же көк даңгыт менен алышып, кубаты кете түшкөнбү, бүткөн бою шалдырады. Шамалы жок, суuктун ызгаары билинбеген жерде денеси уюп, уйкусу келди. Канчалык уктабастын аракетин кылса да, көңүлү жай болгондонбу көзү илинип, кирпиктери бири-бирине жабышып баратты.

Капарбек менен Темиш  заматта олжолорунун денелери муздай элегинде терилерин туюк союшуп, Бишкектин келишин күтүштү.

-Ана-келет, мына келет-деп отурушуп, күндүн батканын да, туйбай калышты.

-Кансыраган «көк даңгыт» алыстап барып, жыгылса керек. Аны жүк кылбай, терисин сыйрый коеюн-деген Бишкек, келип калаар дешкен, шериктер күтүп-күтүп, акыры үңкүр ичинде отура алышпады.

-«Көк даңгыт» кансырап барып жатканда, аны «өлдү»-деп ойлогон бала шыйрактап, же куйругунан кармай коем деп, жырт-кычка чалынып калды бекен? Ок жеп, жаны ачышкан көк даңгыт эч кимди аябайт. Карышкыр тукуму ээелтен бирөөгө, ал тургай өздөрүнө да, жан ачып көргөн эмес. Күчү ушунчалык алты асый атты да тумшуктан, же тамактан алып, бир серпиш менен тырайта чабат. Жаш баланы эмне, бир серпиш менен жара тартты да. Бас, таап келгиле! Анын көзүн алып келмей сайын, бул жайга жолобогула!-деген, карт мергендин каарынан чочулаган аңчылар караңгыда аңды-дөңдү куп эле аңтара карашты.

Түн бышканга чейин басырылган из көрүнбөй, анан барып, көп жылдыздын шооласы менен издин аскага барып такалганын боолголошту. Асканын башына караңгыда эмес, күндүзү чыгып барууга болбойт. Улам тегерете карап жүрүшүп, асканын этегиндеги уйпаланган карды баамдашты. Бирок, караңгы түндө эңилип, этек тарапты кароо коркунучтуу эле. Тынчы кетип, кабатыр болгон эки шерик:

-Бишкек, Бишкек! деп, кыйкырышты.  Эч кандай дарек билинбеди, жооп болбоду.Башка жол менен үңкүргө кетсе керек дешип, ээрчише кайрылышып келишип, алыстан Бишкектин

келишин, акыя күтүп отурган абышканын караанын байкашып, кайрадан аскага чыгып барышты. Улам ары-бери каттай беришип, тоонун бетин чыйыр кылып жиберишти. Таң агарганда аска түбүндөгү уйпаланган кардан канды көрүшүп, эңкейе, төмөн жакка моюн созушту. Сүрүлгөн из бар. Болду, болбоду ушул жакта экен дешип:

-Бишкек!-деп, үн салышты. Кулак түрүп тыңшашып, кайра удаа-удаа чакырышты.

-Мен мындамын!-деген үзүл-кесил үндү угушуп, эки шерик маңдайлары жарыла кубанышып, бирин-бири кучакташты.

-Бишкек, деги барсыңбы?

-Бармын.

-Бишкек деген чакырыгыбыз ааламга жетти. Тим эле, аска-зоону жаңырта, таң аткыча кыйкырып чыктык. Кана, кантип чыгыштын аракетин кыласың?

-Аркан. Аркан таштагыла?

Аңчылар дайыма белине ороп, ала жүргөн аркан учун аңга, ыргытышты. Бир маалда:

-Та-арт!-деген үн чыкты.

Күчөнө, сабай тарткан эки шерикке, эки колтугунан аркан байланган, кемечтелүү «көк даңгыттын» тулкусу көрүндү. Экөө элейе, бирин-бири тиктешти. Жырткыч экөөнө моюн бербей булкунгандыктан, аны баса кала, эки аягы менен эки колун бириктире чырмап салышты да, кайрадан аркан учун аңга ыргытышты. Үстүндөгү тону курч тырмакка тытмаланып, сала-салаа болуп айрылган. Колдору жоон билектен каруусуна чейин жеңи жок, кызаңдаган денеси канталаган Бишкекти тартып алышып, алмак-салмак кучакташа сүйүнгөн эки шерик «түнкү жомокторун» сармердилеп айтып жатышты. Үч мерген күндүн мурду тоо бетине тегиз жайылган чакта «көк жалдын» төрт аягын бириктире байлашып, бутактуу арчанын үстүнө жаткырып, түнөгөн үңкүргө сүйрөп келе жатышты. Ары кабатыр болуп, ары ачуусу келген карт аңчы тилдейт деп ойлошкон үчөө үңкүргө жакындаганда аярлай калышты. Алардын караанын алыстан байкаган карыя:

-Дагы эле болсо камдыгыңар бар. Дүмбүл эле бойдонсуңар. Аскадан ары учуп кетпейт. Эңкүүлөп карабайсыңарбы! Мен эскерткиче болбой Бишкек, шашып кетипсиң. Ок жеп, жаны ачышкан жырткыч эч аянбайт. Дагы да шамдагайлыгыңдан, колуң карылуу, денең кубаттуулугуңдан аман калыпсың. Чалып, жарып

салдыбы деген да ой кетти. Эмне болсо да аман экенсиңер. Кайтыштын камын көргүлө!

Түнкү кооганы күндүзгүдөй көргөн аңчынын сабырдуулугуна таң беришти. Арча үстүндө кемечтелип жаткан «көк жалга» жакын келген карыя:

-Көбүнүн шорун кайнатмак экенсиң. Жакшы ажалың балдардын колунда болуп калыптыр-деп кобурап. –Эмне, муну тирүүлөй алып кетели деп жатасыңарбы?

-«Көк жалдын» кандай экенин, эл да көрсүн-деди Капарбек.

-«Көк жалдын» кандайлыгын, «көк жалдар» билет.

-Бишкек, анда «көк жалдын» бири экен да?-деди Темиш тамашалай.

-Көк жалдыгынан чак келди да. Экөөң, даап бара да албайт элеңер-деп карыя тамашалай кетти.

-Абаке, ушул күндөн баштап Бишкекти мерген деп билебизби?

-Аракети бар деп, билгиле. Чыныгы мерген болушуна көп бар.

-«Көк жалды» мергендин мергени аталбайт дедиңиз эле. Бу балаңыз жолдуу экен.

-Ниети таза адам дайыма жолдуу келет. Элдин ишеничин аткарып, баарың жолдуу чыктыңар. Бу эрдигиңер көпкө даңаза.

-Бул иште сиз болбосоңуз, биздин колдон келбейт эле-деди Капарбек оюндагы сөздү айтып.

-Элдин тилеги ак. Силер, элдин кызматын аткардыңар.

-Аба, аңчылыктагы менин тырмак алдым. Ушул олжо сиздики болсун-деди Бишкек, ар биринен көз албай тикирейип жаткан «көк жалды» көрсөтүп.

-Буйруса, көп олжолуу болосуң, уулум. Илгертен сөз бар. «Баатыр табат, батман жейт» деген. Олжоңу элге бер. Мындан кийинки жолуңа жакшы. Элден сага бата алып берем. Кечээ биринчи жолу аткан карышкырыңды шыралга кылалы. Баарыбыздын жүзүбүз жарык. Жолго чыгалы!

Мергенчилердин кабарын уккандар айыл четине келишип, жабалакташа утурлап чыгышты.

-Ырахмат, айланайындар! Кем болбогула!

-Азуулуунун азабын аңчы берет деп, жап кылыпсыңар.

-Ар тараптан таламайга алып, жан коюшпады эле. Жатсын эми кабышып.

-Баракелде, ажалын колуна берипсиңер, кем болбогула!

-Кайран эр. Карыса да Байтан мерген жараптыр.

-Ээ, бу киши билбеген иле жок.

-«Тигиндей, мындай кылгыла» деп, карт аңчы жол көрсөттү да:

-Эмне болсо да, сооп иш болду,-деди.

-Ооба, малың тынч, жаның тынч.

Көпчүлүк биринин кебин, бири коштоп, ар кимиси өз ойлорун айтышып, аңчыларды алкап жатышты.

-Ээй! Ата-бабадан калган салтты унуткансыңар-бы?

-Эмне балекет?

-Балакет-салакети жок эле. Жолдугун кылбайсыңарбы. Эгер, адал бир деме атып келсе, «Шыралга, соогат?» деп бура бастырбайт элеңер. Ырахматыңарды кур ооз айтпай, соогатыңарды белендегиле?!

Ырымы кылып, салт билгендер, шашыла үйлөрүнө чуркап барышып, ар кими колунан келген чепкен, калпак, көйнөк, кур, сары май, курутунан бери көтөрүп келишип, мергендерге тартуулап жатышты. Малдуусу тай, кой-эчкисин жетелеп келишип, ыраазычыктарын билдиришти. Мергенчилер жуп жөнөкөй беришеринде, ыраактан таягына салмагын сала, акырын баскан Жарман карыянын караанды көрүндү. Аны байкай калган Байтан карыя, аттан оонап түшө, утурлай басты.

-Ассалоом алейкум.

-Ваалекима ассалоом.

-Шылтоо болбосо, экөөбүз, көрүшмөк эмес экенбиз го?

-А карыдым деп, отура берсең көрүшпөйбүз да.

-Ооба, карыганда жылуу жерди издеп калат турбайсыңбы?

-Качан болсо да, жылуу жерди издеп жүрөсүң. Жылуунун кыныгын алып, ал жерден жылгың жок да, ээ?

-Сен, качан эле жылуулуктан качып калдың эле?

-Жылуулукту самабаган адам, аңды аңдыган киши атат.

-Атып жүрүп жадабасын да. Огуңду көп коротпо деп, дайым эскертчүү элем. Кайберендердин шылдыңына калып жүрбө.

-Бар окту атып жатам. Ар жакка алып кетип, башыма тартамбы?

-Өзүң кандайсың? Аңдыбасам да, тиричилик өтүп жатат. Шүгүрчүлүк. Бу сени «ит кубалап кетти» деп уктум эле, каптырып алган жоксуңбу?

-Чаптырып келдим.

-Кайран досум, качан болсун жолуң оңдуу. Болсун, болсун!

-Шыралга дебейсиңби?

-Өмүр бою шыралгыңды менден аябадың, ыраазымын. Шылтоо менен айылга келип калыпсың, шериктериң менен үйгө түшүп, балдардын токтусун жеп кеткиле?

-Мен үчүн дасторконуң берекелүү экенин билем, досум. Көптөн бери ат үстүндө жүрбөгөндүктөнбү, чынымды айтсам, эзилип калыптырмын.

-Анын ырас. Карыганда үй күчүктөй болуп, сыртка чыгышты да каалабай калат экенсиң. Кабарыңарды көптөн угуп, басып келгеним. Мергендердин сени ала кеткенин угуп, жолдуу болооруңарга ишенгем.

Карт мерген курбусун көп алдына жетелей басып келип:

-Бишкек уулум, уста Жарман абаңды жакшы таанынсың. Өз колуң менен аткан карышкырыңдын терисин абаңа соога кыл! Сенен эстелик болсун. Батасын алып берейин?

-Мергеним, соогаңы колко кылба. Мен Бишкек баламдын кабарын көптөн угуп жүрөм. «Кудуктай кулкун бергиче, томуктай топук берсин» дейт элибиз. Карышкырсыз эле бата беремин.

-Уста, кур аякка бата жүрбөйт. Бир чети бул уулуңдан шыралга. Ушул күндөн баштап мергенчилердин катарына кошулду. Экинчиси, бая эрте менен «Тырмак алды, сизге тартуум»-дейт. Көңүлүмө өзүң түшө калып, «Берекени бек айтып, кынаптап кыр чыгарып, аземдеп буюм жасаган абаңын батасын алып берейин»-дегем. Элибиздин ишенген ак жолтой адамысың, чындап дит коюп, ак дилиң менен батаңы бер?

-Андай болсо бир жөн. «Бөрү алар жигитти, бөркүнөн тааны» демекчи, Бишкек балам берирээк тур! Аламан, кучагыңарды керип, алаканыңарды кенен жайгылачы?-деп, эки колун өйдө көтөрө, карт уста тургандарга кайрылды

-О, Кудай, жалгамак өзүңдөн, жаңылмак бизден. Элди-жерди колдой көр, кең пейил, ырыс бер? Жаманды аз кыл. Жакшыны көпкыл, бала-чакага узак өмүр бер? Алакан жайып, тилек кылып турабыз. О, кайберен ата чеберим: Алла Таала буйруган, мерген жолу кайыптан. Күндөп-түндөп көп басат, буйрубагын айыпка. Каргаша-лап бир жанын, тоо-ташыңан тайгылтпа. Кур кол кайтпасын, ырыскысын мол бергин. Амандыгы аманат, колдогонуң бир сенин.

Бишкек балабыз, билектүүдөн күчтүү болсун. Жалтырактан түстүү болсун, аталуудан улуу болсун, акылдуудан кундуу болсун, энелүүдөн эрке болсун, эл алдында серке болсун, кызыл тилден

таңдайлуу болсун. Ырыскыдан маңдайлуу болсун, Бак карасың, кызыр даарысын. Өмүрү узун болсун! Оомийин!

Тургандар жабыла карыяны кубатташты.

-Тирүү «көк жалды» көрөбүз дегендердин аягы үзүлгөн жок. Байтан карыянын эшигинин алдында эл котолоп турушту. Топ арасында ар кыл адамдар бар эмеспи.

-«Көк жалды» иттерге талатып, тамашасын көрөлү,- дешти.

Ар айылдан, ар кими ишенген иттерин алып келишти. Эч бири даап, «көк жалдын» жанына, жакын жолой албады. Кээ бир ит үргөндөн айбыкса, кээлери анын карaанын көрөрү менен куйругун кыпчып, каңшылап, качып жоголушту. Кемештелген «көк жал», тикчийген көзүн бир да ирмеп койбой, эки колун алдыга төшөп, телмирген бойдон сулк жатты. Анча-мынча абалаган иттерди тоготуп да койгон жок. Эрдемсинген бирөөлөр келип,тикчийген көздөрүнө көсөө менен сайгыласа да, жалтанып кирпигин ирмеп да койбоду.

-«Көк жал», атындай эле «көк жал» экен. Тирүүлөй союп көрбөйлүбү? Жаны ачышканда кыңшылап, же жалтанып, көзүн ирмээр бекен? дегендерди тургандардын көпчүлүгү кубаттай кетишти.

Жырткычты ортолуктагы момукка башын салаңдата асышып, «кокустан чапчып албасын» дешип, эки колун таңып салышты. Шаптай болгон эки жигит шымалана киришишип, арткы шыйрактарындагы тырмактарынан баштап, терисин туюк сыйрууга киришишти. «Көк жалдан» кыңк эткен үн чыкпады. Ал тургай көзүн да ирмебеди. Сыйрылган тери жырткычтын тумшугуна жетип, ажырата тарта берерде ыркыраган добуш чыкты. Тырмактары жок, тумтуйган муундары менен оозундагы кемечин алып, кар үстүндө таштaшты. Кызарган сулк дене суналып жатты. Кызыкккандар ар кимдердин иттерин алып келишип, жабыла айдакташты. Бир да ит жанына барып, үрүштөн, же жытташтан айбыккандай кетенчиктешип, куйруктарын такымдарына кыса, жакындашпады.

Эшик-төргө чейин созулган «көк жалдын» терисин алууга ар ким, ар кыл бааны айтып, талашып жатышты.

-Бир козулуу кой берем.

-Мен таначар берейин?

-Мен жабагы берем.

-Мен бооз кунажын берем.

-Менде өспүрүм кунан бар. Алсын!

-Кимиси болсун, Бишкекке сынаакы бышты чыкма берип, алып кете берсин!-деди Байтан аңчы кесе сүйлөп.

Кийинки күнү Арзи бий келип:

-Менин жылкыларымдын үйүрүндөгү бышты чыкмалардан Бишкек тандап алсын,- деп, «көк жалдын» терисин бөктөрүп кетти.

Жолу ачык Бишкек мергенчиликтин шылтоосу менен сынаакы улоого ээ болду.

***

Мопуйдун жаштайынан эле алдейлеген тилеги, ардактаган максаты бар эле. Ал качан аткарылары белгисиз. Адам баркы дүнүйөгө жараша. Тоолукту айланып келип эле дүнүйөлүү кылган мал. Ал үчүн акылдан башта күч керек. Күчтүү болсоң бийлик да, мал да сеники. Күчтү кайдан алат? Албетте сөөк-тамырды көбөйтүү керек. Алар менен чырмалышып, илик-жармак болуп, каттоону калыңда. Өзүңдү жөлөй турган, сөзүңдү сүйлөй турган абалга жеткир. Кантип? Акыл сөзсүз керек. Акыл болбосо, дөөдүрдүн сөзүн ким сүйлөп, ким кубаттайт? Көрсө, күчтөн да, байлыктан да артык-акыл зарылдыгын аңдады. Аңдамак тургай, басса-турса акыл издеди. Ушул амалдардын изин кууп жүрдү. Тигинден, мындан алды. Алдырбады. Жөнү жок ысырап кылбай, бирин-экин мал күтө баштады. Коюп ичсе кой калат. Тартып ичсе тай калат-деген сөздү эсине тутту. Адеп мал күтүүнүн «бисимилдасын» айтаарда эле, ушул сөздү ким чыгарганын, кандай зарылдыкта айтканын ойлонду. Ойлоп эле тим болбой, ата-бабаларынын арбагына арнап, короосундагы баш ирикти тутуп, «курмандыкка» деп, бетине бата тартты.

-Мопуй түлөө өткөрүп жаткан тура-дешип, биринен бири уккан келип жатышты. Түгөл баары чогулган соң, түлөө жөнүн сурашты.

-Түндө түш көрдүм.

-Ии? Түшүңдү айт. Жакшылыкка жоруйлу?

-Таң эртең менен өзүм жорудум.

-Кана, кандай түш? Кантип жорудуң?

Төрдүн башында килкилдеген куймулчакты алган бүтүк көз абышка көпчүлүктүн атынан суроо салды.

-Төрт түлүк короого батпай чачылып, балдарым менен тосо албай чуркап жүрүпмүн.

-Огоо. Түйшүгүң артат экен. Карабасаң мал токтойбу. Малга малдай мээнет керек-деди төрдөгү абышканын оң тарабында отурган, бети-башын коюу түк басып, мурду менен көзү араң көрүнгөн абышка.

-Ырыскың ашат экен.

-Улуу дөөлөттөрдүн бири мал да.

-Түшүң төп келип, жер жайнаган малдуу бол!-дешип келгендер тилектерин айтышып, чогуу бата кылышты. Андан соң ата-бубалардын арбактарына арналып куран окулду. Чогуусу менен сыртка чыгышты.

Мопуй малды көбөйтүүнүн ар түрдүү жолун ойлоп, үй жанындагы дөбөгө чыгып отурду. Ар тарабы кокту-колотко созулган айланасына кыдырата көз жүгүрттү. Төрт түлүккө ылайыктуу жай, көңүлүнө төп келди. Күн өтө берди. Короосундагы беш-алты «тыракысын» эртели-кеч билип турса да, бир-бирден саноочу болду. Үй бүлөсүнө арнап, атайлап сойбоду, өлгөн эчкисинин этин жеп күн өткөрдү. Кызылды көрсө имериле калып, суугу ашкан катын-балдарын колго кагып, баягы өзү жакшы көргөн макалын эскертип, майлуу казандан оолактатты. Шорпо-шилең ичкиси келген катын-балдары алдын чырылдап, анан барып аны «куу турмак» аташты. Ага Мопуй терикпеди.

Убакыт өтө берди. Ойду-ойго улаган Мопуй дөбөдөн түшпөдү. Мезгил-шарт бар эмеспи. Мындай жол, «Карынбай сараңдык» менен Мопуй башка байлар ашкан белсети аша албастыгын туйду. Минтип жүрө берсе «сараң, мерез, чык таттырбас Чынарбай» аталарын ойлоп чочулады. Сараңдык менен «чөп чыкпас» такыр изин кантип жаап, кандай жол менен байлардын катарына кошулардын жолун издеди. Айыл-апа, тууган-урук болгон соң «келди-кетти», «алды-берди» болот. Тууган-уруктун «барды-келдиси», «өлүм-житими» бар. Аларга кантип «аралашпай-жуурулушпай» коет. Кокус «билмексен-укмансан» болсо, тез эле элден чыгат. Тапкан абийиринен, туткан беделинен ажырайт. «Бар болсо көрө албас, жок болсо бере албас» тууган-уруктарынан кол үзүп калбайбы? Башка жакка кетип калса не болот? Чын эле, эмнеге айланчыктайт? Илээнди сөздөрдөн кутулат да калат. Анан каруу-күчүнө толуп, малдуу, баштуу болгондо быякка кайра көчүп келип, бийлик тизгинин байлык күчү менен талашпай жаны жокпу? Ою жагып ордунан обдула тура калганын сезбей калды. Эки тарабын карана кайра отурду.

Кантип кетет? «Өзүнөн өзү эле кетип калды» дешпейби? Туугандарынын казыгынан кантип жип үзө алат? Ойлоно түштү. Ага да шылтоо табыла калды. Бирөөсү үлүшкө чакырды. «Укмансанга салып» өрдөштү көздөй басып кетти. Дагы бири түлөөсүнө чакырды. Балдарына «үйдө жок» дедиртти. Дагы бир

жакын тууганы «атасына аш бермекке» алдын ала айттырып, кеңешине кабар бердирди. Бир күн калганда тоого аттанып жүрүп кетти. Айылдыктардын адатынча күн алыс ашка-тойго чакыруу улана берди. Мопуй ал күндөрү жашынып, эртеси элге көрүнө-дөңгө барып отурчу болду. «Чакырууга келбеген», «катташууну каалаба-ган» тууган бара-бара оозго алынбай, аты аталбай калчу болду. Мопуйдун келеринен көбү түңүлүштү.

-Мени катардан чыгарып, кеп-кеңешиңердин башына албайсыңар-деп бир-экөөнө таарыныч кыла көчтү да, кетти. «Тамагыңарга чакырбайсаңар» деген сөздү атайлап айтпады. «Тамакка таарынган Мопуй» деген сөздүөзүнө илештирип алуудан сактанды.

Күндөрдүн биринде эч кимге айтпай-дебей көчө качты. Ашуу ашып барып, Чаткалдын кенен эле жайлоосуна жайгашты.

-Силерди караан тутуп, атайлап келдим-деп, туйган-билгендерге жооп берди. Жергиликтүүлөр аны «жаңы тууган» аташты. Четтеп конуп, эл чакырып, тамак-аш берген жок. Убакыт өтө берди. Киши үйүнө киши келет эмеспи. «Жаңы тууган ким? Кайдан келди? Кайсы топтон? Эмне эле жалгыздап конуп калды?»деген ойдобу, же жөн эле кайрыла калганыбы, бирөө келип, салам айтып үйгө түштү. Мейман кем суканбы, же сөзгө жокпу, үндөбөй отура берди. Мопуйдун зайыбы тапкан-ташыганын алдыга коюп, каймак-майынан бери алып келди. Чыгдан этегиндеги туулгада асылуу турган казанын бир карап, күйөөсүнө бурулду. Үй ээси тымпыйган бойдон, эки колун тизесине коюп козголбоду.

Өз кадырын билбеген, пейили тар неме көрүнөт деп отурду, ичинен тиги киши.

-Балдар, мал кетип калды. Алдын тоспосоңор жаңы жердин шартына көнбөгөн мал чачылып кетпесин,-деп, балдарын тескеген болду.

Анысы «Бул жайга жаңы көчүп келдик. Шартына көнө элекпиз» дегенди туюнткандай сезилди. Мейман үн катпай, сынагансып отура берди. Күйөөсүнөн ишарат болбогондон кийин зайыбы этектеги талпакты сүйрөй, эшикке чыгып, талпылдатып күүп кирди.

Төрдөгү киши алдыдагылардан ооз тийгени менен кетүүгө шашылган жок. Бейгам отурду. Экөө тең ал-жай сурашкан жок. Алдыртадан бири-бирин тиктешкени менен үндөбөстөн отура беришти. Акырында Мопуй андан кандай сөз чыгарын байкамакка:

-Жок издеп жүрөсүзбү? Атыңыздын белин бошоткон жокпуз-деди.

Анысы, ишиңиз зарыл болсо, «аттантталы» дегени эле.

-Кимдигиңи билмекке, жайынча бастырып келдим. Зарылдык деле жок. Аттын бели көнүмүш-деп, Мопуйдун куйкасын андан бетер тырыштырып, мандашын жаза, бутун алмаштырып, ныгыра отурду. Ошо ченде эшиктен аттын дүбүртү угулуп калды эле, Мопуй үйдөн ыргып чыккычакты болбой:

-Ата, төмөнтөн кишилер келатат-деп баласы кирип келди. Босогодо ата-бала жөөлөшө түшүштү. Мопуй эшиктен башын чыгарбай жатып он чакты атчанды байкады. Келгендер салам айтканча аттарынан ооп түшө баштады. Үй ээси көптүн саламын алик алган болуп, оозун бүлкүлдөтүп, колун көкүрөгүнө ала, башын ийкеңдете, боз үйдүн эшигин түрө баштады. Үйгө киргендер төрдөн улуулата орун алышып, ал-жай сураша баштašты. Дасторкон оңдоп жайылып, тоолуктардын ашкана ичинде болгон даамы келтирилди. Мопуйдун сөзгө аралашып кеткенин баамдаган зайыбы дасторкон четин түздөмүш боло күйөөсүн нукуй кетти. Анысы эшикке чыкпайсыңбы, мейман камын кылалы дегени эле. Артынан илеше чыккан күйөөсүнө бурула караган зайыбы:

-Ботом, кам көрбөй эле отура бересиңби? Кана, малдан сойдурасыңбы? Булардын айласын не кылабыз?-деди.

Малдын туягын санап, көзүн караган күйөөсү короодогу малынын кары-картаңын, чобур, арык-торугун соерун билген зайыбы, андан эмне сөз чыгарын күттү.

-Булардын кеткидей түрү жок.

-Кечээки бээнин этинин калганын сал!

-Ботом, учуп өлгөн бээнин эти жашык эмеспи. Кантип тартабыз?

-Чүйгүн жерлеринен калгандыр. Тандап сал!-деп, үй ээси зайыбынын калган сөзүн укпай, култ эте үйгө баш бакты.

-Малды ушунчалык ысык көргөн, малсак киши болот экен ээ!-деп, тултуңдаган зайыбы беркил үйүн көздөй басты.

Мопуй зайыбына удаалаш кирип, бакандагы эттен өлчөп алып, очоктогу суу куюлган казанга өзү салып, көң калатып, от жактырды. Кептин кызуусуна кирип, аркы-беркини айтып жаткандар «Союшка качан бата тилейт?» дешкенсип, улам биринен сала бириси үй ээсин тиктеп коюшат. Кеседеги кымыз кыркалата эки-үч айланды. Үй ээсинен ишара болбоду. Бир кезде колдоруна суу куюлуп, булоолонто бир чара этти көтөргөн кызматкер кирди. Ал төрдөгү

аксакалдын алдына коюп, устукан тараткaнга ылайыктап, жыгач табактарга кол сунду. Этектеги жигиттер этти устукандап, чучукту кыя кесип, табакты кыдырмакка оңтойлото койду.

Ал-алга келишип, биринен бири табакты өткөрүшүп, улуулата кыя кесилген чучуктан алышты. Эңкейе берип этти алгандар кыя кесилген майлуу чучуктун кесиндисин оозуна салып чайнап, жутайын десе катуураак, карыган малдын эти майдаланбады. Кара басып ортодо отурган меймандын тиштери бошоп калган эле. Ала салдырып, оозундагы этти жакшы эле чайнады. Майдаланбады. Тыякка-быякка күрмөп көрдү. Боло турган эмес. Дасторкондун үстүндө оозундагы этти колго алуу, же түкүрүп салуу өтө эле айып иш. Жутайын десе, тамактан өткүдөй эмес. Тыякка-быякка жылдырып, азууга салып, күрмөп көрдү. Деги боло турган эмес. Аңгыча кийинки табак тегеретилип, чагылган жиликтердин баштары кашкая тартыла баштады. Жан алакетке түшө, оозундагы чучуктун кесиндисин бошогон тиштерине карабай, майдалап жутуп жиберүүнүн аракетиндеги улуу киши чоң табакты сунуп колун талытып турган жигитти аяп кетип, устуканга кол сунганча, майдаланбаган чучукту «эмне болсоң ошол бол» дегенче сугуна берди. Алкымына баш баккан картаң бээнин чучугу тишине илешип калганбы, ары кетпей, же бери келбей туруп калды. Заматта аба жетпей, кыйкылдаган меймандын колунан устуканы ыргып:

-Ык-ык-эте, чакап, башын жерге сала эңкейип, көмкөрөсүнөн түшөрдө, аны байкай калган жанындагы отурган бирөөсү дал ортого «дүңк» эттире бир койду.

Чакаган киши жонго тийген муштан улам «ык» дей түшкөндө, тишине илешип, тамагынан өтпөй калган чучуктун кесиндиси ыргып кетип, дасторкондун ортосуна түштү. Баятан бери деми чыкпай, жаштуу көздөрү чакчая, сакалдары бириндеген конок оор үшкүрүнө, айланасындагыларды тегерете карап:

-Ээ, атаңы ит жегирдики!-деп мостойду.

-Ботом, бышкан этти эптеп жей албаган кандай немесиз?-деди Мопуй бет тырмакчы кылып.

-Ии, жаңы тууган! Этти эптеп бышырбаган өзүң кандай немесиң? Алтымыш асый жылкыны кантип багып жүрдүң эле? Деги, мейман күтүп көрдүң беле?

Отургандар ооздоруна салган чучукту көптөн бери чайнап, жута алышпай отурушканбы, эч бири лам деп, ооз ача электе какаган киши кайра сүйлөдү:

-Кудайы конокко ушунча сыр көрсөткөн соң, жер куруткан неме окшойсуң? Бир келген бизге бир малыңды ыраа көрбөйсүң. Бир козу итиме таңбы. «Жаңы туугандын» абалын сурап коелу деп, атайлап келген бизди «Экинчи эси-көөнүнөн кеткис кылайын. Аксыны айланып жүрүп чайнасын деп, атайлап, картаң бээнин этин берүүгө каргыш кылдың беле?

Көп ортосунда, Мопуй өзүн заматта колго ала койду:

-Айыбым бар, аксакалдар? Койлор короого келгенче, аз болсо да, эрмек кыла отуралы деп, картаң бээнин этинен болсо да, салдыра койдум эле.

Төрдө отургандар бирин-бири караштьы.

-Бир эсеби үй ээсиники да туурадай дешкенсип, устукандардан кыя кесип жей башташты.

-А балаң түшкүр. Конокторго уят кылмай болду. Эртерээк айдап келгиле деп, балдарды чуркаттым эле. Кабар алайынчы-деп Мопуй сыртка чыкты.

Короо четинен алыс кетпей, ысыктын күнүндө, биринин көлөкөсүнө бири башын каткан койлорду көздөй басып:

-Баягы кашканы деп, кызматкерине буйруй сүйлөй баштаганда аялы туурадан чыгып:

-Кашка эмес, башканы-деп, күйөөсүн карай сөөмөйү менен бетин сылай кетти.

Анысы:«Эрдик кылып кой союп, иттик кылып төш тартпай», сойсоң баглан козудан эле сой дегени эле. Аны түшүнгөн койчуманы өткөн жылы кеч күздө туулуп, кышы менен энесин ээмп, жаз алдында тез оңолгон, куйругу чарадай килтилдеген козуну шыйрактады.

* * *

Анын Мопуй тууганына келгенине аз эле күн болгон.

-Бишкек өзү жаш болгону менен айылдагылар арасында тез оозго алынды. Өзү теңдүүлөргө караганда ары чыйрак, ары дабердес, боз уландыктан өтүп, жигиттик куракка жетип калгандай эле. Ал да болсо, бала кезинен кара жумушка аралашып, кериле кетмен чаап, чоңдор менен бирге жүрүп, орок оруп, кырман жанчып, кызыл сапырганы болдубу, эрте мүчөлөрү жетилип, булчундары катты. Түнү күнү чарчоону билбей, улуулардан кем калбайт.

-Болсо, бала баатырдай болсун! Башкаларга окшоп, чаалыктым деп, жата калып, уйку сурагансып, эсинеп

талыкшыганын түк көрбөйсүң. Ким жумшаса да, леп этип жетип барып, ал ишти артыгы менен аткарат. Кандай адамдын баласы ушундай жаралып калат экен,-деп, ары суктанып, ары таң калгандар көп эле.

-Качан көрсөң көңүлү шайдоот. Кабагын бүркөгөнүн көрбөйсүң. Жайдарылыгы чендегис.

-Анын ырас. Кай жерде, кимдин болсун колунан ишин ала коюп, көңүлүңдү жибите коет. Өмүрүн берсин. Боло турган ушундайында эле болот тура. Көз тийбесин.

-Эмитен эле оозго алынып калды. Көрөсүңөр, эртең баралына келгенде эл башкарат. Мени айтты дээрсиңер. Ак көрпө жайыл адам болот.

-Болсун! Болсун!

Эл айткандай эле элпектиги, тил билгилиги менен көптүн оозунда болду.

Кеч күздө Мопуй өөндөн келе калса, айыл четиндеги эски аңызда анча мынча улакка кызыктар бирин экин аба аксакалдар гана болбосо, калганы жалаң "көк бөрүгө" ышкыбоз жаш жигиттер чуруу-чуу түшүшүп, Кара-Ойду жаңыртып жатышыптыр. Ары көптүн чуусуна кызыгып, ары такымы кычышкан Мопуй ат мойнун бура калды. Көп ортосундагы галадан улакты жулуп ала, тердеген атына дем бере кыйкырып, улам жулкуп-булкуп , чапка баскандарга моюн бербей, аламандарды аралата чаап жүргөн жигитти көрө кала, кимдигине кызыкты. Ал азамат атынын оозун бош кое берип, бирде оң тарабына келгендерди шылдыңдагансып, чапка баскан улагын солго оодарып, сол тарабынан келгендерге карматпай, оң тарабына оодарып, артынан куугандарды кур жалак калтырды. Акыры атын аядыбы, же жаңы келген адамды оюнга аралаштыргысы келдиби, улакчыларга аралашууга камданып, улам-улам умтулуп турган Мопуйга жакын келип, шап улакты ашыра койду.

Мопуй сынаакы аты менен көптү бир аралата келип, жана өзү келип, жанаша туруп калган аксакалга ашыра койду. "Бөрү карыса да, бир койлук алы бар" демекчи, токсонго чамалап барган аксакал да, жаш кезинде эчен жолу улак ашырып дасыгып көнгөн адатынча улакты чапка баспаса да, ат жалына арта барып ортого таштады. Көпчүлүк ат салыша, биринен бири өтүп, ортодо жаткан улакка жетүүнүн аракетинде теминише кымкуут түшүштү.

Салтта улак ашыруу өтө  чоң урматтагандык болуп эсептелет. Аш тойдо ага арнап, атайын соорун берилет. Аш-той ээси чоң улакта, жакын көргөн кишисине айтып:

-Кимде ким паланга улак ашырса бир ат, же кара мал берерин элан кылат. Колунда жогурактар болсо жандык, болбосо кымбат буюм  берерин айттырат.

Чабандестер мен-менмин деген балбандарга алдырбай келип, баягы айтылган адамга улакты ашырып, соорунга ээ болушат. Андан сырткары алыстан келген мейманды кадырлап тосуп алууда чабандестер улакты талашып, эң бир чапчаң-шамдагайы, ары күлүк, ары курч ат минген балбаны улакты башкалардан жулуп алып, кадырлуу меймандардын, же кудалардын алдына алып барып улакты таштайт. Анын өбөлгөсү кылып, тосуп алган тарап же кадырлуу тарап, кымбат буюмун, болбосо ат тартуулайт. Ал салтты кыргыздын ар бир баласы жакшы билет. Ошондон улам өзүнүн кадыр-баркы бул тарапта канчалык деңгээлде бáркталаарына маани берет.

Мопуй да жаш жигитке ыраазы болду. Көп арасын кыдырата карап туруп, тээ аркы тарапта, тердеген атын каңтара жал-куйругун тарап жаткан жигиттин тааныш караанын көрө койду. Анын аты өзүндөй курч, ары аяктуулугуна караганда жаңы асыйдай. Сылап-сыйпаганга көнүп, кыймылдабай, каңтарылган бойдон турушунан улам жоош экендиги билинди. Кыргыз баласы атын канчалык парбайыштап, куштаган сайын жылкы жаныбар, аны туура түшүнүп, ак пейили менен кызмат кылат. Эгерде ээси корс болсо, аты да корс. Чунаңдап, артын салып турат. Аны жакшы билген Монуй жигиттин жылкы сырын жакшы түшүнүп, кадырларын билди. Акырын атын бастырып келип, алыстан эле жайдары салам айтты.

-Ассалоом алейкум, чабандес!

-Валейкум ассалоом, келиниз?

-Мырза жигит. Жылкы сырын жакшы билээриң көрүнүп турат. Ыраазылыгымды айтайын деп бастырып келдим.

-Сиз ыраазы болсоңуз, биз да ыраазыбыз.

-Мен алыста жүрүп билбей калыптырмын, ким деген болосуң?

-Азан чакырган атым Бутак. Бирок, көбү Бишкек аташат. Терек баатырдын баласы болом.

-Оо, мага жакын тууган, иним болот турбайсыңбы?

-Өзүңүз, ким деген болосуз?

-Уктуң беле? Атым Мопуй бий.

-Келиңиз, бийим.

-Ал-жайды анан сурашабыз. Атты жакшы таптаарың көрүнүп турат. Менде үч-төрт үйүр тыраакы бар. Болормандарын таптап бересиңби?

-Аргымакчылары да бардыр?

-Анан эмей. Үйүрдөгү жылкыларга көз салганча, таптап-куштап, минип үйрөтпөйсүңбү? Жакшы чыккандарынын даңкы меники, сөөгү сеники болсун! Балбан да, чабендес да жылкычылыктан торолот. Туугандыгыбыз да жакын экен. Менен сага, сенен мага иним. Болорман азоолорун үйрөтөрүңө көзүм жеткенинен ишенип айтып турам.

-Бара-көрөлүчү, деди Бишкек ак көңүлдүүлүк менен.

Бишкек жайлоого келип, бийдин жылкысына көз салат. Тубары бөлөк, субайы бөлөк. Азоолорун үйрөтүп, үйрөнчүктөргө кошот. Көбүн эсе кышкы улуу кар, эрте жаздагы үзүкчүлүк маал, азоо тай-кунандарды үйрөтүүгө ыңгайлуу. Улуу карда ай чапчыган азоолор тез ийге келет. Нокто салып, үстүнө аяк артсаң болду, ал канчалык атырaң алып чуркабасын, чычаңдап, мөңкүп тырактабасын Бишкек жалынан бекем кармап, эки колтугуна бутун сала кайра-кайра теминет. Жонуна конуп алып, кенедей жабышкан чабандестен эптеп кутулуунун аракетин кылган азоо мөңкүйт. Үстүндөгү жабышып калгансып, эч түшпөйт. Улуу карды малтап-жиреп ары-бери чуркаган азоо акыры чарчаганда алсырап, мууну шалдырап, титиреп туруп берет.

Ал күнү таң ашырып, эртеси мингенде ээсинин каалаган оюн аткарып, тартса токтоп, бурса басып, темипсе чуркап, кантип моюн сунганын билбей калат. Ал эми эрте жаздагы үзүкчүлүк маалда, малдын баары арыктап, муундары титиреп, шайы кете баштайт. Жоошуп, тез ыкка келет.

Азоонун кулагы менен тең ойноп, азели коркунучту эсине албаган Бишкектин чапчаң, шамдагайлыгына көргөндөрдүн баары тан беришет. Ал тургай, өздөрү үйрөтө албаган мингичтерин атайлап Бишкекке алып келишет. Артын сала тээп, кошкура тиштеген азоолор, Бишкектин колуна тийгенден чай кайнам убакыт өтпөй, тартса токтоп, теминсе басып калат. Анын үстүнө Бишкек азоого чалма салаары менен жөндөн-жөн минип, ооздугун тартып жүрө бербейт. Бирде жонуна чапкылап, кабыргасынан укуп, чатына бутун сала коюп, бирде секирип түшүп, кайра минип, азабын берет. Такыр чарчаган азоо анын бардык кылыгына көнүп, жоошуйт.

Өзү теңдүү жылкы баккан Чынтемир, Элтынды, Жоосүрөрлөрдүн керээлден кечки эрмектери азоолорду үйрөтмөй. Эңишип, алышмай. Кээде улак тартышып, тай жарыштырышат. Башта келгендерине, же жеңгендерине кылтактап туткан уларкекиликтерин, капкан коюп улуу карда, же чаап алган эликтерин беришет. Көбүн эсе соорунду Бишкек көп алат. Ал жеңген соорундарын кайда алып бармак эле. Кайрадан эле ээн талаада казанга кайнатышып, болбосо таш кордо кылышып, ортодо бөлүшөт. Улуу карда кайберенби, карышкырбы аларга эрмек. Жайыттагы курч аттарды минип алышып, куу союл менен аркасынан түшүшөт. Калың карды жирей качып, качан гана чарчаганда, болбосо күрткүгө тыгылып, жар-ташка кептелгенде аңчыларга олжо болот.

Мопуйдун короосундагы малынын саны артыла берди. Бири эки, экиси төрт. Бай ага канаат албады. Ары толгонду, бери толгонду. Баштын санын кантип көбөйтүүнүн жолун чалды. Ою ойго, санаасы санга кетти. Күндө эртели-кеч санап, санына алымсынбады. Жата калып малдардын туягын эсептеди. Аркытерки басып, жөн турбаган мал эсебинен адаштырды. Самаганы эми табылгандай ичинен күдүңдөдү. Буйруса, дагы эки-үч жыл чыдап күтсө, сегизи он алты, он алтысы отуз эки… Дал ушунусу керек эле.  Ага чейин бай жөн жатпады. Эсеби болбосо, бай болобу. Жаз-күз койлорунун жүнүн кырктырды. Жылкыларын куйрук-жалдатып, ала каптарга тирелтти. Катын-балдарын ишке салып, аркан, чылбыр, жип чыйраттырды. Кемпир, катынкалачтарга ийик ийриттирип, кийиз, кап, эшик баш, керege таңуу, уук тизгич соктурду. Кийиз бастыртып, шырдак шырыттырды. Кеч күзгө жеткирбей ашуу-бел тоң тиштеп, кар баса электе, же эрте жаз ашуулар ачылып, суулар кире электе, эшек-төөлөргө арттырып, сарттарга салам айтмакка, базардын баасын бычмакка, эңкүүлөп келет. Тоолук байдын келишин чыдамсыздык менен күткөн кардарлар, биринен бири кызганышып, дүңүнөн, топ тобу менен алып кетишет.

-Бай аке, мынчага бериң?

-Шык.

-Бар деңиз? Пайдасын көрөлү?

-Болбойт.

-Чарбадарсыз. Буюм дыйканысыз, баракасын берсин?

-Аның ырас.

-Кардар көтөрбөйт. Сизден бизге калсын, ушуга куп деңиз?

-Мунун да, мээнети бар. Тоо-таштан чогултуп эле келген жокмун.

-Аны да билебиз. Сиз бир-бирден эмес, дүңүнөн берип жатпайсызбы?

-Сапатына карагыла. Канча көз майы агып, кол карышып, далы-жонуң талып, эчен түйшүк менен мээнетти баалагыла!

-А, мээнетке карап, баа айтып жатабыз. Күлүп-жайнап бериң?

-Бай аке, сизден бизге да, жуксун! Мунуңузду жакшылыкка жумшап, тойлорго пайдаланалы?

-Тойлорго ылайык, бышыктыгын карагыла. Кештесин, оймо-чийме сүрөтүн карагыла! Мындай аземи кештелер эч жерде жок.

-Аныңыз ырас. Ошол үчүн алып жатабыз. Болуптур, мынча кошолу?

-Ате, майдаланба! Дагы кош.

-Бериң? Жеткире айттык.

-Базарды бир айланып кел. Дитиңдегини билдим.

Кардар жерде иретсиз жайылып жаткан нак койдун жүнүнөн эчен жуулуп, ийленип, боекко салынып, бышырылып, чебердик менен согулган, өрүлгөн, чыйратылган, шырылган буюмдарды тамшана карап, башкаларга алдырып жибербестин айласында, улам баа көтөрүп, илешет. Ойлогон баасына алса, эми эле араак басып барып, эки-үч эсе ашык баага сатарын, болбосо, калааларды тереңдей барса, же башка тараптардан келген кербендер айткан баага алып кетерин жакшы билет. Колдон колго жеткирбей, дүңүнөн алып алса, канча пайда табарын эчак эле эсептеп, көңүлүнө бышырып койгон.

-Бай аке, болуптур. Сиз үчүн күйсөм күйөөрмүн. Дитиңизди айтыңыз, канча берейин?

-Сураган бааңа, ошончо кош.

-Оо-у. Мени күйдүрөсүз. Мынча кемитиң?

-Анда болбойт.

-Бар барака, мынчага? Күлүп-жайнап бериң? Баракасин берсин. Тапканыңыз балдарыңызга, аш-тойлорго буйрусун. Куп деңиз? Маакул болуң?-деп ортончусу колун алып, улам силкет.

Чедирейген бай башын чайкап, алды-аркасына өтүп, улам сураганына мардая, менменсинет.

-Ой, тоо-таш эмессиз го, акыры. Бераак жылың? Түшүң?

-А куп айтып жатат. Жеткире айтыптыр. Мен калыс адаммын. Буга да, сизге да тартпайм. Бышыптыр. Бериң тага,- дейт, баятан бери экөөнүн соодасына күбө болуп турган ортомчу кардардын эки

салаасын бир колу менен кармап, сатармандын колун капшыра кысып, экөөнүн тең колдорун селкинчек тептире.

Анын кардардын эки манжасын бөлүп кармашы, соодаңы бүтүрүп, ынатсам пайданы экиге тең бөлөлү дегени эле. Тоолук жаалаган эки кардарды карап, «Чын эле буюмдун нарк, баасын, ушул базар адамдары билет. Баасына жеткени ырас окшойт»-деп, экөөнү алмак-салмак тиктеп «бар» деп жибергенин билбей да калат. Кардар шашыла пул чыгарып, ортомчу аны ала коюп, тактап санап, сатарманга карматып, экөөнүн колдорун бириктире:

-Барака тапкыла! Тапканыңар, жакшылыкка насип этсин!-деп экөөнүн көөнүн алып, күбө болот.

Кардардын буюмдарын ары көтөрүшө барып, анын көөнүн ала:

-Тоолук дегенибиз менен өтө эле чиеш, бышык, битин сыгып канын жалаган неме экен. Не болсо да, арзан алдык. Шашылыш элем, менин тиешими бере кой, тезирээк жылайын?

-Адалдыкка ширинкана берейин. Мына, бул болобу?

-Нысап кылың?

-Нысап сизде эле болуп калыптырбы. Пул табыш оңой эмес. Өзүң көрүп-билип жүрөсүң. Үч-төрт эсе арзанга ынаттым. Кокус кербендер келе калса, баасын сурабай эле өздөрү айтып, алып кетет эле.

-А болуптур. Базар биздики. Бизден сизге, сизден бизге-дешти. Кардар менен далдал тапкан пайдаларын үлөштүрүшүп кудуңдашты.

Бай бардыгын билет. Бардыгына көзү жетет. Жүктөтүп келген жүгүн түгөлү менен ал тургай улоо-турманындагы, ашыкча таңылчак, жибинен бери сатып, улоолорунун жанына келет. Калаанын ысыгына чыдабай, кол чаначтагы кымыздан кере жутуп, карт кекире көлөкөлөп отурат. Эртеңки мал соодасын эстеп, мал базарды көздөй аяк таштайт. Бааны билип, короодон бөлө келген кортук кочкорлор канчадан кетерин эсептейт. Баккан кочкорлордун баасын, ишегине айланган, ак тумшук карт койлордун, илең-салаң боло, «бала таштаган» арык-торук, кеселмен койлордун бааларын чамалайт. Калаадагы аптаптан улам арыктаган козулуу койлорду, жылына айланып, кочкордон чыгар токту-соолуктардын этине карабай, чарбадар көздөрү менен мүчө: кулак-куйруктарына саресеп салып, санын диттейт. Аларды өзү тандап, ала келген көгөнгө тиздирип, топтото берет. Андан «ширинкана» үмүттөнгөн далдал, базар баасынан ашырбай, ар биринин ээсин ынатат. Топ койдун «ширинканасын» толук алып, ыраазы болгон далдал

койлорду кошо айдашып, баягы улоолор турган жайга чейин узатып келет.

Колдогу буюмунан малына чейин наркынан эки-үч эсе артык сатып, акчаны тулупка катып, суук көздөн сактана ээндеп жүрүп үйүнө уурдана келген бай, акыйа жол тиктеген балдарына уучтап мейиз, санап өрүк, кургатылган мөмө-чөмө, шириндиктерден берет.

-Малыңар базарлуу болуп, өзүңөр сак-саламат келдиңерби-дейт зайыбы, эшик алдына түшүрүлгөн куржун, түйүндөрдү карана берип.

-Ооба, олжолуу кайттык. Анын эмне экенин билесиңби?

-Кайдан билем? Шайы көйнөк, аллас жоолук, намеркан маасы, кычыратып…деп, кубанычтан бети тамылжып, эрэркей түшкөн зайыбы.

-Ии, мунун оюн кара! Катындын бир бармагы көрүнө жүрбөсө, эрине кыргый болот эмеспи.

Эрэркеген немеси кабагын бүркөй калса:

-Жо-ок! Тамаша. Сенин самаганың да бар. Олжом «Бекерден кепин табылса, өлмөк оңой» деген сөздү уктум. Бул сөз бекеринен айтылбайт. Маанисин аңдап, сарттардан үйрөнүп алдым.

Мопуй пайда-зыянды малынан билди. Малы аркылуу базарды таанып, сооданы үйрөндү. Аз эле убакыттын ичинде койлору миңден ашты, жылкысы жүзгө жетти. Тулуптагы пулу катса орун ээлеп, илсе көзгө көрүнө бергендиктен, бирин-экин күмүш жамбыларга айландырды.

Напси агытылган суу. Бош койсо кайда болсун кете берет. Жээкти жемирет, жоолукканын сугунат. Аркырап-шаркырап токтобойт. Агынды, саркындылар менен булганып, эч кимге керексиз болуп, талаада калат. Ошондой эле кур дүйнөнүн изин кууп, обурду агыта берсе, бир күнү курч шамшар алкымга такалып, жарык дүйнөдөн куюшканы чарт үзүлүп, таманы таканчык таппай калары эсине келди. Ага бир окуя себеп болду.

Адатынча тоодон эңкүүлөп келип, Намангандын базарынын чайканасында отурду. Алдында бөдөнөдөй баскан куржуну бар. Токторго мал саттырып, чаңкоосун чайкананын чайы менен кандырат. Улам түшкөн акчаны кызматкери алып келип берет. Шек билгизбей аны куржунга салып, такымына басат да, кирген-чыккандарга астейдил көңүл бөлө, тиктеп отура берет.

Сырттан олбурлуу, кабалтең кыргыз абышка кирди. Чайкана ичин тегерете карап, жалгыз отурган Мопуйду ылым санадыбы, жанына келип отурду.

-Кана, аксакал! Чайга келиңиз, нандан алыңыз?-деди амандыкты сурашкандан соң.

-Мейли, чайыңдан ичейин. Нанга тишим өтпөйт.

-Катуу нерсени көп жеп жүрүп, тишти мокотуп алган окшойсуз-деп, алдыртадан тийише сурады.

-Катуудан болсо мейли эле. Жумшактан запкы жеп, кемшейип отурбаймбы-деп, ал кемшиңдей берип, оозун ачып көрсөттү.

-Сүткө ооз күйгүзүп, айранды үйлөп ичкендей болупсуз да? деп, дагы да тийишкен болду.

-Сүткө күйбөй эле, жумшак камырга күйгөн-деп түз жооп берди.

Мопуй анын жообуна түшүнбөй делдейди.

-Ооба. Таң калбай эле кой. Мен узартпай эле, кыска кайрый кетейин.

Абышка чайдан ууртап, тиши жок ээгин кемшиңдете балдырап, икаясын улады.

-Адам башына нелер келбейт. Күчкө толгон жигит курак, көөдөндү көкөлөтүп, көөндү эргитип, көптүрөт экен. Жүрөгүм жылкыдай туйлап, билегим жыландай сойлоп, өзүмдү эр ойлойм. Катуу менен кармашып, жумшак менен алышсам, пар келермин деп, бир нерселерди дегдейм. Күчүм ташып, урушарга жоо, кармашарга доо издейм. Талас багытында «баатыр» аталдым. Ат үстүндө алышканда, жөө жүргөндө кармашканга моюн бербедим. Жортуулга барып, куугун издедим. Артыман келгенди союлум менен тизеге кагып өткөнүмдө, шалак дей түшөт. Союл тийип, же кармашканда эти ооруп, жаны ачышканда ачуусу келет эмеспи, алышканды көрсөм, арсаңдап күлкүм келет. Бир күнү адаттагыдай базарга келдим. Кымыз ичип, ат үстүндө жүргөн тоолук аптапка келсе чөлдөйт эмеспи. Таңдайым кургап, тилим оозума батпай чаңкаганымдан чайканага кирдим. Дал ушул сенчилеп бир москоолунан келген аргын казак куржунун баса отуруптур.

Адашпасам дал ушул чайкана эле. Ага улам көз салып, тооруп, чай ууртамыш болом. Казак чал бирөөлөрдү күтүп отурганбы, бир маалда эки-үч сарт салам айтып кирип келишти да, анын этегине чөгөлөй, сыңар тизелешти. Тез эле кетишерин билдим. Малдаш токунушса, көпкө отурушмак. Көрсө, алар далдарчылар экен. Казак чал ар биринин тиешесин берип, тигилер менен кошо бата кылды.

Тигилер чыгып кетээри менен куржунун көтөрүп, сыртка бет алды. Чөгүп жаткан төөсүн тургузуп, ак куржунду арта сала калаанын сыртын көздөй жүрүп берди. Мен акмалап, алыстан ээрчийм. Чөл талаасын көздөй төөсүн желдирип, анда-санда теминип коет. Жаныма өлчөп минген күлүк атым менен артынан түштүм. Жүрүп отуруп, ээн чөлгө туш келдик. Кыйла артында караанын багып баратып, «Казааты эми жетти го» деп, баягы ак куржунду алмакка, атымды атырылта камчы бастым. Аяктуу аргымак заматта жетти. Союлум менен абышканы тизеге кагып өттүм. Көзүм ымыр-чымыр боло түшкөнүн бир билем. Бир кезде эсиме келип, баам салсам, чал алдына ала салдырып, өңөрүп бараткан экен. Мен үн чыгарбадым. Ал да үндөбөдү. Атымы коштоп алыптыр. Жүрө бердик. Көп жолду бастык. Бир жерге токтоп, чал төөсүн чөгөрдү. Жерге түшүп, буту-колумду бошотту.

-Аа, балам мына бул жерге от жак-деп кисесиндеги оттукту берди.

Куурай , сөксөөлдөрдү жыйнап келип, алоолонто от жактым.

-Бар эми, тигил куржундун бир көзүндөгү түйүндө картөшкө бар. Чокко көөмп, бышыр-деди.

Куржундун бир көзү толо акча. Экинчи көзүндө оокат, түйүнгө оролгон картөшкө. Айткандай кылып, алып келип чокко таштадым. От боюнда бир азга маңдай-тескей отурган соң, картөшкө күйүп калбасын деп, аңтара баштадым.

-Ии, бышыптырбы?

-Бышкан окшойт.

-Анда, бери чыгар?

Мен кол күйгүзгөн картөшкөнү анын алдына койдум.

-Бери кел, бул жерге отур-деп жанынан орун берди.

Мен унчукпай келип, жанына жанаша отурдум. Ал бир өңүрү менен баса жыгып, тырпыраганыма болбой:

-Ач оозуңу!-деп, буйруду.

Мен оозуму ачпай койгонума карабай, бир колу менен жаактарымы карыштыра кармап, ээктен ылдый тартканда, оозум ачыла түштү. Ал жакын жерде булоосу чыгып турган картөшкөнү оозума толтура салып, желкемди тизелей басты да, ээгим менен төбөмү кабыштыра кармады. Оозум толо ысык картөшкө. Бакырууга үнүм чыкпайт. Жаным көзүмө көрүндү.

-Кайдан балээ, бул ишке илеше калдым эле,- деп, өзүмдү-өзүм тилдейм.

Бир топ кармап тургандан кийин:

-Энди, түкүрө гой! деди.

Оозума жабышып калган картөшкөнү түкүрө албадым. Тилимден бери күйүп, ачышат. Чал мени эңкейткен бойдон желкеме ургулады. Ысык картошка бөлүндү-бөлүндү болуп кызарып түшүп жатты. Андан соң мака курт баштанып тиштерим күүлүп түштү. Баарын терип, жоолукка түйүп:

-Балам, ушул менден эстелик болсун. Оозуң күйдү. Экинчи тескери жолго баспай жүрөрсүң деп, чөккөн төөсүн тургузуп жүрүп кетти. Ээн талаа, эрме чөлдө ачылган оозуму жаба албай, эндиреп отуруп калдым. Атыма тийбей, өзүмү аман таштап кеткен казак чалга бир чети ыраазы боло, кала бердим. Ошондон баштап бирөөгө кара санамак тургай, оюма албай келем,-деди абышка башынан өткөнүн баяндайт.

Соодагер айылга келди. Колундагы буюмдарын жайып, көпкө элан кыла кыйкырды.

-Силерге арзан. Күзгө чейин акы доолабайм. Күнгө коюп берем-деп, көрүп келгенге да, сурап келгенге да тарката берди. Тоолуктар зарыл болгон буюмдарды эртеңин ойлобой, заматта талап кетишти. Болжогон мезгил келгенде соодагер кайрылып, таркаткан буюмдардын акысын доолай баштады. Сөйкөсүн-улакка, шакегин-токтуга, өткөрмөсүн-койго чакты. Идиш-аяк, казан-табагын кара малга чегерди. Кезинде алган буюмдарын соодагер бекер бергендей туйган кардарлар төлөмөйгө келгенде аябай кыйналышты. Тапканы таап кутулуп, таппаганы карыз болуп калышты. Соодагер кийинки жылы жаз алды менен келип, карыздарын доолайт.

-Өткөн жылкы карызды, быйыл, төлү менен бересиңер дейт.

Колунда жоктор ага аң-таң болушат. «Өлүү буюм тууганы эмне»? «Сүткордун жанына барба, насыяга буюм алба» дешет. Соодагер карыз болуп, төлөй албагандарды бий алдына алып келтирип, «Бир жандыкка эки-үч жыл бекер кызмат кылат» деп, байларды кепил кылып, карызын өндүрөт.

Катыраң баатыр сүткорду кармап алып, ээн жердеги кумурсканын уясынын түбүнө мамы жасатып, соодагерди ошого байлап:

-Ар бир кишини канча тыйынга алдасаң, ошол тыйын кумурска болуп сени чагып, талап жесин дейт. Жабалактаган кумурска чагып талай берип, этин жеп, сөөгүнө чейин жеткен дешет. Мына ушундай балам! Дүнүйөнү канча куусаң да артынан жеткирбейт. Этияттабасаң барып кесири тийет.

Мопуйдун бүткөн бою дүркүрөдү. Чалдын сөзү кайда жүрбөсүн эсинен чыкпады. Ансыз да базардагы соодагерлерден нечендеген шумдуктарды уккан неме напсисин бир аз тарткан болду.

-Үйүмдөгү даярдалган буюмдарды соодалап келсем эле, базарга барганымды токтотом деди, өзүнө-өзү убада берип.

Базардагы буюмдары жакшы өтүп, көңүлүндөгүдөй болду. Базарлыкты мол алып, үйүнө эртерээк жетүүгө шашып жөнөдү. Тоо тарап карарып-түнөрүп, күндүн бүркөлгөнүн билдирди. Жолду ката шөмтүрөп суу болуп, күчөнүп жааган жамгырдан улам далдоо жайларга эчен токтоп, байырлап келди. Эртеден-кечке жүрүп, жетчүү жайга эки күн дегенде араң келди. Бирок, кирген суудан өтө албай, эчен кечүү издеди. Акыры жамгыр токтоп, ташыган суу тартылганда өтүп келип, үйүн короосу менен таппай калды. Ылайлаган баткактан улам, үйүн кыян алып кеткенин билип, бир ишенип, бир ишенбей турду. Ары чапкылады, бери чапкылады бала-чакасынан кабар жок. Алардын изи да билинбеди.

-Дүнүйө куруп кетсин. Мал баштан садага, бала-чакам аман болгой эле-деди.

Кыян-сел изине салып, оңор эмес жайга чейин жетти. Томурайган мал өлүгү, караган-бутага, таш-бурчуктарга илешкен чүпүрөк-чапырактарды кезиктирди. Үй отону, кой короосу жылганын этегинде эле. Кокту толо келген сел бардыгын түгөл, шыпырып кеткенине ишенип, ишенбей кулагы делдейди. Чуулдаган кулагын, кан тээп лукулдаган чекесин басып, жыгылбастын аракетинде отура калды. Жамандыкты сезген коңушу айылдагылар бириндеп-экиндеп, биринин артынан экинчилери келип жатышты. Үч күн катары менен аттуу, жөө болушуп, Мопуйдун бала-чакасын издешти. Өлүк-тириги жок.

Аркан бою атырылган сел алкынып келип жоолукканын жалмап, жулуп, эчен сай-колоттогуларды кошо шыпырып, кайдагы бир тарапка алып кетиптир-дешип божомолдошту. Сел жүргөндүн үч күнү, таба алышпай түңүлүшкөн көпчүлүк Мопуйдун бала-чакасынын тажиясы дешип, үчүлүгүн белгилешип, эсине зорго келген Мопуйга жамандыкты угузушту.

Бул иште, баштагы жылдары болгон эле. Ал жаратылыштын жамандыгын тез эле унутту. Жараткандын жазасы экендигине маани бербеди. Өлгөндүн өз шору демекчи, тирүүнүн тиричилиги улана берет эмеспи. Мопуй да өзүнүн камын көрдү. «Алкымдын азабын тартпайын, адатымды таштайын»-деген убадасы эсинен чыкты. Үйлөнүп-жайланып, мал куроону кайрадан баштады.

Баягындагы апаат короосундагы  койлорун, үй отону менен жалмап кеткени менен алыскы, эгиздеги жайыттарда үйүрлүү жылкылары, калың кара малы сак калган эле. Иригин майдалады, жайытка чактап кара малын соодалады. Үйүрдөгү жылкылардын өспүрүмдөрүн өзүнчө бөлдүрдү. Тайында жалдап, үйрөттүрүп, кунанында Ат Жайлоого агыттырды. Жакшы чыкмаларын базарга алып барып, ортого далдал салбай, баасын өзү бычты. Кулун-тайын да кең жайлоонун тулаңында эркин оттоп, жаңыдан чучугу толо баштаган жаш жылкыларды, бийдин айткан баасынын кемин сурабай, кардарлар согумга да, улоого да талаша алып кетип жатышты.

Адатынча тоолук аптапта чаңкоосу канбай, чайканага келди. Төрдө тердеген чекесин, ботокуру менен улам аарчып,  чайын чайпай ичип, көкүрөгүн жапкан сакалын адатынча сылап коюп, бир аксакал отуруптур. Ага жанаша отуруп, кепке тартмакка салам айта келди. Ал-жай сурашышкандан соң, кепти аксакал өзү баштады.

-Балам, дайым көрсөм жылкы соодалайсың. Деги береке таап жатасыңбы?

-Түзүк эле болгонсуп жатат.

-Азга канаат кылган жакшы. Анын үстүнө жылкынын тезеги тез кургайт. «Койдун аты коргощун» делет. Корголу дайыма майланышып турарын билесиңби?

-Көрүп жүрөм. Билем.

-Кой коргол чычпай, береке чычат. Корголу көң. Жүн, териси кийим. Төлү береке, эти оокат. Жылкыңүч-төрт жылга жетип барып пул болот. Кой жыл сайын эмес, ай сайын пайдасын тийгизип турат. Эми, койго өтүп көргүн!

-Койго да өткөм, аба.

-Селге алдырдыңбы, же жутка алдырдыңбы?

-Баарын тып-тыйпыл кыла сел алып кетип, сыйпалап калбадымбы.

-Ата жаман иш болгон экен. Эмне болсо да, буйруганы насип. Мал бир жуттуку же болбосо жоонуку делет. Өзүңүн башыңын, үй-бүлөңдүн амандыгын тиле. Элде барака, элден качпа!

Мопуй селтең эте чочуй, жаман көзү менен абышканы карап, чай менен алек болду.

-Бу куу чал эмне деп жатат. Мунун бир билгени барбы?-деп, уурдана карады.

Карыя-бейкапар, чайын чайпай отуруп:

-Сооданы адалдап сат. Кадыр-баркың көтөрүлүп, кимдигиң билинет. Өзүң бир баа айтып, кайтпай тура берсең, «зыкым» аталасың. Базардагылар сенен качып калат-деди.

Мопуй карыянын сөзүн жактырбай, тура кала басып кетти.

* * *

Мопуй бай улам ойлорду теспедей чуурутуп отурду. Бийлик жолундагы каргып минчү үзөнгүнү издеп, убара болду. Бул үзөнгүгө малдын түгү менен жетээрине түшүндү. Кудая шүгүр, мал болсо турат. Антсе да, «мал ээси менен» деген сөз бар. Иштин каргылуу жери дал ушунда. Сасыган байлар толуп жатпайбы. Ошол малдар тектүү жерге бүткөндө, иш оңуна карай агаарына шек жок. Ойлонуп көрсө, тегинде бий тукумдары менен жуурулушкан бирөө да жок экен. Жок дегенде карын бөлөлөрдүн да бирөөсү чыкпаптыр. Жака, белдеги уруулардын өз билермандары бар. Алар менен куда-сөөк, жек-жаат болгондо барбы-Саканын оңун бийликтин жолун талашмак. Жол тапса да болот. Кантип? Оңой жолу-дале болсо кыз алып, кыз берүү. Антейин десе алардан кыз алууга жакын, ишенимдүү уул жок. Жок эмес, бар. Азыр ал жаш. Эми балакатка жетейин деп турат. Эки-үч ата өткөн инилерден бар. Алар үчүн калың төлөө, каадасын кылууда өзүнө эч нерсе ашпайт. Элде «чын куда» деген бар. «Насыя куда» болууда, аты бир «дүңк» этет. Барыш-келиш, катташууда аба-аксакал, баланын атасынын аты аталат. Өзүнүн аты той күнү эскерилип, андан кийин унутулат. Канткенде да алардан кыз алуу арзан эмес. Кыздарын башка уруунун мыктыларына беришет, же өз тууган, сөөк-тамырларына кыйышат.

Ушундай ойлордун желесин тарткан Мопуй ошол бий тукумдарынан бир кыз алып, «сөөгүн» жаңыртууга бел байламак болду. Атаңын көрү, ага атасынан атайлап энчи калган эмес. «Түйдөк чач» бирөөгө үйлөнгөндөн баштап, бирин экиге, экини төрткө улап, эл катарына кошулду. Ага чейин ат минип айыл аралагандарга, тон кийип тойго баргандарга суктанчу.

-Мен качан ушундай болуп, жагалданып тон кийип, жол сапырган ат минем деп самоочу. Ойго эмнелер гана кирбейт. Ат мингендердин алдына, төрдө отургандардын төбөсүндө туруунун, айлана-тегерегиндегилердин бардыгы:

-Кана, баштап бериңиз? Буга эмне дейсиз? Сиздин макулдугуңуз керек,- дегендер болсо кана? Андай сөздөр бир гана эл төбөлдөрүндө, билерман бийлерге арналган. Демек, өзү

ойлогондой дымагы оо бийикте, болгондо да кол жеткис середе турчу.

Ырас, элчилеп мал да күттү. Узун-туурасынан чачыла тескери жайылып жатат. Ал байлык жанынан артык эмес го, чиркин. Ар биринин тумшугун сыгып, туягын сылабаса да, аны кастарлап карап, аткаргандардын эгеси. Ушул күнгө чейин өзү билип жайыт тандап, өзү билип журт көтөрүп, жылдын төрт мезгилин аңдап, жаманга чалдырбай, жутка алдырбай коруп, камын көрдү. Айдаган малы минтип өзүн көтөрүп, башкалардан эгиздетип, көпкө таанытып отурат. Байлык, байлык деп жүрүп, байлыкка да жетти. Эми ушул байлыктын үзүрүн көрүп, каалаган максатына жумшаш калды. Ага бүтүн нандай болгон байлыгынын, бир сындырымдайы эле жетет.

Таттуу кыялга көлкүгөн Мопуй өзү менен тең тайлаша турган байлардын биринин кызын алууга кам урду. Берилүүчү калыңдын эсеби элде ое бычылган. Кырк жылкы, жүз кой. Калың эсебин билгенде, а дегенде ичинен кан өткөндөй болду. Бирок, байлык, бийликке жарашарын ойлоду. Бийлик жолунда байлыкты чачуудан тартынабы? Бийлик болгондо, бу байлыгы өзүнөн-өзү артаарын көрүп турду. Ошол үчүн тобокелге барды. Коюн союп өзүнүн аталаш тууганадарын чакырды.

-Маслатка чакыруумдун себебин сураарсыңар-деп бир азга токтоло калып, «зайып алайын» деген ниетин билдирди.

Туугандары анын түпкү максатын ойлошкон жок. Кулак түрүшө баш ийкешти.

-Кашыктап жыйнаган дүнүйөмдү чөмүчтөп чачып туруп, силерди аттуу баштуу жерден бир келиндүү кылайын дедим эле. Буга кандай дейсиңер?

Суроону кабыргасынан койгон тууганга жабыла кулак түргөн-дөр:

-Айтканың жөндүү. Сага боло берет. Ата-бабалардан калган адат. Кыргыз байыса катын алат. Чаркыңа келип турасың-дешкенсип, эч бири баш чайкашпагандай туюлду.

-Токол алайын деген ниетим бар. Уруксат бересиңби, бербейсиңби?-деген сөздү Мопуй жакын адамына, койнуна жаткан аялына айткан эмес. Баарынан да киши катары көрбөй, акыл салбаганына аялы ушул сөздү угуп катуу күйдү. Төбөсү ылдый бирөө «шар» эткире муздак сууну куюп жибергендей туйду өзүн. Отургандардын бирөөсүнөн кубаттаган, бир ооз жакшы сөз чыгаар

бекен-деген ниет менен ар кимдердин оозун тиктеди. Аны менен эч киминин иши жоктой.

Чыдабай кетти аялы. Жүрөгүнүн башына түтүн уялаган бечара буулуга:

-Эмне дейт, айланайындар? Акелер, энелер! Жеңелер! Кайнилерим, бир ооз сөз айтайын, уруксат бергиле?-деди, аялы жайыла отургандарга кайрылып:

Иймене турган түрү жок. Башындагы жоолугу аркасына түрүлүп кетиптир.

-Уруксат, уруксат-дешип, кайнагалары бирин-бири караршты.

-Айланайын, кастарлаган кайындарым! Менде эмне күнөө, же бир айыбым барбы? Мага эмнеге ушуга чейин бир ооз айтпайт! Ушээрден, силер менен бирге туруп, угуп жатам. Мен эмне, буга үстүмдө үйүм, башымда казаным жок, киренди кишиминби? Ачкан эшигим, аттаган босогом, түптөшкөн түптүү үйүм муну менен бир эмеспи? Ушул күнгө чейин ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, жарты болсо жарып жедим, бүтүн болсо бөлүп жедим. Жакшысын чыгарып, жаманын бекиттим. Ач болсо-азыгыңмын, ток болсо казыгыңмын деп толгонуп турдум. Урса таягын, тилдесе тилин көтөрдүм. Ушул деп, кол ийик болуп чимирилип келем. Бул эмне дегени?

Мопуйдун зайыбы сөзгө сараң, өзүнүн керегинен артыкка унчукпаган, башкага суук илеби тийбеген, кой маарек жоош, кам сукан көрүндү эле, күйөөсүнүн бу кылыгы сөөгүнөн өтүп, чучугуна жете түшкөнбү, эриндери бүлкүлдөп, көздөрү булуттанын турган неме, кайын журтунан айбыкпай жулунду.

-Эй жаман! Үстүңө үйүргөн жамынчың жок, алаңдагы абийириңди жабар ыштаның жок. Жонуңду жабар жаман тонуң жок, астыңа аяк артар улоого зар болуп, карыган кара эчкини орсок саап, сүтүн кымырандап кара сууга кошуп ичип, жан сактап жүргөн чагыңда, аялдык кылып, бардардын колун кармап кетсем болот эле. Таш түш таалайыңдан, кут түш кудайыңдан! Сенин ач-тогуңа айланып,эртеңки багыңды санап байланып, бешенебизге бере көр Кудай?-деп, сенден тиленген өткөн күндөрдү унутуп, эми тоюнуп-ичинип-кийинип, көптүн катарына кошулган жыргалыңды көтөрө албай кутуруп, катын аламын деп атасың... Башым жаздыкта, белим оттукта эмес го, кудай аткыр, жаман?

Буулугуп калган келин ызаага жеңдирип, дагы да анча булкунат беле, көптүн жөн-жөнүнөн улам араң басылды. Башындагы жылып кеткен жоолугун оңдоп, анын учу менен бетин

сүртүндү.  Жүйөөлүү айтылган сөздүн күчүнөн улам отургандар кудук түбүндөгү суудай тунжурап, бир азга мелтиреп, үндөбөй отуруп калышты.

-Ате, ырас! Айтса, айтпаса төгүнбү? Келинибиз ак жоолуктун алды экенин ким танат?-деп бурчтагы кемпир ээрдин шалп эткизе ийигин имерди.

-Аа, катындыгыңа барба-деди Мопуй-Мен сенин айкөлдүгүңдү баалап, азамат экениңди сыйлап, ушул ишти туугандарым арасында атайлап айтып отурам. Ак жоолуктун алды экениңди жаамы билет. Көсөө узун болсо, кол күйбөйт. Сен билсең, мен сага жеңилиңди жерден, ооруңду колдон алып, көзүңдүн агы менен чарк көпөлөк боло айланып туруучу, сени кастарлап, сыйлай турган сиңди киргизип берейин деп турам! Сенин «ак жоолуктун алды экениң ырас болсо, отурсаң туруп, басар кадамыңы шыпырып турчу көлөкөңдөй ээрчип, чимириктей имерилчүүдөн качпайт деп билгем. Ыя, урган, аны алып келсем өзүң билип, сары майдан салдырып, кызыл чайдан куйдуруп, мамык төшөктүн үстүндө, айдай жүзүңдү тамылжытып, ак байбиче атыгып отура бер. Сени ким эле ары-бери-деп, тескей алмак?-деп Мопуй жубайынын көңүлүн жайкап, күлүңдөй берди.

-Кайдагы, ак байбичени айтат?-деп жубайы улуулардан иймене бурулуп, жоолугунун учу менен көзүн аарчый.

Мопуйду жактаган инилери, туш тараптан сөздү таскактата жеңесин уйпалай кетишти.

-Катын эрке болсо, эркекке теке болот.

-Уста узангандан, катын кызгангандан жадабайт.

-Аа, балам! Көнбөскө не чараң бар?

-Эркекке эргишсең эсиң кетет.

-Жаман катын эр коруйт болбо. Баркыңдын баасы кетет-дешти, кемпирлер да аларды коштоп.

Күн өткөрүп, айылындагы аксакал-көксакал жакындарын дагы чакырып, иригин сойдурду. Баягы бийден кыз алуу арманын айтып, эки колун бооруна ала, чөгөлөп отурду. Өз тургай, арасындагы жыты туугандар да, «куп болуптур» дегендей болушту. Килкилдеген куйрук-боор тарттырып, устукандарды чүйгүндөтө алдырар чакта:

-Бериле турган калыңдын эсеби кырк жылкы, жүз койду толукта дешти. Башка келер-кетер чыгымдары бар экен, илик-жарма, туушкандык ынтымагыңарды ушундайда көрсөтөрсүңөр. Учар

канатым да, коноор куйругум да силер эмессиңерби. Тууган башына кошумчаңарды жыйнап бергиле!

Мопуйдун бул сөзүн уккандар күбүр-шыбыр боло кетишти. Кээлери макулдугун айтышса, кээси ыңгырана моюндарын бурушту. Бүлк-сүлк болушуп, биринин сөзүн бири эп көрүшүп, бермек болушту.

-Оомийин! деп бетке бата тартар маалда ортодогу бирөөсү «заңк» этти.

-Мен бере албайм! Өзүңдүн короо толо малың турат. Ошолордон ысырапта. Бизге окшогондордо араң гана бир-экиден тыракы бар. Аны сага берсек, өзүбүзгө эмне калат? Түгү жок, алаканы кур бечаралар кантишет? Мопуй мырза, нысап кыл? Сага токол алып беребиз деп, үрпүнөн үмүт этип отурган жалгыз саандан айрыла албайбыз. Же анын бир санын кесип бере койгонго илаажи жок. Катын аламын деп эле желденип баратасың, калыңы чакталуу эле кедейдин кызын алсаң эмне болот? Же, бийдин кызын алганыңда, аның жесир кемпирге уй болуп, саанын берет беле?

-Ушуну кылат деп ойлогом-деп Мопуй ичинен толгоно бергенде.

-Туугандык ынтымак…деп четтеги бирөө сүйлөй берерде:

-«Ынтымак» деп… Эмненин ынтымагы? Ынтымак деген кара башка кайгылуу күн түшкөндө болбойбу? Кыйкырып келген жоо, ышкырык тийген кыш-жутта болбойбу?

-Жакшылык иштин ынтымагы.

-Жакшылык иштин ынтымагы сага келгенде болобу? Сенин ынтымак дешиң, ат куйругун чарт түйүп, канчалык теминип, жулунсаң да болбойт. Эгер сен андай жакшылыктын ынтымагын каалайт экенсиң, тиги, кечээ жакында жалгыз уулу менен келинин көчкүгө алдырып, үч небересин жетелеп калган жалгыз кемпирге жардам берелик деп чакырсаң, ошондо жакшылыктын ынтымагы болмок. А сен ага саан бергенден кызганып отурасың да, а бечарадан «мен катын алмакчымын»-деп, кошумча доолагың бар!

Чокусуна зың дедире тартып жиберип, үйдөн кууп чыкса болоор эле айла жок. Көптүн арасында эмне кыла алмак.

-Миң ооз бир турса, бир ооз тек турат. Кой, ошол кемпир экөөңдөн албай эле койдум-деди Мопуй кызыраңдай, эгиндеги сакалын тырмап.

-Ала да албайсың! Башкалар да бербейт. Катын алам деп, колунда малы туруп салык салган сени көрдүм-деди күпүлдөгөн тууганы.

Көпчүлүк жымжырт. Аңгыча тиги капшыттан бирөөсү үнүн жасап:

-Бирөөгө катын алып бермек тургай…

Көп буулугуп, араң турган көрүнөт. Алгач сүйлөгөн тууган жырып салгангабы, башкалар да ошоякты көздөй ооп:

-Тууган болуп, кимге кошумча кошту экен?

-Ушул күнгө чейин тууганды эстеди беле?

-Бизди адам санаганын билчү белек?

-Көчкөндө таштап кетип, ар тараптан үзүп-булкуп жүрүп, малдуу болумуш этип, ага да нысап кылбай...

-Ооба, ач ит сук иттин көтүн жалайт болуп… дешип, биринин этегине бири эрмешип эшикке чыга башташты.

Мопуй да көк беттигине салды. Укчуну укса да, мелтейбеди.

-Бербесеңер, бербегиле. Кудай силерге күн түшүрбөсүн. Ушинтсеңер эле кала бербейм. Албай тынбайм,-деп, кадуулай чапты.

Айтканындай калыңын берип, ырым-жырымын төлөп, акыры алып тынды. Кыз да септүү келди. Жаңы көтөрүлгөн өргө ичи толду да калды. Жаш кызды бооруна түлкүдөй кысып жаткан Мопуйдун кыялы көтөрүлүп, көп ойлор көлкүп акты. Сеп менен кошо келген илбирс, сүлөөсүн, аюу терилерин айтылуу бийдин алдына жайып, аны өкүл ата кылды.

-Айылда ким жакшы? Мопуй жакшы болду. Таянган тоосу эгиз болгондуктан, арааны ачылды. Алгач эле калыңга кеткен малдын изин толуктамак болду. Тартууга аргымак арнап, согумуна деп, ай туяктарды аябады. Кеткен маалына өксүп, канчалык кабыргасы кайышса да, эртеңки күндүн табын ойлоду. Айтылуу бий өкүл балдарын «отко киргизип» мал, энчи арнаган жок. Мопуйдун көөнү бийликте экенин билип, сыйдан кийин бир ооз гана сөзүн айты.

-Өз болдуңар, өз айылыңардын бийлиги силердики! Мопуйдун боконосу эчак катып калса да, өзүн токтото албай, бөйрөгүн бүлкүлдөтө жашып кеткен. Аны бай десе да, бий десе да жарашып жатып калды.

Мопуйдун ата-бабаларынан берки жайлоосу Кайрылманы жайлашчу. Эмнегедир быйыл Жайылманы жайлап калышты. Жайылманын ичи Кайрылмага караганда бир топ жайыттуу, кыртыштуу келип, жаз алдынан эле көк көтөрүлүп, күз

башталганга чейин ыраңы өзгөрбөйт. Тиги Жайылмага көчүп келгенден кийин от азайып. Жайлоого өйдөлөгөн учурда мал туягынын көптүгүнөн Жайылманын ичи толуп эле калат. Антсе да, ошол аймактагы уруу топтордун мал-жаны кенен асыралып, мамырлыгы кемибей, жылга- жыбыты дагы да ошончосун батырууга кудурети келмек. Анысына карабады Мопуй бий түптүз эле айылын Жайылманын ичине баштап келип, жүк түшүрдү. Жаңы журт кокту-колоттуу, курбунун оюу. Анткени менен жер суусу мурдагы чакан жайлоолорго караганда кенен да, мал жайытына ылайыктуу. Артынан ээрчип акмалабай, эртели-кеч чыга калып көз салып коесуң. Баары алаканга салгандай айкын. Бирок, бир гана жаман жери мурда жайлаган топторду Соку-Ташка сүрүп салып, эл арасында ыйкы-тыйкы салгандыгында болду. Ошондон улам эки топтун ортосу бир аз сууй түштү. Алибете тоо ичи кенен. Жер-суу жетишет. Антсе да, ээлтен дайындуу бир жерге журт басып калган эл өзгөнү эмес, жакын туугандарынан да конушун коруйт эмеспи?

Беттегенин бербеген Мопуй өзү алда-кийин бул иштерге жообун берер деген бий тарабындагы туугандары бул жайытка жакында эле көчүп келишип, опур-топур болушууда. Көчмөндөр-дүн кайсы шаймандары бар болсун. Адам изин салбагандай болуп, азыр эле жайкалып жаткан көк майданга эт бышым ичинде боз үйлөр тигилип, мал союлуп, кой-эчки маарап, уй мөөрөп, кулундар кишинеп, ит абалап, опур-тупур көбөйүп «журт басты» болду. Мал казыгына үйүр тарта электиги көбөйгөн ызы-чуудан, анда-мында туура чапкан малчылардын этектеринин делпилдегинен билинип турду. Тоо арасында кеч эрте келет эмеспи: азыр эле чакыйып тийип турган күн аска башына жашына берди. Тиги күңгөй тарап болсо күндүн алтын шооласына чулганып, тескейдегилерди эликтеп жаткансыйт. Тоонун эки жаккы бетине бирдей тийип турганда, анча элес алынбаган тетиги күңгөйдөгү Кызыл-Жардын капчыгайы мындай кезде бөтөнчө чакчайып, көзгө дегеле алымдуу. Жаңы журтка кечки тамакка кам көрүлүп, эрте саалган сүттөрдү бышырып, уютууга камынган келин-кесектин очоктогу отторунан чыккан түтүндөр ар үйдүн төбөлөрүнөн булайып көктө созолонот. Жандыктарды короого сүргөн майда балдардын мал тоскон үндөрүүзүл-кесил угула калып, көк майсадагы боз үйлөрдүн карааны ого эле жайлоонун көркүнө жарашып калгандай. Соку-Таш тараптан ат желдирип чыккан үч-төрт караан заматта айыл четине

жете келишип, эми жаңы короого түнөккө сүрүлүп келе жаткан малды тескери айдашып, бири-бирине кыйкырып жатышты.

-Тос алдын! Кайры! Тыякка сүр!

-Атаңын гана оозун урайын өлөт тийгирлер! Чоң аталарынан калган жайыт барсынып, тебелеп-тепсеп келишкени эмнеси?

-Эл-журтту тоготушпай, басмырлашкан басмачылардын малын айдагыла!

-Сүрүп, жоготкула! Келген жагына айдагыла!

Кечки малды короолотуп, боз үйлөрдүн айланасына казык кагып, чачылган отундарды жыйнап жаткандар уулдак-чубулдактан улам чочуй баш көтөрүштү. Очок боюнда тегеренип жүргөн катын-калач элтейишти.

-Эмне эле болуп жатат, тыякта?

-Короого келген малдарды тескери айдаган кимдер?

-Ат чапкылагандар жинди немелер бейм? Тойгон малды кубалап, жиниктирип өлтүрүшкөнү калганбы?

-Кой дегиле!

-Тос дегиле! Тескери айдап баратышат.

Баары эле ат чапкандарга түшүнбөй, делдейишти.

-Ай, айылда, эркек тана барбы? Кой-ай! дебейсиңерби?

-Эмне балакет болуп кетти?

-Тиги айылдагылар, жайлообузду ээлеп алышты дешип, малдарды кубалап жатышат.

-Кантип эле?

-Кантпей эле. Тигине, кубалап жүрүшпөйбү?

-Кудай аткыр. Журт коруган немелер окшойт.

-«Окшойт-мокшобойту» жок эле, нак өздөрү.

-Айылдан бир-эки эркек чыгып, кой-ай дешпейби?

-Аларга тең келер эркектер жок окшойт?

-Кантип эле жок болсун? Тигилерди туя элек окшойт.

Аңгыча жайыттан  кайтарып келе жатышкан бир-эки атчан, мал айдагандардын артынан чабышты. Бир эки уу-чуу болушуп, анан сөгүшкөнгө киришти. Бири-бирине аттарын омуроолото темини-шип, боктошушту. Териси жука, кеп көтөрө албагандар камчыла-рын пеш кыла кол көтөрүп жатышты. Анан эле тарсылдак, түрсүлдөк башталып, бет айрылып, баш жарылды. Алыстан чырдашкандардын үнүн уккандар ала бакан, куу союлдарын чапка басышып, абалаган иттерин ээрчите биринин-артынан бири чаап келишти.  Эки айыл жаатташып, кимди ким чапты, кимисине союл тийип, таяк жеди. Бакырган онтогон, уңулдаган үндөр көбөйгөн

сайын корккон катын-бала, элтейишкен кемпир-чал эстерин жогото, жакаларын карманышты.

-Кудай сактай көр!

-Эмне балакет болуп кетти?

-Жер куругансып, эмне эле бүрөнүн жайытына келдик экен?

-Акыр заман деген ушул! Жер коруп, жайыт кызганып.

-Кудайдын жери кенен, жатпайбы чалкайып.

-Адамдардын пейилдери бузулганы ушул.

-О кудай сактай көр!

-Айланайын кудай, пендеңе нысап бере көр!

Күн отургандан кара күүгүмгө чейинки аралык ичинде эки жайыттын ортосу майданга айланып, минген аттар кара терге түшүп, үстүндөгү адамдар күшүлдөп-бышылдап, бирин-бири жеп ийчүүдөй боло, бириндеп четтеп чыга беришти. Алардын айкашышынын токтошуна кара күүгүм себеп болду. Ар жерде аттан оонап түшүп башы жарылып, бети айрылгандарды бирөөлөрү жөлөп-таяп, бири жаратын таңып, өздөрү менен өздөрү алек.

-Жараты оор окшойт? Каны токтобой жатат.

-Акыреги сынганбы, үйгө жеткирбесек болбойт.

-Эсине келе албай жатат. Катын-баласынын алдына жеткирели.

-Койгула, таркагыла!

-Эртең жарыкта көрүшөбүз.

-Таң алдын үрүң-бараңда, куралданып чыккыла! Тигилер тебелеп-тепсеп кетишпесин.

-Мергендерди тапкыла,куралдары менен келишсин!

Караңгыда, ачуу үстүндөгү көпчүлүк кобурунуп баары эртеңки күндүн камылгасы болду. Жанаша конгон эки айылдын адамдары, үй бүлөлөрү менен бирин-бири душман көрүшүп, түнү бою уктамак тургай, чечинбей отурушту. Кокустан эле үргүлөп кетишсе, берки айылдагылар басып келе калчуудай туюлду. Карылары кой-ай дегенге карабай, жаштары куу таяк, суу таягын камдашып, жыгач жонушту. Таң дык салганда эки айылдан тең коңушуларды селт эттирген чуу чыкты.

-Эсил кайраным, ой! Эми кайдан табамын?

-Бир боорум ай! Бир боорум! Бей ажал кетип, жок болдуң!

Жакындарынын өлүмү менен алек болушкан айылдыктардан союл алып, эч кими чыкпады. Эки тарапта, эки боз үй көтөрүлүп, эшик алдында капылеттен көз жумгандардын жакындары жоктоп,

ыйлап, эркектери өкүрүп, кыз-кыркындары боздоп-ыйлап жатышты. Ар айылдагы жакын тууган-урук, куда-сөөктөргө кабар айтканы чабаганчылар жөнөтүлдү. Тажиянын кара ашы деп, жылкы союлуп кемегелер казылды.

Күн жерге тегиз тийген кезде ортолуктагы дөбөгө бий-билармандар баш болгон аба-аксакалдар чогулушту. Ар кими билгенин айтышты. Көргөнүн, көрбөгөнүн күбө тартышты. Бул чыр да бий-билармандардын тиешеси жоктой, кедей-кембагалдарга док артылып айып салынды. Андан ашкан төлөмөйлөр элге чачылды. Бий акылары делинип, алдыларына жылкы, калганына кара мал ыйгарылды. Мопуй бий ушул жыйында ары калыс, ары боорукер, жетим-жесирлердин таламын талашкан болуп, эки тажияга союлган кара аштын жылкысынын ордун өз короосунан бермек болду. Жыйындагылардын баары ыраазы боло, аны алкап жатышты.

-Болсоң Мопуй бийдей бол а!

-Колунун марттыгын айт.

-Элге дегенде түк аянбайт.

-Эки кара аштын согумун бермек болду.

-Кудай да март адамга берет.

Көптүн алкоосу Мопуйдун кулагына таңкы торгойдун үнүндөй болуп угулду.

-Кана жакшылар! Жабыла баарыбыз бата берип коелу! Назар аба Мопуй бийге бир тилек айтып коюңузчу-деди жагалдана сүйлөгөн ар дайым Мопуйду жандап жүргөн Калык бий.

- Мопуй бий, ордуңдан туруп элдин батасын ал.

-Мопуй бий көңүлүңдүн тазалыгы, колуңдун ачыктыгы, кедей-кембагалдардын жетим-жесирлердин ал-албалына карап жардам бергениң жалпыбызга жагат. Жараткан сени жалгасын, жаның жанга, малың, малга кошулсун. Ар дайым сыйдын үстүндө бол. Калыстыгыңдан жазбай, аман бол.Оомийин!

Жыйындагылар жабыла келишип, өлгөндөрдүн жакындарына көңүл айтышып:

-Бир атанын балдары, бир тууган болобуз. Кечиришели, элдешели? Бул кокустуктан болгон иш. Күнөөлөшкөн эч ким жок. Кек сактабайлы. Док кылбайлы. Намыс-ариетибиз бир. Аш-тойдо алакалашпыз. Жаман-жакшылыкта баталашпыз. Ызатташып, сыйлашып жүрөлү дешип, алдыларынан өтүшкөн болушту.

***

Мопуй бий аталгандан баштап билген намазын окуй баштады. Деги эле ойго келбеген жоруктары көбөйдү. Бишкекти баш кылып, Чынтемир, Элтынды, Жоосүрөрдү кошуп бир тобун жортуулга узатмак болду.

-Жигиттер! Баралыңарга келип турган чагыңар. Ат жалында шамалдай ойноп, самаганыңарды кыргыйдай илип, ителгидей тээп түшчү абалдасыңар. Мен силерди бир сынап көрөйүн. Айдап келгениңердин өбөлгөсү өзүңөрдүкү. Таап келгениңер көптүкү. Жыландай сойлоп, куландай ойноп барып, сүрүп айдайсыңарбы, же тийди-качты кыласыңарбы, өзүңөрдү бир сынап көргүлө! Колго түшсөңөр бошотуп алам. Билинип калса, догун мен тартам. Мени бетке тутуп тура бересиңер. Эгер күч келип калса. Жок, жараткан өзү ал кулум десе, жолуңарды ачаар. Өзүңөрдү бир сынап көрбөйсүңөрбү? Элибизде «Жигит болсоң шок бол, шок болбосоң жок бол» дейт эмеспи. «Ойчу ойлонгуча, тобокелчи кыр ашыптыр» дейт. Тобокелдин жолу ачык. Жигиттигиңерди бир көрсөткүлөчү? Мен бир ишенгидей болоюн. Кандай иш, кай тарапка деп сурашыңар да мүмкүн. Жортуулга баргандар илгертен баатыр аталган. Түнөп, жумалап, айлап кыдырып, аалам кезген «Бөрү азыгы жолдон» дейт. Кыраан алганына эмес, чалганына кубанат. Билинсе барымта, билинбесе жылытма. Эрдигиңерди да, эмгегиңерди да баалайм. Байлыктын башы арам дейт! Ал-күчүңөр ташып турганда көңүлүңөрдү бир ачып келбейсиңерби?

Бийдин бир чети намыстандырып, экинчиси сынап, үчүнчүсү атайлап шилтегенине шерденип-ишенгендер кайра тартпастан, иштин алды-аркасын көп эле ойлонушпады. Ойлонушкан мезгилде да, ал бийдин буйругу деп түшүнүштү. Ат куйругун чарт түйүп, жолго чыгышты. Тоо аралап, талаа кезип, эчен сайлардан өтүп, сууларды кечип, бирде сырттап, бирде кокту-колотторду пааналап, жол жүрүштү. Алдыга жүргөн сайын адырмактуу белестер, аска-зоолу капчыгайлар кезигип, бөтөн жердин быткыл-сыткылы койнун ачты. Бетегелүү беттер, тулаңдуу төрлөр, карагай-черлүү токойлор кезикти. Кай жерлерден өтүп баратышканы, кайсыл аймак кылдоо экендиги ар бирине жат болду. Жеткен ченде чаңкай түш, күн куйкалап, көлөкөлөргө жай жок. Тээ түзөңдө калың жылкынын карааны алыстан байкалды. Бир тарапта калың камыштуу өзөндүн чети, жылтыраган көлгө айланып кетет. Калың жылкы четинде ары-бери чапкылаган караандар байкалбады. Чамасы, көптөн бери ууру-кески, ит-куш катылбай, анда-санда гана көзөмөлдөнөт көрүнөт. Бетегелүү жайда эттенген жылкылар, көп эле отко үзүлө

түшпөй, бири-бири менен кашынган болуп, кээлери ылаалап, чачыла жайылган.

Бишкек баштаган тобун экиге бөлүп, найзаларын сүйрөтө жылгындуу жайды аралай, жайылган жылкыларды оромокко, ат жалына өмөктөй жүрүшүн талап кылды. Ысыкта көкүлүн серпе, ылаалаган жылкылар дайраны көздөй ээрчише келе жатышты. Орой келген эки топ, бири-бирине жакындашканда убадалашкан белги боюнча:

-Айт! Аа-аайт! Уйт!-Уу-уйт!-деп кескин кыйкырык чыгып, добулбас кагылганда, капарсыз жайылган жылкы кулактарын тикчийте ойт бере, үркүп жөнөштү. Дыр кое, бири-бирине сүрүлүшүп, жапырыла чогулушту. Дүмпүлдөк менен катуу кыйкырык тосмолой, бир тарапта сүрдүү. Чуу чыккан жактан сестенгендер, бош жаткан тарапты көздөй атырыла жөнөштү. Арка тараптан куугунга алгандардан бөлүнө, жандай чапкандар дүбүрттөгөн сан туяктарды имерип, чачылта койбой, бириндей калгандарга курч күлүктөрүн темине шап жетип барыша, сороңдогон найзалары менен «карс» уруп, сес көрсөтүшкөндүктөн, коюуланган көп туяктан эзилген тулаңдар карара артта калууда.

Топ алдында баштап бараткан тору айгыр бир нерседен шектендиби, арыштарын кере таштап, жалт бере туурага чуркады. Ага көнгөн үйүрү дыр кое, ээрчип жөнөдү. Аны жетип тосууга аракеттенген куугундагылар күлүктөрүн аябай камчы басышты. Канчалык алдын тосууга болгон аракеттен майнап чыкпады. Эч кимге жеткирбеген тору айгыр бараткан тараптан беш-алты боз үйдүн караанын байкалды. Айылга жеткирбей тосууга болгон аракетке моюн бербеген тору айгырдын үйүрү жер таптап, топураган баш аламан дүбүртү алыска угулду. Үрккөн жылкылардан шектенген ээлери жеңил кийимдерин делбектетише, бири-бирине үн салыша, боз үйлөрдөн шашыла, баш кийимдерин алууга да үлгүрүшпөй, соксоңдой, керүүдөгү аттарын көздөй чуркашты. Жылкы ээлерин аттарына жеткирбей, кыйкырып, ызы-чуу салган куугундагылар айылды тепсете айдашты. Көп жылкынын үн алыша кишинегени ызы-чууга кошул-ташыл болуп, сүрүлгөн көп үйүр жанаша жакын тигилген боз үйлөрдү каптап кетти. Көмөлөнгөн боз үйлөр артта калып, тору айгырдын үйүрү сүрүлө келаткан топтон өз бет алдынча бөлүндү. Канчалык тосмолошсо да, ал үйүрүн бере турган эмес. Ага жете албастыгын билген куугунчулар тим коюшту.

Эки тараптан жандай чаап, калганы аркадан сүргөн топтун артынан куугун түшпөдү. Же алар сүрүлө каптаган көп жылкынын тебелендисинде калышканбы, кылчактай карагандардын көздөрүнө аркадан илеше чапкандар көрүнбөдү. Көп жылкыны түрүлтө айдагандар, келген жолдорун тусмалдай багыт алышты. Аркадан куугун билинбегендиктен, катуу келеткан топ күн ала-көлөкө болгон чактан өтө, кезиккен сай ичи менен шыкай айдап, кемерлүү жардын буйгасын өрдөштү. Эки тарабы кууш, салаңдаган аскалардын көлөкөсү, капчыгай ичин салкындатып, ары-бери жүргөн жолоочулардан кылдоо болчу. Жылкы сырын жакшы билген Бишкек кеңири жайда тез эттенип, семирген жылкы баласы алыскы жолдо катуу айдоодон улам күйүгүп, майын жеп калышын ойлоду. Анын үстүнө өзөн четине, же булактуу жайлоого барган жылкы, алыскы жолдо күйүгүп келип, сууну тое ичсе, эрте үйүргө коюлгандары бала таштап, айрымдары суу бутуна түшүп аксап, баса албай калышы да мүмкүн эле.

Дагы бири канчалык кайгуулдап кайрыганга карабай, карт бээлер көз жазгырып, жайытын көздөй качпай койбойт эле. Кокустан токой аралатса, көп жылкыны токой ичинен имерип, сүрүп чыгаруу да кыйынга турмак. Эң негизгиси, сай из жашырганга өтө ыңгайлуу. Бетеге, туландуу жер көп жылкынын туягына эзилип, кайда баратканын билдирип коет. Анын баарын Бишкек беш колундай билип, сайдын кемерин тандаган. Көп жылкыны туюкка шыкагандар аттарын аса байлай суутушуп, аска-зоо аягында «эр отун» жагышып, беймарал эс алууга камданышты. Алдын кууураган арча-чегедектердин дүмүрлөрүн бийиктен кулатып келип топтошту. Канжыгадагы кол чаначтардан суусундарын кандырышып, байлабас кулундардын бирин тандап келишип, көтөрүп урушту. Күндүн көзү барында ары-бери терисин сыйрышып, улуулата от жагыша «таш кордо» бышырып киришти. «Бөрү тоют» болушкан соң, тери кургаган аттарын жайдакташып, тарап-кашып, отко коюшту. Кечке ат үстүндө жүрүп, денелери жанчылган немелер кезүү менен бир-бирден укташса, экинчилери от боюнда анча-мынча бышкыра-кошкурунган көп жылкыга көз салышып, аркы-беркилерден айтышып сак болушту.

Төбөдө асман бетин бербеген жылдыздар жымыңдап, тоонун түнкү сулуулук ажарын чачып, мемирейт. Анда-санда бабырган менен байлуунун үнү чыкса, күкүк менен сүтактын үн алыша кыйкырыгы аскаларды жаңыртат. Күнү бою түйшүк тарткан тоолуктар алоолонто жагылган от боюнда отурушуп, ойлорун

ортого салышып, сырларын чечмелешет. Бүгүн да жолдуу кайткан жигиттердин көңүлдөрү көтөрүлүп, өздөрүн эр сезишип, демөөр байлашты. Мопуй айтмакчы, бөтөн жерден жылкы сүрүп келүү, баатырдыкка тете деп ойлошчу. Анын да опурталдуу жагы көп. Жылкы кайтаргандар да ууруларга жөн жеринен эле жылкыларын тарттырып жиберишпейт. Туюп эле калышса болду. Сырттан келгендерди жылкы четине жакын жолотушпайт. Алышса алышышып, түрдүү амалдарына моюн беришпей, карсылдаша союл чабышып, найза сунса найза менен жооп кылып, согушса-согушуп, кармашта алдырбастын аракетинде болот. Андыктан жылкыны жалаң жүрөгүндө жалы, билегинде күчү бар, эчен илелүү балбандар карайт. Кыштын суугуна, жамгырдын катаалына карабай, жылкы четинен кетпей, каракчы менен кагышып, карышкырдын катыгын берип, ууруну жакын келтирбеген, эр азаматтар гана жылкы бага алышат. Ага болгон ишеним да зор болгондуктан жылкычылык бир чети сыймык катары бааланат.

Жылкычылар да бүгүнкү иштерине ыраазы болушуп, таң аткыча биринен сала бириси ырдап, обон созо таңды атырышты. Таң шоокуму чыгыштан билине баштаганда ортодо жагылган оттун чогун өчүрүшүп, түнү менен сууп, от чалып, тоюнган аттарын токунушуп, канжыгаларына азыктарын байланышты. Найзаларын жерден эңип алыша орундарынан козголо баштаган жылкыларды сүрүп айдамакка, күлүктөрүн темине чыгышты. Экинчи күнү түшкө жакын из акмалаган куугундар катуу күүлөнүшүп жете келишти. Жабалактаган он чакты кишинин карааны көрүндү.

-Кайра качыралыбы?-деди Чынтемир.

-Жок, айдай берели. Топ караан чогуу экен. Сүрө айдайлы. Бир аздан соң, аттарынын аяктарына карай териле баштайт. Аралар ачылып, күлүктөрү алдыга келет. Арткылардын куйрук үзүлгөн соң, бириндете качыралы-деди Бишкек

Комоктошкон топ жылкынын алдында, бир картаң бээни учкаяк аты менен жетекке алган Бишкектин шериги Элтынды. Аларга куйрук улап, жетип-жетпей сүрүлгөн топ. Арткылар дыргаяктата, ызы-чуу менен айдап келатышат. Көп узабай эки киши тигилерден кескин суурулуп чыгып, өң-түспөлдөрү айкын көрүнө баштады. Күлүк үстүндөгү ээрде нык отурушкан сом билек куугунчулар, улам сес көрсөтүшө кыйкырышып, күлүктөрүнө камчы шилтешет.

-Таштагыла! Жетсек соо калбайсыңар! Силерге окшошгон ууру-каракчыларды аео жок. Ажалыңардан мурда өлөсүңөр!-деп кыйкырды Жоосүрөр.

-Жаныңардан үмүт кылсаңар кайра тарткыла! Карактаган-кайыр кылбайт. Жетип алсаңар да, тирүү кайтпайсыңар! деп кыйкырды Жоосүрөр

-Ой энеңди урайын, уурулар. Бирөөлөрдү тоногучаң бок жебейсиңерби?

-Кайсы алыңарга куугунга түштүңөр? Өлгүңөр келбесе кайткыла!-деп Чынтемир пеш кылды.

Күүлөнгөн атынын оозун тарта Бишкек дөңгө чыга кайрыла бергенде, канатташ бараткан эки шериги да аттарын ойдолото аны коштой тура калышты.

-Эр болсоңор, кимдигиңерди айта кеткиле!

-Өзүбүзгө айгак болтурбайбыз. Эр болсоңор, кармашка чыккыла. Мөөрөй жеңгендики! Элтындынын үнү зоңк этти.

-Кууп жетип ажыратып алгыла.

-Уурунун аркасы кууш, бергиле!

-Эр болсоңор жекеме-жекеге чыккыла!

-Ак малыбызды каракчылардан тартып алмайын, тынбайбыз.

-Жетсең ал, жетпесең кал-деди Жоосүрөр камчысын булгалап.

Бири-бирине үн салышкан качкандар менен куугандардын караандары жакындашкан сайын ызырына сөгүнүшөт. Дөңдөгү-лөргө жете берерде куугундагылар үчөөнөн сестеништиби, аттарын кайкыта чабышты. Алардын бетме-бет чыкпасын сезген үчөө дөңдөн ылдый сабалап бараткандардын артынан сызып, дембе-дем теминишти. Ичи күйгөн куугунчулар жылкы сүргөндөрдүн карааны көптүгүн сезишип, ызаалана, ат тизгиндерин тарта, абайлашты.

-Мейли, кыш чыгара бага бергиле. Жаз алдын эки эсе кылып, төлөп бересиңер-деп кыйкырышты.

Куугундан кутулган топтогулар көңүлдөрү бир жаңсыл боло, «бөрү жортушка» салып жай айдашты. Алыстан көзгө тааныш, Ала-Тоонун ак карлуу чокулары көрүнүп, бетегелүү тескейлер жашылдана, келберсип жатты. Эки-үч күндөн бери тынбай сүрүлө келген көп жылкы жашыл жайытка жайыла оттоп, баш көтөрүшпөйт. Кээде котолой сүрүлүп, кээде кең жайыттап, от алган жылкыларды алыстан баамдаган жергиликтүүлөр, жылкы ээлери кайдандыр бир алыс жортуулдан тартып алып, же жайытына билинбей барып, сүрүп айдаган ууру-каракчылар экенин билишти. Эмне болсо да, калың каранын ээлери, жөн адамдардан эмес. Эчен кармаштарда канжыгага баш байлап, найза учунда, кылыч кырында сыналган эргулдар, же болбосо, сагызгандай сак,

түлкүдөй куусуна айланган уурулар, же жайлоонун доорун сүрүп, бейкапар жаткан чарбадарларды чаап, карактаган каракчылар экендигин боолголошту. Айтоор, алар кандай ойлосо да, ошол ишке маш Бишкек баш болгон тоолуктар эле.

Заманы бөрү болсо бөрү, түлкү болсо түлкү болуп, көп ичинде жанбактырган мезгилдин шарты өзү талап кылып, өзү уурулукка да, алгырлыкка да тастыктырып, зарыл учурда кайра тартпас кашкөйүн баатыр амалкөйүн ууру аттантып тиричилигин өткөртүп машыктырган.Ар биринин шык-жөндөмүнө жараша өнөр карматтырып, алдуусу алсызын эзип, амалкөйү шордуусун тоноп, куу заман көбүн кууратып, көбүн ыйлатып өкүмүн жүргүзгөн. Тоолуктун тиричилиги мал менен өтүп, малдуусу бай, малы жогу ага жалданып жалчы аталган.

-Кудай пендесинин пешенесине ушул күндү көрсүн, ушинтип тиричилик өткөрсүн-деп жазган тура. «Кудай кылса, кубарың барбы» баш тарта турган. Буйрууганын көрөбүз, насибин татабыз-дешкен кара тамандар байынын оозун тиктеп, шилтеген жагынан «кой»-дей албай, сөксө тилин, урса таягын көтөрүп, аны машайыктай көрүшпөдүбү.

Бишкек да шериктери менен Мопуй бийдин бир сөзүн, оюндагы дитин аткарыш үчүн ушунтип, алыскы-кулактары укпаган, көздөрү көрбөгөн, «жердин жети түбүнө чейин жетип», өмүрлөрүн тобокелге салып, уккандар айткандай, «ууру-кески», «каракчы» «баатыр» аталып отурушат. Бул ишке, же болбосо жоо жоолап, жортуулга жөндөн-жөн адамдар бара беришпейт. Ага белинде кубаты, жүрөгүндө жалы, билегинде күчү, эр көкүрөк бой-келбети башкалардан айрымаланган, жүзүндө сүрү барлар ылайык. Ат үстүндө алышса алдырбаган, сүңгү сунуп сайышса жалтанбаган, кылыч шилтеп, ай Бишкек чапкандан айбыкпаган азаматтар керек. Капылеттен чыга калып, айкыра айбат кылгандан жалтанбаган, каршылашын камынтпай чаап, эчен түйшүккө салып, жазгырып-алдаган амалкөйлүк, качса кутулуп, кууса жеткен шамдагай, чапсаңдык талап кылынат. Ал үчүн бекем чыдамкөйлүк, жан аябаган мерездик, өлүмдөн кайтпаган тажаалдык зарыл. Дал ушул сапаттар болгондо гана ал баатыр. Аны ар бир жортуулга аттанган, өзүн жоокер сезген эр азамат билет.

Жер дүңгүрөткөн көп туяктын дүбүртү, каршы тараптан көтөрүлгөн чаң, алка-шалка ачуу тердин жыты аралашкан жорткон жел менен кошо жол кезип бараткан, жолбун аттангандарга сезиле калды. Селт эте баш көтөрүшүп, дембе-дем жыт алыша, кулак

түрүштү. Жоосүрөр менен Элтынды экөө шарт темине, жанаша жайдагы дөңсөнү көздөй аттарын атырылта чаап жөнөштү. Колдорун серепчилеп, алыскы-алыскы мунарыкка көз тигишти. Аларга келген жыт менен угулган добуш алдабаптыр. Асманды бир тиктешип, алыскы мунарыкка көз салышып, аралыкты өлчөп жатышты. Болжолдо «эт бышар» аралык убактысында бул жерге жете келет. Булар кимдер? Жоо келсе, бул тараптан келбейт эле. Себеби, канчалаган айыл аралап, эчен каршылыкка туштугуп келгенге чейин кабар эчак жетмек. Көч болсо, көп жылкыны мынчалык күтүрөтүп айдашпайт. Болду, болбоду жортуулга барып тийип-кача, сүрүп айдаган топ. Алар кимдер? Кайсыл элден? Жакынкы уруу-топтордон эч бири жол багыттап, алыска аттанышкан эмес. Эгер аттанышкан болсо, караандары байкалбаса да, кабарлары угулмак. Демек, алыстан келишип, куугунчулардын көзүн байламакка, из жашырмакка ушул тарапка салышкан бей тааныш топ.

-«Берем десе кулуна, белен кылат жолуна». «Насип» экен. Оозанбай кантип калабыз.

-«Амалдуу жигитке ажалдуу кийик жолугат» деген сөз бекеринен айтылган эмес. Ниетибиз түз, жолубуз ачык. Өзү келген ырыскы.

-«Ийри тумшукка» дайыма олжосу белен. Колдон чыгарбайбыз.

-«Жолборс жолунан кайтпайт». Чабышып болсун, тартып алабыз. «Ууруну каракчы, тоноптур» деген ушул.

-Жок, жигиттер! Булар да канчалаган азап-тозокторду тартышып, мээнет менен алып келе жатышат. Азына канаат кылалы.

-Азы канча? Санап отурмак белек. Алар да «ооздорундагы оокаттарын» оңойлук менен бизге бере беришпейт.

-Чаап алабызбы?

-Чабышканда алар жан аяшпайт. Бей ажал өлүмгө барбайлы?

-Анда, «жетим абышкага» окшоп шыралга сурайлыбы?

-Кичилеп сурап отурабызбы, намысыбызды тебелетпей, тартып эле алабыз.

-Койгула, жигиттер! Булардын тагдыры биздин да башыбызда бар. Эч болбоду дегенде жарымын калтыралы?

-Кантип?

-Тигил бет маңдайдагы тумшукка жете берерinde, туурадан чаап барып, жарымын бөлө айдайлы. Аркабыздан түшүп,

талашышса, айкашабыз. Талашышпаса, алганыбызга канаат кылалы?

Бүтүмдөшкөн топ, сүрүлгөн жылкыларды утурлай, ийри-буйру кеткен кемердин үстү тарабындагы жончону жандай, маңдайдагы тумшукту көздөй илгерилешти. Дүбүрт улам жакындап келе жатты. Кең талааны экиге бөлгөн зор тумшукка эки ат чабым аралык калганда, чубалжый сүрүлө, чуркап келе жаткан көп жылкынын жарымы өтө берди.

-Айт. Аа-айт! Ку-у. Куу! деген үндөр менен топ күлүкчөндөр кемерден чыга кала, алдыдагы бараткан жылкылардын жолун кесе, туура чабышты.

Күү менен чуркап келе жаткан жылкылардын ортосу кесиле калганда, алардын аркасындагы сүрүлгөн топ, бош жаткан талааны көздөй чууруп жөнөштү. Сүрүп айдап келе жаткандар, алдыда кандайдыр бир балакет болгонун аңдашты. Жылкыларды жандай чабышып, ээн талааны көздөй атырылган көп үйүрдү экинчи ээн коктунун ичи тарабына имеришти. Арткылар тумшукка жете келишип, жолдон туура чыга калгандар, сүрүлгөн жылкылардын алдын бөлө айдай качышканын баамдашып, каракчылардын аркасынан Бишкек баш болгон үчөө-төртөө сая кууп жөнөштү.

Алдыңкы тың атчандар, аларга жеткиришээр эмес. Табылгаларын жарым жолдо ооздорунан алдырган топ, аларга жетип-жетпей кыйкырышты.

-Ээй! Эр жигит болсоңор айкашып, алгыла!

-Токтогула! Алсаңар да адалдап кеткиле!

-Каракчылык кылбагыла!

-Намыс-ариетиңер болсо, кармашалы.

-Качкан катын. Араңарда жигитмин дегениң барбы?

Тумшуктагы аска жаңырып, кийинкилердин кыйкырыгын ала качкандарга айкын жеткирип жатты. Жылга ичине тереңдей кирип бараткан топтон бирөөсү атын кайрый жанаша борчукка чаап барып, ойдологон аргымагынын тизгинин чирене тарта, үзөңгүгө тура калып:

-Калганына каниет кылгыла! Көп жол басып, атыңар чаалыгып калыптыр. Кууп жете албайсыңар. Кайра, тарткыла!-деп кыйкырды.

-Эр болсоңор, карактап албай, кармашып алгыла. Алдырганыбызга биз да ыраазы бололу!

-Ат үстүндө көп жүрүп, өзүңөр да, арыпсыңар. Алышкан менен тең келе албайсыңар!

-Ага кайылбыз. Эртеңкиге биз да айта жүрөлү.

Каракчылар карактады дебей, «Баатырлар тартып алды» деген сөз калсын, алганга эмес, чалганга каниет.

-Баатырдыгыңар ошол, үйүңөргө тирүү жеткиле!

-Ким экениңерди билип калалы. Атыңды айта кет, баатыр?

-Атым Бишкек. А сенчи?

-Чынкара.

-Бишкек, тар жол, тайгак кечүүдө дагы да кезигээрбиз.Баарын сүрүп барганыңда да, байың тойбойт. Башыңа иш түшсө бир кайрыл. Буларың менде аманат. Үйүңө аман–эсен жетип ал. Атынды, унутпайм! деп, өзүн Чынкара атаган баатыр ат соорусун бура, кайрыла чаап жөнөдү.

Бишкек кууп жетсе да, жанындагылар менен карааны көп топко каршы, кармашуу кыйынга турарын билди. Чынкара баатыр айтмакчы, узун жолдо аттары чаалыгып, өздөрү арып баратышканы ырас эле. «Буйрубаган ашка тиш тийбейт» демекчи, алар да жөн беришпейт болчу. Чабышта бир-экөө жан берип, калгандарынын башы-көздөрү айрылып, буту-колдору сынмак. Баарын сүрүп барганда да, бийинен ашаар-ашпасы күмөн. Анын баарын эске алган Бишкек, шериктерин ээрчите, шашылыш аркасына кайтты. Эртерээк аларга жетпесе, мүмкүн азыркыга окшоп, жолдон жолбундар чыга, кол салышса, аларга теңелиш үчүн курч-кубаты чың ат керек болот. Калганына канаат кылып, токтобой жол арбытканы түзүк. Эмне кылса да аярлабай жүрүшсө, үч-төрт күндө айылдарына жакындап барып калышат.

* * *

Жортуулга кеткендер түн каракчысына аралаш, түтүн боло кирип келишти. Аттарынын өңү-түсү, өздөрүнүн бою-баштары таанылбайт. Алыстан эле ачуу тер жыттанып, аргымактары өпкө кага, солбуп турганы айкын байкалат.

-Үйүңөргө барып, жумалап эшикке чыкпай, эс алгыла! Учуру келгенде, өзүм чакыртып алам. Аныңарды анан бөлүшөбүз-деген бий, үйүнө култ эте кирип кетти.

Азап менен тозокту баштан кечирип, саны канча экенине кызыкпай айдап келген жылкылары, бөтөн жылкычылардын колуна тапшырылып, кайда жайылганы, ким тарабынан союлганы билинбеди. Бий ар бирин жеке чакырып:

-Бирден жылкым-сага энчим. Калганын анан көрөбүз деп, өз жылкыларынан карматып берди.

Наразы түр менен кыйыла караганына:

-Артыңардан из кууп, жоктоп келсе, жообун өзүм берем. Жамандыгына алынса, малым таланат. А силерден, эмне кетти? Үндөбөй жүрө бер. Сага дагы, пайдам көп тийет. Келе турганың мен-деп тил эмизди.

Жалгыз отурганда бий Бишкекти алейне, өзү чакыртты.

-Былтыр эки жылкымы учуруп, арам өлтүрдү элең. Ошого тогоп, доо доолабайм. Буга наразы болсоң, бийликке салсам, бир тогуз кесилмек. Аны көрүп-билип турасың. Үйүрүмдөгүнү үйрүп туруп, алдагы алдыңдагы аргымакты бергем. Ага канаат кыл! Ит үйүр болсо, жолборско тап. Жөн жүр. Мен сени кызматкер экениңе карабай, эрке баладай алып жүрөм. Аны түшүн-деди.

Өткөндө улуу карга жетпей, от издеген жылкыдан бири учуп өлгөн. Ал Бишкектин мойнуна түшкөн. Төлөп берерге мыдыр малы жок. Бийдин жумшоосу менен жылкы тийип келгенинин себеби, ушундай болчу. Ага замандын өзү да, жол берет. Уурулук эмес, баатырлык делет. Бирок, Мопуй ошончонун баарын ың-жыңсыз сиңирип кетет-деп, ким ойлоптур. Бишкек баш чайкап отурду.

-Деги, мындан кутулбасам болбойт-деди ичинен. Бирдеме десем эле:

-Мен сага катын алып берем.Үстүңө үй, астыңа казан астырам. Бул менин туугандык милдетим-дейт.

Тууган болсом, өлүмгө жумшайбы? Мал тийип келгени, баатырдык эмес, уурулук эмеспи? Эгер колго түшсөм, өлтүрүп коеру бышык эле. Өлтүрбөсө да, «мал төлөп, бошотуп ал» десе, «ме»-деп малын бере коймок беле? Антпейт. Ал турмак ар жылдагы иштеп берген акымы бербейт. Болду эми, башыма азаттык сурайм. Акты-кара кылган неме, түгү мага жакшылык кылбайт.

Күндөрдүн биринде Бишкек Мопуйга арыз-арманын айтып, оюн билдирди. Бий кудум өзүнүн ойлогон оюн айтты. Айтканда да кандай? Бир туруп, чын айтат-деген ойго да кетти. Кантсе да, Бишкек бир сөздө туруп алды.

-Эй, Бишкек, Кудайдан корк. Бөлөк бөтөн эмессиң. Бир топтонбуз го? Сен мага ини болосуң. Ойлон. Керек десем, сенден башка киши жокпу? Четтен табылат. Бирок, сени тирүү турсам, башканын көзүн каратпайын-деп, жүрөм. Ырас, тилим тийгендир. Агаң эмесминби? Колум тийсе да, ини катары кече турган жөнүң бар? Деги, ачыгын айтчы? Сага эмне керек? Башкага барганыңда

да, алар сага күймөкпү? Бирок, мен сага бөлөк-бөтөн эмесмин го, акыры?

Айтылгандардын чындыгы да бар эле. Бирок, Бишкек ага канча кызматын өтөдү. Бүтүндөй отун-суусун мойнуна алды. Мал, коюн карап, чыкылдаган аязда, шөмтүрөткөн жамгырда жанын аябады. Өзү айтмакчы «төрт тыракысын, сегизге,  сегизин он алтыга жеткирип», бейуруксат чыгым кылбады. Короодогусун короодо, талаадагысын талаада төлдөтүп, моюнуна арта салган куржунда телчитип, эгизин эгиздей, сегизин сегиздей «тирилтип», энелерин жеритпеди. «Койчунун таягынан» демекчи, дайыма саксактап, «ит-кушка» илдирбеди.  Ууру-кескиге алдырбады. Качан болбосун четтен тандабай сойгон кой-козуларынын кабыргалары сырттуу чыгып, арык-торук, ылаңдуулары болбоду. Анын баарын кексе бий көрүп-билип турат. Аларды айтып соодалашпайын деди.

-Жок. Мындан ары, тура албайм! Менин көңүлүм десеңиз, ыраазылык менен жөнөтүңүз? Эски адат бар экен. Боштондук алгандан кийин да, бир ай бекер кызматыңызды кылып берейин. Уруксат бериңиз?

-Кайда барасың?

-Кайда барышты, өзүм билем!

-Мен сени кантип кетирем? Эл укса эмне дейт? Бир тууганына карабай, үйүнөн кууп чыгыптыр дешпейби? Ырас, көп убакыттан бери колумда болдуң. Кийинттим, ичинттим. Эл катары айыл аралап, бастырып жүрсүн-деп, аттын жакшысын мингиздим. Алардын баарын эсептейличи, канча болоор экен? Бир ай эмес, дагы он жылдык акың жетээр бекен? Жок, жетпейт. «Эненин сүт акысы» болгондой эле, агалардын «тууганды к» акысы болот. Мен качан ыраазы болгонумда, «кет» дегенде кетесиң. Мен сени жөн кетирбейм, үстүңө үй, очогуңа казан белендеп, балалуу-чакалуу болгонуңда, эл катарына кошом. Мени качан ыраазы кылганыңда гана агарып-көгөрүп, бутактайсың. Менин көңүлүмү ала-албасаң, эл катарына кошула албай каласың. «Кетем, кетем» эле дейсиң, ошончо жылдан берки эле ичип-жегениңи, кийген кийиминди актаар бекен? Жок актабайт. Аны ойлобой эле, «кетем» дейсиң. Элге, бийлердин бүтүмүнө салайынчы. Аны кандай чечилээрин ойлобойсуң. Кийимиң бүтүндүгүнө, курсагың токтугуна кутурбай жүр! Көзүңдү аччы? Сага окшогон жетимдер кандай күндү көрүп, эптеп жашап жүрүшөт, шордуулар. Сен көппө. «Эшекти сыйласаң акырга чычат» болуп, бул күндүн да кесири болот.

Бишкекти бир заматта бий жарга алып барып такап койду. Заман ушундай. Мопуй чындаса элге, бийлерге салаары чын.

-Кийинттим, ичинттим, чоңойттум. Эми тилими албай, туура басып мойнун толгоп отурат. Башкасын айтпаганда да, көп жылдык эшигимде жүргөнүн эсепке алып бергиле? Төлөмөрүн көтөрөр кимиси бар? Башын ачып алсын!-десе, ким эле ага кепил боло коймок?

-Жок, кандай кылсаңыз да, мен күзгө чейин кызматыңызды кылып берем. Анан колу-жолум бош! Байласаңыз да турбайм. Айтып коеюн, жанагындай балакет-салакет чыгарсаңыз, мага таарынбайсыз. Ушинтип сүйлөшөлүбү?

Мопуйдун да айласы кетти. Бишкектин мүнөзү жаман. Бир сүйлөйт. Айтканынан кайтпаган көктүгү бар. Бир азга ойлонуп, дароо жооп тапты.

-Күзгө чейин, мейли ошентели. Анан, көрө жатарбыз! Бирок, мен сени ылайыгына карап, үйлөйүн деп жаттым эле. Деги көзүң түшкөн айылдагы кыздардан барбы? Байдын кыздарынан болсо деле тартынбай айта бер! Алса калыңын алат.

Бий эмне деп эле, дагы бир жыландын башын кылтыйтып чыгарууда. Азыр эле айтканы башка эмес беле? Бишкек ойлоно түшүп, маңдайындагы бийдин кубула калганына таңдана кетти.

-Бишкек, ичимин сага имерилгенин билбейсиң. Же сен бузукулардын сөзүнө, көрө албастардын айтканына, балалык кылып ишене бербе. Чын, мээнет кылып, малды карап, карaанын карартып, санын арттырдың. Же «жылкы тийип келсем, жарытылуу энчи бербеди»-деп ойлодуңбу? Чын, далдоо кылып, көрө албастардын көздөрүнөн, жамандардын сөздөрүнөн оолактаттым. Ыгым-чыгымга жумшап, короодогу малды коротподум. Кудайга шүгүр, «сары чакага» айландырса, анысы от дебейт, тос дебейт. Жут албайт экен. Экөөбүздүн зарыгыбызга жарарын эске алдым-деп, эч ким айтпаган ички сырын, бир «эң жакын көргөн, жатындаш инисине» билдиргендей, аркы-берки тарабын карай, шыбырай сүйлөдү.

-Болуптур, баятан берки айтылгандарды унуталы. Экинчи оозго албайлы. «Бир жердин даамын татсаң, миң жолу саламыңы аяба» делет. Экөөбүз бир казандан аш ичип, даамдаш, туздаш болгонбуз, өмүр бою эскерилет. Бири-бирибизге карызбыз. Ага-ини болуп, ынтымакташып, бир сөздүү бололу. Акылың бар. Ойлон. Бузукулардын тилине кирбе дегенче.

-Атты тарт бери! Айыл аралап бастырып келейин-деп бий этегин күбүнө, камчысы менен бут кийиминин кончун «тарс» чаба, тура жөнөдү .

Бийдин сөзүнөн улам ойлоно түшкөн Бишкек, үндөбөстөн атты чечип келип, туура тартты. Ээрге ныктай отурган Мопуй үзөнгүнү чирене тээп, эңиле тизгинди ала, темингенче кызматкерин жонго «тарс» эткире чаап, жүрүп кетти. Камчы тийген жери ачыша түшкөн Бишкек селт эте башын көтөрө, миң кубулган бийинин аркасынан карап, аң-таң болуп турду.

* * *

Жайдак жер эмеспи. Кышында катуу суук болгону менен кар калың түшпөйт. Күндүн мурду жылт этери менен эле дөң карарып, кокту-колоттун ичине кар эпкиндери сапырылып түшөт. Канткенде да күндөн кийин эле, бирде чыгыштан, бирде батыштан соккон шамал борпоң карды сапырып, колотторго үйлөйт. Жайытка чыккан мал да жон-жондон оттоп, колго караганы кем. Кыш этек-башын жыйып, тоң кетери менен боз адырлардын бетин бербей кылая чыккан көк көтөрүлүп, жандык малдардын карды кампая түшөт. Көк чымырай баштагандан тарта, эч кандай мал изин салбай, эл эгиздей баштайт. Анткени кышкы жайыт кыртыштуу турса, тоютка зар болбой, мал аягы буту-колун жазганча бийиктеп оттойт эмеспи. Мезгилдин шартын жакшы билген чарбадарлар малдын эт алып, семиришин күзгө коюшуп, жайды жайлоо кезип, салкынга айдашат. Күздөөдө болсо, баягы төмөн жактагы кайра көчүп келе турган талаа-түздөргө мал туягын тийгизбей, кыштоо кадырын көтөрүшөт.

Кар калың жаабаса, малсактарга каниет, оттон ооз үзбөгөн мал кол карабайт. Саал кыш катаалына ала, эртелей келип, кары калыңдаса, ага чейинки жылкы артынан илешкен жандыкка күч келет. Жылкынын туягы күрөк, басып кеткен жеринде кар шиленип, куу чөптүн кургаган тулаңы ачыла түшөт. Бирок, кар калың түшкөндө, жут деген мына ошондо башталат. Күрткүлүү жерлерде кой-эчкилердин шыйрактары карга маталып, жылкы туягындай тээп оттого чабалдык кылып, айласы куруп туруп калат. Калың карга тээп аралаша, суук катуурак түшүп, күн чакчая тийсе, мал туягына доо кетет. Каткан карды тебем деп, туягын кызыл ала кан кылып, тапкан отуна тойбой, караандай суукка алдырып коюшат. Жылкы тээп, оттоп кеткен жерлердин карлары катып, жандыктар өз алдынча кар чапчып оттой алышпай, катуу суук өпкөлөрүнө өтө

түшөт. Кар күрөп, ошончо малды оттотуш да кыйын. Оозуна от илешпей, карды тойбогон жандыктын бир-эки күндө эле шадибаны тайып, алсырап баса албай калат. Тикесинен тик турган мал анан эле бүк түшө, кырыла баштайт.

-Кыйкырып келген жоодон, ышкырып келген кыштан сакта!- деген малсаактар, ооздоруна келме алышып!

-Лайлала махамматурасуллалло. Тобо кылдык, тобо кылдык? Жараткан өзүң жар боло көр? Ээ, Алла жуттан сакта, жут менен кошо келген кыргындан, онтоткон оорудан сакта? Балакет-салакеттен куткара көр. Баарыбыздын эгебиз-бир өзү Кудай таалам!-деп жакаларын муунта кармашып, күндө эртели-кеч жараткандан жардам суранышат.

-Бай мактанса-бир жуттук-деп, бекеринен айтылбаган. Кайрымдуу болсо, калың эл кошо көтөрөт эле. Миңдеген коюн кайтарган койчусу, куу таягын сүйрөп, короодо соксоюп, тарп аңдыган жорудай жалгыз отурат.

-Битин сыгып, тырмагын жалаган, «чык таттырбас» зыкым байга ырас болуптур.

Короодо кою толуп турса, ага көзү кыйбай, томаяктын жалгыз улагын союшка сурачу эле. Теңирин тааныбай, мурду менен «коңк» этип, саламды алик албай кутурчу. Теңирим ушунтип эле тегиздеп коет-деп айтчу эл. Кышы бою малын эттүү чыгарып, жазгы ала-шалбырттан соң көчүүгө камданып жатканда, айыл ичин чуу аралады. Таң эрте менен эл ордунан тура электе кимдир бирөөлөрдүн зоңкулдаган үнү угулду.

-Ой, эл-журт! Ууру келип, мал жоголду-деген кыйкырыкка баары кулак түрүштү.

Эмчектеги баладан, эмгектеген карыга чейинкилер угушту. Боз үйдүн эшик жабуусун шарт көтөрө, шалп таштап, кээлери тышка чыга жөнөгөндөр үн кайдан чыкканын боолголошуп, ары-бери жактарды аңкая карашты.

-Эмне дейт? Кыйкырык даана угулбай калды. Эшикке чыкчы! дегендерге эшикте тургандар жок жоголгонун кабарлашты.

Кыйкырык дагы кайталанды. Тоонун таңкы суюк абасынан улам, үн алыска жете угулду.

-Туу калган, ылайдай семиз бээ жоголду! Ууру алыстан эмес, жака-белден Көрүп-уккандар болсо, кабарын билдиргиле!

Кыйкырык улам-улам кайталанып жатты. Уккандардын бардыгы түкшүмөлдөштү.

-Уурулук дегенди көптөн бери укпаган элек, ким алды?

-Уурдаган киши «мен алдым» демек беле?

-Уурунун көчүгү кууш. Из баса электе, кар алдына калтырбай тездетүү керек.

-Тездеткенде эмне? Ниети бурулган неме, таптыра койбойт.

-Муну кедей-кембагал албайт. Алса дагы эле, байлар алат.

-Ботом байлар алгыдай, аларыңдын колунда жок беле?

-Жок эмес. Сараңдык менен ач көздүк алдырат.

-Мал аягы саяк. Бошонуп кеткендир.

-Ошону айт. Кур эле кыйкыра бербей, алдын издеп көрбөйбү?

-Кур кыйкырмак каякта. Издөө салды, таппаган соң, элан кылып жатпайбы.

Ар ким билген сөзүн айтты. Кээлери, ким сырттап жүрөрүн, ат бастырып, алыстап келгенди, кеп кылышты.

-Бишкек баатыр өткөн күнү кайдандыр бир бээни жетелеп жүргөнүн кимдир бирөөсү айта салды.

-Кой, башкалар барса да, Бишкек ал ишке барбайт. Бирөөнүн кылына арам санабайт.

-Ооба, ал алып эмне кылат? Кайсыл эле жетим-жесири бар эле?

Ага чаң жугузбагыла. Уурулукту өзү тыйып, бирин-экин колу туткактарды эл алдында бетке чаап: «Экинчи уурулугун кайталанса, аябайм. Жазаны мен берем» деген

-Ооба. Ошондон бери уурулук тыйылган-деп, кеп кылышты.

Бишкектин мурда күнү бээ жетелеп, сырттан келгенин элдин баары көргөн. Көбү анын дарегин билишке кызыккан.

-Бийге бирөөлөрдүн берген тартуусу экен. Бишкек барып, жетелеп келиптир.

-Ооба. Жат мал көрүнгөн. Улам кишинеп, чоочундугун билгизбеди беле-дешип, аны да ортого салышкан.

Айыл четиндеги дөбөдө чогулгандардын саны улам коюулана берди. Бийлер баш болгон жакшылар. Бээ алдыргандын тууган-туушкандары. «Жыйында эмне сөз болоор экен» деген, кепке жакын эпчилдер. Үйдө отуруп зериккендер кыңкая басып келип жатышты. Бээ жоготконду ортого ала, анын тууган-туушкандары отурушту.

-Кана, ко-ош. Бээң кандайча жоголуп кетти-деди бийлердин бири суроо сала.

-Туу калган, ылайдай семиз бээ эле. Аба-аксакалдарды чакырып, атамын арбагына атап, куран окутайын дегем. Жатаарга жакын өзүм көрүп, бошонуп кетпесин-деп, жибинин бышыктыгын

көздөн өткөрүп, карагам. Анан, таң үрүң-баранда, даарат ушатканы чыгып эле таппай, жер сыйпалап калдым.

-Алдырганың ыраспы? Күмөндөгөнүң барбы?-деди экинчи бий.

-Уурулугун көрүп-билбей, кимди күмөндөйм.

-Мүмкүн, туугандарыңдын билгени бардыр-деди үчүнчү бий.

-Көрүп, уккандар болсо, айтышар эле.

-Кана, бул жайга келгенге чейин, кимиң, кандай кобур-собур уктуңар? деди, баягы биринчи суроо берген бий.

-Бирөөсү Бишкек бээ жетелеп жүргөнүн көргөм дешет. Бирок, мен аны алды деп, Кудайга күнөөкөр боло албайм.

Бирок, куурай ченегендер жаңы из, ушул тарапка кеткенин айтышты.

-Ушул тарап десеңер, анда айылдагыларды бүтүндөй күмөндөйт экенсиңер да? деди Мопуй бий.

-Жо-ок. Ууру бир, күмөн миң. Көргөн-баккан болсо, ачык айтышсын? Сиздерди табат, айыбын кошо тарттырат-деп, келип отурабыз?

-Бишкекти деп, күмөндөп жатышат. Карагылачы, араңарда барбы деди, баягы экинчи суроо берген бий.

-Тигине, атынан түшүп, керүүгө байлап жатат.

-Чакыргыла бери! Кана куурай өлчөгөндөр кимдер?

-Бишкек. Эй Бишкек! Бери келип кет!-деди, бирөөсү зоңк эте.

-Куурай өлчөгөндөр бизбиз-дешип, бир-экөө тура келишти.

-Эй Бишкек! Чыныңды айт. Булар сени күмөндөп жатышыптыр. Коркпо. Алганың ырас болсо, эки эселентип мен эле төлөп берейин-деди Мопуй бий күйгөн киши болуп.

-Эмнени алыптырмын?-деди Бишкек кеп төркүнүнө түшүнбөй.

-Бээ жоголуптур. Сенин жетелеп кеткениңди көргөндөр бар экен-деди Мопуй бий зекий.

- Бул жалаа. Мен алып, эмне кылам? Кудай урсун! Менин алганымы кимиси көрүптүр? Эл алдында ачык айтсын!

-Бээ жетелеп жүргөнүңдү, айтып жатышат-деди догурунгандар-дын туугандарынын бириси.

-Ооба. Мурда күнү бээ жетелеп келгем. Аны баарыңар эле билесиңер Короодогу тамда камалуу турат. Барып, өңү-түсүн карап көргүлө! Силердикине окшошпосо керек. Жоголгон бээңердин өңү-түсү кандай, эн тамгасы барбы?

-Өңү кула. Эни сол кулагы чырпый кесилген.

-Мен жетелеп келген бээни өңү темир көк. Оң кулагында оймо эни бар. Менден күмөндөбөгүлө. Ата-энемин атына эмес,

арбактарына тил тийгизгим келбейт. Кудай күбө, тазамын. Жан берүүдөн качпаймын.

-Барып карагылачы, ал айткан тамды? Өңү-түсүнө, энине көз салгыла,- деди бийлердин бирөөсү.

Баягы «куурай ченегенбиз» деген үчөө-төртөө короодогу бээни көргөнү кетишип, тез эле кайра келишти.

-Короодо бээ тургай, таш балакет да жок.

-Кантип?-Бишкек кыйкыра ордунан тура калды.

Жин тийген өгүздөй боло, көзү аңтарылган, дили кара Мопуй кой-айга карабай бакылдап кирди.

-Атаңын гана оозун урайын, теги жаман, томаяк. «Ууру тойгончо жеп, өлгөнчө карганат» деген сөзгө ишенчү эмесмин. Бир атанын балдары болгон, бир уруу топтун маңдай тери менен тапкан ак малын алып отурасың. Анан да карганып коет. Каргангандан айланган жетесиз, акмак. Сенин кылган ишиңе, мына баарыбыз уялып, башыбызды жерге салып отурабыз. Эки айылды кагыштырып, жоо кылмак экенсиң да? Болгон ишти моюнга албай, «бет тырмакчы» болуп коет. Муну кара, эпчил боло калганын!-деп ачуулангандан, сөз таба албай титиреди.

Мопуй бийге кошоматтанган бирөөсү тура кала:

-Кырсыктаган ит кыңыр жүгүрөт. Ушунча элдин намыс-ариети болгон, мына бул-эл эгелерин шылдыңдаганыңбы? Сенин калпыңа эч ким ишенбейт. Анан да уялбай «Короодогу бээни карагыла. Өңү-түсү, эки башка» деп, алакчыланасың. Мүмкүн, түнү менен түлкүдөй жойлоп, бээлерди суу кылып келгендирсиң. Балдар, атын карагылачы? Алыскы жолдо тер алгандыр?

Баягы «куурай ченегичтер» шыпылдаша, тура кала Бишкектин каңтарга байланган атынын токумунун ичине кол салышты.

-Тери алиге чейин кургай элек экен-дешти.

-Ана, дагы калпың билиндиби? «Бечелге жөтөлдүн эмне кереги бар». Суудан чыккан балыктай бултактайсың. Мойнуңа ал. Дагы эле болсо эл кечирет. Мына бул доочуларды карачы! Элди, эл башкарган бийлерди ызаттап турушат. Болбособу, сени тытып кетишмек. Мопуй бийге ырахмат, сага паана болуп турган. Тегиңе барат экенсиң да, теги жаман ит:

Доо кылгандар сөз катышпады. Дагы эле болсо Мопуй бий сүйлөдү.

-Кана,эмне дейсиңер көпчүлүк? Калыстыгыңарды айткыла.

-Бу итиңдин шиши толуптур. Баягында бийине «каяша кылыптыр» деген сөздү угуп ишенген эмес элем. Өлө албай жүрүп,

өмөктөмөк болгонду, буга ким коюптур. «Жаман малды баксаң ооз майлайт да, жаман адамды баксаң ооз кандайт» деген сөз чын белем? Бий адам катарына кошуп койсо, «Акымы бер, кетем»-деп, догурунуптур. Сени ким кетирет? Өмүр бою төбөң менен жер казып, кызмат кылсаң да, бийдин жакшылыгынан кутула албайсың. Каяша кылмак тургай, бийиңди жонуңа көтөрүп жүргөнүң аздык кылат. Сен бала, курсагың тойгонго көппө. Дале болсо, сага башкалар эмес, Мопуй бий күйөт.

-Калыс айтам-деп, калпыс сүйлөп жатасың бий. Адал өл. Аша чаап кеттиң. Жел сөзгө өпкөң толтура тура. Бийиң менин жонума минип жүргөндөй, эки буту шал беле? Ансыз да бийиң семиргенден баса албай жүрөт. Анысын айтып сага арыздандыбы? «Түнү менен бээлерди суу кылып келдиң» дейсиңер. Жылкы четинде болдум. Бээлерди кантип суулаганын бийдин өзүнөн сурагыла. Болбосо, мен жылкыда жүрсөм, короодогу бээлер кантип жок болуп калат? Жок жоготкон тигинтип, чуу көтөрүп арыз айтат. Короосундагы бээси жогун билген бийиңер эмнеге унчукпайт?

Бишкектин сөзүнө чычалаган кошоматчы бий, өзүн кармана албай кетти. Ордунан тура кала, камчысын Бишкекти көздөй шилтеди. Анын чабарын билген Бишкек шап билектен ала, колун кайрый, ордуна отургузуп койду.

-Жээк уйдай жулунбай жөн отуруп туруңуз? Мопуй бий сиздин ээңиз эмес! Ала күш десе мени келип каап жатасыз. Билип, билбей абалай бересизби.

Бийдин оозунан сөзү түштү. Кокустан эле сөз сүйлөмөккө ордунан обдулса, карылуу Бишкек кабыргасын сындыра чапмак. Ансыз да кычкачтай болгон колу тийген билеги ооругандан оозун бекем жуумп, көк көзүн кыбыңдата жер карады. Бишкек Мопуйга кайрыла:

-Ооба, көп жылдан бери малай жүрдүм. Убал-сообумдан корккон жоксуң. Акымы бербедиң. Эми жалаа жабасың. Мен алган жокмун десем, бет тырмачылык кыласың. Алсам мен коңушу айылдын бээсинен көрө, баягында сен жиберген үйүрлөрдөн албайт белем. Тил жумшак, эмнени айтса кете берет. Мопуйдун көп жыл эшигинде жүрүп, бардык куулук-шумдугун билдим. Мындан жакшылык чыкпайт. Буга ишенбегиле эл-журт. Мен алган жокмун. Алайын деген оюм да жок.

Мопуйдун жаны чыгып кете жаздады. Ордунан обдула тура калып:

-Ит эркелеп үйрөнсө, ооздо жалоого умтулат экен. Ушунча жыл бакты элем, тузума карасанап, ырыскымды талашып отурат. Мени менен айтышкандан көрө, уурдабаганын далилдеп, актанып албайбы. Мунун сөзүнө-кантип ишенишке болот?

-Ошону айт. Жетесиз кулга аео жок. Бул баарыбызды чарчаткыдай. Эл эгелеринин бүтүмү бүтүм. Эмне кылышты өздөрү билсин-деди Мопуй бийдин баягы кошоматчысы.

-Өз башын аябаган неме, киши башын далдал кылып, карагылачы, кайдагы жокту оттоп отурганын-деп кирген буурадай, ооз көбүгүн буркулдатып, көбүрүп-жабырган бийге тике караган Бишкек:

-Анчалык эле суук сөздүн кереги бар беле? Ушунча жыл колуңда жүрсөм да, көрсөм көрмөксөн, билсем билмекмен болдум…деп келаткан Бишкекке карай кыжынган баягы кошоматчы:

-Атаңдын оозун урайын жугундукор. Ит баштанып бийдин кешигине тоюп алып, өзүн капкың барбы? Бийдин отурган ордуна тең келе албайсың. Ата-жотосу жок, арамдан бүткөн кул!

Суук сөздү уккан Бишкектин жүрөгү муздап:

-Эй келте сары. «Баштаак уйдан, тайтак музоо туулат» демекчи, сен уругуң менен бийлер менен байлардын майлуу оозун жалап, тиричилик өткөргөн байкуш экениңди, мына булардын баары билет. Ушул сөзүң үчүн… Бирок ушул отурган улуу, кичүүнү сыйладым. Болбособу… Бизди да, эркек киндик дейт. Сенин кимден жаралганыңды эсиңе салып коет элем. Чычкактаган түлкү баштанган… Сага эмне жок. Тек отур!

Колун шилтей, теше тиктегенде бийине шыбанчы болгон неменин оозу жабылып, бекинерге жай таппай, алдастап калды.

Элден бөлүнө калып, бийлер бүтүмүнө киришти. Жалган жалаа суу кечпейт деген ойдогу Бишкек бейкам. Курулай дооматка бир ачуусу келип, кайра бийлердин тобу акты аттап кетпейт деп отурган. Көп деле убакыт өтпөдү, бийлер атайлап дайындай коюшканбы төрт-беш карылуу шыбанчылар келишип ай-уйга карабай Бишкекти ортого чөк түшүрүшүп, матап турушту. Кашкайта калыстык айтып, ак-караны тең карайт-деген бийлердин бүтүмү айтылды.

-Бээ алганы мойнуна жүктөлдү. Доочуларды, айгактар бышыктады. Бээ алган айыбы, көпчүлүк алдында бийлерге тил кайрып, каяша кылгандыгы жана өзүнүн бийин сыйлабай, каралаганы үчүн бирден тогуз кесилди. Бир тогуз жылкы, кара

мал, топоз, кой, серке, улар, кекилик, чил, бөдөнө. Бийлердин бүтүм акысына бирден кой!

Бишкек ордунда чимирилип кетти.

-Ой, оңбогон гана бийлер. Ой, эл-журт! «Көгөндөн бий койсоң, көтөнүңдү оюп жейт» деген туура экен. Ушул да калыстыкпы?

Бийлер баш болушуп, баары орундарынан тура башташты.

-Калайык, бир сөзүм бар. Угуп койгула! Ак жерден караландым. Кур доомат тарттым. Бир адам калыстык кыла албады. Ал да болсо, бийлерден корккону деп билем. Эй, Мопуй! Бирөөгө көр көөлөсөң-өзүңө зындан. Убалдан коркподуң. Биротоло мени мойнуман байламактын камын кылдың. Бул карыздан аман эле болсом, кутулам. Бирок, элге ууру эместигимди далилдей турган убакыт келет. Ошондо сенин тыгының ыргыйт. Бир чөгөлөтөм. Мен айтпасам да, көп билет. Сен жеген покту ит жебейт-деди күйүп-түтөп Бишкек.

Мопуй тик караганды тизеге чапкан болуп, тобу менен бийлерди үйүнө чакырып, бир семиз соолугун туттуруп, таш казанга салдырды.

-Моюн толгоп, тескери баскандарга, ушинтип эле чүлүк салып коебуз-деген пикирдеги бийлер семиз койдун куйрук-боорунан сугунушуп, улуулата жиликтерди алышып, дасторкон жыярда Мопуйдун сыйына ыраазылыктарын билдиришти. Ызаага чөмүлгөн Бишкек «Буюкканга жылдыз от» дегендей, айылдагы калыс аталган Үрүстөм карыяга арыз-арманын айтты эле, ал анын бетине тик карабай туруп:

-Мопуйдун тили да, дили да арам. Сенин дилиң да, тилиң да адал! Бирок, ушул жашка келип, айыпты кара малга чаччуу эле. Паранда-кушту биринчи угушум. Эмне кылабыз, элдин сөзү өтпөсө!-деп колдорун эки жакка жая берди.

Бишкек кышы-жайы иштеп, тапканы бий бүтүмүнө татыбады. Агайын-тууган анын абалына көз салып, «эки тогузду» эптешти. Бирок, бий акысы тууп, паранда-куштай көбөйө-берерине көптүн акылы жетпей калды.

***

«Баатырдын атын алыстан уксаң, жанына келсең бир киши». Айтылган сөз жөн жеринен эмес. Ага күбө Бишкек. Айылында куур тон, эски малакайы, бардык кедейлердей эле бутунда чоң чарык. Көп катары, аш-тойлорго көп эле бара бербейт. Иш менен алек. Тапшырылган жумушту ашыгы менен аткарат. Куулук-шумдугу жок.

Бөтөндүн буюмуна көз салып да койбогон, чарчап-чаалыгууну билбеген, ар кандай иш колунан келген кызматкерди ким эле кетиргиси келсин. Акы доолабаса, «кийем-ичем» дебесе, же «зарылдыгы чыгып калды» деп, туура басып кетпесе, кимге жакпай койбойт.

-Бу томаяктын кежирдиги гана бар. Бир кыялы кармаса эч нерседен кайра тартпайт. Жүзгө карабайт Бетке чабаар. Ар пендеде, ар кыял. Үйрөнгөн адат. Ал да жакшы. Бирөөгө жамандыгы жок. Салакасы тийбейт. Ушуну бир кеткис кылып, илештирип алсам-деген Мопуй жатып-туруп алып да ойлонот. Үйлөп койсом, балалуу-чакалуу болуп калса, ийрилер беле? Өзүнчө үй көтөртүп, энчи бөлүп берсем, балдары менен кошо жумшасам-деп кыялдана да кетчү. Бирок, адал-арамда ылгап турушу, уурулукту жек көрүшү бийге жакпайт эле.

-Ате, бала жаш. Же кийин-кийин түшүнүп, оңолуп кетеби? Жебеген ким? Бир гана жер алдындагылар жебейт. Пенде баласы албаса-жулбаса кантип жашайт? Бирин-эки кылбаса, мал кантип көбөйөт? Төлүн күтүп отурсаң, бир жыл он эки ай. Анын ичинен өлөт, чыгымы болот. Колуңдагыга кошумча болбосо, кантип байыйт?

Бийге мал, өлүү дүйнө-тартуу деп келет. Доо өндүргөндөбү, же чыр баскандабы, бий акысы бар. Андан тышкары байыбы, кедейиби короодогу малынын адалдыгы деп, «бийлер жечү» атап, жаз-күз алып келишип, алдынан өтүп кетишет. Бирден-экинден келген мал көзгө көрүнбөйт. Көп алып, көпкө сук болуп калган бий, «көп келсе экен?» деп, айылга кеткен ата-энесин күткөн баладай, уламдан-улам жол каранганын башкаларга билгизбейт. Күндөрдүн биринде бий ат токунуп, бир тарапка барганы калган Бишкекти өзүнө чакыртты. Сырттан боз үйдүн эргилчегин кыйгач ачып, баш бага «шалп» эттире эшикти таштаган Бишкекке көз тикти.

-Ассалоом алекум, бийим.

-Валеки –деди бий оозун бүлк эттире.

Бишкек ийилген башын көтөрө, бийге суроолу тиктеди.

-Кел мындай-деп, өзүнөн төмөнүрөөк жактагы көлдөлөңдү көрсөттү да, сөз улай-Эрте мененки даамды, сени менен бирге таталы деп чакырдым.

Бишкек адатынча үндөбөй келип, бий көрсөткөн жайга коомай отурду.

-Байбиче, тундурмаңдан келтир! Бишкек экөөбүздүн көңүлүбүз жибисин. Кана, даамдан ала отур-деп жайылган дасторконго ишарат кылды.

Аңгыча кызматчы аял мелт-калт болгон сыр кесени бийге, капшыктуу кара аякты Бишкекке узатты.

-Атаңын көрү, Тундурманын күчү башка да. Алтымыш тамырыңды аралап, дене боюңду балкытат го чиркин! И, кептен айта отур?

-Не кеп айтайын? Өзгөдөн айтсам жаңылык укпайм. Өзүмдөн айтсам, сизге жакпайм-деди, алдыртадан кеп жылдырып.

-Ох-ох-о. Көңүлүңдүн кири кете элек экен да. Жигит адам жайдын ак жаанындай болуп, аз бүркөлүп, көп ачылганы жакшы. Ар дайым ак көрпө жайыл болсоң, аалам гүлстан болот, иним. Унут баарын, мен да унутайын?

«Күндүн жаманы кетет, калган көңүл кетпейт»?-деген сөз бекеринен айтылбагандай. Канчалык унутайын десем да, мени «ууру» атап, бетиме көө жабылганы түк көңүлүмдөн кетпей койду. Алсам мейли эле. Өлөөр өлгүчө, жаман ат жабышты да калды.

-Жаман ат жабышпайт. Эртең эле ошол бийлердин көңүлүн алып коелу, көкөлөтүп көтөрүп жиберишет. Бийлер мактап жатса, калгандар эмне дей алышат.

-Бий. Бийлердин түңүлдүм. Көңүлүн алгандарды жактап, колунда жокторго запкыга алган жүзү жоктор, кантип адилет сүйлөй алышат?

-Хи-хи. Бала эмессиң. Асмандагы куш да, тор-желеге түшөт. Баарыбыз эле оокат деп жүрөбүз. Аларга кудайым сүйүп берет.

-Эмне, кедей-томояктар, кудайдын өгөй балдарыбы?

-Кой, экөөбүз айтышканды коелу? Кантээр экен деп, атайлап тим койдум эле. Чыныгы «көк жал» экенсиң. Муюбай, мүңкүрөбөй доодон кутулганы калдың. Эми «бий акыларынан» кепилин мен алайын. Паранда-куштар өзүңө-баглык. Калган бересеңди мен төлөп, эл алдында актыгыңды элан кылалы.

-Мен үчүн убара болбоңуз? Азыраак болобу, көп болобу эптеп калганын түгөл төлөп, өзүм актыгымды билгизейин.

-Мейли, мен айтканга көнбөсөң не чара. Бирок, бир шарт бар. Экөөбүз келишели.

-Бийим, экөөбүз келише албайбыз го?

-Унчукпа. Сөзүмдү ук-деп зекий, ашкана тарапты карабай үн салды.

-Байбиче, кеселерди бирден кайтаргыла. Мурдагылар таңдайды такылдатып, кургатып жиберди. Улуу сүйлөгөндө, кичүү укмак. Мен сени тең ата тууган, жакын адам катары санап отурам. Көптөн бери ойлонуп, бир тыянакка келдим. Аны мен ачык айтайын. Үстүңө үй көтөрүп, бардар жерге куда түшсөмбү-деп, сени чакырдым.

Ушинтип айтсам, Бишкектин жүзү жаркып, кубанганын жашыра албай, жүгүнгөнүн билбей калат деп, ойлогон. Андай эмес, мандайындагы как элес, шадылуу колдорун тизесине коюп отурган Бишкек солк этпеди. Суз гана кеседеги тундурманы эки колдоп алып, кылт-кылт эте, жуткан болду.

-«Таш Бишкектин» көнүлү жибигидей эмес. Көөнү чындап карарган экен. Кантсем ийийт? «Катын алып берейин»- десем солк этпеди. Бул түрүндө ал мага жакшылык кылбайт. Эмне десем? И, баса, «Күзгө чейин бекер иштен берейин. Акы дале албайм. Бошот? Өз эркимче тиричилик кылайын?» дебеди беле. Шартымы айтып, ынаса «бошотоюн» дейин. Бий ичинен толгонуп, бир заматта, миң ойго түшүп, ыңгайлуу жолду издеп жатты. Бардык ойлогон ою кылган аракети, өзүнүн максатын аткартыш. Эрте мененки тундурма башын кеңгиретип, денесин чайпалтты. Чалкалай отуруп башын кейкейте көзун сүзүп, кирпик арасынан Бишкектин ар бир кыймылына саресеп салып отурду.

Ушунча дүнүйөм, малым туруп, ушул «жаманга» неге мукурайм. Ушунун колунан келген, башканын колунан келбейт беле? Келет. Мындан артык да аткаруучулар бар. Бирок, аларды көпкө кармай албайсың.Ошончо оор ишти ишенип, тапшыра да албайсың. Анан да алар колго түшүп, же майып болушса, док тартууга туура келет. Болгондо да, эки тарапка. Бир тарабы барган жагына, экинчиси бул жактагы туугандарына… Анысы дагы Алланын айтканындай болор. Кокус, алар жолдуу келсе, олжолорун «ме» деп жөндөн-жөн бере койбойт. «Дүнүйөнү көрүп, пайгамбар жолдон чыгыптыр» дейт. Буга бергиче өзүбүз алалы дешсе, нак кур жалак калбайбы? Анда ойлогон ою, күсөгөн максаты желдей сапырылбайбы. Ушул жерди ойлогондо бийдин көзү «пар» ачыла түштү. Кой, үйрөнчүк. Жаман да болсо, ушул Бишкек гана ылайык. Бий алдыга обдула, адатынча бал тилге сала, эбиреп кирди.

-Туугандын өңү-түсү бөлөк болгону менен боору бир. Кандай учурда болбосун боор тартып турат. Мына мен «бир боорбуз» деп сени жамандыкка кыя албайт. Чын сага ого эле чоң жакшылык да

кыла элекмин. Болгону турмушта оор-жеңилди, азап тартып, кыйынчылыкты көрсүн. Бышыксын, чыйралсын. Эртеңи өз алдынча турмуш курсун деп, өз жайыңа коюп келем. Же, бул айтканым жалганбы?-деп маңдайындагы ар бир сөздү талдап, кунт кое, кулак түрүп отурганын билмекке, суроо бере кетти.

-Ырас.

-Ырас болсо, бул күнгө чейин сыналдың, быштың. Мени менен тең ата сүйлөшүп калдың. Кээде тилиң да тийип кетип жатат-деп токтоло калды.

- Кечирип коюңуз? Жаштык кылыптырмын-деп айтаарын күттү.

Маңдайдагы неме үн катпады. Солк этпей, отура берди.

-Атама аш берейли-деп, ниет кылдым эле. Андагы намыс бир эле меники эмес, бүтүндөй тууган уруктуку. Ал тургай уруу, элдики. Өзүң билесиң, короодогу мал, аш бергенге чакталуу.

-Ой, тобоо! Миңдеген койлору, үйүр-үйүр тубары-субайы, оңор эмес жылкысы аз көрүнөт экен да,-деди ичинен Бишкек.

Тууганынын оюн окуган бий, кебин созо берди:

-Короодогу малы жетпейби деп, айтаарың ырас. Канчалаган эл-жерге кабар берилет. Канчалаган адия келет. Алардын аш-гөшү. Он-он беш күндөп кетпей жатканы болот. Андан сырткары «кеңеши» эле ошончо. Оюн-зоок. Эң болбоду дегенде «аламан байге», «эңиш», «эр сайыш», «көк бөрү» дагы-дагы ого эле көп. Ии-дебейсиңби?

-Ии?

-Бир менин эле малым эмес, саруу, кушчу, мундуз сол канаттагылардын кошумчалары чак келбейт.

-Антип, кыйналбай эле койбойсузбу?

-Кантип?... Кыйналбай эле кой дейсиң. Намысчы? Атасынын арбагынан малын аяп-деп, эл эми эле кеп кылбайбы? Силерге окшогондорго жаман көрүнүп, малды эмнеге курап жүрөм? Намысты ойлойм. Намысты! Ата баласымын. Арбакты ыраазы кылмай сайын, тирүү жалчыбайт. Билип жүр. Ушуну ойлоп, уйкум келбейт. Эми түшүндүңбү, мени?

-Түшүндүм.

-Түшүнсөң, ошол ашта сенин даңкың, атың чыгат.

-Мен атымы чыгарганга, даңкка кызыкпайм.

-Соосуңбу? Сенин атыңы эл чыгарат.

-Эмне деп чыгарат?

-Эмне деп чыгарат? Эр эңиш, эр сайыш, эр алыш. Ооу! Байгени, сая кетирбеш керек. Ал үчүн…

-Ал үчүн Бийге демитип, суроо берүүнү жактырбай, Бишкек анын ток этээр оюн, айтаар сөзүн билгиси келди.

-Ал үчүн сен экөөбүз бүгүндөн баштап камынышыбыз керек!

-Кантип камынабыз?

-Ап-бали! Намысты, эми ойлой баштадың окшойт. Отун-суудан мурда, мал-дүйнө камында болуп, башына баш, санына сан кошуунун камын көрөлү деп, улуу башымды кичүү кылып, бир алды өтүнүч, экинчиси ишенич бергени отурам.

-Кандай ишенич?

-Ток этээр жерин айтайын. Ат-көөлүк, азык жагы менин мойнумда. Ишенимдүү шериктерди өзүң танда! Баягыдай болуп барып, олжолоп кел!

-Жок. Андайды менин кулагыма угузбаңыз? Катын-балдарын араң багып, тиричилик менен эптеп турмушун өткөрүп жаткан мээнеткеч, чарбадарларды тоноп, күйдүрө албайм. Баягыдан кийин, кайрылып андай жолго барбаска өзүмө шерт кылып койгомун. Уурулук, талоончулуктун акыры өлүм экенин ошондо түшүнгөм. Эч бир пайдасыз, оозго албай турган иш.

-Мындай иш бир гана эр азаматтын гана колунан келет. Элиңде баатыр аталасын.

-Баатыр аталам дечүүлөр болсо, бара берсин. Мени аралаштырбаңыз. Жалган жеринен ууру аталып, күйүп жүрөм. Мен бара албайм.

-Баятан бери мен сага, эмнени айттым деп, бий кумсарды-Барасың!

-Жок. Бара албайм.

-Эртеңки күндү да, ойлон!

-Коркутпаңыз, бийим? Мен сиздин малыңызды коромжуга учуратпай, түгөлү менен багып бергеним да жетет. Убадалашкан мезгил да келди. Уруксат бериңиз?

-Бий акыларын, калган тогуздары ким төлөйт.

-Өзүм төлөйм.

-Кантип, колуңда бир чычкак улагың да жок туруп, эмне менен төлөйсүң? Бересең, эки жылдан бери эки эсеге өстү.Таба аласыңбы?

-Табам.-Табарыңа ким ишенет? Сенин карызыңды мен берем. Сен ушул ишти аткарсаң, анан сүйлөшөбүз. Бар! Көпкө отуруп калдың. Мал да чачылып кетпесин.

Бишкек тундурманын калганын шарт көтөрүп, оозун арчына эшикке чыга жөнөдү.

Башы тумандаган санаадан көңүлү чөктү. «Бий акыларынан» кутулуп, бошонуунун жолун ойлоду. Бийдин айтканы айткан. Аны аткармайын тынбайт. Ар кандай жамандыкка баруудан кайра тартпайт. Же, бар тобокел деп, жолго чыкканы дуруспу? Кай жагы болсо да, Бишкекке туңгуюк. Барбаса, бийдин каарында калат. Дагы бир жамандыкка түртөөрү анык. Барса кандуу жол, капкан кандай чабылат. Кокустан эле колго түшсө, ким аямак эле. Кайтып келээри күмөн. Мындан ашкан балээге кабылат. Миң толгонуп жүрүп, тагдырын «тобокелдик менен» чечмек болду. Кудай жетимдиги үчүн жолун ачаар. Жолдуу келсе, бий да «ак көрпө жайыл» боло, «Бошсуң. Төрт тарабың кыбыла» дээр.

Бишкек жанына баягы эки шеригин алып, эл жатаардан оогондо айылдан чыгып кетти. Үчөө чакталуу. Көп караан болсо, салт атчандарды көргөндөр күмөндөйт. Ар айылдын четине барганда, жай бастырышып, ар тарапка көз салып, «мал издегендерден болуп, өңү-түстөрүн айтыша», салам берип өтүшөт. Эл жок жерде, «бөрү жортушка» түшүшүп, кокту-колот, сай бойлоп караандарын жашырышат. Түнү жүрүшүп, чак түштө ат чалдырышып, өздөрү да эс алышат. Жолдо кезиккен кайберен-илбесиндерди тутуп, азыктанышат. Айылдан чыккандын алтынчы күнү жапсарлуу бөксө тоолорго келишти. Маңдайдагы белди ашпай, кокту ылдыйлап барышып, бозоргон учу-кыйыры көрүнбөгөн боз талааны көздөй жүрмөк болушту. Ээн жер болгондуктан улоолорун таскактата катуу жүрүштү. Эңкүүлөй беттен, куюлуша түшүшүп, түз жерге келе калышканда, аттарынын ооздорун бошотушту. Бүргөдөй секирген күлүктөр биринен бири өтө, аркага даңкан ыргытып, куйрук-жалдары сапырылды.

Атырылган ат үстүндө бараткан кыргыздын каны кызыбайбы, жарышкан күлүктөрүнө дем бере-Ку-у, куу-деп, кыйкырышып, биринин баш кийимин бири жула кача, баягы алыс көрүнгөн тумшукка заматта жете келишти. Аргымактарынын тизгиндерин тартыша, аярлашты. Каны кызыган күлүктөр ооздуктарын чайнап, «буту-колдорубуз эми гана жазылды эле» дешкенсип, токтоно албай ойдолоктошот. Катарлаша бастырышкан шериктер кандайдыр дабыштарды угушуп, бирин-бири карашты. Күтүрөгөн туяк үндөрү ай талаанын тынчтыгын бузуп, маңдай тараптан боз чаң көтөрүлө, жакындап келе жатты. Үч шерик жанаша кыраңга чаап чыга келишти. Колдорун серепчилей, алыска көз чаптырышты. Туурасынан жайыла, катарлашкан көп жылкы биринин чаңына бири калбастын аракетинде чуркап келе

жатышыптыр. Алардын жайыла чуркашына караганда, сүрө айдагандар арка тарапта бөлүнө калып, өз жайытына карай каччуу карт бээлерди тосмолоп, калтырбай айдап келатышкандай. Жылкы сырын бала кезден үйрөнүп, алардын кулк-мүнөзүн жатка билген Бишкек, заматта түрө айдагандардын санын, жаш-кары экендиктерин боолголоду. Саны беш-алтыдан ашпайт. Чамасы башчысынын айтканы менен болушуп, үйүрлөрдүн бөлүнүшүнө жол беришпей, жалгыздап калтырбай, чамына айдап келе жатышат.

Карт жылкыны жетелей, жол баштаган бирөөсүн алдыга салганга караганда, жаңыдан эле жайыттан жайылып жүргөн бээлерди түрүлтө сүрүшкөндөй. Жолдогу үйүрлүү жылкылар да, сүрмө топко кошулушуп бөлүнө албай, жайыла сүрдүгүп чуркап келе жатышат. Кокустан токтоп, жолдо аярлашса эле, өзүнчө үйүр-дө жүргөн карт бээлер шериктерин баштап качышкыдай. Аларга көп эле маани берилбегенине караганда, топ башчынын жардамчылары карт жылкычылардан эмес. Алдынан бөлө качканга болбойт. Ууруну каракчы тоногонго барабар. Келаткан тарабын көздөй жандай чапса кандай болот? Бет маңдайдан чыга калып аларга каршы аттануу опурталдуу. Жылкыны айдай качкандардын кабары жайлоодогуларга эчак эле жеткен. Ажыратып алууга, куугун жабыла жолго аттанышкан. Аттарынын өлөр-тирилерине карабай шашыла, чаап келе жатышат. Малын алдырып, ичи ачышкандар саламга да келишпейт. Кезиккен кишинин ак-каралыгын сурабай эле, ат үстүнөн ыргыта чабышып, чамына из куушат. Демек, бул тарапка баруу опурталдуу жылкы сүргөндөрдөн шек алгандар из сууп, көңүлдөрү тынмайынча, кезүү кылып, сак-сактап мал кайтарыша, азыр турушат. Бул жол туюк тосулду. Жака белдеги айылдар да сак болуп, күндө жылкы четинен алысташпайт. Бул аймактан биротоло түңүлгөн Бишкек, шериктерин күн жүрүштү көздөй алып кетүүнү ойлой баштады.

Сүрүлгөн жылкылар жетип келгенге чейин бул аймактан эртерээк алыстап кетүүгө шашылган Бишкек шериктерин ээрчите коктуга түшө берген чакта үн алыша кишинеген жылкылардын үндөрү кулактарына айкын угула калды.

-Аа, куугун жете келген экен-деди Бишкек өз оюнда түкшүмөлдөп. Ат тизгинин тарта, кулак түрдү. Шериктери да токтоп, кылчакташты. Аларга көңүл бөлбөй Бишкек баягы дөбөнү көздөй кайра чапты. Элтүзөр менен Чынтемир да андан үзүлбөй, куйрук улаш жете келишти. Бишкек болжогондой эле куугундун

алды жете келип, жылкы алдына өтө чыгып, ары-бери чапкылап, кайрый башташкан экен. Аркы тарапта чабышуу башталганбы, опур-топур, чаң уюлгуйт. Кыйкырык, сөгүнгөн үндөр, элдир-селдир угула баштады.  Алды-аркасы тосмолонгон жылкылар аарынын уюгундай уюлгуп, топтошуп турду. Анча-мынча үйүрдөгү айгырлар четтеп, өз үйүрүндөгүлөрдү бөлүп алуу аракетинде окуранып кишиней, тегеренишип жер чапчышат.

Жете келген куугун эки-үч тараптан капшыра чабуул коюшканбы, ызырына сөгүнүп, жажылдаган кыйкырык, көтөрүлгөн чаң уюлгуйт. Алдыга өтүп тосмологондордон улам, жылкы шыкалып, арткы тараптан күүлөнө келип, кошулгандардын түртүшкөн күчүнөн сүрдүгүп кайра жылат. Ортодо  кысылган карт бээлер, үйүрдөгү  айгырлар, жанындагыларды карсылдата тиштеп, сорусу менен сүрө, четти көздөй умтулушат. Көп жылкыны артка кайруу аракетиндеги топ канчалык чамынышса да кысылган жылкылар моюн бербей түртүшүп, ташкындаган суудай чайпалат. Шериктеринин караандары айкын көрүнбөгөндөн алдыга келип, бирин-экин тосмологондор, четке чыга беришип, ат үстүнө тура кала, моюндарын созо, жардам күтүшөт.  Бир азга болсо да токтоп, уюлгуй кысылган көп жылкы, ойдолоп четтеп, бош жактарды көздөй, чар жайыт, чачылды.  Чабышуу күчөп, ар кими өз жандары менен алек болуп калган кезде жылкылар туш келди жайыла баштады. Аларды  тосууга эч киминин буймалары келбеди. Куугунчулар көптүк кылышып, курч аттарын ары-бери чапкылашып, беркилерди өмөктөтө уйпалап киришти. Көбүнүн баш кийимдери жок. Жоолук менен байланып алышкандыктан алардын кимдиги алыстан билинбейт.

Акыры куугунчулар көптүк кылышты окшойт. Бирөөсүн эки-үчөө ортого алышып, баш көтөртпөй, уйпалап, сабашкандан ал далдаланып качууга аргасыз болуп, алардан алыстап, жылкы аралай далдоолонду. Баягылар шыкалган жылкыдан өтө алышпай, шериктери тарапты көздөй аттарын темине  сүрүлүштү. Жалгыздаган чабандес ары шамдагай, ары өжөр неме көрүнөт. Далдоолонгон жайдан чыга алардын аркасынан чапты. Бир-экөөнүн кайрыла, укуруктары менен «карсылдата» чапкандарына моюн бербей, улам бирөөсүнүн укуругун тартып алууга кол сунуп, аяктуу атын теминет. Акыры бирөөсүнүн укуругу колуна дал келе калдыбы, шарт кармап өзүнө тартканда, укурук менен качырып жатканы, сүрдүгө ат жалынан ооп, түшүп кала жаздады. Колундагы укуругун бошото, эки колу менен атынын жалына таянып, араң

түзөлдү. Укурук колго тийгенден кийин, баягы чабандес көптөгөндөрдөн аянган жок. Бир-бирден карсылдата сабап, көптөшкөндөрдү кетенчиктетти. Аңгыча болбой, артынан жардамга келгендер аны көптөп, алды-аркасынан ороп, уйпалашты. Келгендерге кол кайры кылып, айкалыштыра чапкылап жатканда, укуругу «карс» сына, ортосунан бөлүндү. Келте таягы менен калганды көптөгөн куугунчулар узактан сабап, ат жалына өбөктөтүштү.

Баятан бери кайра тартпай, көп итке моюн бербеген карышкыр баштанган жигитке боор тартып турган Бишкек шериктерине карабай, ойдологон аргымагынын тизгинин бошото, ошол тарапка теминди. Бишкекти көргөн шериктери да ага куйрук улаш чаап жетишти. Чапка баскан кыска союлдарын шарт колго алышып, баягыны жекелетип жаткан топтогуларды бир-бирден согуп өтүштү. Бириси ээрден көчүгү көтөрүлүп, бири ат жалын кучактап, бириси талпактай учуп түшкөнүн көргөн шериктери тайсалдаша четтеп, чыга беришти. Куугунчулардын көбү жылкы кайтаруучулардын сүрөмөсү менен эптеп эле караан болууга келгендер эле. Аркы тараптагы айкашып жаткан баатырларын эш кыла акмалашып, жекеме-жеке чабышуудан айбыгыша кетенчиктешти. Чабандес жигит «жардамчылардын кайдан келе калганына» таңдана бир карап алып, союлчуларга катарлаша калды да, аркы тарапта алышып жаткан шериктерине жардамдашууга умтулду. Бишкек шериктерин ээрчите, анын аркасынан чапты. Алар келгенде чабандестин шериктеринин башы-көздөрү жарылып, көгөрө шишип, таламайга алынып жатканын көрүштү. Куугунчулардын шериктери, жаңы күчтөгүлөр менен кайра тартпай чабыша башташканда, баягы чабандес:

-Бөлүп, сүрүп айдагыла! Болбосо алдырабыз-деп кыйкырды.

Келтектен улам бети-баштары дулдуя шишиген шериктери:

-Айт. Аа-йт! Уйт! Уу-йт! дешип, топ жылкыларды сүрө, добулбас урушуп, үркүтө жөнөштү. Куугунчулардын айрымдары чачыла үрккөн жылкылардын алдын тосмолошуп;

-Тос эле, тос! Ортого имер!-дешип, ар кими, ар тарапты көздөй чапкылап жөнөштү.

Куугунчулардын баатырларына каршы, баягы чабандес үч шериги, Бишкек төртөө калышты. Карсылдашкан кармашта чабандес жигит менен Бишкек кетенчиктешпеди. Улам келгенин биринен сала бири союл менен согушуп, камчы менен чабышып,

кайра тартпастыгын көргөзүштү. Күтүрөгөн көп жылкынын тобу үркүтө айдодоон улам, бөлүндү болуп, чачырады.

-Тос! Айда! Сүр! Кайтар! деген кыйкырыктар көбөйүп, куугунчулардын көңүлдөрүн алагды кылды. Жылкы колдон чыгып кеткенден кийин, алардын карсылдаша кармашы; «баш айрып, көз чыгара чабышы» бекер эле. Ортодогу жылкыны колдон алдырбастын аракетиндеги каршылаштар өздөрүнөн өздөрү ажыраша, чабышты токтотушуп, өз топторунун аркасына түшүштү.

Топ жылкы бир азга болсо да уюлгуй токтогондон жер майкандалып, кең жайыктагы коюу чөптөн дарек жок. Өңгүл-дөңгүл, быткылдар тегизделип, эзели чөп чыкпаган сай баштанып, чаңга айлана кала берди. Атайлап кетменделген жер бетиндей, тилкеленген из эки-үчкө бөлүнө, бири тоо тарапка, бириси энкейип кеткен түз тарапка, бири жанаша адырларды аралай созулуп, аркада калды.

Ар кими өзү менен болуп, олжолорунун артынан чапканда, майкаңдалган жайытта жаткан эки-үч караан Бишкектин көзүнө чалдыкты. Атын бура тартып:

-Эмне болсо да кимдигин биле кетейин деген ойдо, алардын жанына бастырып барды. Өзүнөн бир аз улуудай, уруттарын түк баскан жигит улам онтоп жаткан эле. Баятан берки тымтырстыктан бөлүнө, ат туягынын дүбүртүн сездиби, башын көтөрүүгө аракеттенди. Удамаа удаа согулган таяктанбы бети-башы шишип, көзү көрүнбөйт. Чекесинен жылжып аккан кан жаагынан ылдый куюлуп келип, катып калыптыр. Шадылуу манжалары ортосунан карс сынган таякты кармаган бойдон карышып калгандай. "Кың-кың" эте алсыз үн чыгаргандай болду. Ал аттан түшүп, жакын келип, эңкейе абалын сурады.

-Тууган, абалың кандай?

Ал суроосун укту окшойт. Мойнун буруп, кулагын түрдү. Согулган таяк талуу жерине тийгенби, оозун ачууга аракеттенди. Эриндери кургап араң тилин булдуруктата сүйлөгөн болду. Аңгыча аркы тарапта жаткан денеден кыңкыстаган үн чыкты. Аны угуп, башын көтөргөн Бишкек жакын басып барды. Жараты жеңилби, көзүн ачпай:

-Суу, суу-деп, кургаган эриндерин жалаган болду.

Бишкек канжыгасындагы кол чаначты алып, буугучун чече, оозун кайрый, жаткан жигиттин кургаган эриндерине жакындата суу тамчылатты. Оозуна кирген сууну ирмеп, жутунуунун аркетинде, тамагын кылт эттиргенде, чакап кетти. Бишкек анын башын жөлөп,

тизесине сүйөмөлөй, алаканына суу толтура, акырын ачылган оозуна тамчылатты. Кылк-кылк эттире бир эки ирмеп, оор үшкүрүндү.

-Кандайсың, жигит?

-Ыр-рах-мат.

-Суудан дагы жутасыңбы?

Ал суу болгон эриндерин ирмеди. Бишкек түйрүлгөн кол чаначынын оозун ачып эриндерине тийгизе, түбүн акырындап көтөрдү. Оозуна толгон сууну кылт эттире жуткандан соң:

-Сен кимсин? деди алсыз үн менен.

-Жолоочумун.

Ал башын ийкегиледи. Анын денесин тизесинен акырын түшүрүп, кийинки жаткандын жанына келди. Сулк жаткан дененин буту сынганбы, бир багалегинен карарган кан шүйшүңдөп чыгып, топуракка сиңип калыптыр. Башын өйдө кылып, көтөрөйүн десе тирүүлүктүн белгиси билинбеди. Бишкек кайрадан алгачкы оозуна суу тамчылаткан жигиттин жанына келди. Баскан кадамды туйдубу, мойнун бура, тыңшагандай болду.

-Абалын кандай?

-Суу болсо, берчи?

Түрүлгөн кол чаначты анын оозуна жакындатты. Эриндерине тамчылаткан сууну кылк жута, тамшанды.

-Оордуңдан тура аласыңбы?

Башын көтөрүүгө аракеттенди. Оор денеси ийге келбеди.

-Таңдайым кургап, суу ичким келип жатат.

-Сууну көп ичпе, башың айланат.

-Башыма балээни үйүп, "Кайдан да жылкычы боло калдым эле, Жер тырмап жүрө берсем, бул балакетке кабылбайт элем"-деп, сөздөрүн үзө араң сүйлөдү.

Ичкен суу оозун жибиткенби, эрининин кычыгынан шүйшүңдөп кан чыкты.

Аңгыча ат туягынын дүбүртү угулду. Бишкек кылчая карай берип, жанаша бастырып келе жаткан эки атчанды байкады. Алар шап аттарынан түшө, жаткан денелерди сылай, колу-буттарын бир сыйра кармалашып чыгып, сынгандан соо экендиктерин байкоого алышты. Бирөөсүнүн үзөңгү боосундагы чаначта суу толо эле. Ал ат үстүнөн чечип келип, чаначтын буугучун алып, жаткан денелердин бети-баштарына шаркырата суу куйду. Муздак суудан улам, жандары сергиген жаткан экөө удаама-удаа баштарын

көтөрүшүп, туруга аракеттеништи. Суу куйгандын бирөөсү аларды тургузбады.

-Башынар айланса, кыймылдабагыла! Муздак суудан кийин өзүңөргө келип каласынар. Жата тургула!-деди.

-Качанга чейин жата беришет? Тургузуш керек-деди шериги.

-Жата турушсун. Токмоктун уусу кайтсын. Анан да, турса боло берет-деди экинчиси.

-Бул жерге жаткырбай, суу боюна алып барбайлыбы?

-Ат үстүндө жүрө алышпайт. Анан эсине келип, ооруган жерлери басылганда тургузалы-деди, шериги.

-Кап, кырсыкты кайдан деп болобу.

-Чабышып, алышпасак мындай болбойт эле.

-Айласыздык. Олжону алдырбастыктын аракети.

-Олжо болбой куруп кетсин. Ушунчасын сүрүп жүрүп, бирисин өз пайдабызга керектей алсак эмне?

-Биз сак-сактап кайтаруучу элебиз. Ээлери үйлөрүндө чалкалап жатышат. Алдырсаң азабын тартасың. Жоготсоң төлөйсүң. Буйрубай калсын илайым.

-Кайран жан аманат. Оңолуп кеткей эле, булар?

-Баягы үйрөнгөн келтектердин бири да. Адам ит жандуу. Сынганы, чыкканы эч нерсе эмес. Ажал тийбесе эле болду.

-А тиги тил оозго келбептир да?

-Талуу жерге  дал тийген союл, тирүү коебу.

-Өз малын талашып өлсө, мейли эле. Бирөөнүн малы үчүн жан берип жатпайбы?

-Кой, эрте күндө буларды жайлуу жерге жеткирели.

-Тигини эмне кылабыз?

-Алыскы жолдо жүктөп жүрмөк белек?

-Анан эмне?

-Бир жайга жашырабыз.

-Аманат кылыппы?

-Аманат кылбасак, алып кетмек белек.

-Жалгыз бейит болобу?

-Айла жок. Ажал кайып деген ошол.

-Кетмен, чотубуз жок. Кантип жашырабыз?

-Бир айла, "жар көчүү" кылабыз.

-Ит-куш талап кетпейби?

-Ошо ит-кушка жем кылбас үчүн "жар көчтү" болот да.

-"Жар көчтү" айласыздыктын иши. "Жарма" кылып бекемдейли.

-"Жармасы" кандай болот.

-"Жарма" дегени, жардын бетинен турпагын алып, жаткан адамдын боюна барабар казынадай үңүйт. Жасатты ага койгондон кийин, бетин таш-кесек, же кубаттуу жыгачтарды коюп, бекитип, үстүнө турпактарды үйүп бекитет.

-Ажалың түшкүр ай. Кандай болсо да, кол менен казылган мүрзөдөй болбойт тура.

-Айласыздыктын иши.

Жигиттер, кырсыктагандарды талаага калтырганга болбойт. Буларды ыңгайлуу жайга  жайгаштыруунун камын кылалы.  Мен да, шериктерим менен силерге жардам берейин-деген Бишкек бөктөрүнчөгүн бошото баштады.

-Булар ат үстүндө жүрө алышпайт. Ыңгайлуу жай, жакынкы ортолукта көрүнбөйт-деди кийинки келгендердин бириси.

-Ыңгайлуу жай болбосо, суу боюна алып баралы. Көгөрүп-шишиген жерлерин суу менен жууса тез айыгат-деди Бишкек.

-Чийне да жок, кандай кыймылдатпай алып барабыз? деди экинчи шериги.

-Менде аркан бар.  Укурук, союлдарды тендей байлап, таңып койсок, кыймылдабай барат.-деген Бишкек арканын алып берди.

Заматта эки шерик Бишкек айткандай, укурук-союлдарды теңдей байлашып, аларды таңууга ылайыкташты.

Аңгыча куугунчулар менен кармашкан топту башкарып жүргөн жигит да жете келди да, ат үстүнөн түшпөй туруп, кыймылдоого алы келбегендердин таңылган денелерин бир-бирден өңөрүп, эки шериги менен кошо жакынкы жылгадан агып түшкөн суу боюна алып барып келе калды.

-Жүр баатыр. Тигилер жайгашкан жайга барып, ал-жай сурашалы. Көп деле шашылыш болбосоңор керек? "Же коногуңар башынан ыргып жатабы?"-деп тамашалаган болду.

-Айтканың эп. Бирок, "Жолоочунун жолдогусу жакшы" демекчи, көп байырлабайбыз. Тиги шейит кеткен жигиттин зыйнатын кылып, топурак салып, денесин жерге берүү расмисине катышалы.

-Ооба, ал байкуш намыс деп, бей ажал кете берди.

-Бул жерде кимди күнөөлөгө болот?

-Анын туура. Бир тулуптай немени байлыгы бар үчүн "байым" деп, тиричиликтин айынан, азыраак акы үчүн айтканын аткарып, жумшаган жагына барып , кызматын кылат экенбиз.

-Пайдасын ал, шорун мына ушинтип жалчылар, бизге окшогондор тартат тура.

-Ошол бай аталгандар жердин жети түбүндөгүнү билип-сезген, куу болорбу.

-Алгырым деп шилтеп, баатырым деп мактап, ажалга жумшап, кайрылып келсе таптап, кайтпай калса кайраным деп, байлыгына байлык кошуп отурушпайбы дегенче кобураша келе беришти.

Жанаша бастырып бараткан эки баатыр, мурда-кийин бири-бирин көрүп, таанышпаса да, ысымдарын айныбай аташты;

-Бишкек баатырсынбы?

-Чынкара баатыр болуп жүрбө?

Экөө тең ат үстүндө кол алышты.

-Бишкек, сен чын эр экенсиң.

-Чынкара, сенин карышкыр экениңди туйгам.

-Бүгүнкү күн, үч тарап үчүн тең жолдуу болду

-Бирөбүз «алдык», бирөөбүз «алдырбадык» дедик. Чынын айтыш керек. Куугунчулардын батыры, экөөбүзгө тең келди.

-Ал колунан алдырганга ызааланып, жанын аябай чабышты.

-Анын ордунда биз болсок да, ошентмекбиз.

-Бирок, намысын алдырган жок.

-Ооба, кармашып жүрүп, бошотуп алды. Эрдиги бар экен.

-Ушунча жылкыны бирөөбүз эле алганда, жыргап кетмек белек

-Ооба, башкалар шорлоп жатпайбы

-Ошол үчүнірибизди-бирибиз аябадыкпы?

-Кармашыбыз катуу болгондугунан, чыгымдар болуп отурабыз.

-Досум, сен да мага окшогон, бир байдын көзүн караган, томаяк окшойсуң?

-Кайсыл эле бай жанынан түңүлүп, куугунду чаап, жылкысын тартып алууга аттанат дейсиң.

-Ооба, байлар менен бийлерди кутурткан, биз өңдөнгөн жылаңач баатырлар. эмеспи.

-Бишкек досум, эмне, доодон байыңдан кутулбаган карызың барбы?

-А сенчи?

-Олжолуу келсең, самаганыңды берем деген. Убада менен жүрөм.

-Мен дагы, табылгам менен башымды бошотом деп, келгем.

-Тагдырыбыз бир экен, досум.

-Кел, кеңири отуруп, боор батырыша сүйлөшүп, сырдашалы.

-Ооба, кайда эле шашылабыз. Отунубуз алынбай, суубуз ташылбай, Каралбай калчуу, малыбыз бар беле?

-Бишкек досум, өткөндөгү ишке, сенин алдыңда башымды ийип, кечирим сурайм-деп Чынгара камчысын мойнуна сала, чөгөлөй калды.

-Кечирим сурагыдай, сенде кандай күнөө болуп калды, досум?

-Ортодо олжоңдон бөлө качып, ала бармандык кылып койдум. Ойлосом, акылсыздык иш. Менден кетти.

-Жок. Аны көңүлгө алган жокмун.

-Ал сенин айкөлдүгүң.

-Койсоңчу, ал менин ак мээнетим болбогондон кийин.

-Антсең, жаңылышасың баатыр. Жортуулга чыккан баатырды ажал ээрчип жүрөт. Канчалаган жерге барып, канчалаган куугунду жазгырып, канчалаган азап-тозок менен алып келе жаткан ак мээнетиңди ортодон чыга кала, бөлүп кетишимди ойлоп, ушул күнгө чейин тынчым кетип, санаа тартып жүрдүм эле.

-Ал мен үчүн ак мээнет эмес. Кийин ойлосом уурулук экен.

-Сен өзүңдү ууру десең. Мен өзүмдү каракчы дедим.

- "Ууруну каракчы урат" деген ушул тура-деп, Бишкек тамашалады.

-Бирок, ал иште сен менин ажатымды ачтың. Доодон куткарып, өлүмдөн алып калдың.

-Ошончолук элеби?

-Ооба, ал окуяны эми чечилип, айтып берейин. Угуп түшүнөрсүң. Биздин топту ичкиликтер деп коюшат. Мен баш көтөрүп, өз алдымча болуп, ат таптап, айыл аралап жүрүшүм көбүнө жакпайт. Аш-тойлордо мөөрөй алып, тапканымы кедей-кембагалдарга өзүм билгенимдей бөлүштүрүп беришим, эл жегендерге шылдыңдагандай көрүнөт. Бай-бийлердин «соорун акысы» дешкенинен, бир-эки жолу «Соорундан үмүт эткидей алар мага тонун чечип, атын түшүп беришти беле. Кедей-кембагалдардан ашканын алышсын"-дегеним, ашыгы менен жеткирилет.

Ошол учурда бир байыбыз атасына аш берип, эңиш-күрөштө мөөрөй алдым. Адатынча соорунду карапайым элге таркатып, батасын алдым.

-Чынкара, жакшыларды тоготпойт. Аларды сыйлап, башы-көзгө албайт. Эл берген батаны биз дале берет элек-деп бирөөсү айтса, баары ага кошулуп кетишет.

Мени ортолоруна чакырып алышып, алдарынын жетишинче каралашты. "Ыйманы жок" дешти. Ата-бабалардан калган салтты бузду. Адебинен ашты дешип, тогуздап айып тартуга кесим

кылышты. Аба-аксакалдардын ортого түшкөндөрүнө ынашпай «үч күндүн ичинде төлөп кутулбаса, элден чыгарабыз. Катын бала,тууган-уругун таштап, кайда кетсе, кетсин дешиптир. Бир чети аларга өчөшүп, экинчиси ачууга буулуп, аттанып чыкканым болчу. Элден бөлүндү деген эмне? Андан көрө өлүп тынган жакшы эмеспи. Баатырдыгым менен кайдан болсун таап, кутулайын деп чыкканмын. Ошондогу сенин берген олжоң мени куткарды. Элден чыкпай жашап жүрөм. "Баатыр элдики эмес. Эл жакшыларыныкы" дешип байлар менен бийлер көтөрүлүп калышты. «Ат бир баскан жерин, миң басат» демекчи Бишкек бизге бир келээр деп жүргөм. Ошондогу эки үйүр жылкыңдан кутулайын, досум.

-Мен сага карыз берген эмесмин. Ал олжо болчу.

-Ал? Сен да, биз тарапка жөн келген жоксуң. Эр жигиттин башына эмнелер келбейт. Курулай жерден док тартсаң, же карыздар болсоң, менден алып, кутул. Ыраазычылыгыңды бер. Мен да санаа тартып, саргайып жүрө бербейин?

-Сен айткандын баары туура, досум. Док тартып, карыз болгонум да ырас. Алгач келгенимде бийдин баатыр деген сөзүнө алдандым. «Баатыр табат, батман жейт» демекчи, байгесин алып бийлер мактап, байлыктарын арттырышат экен. Баатыр бирөөлөрдүн мээнет менен багып, торолткон малын капылеттен жете барып жулуп сүрүп, ала качып, аркасынан жаны ачышкан куугун келсе, «тапканынан» ажырап калбастын аракетинде, алынын жетишинче чабышып, бетбактык кылганы баатырдыкпы? Анын уурулук, каракчылык экенин эми түшүндүм. Көрчү, көз көрүнө каракчылыктын кесепетинен эки азамат жарадар, бирөө өлүм таап турат. Мунун кимге пайдасы бар? Алдырып, ичи ачышкандын күнөөсү кайсы? Оозундагы ашын алдырып да, анысы аз келгенсип, келтек жеп, майып болуп, азапка башым алынды.

Анын баарын мен да түшүндүм. Аманатка кыянаттык кылбайын деп, суранып турам. Алып кет? Доодон кутул. Тазалан. Эгер албасаң, аманатка ыраазы эмес деп ойлойм. Чын дос болом десең, догу жок бололу?

-Аламын. Бирок, бир шарт менен.

-Айт. Шартыңдан тайбайм.

-Ушул күндөн баштап экөөбүз тең олжо деп, жортуулга барбайбыз. Мээнетибиз менен ак жашайлы. Олжону уурулук, каракчылык деп билели.

-Мейли. Дос катары сенин сөзүңдү жерге калтырбайын. Уурулук менен каракчылыктын кесепети урсун. Айды карап бата кылалы– дешип, эки дос алакандарын жайышып, беттерине тартышты.

Эки баатыр шериктерине туу калган бээден тандап сойдурушуп, арчалуу туюк жылгага жылкыны шыкашып, тунук булактын боюнда, «эр отун жагып» ээн-эркин жатышты. Көөдөндөгү муң, көөкүрөктөгү сырлар калган жок. Эрдиктери менен эки байды жыргаткан эргулдар тирүүлүктө-катташып, кабарлашкан дос бололу деп убадалашты.

Эрте менен чакан топ, жанаша жердеги дөңдү тандашып, жарчанын этегинен «жарма жай» даярдашып, өлгөн жигиттин сөөгүн жерге беришти. Ата-бабалардан калган салт боюнча анын арбагына арнап куран окушуп, бата кылышты.

Байырлаган жайга келишип, баягы чабыштан азап тарткан жигиттердин абалын билишти. Улам муздак суу менен жууп, союлган жылкынын ысуулай канынан сүйкөшкөндөнбү, шишиктер кайтып, көгөрүп-жанчылган эттери сүрүлө баштаптыр. Жан казандагы жылкынын шорпосунан ысуулай ичиришип, улам тердетишти. Баштарын көтөрүшүп, сүйлөөгө жарап калышты. Алардын бири Отунчу, экинчиси анын шериги эле.

Жаш жылкынын жалы менен жумшак картасын жешип, суусундукка муздак булактан ичкендер тез оңолушту. Анын үстүнө улуулардын айткандарын табирка кылып, кээлерин көрүп, аңдагандар ал экөөнү алмак-салмак жаңы териге орошуп, тез эле шишик, карарып-көгөргөн жерлерин кайтарышты. Дары чөптөрдү оттогон жылкынын эти аларды тез эле кубаттандырды. Тар жер, татаал кырдаалда табышып, билишкендер, бири-биринин сурамжылоосу аркылуу өз тагдырларын ортого салышып, таржымалдап беришти.

Өзүнө бир туугандай жардамдарын беришип, жөлөп-таяп, астейдил көңүл бөлгөндөрдөн Отунчу сырын жашырган жок. Кудайга шүгүр, ушулардын жардамы менен ал аман калып отурат. Кокустан, алар карабай кете беришкенде, ээн талаада ит-кушка жем болуп, же эсине келе албай жатып, таңдайы так ката суусап, чаңкоодон улам ого эле кыйналат беле. Алдын-кийин көрбөгөн, билбеген немелер, ысуулай шорпо ууртатып, майдалап, чүйгүндөп кесип эт жегизип, көз айрыбай карап турушат. Алардын адамгерчилигине, боорукердигине ал ичинен аябай эле ыраазы болуп жатты. Көрсө, адам алыскы жолдо, ээн жайда тааныш таап,

жолдош болсо бири-бирине эш болуп, жардамы тиет экен. Бардыгынын жаштары бирдей, тең курбулардай сезилди.

Үйлөнүп, үй-бүлө күтүшө элек экен. Бирок, аба-аксакалдардын наасатын угуп, эл арасындагы карманган каада-сый, урматты үйрөнүшкөнбү урматтап жакындай бири-бирин ызаттап, жакын боло беришти. Ошондон улам Отунчу жарыла сүйлөп, сырын жашырган жок.

***

Отунчу көптөн бери Төлөк байдын эшигинде жүрөт. Кайсыл ишке жумшабасын жооп кайтарбастан аткарат. Кара курсагын кампайтканга каниет. Үстүндө үйрүп салаар өз кийими жок. Байдын эски-ускусун, чоң-кичинесине карабай кийет. Керээлден-кечке эки үйдүн тиричилиги анын мойнунда. Таң азандан баштап, күл чыгарып, от жагып, отун алып, суу ташып дегеле жаны тынбайт. Түнү гана бир аз эс албаса, байдын таң азандан, кечки тиричилиги бүткөнгө чейинки түйшүгү анын мойнунда. Алдын байбиченин көөнүн тындырган соң, токолдун үйүнө келип, кызматын кылат. Качан гана отту өчүрүп, алар жаткандан кийин, байбиченин өргөсүнүн капшыты тушундагы, козу-улакка ылайыкталып курулган күпкөгө барып түнөйт.Кокустан эле суу алынып келинбей, отун түгөнүп калчу болсо, байбиченин каары, какшаган заар тили «өткүндөй» сабап кирет.

Төлөк бай төшөк жаңыртканына бир жылга жакындап барат. Бүгүн кеч кирип, эл тегиз үйлөрүнө кирген чакта, бай токолунун өргөсүнө келди. Эшик жабуу түшүрүлүп,ортодогу тулгага асылган казан бүлк-булк кайнайт. Отту тарта жаккан Отунчу очок боюнда. Байы кирип келээри менен жаш токолу төрдөгү төшөктү калыңдай салып, анын отурушун күтө, ылдый карап иймене туруп калды. Бай отуруп, кыңкаяр чакта, жумшак пар жастыктарды коштоп коюп, анын суусар тебетейин алып, керегe башына илди. Бай бутун жая суна, кош пар жастыкка чыканактай, токолуна каш какты эле, ал жүйүртө басып келип, байынын балтырларын лыпылдата укалап кирди. Жаш келинчегинин жумшак, назик колунун табы өттүбү, же ичине жылуу илеп кирдиби:

-Ии! Бери, тизеге жеткире-дегенче анын колунан кармалай.-Хи, хи! Жылга жакындап баратат, деги бир нерседен кабар барбы?

Жаш неме, наздана уялгансып жер карап, бетине түшкөн жоолугунун учу менен уурутун жаап, баш көтөрбөй ийменгендей болду. Анткенине бай ичи жылыдыбы:

-Он күнүмдүн сегизи сеники. Эки күнүн байбичеге бердим. Убада-убада!-деп, он беш-он алтыга чыга элек токолунун колун кыса-кыса крамалады.

-От ичкерткен болуп үй ээлеринин кыймылына көз кырын салган Отунчу бир жыл баштагы окуяны эстеди.

-Эй, байбиче!-деди Төлөк бай, өз үйүндө жай отурган чакта, күнөөкөр киши кебетеленип, жалооруй-Узун этек ургачынын алды-деп жүрөм. Мен, бир өзүм билип, айып иш кылып койдум. Көңүлүңө туура келээр бекен, же келбес бекен?

Далай кырды басып, далай капканды бузган кески күйөөсүнүн жылма үндөктөп, жөн жерден мактоого ала баштаганын туйган байбиче:

-Айып болбойт. Бай жасаган иш, баарына туура келет.

Ары какшыкпы, же ич күйдүүлүкпү, анысын билдирбестин таризинде өзүн колго алган байбиченин үнү титиреп, муундары бошогонсуду.

-Айтам да, байбичем ар дайым, ак көрпө жайыл. Тим эле көл. Ушунун кадыры деп жүрөм. Кыйналбасын деп, бир сиңди таптым-деп, байбиченин көңүлүн жайгарып, -Менен кетип калды, өзүңө ишенем да?

Чок басып алгандай, чочуган байбиченин денеси «дүр» эте, муундары бошой түшкөнү билингендей болду. Кайра сезимин акылы бийледиби, шаңк эте:

-Алтындай болгон башыңа алты катын аздык кылат, байым. Анын несин айтып тартынасың. Көсөө узун болсо, кол күйбөйт. Элгенчи элпек болсо, иш түтпөйт. Алып келе бер!?

Эл көзүнчө берген жообуна Төлөк катуу ыраазы болуп, сөздөн сөздү тандап жагалданды:

-Оо жараткан, бир өзүңө каниет! Ушундай акылман аял менен бир кылган тагдырыма ыраазымын! Тең арытып, тең карыта көр! Аялдан асыл чыкса, ушунча эле болоор. Ага азыр көзүм жетти. Ыраазымын өзүңө, жараткан! Катындын баары эле катын эмес, эптеп тизе жылытып, очогуна от жагып, түтүн булаткан «түйдөк баштар» толуп жатпайбы? Кудай камчымдан айткан экен. Ушунуңа бали, ушу күнгө шүгүр. Байбичемди ак жолборс атасам ылайык.

-Оо жараткан, катындын тагдырын не тайкы жараткан элең? «Алтын баштуу аялдан, бака баштуу эр артык кылып», ооздогу ырыскыны, «олжолууга» жулуп берип, эки мүчөл айланбай, жылуу койнуму муздатып, «Эр сөрөйлөрдүн» айтканы эле боло береби? Узартып уул, кызартып кыз тууйм дедим. Мында эмне арман. Хан ордонун каймагындай көрчү элем өзүмдү. Сан оймонун салмагымын деп билчү элем өзүмдү. Сака болбой сандан чыгып, саргарган санаа менен жашап каламбы, байкуш жаным. Эмнеден тайып, эмнеден жаздым? Катынынын үстүнө катын алууга макулдук берген, катынын мактаган дүнүйө! Каяша кылып,кайсыл эле катындардын ушагына, эркектердин эбиреген эрмегине айланбай калайын. Алба десем эле, албай калчу эркегим ушулбу? Эркек киндик эни гана болбосо, катындан кандай эле айырмалоочу эси бар эле? Көсөмсүнгөн эркек «катын алайын» деп көбөт тура?

Наалыган үнүн ичинде кайрып, чөккөн көңүлүн көргөндөргө алаксытып, ар буюмду бир кармап, акыл токтотуп, жоолугунун учу менен карегин кararткан жашын сүртүп, калп эле каткырып, кайра эшикке чыга, келгендерге «кенен оюн» билдирди.

-Ээ ботом, алам дегенин, «ак жоолуктун алды»-деп, айтаарга арзыйбы? Деги алганыңдан артыкпы? Пери болуп кетсе да, бала кезиңерден баш бириктирген байбичеңе тең келээр бекен? Кара малынды чачылтпай караан болуп, кара көзүн талдырып, күндө күткөн, ак никелүү айымың турса, бу не кылганың, аяш? Үйүрүмө бир байталды кошом деп, үй-бүлөң менен жоолашканың айып иш! Аял кишинин ичи кенен. Кара башыл адам баткан, калпыстыкты каратып туруп жайкаган, адамзатынын алпы-аял. Аярлап мамиле кылып, алда-мурун бул жоругуңду айтсаң болмок! Өзүңө өчөштүрүп, эл алдына элан кылып отурасың, -«Көптүн алдында, «жок» десем сыны бузулуп сынып калбасын»-деген аялыңдын акылмандыгы мына ушунда-деп бир чети курбусунун көңүлү, экинчиси эрдемсинген эркектин эпсиз кылыгына нааразычылыгын билдирген аяшы, тамаша чындап, каймана какшыктап, аялдардын атынан оюн билдирген болду.

-Ооба. Бир кезде биз даң, кулпурган көгүчкөн элек. Тууп-түшүп, турмуштан арып, кемпир болуп баратабыз. Кыз болгон кызылыбыз, кына сүрткөн жүзүбүз өзгөргөн чакта, өйдөсүнгөн эркектердин жүзү жок. Беттери түктүү. Көп эле ишене бербегиле деген аялдар, өздөрүнчө күңк-мыңк этише, Төлөктү, Төлөккө окшогон эркектерге нааразы болушкан.

Анын баарын көз алдынан өткөргөн Отунчу кызарган чоктон алыстап, түтөй баштаган күйүндүнү ичкерткен болуп, алдыртадан төрдөгү бай-токолго көз тигет.

Балакаттан ашып, эми гана эриндеринин үстүндөгү балапан түгү катый баштаган уланга жаш токолдун ар бир кыймылы, кылая тиктеген кылыктуу мүнөзү сүйкүм көрүнөт. Ал тургай ар бир буюмду кармаарда узун жеңинен жарк эте көрүнө калган ак билеги көзүнө чалдыга калганда, кандайдыр бир сезим денесин дүүлүктүрүп, этин ысыта, көкүрөк тушун «болк» эттире, серпип кетет.

-Жыттоочум менин-деп, маңдайынан жыттап, колун ылдыйлата сылагылап, -Тоту кушум дегенче-кабырга, көкүрөгүн кармалай баштаган күйөөсүнө, али абдан көнүгө элек токолу үркүнчөк тайдай жалт бере, боюн тарта жыйрылат.

-Хи-хи! Ушинтип көнүгүп, ушинтип жоошуй бересиң, үркүнчөгүм. Ушинткениң, ушундай жалт бергениң-делебемди козгоп, самаганымы күчөтүп жиберет. Өх, чарчадым. Орун ыраста. Эс алайын-дегенче Отунчуну көзгө илбей денесин кере чиренди.

-Күүгүм эми эле кирди го? Сүт бышсын? –дейт жаш токол балапан үнү менен жумшак жооп кайтарып.

-Күүгүм кирсе, ай жанымда. Айымды сагындым-дейт бай, буту-колун солбуй тайраңдап.

Отунчу байдын токолуна таң.

-Атасындай неменин балтырын укалабай эле койбойбу? Бай кармаласа колун силкип, чыга бербейби? Эмне эле айтканынын баарына каяша кылбай көнө берет?-деп ойлойт да, кайра-Байкуштун, эрки жок. Каяша кылаарга чамасы келбейт? Келсе да, калыңын төлөп, токол кылып алган соң, айтканын аткарбаска не чарасы бар-деп, өзүнүн суроосуна өзү жооп табат.

Кээде токолдун ыйлап, көзү шишигенин байкап да калат.

-Неге ыйлайт? Бай буга да кордук көрсөтүп, тилдеп, кол көтөрөбү? Буга кор болгуча, кайдадыр бир жакка качып кетпейби-деп, кайра -Качып кайда барат? Байдын колу бардык жакка жетет. Тааныш-тамырлары, сөзүн сүйлөгөндөр көп. Бул да мага окшогон шордуулардын бири окшойт. Антейин десе, токолдун кийими бүтүн. Баарысы белен. Отун жагып, күлүн чыгарып, мен жүрбөйүнбү?

Бир күнү, чак түштө Отунчу менен байдын токолу кийиз кесишип, шырдакка оюм салып жатышкан. Отунчу кийизди кармап берип, анын ченеп-өлчөгөн жерин, аярлап кесип берет. Беркил аны

эптештирип, жик-жигине туташтыра жөрмөгөнчө Отунчу колу бошой калып, жанындагы чүкөлөрдү калчап эрмектейт. Алчы конгон саканы алып, пөк-чик түшкөн чүкөлөрдү ата калат. Ага көз кырын салган байдын токолу, алаксый:

-Чүкөлөрүңдү мен да, калчап көрөйүнбү?

-Мейли, калча. Бирок, сенин колуңдагы сакалар алчы түшпөйт.

-Эмнеге?

-Сен ыгын билбейсиң.

-Келе мелдешебиз?

-Эмнеден?

-Ким калчаганда алчыны көп кондурса, ошончо чертмек алмай.

-Чыдамайбы?

-Чыдамай.

-Анда, сен калча!

-Жок, сен калча!

Экөө тең чүкөнү калчап бири-бирине өткөрүштү. Улам бири-биринен чертмек ала башташты.

-«Сеники көп, меники көп»-дешип, талаша башташканда байдын байбичеси үйдүн сыртына келе калып, бир топко тыңшап турду да, кымызга ныксырап уктап жаткан байынын жанына барып, колундагы буюмун түшүргөн болуп, -«Көтөк»! деп кыйкырды. Бай ойгонуп кетип, башын көтөрө, ооналактай туруп, желегин желбегей жамына, сыртка бет алды. Ал босогодон аттай береринде байбиче жумшак үн катты:

-Байым! Тиги, кул менен көрөр көзүң жакын көрүнөт. Ээн калышканда эле шаңкылдашып калышат. Мени күнүлөштүк кылды деп ойлобо. Аркы өргөгө кулак түрө өтчү.

Бай мүрүсүндөгү желегин делбек эттире тартып алып, жанаша тигилген өргөнүн жанына барып, аярлай калды. Чүкөнүн кызыгына баткан экөө, улам талаша:

-Эмки кезек меники?

-Чегиңе түшсө чекчей.

-Кана, мен да  сендей кылып, көрөйүнчү!-деди токолу.

-Мен эмне, сага окшоп, чыдабас белем. Каалаганыңдай кыл.

-Мына бул, делдейген кулагыңды бозорто чертейинби?

-Сенен кулак айлансы. Мага чыдасаң эле болду.

-Кутурган кулду карасаң! «Мага чыдасаң эле болду!». «Сенен кулак айлансын!»-деп. Кулактын эмне экенин, буларга бир көрсөтпөсөм элеби-дегенче, дагы тыңшап калды бай.

-Акырын, этим көгөрөт-деди токолу наздана.

-Көгөрбөй турган жериңи көрсөтчү? Акымы алайын.

Бай ал сөздү угуп, чыдабай кетти. Боз үйдүн эшигин шап көтөрө, кирип келди. Байдын токолу менен Отунчу чочуп кетишип, тура калышты.

-Ии, чертмек ойноп, чер жазып, чечилише бой жазып, отурасыңарбы? Кана, киминер уттуңар? Көгөрбөй турган жериңер каер? Эй, кутурган кул, сенин ордуң каерде? Билесиңби?

-Билем, бай аке-деди Отунчу оозу бош.

-Билсең, бул үйгө эмнеге эле аралашып жүрөсүң?

-Байбиче энем, «Кол кабыш кылып, кийизди кесишип кой!» дегенинен эле...

Бай анын сөзүн угуп, бир аз тартыла калды. «Байбиче энем кол кабыш кылып, кийизди кесишип кой» деген сөздөр ага таасир бердиби,

-Күндөштүк кылып жүрбөсүн? Өзү чыкырып, анан мени ойготуп, амалдандыбы?-деп ойлоно кетти.

Бай башы менен бир жаман кулдан кызганабы? Ушул кууртаган кулдан токолун кантип кызганат? Экөөнүн арам иши болсо, тирүү койбойт. Уккан элге да уят. «Бай токолун кызганыптыр»-деп. Андай болбой калсын. Бул байбиченин эле күндөштүгү. Бай өзүн-өзү сооротту, да үй ичин кыдырата караган болуп:

-Жөн жай кире калдым эле. Ишиңерди уланта бергиле-деп кийиздин кесиндисине көз жүгүртө бурула кайтты.

Кечинде токолу улуу катындын амалы экенин түшүндүрдү. Аныкы да ырастай сезилди. Чакалай чак түштө, байбиче чочуган болуп ойготуп, билмексенге салып, алдыртадан-бир чети сынап, бир чети атайылап күшкүштөгөнү. Бирок, токолду ток этээр сөз менен зекиди:

-Эгерде бир аз эле шыбышты билсем, тирүүлөй жерге көмдүрөм!

-Ата-энемин жүзүн көрбөй калайын-деп, кыңыр иш кыялына келбеген жаш токол көзүнөн жашын куюлтуп карганды.

Эртеси Отунчуну чыкыртып алып, жалгыз сүйлөштү. Кабагы түшүп, жүзү сурданган бай, ачуусун араң токтотуп:

-Жөн жүр! Өлсөң кунга, сатсаң пулга арзыбайсың. Жугундуга кутуруп жүрөсүңбү. Чакалайдын чак түшүндө бычтырып салам.

-Айланайын, бай аке! Арам оюм болсо нан урсун.

-Ме, ак болсоң ушул нанды жеп көрчү?!

Байы сунган жарты нанды Отунчу курсагынын ачтыгынан чайнабай туруп, бир-эки бурдап, сугунуп койду.

-Ак экенсиң. Какабадың. Тузума кара санабай, жөн жүр! Ниетиң бузулса тузум урат. Эч нерсе көрбөй, жайрап каласың!

Байдын баарынан корккону «Байдын токолу кулу менен ынак экен. Ошол үчүн өлтүрүптүр»-деген айыпка каламбы-деп ойлоду. Байбиченин алдында да уят. Бедели кетет.

-Мени тебелеп, тандаганың ушулбу? Ана, көрөр көзүңдүн койнунда, кулуң кутуруп жүрөт-десе, жети өмүрү жерге кирет. Андыктан, этият болуш керек! Эң негизгиси байбиченин көңүлүн жай кылып, өчөштүрбөө зарыл. Анын баарын ойлогон кексе бай байбиченин үйүнө түнөөчү болду. Ойлогон ою орундалганына кымыңдаган кемпир көңүлү ачылып, күндө боюн түзөп, таранып, эшик-эликке чыкканда обон созо, ырдамыш боло, үн чыгарып калат.

Күн өтө берди. Бай конуш которуп, малдын жайытына карай журт жаңыртты. Отунчунун баягы эле көргөн күнү. Өзгөрүү жок. Отун алып келмей, суу ташымай, малды кароого саксактап эртели-кеч, түгөлдөмөй. Кыштын камы казан-казан сүзмө кайнатып, курут кургатмай.  Каймак эритип, май сызгырмай. Койлорду кыркып, кунан-тайлардын жал-куйруктарынан чылбыр, аркан, көтөрмө, нокто, чыкта, көгөн, жел боо эшмей. Жада калса, жүн тытып, кийиз басуу да анын мойнунда. Тиричиликтин бардыгын байдын токолу экөө бүткөрөт. Баягыдан кийин экөө тең астейдил болуп калышкан. Анда-санда гана иштин зарылдыгын сүйлөшүшпөсө, ашыкча сөз айтып, өткөн-кеткенди суроодон айбыгышат. Бай-байбиче көрүп-угуп калышабы дешип, тымпыйышат. Канткен менен сырдын баары көздө тура. Бир тиктешүү менен бири-биринен ички сырларын туюна калышат. Чаалыгып чарчашканын, кубанып кайгырышканын көздөрүнөн билип алышат. Жылуу көз караш, уламдан-улам таптуу боло баштады. Караандарына канааттанышып, бири эле көрүнбөй калса, ар тарапты элеңдей карашат. Улам жагымдуу сезимдер жарала берди.

Бай канчалык байбичени көңүлүн алуу аракетинде болсо да, ою жаш токолунда. Байбиченин өргөсүнө кирерде, бир күч этегинен тарткандай, жаш токолунун үйү тарапты улам-улам кылчактай берет. Сыртка чыгарда да, алгач жаш токолунун өргөсү тарапка көз тигип, ичин ит тытмалап, байбиченин жанында, мойнунан байлаган иттей болуп, араң эле күн өткөрөт. Кызганганыбы, же сагынганыбы ар дайым түнү ойгонуп, сыртка чыкканда, алыс тарапка даарат ушатканы барып,  түнкү короого үн сала какырынып-түкүрүнүп, эрке токолдун өргөсүн бир айланып

өтөт. Кирип баратып да, козу-улактын күпкөсүн эңкейе карап, Отунчу жатканын текшере кетет.

Кечке жаны тынбай чарчаган Отунчу байынын кирген-чыкканын этибарга албай, алп уйкунун кучагында, көөшүп жата берет. Уйку менен гана алек болуп, эч нерсе менен иши жок кулдан көңүлү тынган бай жылаңач денесинен шыпырылган желегин оңдомуш боло, токолу жаткан өргө тарапты кылчак-кылчак карап, боз үйдүн эшигине такалып барып, булкуй серпе, эңкейип кирип кетет.

Жайлоонун керемети башка го чиркин! Тоолордун бетин каптаган түрлүү-түмөн тулаң-чөп, түркүн-түстүү гүл ачып, сыдырым соккон желге көл толкуну сымал ыргалып, көргөн адамдын көңүлүн эргитет. Коон тилигиндей болгон кыр-жондордун, кокту-колоттору арча-кайың, карагайга толуп, араларына шилби, долоно, табылгы, четин шыкалып, аска-зоолордун жакасындай сеңселе, көркү ашып-ташып, жашыл ыраңдын ажары ачылып сулуулугу кумар арттырат. Маал-маалы менен кайталана соккон жел менен кошо аңкыган жыт ааламды каптап, тоо чымчыктарынын түрлөнө сайраган үндөрү, аска жаңырта шар аккан булактардын абазына айкашып, жашыл аймак бейиштин төрүндөй түрлөнөт. Куштардын мукамдуу добуштарына, жаратылыштын жагымдуу көркүнө көксөсү канып, көңүлү тойсун, жайлоонун жагымдуу жытынан кенен дем алып, кумары кансын, көөнү көкөлөп көзү менен көргөн ажайып кооздукту бүтүндөй тулкусуна сиңирип, жан жыргаткан рахат алсын. Ушул керемет, ушул сулуулук, ушул байлыктын баары тоолук үчүн жаратылган дегенсип, ар тарабына кучагын кенен жайган жаратылыш ченемсиз чалкып, мээримин чачып мемирейт.

Аңгыча болбой, аалам бетине көңтөрүлгөн көкмөк асманды заматта эле каптай калган ала булут, «эзели кары кетпеген ак калпактуу чокуларга атайлап, алыстан келип коногу болоюн?» дегенсип,уютулган айрандай боло бириге баштайт. Анда-санда көрүнгөн ала булут улам коюуланып, түнөргөн сайын анын жан-жака бели жайыла, жайыттагы койлордой эңкүүлөп келе берет. Заматта эле көчкөн булуттар туманга айланып, азыр эле ажайып көрүнүп турган аска-зоолорду каптап, тоо беттериндеги кокту-колотторду чүмкөп, түнөрө калат. Анан эле «калдыр-шалдыр» доoштор оң-солго уланып, асман менен жер бетин чумкөп алган туманга ачуулангандай, «дүр-р» эте доош чыгара, баш-аягына чен жетпеген чагылгандын учкундары туташып, «чарт-чарт» эте оттук чагып, өз өкүмүн жүргүзүгө камдана баштайт.

Асман бетин чүмкөгөн кара булуттардын этеги айрылып, андан атырыла чыккан ташкын көктөн төмөн куюлуп, жамгырга айланып, жер бетин сабап кирет. Тоо, талаа, ой-кырлар жамгырга киринип, улам тазаланып жаткандай туюлат. Жамгыр күндөн-түнгө, түндөн-күнгө уланып, тим эле асмандын түбү түшүп калгандай. Кечээки эле жаратылыштын жан эргиткен көркү тумандан улам, туюкка тумчуккандай сезилет. Көптөн бери токтобой тынымсыз жааган жаан жердин бетин жибитип, биротоло денесине өтө түшкөнсүйт.

Жамгырдан улам, жан-жаныбар, кайберен-куштар далдоого качып, аска-зоолордун беттериндеги үңкүрлөргө, дүпүйө калыңдаган бадалдуу чарлардын коңулуна бой жашырыша, табигаттын өктөмдүгүнө айласыз моюн сунушкандай. Эчен күндөн бери жааган жамгырдын этеги карга айланып, алакандай болгон кар бүртүктөрү, уюлгуй келип, бири-бирине бой кошуша бүтүндөй жер бетин каптап, ааламды ала-чокул кылбай теп-тегиз аппак түскө чүмкөйт. Кар менен кошо денени чыйрыктырган ызгаар жүрүп, сан жетпеген өсүмдүктөрдүн жалбырактары тоңгон муздан сөйкө тагына калат. Дал ошол чакта булут суюлуп, күндүн мурду жылт эте көрүнө калып, кайра булут койнуна жашына, жаратылыш менен жаш баладай бекинчек ойноп жаткансыйт. Кокту-колоттордогу уюган кара тумандар этегин түрө, учууга камдангандай эгизди көздөй жыла баштаган сайын, этек тараптагы ак шейшеп жамынган аймак айкын көрүнө баштады.

Түнөргөн булуттарды нурларына эрите шыкаалаган күн ак булуттар арасынан жер бетин сагынгандай күлмүңдөп чыга келди. Анын табына бой сергиткен тоолордун сулуулугу ажарданып, андан бетер ак жамынган аалам ташып чыгат. Жан-жаныбар, канаттуу-куш, кайберендер көптөн берки бүркөлгөн күндүн табын сагынышкандай бекинген жайларынан жабыла чыгышып, анын жан жыргаткан нурларынан денелерине тап алгандай мемирешет. Мындай абал күн сайын кайталанбаса да, тоо шартында күн алыс, маал-маалы менен боло жүргөн көрүнүш эле.

Кече түштөн кийин бүркөлгөн күн түнү менен жамгырга айланып, таң атканча тынган жок. Эртеден баштап, өөн тараптан туман жыла келип, кокту-колотторду чүмкөп алды. Короодогу малды сак-сактап, бай-байбиче көп жандыктардын артында. Түнү-бою тынбаган жамгырдан улам, кулун-тайлар энелери менен кошо агытылып, үйүрдөгү жылкылар жайытка айдалды. Тоо ичин туман каптаган чакта ит-куштун күнү тууйт. Ар колоттон туманга далдоолонуп, караган-черди аралай келген жырткычтар

аңдоостон кол салса, алардын бири эле короодогу жандыктардын жарымы-нан көбүнүн кыйсыпырын чыгарат. «Алганына эмес, чалганына» кубанган жырткычтардын капылеттен келээрин билген малсактар күн тынымын, түн уйкусун кечип, «азыр боло», сак-сактап, кайтарып турушат.

«Мал тоолуктун боор эти менен барабар» демекчи, бар тиричилигин мал менен өткөргөн чарбадар, жайы-кышы малы менен мал боло, түйшүгүн тартат. Бай менен байбиче да малчыларына ишенбей, алардын калтырап-титиреп үшүгөндөрүнө карабай, улам козгоп, үй жанына келтиришпеди. Отунчу менен эрке токолду да үйгө отургузбай жаш төлдөгөн кой-эчкилердин аркасынан жөнөтүшкөн. Тынымы жок токтобой, өпкөдөн өтө жааган жамгырдан улам, малма-малма суу болгон козу-улактар, төрт аяктарын бүрүштүрө, ээрчиген энелерине жете алышпай, артта калышат. Сууктан улам, жаш козу-улактардын жаактары карышып, энелеринин желинин ирмешке алдары келбей, бөлүнө ар жерде титирешет. Улам бир-бирден кармап, көтөрүп келип, энелерин шыйрактай жерге жыгып, ач калган козу-улактарга желиндеги ысык сүтүн саап, ооздоруна тосушат. Эмгени ээмп, эме албагандары ачкалыктан титиреп, мойну-баштары шылкылдайт. Алсыздарын коюндарына катышып, эптеп суу болгон денелерин кургата, карындарын тойгозууга аракеттенген байдын токолу менен Отунчу суй жыгылышты. Үстүлөрүндөгү жамынчуулары да, малма-малма суу болуп, алакандай кургак жерлери калбады. Жаш немелер аны да этибар албай, бири-бирин карап коюшуп, козу-улактарды аяшкандай эптеп эле аларды аман алып калуу менен алек.

Отунчу ачка, өзөгү карарып, анда-санда окшуй оозунан кара суу келе калат. Суруга түшкөн чычкандай боло, шөмтүрөгөн дене жабары кымтыланууга эп келбегендиктен, анысын да тек койгон. Көптөн бери кийип жүргөн, ичиндеги түгү эчак түлөп түшүп, чылгый териси гана калган тону, жамгырдан улам кам кайышка айланып, жонуна жабышып эт менен эт болуп калган. Көөдөнү кашатына чейин ачылып, бел кырчоодон төмөн киндиги кошо көрүнүп жүрөт. Төбөсүндөгү малакайы суу болуп, бети-башына сарыга бергендиктен, анысын да, түш келген жерге ыргытып жиберген. Жылаңач денеси үшүгөндөн улам алгач кызарып, анан барып көгөрө баштады. Эртеден баштап эти ысып, башы салмактана, ооруп жүрдү эле, эми тиши тишине тийбей шакылдап, көгөргөн денеси титирей баштады. Кашатынан ылдыйкы, эптеп абийир жабаар тери шымы, ар жеринен сөгүлө-жыртылып, кызаңдаган

саны, алжайган аласы көрүнө калат. Анысы да тизеге жетпей, кетмендей болгон буту чалчыкка батып, кой-эчки тебелеген манжалары, жарылган согончогу кызарып, шүшүңдөп каны чыгат. Буттарынын тоңгонуна карабай, какшаган манжаларын кой-эчкилердин ысык сийдигине тосо коет. Эртеден бери Отунчунун абалын көрүп-билген токолдун боору ачып, жүрөгү эзилди. Эптеп жардам бергиси келгени менен өзүнүн үстүндөгү кийимдеринен да алакандай кургак жери калган эмес. Болгону чоң ала каптын бир бурчун бир бурчуна кийиштире жамынып алган болчу.

Жаңы тууган кой-эчкилерди миң алекетке түшө маңдайдагы үңкүргө, корумданган таштарга жеткирип, аз да болсо нөшөрлөгөн жамгырдан пааналап, жаңы туулган козу-улактарды аман алып калуу аракети менен сүрүп-айдап барышты. Жаңыдан жүндөрү кыркылган жандыктар да титиреп-калчылдаша, араң басышат. Улам жакындаган сайын коргоноорго коңул-таштарды көргөн карт кой-эчки, козу-улактарын эстеринен чыгарыша ылдамдап жөнөштү. Жамгыр тийбеген, далдоо үңкүр байдын журтунан бир белес аркы тараптагы, кең жайыттын күңгөй бетинде эле. Ага Отунчу эчен жолу түнөп, кыныгын алган болчу. Жай издешип, таш алдындагы үнкүр-кабактарга пааналоону бай менен байбиче да самашкан эле. Бирок, илгертпей келип, кол салган ит-куштан чочушуп, ага жете алышпады. Үшүп жаны кыйналган Отунчу коргологон койлордун арасына барып, алардын денелеринин табына эптеп жылынгысы келдиби, көп жандыкка тыгылыша, аралай барып, ташка отурду. Далдоо үңкүр, сыртка караганда бир топ жылуу, кургак да эле. Биринен бирине табы өткөн койлор, үйрөнчүк ээсинен үркүшкөн жок.

Баятан бери, жандыктардын аркасынан жете келип коңулду пааналаган эрке токол, Отунчудан көзүн албай улам акмалайт. Үңкүйө ташка отурган Отунчунун денесинин титирегени күчөп, тиштери шакылдай баштаганда, ал жаагын эки алаканы менен баса бүрүшүп, эптеп жылуунунун аракетинде, тизесине ээгин жөлөдү. Боору ооруган токол ордунан туруп келип, үстүндөгү жамынган капты Отунчунун далысына жаап, жанаша отурду. Ал аны туйдубу, туйбадыбы, үңкүйүп, башын көтөрүүгө дарманы келбей ордунан кыймылдабады. Ага жанаша отурган токолдун кийиминен өткөн суу, кайра үшүтүп, денесин титирете баштады. Жамгырга чыланган кийими денесин жылытпасын билген келин үстүндөгүлөрдү сыйрый чечип, кой-козунун чубашы жуккан колдору менен бурай сыкканда, кадимки сууга салгандай, жамгырдын суусу

шыркырады. Бырышкан кийимдерин силке, үңкүр ичиндеги бир четке жая баштады. Бурула бергенде, эсине бир ой «кылт» дей түштүбү, жылаңач денесин жашыра, Отунчу жакты карады. Ал башын тизесине ката, таштай катып кыймылдабады. Жылаңач денесин катаарга эч нерсе таппаган келин эки колун куушура мүрүсүнөн ылдый, чыканагына чейин сылай келип, өзүнүн билектерине уруна калган бөрсөйгөн көкүрөгүн алаканы менен жышылады да, Отунчу тарапты караганын өзү да сезбей калды. Үшүгөнүнө карабай, эки бети от боло алоолоп, ысып чыкты. Улам-улам Отунчу жакты караган сайын суу болгон денеси калчылдап, чыйрыктыра баштады. Эми эле силкип, кургатууга жайган көйнөгүн кармалап көрсө, малма-малма болуп суу сарыгып, ого эле муздак. Сырттагы тумандын калыңдыгынан улам үңкүр ичи караңгылап, койлордун деминен жана денелеринен буу көтөрүлөт.

Чыйрыккан денесин жылытууну ойлоп, тизесин кучактап отурду. Бир кезде, тар үнкүрдүн ичи бууланып, күңгүрт тарта баштадыбы, коюуланган караңгылыктан эч нерсе көрүнбөдү. Баш көтөрбөй отурган Отунчунун буттары талыдыбы, же уйкусурадыбы, денеси келин жакка ооду. Келин селт эте чоочуп, ордунан турмак болуп баратып, жанындагы шериги эч нерсени этибар албай, бир калыпта, оор дем алып жатканын сезди. Бирок, анын денеси табы көтөрүлө, от менен жалын боло, үшүгөндөн калтырап-титирген жанындагыны өзүнө тартып баратты.Таптуу денеге сүйөнгөн келин үшүгөн денесин, андан тартып ала-албады. Кандайдыр бир күч экөөнү бириктиргенсип, келиндин жүрөгү катуулай согуп, андан ажырап, бөлүнүп кетүү кыйындай туюлду. Улам жылуулук биринен бирине өткөн сайын денелер кыналыша, бүктөлгөн буту-колдор жазылып, ары жагымдуу, ары ысык тап бириктирип баратты.

Отунчунун суuктан улам карышкан денеси жылый, жанындагы чоктун табындай болгон жылуулукка улам улам жабыша, каржайган муундары жибишип, анын алоо табы денесине өтүп, өзүнө имере, мемиретип бараткандай. Кыңкайган денеси, таптуу тарапка оогон сайын желкесине жабылган ала кап да сыйрылып жерге жайыла берди. Көкүрөгү чектен чыга дүкүлдөп, кандайдыр бир жылуулук өзүнө имерип бараткандай, жумулган көздөрүн ачса эле, дал ошол жан жибиткен жагымдуу сезимден кур калчуудай. Таноосуна келген жыт баятан берки мемиреткен сезиминен да тереңдей, дене-боюн улам өзүнө тартып имергендей. Улам-улам искегиси, ал тургай жагымдуу жыттын кайдан да пайда боло калганын аңдабаган туюмдан улам, ага аң-таң боло, ал жыттын

рахатына кумарлана, ал тарапка тулкусу менен оодарылып баратканын туйбады.

Өзүнүн ысып күйгөн денесинен да ашык, ары жумшак, ары сүйкүмдүү денеден чыккан тап жайкы күндүн аптабындай алоолоп, бүтүндөй тулкусу жибишип миңдеген тамырларынан соккон кан төбөсүнөн аягына, аягынан төбөсүнө кайра-кайра жүгүрүп, булчуңдары чыңала, азыр эле үшүгөндөн, көгөргөн денесинде жаңы кан пайда болгондой жалындап жаткандай сезди. Ага кошул-ташыл боло жанындагы денеден чыккан жагымдуу жыт өзүнө тартып, башын кеңгиретип, акыл-эсин бүтүндөй өзүнө имерип алгансыды. Баятан бери жансыздай болгон денеси эми гана ойгонгондой, тамырларында жүгүргөн ысык кан боюн чыңалта жибитип, бой жеткен курактын эңсөөсү ашып-ташып, кандайдыр бир күч денесин дүүлүктүрүп, эркектик сезими көл бетиндеги толкундай көбүрүп, албуут көбүгүн серпип, тулкусуна батпай, ташып баратты.

Кандайдыр бир кереметтүү сезим, аңкыган жыпар жытка чөмүлтүп, рахатка батыра жанындагы жагымдуу дене менен жуурулуша, биригүүнү саматып, делебесин козгоп, ошол сезим өрөпкүтө тынчын алды. Кан тепкен күч белине уюп, эркектик эни таштай чыңалып турду. Башы кеңгиреп, өзүнө баш ийбеген, башынан өткөрбөгөн сезимдин кучагындагы эркектик самоо чектен чыга албуутганды. Таңдайын так катыра дегдеткен эңсөө, күчөтүп жатты. Бирок, бирин-экин андай иштен көрүп-билбеген дегдөө, жалтаңдатты. Ары жумшак, өтө эле жагымдуу, назик жан кумарын дегдеткен жыттан кайра-кайра искеп, алоо таптуу денени колу менен кармап, сылагысы келди. Сыламак тургай жагымду жыпар жытка, назик денеге бой таштап, ошону менен бирге көлкүп, эрип кетүүнү тобокелдикке салып, чыдабай баратты. Баятан бери сүзүлгөн көздөрү «пар» ачыла, дүпүлдөп соккон жүрөгү, көкүрөгүнө батпай чабалактады. Кандайдыр бир немени самоосу артып, ага жетүүгө даабай, көкүрөгүн тепкен дүкүлдөк кулагына кадимкидей угулуп, «бол-бол», «козгол» дегенсип, жанын жай алдырбады.

Жанында жаткан жаш келин бая эле боз уландын денеси денесине тийгенде эле, көптөн бери эркек менен жатпай, мурда болуп жүргөн кошулууну эңсегени эсине келе калганынанбы, же жаштыктын жалындуу табы жанын жай алдырбай козгодубу, улам анын чогу жанган таптуу денесине тартылып, үшүгөнү эстен чыга эркектин карылуу колдору мыжыга кармап өзүнө тартуусун самады. Жанындагынын тулкусу өзү тарапка оогонунан улам, ал

жамынган ала кап жерге төшөлгөндөн тарта, күчү ташыган эркектин кучагын чыңалган денесиндеги кубаттын, өзүнүн денесине биригишин күсөгөнү күчөдү. Өзүнө эркектана болсо да, мезгили келип бой жетип, мүчөлөрү өскөн сайын төшү ката, «бойдок жыты» пайда боло баштаган уландын тулкусу өзүнүн жумшак денесине жуурулуша калышын күтүп жыйрылган денеси жазылып баратты. Бирок, аял затындагы тубаса тартынчактыктан жанындагы «эркек танага» кол артуудан айбыга, анын аракетин чыдамсыздык менен күтө, аз убакытка болсо да билмексенге салып, кыймылдабады.

Жаш уландын жүрөгүнүн «дүк-дүк» эте, ченден аша дүкүлдөп согушу кулагына даана угулган сайын өзүнүн да көкүрөгүн жара тепчүүдөй болуп опколжуй булкунган сезими кыялына дал келип, эркек тананын чечкиндүү аракетин алдыртадан самады. Уйгу-туйгу серпиле, кумар арткан сезимдер бийлеп, экөөнүн дегдөөсү, ээ-жаа бербеген селдей ташып, ортодогу аска болгон тартынчактыкты багынтып баратты. Самап, күсөгөн ойго бириге албай күкүк-сайнактай үн алышкан жүрөктөрдүн кагышы бир болду. Бирин-бири эңсеген сезимдер көкүрөктөрүнө батпай, кан тепкен тамырлар солкулдап, денелерин кызыткан тап бийледи. Эмне болсо да эркек тана кумарлантып, дегдеткен лазатка моюн сунуп, алгач колун артышы, аскадай тоскоол болгон күчтү ары түртүп, ташыган эки дайранын кошулушуна себеп болду. Кучакташкан эки дене айкашып, бир денедей жуурулуша, көңүл кушун дегдеткен, көксөгөн жытты искешкен сезимдери менен куу турмуштун куураткан көйгөйүн унутуша, бир дүйнөнүн кучагына бата, биригип кетишти.

Ушунда да аялзатынын баамчылдыгы, ар ишке аяр мамилеси ашык атты. Эч нерсени көрө элек, андай сезимге бата элек «эркек тананын» эмне жасарды билбей, башы кеңгиреп, алапайын таппай алдастаган сезимин ийге салып «көзүн ачты». Үңкүрдүн караңгылыгы, алдыдагы таштын сыздыгы, эчен мал корголоп түнөгөн. Тебеленген кыктын жыты, кар аралаш жааган жамгырдын ызгаар суугу эстеринен чыгып, сыйкырдуу дүйнөнүн кучагында айкалыша алпурушуп, бул жашоо, күнү-бою көргөн түйшүк эстерине келген жок. Караңгы түндө жуурулушкан денелер бирде ак булуттарды аралай чаап, канат керген куш болушса, бирде мөлтүрөгөн туптунук көл ичиндеги атырыла сүзүп, ак толкундарды минип, абага серпиле секирип ойногон ак чабак болушту. Бирде айдыңдуу кең талаада кулачын кенен таштап куушуп ойногон

кунан-тайдай, бирде гүлдөн гүлдү тандап, көөнүнчө куушуп ойногон көпөлөк болуп, бирде ээрчише чыккан эгиз нурдай тамылжып, көктөгү жылдыздардай жымындашып, ак карлуу тоонун этегиндеги булактардай шыңкылдашып, таңды атырышты.

Ушунда гана жаш келин «тең-теңи менен» деген сөздүн кадыры кайда экенин билди.  Көрсө, көксөгөнү көөнгө төп, эңсегени энине чак, кымырынып кысылбай, жулмалашып жулкунбай, шире болуп шилекей алышып, бир денедей жабышкан жаштыктын кереметин эркек менен аял самап, күсөгөн рахаттуу дүйнө кайда экенин түшүндү. Байы менен өткөргөн күндөрдүн суздугун, байдын малына кызыккан ата-энесин ойлоп, оор үшкүрдү.

-Бай баары бир соо койбойт. Кайда жүрдүң, ким менен жүрдүң, дейт. Мейли, өлтүрсө өлтүрсүн. Сасыган чалдын койнунда, куурап жүргөнчө, өлгөнүм артык-деп ойлогон келин бир тыянакка келип, өлүмдөн жазганган жок.Бала болуп, башына жүн чыккандан бери мындай иштин болоорун, ар кимдин айтканынан угуп, ага ишенип ишенбей жүргөн жетим, өз башынан бүгүнкү окуядан өткөргөн соң, өзүн чыныгы «эркек» сезди. Бир ишенип, бир ишенбей, түшүмбү деп да ойлоду. Бирок үңкүр, кой-эчки, козу-улактар, жанындагы жаш келин менен айкаша жуурулушканы түк-түш эместигин аныктап турду. Өзүн биринчи жолу бактылуу сезди. Ушул бактымдан ажырабасам деген ою убактылуу, эки кадам эшикке чыккандан кийин баардыгы башкача болоорун, баары бир байдын каарында калаарын эсинен чыгарбады. Көрсө учурдагы бир көргөн, өмүрдө биринчи жолу, жолуккан рахаты бир  гана түндүк гана экенин мойнуна алды.

-Мейли, өлтүрсө, өлтүрөр! Кайда качып кутулмак элем? Кой-козулары аман. Токолунан кызганаары анык. Мени өлтүрсө да, аны соо койсо экен деген эки эрксиздин ойлору бирдей эле.

Таңдын атканын жандыктар туйду. Мекирине бышкырышып, орундарынан козголгондо, ойгонгон козу-улактар энелеринин желиндерин түрткүлөй башташты. Үңкүрдүн ичи үрүл-бүрүл көрүнүп, жер жарыды. Сырттан келген ызгаардан улам, күн карлап ачылганы билинди. Түнү менен үңкүрдө корголоогон жандыктардын денелери кургак бири-биринен жол талаша сыртка сүрүлүштү. Жердин бети, тоо-талаалар аппак! Чыгыш тарап агарып, заматта эле күндүн нурлары аппак болгон тоолордун чокуларына шооласын чачып, жер бетиндеги караңгылыкты кайдадыр бир тарапка сүрүп таштады. Эчак эле ойгонгон тоо канаттуулары үн алыша сайрап жатты. Жер бетин жапкан ак кардан улам, аркы

беттеги шаркырап аккан булактардын үндөрү айкын угулат. Эрте менен желеге кайрылган үйүрдөгү жылкылардын бирин-бири издеген үндөрү кокту-колотторду жаңыртат. Кечеги будуңда адашып, чачылып кеткен койлор козуларын издеп, ызы-чуу.

Адатынча үңкүрдөн чыгаары менен маңдайдагы тоолордун беттерине саресеп салган Отунчу, тээ этек тарапта топтошкон койлордун караанын көрүп, кызыл ашыгынан келген карды чаңыта малтап, шашыла жөнөдү. Эчен сууктарда кар малтап, ылай-чалчыктарды кечип көнгөн чарбадар, төмөн карай тайгаланып, жыгылганына, буттарынын үшүп, кызара канаганына карабай, топ койго заматта жетти. Короодогу койлордун бөлүнгөн бир тобу экен. Аларды имерип айдаганча, айланага көз салды. Маңдайдагы коктуда өлүмтүк барбы, таскара менен таз-жорулардын тегерене учуп-конгон караандары көрүндү. Кийинки коктуда да шакылыктаган сагызгандар учуп-конушуп, жандары тынбайт. Кечээки будуңдан улам, жамгырдуу түндө короого, же буюгуп сүрүлө чачылган койлорго карышкыр тийгенин билди. Эки-үч карышкыр топ койлорду  бөлө айдап барып, жеткенин бурдап ыргытып, кээлерин алкымдан алып, төшүн жара тилип, жылуу канга тумшугун матырып, майлуу ичегилеринен, боор-бөйрөктөрүн кошо сугунуп, карындарын кампайткан окшойт. Бирин-сериндеп, ар ар жерде кар үстүндө кызыл-ала кандары, томпойгон караандары көрүнөт. Эми анык жемеге калаарын билген Отунчу алдындагы койлорду шашыла короо жакка айдаганча, чар тарапка көңүл кое, көз салды. Аркы тараптан абышка-кемпирдин караандары айкын көрүнүп, алдында айдап келе жаткан койлордун өңү-түстөрүнөн бери  байкалды.

Жайкы күндүн аптаптуу табынан улам, кар турган жерлеринде заматта эрип, жер бетинен буу көтөрүлө баштады. Кой айдаган Отунчуга удаалаш кемпир-чал да жете келишти. Чогултулган койлор короодогу жандыктардын жарымына да жетпейт. «Калганы бүтүндөй карышкырга жем болуп, кырылды»-деп ойлогон бай тиштенип, ачууга буулуга жер сабап, зиркилдеп жатты.

-Ушунча малды кырдырып, эмне кылып жүрөсүңөр? Атаңын оозун урайын ашкебилер! Мал кырылгыча силер кырылып калсаңар болбойт беле. Ушунчаңар туруп, айгайлап, пеш көрсөтүп бир карышкырга алыңар жетпейби.

-Бай аке, бир карышкыр тийбей эле, үйүрү менен келген көрүнөт.

-Дарт! Атаңын гана оозун урайын, арам кулдар! Ай-гай!-деп, үн чыгарып, таш бараңга ала тап берип, союл көтөрө, пеш кылсаңар болбойт беле?! Каадалы адам баштанып, боз үйдү пааналайсыңар! Бир түнгө уктабай койсоңор, өлбөйт элеңер, арам тамак акмактар! Деги эле жаныңар ширин! Өлсө байдын малы өлө берсин, биздин эмнебиз кетти дейсиңер да. Мына, табаңар канып, муратыңарга жеттиңер! Муну мен, мындай калтырбайм. Карышкыр айдап кеткенин, карга-кузгун талап кеткенин төлөп, изин толтурасыңар! Арам гана кулдар! Ар бириңерге салык салып, бирин калтырбай өндүрүп алам! Ошондо гана малдын нарк-баасын билесиңер!

Отунчунун топ койду айдап келгени абийир болду. Кечээ күнкү будуңда жайылып жүргөн койлор үркүп, туш-тарапка чачылганын билип бай «аман калбайт» деп ойлогон. Туман баскан будунда, капылеттен тийген карышкырдан үрккөн койлор, туш келди качып, тыркырап кеткен болчу. Алардын аркасынан малчылар чуркап, аларга ишенбеген бай менен байбичеси да таяктарын ала, чар тарапка издөө салышып, эч бирине тыным беришпеди. Малайлардын бирин да, үйлөрүнө жаткырган жок. «Таап келесиңер!»-деп талаага кубалады. Тынбай жааган жамгырдан улам шөмтүрөшүп, малма-малма суу болгон жалчылар эч нерсе таппай үйлөрүнө кайтышкан. Ал жерден кийим которуша курганышып, кайрадан мал издеп, талаа кезип жөнөшкөн. Аңгыча караңгылык каптап, калың тумандан эч нерсе көрүнбөгөндүктөн, айласыз аркаларына кайтышкан. Алар үйлөрүнө келээри менен жогортон жел жүрүп, сасык туман суюла, асмандагы булуттар жукарып, анда санда жымындаган жылдыздардын караандары көрүнө баштаганда, көңүлдөрү кыйбай, байдын заарынан коркушуп, жол болжоп чыккан боюнча, тайгак беттерде, аска-таштарды кокту-колотторду акмалап жүрүштү.

Булактар ташып, жылга жыбыттардан шаркырап аккан дооштору, аска-зоолорду жаңырта, күнгөй-тескейи калбай үн алышып турду. Караган бутактарга конгон чымчыктар чыryттап, уядагы балапандарына жем издешип, тиригилик менен алек. Гүлдөн-гүлгө учуп конгон көпөлөк, аарылар, кечээ күнкү будуң-чаңды туйбагандай, бейгам. Жер бети мемиреп, жашыл жамынган тоо, жааган жамгырга киринип алгандай, келбети келише, көркүнө чыга түшкөн. Тээ бийиктеги ак карлуу чокуларда кечеги күнкү түнөргөн булуттар, күнү-түнү тынбай жамгыр төгүп, кара кочкул өңдөрүн өзгөртүшүп, эми бойлору бошоно

жеңилдегенсип, ак пахтанын үзүгүндөй боло, кайдадыр бир тарапка жылып баратышты. Баш-аягы белгисиз, чайыттай ачык көк асман тунуп, карарып-түнөргөн булуттардан күнү-түнү тынбай төгүлгөн жамгыры жер-сабап, анда-санда «Күр-р, күр-р!» эте күн күркүрөп, чагылган чартылдап, жер бетин астын-үстүн кылчуудай болуп, кайраты ташыган алаамат деги эле болбогондой, ушул жаратылыш, ушул эле бойдон келе жаткандай туюлат. Көк асманга карай боюн керген алп чокулар, алмустактан берки калыбын бузбай бир калыпта, боло калган жаратылыш кубулуштарына көңүл буруп койбогондой мелтирешет. Андан берки каалгый учкан бүркүттөр канаттарын кенен жазышып, жер үстүндөгү жан-жаныбарларга, күнүмдүк тиричиликке көз салгансышып, ары-бери имерилишет.

Күндүн табы улам кызыган сайын, жан-жаныбарлар өз тиричилиги менен болушуп, тоонун ичи кыймылга кирди. Коркунучтан улам кээ бир жандыктар аскага чыгып кетишип, кээлери чер токойлорду байырлашып, күн ачылганда бирин-бири издеп, үн алыша бириндей келип кошулуп жатышты. Караңгыда аска-жардан учкандары да жок эмес эле. Карышкырдан үркүп, чар тарапка чачылган кой-эчкилерди бириндете чогултуп, сак-сактап жүргөн малчылардын алды келе баштады. Байдын токолу да, жаңы туулган козу-улактарды энелеринен адаштырбай ээрчите, түгөл айдап келгенсиди. Улам короодогу кой-эчкилердин карааны арбыган сайын байдын кабагы жазылып, бак-бак сүйлөй:

-Бардык иш Кудайдан. Куюшканым бышык экен. Ит-куштан сак. Көбү аман калыптыр. Каниет. Буга да шүгүр кылалы. Ит-куш жегени, аска-жардан учуп өлгөнү, башы-көздөн садага. Короодогу мал адал, тарпын калтырбай жыйып келгиле. «Кудай кылса кубарың барбы» айла жок. Адалдап, бала-чакаңар менен жеп койгула. Короодогу мал адамдын боор эти менен барабар. Башына баш дебейин, күз айында бирден «кызыл козу» берсеңер болду. Балдарыңарга эт жегизип, шорпо-шилең ичиргиле! деп, «марттыгын» кармата бакылдады.

Бай токолунан мурун жаңы тууган кой-эчкилеринин амандыгына сүйүндү окшойт. Анын кайда түнөп, кантип аман калганына көңүл да бөлбөдү. Карышкыр тиштегенден улам, баса албай калган коюн сойгузуп, «Башы-көздөн садага»-деп жан кудайы өткөрдү. Бир гана кески кемпири токолдун шыпылдай басып, кабагы ачыла, шайдоот жүзү жоодурай калганын баамдап, өзүнчө шыпшынып койду.

Эти ысып, эт бышырууга араң жараган Отунчу кан түкүрүп, козу-улактар камалган күпкөдө, арам өлгөн кой-эчкилердин терисин төшөнүп, жатып калды. Кабар алган эч ким жок. Эти от менен жалын. Бирде ысуулайт. Кайра муздак тер чыгып, кышкы чилдеде калган адамдай, калчылдап үшүйт. Бирде эсинен тана, сулк жатат. Өңү-түсү белгисиз арбактар жин-шайтандар, жырткыч айбандар менен аралашат. Качса кубалап жетишип, шыйракташып, тиштешип, тырмак салышат. Аскадан учуп, тоодон кулап, сууга чөгүп, сел-кыянда калат. Эртели-кеч жөөлүп, өзү таанып-көрбөгөн адамдырдын атын атап кыйкырып, бирөөлөрдү жардамга чакырат. Аны көрүп-билген бай да, анын кемпири да көңүл бөлүп коюшпайт. Болгону кемпир гана жаман одосун алып келип, «Жамынып ал!» деп ыргыта, таштап кетти. Бай-байбичеден корунган токол гана кымырына-кысылып, эч кимге көрүнбөй келип, ашкан-тешкен тамактардан берген болот.

Бир күнү айылга келген дубана аса таягын шалдырата өтүп баратып, оорулуунун онтогонун угуп кайрыла калды. Алмак-салмак билектерин кармап, тамырларынын согушуна көңүл бөлдү. Жонуна бир эки муштагылап, тилин сундуруп, көзүн аңтара карап, «кагын» деп:

-Ысык-суук, карандай суу ич. Кайнатылган болсо андан жакшы. Ордуңдан турба! Карандай сууну сүрө ич. Кайрылып келе жатканда дагы бир тиемин-деп, жүрүп кетти.

Бай-байбиче кулду, короодогу итинче да көрүшпөдү. «Өлсө өлөөр, өлбөсө калаар» дешип, анын бар экенин унутушту. Булуттар катып, жамгыр жааганы сээлдегенден улам, козу-улактар сыртка камалып, күпкөнү жалгыз кул ээлейт. Күндө чекеси кетилген, бөйрөгүнөн жарака кеткен жыгач челектеги караандай суудан ичет. Дарттын дабасыбы, же оорунун күчүбү, кара сууданбы денесинен көл-шал кыла ачуу, ары сасык тер чыгып, муундары шалдырайт. Даарат ушатканы гана эшикке араң чыгып, жаңы кадам койгон жаш баладай боло, темтеңдей басып, андан аркы үй жанындагы булакка жетип, кара челекти сууга толтуруп, кайра келет. Бүткөн бою шалдырап, башы айланат. Күн улай тыныккансып баратты. Дубана айыл аралап кайра кайтканбы, баягы убадасын унутпай, атайы келиптир. Көпкө чейин тамырын кармап, көкүрөк тушун кунт кое тыңшап, анан кара жыгач челек менен кара кесени карап, башын чайкап койду.

-Буйруса, оңолуп баратыпсың. Башка тамак ичпегениң жакшы болуптур. Менин айтканымды аткарсаң, таза айыгасың. Эт, камыр

тамак жебе! Болсо сүзмөнүн суусун ич. Он күндөн кийин, сүзмөнү кара сууга чылап, аздан тат. Катуу чаңкайсың, караандай суу ичип, тумчуланып, териңди кургатпа. Андан он күн өткөн соң, паранданын гана этин аз-аздан татып, кайнатмасын ич. Бир айга чейин жандыктын эти менен шорпосун татпа. Ансыз да жыты келсе, кускуң келет. Муну эсиңе бекем сакта! Анан суугун тутуп, ичтейиң ачылат. Ар нерсени жегиң келет. Тоо бетиндеги мөмөлөрдү, кымыздык, ышкын, чүкүрү, пияздарды каалашыча жей бергин. Кара тамактан: эттен, майдан, камырдан алыс бол. Нак сүт, нак айран ичпе, каймак, май жебе, баатырым. Напсиңди тыйсаң, тез оңолосуң. Опуктуу неме көрүнөсүң, анча-мынча тамакка тойбосоң да керек. Айыгып алгандан кийин тамакты каалашыңча жей бер. Сага ал-күч болот. Кел эми, чач, тырмагыңды алып берейин. Илдетиңдин баары ошону менен кетсин-деп дубана белиндеги кайышка илинген устарасын алып, сөөмөйдөй болгон бүлөөгө жана баштады.

Бети-колун жууп, чачтарын жибиткен Отунчунун, мууну бош. Колу-бутун титиреп, дарманы жок. Оор үшкүрүнө, күпкөгө сүйөнө отурду. Ат жалындай боло, тикесинен-тик турган чачтарын, шашыла шыпырып жаткан дубана токтобой, сөзүн да уланта берди:

-Чачтарың ого эле кайраттуу экен. Карыштан ашса да, жатайын дебептир. Устарамы сынап жатат. Башыңдын канаганына карабай шыпырып жатам. Оорутканына кейибе, тезирээк шыпырбасам, жибиген чачтарың кургап, устарамы мокотчудай. Башыңа ысык чыгып кетиптир, Курч устарага кесилип, кызыл-жаян кан болду. Бул да болсо арам кан, боюң жеңилдеп, башың айланбай калат. Ата-энеси жок жетим экенсиң, эн салып коеюнбу? Менин балам болуп каласың! деп тамашалады.

-Ата-энем жоктугун кантип билдиниз?

-Сенин ушул жерде жатканыңды көргөн макоо да билет. Ата-энең болсо, бул жерде жүрбөйт да элең. Деги, кызмат кылганыңа, канча акы берет?

-Акы айлансынбы? Кара-курсактын айынан жан багып жүрөм.

-Эптеп иттин күнүн көрүп дегин?

-Өтө эле ак көңүл экенсиң. Бай сени жыргатпайт. Ак көңүл экениндин акыбети кайтат деп жүрөсүңбү?

-Билбейм.

-Сен эр жетип калдың. Бир ишти максаттанып жүрөсүнбү?

-Жок.

- Курсагыңдын тойгонуна каниет кылып жүрө бербе!

-Эмне кылайын?

-«Бай аке, ар кимге жан керек. Элдей кийинейин, ичинейин? Кылган кызматымдын акысын бериңиз? Болбосо, башкага барайын?»-дегин. Байдын жообуна карай иш кылгын!

-Бай кубалап жиберсе эмне кылам?

-Бай кубалабай калсын. Сендей бекер күчтү, акы доолабаган томаякты, колунан чыгаргысы келбейт. Көрчү, түнөгөн жериңди? Сен сендигиңен чыдапсың. Бул жерде оору адам эмес, соо адам турса ооруп калат. «Акы бербесеңиз, кетем»- дегиң. Бай ошондо, бир деме дейт. Сен эрезеге жетип үйлөнөсүң, өзүңчө болосуң!

-Макул аке.

-Менин айткандарымды унутпа. Сен кемпирдин көңүлүн ал. Ал сенин кийим-кечеңе, тамак-ашыңа каралашат. Айтканын лам дебей, аткарып жүрө бер!

Отунчу дубананын айтканын макул көрдү. Күндөн күнгө оңоло берди. Анча-мынча эшикке чыга калганда, байбиченин өргөсү алдындагы чачылган буюмдарын жыйыштырып, отун-суусун камдап, ал тургай туура жаткан көлөчүн да, түздөй койчу болду. Эртели-кеч уйлар саалып, сүттөрү бышырылган соң, күүгө бышылып, каймагы алынат. Айран уютулуп, күн сайын курут үчүн эшиктеги эки жагы эки баканга тирелген ала капка куюлат. Андан сары суу агып, маңызы ит аякка шорголойт. Аны, байбиче Отунчуга көтөртүп, чаңкаган кой-козуларга, кулун-тайларга бергизет. Ал үйдөн узай берери менен сүзмөнүн суусунан кере жутуп, калганын козу-улакка жеткирет. Дубананын айтканы ырас чыктыбы, ичинин көпкөнү денесинин кычышканы, муундары куруп, дарманы кеткени, башы айланганы улам калып баратты. Күн сайын эл жатканда, эшик алдындагы баканга боюн артып, салмагын салган ала каптагы сүзмөдөн кара кесеге каалашынча сузуп келип, кара челектин капшырына чыгара куюлган сууга эзип, эски, чаңы чыккан көлдөлөңдү жамынып жатат. Көл-шал тер кетип, баш-аягына чейин нымдашып, тырнак учуна чейин сууланат. Баягы дубана айткандай он күндөй сүрө ичти. Ичитейи ачылып, тамак жегиси келет.

Сүзмөнүн сүзүлгөн сары суусун желедеги кулундарга бергенче, бээлердин куйрук-жалынан кыл үзө келип, тузак түйүп, кашаттагы булак четине коет. Чак түштө чаңкаган кекилик, чил суу ичкени келип, тузакка илешет. Алардын жагжагы менен ичин аңтарып алып, суу жээгиндеги ылайды маштап, баткакка оройт. Кечки

тамактан соң, чогу бар очокко көөмп, эшик алдында чачылып жаткан отундун чамындыларын шыпырып, тере келип, чок үстүнө таштайт. Ыпырынды-сыпырындылар очокко толуп, эшик алды тазара түшөт. Байбиче айттырбай билгенине ичи жылып, тамагы бышканына сүйүнөт. Эшик алды улам өзгөргөнүн байкаган байбиче күпкөгө жаткан Отунчуга ашкан-тешкен тамагын узатып, байынын эски-ускусун ыйгарчу болду. Бай жаш токолго тартылып, байбиченин өргөсүнө күндүзү келгени менен түнөбөй калды.

Жай этектеп, күз башындагы күн аябай эле ысуучу болду. Жылкы ылоолоп, уйлар сайгактап, шапаталуу кыр жондоп калышкан. Эчкилер таш-зоого чыгып, комок-үңкүрлөргө жашыныш-са, койлор караган-чердин, жарчалардын көлөкөлөрүнө баш салышат. Айрыкча леп этип жел жүрбөгөндүктөн, боз үйдөгүлөр каланган кышаларды алып, туурдуктун этегин керегеден өйдө түрө, салкындашат. Бышкан чөптүн кымызы ныксыратып, кынкайган адамдын уйкусун келтирет.

Кечинде кекиликтин этине тоюп, чаңкаганда сүзмөнү эзип ичип, Отунчу буту-колун кенен сунуп, уйкуга кирет. Үстүндөгү жаман жамынчуулары сыйрылып ысыганынан, аны да тескери тебет. Дырдай жылаңач жаткан кулдун көңүлү бир нерсени эңсеп, көтү кошо кобот. Эшик-эликке чыга кала, ары-бери баскан байбиченин көз кырына, дырдай жылаңач ач кулдун денеси чалдыгат. Баягы, аялдык адатынча, ары баратып да, бери келатып да, токтой кала, астейдил аны тиктейт. Тиктегенинин да жөнү бар эле. Эми гана, жаңыдан түгү чыгып келе жаткан аласында жаңы туулуп, көзү ачыла элек күчүк көрүнө калгандай болду.

-Ботом, эмне балакет! Жаш күчүкпү, же калар-чычканбы? Жаман кулдун аласына барып жатып алганбы?-деген ой менен жанына барып, эңиле карады. Жаш күчүк анын дабышынан улам, тура калгандай сезиле кетти. Жаза көргөндөй. Чоочуй түшкөн байбиче кетенчиктей калды. Кайра кызыгуусу жеңип кеттиби, эңиле көз салды. Күчүккө окшобойт. Баш көтөргөнү, башка бирдемедей. Казыктын башы сымалданды. Уятын кызыгуусу жеңип кеттиби, дадилдей, кунт кое көз салды.

-Ботом, эмне балээ! Өлөт деген кул кутурганбы? Же сыртка чыгуудан зеригип, чыйырдан шимек жасап алганбы-деген ойдо кетенчиктей түштү да, кайра кызыгып тиктеди. Баягы соройгон неме күчүк да, калар да эмес. Жылаңач, түгү жок, бир нерсеге окшошот? Эмне экени эсине түшө кала жымың эте күлүп,

шыпшына бурула берип, эки тарабына саресеп сала, эч кимдин карааны көрүнбөгөндүктөн, кайра тикелей тиктеп калды.

-Тобо, кул кутурганбы! Чакалайдын чак түшүндө көтү кооп,-деп, ойлоно түштү да. –Же мени мыскылдаганыбы? Атайылап чыгарып алып, келеке кылып жатабы? деген ойго келе калып, ачуулана заарын чачты.

-Э өлүгүңдү көрөйүн, жаман кул! Дардайбай өл! Жатсаң жамынып, кымтыланып жатпайсыңбы! Абийириңди базарга салгансыбай. Тур өйдө, өлүксүз!

Уйкусу катуу Отунчу анын кыйкырганын укмак тургай, сезип да койбоду.

-Байкуш, тери шымына бит шыкалып, этин таласа, айласы кеткенинен чечип койгон окшойт. Ансыз да, мал жаткан жайда кантала менен бүргө толо болот эмеспи. Кене да жанын койбосо керек-деп боору ачыгандай, өзүнө өзү жооп тапкандай болду. Жайлоонун бийик төрүндөгү түнкү суукта, уктай албай, бүрүшүп жатып, таң атырат эмеспи. Кеселинен оңоло албай, жаны кыйналып, эми гана тынчтанган окшойт. Байкуш, эмне кылсын. Пенде баласы ач калдыңбы-деп, короодогу иттен да кабар алат. Муну, итче көрбөдүк. Ач калдыңбы, ток болдуңбу-деп сураган да киши жок. Не болсо да, адам эмеспи. Ашкан тамакты берсек да, сообуна калмакпыз. Кылган иши адал, өзү арам беле? Эми эле, оорусунан тыныкса, кайра эле ушуга зарыгабыз. Отун алып, суу ташып, күл чыгарып, от жагып тиричилик өткөргөн байкуштун абалын бир сурап да койбоппуз-деген, ой кыялына келе калды. Жаман кулдун баскан-турганынан жийиркенген байбиченин негедир көңүлү жибип, эч болбосо байдын эски-ускусун берсемби деп ойлоду.

Күн ырайы бузулуп, күнү-түнү тынбай жааган жамгырда, карлаган будуңда, кой-козуларды аман сактап калган токолуна байдын көңүлү жибип, биротоло токолунун үйүндө түнөп калган. Бай байбиченин өргөсүнөн кымыз ичип, тамактанганы гана кире калып, эртели-кеч эл арасына кошулуп, үлүшкө кетет. Малын карап, саксактап, ар бирине көз салып, түйшүгүн тарткан малчылары бар. Ар дайым аты токулуу. Кайда барып, кимдерге жолугарын, ким менен мамиле кыларын өзү билет. Күн отурарда гана келип, токолунун койнунан чыкпайт. Короосундагы күпкөдө соолуп жаткан малайы менен иши да жок. «Өлсө, баягы санда жок, кул өлөт» дегенсип, аны эсине да албайт.

Байын жаш токолунан кызганганы менен байбиченин колунан эмне келмек.

-Үйүң үстүңдө, малың короондо. Мени тескегениңди кой! Же жаман катын болоюн дейсиңби? Колуң узарып, байбиче аталып отурасың. Эмнең кем? Ал дале отуң менен кирип, күлүң менен чыгып, муздак сууга колуң салдырбай, парбайыштап, көзүңдүн агы менен тең айланып, кириңди жууп, кирпигиңди тарап, болгон кызматынды кылып отурат. Мындан артык, эмне керек? Бардыгына өзүң баш-көзсүң. Ким эле, айтканынды эки кылсын. «Эки тизгин, бир чылбыр» сенин колунда. Кудай сага дөөлөттөн да, байлыктан да, үйдөгү бийликтен да, берип отурат. Бактыңы баркта. Жытыбыз сиңишип, канча жылдан бери бирге жашап келебиз, ит аягың мис болуп, мал баккан малайлар кышын кыштай, жайын жайлай жеген-ичээриңди камдап берип отурат. Ушуга каниет кыл, байбиче! Токолду, албайт да элем. Бир туяктын дартынан, ушул ишке бардым. Кудай ал-кулум десе, перзент да берип калаар. Аны да этегиңе салып, туубасаң да тутунган бала кылып ал-деп айткан сөзүнөн улам, ага макулдук берген өзү.

Кокус тескериленип, «Ак никени аттап, катын алдың» десе эле, бу эркеги ээленбей отуруп калбайт.

-Кайран катын башка чыкты. Эл-журт, мындайды көрүп, уктуңар беле? Калыстыгыңарды айткыла? десе, эл оозунда элек жок.

–Ээ, жаман катын эр коруйт. Бир сөөмөйдөй тарамышты энчилеп, эч кимге бербейм деши, эсинин жоктугу. Дале болсо катын катындыгына барат тура!-дешип, эл арасында айтчуулар, шылдыңга алып, мазактоочулар четтен чыкпайбы. Ага да болбосо:

-Энчиге ылайык малын, үстүнө үйүн кошуп, талагын кошо бер. Ээленген катын, эмне болсо, ошол болсун! Же журтка калтырып, көчүп кет. Эрден чыкканы, элден калганы ошол! Салыңды болгондо, салпайып, ээн баш катын ээсине келет деп, айтуучу чуулдакты эчен ойлоп: -Чын эле үстүмдө үйүм, короомдо малым, койнумда эрим турса, ээленип, эмне кылам? Сөөмөйдөн ашпай, карышка жетпей, эрээн көрүнгөн эркектин эни кимден калбаган. Алмактан алсын! Айтса, айтпаса да, алган токолун азыртадан алдыма салып, айтканымы аткартып жумшап, үйрөтүп албайынбы? Согончогу канап, тууп-түшүп берсе, -«Тууган сен, баккан мен» деп, эркелетпей, эшиктеги жумуштарды жасатпаймбы?-деп өзү да ойлогон.

Байдын эңсегени орундалды. Жаман жакшынын баары, түз айттыбы, же бура сүйлөштүбү:

-Байбиче болсо, ушундай болсун. Тим эле көл экен. Ак көрпө жайыл азамат. Ургаачынын арстаны тура. Жаман катындарга окшоп, түйрөлөңдөп, тууралаанып, кызганбады. Катындан да, төрө чыгат экен. Акылы тетик, ак байбиченин өзү болор.

-Ооба. Болсо, ушунча эле болот.

-Үлгү болоор, зайып экен.

-Катындын сырттаны Каныкей десең, жеңебиз деле ага жете баргыдай.

-Аны айтасыңбы ак жолуктун алды десек жаңылышпайбыз.- дешип, эл арасындагы эркектердин көбү бакылдашкан.

Айтылгандардын баардыгы туурадай көрүнгөн. Чындап эле, өзүнүн кимдигин эл ичиндегилер төп айтышты. Ушулардын айтканындай эле болоюн деп, ниет да кылган. Бирок, көз көрүнө токолду үйгө алып келээрде, короодогу малдан калыңга деп, бөлүп берээрде, көчүрүп келип, башына жолук салышып, анысы көшөгөгө киреерде, нике байланып, андан кийин төшөк салынып, байы чечинээрде, бардыгына күбө болуп, карап турган байбиченин көөнү кирдеп, ичи ачышып, аябай эле тызылдаган. Башындагы бактысы, алдындагы токочу экиге бөлүнөөрүн мойнуна алган. Бирок, койнундагы эри жаш токолу тарапка ооп кетерин оюна да албаган. Оюна келсе да, «үйрөнчүк немени, өзүмө имерип алам» деп ишенген. Анан эле байы токолунун үйү тарапка басканда эле, кучунасы кармайт. Күндөштүктүн күчү ичин тызылдатып,-Кайт! деп, айтууга даабай, бир отуруп, бир тура калат. Жатканда да, ары оонап, бери оонап уйкусу келбей, кыжалаттанып тынчы кетет. Таң аппак ата электе туруп, уйкудан калган башы кеңгиреп, болбогон эле нерселерге ачуусу келип, көрүнгөндү кагып-силкип, жаткан итин да жаман көрүп «каңк» эткизе тээп өтөт.

Мына, бүгүн да салган төшөгүнө жатпай, бир топко отурду. Оюна ар кыл нерсе келди. Байы менен баш кошконуна, бир топ жыл болуп калса да, согончогу канабады. Жараткан муштумдай эттен алакчылап, бала бербеди. Бүбү-бакшыга, мазар-машайыкка барды. Баардыгы эле:-Төрөйсүң. Наристенин пешенесинен сылаганы турасың дешет. Аларга ынанганы менен убакыт өтүп баратат. Аял кишинин жашы кырданган сайын төрөттөн калаарын билет. Эртерээк эле, төрөп алууну эңсейт. Анысы бүгүнкү күнгө чейин ишке ашпай кечеңдеп келет.

Түн жарымынан ооп кетсе да, уйкусу келбей, эки тизесин кучактап отура берди. Эшикке чыккысы келип, кепичин бутуна илип, сыртка карай жөнөдү. Кабак жакка баратып, байынын караанын көрдү. Жылаңач этине, жалаң чепкенин жамынып, анысы бери баса берди. Эки үйдүн ортосунда экөө карп-күрп беттеше калышты.

-Эмне, уктабай мени аңдып жүрөсүңбү? деди, күйөөсү корс эте.

Уйкусу качып, башы ооруп турган байбиченин жини кармап, ачуусу дүрт эте түштү.

-Аңдыган менен акталагандай акыбалың кимди эле ыраазы кыла алмак!

-Ии, сеники курттап атабы?-деди өктөм күйөөсү.

«Катындын ачуусу келмейин,ал күйөөсүнө каяша айтпайт. Ачуусу келип кучунасы кармаса, азали ал кайтпайт» демекчи, күйөөсүнүн сөзү ийне менен сээрине сайгандай болду.

-Эмне, токолуңдукунун куртун терип, жеп жатасыңбы?

Сөзгө чыдабай кетти.

-Атаңдын оозун урайын, жап оозуңду! деп, эркеги колун пеш кыла өйдө көтөрдү.

-Менин оозумду коюп, өзүңдүн абийириңди жап. Көр аңги. Кана, токолуңду туудуруп жибергениң?

-Туудурганым менен ишиң эмне, канчык!

Ал катуу айтсам, аялым айбыгып, басаят деп ойлогон.

-Дөбөт көрүнгөн, өлүгүңдү көрөйүн маңгал. Канчыктан кайсы эле сенин айырмаң бар эле. Ушул эки ээли немең менен эр болуп көрүнгөн көр аңги мындай неме балтырканда деле бар. Өлүгүңдү көрөйүн, доңуз!-деп айбыкпай колун серепчиледи.

-Балтырканда бар болсо, курттаган көтүңө салып ал!

-Салганды сага көрсөтөйүн-деп ачууланган аял күйөөсүнүн далдайып турган этегине шарт кол сала, аласындагыны кармай калып, булка тартты.

Аялынын анчалыкка бараарын күтпөгөн эркек кетенчиктөөгө алы келбеди. Булкунуп, ары бултактады, бери бултактады. Анысын аялынын колунан чыгара албады. Далысындагы чепкени, сыйрыла жерге түштү. Сүзмө куюлган каптай болгон семиз неме, тез эле ынтыгып, оор жүк көтөргөндөй кышылдап, дарманы кетти. Аялы бултаңдаган эринин энинен колун бошотпой, тутамындагыны булка-булка өзүнө тартты. Эти ооругандан жаны көзүнө көрүнгөн бай акыры айласы кетип, чыдабаганынан эки үйдүн ортосундагы күпкөдө жаткан Отунчуну жардамга чакырып, чаңыра кыйкырды.

-Отунчу! Отунчу?

Баятан бери уйкусу келбей, дырдай жылаңач ооналактап жаткан Отунчу эрди-катындын кобуруна анчейин көңүл бөлбөй турган. Жаны чыкчуудай болгон, бакырыктан чочуп, шарт баш көтөрдү. Атын атап, жардамга чакырган байынын үнүнөн улам, ордунан ыргып туруп, шашыла жөнөдү. Караңгыда чачылып жаткан отундарга чалына, чуркап барса, эрди-катын булкушуп жатыптыр. Бай аны көрө коюп:

-Тарт! Колун чыгар!

Отунчу эңкейе берип, байбиченин колу күйөөсүнүн аласында экенин байкап, эмне кыларын билбей калды.

-Аа-а! Тарт. Жулуп алмак болду-деп бай онтолой бакырды

Эңкейе Отунчу эмнени кармаарын билбей, эси оогондой туруп калды. «Бай-байлаган байынан каарынан коркуп, сыйпаласа байбиченин колу туш келди.

-Өлтүрдү! Карма! Желмогуздан ажырат?! Жанымы сууруп алмай болду. Аа-а!

-Байбиче эне! Коюңуз? деп ортого түшкөн Отунчу, анын билегинен кармоодон айбыкты.

Бай ары-бери теңселе, эки колу менен эңкейген аялынын жонуна муштагылаган аялы:

- Эки катынды талаштырган ушул немеңди жулуп салайын-деп булкуп-булкуп алган сайын:

-Аа-а, аа-а! деп бай тыбырчылай ач айкырык сала бакырды-Жеди. Желмогуз, жеди!

-Байбиче эне! Коюңуз?-деген Отунчу анын каруусунан аяр кармай, коопсунат.

-Тарт ары! Тарт!-деп байдын ызырынганынан сестенген Отунчу байбиченин аркасынан эңиле, колун сунуп, эки чыканагынан кармаган болот. Жалаң көйнөкчөн аялдын жумшак көчүгүнө эти тийген Отунчу айбыга, колун тийер-тийбес кыла, эңкейгенде андан жардам күткөн бай:

-Ымтырабай кармабайсыңбы!-деп заарканганынан корккон Отунчу байбиченин эңкейген эки мүрүсүнөн кармап, тарта кетти. Эзели аялдын этине эти тийбеген байкуштун эни козголуп, башын көтөрүп, аялдын жука чурайына толо түштү. Отунчунун жылаңач экенин туйган байбичеге, баягы түштөгү көрүнүш эсине келе калып, дүүлүккөн этинен улам ачуусу ташып, булкуп, булкуп алды.

-Жеди, Желмогуз! Тарт ары!-деп бай бакырып, аялынын жетеги менен ары тартса ары сүрүлүп, бери тартса бери сүрүлүп, жаны чыккандай бакыра берди..

Бирин-экин аялдын жумшак, назик денесине денеси тийип көрбөгөн жаш уландын байбиченин карысынан кармаганда эле көздөрүнөн от чыга, аспабы чыңалып, бел суусу атып кеткен эле. Эки санынын ортосундагы жука чурайына катуу нерсе урунганынан улам, чочуп кеткен байбиченин денеси да дүүлүгө, жан кумары ойгоно кетти. Бир колу менен күйөөсүнүкүн, экинчи колу менен кулунун эркектик мүчөсүн кармап турган аялга анын көлөмү, катуу жумшактыгы анык билине калды. Кул да болсо эркек аты бар, аркасындагыдан айбыктыбы, байбиче каргап-шилеп, сүйлөнө четке чыга берди.

-Өлүгүңдү көрөйүн. Эниңди биротоло жулуп, ага да жок, мага да жок. Экинчи катынга жологус кылбасамбы деп, шарт артына кайрыла, шыпылдай басып, үйүнө кирип кетти.

Эки колу менен аласын баса, онтогон бай бир отура, бир тура кала, үшкүрүнүп жатты. Байдын жылаңач этине, жерде жаткан чепкенин жапкан Отунчу аны колтуктай, токолунун үйү тарапка жетеледи.

-Кутурган гана канчык! Карап тур! Тылагына гана казык какпасамбы? Эртең таң атсын, эсинен кеткис кылып, азабын колуна берейин!-деп онтолой сүйлөп, тушаган аттай аксаңдап, араң басып, үйүнө кирип кетти.

Бай менен байбиченин чырын токол бая эле уккан. Кимисин барып арачылайт? Байбичени кой дей албайт. Бай ага моюн сунбайт. Эмне болгонун туйду. Баятан бери желегин жамына босогону бойлоп, сыртка чыкпай турган. Онтоп кирген байынын колтугунан сүйөп, төр тарапка жетеледи. Бардык чырга ушул гана себепкер болгонсуп, бай колун силке тартып алып, аркасын сала улам онтолой, араң эңкейип, төшөгүнө сулк жыгылды.

*** ***

Бай байбичесин келмек тургай, биротоло унутуп койду. Баягы күндөн кийин айыл-апаны аралап ат бастырмак тургай эки-үч күн токолунун үйүнөн чыкпады.

Байбиченин да кучунасы кармадыбы эртели-кеч эшикке чыгымыш болгону менен күндүзү эч кимге көрүнбөдү. Жай этегинде булут катканданбы, күн аябай эле ачуу тийип, малдын баары ылаалап, суу боюн пааналайт. Койлор кичине эле көлөкө

болсо баштарын салышып, кемер-жарларды издесе, эчкилер көгөн-чымындап коргоно, аска-таштарга чыгып кеткен. Өйдө-төмөндөн жел болбогондуктан боз үйлөрдүн туурдуктарынын этегин түрүп, түндүк жабууну тумайта тартып керегелердин аягын жылаңачтаган үй ээлери, бут кийимдерин чечип ыргытышып, жалаң көйнөктүн жакасын жакжайта кыймылдоодон зериге, ныксырашат.

Козу-улакка жылуулай салган күпкөнүн ичи ого эле ысып, тердеп-буулаган Отунчу жаман тонун мынаке-деп, сырттагы күндүн табына жая салган. Жандык жаткан жердеги кантала, кене талайбы, же бүргөлөр чагабы, кычышкан денесин улам катырата тырмана бергенден жадап, «муну да алгыла» деп таар шымын да шыпырып, аякка тээп жиберген. Күпкөнүн ичинде кызаңдаган жылаңач денесин эч ким деле  көрбөйт. Анын бар-жогуна эч бири да көңүл бөлбөйт. Уйку суроо үстүндө, улам тырманып коюп, ныксырап жаткан. Күпкөнү айлана бир деме басып келгендей болду. Ал кыялында бош козу-улак көлөкөлөгөнү келди деп ойлогон. Бир топко дымып, шыбыш билинбей калды. Көзүн ачуудан зериге, бир тарабына оонап баратып, күпкөнүн жанында бирөөнүн турган караанын байкай калды  Жылаңач экени эсине түшө калдыбы, көздөрүн пар ача, эки колу менен абийирин жаба баш көтөрдү.

-Кокуй, үстүңө салар кийимиң жок турбайбы? Же кантала менен бүргөгө өчөшүп, ыргытып жибердиңби? Кий шымыңды. Бери чык-деп, байбиче чочумуш боло жумшак сүйлөп, үйүн көздөй басты.

Отунчу жаман шымын кийе, сырттагы тонун үстүнө жамынып, байбиченин үйүнө баш бакты.

-Мына бул, жүк алдындагы бокчону көтөрчү. Байдын эски-ускусу бар эле. Боюңа чак келер. Алып берейин деп, төрдөгү жыйылган жүгүн жөлөп, анын эң алдындагы таңылган бокчосун көрсөттү.

Отунчу булкуп-жулкуп, ал көрсөткөн бокчону, жүк алдынан сууруп алды.

-Чеч-деди байбиче буйруй сүйлөп-Ушунча жүрүп сенин бой жеткениңди байкабай калыптырмын. Күн билинбей өтө берет тура-деп шыпшынды.

Отунчу ал сүйлөп жатканда, шыпылдай бокчонун таңылчагы-нын байланган илмектерин тарта, оролгон кийизинин бетин жая

берди. Байбиче байдын бир сыйра эскирген кийимдерин тандап алып.

-Ме, мына буларды кийип ал деп, бир тарапка таштап, жайылган кийиздин тээсин бузбай, кайра ороп, таңгактады.

-Эми ордуна баягындай кылып койгун-деп төрдөгү жүгүн сүйөдү.

Кызматчысы бокчонун таңылчагын ордуна коюп, оңдоно бергенде, жанындагы байбиченин көкүрөгүн сүзүп алды. Кандайдыр бир жагымдуу жыт мурдун өрдөп, көздөрү ымыр-чымыр боло түштү.

-Апей ботом! Эмне, бой жеткениңди билдирейин дегениңби?-деп тамашалай кетти.

Отунчу олдоксон кыймылынан уялгандай кызара түштү. Аны байкаган байбиче, жумшак үн менен

-Ал тигини,  кийип көрчү. Чак келер бекен?

Байбиченин көзүнчө көйнөктү кийсе болот. Шымын кантет?

Отунчу олдоксон денеси менен эңкейе, кийимдерди жерден алып, байбичени карады.

-А менен уялып жатасыңбы? Уялбай эле, кийе бер. Чоң келсе кичирейтип берейин.

Беттери ысыган Отунчу үн катпай, олдоксон колдору менен кийимдерди денесине ченемиш болду.

-Антип ченебейт-деп эски көйнөктү алып, эки мүрүсүнөн кармай, Отунчунун боюна ченеди да. –Бул туура келет. А булчу-деп эски шымды анын киндигине алып келип, ченемиш боло, ылдый сылады.

Баятан бери аялдын билинер-билинбес жагымдуу жыты башын аңги-даңги кылып, жумшак колдорунун денесине тийгизе кийим ченегени Отунчунун сезимин козгоп, эркектик эни башын көтөргөнү жыртык тонунан билинип турду. Шым ченемиш болуп баратып аялдын санын сылай кетип, энине колу уруна түшүүсү экөөнүн тең сезимдерин алдастатты. Эркектин койнунда жатып, көп нерсеге көзү ачылып, билип калган аял маңдайындагы болбураган эркектананын заматта эси эңгиреп, уйгу-туйгу болгонун туя калды.

-Уялымыш болбой кал. Күндө эле базарга салган аттай тыягыңы салбайтып, жайдактап, бош кое бересиң. Бирөө жарым көрүнөт деп ойлобойсуңбу? Чеч!-деп кашатынан булкуй, буйра сүйлөдү.

Башын жерге салып, чечкинсиз ымтырап, өзүн жогото кызарып-татарып турган эркектананын ички дүйнөсүн өзү гана бийлеп алганын билген аял, кытмыр шыпшына:

-Бар. Этектеги сууга барып, абдан жышына жуунуп, бул кийимдерди кийип ал! Алдагы «кызыл жабарыңды» ошол жерден өрттөп сал. Эми «үйрөнгөн жерим» деп күпкөгө жатпай жүр. Алдагы капшыт мынан кийин сеники -деп кирпиктери менен капшытты көрсөтө, эшикти карай мүрүсүнөн түрттү.

Ошол күндөн баштап Отунчу таң атпай жатып байбиченин үйүнөн чыкчу болду. Үстү-башы түзөлгөндөн уламбы кыймылы шайдоот. Байбиченин камкордугунан көңүлү ачык. Башта кайсыл ишке барса да, мойнунан байлагандай болуп, илең-салаң болсо, эми шыпылдап чуркап, так аткарат. Күл чыгарып, суу алып келиш башка бирөөгө өткөн. Отунга да барбайт. Болгону эртели-кеч бээлерди айдап келип, кулундарды желеге байлайт. Жайытка чыгарып, түнү менен кайтарат. Бардык ишти ат үстүндө аткарып, бай менен байбиченин тирилигин өз колуна алган.

* * *

Төлөк бай байбичеси менен ынтымак. Каалаган күнү байбичесиникине, же токолунун үйүнө түнөйт. Байбиче менен токолдун ортосунда күндөштүк да билинбейт. Тапкандары ортолукта. Ынтымак, ырыстын болушуна бала себепкер. Жараткан жалгадыбы, же кудай колдодубу, байбиче да, токол да жүктүү болуп, удаалаш ымыркайлуу болушту. Төлөк бай токолунан төрөлгөн уулун Жолдош, байбичесинен төрөлгөн уулун Колдош атап, элге жентек той берген. Балдары да торолуп, тилдери чыгып, басканы калышты. Алардын күлкүсүнө энелери элжиреп, аларды көрүп бай ичинен кубана компоет. Аларды көргөн коңшулар:

-Тобо, күнүнүн күлү жоо, жада калса, очоктогу чычала да, бирге күйгөнү менен эки бөлүнө жалын чыгарат дечү эле. Жараткан Төлөк бийге кайтарабынан болсун айткан экен. Байбиче токолу экөө эже-сиңдидей ынтымак. Тилегендей экөөнө тең Кудайым бала берди.

-Жумшаган кызматчысын айт. Бай быякта калып эле, малын тескеп, жоктогон Отунчу. Бирин да бейчеки чыгымдабайт. Ысырапка жол бербейт. Өзүнүн малынан артык карайт. Чычкак улагын да жоготпойт.

-Байга оомат келген.

-Ал ырас. Ооматы барга оош-кыйыштан келе берет тура дешип, бириси суктанса, экинчиси ич күйдүлүгү менен кеп кылат.

Кимге кандай? Турмуш сыры терең. Сыртка баары жылма көрүнгөнү менен ичте өңгүл-дөңгүл, Кокту-колоту көп. Ошондой эле Төлөк бийдин ичинде бугуп жаткан сырлары бар. Ал эми эже-сиңдидей болгон эки күндөштөр да өздөрүнчө санаада. Отунчу да басса-турса дүпөйүл, терең ойдун кучагында.

* * *

Адамдардын бардыгы бирдей делгени менен кыял-пейили башка. Ар кими мүнөзүнө жараша иш тутат. Бирөө байлыкка, бийлик-мансапка жакын, бирөөнөр кармайт. Анын ичинен байы, бийи ары куу, ары митаам, жүзү жок. Бирөөлөргө ырайым кылбайт. Башкалар ойлогон ойду, акылды пайдаланат. Алдыга эч кимди өткөрбөй, өзүм эле болсом дейт. Акыйкаттыкты жаман көрөт. Көп ишти көмүскөдө чечүүгө аракет кылып, көргөнүн көрмөксөн, билгенин билмексен болуп коет. Жалгыз гана өзүнүн кызыкчылыгын көп ойлонот. Ошон үчүн бийлик, байлык колунда турат.

Төлөк бай да байлыгын арттырса арттырды, такыр кемитпеди. Короосу жандыкка толду. Кара малы жайыттан ашып, тескери жайыла баштады. Көп малдын камы деп, суу, тоо, түзөңдү кызганчу болду. Малына жараша малчысы бар. Ага да көрүнгөндү эле ала бербейт. Алдын кебетесин көрөт. Ал-жайын сураштырат. Көп акы доолаганга ынана бербейт. Эптеп тиричилик өткөргөнгө каниет кылгандарды мелжейт. Бир-эки жыл жумшап, моюн толгоп бараткандарды ар тараптан карыздар кылып, ноктого илет. Анан ал жипсиз байланат да калат. Отунчу да эшик алдына «күчүк кезинде» келген. Эми мына, кар басып, тотугуп баратат. Баары бир, бир күн болбосо, дагы бир күнү өзүнүн талабын айтат. Ага чейин такыр чыккыс кылып, сыйыртмакты илгени жүргөн. Ой-тилеги туура келгени калдыбы, бир күнү кызматчысын этекке отургузуп, кыйыта сөз сала кетти.

-Кудайга шүгүр, ишеничти актап, өзүмдөй эле болуп калдың. Мал санын өзүң түгөлдөп, күзүн күздөөдө, кышын кыштоодо кашек-камынан жаңылбайсың. Элчилеп эки балага той берсек, бул кепке кандайсың?

-Ой-тилегиңиз өзүңүзгө баглык, байым.

-Элге-журтка «сасык бай» атантпай, адияны көп эле чактабай, соорунду кенен кое алабызбы?

-Той бергендин тоодой жүрөгү болот дешчү. Чама-чарпыңызды өзүңүз да электен өткөрсөңүз керек?

-Бир «дан бергениме», «бир дан» алам. Адия менен соорунду тууган-урук көтөрө алаар бекен?

-Сиз той берсеңиз ыгым-чыгымга тууган-уругуңуздун кандай тиешеси бар?

-Ыгым-чыгымды той эгеси билбей, той башкаргандар билет.

-Баарын той башкаруучулар билсе, той берген киши эмне кылат?

-Илгертен калган салт. Той эгеси күнөөкөр. Намыс-ариеттин баары урууга тиет. Ошол үчүн сени менен маслатташканы отурам. Сенин намысың менин намысым. Менин малым сенин малың. Ошого чейин  малды дагы да көбөйтүп алсак кеп-сөзгө калбайт элек. Кандай дейсиң?

-Ыгым-чыгым болбосо, эки-үч жылдык төлү эсепке кошулса көбөйүп калаар?

-Короодогу мал  ансыз да төлү менен көбөйө берет. Бизге башка жактан кошумча мал-дүйнө керек.

Отунчу байынын сөзүнө түшүнбөй, суроолуу тиктеди.

-Ооба. Башка жактан болсо көп кыйналбайт элек.

Байы ишеничүү баш ийкеди.

-Эмне, сатып алыш керекпи? Же досторуңуздан, жек-жааттардан келеби?

Байы кытмыр жылмайып, сөзүн улады.

-Ооба, сатып алганга, ошончо пул керек. Жөндөн жөн бирөөлөр бербейт.

-Кайдан аласыз? Отунчу таң кала, байга тигилди. Ал дале болсо кытмыр карап, баягы калыбында камырабай, кеп маанисине түшүнбөй, өзүн делдейе караган Отунчуну кантээр экен деп, сынап турду.

-Кайдан алыш, таап, айдап келиш  сага тиешелүү. Ат көөлүк, азык-оокат менен.

-Кайдан табам?

Баятан берки сөзгө түшүнбөй, өзүнө маңыроо тиктеген кызматчысына ачуусу келип, зекий сүйлөдү.

-Жаныңа эң ишенимдү эки шерик табасың. Барыңардын колуңарды кур койбойм. Бере турганым белен. Эгер мен самаган малды колго тийгизсеңер, эмки кезек сеники. Той өтөөрү менен үстүңө үй тиктирип, колукту алып берип, энчиңди кошо берем. Сүйлөштүкпү? Келе колуңду?

Кеп төркүнүн Отунчу эми түшүндү. Малды базардан алышпайт. Байдын достору бербейт. Тапканы да, кой эмес, уй, төө эмес. Жылкы. Жылкы болгондо да, байдын ою боюнча бир эле үйүр эмес… Кайдан болсун Отунчу таап келет. Байдын сөзүнө аң-таң болду. Эзели байына каяша айтпаган, каяша турмак, тике карабаган Отунчунун ою онго, санаасы санга бөлүндү. Эмне деп жооп бериш керек? Маакул десе, кантип аткарат? Жок деп айтуу байдын сөзүн эки кылганга барабар. Кай тарапка барат? Досторду кайдан табат? Кимге барат? Шерик тапканда да, аларга эмне деп айтат? Уурулукка барабыз дейби? Же биреөнү чаап, тоноп келебиз дейби? Эмне деп жооп берерин билбей, башы кеңгиреди.

-Док тартам деп, ойлонбогула. Колго түшсөңөр бошотуп алуу менин мойнумда. Аркаңарда аска болуп мен турам!- деген байынын сөзү ага чоң ишеничтей сезилди.

* * *

Бишкек баатыр «таап келгени» менен Мопуйдан да, бий акыларынан да кутулгандай болду. Бишкек Мопуйду көргүсү, а Мопуй Бишкекти колунан чыгаргысы жок. Бишкек башы бошогонго сүйүнгөнү менен кайда барарын ойлобоптур. Үстүндө үйрүп салаар, абат кийими жок. Бирөөлөрдүн эски-ускусу. Байынын кийгенден калган, эчактан берки эски-желеги, түлөгөн түлкүдөй болгон бөркү. Бутунда эскилиги жеткен чокой. Канткени менен ысык-суукка бышкан чымыр денеси, кабелтең бою, бир караганда толумдуу көрүнөт.

Ары-бери өткөндө кайрыла келип, түшө калчу кары кемпирдин үйү көзүнө жылуу учурайт. Анда жылдыздуу Акак деген кыз бар. Айтууга караганда анын ата-энесин, балдары менен көчкү алып кетип, чоң энесинин колунда калган. Кемпирдин жөлөнөр-таянар жакын тууганы жок. Өлбөстүн күнүн көрүп, эптеп күндөлүк тиричилик менен алек. Жашынан колу усулдуу, кармаганы төп келип, тери өңдөп, тон бычып, көпчүк-токум тигип, кийиз-тери иштетүүдөн алдына ак жоолуктарды салбаган-жез оймок, уздан экен. Жашы өйдөлөгөнгө колунан иш кетип, кармаганына көзү жетпей калганда аты аталбай, базары кыйгачтап, кардары алыстап катарга алынбай калды. Эки-үч жыл мурун эле, ар кимден сурап алган терилерин ашатып, өңдөп, Бишкекке өпкө желек, кыска тон, башына көрпө тебетейди эптеп, тигип берген. «Адам жакшы сөздүн кулу» демекчи, анын жумшак мамилелесинен улам, Бишкек «жез оймок» байбичеге байырлап келген.

Кара курсак адам баласына эмнелерди кана жасаттырбайт. Жердин шарты, иштин зарылдыгынанбы, же тиричилик өткөрүүнүн талабынанбы этектеги аймактын балдары алты-жети жашынан баштап эле, ар кимдин ишин кылып, кетмен чаап, арык казып, суу апкалдайт. Көр тиригиликке эрте аралашып, козу-улак кайтарып, анан кой багат. Тоодо жүрүп кылтак түйүп, тузак тартууга эрте үйрөндү. Анан дасыгып кылтак түйүп, тузак тартууну көбүнө үйрөттү. Кийин эс тарткандан баштап капкан коюп, жаа тартууда, көбү андан кеңеш сурап, ага келишчү болду. Тоонун ичи кенен эмеспи: Кайберен, илбесиндердин ар түрү арбын. Тим эле быкпырдай кайнайт. Эрте менен тоо таяна чыгып кеткен Бишкек кеч күүгүм аралаш жолдуу келет. Ошондон улам «жез оймок» кемпирдин ашканасындагы ача баканда ар дайым кайберендин, эч болбоду дегенде кекилик-чил, кыргоолдун эти илинүү турат. Кечинде мал жайгаштырылып, кой-эчки короого киргизилген соң, Бишкек чоң энесинин үйүн көздөй жөнөйт. Күндө өзү жайыттан көтөрө келген арча-четин, кайыңдын куу бутактарын алоолонто жагат. Ала келген илбесиндердин жүнүн жулуп, куйкалап, боркулдата казан кайнатат. Узак түн. Кемпирдин бири-бирине окшобогон, укмуштуу жомоктору жана казандагы кайберендердин даамдуу эти менен өтөт.

Жалгыз кемпирдин жашы жеттиби, же жокчулук муунап кеттиби, кыңкыстап жүрүп, бир күнү төшөк тартып жатып калды. – Ана оңолот, мына оңолот менен күн өтө берди. Эки сагырга эрмек болгон кемпир, алардын жетимдигин ойлоп, кыя албады. Бой түзөп, туруп кетпеди. Ар кимдин айтуусу менен ар кыл дары чөптөрдү кайнатып беришти. Оңоло албады. Ооз ачып сүйлөөгө дарманы келбей оор үшкүрүнүп жатып, кече таң эрте-күндүн мурду тоолордун төбөсүнө тийип-тие электе, акыркы демин чыгарып, буту-колун суна, аркы дүйнөгө кете берди.

-Койгула балдарым! Көп ыйлабагыла. Ыйлаган менен чоң энеңер тирилип, кайра келбейт. Ичээрин ичти, жээрин жеди. Бактыңар, көрдүңөр. Ыйманда кетти. Бир арманы силерди ак өргөңөргө кондуруп, ак тоюңарды көрө албай, шашылып кетип калды. Ал да болсо, куданын буйругу. Ага эч бир жан баш ийбей кое албайт. Мындай иш баарыбыздын эле башыбызда бар.- деп Акак менен Бишкекке кайрат айткан коңшу-колоң болуп, эшиктеш жашап келгендер кошо кайгырышып, айрымдары жаштарын сүртүштү.

-Ыйлабаганда кантишсин! Канатына калкалап, эки сагырды эрежеге жеткирген энелери эмеспи. Эми эмгеги акталып, экөөнөн топурак буйруп олтурбайбы.  Ыйлагыла! Силер жоктобой турган кемпир беле! Жакшы, Кудайым энекелетип силерди берген экен. Силер болбосоңор-энекелеп кимдер ыйламак!

-Ыйлап, ыйлап көпшүнүңөрдү суутуп алгыла. Мындан кийин силердин ыйыңарды ким укмак!

-Ошону айт! Эстегенге, энекелегенге артында туяк калганы жакшы. Пенде баласы «-Артымда  эскерер, эне-ата деп, атымды атап, изимди жоктоп, арбагыма багыштап, куран окуур туягым калсын?»-деп тилейт тура.

-Кемпирдин уучу кур эмес, жыты, изи калды. Булар бар, кемпир өлгөн жок.

Биринин сөзүн бири улаган кемпирлер өлүктө айтылуучу сөздөр менен ыйлап-сыктаганча беркилерди сооротуп жатышты. Эшикте турган эркектердин арасынан бирөөсү зоңк этти:

-Кана, агайыңдар! «Өлгөндүн сазайы көмгөн». Бир түнөттүк. Алыскы-жууктан келчүүлөр, «Көзүн көрүп калсам» дечүүлөр жок окшойт?

-Алыстан кимдер келмек эле? Көзүн караган эки сагыр ушул жерде.  Жуугучу даярбы?

-Жайы да ырасталып калыптыр. Жууштун камында болгула! Жаназага туралы.

-Баары даяр. Өлөөрүн билип, кам көргөн экен. Бокчосуна belеңдеп, түйгөн бойдон кете бериптир.

-Байкуш, акыретин ойлогон акылман аял эле. «Артымда калгандар кыйналышпасын» дегени да.

-Мусулман баласы үчүн өлүмдү ойлоо ак. Пенде өлүп түгөнөт турбайбы? Баарыбыздын башыбызда бар, бул иш.

-Кана, жуугучуна эмне бар экен?

-Бир жоолук, өз колу менен даярдаган көлдөлөң, аяк кап.

-Болот, болот.

-Жаназага атаганы эмне экен?

-Көз майын коротуп, кештелеген куржун.

-Баарын билип-туйган ургачынын алды болчу. Кеми жок. Болот-дешкен аял-эркек, сөөктү  сууга алуунун камында болуп жатышты.

-Кана, молдоке, өзүңүз келме айтып, расмини баштап бериңиз? Тиги, киргендер сууга ала беришсин?

Молдо үй бурчундагы үйүлгөн отун үстүнө отура бергенде, аркы тараптан ат үстүндөгү эки-үч караан көрүнө калды.

-Тиги келгендерди өкүрбө дегиле! Сууга алып жатканда үн чыгарууга болбойт.

Атчандар тебелеп кетчүдөй боло, жакын келишип, тургандарды демите токтоп калышты. Аттан түшчүдөй түрлөрү жок.

-Бу, кандай адепсиз, жел колтуктар болуп кетти?-деген бирөөнүн суроосуна эч кандай жооп болбоду.

-Бишкек, бий улуу башын кичик кылып чакырса, эмнеге барбайсың?!-деп кекете, өктөм үн менен атчандардын башчысы Чомой зоңкулдады.

-Эй, мусулман! Кемпирибиз каза таап, тажия менен алек болуп жатабыз. Бишкегиңер качып кетпейт. Кудайдан коркуп, өлүктү сыйлап, эч болбосо аттан түшүп койбойсуңарбы?- деди сакалы төшүнө жайылган карыя.

Өктөмсүнгөндөр эми эстерине келгендей, аттарынан түшө, чылбырларын карманыша, катарга тура калышты.

-Арты кайырлуу болсун! Өлүк парзы боло берет. Бий, улуу башы менен күтүп калды-деди баягылардын шериги Алакөз:

-Күтсө, күтөөр. Чоң энеми жерге берип, анан барамын-деди Бишкек ачуусун араң басып.

-Эй, дөөдүр! Чоң энеңдин өлгөнү, аны жерге берип көмгөнүң менен бийдин иши эмне? Бийдин, ким экенин унутуп калдыңбы? Ал бизге тирүүнүн кудайындай эле. Ушул сөздүн азабын тартып жүрбө!-деди, атчандардын үчүнчүсү Корукчу өмөктөп. –Сени менен айтышууга, биздин убактыбыз жок. Бас, алдыга түш!

-Чоң энеми жерге берип алайын? Бий кудай эмес го акыры?-деди Бишкек ызалана.

-Эй, «кара тумшук!» Бир бийибизди кудайыбыздай сыйлай албасак адамдыгыбыз кайда? Айтылган илабизди арам кылбай, маалында кутулуп койбойсуңбу! Бийибиз бир сүйлөйт. Тап дегенде, тап! Болбосо өзүң барып жооп бер! Алдыга түш! Анан келип, жашыра бересиң. Бас дегенде, баспайсыңбы!-деп демите күпүлдөдү баягылардын башчы сөрөйү Чомой.

-«Жоо жакадан алганда, бөрү этектен алат» болуп, киши өлүп жатса басмырлап-демиткениңер адамчылыкка жатпайт жигиттер!-деди тургандардын аксакалы.

-Өлсө, бир осурак кемпир өлдү. Мунара кулаган жок! Бийди зарыктырганга башың экөө эмес сенин. Бас дегенде бас!-деди башчысына шыбанчы боло Алакөз.

-Абайлап сүйлө, мырза! «Өлгөндүн үстүнө көмгөн» кылып, басмырлабагыла. Бийиңдин башында да бир өлүм бар. Аны бийиң эсинен чыгарбаса керек!?- деди тургандардын арасындагы орто жаштагы арык киши.

-Бий өлгүдөй эмне, томаяк беле? Анын өлүмүн тилебей эле, өз өлүгүңөрдү көөмп алгыла. Илелеген итке минерлер!-деп Корукчу камчысы менен этегин тарсылдата чапкылады.

- Атаңын оозун урайын жугундукорлор! Ажал айтып келбейт. Ага бий да, томаяк да бир. Силер деле атка минип, качып кутула албайсыңар. Кемпирдин гана арбагын сыйлап турабыз. Болбосо, жакын жолотпойт элек-деди ызаалана, ачууга буулуга тургандардын арасынан бирөөсү алдыга бөлүнө чыгып

-Бийиң эмне, өлбөс болуп калыптырбы? Көпкөн гана, айдакчылар! Мусулман баласынын оозунан кантип ушундай сөз чыксын!

-Доону доолатпай маалында кутулуп койбойсуңбу! Дале келип топор томаяктыгыңа барат экенсиң да. Бийди алдаган сен, азали жарыбайсың.

-Эмнеге эле демитип жатат? Эмне аласасы бар булардан?-деп топтогулардын бирөөсү суроо бере кетти.

-Ээ, баягы өнбөс доонуу доолап жатышпайбы.

-Ал эмне деген доо эле?

-Баягында, курулай жаманаттуу кылып, тогуздап, тогуз айып салышпады беле?

-Анысынан так кутулган деп, укпадык белек?

-Бодо малынан такыр кутулганына эл күбө.

-Анан эмне эле аталарынын акысы калгансып демитишет?

-Тогуз айыптын канаттуу куштарын тирүүлөй кармап бересиң деп, талап кылып жатыптыр.

-Ой, тобоо! Канаттуу-кушту кайтарган малдай көрүп, бүтүм чыгарган бийлерди, башыма жүн чыккандан бери уга элек элем-деп суроо берген киши жакасын кармады.

-Кудайдан корккула балдар! Азалуу жайга демитип келишиңер, болбогон жорук. Акмак эмессиңер го акыры?

Тургандар бирин-бири коштой, калыстык айтып жатышты.

-Жатакчынын жаман итиндей чуулдаган жамандар. Куюшканга кыпчылбай, жөн болгула! Бизге Бишкек керек. Мойнундагы

карызынан кутулсун.  Эй! Шылтоону коюп, алдыга түш. Сени албай кетпейбиз деди Алакөз демиге.

-Адамгерчиликтен айланган айбандар! Быякта адам өлүп, көмө албай жатсак, айбан баштанып, демитесиңер. Жоголгула азыр!-деди Бишкек тиштенип.

-Атаа, ушу томаяктыкы өттү, бизди коркутуп, -деп ызырына келип, башчы сөрөй Чомо Бишкекке камчы шилтеди.

-Ии!-деп, ооруган жерин басып Бишкек башын чайкап отура калды.

-Баргысы келбегенди, байлап болсун алып кетебиз. Карма!-деп, Корукчу келип, көмөлөтө тээп, колдорун бурай кайрыды.

Бишкек чапчаңдык менен тура калганда, котолушуп тургандар камчынын көгү тийген көзү кызарып, чекеси бүлөөдөй шишип кеткенин көрүштү. Ал молдо отурган отундун арасынан чегедектин бирөөсүн сууруп алып:

-Сыйлаганды билбеген, кутурган иттер! Энчиңерди гана берейин. Мына сага, мына сага!-деп катарлашкан экөөнү сулата чапты.

-Азамат, күч бар экен го!-деди, табасы канган бирөөсү тургандардын арасындагылардан.

Колдору шадылуу, күрөө тамырлары көөп чыккан, чарчы бойлуу Бишкектин  сөөлөтүн байкап. Көөнөргөн ак калпагы, бозоргон чепкени жотолуу мүчөсүнө жарашкан Бишкек алачаар көзүн жалтылдата, четке чыга берди. Жуугучка кирген катындар сууга алып, кепиндеп бүтүшкөнбү, бакылдак-шакылдактан улам, сыртка чыга калышып, суу болгон колдорун аарчыганча:

-Бу кандай, каранын үстүнө келип тополоң салган бей адеп кишилер?

-Кайыр диндегилер да мындай кылбайт. Кепин буйрубаган өлүктөр.

-Илайим эле кепиниңерди жалмап калсаңар эле-дешип, биринен-бири өтүп, каргап шилешти.

-Кокуй, Бишкек. Этиятта, өлтүрүп салба!

-Өлгөндүн үстүнө көмгөн болуп, балээге калбайлы?

-Ботом, «Келе бакан, куу союл», ким болуп кетти?

-Ырас болду ызаатын билбегендерге.

-Койгула, өлгөндүн зыйнатын кылалы. Кепиндеп бүтүшүптүр. Эшикке алып чыккыла! Жаназага туралы.

-Мына бу жаткандардын балээсине калбайлы. Жүр кеттик.

-Ооба, биздин бар экенибизди бий билсе, шорубузду курутат.

-Буларың, бизди күбө тартат. Эртерээк жылып, жогололу-дешип, бир-экөө жетелеше басканын көргөндөр:

-Жаназага туруп, көмгөндөн кийин кеткиле! Доочулар көргөн-тургандарга деле догура бермек беле. Көрүп-билип туруп, басып кеткен болбойт-деди аксакалдардын бириси тыйып.

-Жаназага турган сооп. Күнөөң күндө табылат. Соопту издесең табылбайт. Жаназага катышалы-деп жатышты топтогулар.

-Салаваты жаназа! Салаваты жаназа! деп кыйкырды, молдонун жанында жүргөн бириси.

Сөөктү кийизге ороп, сыртка алып чыгышты. Молдо жаназага туруп, арам менен адалдыктын, сооп менен күнөөнүн айырмасын, мусулманчылыктын милдетин айтып, маркумга багышталган тилектерин билдире, намазга турду. Көпчүлүк анын айтканын кайталап, дуба кылып, сөөктү көтөрүп жөнөй беришти, Молдо жаназа акысын ала ары басарында:

-Жай башына барып, куран окуп бериңиз? Акысына бир чебич берели?-дешип, аба-аксакалдар кетиришпеди.

Кемпирдин сөөгүн жашырып келишкенден кийин, жай башына барган эркектер өкүрүп түшүшүп, арбакка арнап куран окушуп, кара аштын этин жешип, шашыла өз жайларына таркашты.

Бишкек менен Акак гана калышты.

-Эми, эмне болот? Баягылар кайра келишпейби? Эми келишсе, соо коюшпайт!-деди Акак, кечээ күндөн бери ыйлай берип, үнү бүткөнүнөн шыбырай.

-Жанды кашайтышпадыбы. Кара башыл киши өлүп жатса, ага карабай демитишип…

-Үйдө отурбай, бир жайга бекинели? Же белгисиз тарапка качып кетпейлиби?

-Эки жетим энелеринен жадашкан экен. Сөөгүн жашыраары менен журтун таштап, качып кетишти деп, элге кеп болобуз.

-Бий, эмне эле кыстап чакырып жатат?

-Эптеп эле бир шылтоо таап, мени колго түшүргүсү келет.

-Анда, качыштын аракетин кылалы?

-Убактылуу болсо да, коңушулардан улоо сурасамбы?

-Үй эмеректерин артынганыбы?

-Сен минип албайсыңбы?

-Кой, улоо менен жүрсөк, көзгө көрүнөбүз. Сени менен аска-зоону аралап, кайда болсун кете берем.

-Кайда барабыз?

-Менин атамын туугандарын издеп табабыз.

-Жолго камыналы.
-Үйдү эмне, бүгүп коелубу?
-Жок, тура берсин. Алыстан акмалагандар «үйдө олтурат»-деп ойлошсун.

Экөөнүн колдоруна илешээр, баалуу буюмдары деле жок эле. Болгону кемпирдин өз колу менен бүтүргөн аяк кабын, идиши менен алып алышты. Тээ дөң үстүндөгү жаңы турпак тартылган энесин эсинен чыгара албаган Акак көз жашын көл кыла улам ыйлап, кайра сооронуп баратты. Ээрчише баскандар сырттап салышып, анча-мынча адам жүрбөгөн аска-зоолорду аралап, жол көрүнбөгөн түндөрү, шамал тийбес коңулга, арча-шактуу токойлорго түнөшүп, күндүзү кокту-колотто сойлоп жүрүшүп, жол арбытышты. Тоодон башка кайда жашынышмак эле.

Тоо арасы түрлөнүп көрүнөт. Маңдайдагы жаламалуу аска күнгө күйүп, карамтыл көрүнсө, ага уланып кеткен бир тарабы кара күрөң болуп барып, тик беттүү кызыл жарга айланган. Анын аркы тарабындагы сейрек бадалдуу беттин этеги калың токойго айланып, өңгүл-дөңгүлдүү, быткылдуу кокту-колоту билинбей дүпүйөт. Ал эми күнгөй тарап болсо жайылма, бадал-шактуу, кээде сейрек токойлордун баш-аягы билинбей, көз кайкыйт.Тээ төмөндөгү өзөндүн жайылмаларындагы чычырканактуу бадалдар-да, өзгөчө таңга маал суу канаттуулардын, токой көркү, кыргоолдордун түрдүү-түркүн үндөрү угулат. Сарала, күрөң түстүү, кээ жерлеринде кызгылт, жашыл темгилдери бар, күлгүн моюндуу кыргоолдордун этинин даамдулугу башкача эмеспи. Анткени, кыргоолдор чычырканактын сары, кызыл даамдарын татып, семиздигинен салмагын көтөрө албай, бырпырап ордунан уча албай барып, араң көтөрүлүшөт.

Үйүр-үйүр жапайы өрдөктөр тынымсыз шуулдап, учуп-конуп, кайра көрүнбөй калып, өзөн жээктерин байырлашат. Бир аз эле, шыбыш боло калса, жер которушуп, ал жактан капчыгы чыга тойгондон кийин, салкындаш үчүн кайрадан көлгө кайрылышат. Өрдөк-кыргоолдордон башка да, көл жээктеп ак чардак, чабакчы, көк кытан, кара куназ, ызгыт, аңырлар быкбырдай кайнайт.

Жаагын жанган куунак ак чардактар үйүр-тобу менен тойлогон кыз оюнун куруп жаткандай, аркы-терки айланып, бирде жапырыла, бирде кыйкып учуп, асман-жердин арасында шапар тээп, көпкө айланып-айланып туруп, анан бир нерсе эсине түшө калгандай, кыйгачтап барып, кайра тескерилене оңолуп, сайраңдашат. Бири-бирине аралашкан канаттуулар табигаттын

жыргалдуу бешигинде термелип, асман алды, жер үстүндөгү бейиш аймагында үлпөт-сайраң куруп, бейкапар канат керишет. Кээде шоктонуша асмандан атырыла көл бетине бир тийип, кайра кулалыдай кайкып учуп, көтөрүлүшөт. Дал ушул жаратылыштын көркүнө таң боло, эркин сайран курган канаттууларга суктанган экөө эңкүүлөй келип, асмандай тунук көк көлгө чөмүлүп, сергип ойноп, анан чычырканактуу, сай тал аралашкан черге кирип кетишсе, эч ким издеп келип таба алышпачуудай туюшту. Көптөн бери тоо кыдырып, аска-ташка байырлаган экөө, этектеги алаканга салгандай айкын көрүнгөн көлгө, жээктери бадалдуу токойду карап олтурушуп, ушундай бүтүмгө келишти.

Эпчил Бишкектин тузак-кылтагына туш келген кекилик-чилди кармашып, шам-шум этишип, карындары ачкан жок. Ал ээн талаада көп жүрүп, кайберен-илбесиндерди кай мезгилде, кай тарапка учуп-конорун, чаңкай түш, күн жылыганда булак көзүн, өзөн-сайдын жээгине келип салкындап, кайра жайылып, кайда отторун үйрөнүп бүткөн эле. Кулагы уганак, көзү көрөгөч, мурду ар кандай жытты ажырата билип, аңчылыктын көп сырларын өздөштүргөн болчу. Табигат сырын да терең сезип, качан, кайсыл убакта күн бүркөлүп, ачыларын, желдин жүрүшүнөн, көчкөн булуттардан байкоо алчу. Жырткычтардын «тилин билип», «чочуганын», «кубанганын», «кайгырганын» өздөштүрүп, өзүндөй кылып, үн чыгарчу. Канаттуулардын конуп-учканына саресеп салып, кай жерде, эмнеге жүргөнүнөн бери билчү. Аны билбесе тоолук ит кушка жем болот, же суукта тоңуп өлөт. Алардын баары Бишкекке көндүм.

Канча күн карын ачып, булагы жок эгизден чарчашса да, күндүзгү аптапта, түнкү суукта үшүсө да, ойно балалыктын оюнкарак табы менен баардыгын унутушуп, эликтин баласындай сайраңдаша, таштуу жардан секире келе жатышты. Аркаларынан издөө салынып, куугун акмалаганы эстеринен чыга, эгиз тоонун элкин ээси болгон экөөнө тоо-таш, кооз жаратылыш ортоктош эле. Көз тайгылткан көк зоодон адам эмес, кайберен өтөөр жол жок. Бир гана канаттуу учуп өтпөсө, атайлап барчулар оңор эмес жол басып, ар коктуда бир түнөп, араң жетчүдөй. Ашууну аша албастыгын билген Бишкек Акакты жетелеп, мерчемдүү жайлардан таң агарган учурда, же күүгүм талаш көз байланганда өтүп кетем деп ойлогон. Калдыраманын этегине жете бергендеги түнөктөн жылып, маңдайдагы калың токойго билинбей өтүүгө, эми башка жайга орун которушту.

-Коркунуч жок. Эч ким келе албайт. Келсе да, силерди эч ким кармай албайт. Каалasaңар кайберендердин этин жегиле, чаңкасаңар булактан таткыла. Жемиш десеңер карагат, бүлдүркөн тергиле. Ушунун баары силердики-дегенсип, айкалышкан тоолор көгүлтүр асманга көрктөрүн кошо көйкөлүшөт. Күн нурларын кучагына имерген көл көз тайгылта көөлгүп, жыбыраган майда толкундарын, шыбыраган желге желпитип, көөшүп жатат. Анда-санда асманга ыргып, ак боор денелерин күнгө жалт эттирген ак чабактар ал экөөнү шаштыра, өздөрүнө чакыргансыйт.

-Келгиле? Аппак денелерибизди көлгө өптүрүп, майда толкундар менен жарыша, чабак уруп, ойнойлу. Денебизди тазартып, салкындап, бирге шапар тебели-дегенсип, улам-улам өзүнө чакырган көлдөгү көрүнүш, экөөнүн делебесин козгоду. Кайберендин улагындай  эңкейиште экөө тең кол кармаша, таштан-ташка секирип, бейкапар,  Эгиз козудай ээрчише, бирине бири таяна, кээде баш бириктире шынаарлашып, ылдамдай басышып, кайра токтой калышып, көл тарапка көз агылтышкан экөөнүн караанын бая эле көрүшкөн. Коңулга тыгылган жыландай денелерин далдоого катып, шек алдырбоонун аракетинде кыймылдабай катып турушту. Так секире ойноп келе жаткан кыз, бир кезде бутун сыйпалап, аксаңдай калганда, аны аярлай кармап, кучагына айкаштыра көтөрүп келе жатканын көз жаздынан сая кетиришпеди. Капылеттен, Акак ташты кынтак басып алдыбы?

-Ии, бутум–деп, ооругандан отура калды да, кайра туруп, басууга аракеттенип оң бутун көтөргөндө, катуу ооруксундубу –Ай! деп кыйкырып жиберди.

Эңкейген Бишкек анын бутун кармап муундан аяр сылагылады. Кызыл ашыгы заматта тумпуя, шиший түшүптүр. Ооруганына чыдабаган Акак канчалык эриндерин тиштеп, чымырканса да көздөрүнөн жаш куюлуп, токтободу. Бишкек кыздын денесин аяр кучактап, көтөрүп, акырын басып алга жылды. Канчалык абайлап басып, аярлап жүрүшсө да, байкоостон колго түшүп калышты.

-Акыры өзөрүп, ач калганыңарда түшүп келээрсиңер деген ойдогу Чанай баш болгон куугунчулар аска-зоого чыга албай мерчемдүү жерди акмалашып, эртели-кеч кезүүгө алышкан. Улоолорун дүпүйгөн токой ичине катышып, ийинден башын чыгара, олжону самаган чаян баштанып, аска этегинде акыйа күткөн куугунчулар. Келишкенде, ар тараптан торой чыга калышып, тор жайган жөргөмүштөй ороп калышты.

Алардын миңгичтеринин арасында бийдин колунда жүргөндө Бишкек өзү кастарлап минчүү «Көк телки» бар эле. Таңкы желден улам тааныш жытты сезгенби, же аттын сергектигиби, кулагын тикчийте, тумшугун көтөрүп, окуранды. Бутак-шактуу көк долонодо отурган сагызган чочуп кеттиби, же ал да чоочун үндү, жашырынып жаткан сырды туйдубу, шакылыктап жиберди. Шектенген шеригинин үнүн туйган башка сагызгандар үн алыша кетишти. Ансыз да, алардын мурдуна түнөгөн аттардын жаңы кыгынын жыты келип, жер жарышын чыдамсыздык менен күтүп жатышкан. Аттын окуранганынан, көп сагызгандардын шакылыктагандарынан шектенишкен куугунчулар ордуларынан тура кала, жогору тараптагы жалаң бетти акмалай  калышты. Ээрчишкен эки карааңды көрүшүп көп жерди басып, бутак-шактарды аралап чарчап, чаалыккандарына карабай жыгылып-тыгылгандарына кайыл боло, жабалактай биринен-бири өтүп, калың черге жашыныша, акмалап аңдый жылышат. Алар биринен-бири  озунуп бийине:

-Мен кармадым деген мактанычын айтууну самашат. «Ким кармаганга тартуум бар»-деген анын убадасы, аларды аябай кызыктырган. Бишкек өзү жалгыз болсо кутулуп кетмек. Акак кыз бутун ташка кыпчытып алып, аксаңдап баса албагандыктан куугунчулардан узап кете алышпады. Өпкөлөрү көөп, күйүккөндөрүнө кайыл болуша, зарыга куткөндөр алдын жетүүгө жандарын аяшпады. Мурда келгендери «качкындарды» баса жыгылышты. Алар менен алышып-күрөшүү пайдасыз эле. Бишкекти тээп-мушташып, колдорун байлоого үлгүрүштү. Бири сүйрөп, бири түртүп, жаткан жерлерине алып келишти. Алардын арасында баягында кемпирдин тажиясында Бишкекке өмөктөп, келтек жегендер  Чомой, Алакөз, Корукчулар ызырына тура калышып, колу байлануу Бишкекке асылышып, кол көтөрө муштаганга киришишти.

-Койгула, колу байланууга муш көтөрбөгүлө-дегендерди кулактарынын сыртынан кетиришти.

-Баягында чекчеңдеп, тил кайрап, союл менен сабадың беле. Мына сага! Мына сага! дешип, Чомой менен Алакөз биринен сала бири алмак-салмак камчыга алышты.

-Акелер, айланайын акелер? Ага тийбегиле? Күнөөсү жок. Урбагыла? -деп Акак кыз ыйлактап, ортого түштү.

- Ары тур! Сага эмне жок. Күнөөсү бар-жогун, биз билебиз!- деди кызды түртө Алакөз. Жашабай жатып эрсиреген күчүк. Ортого түшпө!-деп кышылдады Чомой.

-Ишенгениң ушул куу жетимби?

-Муну өлтүрсөк-койсок өзүбүз билебиз. Бул жетимдин догу жок.

-Койгула, бий алдына тирүү алып баралы?

-Буларды аео жок. Бизди убаралантып, кыйноого салышты. Кармайбыз-деп, канча күндөн бери ачка тишибиздин кирин соруп отурабыз деди, бышылдап-күшүлдөгөн Корукчу.

–Ур! –Сал! Теп! дешип алмак-салмак тепки-мушка алышты.

-Атка сүйрөтүп жүрүп алып кетебиз.

-Алыскы жолго убара болбой ушул эле жерден тындым кылып кетели?

-Бий, тирүү көзүн алып келгиле деген.

-Мейли аттаналы!

-Акыры келип жолубуз болду.

-Бий алдына жүзүбүз жарык. Эртерек жеткирели!

Куугунчулардын башчысы Чомой Акак кыздын кыйкырып-чыңырганына карабай колу-бутун чырмай байлап, атка өңөрдү. Буту катуу ооруган кыз эстен танды экинчиси узун арканды Бишкектин колунан байлап, дегдеңдете жөө жетеледи. Кийинкилери алардын артына түшүп, жеткени Бишкекти шыбай сабап, жолго чыгышты. «Бөрү жортушка салган» куугунчулар Бишкектин жыгылып-турганына карабай, шашылып баратышты. Жалгыз аяк тоонун жолу өңгүл-дөңгүл. Быткылдуу кайырма, ат аягы араң баткан, кеп таштуу эле. Эңкүүлөй суюлган шагылы, ат чапчып, араң баскан, таталаган өрү, зоо мелжиген кыяларды, суу жээктеген эчен кечмеликти артка калтырышты. Улоолору күйүгүп, тер басып жүрбөй калганда гана токтолушту.

Ага чейин жетекке үйрөнбөгөн тай баштанып, тисериле, ары-бери булкунуп, кээде ат басыгынан калбай чуркап, алдыңкылар аярлай калышса күү менен сүрдүгө жыгылып, кайра тура калганга үлгүртпөй, атына камчы баскандардан улам, дөңгөчтөй сүйрөлүп келген Бишкектин кийимдеринен эч нерсе калган эмес эле. Денеси урчук таштарга тилинип, бирде сууда, бирде кумда тытмалана сүйрөлүп, канаган жерлерине топурак-ылай жабышып, өңү-түсү билинбеген бир дене болуп жатты. Колдорун кыл аркан кырчып, кызыл-ала кандан улам, аны тааныш кыйын болчу.Улоолорун тыныктырганы токтогондор Бишкекти көрүп түңүлүштү жансыз

дене, бут тартмак тургай кыймылсыз, сулк жатты. Эч кандай тирүүлүктүн белгиси жок.

-Иттин өлүгүн сүйрөгөнсүбөй, алдагы сай талдын сөңгөгүндөй болгон немени ташта, солмоор кылбай!-деди куугунчулардын башчысы Чомой.

-Бий «тирүүлөй колума тийгизгиле» дебеди беле? Алакөз суроолу карады.

-Тирүүлүктүн жыты да жок, мында-деп Корукчу буту менен көрсөттү.

-Сулкуйган өлүктү сүйрөп жүрөбүзбү, таштагыла ары!

-Бийге эмне деп, жооп беребиз?

-Өлүгүн атка жүк кылбадык дейбиз.

-Денесин ташка корумдап койбойлубу? Ит-куш жеп кетпесин?

-Сайда саны жок, издеп алаар теги жок немени ит-куш талап, ыраазы болушсун.

-Койгула, не болсо да, адам баласы. Атайлап көмбөсөк да, «жар көчтү кылып», денесин калкалап коелу.

-«Жар көчкүдөн» айланабы, Топор кул. Каадалы кара башыл адамды көмгөнсүп, убара болуп жүрөбүзбү. Жолдон калбай бастыралы.

- Аркан калып калбасын. Алдагы «дүмүрдөн» чечип, түрүп алгыла.

-Ооба, жол жүргөндө, дайыма аркан керек болот. Алып алгыла! Куугунчулардын башчысы оозу таңылган кыздын бултактаганына көңүл бөлбөй, алдыга жүрдү. Топ атчандар токтоп өткөн жерде кимдиги билинбеген денени чымын-чиркей, көгөн талап кирди.

-Келип калдыңарбы?-деп, көптөн бери жол күткөн бий, дарак көлөкөсүнөн обдула, козголгон болду да, -Мунуңар кимиси? деди, билмексен болуп.

-Бийим, сиз күткөн балапан чүрөктү пайлап жүрүп, эптеп торго түшүрдүк. Жапайы куш-үндөккө тез көнөт деп, калышчу карыялар. Туурга отургузуп, үйрөтүп алаарсыз?-деп кошоматтана тамашалаган болду, куугунчулардын башчысы Чомой.

-Аның ырас. Кызылдан эч ким кыя өткөн эмес. Үндөгү келишсе, Үрбүнүн Үркөк кызы деле жемге түшүп келбейби-деп бий, ары четте эсине келе албай, сулк жаткан кыздын жанына басып барды.

Олоң чачы бетин жаап, агарган маңдайына жарашып, көөдөй көрүнгөн кирпиктери төгүлө, капкара каштарына төп келип, атайлап кол менен жасалгандай ширенди кырданган жончодой көрктүү мурдуна жарашкан, чоктой, жупжумшак эриндери ылдый,

айдын он бешиндегидей агарган турна мойну, андан төмөн жаңыдан гана көйнөгүн тепкен, болор болбос көкүрөгү көзүнө чалдыга бергенде бий тамшана шилекейин жутканын өзү да байкабай калды. Мүчөлөрүнө төп келген сымбатына сук арткан бийдин ички сезимин жылуу тап аралап, денеси чымырады.

-Кыраңдын кызыл түлкүсүндөй, кылтылдаган олжосу кылт көрүнө калганда кыябын келтире, күүлөнгөн кыраандай бийимдин бир кумардан чыгаар чаркы келдиби дейм.

Ары кошоматтанып, ары ага суктанган болуп, бийине жаккысы келип, ушул кымбат белекти ага тартуулаганга өзүнүн үлүшү бардыгын аяр билдирген болуп, Алакөз шериктерине айтканча, бийине угуза сүйлөдү.

-Эй, мунуңардын жаны барбы?-деди бий, көптөн бери ыйлай берип, үнү кардыккан кызга жакындай барып.

-Жаныбардын жаны бар, бийим. –Шумкардан корккон чүрөк, бөкпөй коебу?-деди Чомой.

-Тал чачына доо кетирбей, аярлап келдик.

-Хи-хи-дешип, бирин-бири коштогон кошаматчы жигиттери бийинин аброюн айга чамынтып.

Ары бутунун жан  чыдатпаган оорусунан улам, түйүлө кала, эринин кесе тиштеп, узак жолдо артылып келип, бүтүндөй тулкусу жанчылганынан улам, кыйналган кыз денесин жыя албай, соолуп жаткан эле.

-Эй, муну жазгыра качкан немеңер кайда?-деди бий, Бишкекти эми эстегендей.

-Тигине, суу толтурулган чаначтай көлпөйүп, сулк жатат-деди жигиттеринин бири.

-Эмне, көбүрөөк «ийлеп койдуңар» беле?

-Кутурган иттей, моюн бербейт.  «Мынаке» деп, көптөп эмдеп-домдодук.

-Анысы аз болот деп, атырылган атка сүйрөтүп жөнөдүк эле, аш бышымдай жерди ар аттап, анан көңтөрүлө-аңтарыла келген. Анан дөңгөчтөй сүйрөлүп калды.

-Ит жандуу неме көрүнөт. Жарым жолго келгенде «кыңк-кыңк» эте үнү чыгып жаткан-деди Корукчу.

-Деги, көзү барбы?

-Ким билет. Узак жолдо, тарпы араң калды окшойт.

-Анын боорун чокко кактатайын дебедим беле. Мейли, ажалы менден эмес экен.

-Карачы, жаны калды бекен?-деди куугунчулардын улуурагы Корукчуга.

Ал этеги чубалган тонун кулдурата чуркап барып, каңтарылган аттын ээр кашына илинүү кыл аркандын бир учу бош болсо да ага керилип келген боюнча, алдыга сунулган эки колу таңылуу, көмкөрөсүнөн сулк жаткан денени бутунун учу менен тээп, оодарды

Таштардын урчуктарына, караган чөңөрлөргө сүрүлгөн дененин кийиминин тарпы кеткен. Кам кайыш менен курчалган белинде гана бир аз илешкен айрындылар гана болбосо, калган денеси баш-аягы жылаңач, айрынды-тилиндиден чыккан каны топуракка сүрүлүп, тулкусу күйгөн чычаладай карарат. Жүзүнө карап таануу кыйын эле. Болгону кош билектерин бириктире байлаган кыл аркандын ар жери сүрүлүп, чыңалуудан улам чечилгис боло, чиеленген күрмөсү таштай катып, канга боелгон. Куугунчу сүйрөлгөн денеге күйбөй, арканына ичи ачышты. Эңкейе калып, чиеленген байлоону чечүүгө киришти. Таштай каткан аркандын күрмөмү сулк жаткан дененин билектерине батып, терисинен өтө өйкөгөндүктөн, сөөктөгү тарамышы айкын көрүндү. Акыры чече албасына көзү жетип, ал курундагы бычагын ала, кыл аркандын учун кесип жиберди. Чыңалган аркандын эшилип, чыйратылган нугу бөлүнүп кетти. Кыл аркандын учун чыңай түйүп, алаканы менен чыканагына орой келип, бир учун илмек кыла каңтарылган атынын ээр кашына илип  койду да, бийине жакын келип:

-«Өлүктүн» тирүүлүгү билинбейт-деди Корукчу.

-Тирүүлүктүн белгиси жок дегин. Дененин табы  барбы?

-Шык. Айрылып-тилингенинен ичегиси чубалганы калыптыр.

-Мейли, ажалына мен себепкер эмес экемин-деп бий, өзүнүн абийири алдында актангандай.

-Аны эмне кылалы, бийим?

-Корумдап коелубу?

-Тарпын таскара таласын!-деди башчы сөрөйү.

-Аңга ыргытып жибергиле!-деди бийдин билерманы баштанганы?

-А мунусун эмне кылабыз?-деди тургандардын бириси.

-Оңоло алгыдайбы? Абдандап карагылачы?-деди бий, колун аркага ала туура басып.

-Бийим, буту сынганбы, же чыкканбы? Кызыл ашыгы күпчөктөй боло шишип кетиптир.

-Башка жагы сообу?

-Соо эле, көрүнөт.

-Аа, эмнеге эсин билбей жатат?

-Көптөн бери ачка болгонбу, тырп этерге алы калбай калыптыр.

Этегин эрмек кыла камчысы менен чапкылаган бий, бурк этти.

-Абайлап өңөргүлө. Жолго чыгалы.

-Айылга кеттикпи?-деди жигиттеринин бири.

-Менин артыман келе бергиле-деген бий жигити жетелей келген атынын үзөңгүсүнө бут сала, обдулуп-обулуп, ээрге араң отуруп, алга теминди.

Шапа-шупа аттангандар анын артынан ээрчишти.

***

Көк өгүзүнө отунду сылай жүктөп, анын үстүнө өчөйүп өзү отуруп, колундагы көк чыбыгын пеш кыла, анда-санда бир теминген Элтүзөр какыраган борчуктуу таштарды аралай, жай келе жатты. Айлана-тегерегине саресеп салса, күңгөйдүн куусаң беттери азали жамгыр көрбөгөндөй кубарат. Маңдайдагы тескей тарап кокту-колоту билинбей жап-жашыл карагай чер. Анда-санда гана жылаңач жончолор кыраңдан ылдый көрүнүп, этек тарабы дүпүйгөн кайың-тал. Өгүзүн минип алып бараткан жалгыз аяк жол эңкүүлөй барып, дал ошол жапайы дарактарды четтеп өтөт. Ортодогу тушардан ашкан шар суу күңгөй-тескейди экиге бөлүп турат. Жээктери кууураган жыгачтарга толо. Ага карабай Элтүзөр барган жеринде куу отундарды чогултуп, өгүзүнө арта келет. Аркы-берки суналып жаткан отундарды албай коюуга көзү кыйбайт. Жайда болбосо да, кышта кереги тийет деп чогултуп, теңдей артынат. Көк өгүзү да ага көнгөндүктөн жолдо туура жаткан кагадак бутак-шактарды көрсө эле барып туруп калат.

-Көк өгүз көбүнө караганда эстүү, ары сарамжалдуу. Буларды кышта керек кыларымды жаземдебей билет. «Кыштын камын жазда көр» демекчи, сага да саман, топонду арбын даярдап берем. Бас эми, илгерилей берели деп, кобурап коюп келаткан.

Көк өгүз бир калыптагы басыгын бузбай, шоросу аккан көзү менен шилекейлүү оозу-мурдун каптаган чымын-чиркейлерди чочута башын чайкап коюп, илгерилей тынбай кепшенет. Ал бир эле сайгактан гана коркпосо, үстүндөгү абышканын куу таяк менен какмалаганын, суу көк чыбык менен шыбаганын, өпкө-боорун эзе темингенин тоготуп да койбойт. Кайра жампасы тийип булганган

куйругун «шалк» эткире жанына чаап, чүлүк өткөрүлгөн мурдун «быш» эттире, кулактарын шалпаңдата, «шашып кайда бармак элем» дегенсип, баскандан зериккендей, ордунан араң жылат.

Көк өгүз эгесине, эгеси көк өгүзүнө сырдана. Экөө тең шашышпайт. Шашып кайда барышмак. Өмүр бою шашып жүрүшүп, эч нерсеге жетише алышпады. Шашып, шашып ушул күнгө туш келишти. Баягы эле тиричилик. Эмне эле өзгөрүлүп кетмек?-деген карыя, маңдайдагы жыландай ийрилеңдеген жалгыз аяк жолдун четинен баштап өзүнө карай сыдыра көз бакты. Бул жолду качандан бери басып жүрүп, кандай таш, аң жан тайыш, жарча бардыгы салаасындай белгилүү. Көзүн жуумп, айтып да бере алат. Мына азыр колотчого туш келишет. Андан бери таштак дөңсө. Ага чейин кабышкан кысык, жолдун таманы бодур таш-деп эңкейген карыянын байкагыч көзү, жалгыз аяк жол менен бир нерсенин сүйрөлө кеткен изин көрө калды. Абайлап карап, жолдун таманындагы таштар да кызара кан жукканын байкады.

-Бул эмнеси? Кайберендердин денеси болсо сүйрөлбөйт эле. Жырткыч карышкыр-түлкүлөр болсо териси бузулат деп, аткан адам, же капканга түшүргөндөр, ошол жерде терисин туюк союп, бөктүрүшүп кетмек. Эмненин каны болду экен? Таңыркай келе берди да, жолдун таманынан көзүн алып, илгери тарапка паам салды. Карыянын паамчыл көзү те алдыдагы дөңсө үстүндө жаткан адам денесин көргөндөй болду.

Аяр басыгын бузбай, бир калыпта келе жаткан көк өгүз анын темингенин тоготуп да койбойт. Акыры дөңсөгө да жете келишти. Карыянын көзү алдабаптыр. Көмкөрүлгөн дене, эки колун алга сунуп, сулк жатат. Карыя шашыла отун жүктөлгөн өгүздүн үстүнөн оонай түштү-да жарым жылаңач көмкөрөсүнөн түшкөн денени кырынан келтирип, оодарды. Жылаңач денеси чөңөргөбү, же урчуктуу таштарга тытмаланган, айрым жерлери көгөрүп, денеси канталаган жаш адамды байкады. Денеси ооруксундубу, же оодарганга жаны кыйналдыбы, буту-колун жыйрый, онтоп алды.

-Жаның бар. Тирүү экенсиң-деп сүйлөгөнчө башын көтөрдү. Бир нерсе менен урганданбы, же камчынын көгү тийгенби бети, денелери канталаган. Боз топуракка сүрүлүп, канаган жерлери карарат. Эки тарабын карады. Аккан суу те алыста. Ойлонбой туруп өгүз үстүндөгү теңделген отунду түшүрүп, сулк жаткан денени көтөрө сүйрөй келип, ыңырчакка арта салды. Кыңкыстаган үн чыкты.

-Чыда. Азыр-деп өгүздүн чүлүгүн тартып жылдыргыча болбой, артылган сулк дене жылбышып, жерге кулады. Кайра аны көтөрүп, өгүз үстүнө артып, отун таңган жибин чечип келди да, артылган денени түшкүс кыла ыңырчакка таңа кетти. Кызарган каны катып, капкара болуп көрүнгөн билектерине көзү түштү. Эки билектин муунуна кыл аркан өтүп өйкөп, тамырына жете түшүптүр. Ысыктын күнүндө чымындар үймөлөктөйт. Денесиндеги сөөктөрдү сыйпалай аяр кармалады. Сынгандай эмес, амандай көрүндү. Баспаган өгүзүн ой-боюна койбой чүлүгүнөн тарта жетелеп, тар жолдон чыгып, этек тараптагы аккан сууну көздөй жөнөдү. Суу жээгиндеги көк чөпкө жетээри менен өгүз үстүндөгү денедеги чырмалган жипти чечип, саздагы өлөңгө жаткырды. Терге чыланып эскирген калпагына суу сузуп келип, сулк жаткан денеге жаба-жабаа куйду. Муздак тиш какшаткан тоо суусунун табы өттүбү эс-учу жок жаткан дене, колдорун жыйрып беттерин сыламак болду.

-Эсиңе келдиңби? Тура аласыңбы?-деп суроо берсе, ал үн каткан жок. Кургак тилин чыгарып, эриндерин жалады. Ысыктын күнүндө чаңкаганын ойлоп, калпагындагы сууну оозуна жакындатты. Ал аптыга сууну жутуп, какап-чакап бир тарабына оодарылды да, булдурттап бир демелерди сүйлөгөндөй болду. Кыйлага чейин анын эсине келишин күтүп отуруп, денесиндеги каткан кандарды, сүрүлгөн топурактарды жышып жууп кирди. Чөңөр, таш тилген денесинин териси айрылып, тепчилген тикендер айкын көрүндү. Али-бери өзүнө келе албастыгын баамдап, кайрадан ыңырчак үстүнө артып жолго чыкты.

Үйгө келгенден кийин жумшактап чөп үстүнө жаткырып, тытмаланып айрылган кийимдерин чечип, жалаң этине кийиз жаап, какап-чакаганына карабай, муздак сүттөн бөлүп-бөлүп жуткурду. Эшикке чыгып тиричилигин кылып, кайра киргенде тил-оозго келбей, сулк жаткан дененин башын көтөрө, муздак сүттөн чакаганына болбой ууртата берди. Кеч үлпүлдөгөн шайтан чыракты күйгүзүп баш тарабына коюп, жанына келип жатты. Түн оой бергенде эсине келгенсип, ызырына бир демелерди сүйлөгөн-дөй болду. Муздак сүттөн жуткуруп, кайра жаткырда. Таң эртеңден мал-калин жайытка чыгарып күн тоо баштарына келгенде кайра кирип, кыймылдабай жаткан бейтааныштын жанына келип үн салды.

-Таң атты. Тура аласыңбы?

Чалкасынан жаткан адам башын чайкады. Жанына келип, жылаңач денесине бир сыйра көз салды. Эки билеги долдое

шишип чыгыптыр. Чөңөр-таш тилген денеси күпчөктөй шишип, кара-ала болуп көрүндү. Тикен кирген жерлери томпое бүдүр-ала денесинде жыш.

-Шыкалган тикендерди бирден алыш кыйын. Тилинген жерлериң кабылдап кетиши мүмкүн. Сөөктөрүң таза эле көрүнөт. Денеңдеги шишикти кайтарыш керек. Көңүлүң каш. Ичтейиңди ачыш керек. Мейли, үйүмө мейман болуп келип калдың, бир улак башы-көзүңдөн садага. Кайнатма кылып, шорпо ичирейин. Көптөн бери ачка жүрүп шор сурап калыпсың. Жаш улактын эти сага дары да болот. Эртерээк аякка турасың. Калганын анан көрөрбүз. Түрлүү-түмөн дары чөптөрдү кошуп берип, иши кылып сени айыктырам, мейманым, азырынча жата бер.Сени бир көл-шал кыла тердеткенге мар жылан керек болуп турат. Аны да тапса болот. Сеники дарт, илдет эмес. Эки-үч күндүн ичинде баш көтөрүп каласың-деп Элтүзөр карыя шымалана ишке киришти.

Эшиктеги алты айлык болгон эгиз улагынын бирин сойду. Ысуулай канын үйүндө жаткан меймандын денесине шыбады. Заматта терисин сыйрып келип, ысуулайында денесине жапты. Улактын териси чып эте анын этине жабышты. Териси тумайта сыйрылган улактын денесинин кардын жарып, санын сан, колун кол кыла ажыратып жиликтегенден соң, жиликтерин чагып, шамал тийбесин деп, караңгы ортого илип, үстүн бекитти.Ичеги кардын эки-үч сыйралап муздак сууга жууп, аңтара кайра-кайра чайкап, жаңы алган ич майын аралаштыра жөргөм кыла өрүп чыкты да, муздак булактын суусун куюп казанга бүлкүлдөтүп, аралаштыра, тынбай кайнатты. Төбөнү карап күн чак түш болгондо, эзиле бышкан ич эттин шорпосун кара кесенин түбүнө чактап куюп келип, мейманынын ой-боюна койбой удаа-удаа уурдатты.

Жаш малдын, ысуулай жаңы шорпосун аз-аздан ичкенде да, меймандын денесинен нымшыган тер кетип, жабышкан тери бошошту. Чакчая тийген күндүн табына жушмак терини жая коюп, азыраак катып бараткanda, терлеген денеге улам жаңылай жабыштыра берди. Казандагы табы кетелек ысуулай шорподон дембе-дем уурдаткан сайын, меймандын денесинен көл-шал боло тер кетти. Көп кайнагандыктан өрүлгөн жөргөм колго илешпей калыптыр. Жаш улактын шорпосун ичип, көл-шал боло тердеген бейтааныштын ичтейи ачылып, өрүлгөн жөргөмдү чайнабай сугунуп жатты. Аңгыча күн кеч кирип, караңгы киргенде бейтааныш бут серппей уйкуга кирди.Эртеси үй ээси сырттан киргенде уйкудагы мейман баш көтөрүп отуруп калыптыр. Үй ээси шашпай

анын жанына келип, зерикпей денесин сыйпап, аңтара көрүп чыкты.

-Этиң жибишип, чоңор-ташка айрылган жаратыңа жан кириптир. Денеңе шыкалган тикендерди жабылган тери өзүнө тартып алыптыр. Муундарың эми жанданат. Башың айланбайбы? Көңүлүң каш болуп, кускуң келбедиби? Кана, оозуңду ачып, тилиңи көрсөтчү. Эки-үч күндүк дартың бар. Чыда. Эртең көл-шал кыла тердетем. Тим эле бутуңун учуна чейин тер чыгат. Мен берген дары чучугуңа жетип, сөөгүңдөн бери терлетет. Айткан тилимди алсаң, берген тамагымды ичсең такыр айыгасың. Кокус аларды жасабасаң, оорукчан болуп каласың. Келиштикпи?

Карыя сыртка чыгып, жиликтери чагылган эттен салып, отту тарта жагып, кайра келди.

-Сен турбай жатасың. Өзүм келип тургузам-деди.

Бейтааныштын ансыз да турууга дарманы жок эле. Карыя өзү болжогон күңгөйгө барып, издеген жыланды таап келди. Казанга салынган эттин сөөгү шылынып, ички чучугу кайнап сууга аралашып билинбей калыптыр. Кара кесенин түбүнө ченеп куюп келип, түгөтө ууртатып, эзилген этин калтырбай жегизди. Бейтааныштын ичтейи ачылып калган экен баш тартпады.

-Эми, сергип баратыпсың. Кечки тамакты да көңүлдөнүп ичкин. Ал тердетет. Чыдагын. Эртең кудай каалаޑа, куландан соо болуп, басып кетесиң деп, даярдаган ар түрдүү чөптүн буркураган жыты аңкыган жалаң шорпо берди. Даамы ачуу да эмес, ширеси жок, суюк эле. Ууртаган сайын оозун кургатып, көңүлүн сергитти.

Карыя түнү шайтан чырактын шооласы менен бейтааныштын абалын билгени кирди. Тердегенден улам малма-малма суу болгон бейтааныш ысыганынан чабалактап жатыптыр. Кымтуулап жаап, сыртка бет алды.Эрте менен оорулуу аягы менен туруп, басып калыптыр.

-Мынакей, айыкканың ушу. Денеңдеги жараттар так болбой айыгат. Ысуулай тердегенден улам, ириң-жара болбоду. Анын үстүнө өзүңдүн денең да чың, ысык-суукка бышкан экен. Башың бир аз айланышы мүмкүн. Окшуп, кускандан абайла. Эки-үч күн баш көтөрбөй, турбай жат. Эми, экөөбүз отуруп жай сүйлөшөлү. Ким деген болосуң? Кайдан бул абалга кириптер болдуң? Көңүлүңө туура келсе айт! Деги ууру, каракчы эмессиңби?

-Жакшылыгыңызга карыздармын, аба? Ууру десеңиз да, каракчы десеңиз да актанбайм.

-Мейли көр тиригиликтин айынан эр жигиттин башына эмнелер гана келбейт. Бирок, бирөөгө жамандык кылчу түрүң жок.

-Жамандык кылайын деген ниеттен алысмын, аба.

-Эмнеге бүткөн боюн жанчылып, келтек жеп, ээн талаага жатып калдың?

-Аны айтсам кандай ойлойсуз, ал өзүңүздүн ишиңиз. Бирөөлөрдүн жылкысын кайтардым. Убадалашкан күн келгенде бошотууну сурандым. Ал кетиргиси келбеди. Жөн кетсем ал мага док артып, бийлерге салып, бир деме илештирерин ойлоп, бийлердин боло турган жыйынын күтүп жүргөм.

Бир күнү ошол бийлердин жыйыны болор алдын, коңушу айылдан бирөөсүнүн жылкысы жоголуптур. Аны өзүмүн бийим баш болушуп, мага төңкөшүп ак жеринен каралашты. Көпчүлүк алдында канчалык актансам да, баштатан сүйлөшүп коюшканбы, доого жыгышты. Ууру аташып тогуз-тогуздап айып салышты. Уруу эместигимди эл алдында далилдөөнүн аракетинде болдум. Эл ишенишсе да, бийлер каралап туруп алышты. Тогуздаган айыпка кесим чыгарышып, бийге иштеп берип кутулсун дешип кете беришти. Мени жактаган тууган-урук тогуз кесимдин экөөнөн эптеп, бирин-экин деп мал-чогултушуп кутулушту. Калганынан кутулуштун айласын кылып жүрсөм, бий өзүнө чакырып, жортуулга барып, жылкы сүрүп келип, кутул деди. Акылсыз жаным ага кандай макулдук бергеними билбей, сөзүмөн алдырып, уурулук-каракчылык десем да болот. Айлык жерге барып, жылкы сүрүп келдим. «Эми кутулдум го» деп жүрсөм, атасына аш бермек болуп, мени тууганчылыкка такады. Башта барып, бир мээнеткеч, өзүмө окшогондордун короосундагы ак мээнеттери менен асыраган малдарын уурдап, каракчылык кылып, талап-тоноп келгениме аябай өкүнгөн элем. «Карыздан кутулуп бошоносуң» деген сөзү менен барып, бирөөлөрдү боздотуп, дагы сүрүп келдим. Баягы убадасы менен бий бошотту. Бирок, «Тогуз-тогуз айыптын жарымын канаттуу-куштар менен эсептелген, тирүүлөй тутуп келип кутуласың» деп артыман шыбанчыларын салды.

Жайлоодо карары жок бир жесир кемпир бар эле. Отун-суусуна каралашып жүргөм. Бир күнү ажалы жетип, о дүйнөгө кете берди. Айылдагылар чогулуп, аны жерге берели деп, тажиясын өткөрүп жатсак, баягы шыбанчылар канаттуу куштарды тутуп кутулгун дешип, айдактап келишиптир. Чарпыша түшүп, байкуш кемпирди жерге бердик. Анын жалгыз сагыр небереси кароосуз

калды. Экөөбүз качып кутулмак болдук. Аңдыгандар аркадан түшүп, кармап алышты.

-Ооба бул кабарды элден уккандай болгон элем. Бийлер бирөөгө айып салып, канаттуу-куштар менен төлөөгө кесим кылыптыр деп угуп, баарыбыз таң калганбыз.Мындай жорук алда-кийин такыр болгон эмес эле. Карга карганын көзүн чокубайт-деп эл бекеринен айткан эмес. Эзелтен эле бийлер биринин сөзүн, бири жокко чыгарышпайт.

-Эми, мындан кийики максатың кандай?

-Сизден жашырып эмне, байдын бир үйүрүндөгү сынаакы атты маңдай терим менен тапкан элем. Экинчиси сагыр кызды, ошол жырткычтын колунан кандайда болсун бошотуп алыш.

-Бул ишти жалгыз-жарым бүтүрө албайсың го?

-Жок, аба. Кандай да болсун, экөөнү бошотуп алышым керек. Алар мен үчүн өтө кымбат.

-Мейли. Бул жерде болуп, тынык. Жараттарың айыксын. Өзүң кубатыңа кел.

-Абаке, сиздин жакшылыгыңыздай жакшылыкты эч кимден көргөн эмесмин. Алтын башым аман болсо, сиздин кадырыңызга жетээр күндөр да келет.

-Жакшылык баарыбызда боло берсин-деп карыя жигиттин тамырын кармап- Атың ким?-деп сурады.

- Атым Бишкек.

-Ого, бала баатыр Бишкек сенсиңби? Атыңы уккам. Өзүңдү көрө элек элем.

-Сиздин атыңыз ким?

-Элтүзөр. Мына эми, экөөбүз тең ысымыбызды билип алдык. Кой мен сага дары берейин деп, карыя ордунан козголду.

Бишкек Элтүзөр карыянын берген кийими менен айылды карай жөнөдү. Жаргак шым, боз көйнөк, башында эски малакай, бутунда жеңил чокой, колунду учу уюлдуу куу шилби. Элпек кыймылдап, жеңил басыгы менен эңкүүлөй келе берди. Күнгөй бетте күн төбөгө келип, кактай тийгендиктен, салкын жай, көлөкө көздөн учат. Тиш какшаткан муздак сууну самап, тээ маңдайдагы шар аккан сууну жээктей бадал-шактуу токойго жетүүгө шашат. Таңдайы так катып, оозу кургагандыктан тез эле жетип, муздак суудан кана жутуп, сууга чөмүлө, денесин сергиткиси келип, кургаган ээриндерин суулай, бутун ылдамдата шилтейт. Суунун шары кулагына жаңырып, бир аздан кийин кумардана сууга чайынарын ойлоду. Тез эле суу боюна жете келди. Жыш сай тал

менен чычырканакты аралай баратып, суу боюнун салкындыгын сезди. Аркы тарапта ооздугу чыгарылып, ээр-токуму алынбаган эки-үч аттардын жүргөнүн көрдү. Алар шактын көлөкөсүндөгү салкында үзүгө оттогонуна караганда, көптөн бери ачка калышкан-дай. Ат ээлеринин карааны көрүнбөйт.

Бишкек мойнун созо илгериледи. Суу боюна жакын, сайдын таштарын очок кылып, бири-бирине калап, от жагып жаткан жалгыз адамдын карааны көрүндү. Как чыгачтын чогунун табынан улам ээриген майдын жыты келип, анын майлуу эттен шишкебек бышырып жатканы билинди. Очокко жакын эле аралыкта артылып келген ала каптар, ат үстүнөн түшүрүлгөн боюнча баш-аламан чачылып жатат. Анын жанында кандуу териге оролгон эт кызарып, алыстан эле айкын көрүнөт. Теңдештириле артылган жүктөрүнүн ар жерде чачылып жатканынан, ээр токулгулары алынбаган аттар үзүгө оттогонунан улам бул жерге келгендер алыскы жолду басып, буюм-тайымдарын жыйынтыктуу коюуга да моюндары жар бербей чаалыгышканын туйду. Аттан түшүрүлгөн бойдон чачылган ала каптардан башка ажыратылбай сан-кол боюнча бүтүн артылып келген эттер кара малдыкы, каптардагы ич май, ич эттер экендигин божомолдоду. Жүк артылып келген улоолор бөтөн жердин малы эмес. Ушул эле ортолуктагы мингичтер экенин жабдыктары аныктап турду. Абайлап, көңүл бөлсө башта көрүп билип жүргөн, өң түстөрү тааныштай.

Шашылыштан отундун суу-куругуна карабай от жаккандыктан жалындап күйбөй, быкшыган түтүндөн көзү ачышкан адам, очоктон алыстай берип, эки тарабын карап жатып, сай талды аралай келе жаткан Бишкектин караанын көрө калды. Чоочудубу, же шекшидиби сыр билдирбестин аракетинде ары басты. Анысына карабай Бишкек башын ийкей, ага салам бере, шар аккан суугa жете келип колун жууп, муздак суудан кочуштап кере-кере жутту. Суусуну канган соң, бети-мойнун сүргүлөдү. Муздак суу денесин салкындатып, заматта сергий түштү. Ал артына карап, очок боюндагы киши тарапка кылчайды. От боюндагы адам андан көзүн албай карап туруптур.

-Ассалоому алейкум-деп, кайрыла басып келип, суунун шарына аралаш кыйкырды.

Ал алик албай, көзүн айрыбай тиктеп, таңыркады. Карааны Бишкекке тааныштай. Ким экенин эстей албай барып, анан баягындагы кемпирдин тажиясында демите опурулгандардын бири экендигин боолголоду. Оюнда булар дагы бир шойкомдуу ишке

аралашып, же кимдир бирөөнү тоноп, же малдарын карактап, уруулуктан келе жатышкандай сезилди. "Эски тааныштар" экендигин нак билүүгө жакындай басты.

-Эй пенде баласы, салам айтсам неге унчукпайсың?-деп тийише сүйлөдү.

Ал пушүркөй тиктеп туруп, жооп айтпай өзүнө кызык-ты:

-Се-ен Бишкек-сиңби?-деди чочуган түрдө, таңданып.

-Жо-ок. Мен Токмокмун.

-Ош-шон-дой-деп, чочулаганы жазыла, өзүн колго алып, жеңилдеген түр менен.

-Сен Бишкектин эгизисиңби?

-Уккан эмес белең?

-Укмай тургай биринчи көрүшүм-деп кызыга жооп берди.

-Сен мени Бишкекке окшоштурдунбу?

-Бишкектин өзүндөй эле экенсиң. Ал каякта?

Ал жоопсуз, башын тескери бурду.

-Шериктериң кайда кетишти?

-Тыякта. Жуунганы кетишти-деп, кечүүдөн төмөн жакка колун шилтеди.

-Алыстан келдиңерби?

-Анын сага кереги эмне?

-Жүгүңөр оор окшойт?

Маңдайындагы үн катпады.

-Атыңар аябай эле чарчаптыр. Ачка экени көрүнүп турат.

Бишкектин сөзүнө териктиби:

-Сенин ишиң болбосун. Жолуңа түшүп, кете бер.

-Эй ал эмне дегениң? Адам адам менен учурашат, сурашат. Силер эмне жашырынып жүргөн ууру, же бирөөлөрдү тоногон каракчы белеңер?

Өзүнөн жаш көрүнгөн неме, уламдан улам суроо бергенин жактырбай, тултуя тескери бурулду.

-Сен менин атымы билип, өзүңүн атыңы айтпадың го?

-Атым Корукчу-деп бурк этти.

-Чын элеби?

Ал үтүрөйө, ачууланып, өзүн кармана албай бакырды:

-Атаңын башы! Атымы айтсам, неге ишенбейсиң!

-Мен, мына буларды көрүп отурганымдын улам айтты деп ойлоптурмун. Ачууң чукул неме көрүнөсүң. Эмнеге эле итиреңдеп жатасың? Буларың эмне уурулукпу?

Маңдайндагы андан бетер үтүрөйүп, бурк эте:

-Сен кайда баратасың?

-Мен жолоочумун. Шерик кылып аласыңарбы?

-Жолоочу болсоң, жолуңа түш! Мага тийишип, жонуң кычышып жатабы?

-Жонумун кычышканын кайдан билдиң?

-Атаңы таанытып койбоюн! Жөн кет! Ана жолуң!

-Атамы тааныйсыңбы? Издеп жүрдүм эле.

-Аркы дүйнөдөгү атаңы издебей эле кой.

-Атаңы таанытам дебедиң беле?

-Бөөшсүнбөй, эшек куртуңду мурдуңдан түшүрө электе жогол!

-Эшек курт деген кандай болот? Бул жерди, энчилеп алдың беле? Жогол дегениң кандай?

Баятан бери шакабалаганды экинчи сүйлөгүс кылайын дедиби, Корукчу очокто күйүп жаткан жоон чычаланы шарт ала коюп, маңдайындагы Бишкекти көздөй шилтеди.

Жалындап күйүп жаткан чычала "дуу" эте башына тие беренинде Бишкек шамдагайлык менен эңкейе калып, колундагы уюлдуу шилбини чычаланы улам булгап, чабуунун аракетинде болуп жаткан Корукчуну туштап урганда, ал "ык" дей түшүп, кыры менен жыгылды. Чапсаңдык менен шап секирип жеткен Бишкек, Корукчу козголгуча болбой эки колун аркасына кайрый, өйдө көтөрдү.

-Ай! Колум! Кайрыба, кайрыба?- деп, безилдеди.

-Атамы таанытат экенсиң. Эшек куртуму мурдуман түшүрөт экенсиң. Машайык окшойсуң-деп колдорун бурай, белинен басты.

-Колум, Колум! Айланайын, жаным чыгып баратат. Абайла, колумду сындыра турган болдуң.

-Бул жер экөөбүзгө тең бирдей эле. Кантип, мени жогол дейсиң?

-Жогол дебейин? Абайла, айланайын? Жан соога, жан соога?

-Бишкек каякта?

-Билбейм.

-Билесиң айт!-деп, колду бурай, өйдө көтөрдү.

-Колум, колум! Сындырмак болдун. Жан соога, айланайын?

-Ии? Жаның таттуубу? Бишкекти айтасыңбы?

-Билбейм, айланайын.

-Билесиң! Айтпасаң колуңду керектен чыгарам-деп бурай көтөрдү.

-Айтам, айтам. Ал, ал... Бишкек өлгөн.

-Ким өлтүргөн?

-Алакөз менен Чомой өлтүргөн.

-Эмнеге өлтүрдү?

-Билбейм.

-Билесиң. Айтпасаң мына бул чычаланы көчүгүңө малып алам.

Азыр эле ала коюп, Бишкекти чабууну аракет кылган, түтүнү быкшып, жанында жаткан кара чычаланы карай койгон Корукчу көздөрүн жума коюп, андан оолактоонун аракетинде булкуна, жыла берип:

-Билбейм, билбейм!-деп бакырды.

-Айтпайсыңбы? Бишкек колун созо түтүнү бүксүгөн чычаланы алып, -Мына сага!-деп жалбырттап жаткан учун көмкөрөсүнөн жаткан Корукчунун көчүгүнө басып алды.

-А-аа! Жеди! Күйдүм-күйдүм!-деп айкыра, ооналактады.

-Жанындын шириндигин. Аз эле тийди. Айтпасаң биротоло малып алам. Айт! деп, түтөгөн көсөнү өйдө көтөрдү.

-Айтам, айтам, айланайын. Бий өлтүрттү.

-Шериктериңдин алдында айтып бересиңби?

-Айланайын, жаным калтыр? Айтып берем.

-Шериктериң кайда?

-Сууга түшкөнү кетишти.

-Сен эмнеге барбадың?

-Мен, шишкебек бышыр!-дешти.

-Бийиң кайда?

-Азыр келет. "Жолуңардан күтүп алам" деген.

-Баягында бээни ким уурдады эле?

-Качан? Кайсы?

-Бишкекти уурдады деп, жалаа жаап, айып салгандагычы?

-Аны билбейм.

-Аман калууну ойлосоң, ачык айт. Болбосо, мына бул ысыган ташты, башыңа бастырып коем.

-Айтсам аман каламбы?

-Ооба. Айт!

-Макул. Өлтүрбөйсүңбү?

-Өлтүрбөйм.

-Бийдин дайындоосу менен Алакөз менен Чомой уурдаган.

-Бийдин короосундагы бээни ким алган?

-Мени жиберишкен.

-Ушунун баарын элге айтып бересиңби?

-Өлтүрбөсөң айтам.

Бишкек Корукчу менен алек болуп жатып, анын шериктери бардыгын эсинен чыгарып койгон эле. Жуунуп бүтүшкөнбү, же шеригинин айкырыгын угуп келишкенби, Алакөз менен Чомой жете келишти. Уйпаланып жаткан Корукчудан улам, окуяны түшүнө калышты. Алакөз жерде жаткан күйүндүнү, Чомой уюлдуу шилбини ала коюшуп, Корукчунун колун кайрый, суракка ала эңкейип турган Бишкекти биринен өтүп, экинчиси удаа-удаа чаба кетишти.

"Дүп-дүп" эте жонуна тийген таяктан улам, аркасына кайрыла бергенде, салмактуу союл Бишкектин башына "как" эте тийип, көзү караңгылап барып, жамбаштап жыгылып, эч нерсени туйбай калды. Экөө аны таяктары менен чапкылашып, такыр кимдиги билинбей калгыча тепкиге алышты. Колу-бутун чылбыр менен чыңай таңышып, шар аккан сууга карай сүйрөштү. Суу үстүнө ийилген дарактын жоон бутагына байлашты да, күшүлдөп-бышылдаша очок боюна кайрылып келишти. Шериктерин көрүп эреркедиби, же жаны ачышканына ызаа болдубу, көмкөрөсүнөн жаткан Корукчу зөңгүрөп ыйлап, жер муштап, ооналактады.

-Тур өйдө! Атаңын оозуна урайын ашкеби! Катын баштанып зөңгүрөбөй кал. Өзүңдөн кичине немеге алың жетпедиби? Таяк менен сабап, жаныңа жакын жолотпой, кубалабайсыңбы? Тур э! Айбандан айырмасы жок. Эмнеге айкырып ыйлайсың-деп Алакөз жекире сөгүп, бутунун учу менен түрткөнчө:

-Карачы, бу жамандын шишкебеги бышты бекен?-деди Чомойго буйруй сүйлөп

Ансыз да карды ачкан Чомой, очок боюна эңиле чокту карап:

-Шишикебек тургай балээ жок. Чок үстүндө кара чычала күйүндү, күл болуп жатат-деп кыйкыра үн катты.

-Энеси талак. Буга ишенген адам арам өлөт.-деп буту менен желкесинен мыжыга кармай берип, көчүгүндөгү оңурайган шымынын күйгөнүн көрө калды да-Жанагы желмогуз, муну биротоло жайлап салган турбайбы-деп шеригине кайрылды.

-Ии?-деди Чомой Алакөзгө жакындай келип.

-Мунуңдун зоңкулдаганынча бар окшойт? Эмнеге эле туралбайт десе, көтөрүп уруп, көчүгүнө чычаланы малып алганбы? Карасаң шымынын көчүгү оңурайып күйүп калыптыр? Деги ички эти таза бекен?

Корукчу андан бетер зөңгүрөп ыйлап, жер муштагылады.

-Көтү түшкөн аюдай бакырбай өл! Атаңын оозуна урайын ит! Ит болбосоң, бир ошого тең келе албайсыңбы? Экинчи жанына келгис кылып сабап, колу-бутун сындырып салбайсыңбы? Тур

өйдө! Бий келип калса уят. Буга ишенбей өзүң камдай кой! Даамдуу болсун, тузга булап, жумшактап бышыр. Улам аңтар! Күйүп калбасын! Бий  ар чайнаган сайын тамшанып, ыраазы болгондой болсун!-деп, солкулдап ыйлап, басылбай жаткан Корукчуга карап да койбой, ызырына суу тарапка жөнөдү.

Чомой түтөп жаткан очокту көөлөй, куу жыгачтан сындыра салып, териге оролгон этти көздөй басты.

-Бая, бүлдүркөн камчыны кайда койдум эле? Таап берчи!? Бу баатырсынган немеге энесинин тоюн  көрсөтөйүн!-деп, кере-кере арымдап келип, ала каптардын жанына ыргыткан табылгы сап, жыландай чубалган камчысын ала: -Энеңди урайынды, экинчи жакындагыс кылайын-деп ызырына сөгүнүп, кайра кайрылды.

Чомой  шеригинин сөзүнө көңүл буруунү унутуп, эси-көөнү бийине кушкер, тамшанып жей турган шишкебекти даярдамакка, жумшак этти чүйгүңдөй керте кесип жатты.

Ачуусу келгенинен титиреп, суйдаң сакалы бириндеген Алакөз бүлдүркөндөй өрүлгөн, өңгүл-дөңгүл жоондугу сөөмөйдөй камчынын көгүн чубалжыта сүйрөй, арыштап келип, бутакка асыла байланган, али эсине келе элек Бишкектин салаңдаган денесине керилип туруп камчыны шилтей бергенде, анын денеси термеле кетти.  Күү менен чабылган камчы тийбей, Алакөз бош абада тең салмактуулугун жоготуп, денеси ооп, шагылдуу жээк сүрүлүп, буту тайгаланганынан, өзүнүн оор денесин  токтото албай, "чалп" эте сууга түшөрдө алдастап, асылган денеден ашып, салаңдаган жипти кармай калды. Токтонуштун аракетин кылды. Жип анын тайып бараткан денесин токтотмок тургай кошо чубалды. Ал жип учун кармаган бойдон сууга "чалп" эте, эт бетинен түштү.  Шар суунун эпкини этек-жеңин түрө, эки-үч ала салдырганда оозу-мурдуна суу кирип, какап-чакап, окшуй ордунан турууга далбастады. Бутуна туруп, оор денесин түздөөгө канчалык аракеттенсе да, суу ичиндеги сыйгалак таштарга  буту сыйгаланып, таканчык таппай, саман буулган каптай тоголонду. Улам ала салып, төмөндөгөн сайын, кыйкырууга алы келбей, оозу-мурдуна суу кирип аптыктырды. Жыгылганда суу ичиндеги ташка талуу жери тийгенби, анысы да зыркыратып, эптеп өмөктөп турууга кылган аракетине буту эп келбей, кайра чабыла жыгылып, "суу ичинен чыга албай өлөмбү" деген коркунуч каптады.

Шар аккан муздак суунун шапатасы сергиттиби, же тийген таяктын уусу кайттыбы Бишкек эсине келип, колу-буту чырмалганынан уюп, денеси сенектей катып, этине баткан жип

чыңалып турганын эми гана сезген Бишкек, эптеп бошонуунун аракетинде кыймылдай булкунган эле. Заматта эле түйүнү бошоп, чырмалган жип жанып, денеси бошоңдой түштү да, чалп эте сууга түштү. Муздак суу аны эсине келтирип, куушурула байланган эки колу таканчык кылууга эп келбей, эптеп туруунун аракетинде бутуна таканчык издеди. Жип бутуна илешип, суунун күүсү менен бир-эки ала салып барып, жөрмөлөй жээкке умтулду. Эптеп салаңдаган талдын бутагын эки колдоп кармап, түзөлө туруп, атарабына көз сала кетти. Өзүнөн төмөнүрөөк суу ичинде алдастай жыгылып туруунун аракетиндеги Алакөздүн караанын байкай  калды. Заматта башына тийген таяктан жыгылганы эсине түштү. Анан, кантип Алакөз экөө суу ичине жүргөнүнө таңдана, көзүн "пар" ача,кайра тиктеди.

Эми гана таканчыктап бутуна туруп, жээкке умтула, өйдө болгон Алакөздүн карааны, суук көрүнүп эки колун капшыра байланган жиптен бошонуунун аракетинде, сууга чыйрала катып калган түйүндү, жандырып чечүүгө тиштегилеп, тарта баштады. Жаныдан чыйратылган кыл аркан мурда-кийин колдонула электигиненби, түйүн колдоюп чыңалбагандыктан, тиши менен тарткылап, тез эле бошонуп алды да, жип учун кылтак кыла түйүп, экинчи учун жыйып, түрө койду. Эми башын көтөрө, жээкке чыга берген Алакөздү карай чалма ыргытты. Суу ичинде алдастап көп кыйналганданбы, оозу-мурдуна кирген суудан чакап, эсине келе албай жаткан Алакөз мойнуна илинген чалманы этибар албады. Жээкке умтула келип,  сулк жыгылды. Какап-чакап окшуганынан улам оозу-мурдунан суу куюлуп, аптыга чабалактады. Улам ооналактап, баш көтөрүүгө аракеттенген сайын окшуп, көздөрү караңгылап, ичи түйүлө, көмкөрөсүнөн түшү.

Аңгыча Бишкек уюган желкесин ушалап, караңгылашкан көзүн жума, терекке сүйөндү. Улам көңүлү айланып, көзүнүн караңгылаш-каны кайтып, эсине келди. Алакөз тарапты караса, ал да тизелей таканчыктап, боюн түзөй, туруунун аракетинде башын көтөрө берди. Айланасына кыдырата көз салып келип, маңдайындагы Бишкекти көрүп, селт эте чочуп, кетенчиктеди.

-Бирөөгө көр казсаң, өзүң түшөсүң деген сөз сага окшогондорго айтылган окшойт. Келме кезек деген ушул.

Ал нес болгондой, таңыркай тиктеди. Оозу-мурдуна кирген суудан улам, чакап, окшуп-кусуп жатып эсин жоготконбу, мелтейип, үн катпады. Бир аздан кийин теңселе илгерилей басып келип, эсине эми келдиби, бети-башын жыйры ачуулана:

-Кайдан шайтандай болуп жетип келдиң? Жогол көзүмө көрүнбөй!-деп сүйлөп баратып, кайра окшуду. Улам жөтөлө, жөткүргөнүнөн аба жетпеген бети, мойну көгөрүп, кан тамырлары сөөмөйдөй болуп, билинип турду.

-Абалыңа кара, Алакөз. Мен сага эмне жамандык кылдым эле?

-Жогол бул жерден! Изиңди көрбөйүн-деп ызырынганча билегинде салаңдап жүргөн, бүлдүркөн камчысын шилтей берерinde, Бишкек чубалган жиптин учун өзүнө булка тартты да, колундагы камчысын жулуп алды. Сыдырылган суу чалма, шап тамагын кысканда, ал моюнундагы сыйыртмак бардыгын билип, эки колу менен жипти тутамдай кармап, алга карай өбөктөдү. Бишкек жип учун кере тартканда, ал бошоно албастыгын сезип, эңкейе бергенде, дагы да чакап, оозу-мурдунан суу шаркырады. Көздөрү аңтарыла, ичин баса эңкейип, окшуп жатканда, Бишкек эки колун жиптин учу менен байлап салды. Ал сууланган оозу мурдун арчый бергенде, эки колу байлануу экенин билип, заматта кубула кетти.

-Айланайын Бишкек, какап-чакап зорго турганда, бул эмне кылганың? Өлгөнгө көмгөн кылгыдай, мен сага душман белем, садага!

-Качан мага, сен ага, дос элең?

-Жашым улуу. Ага экеним жалганбы, айланайын.

-Менин айтканымы аткарасыңбы?

-Айтканыңды аткарбай, кимдикин аткарат элем, иним?

-Бийиң экөөңөр уурдаган бээни эмнеге мага төңкөдүңөр.

-Кайсы бээ?

-Анткорсунба, Алакөз! Баягында мага тогуздап айып салынганын унутуп калдыңбы?

-Ал качан эле, эскирбедиби, иним?-деп эпилдеди.

-Эскирбейт. Ак жеринен жалаа жаап, эл алдында ууру атыктыңар.

-Аны, бийге айт, иним! Мени аралаштырба.

-Бийиңдин айткандарын аткарганыңы унутпадың-бы?

-Кой, мен кантип эле ошол ишке барайын. Ким айтса да, жанын жептир.

-Жаныңы сен жеп жатасың! Шеригиң менен беттешти-рем.

-Ушунча жашым, сакалдуу башым менен кантип калп айта алам, иним. Сага жамандык ойлосом, балдарымдын жүзүн көрбөй калайын, кагылайын-деп анын көңүлүн жайгара келип, коштолгон жиптин учун Бишкектин мойнуна орой салды.

Заматта кубулуп, жамандык кылаарын ойлобогон Бишкек анын колунан кача эңкейе берип, аркага кетенчиктеди. Алаңкөз андан колун үзбөй, мойнуна оролгон жиптин учун кармоонун аракетинде шашылды. Бирок, бириктириле таңылган эки колу эп келбей, жип колуна келбеди. Бишкек өзүнөн оолактата түртүп, шамдагайлык менен мойнундагы жипти чыгара коюп, жанында турган даракка, жиптин теңделген учун орой тартканда, заматта Алаңкөздүн денеси даракка жабыша түштү. Бишкек жай басып келип, коштолгон жипти анын денесине орой:

-Арамдыгыңдын аркасы ажалың. Сага ишенейин дедим эле.

-Ишен айланайын. Менин абалымда сен болгондо да, ушинтмексиң, иним.

-Миң кубулган жүзү кара. Колуң менен жасаган күнөөңдү мойнуң менен тарта турган учуруң келди.

-Мени өлтүрө албайсың!

-Эмнеге?

-Бала-чакамдын убалы мойнуңда болот. Догумда калып, колуң кандуу болуп, күнөөгө батасың.

-Сен эмне, док тартпай, күнөөгө батып жүрөсүң?

-Сен али жашсың. Көрөр күндөрүңдү ойло! Мага окшогон итке, теңелбе.

-Сен итсиңби?

-Ит десең итмин.

-Сен ит эмес, түлкүсүң!

-Түлкү десең, түлкүмүн. Мойнума алдым. Чиедей балдарыма боор ачы? Мени өлтүрсөң, аларды ким багат. Бошото көр, кагылайын?

-Сен бирөөгө боор ачыдың беле?

-Болсо болгондур. Кам сүт эмген пенде, эмнелерди гана кылбайт.

-Мейли, сен күнөөңдү мойнуңа алып, мындан кийин бирөөлөргө жамандык кылбасаң бошотоюн.

-Азамат, ата уулу деген сендей болот. Түстүүдөн түңүлбө деген эмеспи.

-Бийиңдин күнөөлөрүн эл алдында, бетине коюп бересиңби?

-Бий алдында "бетими кара кылба" иним? Ал жасаган ишин күнөө деп ойлобойт.  Өткөн ишти козгоп, убара болбо! Айкөл адам майдалыкка барбайт.

-Билсең, ууру атыгыш, мен үчүн өлүмгө барабар.

-Ууру десе эле, адам сандан чыгып калат беле. Уурулукту да, колунан келгендер жасайт. Өткөн кеткенге, көп ойлонбо, иним. Экөөбүз элдешели. Менин пайдам сага көп тиет.

-Сен мени эмнеге, өлтүрмөк болдун?

-Аны бийден сура. Мен анын айтканын гана аткарып келдим.

-Акакты бий кайда бекитти?

-Аны керекке жаратам деп, бий үйүндө кармап олтурат.

-Кандай керекке, жаратат?

-Бирөөлөргө тартуу кылат окшойт.

-Ачык айтканда кимге?

-Аны бий бир өзү билет.

-Бийди да, сени да урдум. Тфу!

-Мейли түкүрсөң да, какырсаң да мейли. Шериктериме маскара кылбай бошотуп кет, кагылайын? Анык мырза экениндu, айта жүрөйүн? Бишкек. О, Бишкек.

Бишкек анын чакырганына, бакырганына кулак түрбөдү. Шашыла басып келе жатып, алыстан эле, очок боюнда күйпөлөктөгөн Чомойдун караанын көрдү. Териге оролгон кызыл эттин жытын сезишкенби, же каткан кандан уламбы, көп сагызган шакылыкташа учуп-конуп, айланчыктап жүрүшөт. Чомой башындагы тебетейин колго алып, жагылган оттун үстүн астейдил желпип жатты. Бишкектин жакындап келгенин туйган да жок. Өзүн союл менен башка чаап, буту-колун таңууга Алаңкөзгө жардам бергенин ойлоп, көк түтүнгө көзүн ачыштыра, улам эңкейип чок үйлөгөн немени көчүк талаштыра бир тепти. Ал чочуй кетип, аркасын кароого үлгүрбөй, кызарган чок үстүнө бети менен жыгылды. Эсин жыйып, турганга үлгүртпөй, очок толгон отко желкесинен басты. Ал табы булоологон кор үстүнөн тура албай, чабалактай, кыйкырганына карабай, сай талды аралай жөнөдү.

Салкын жердин жашаң чөбүн бургап оттогон аттар капшыттары чыга, тойгондон улам, ысыктагы көгөн-чымындан корунуша, бирин-бири жандап, илалап турушуптур. -Шык-шыктап барып, бирөөсүн кармап, ээр кашында илнген камчысын колуна ала, белин бышытып, ооздугун салды. Кою тал арасынан жетелей басканда бирөөнүн кыйкырыгы угулду.

-Эй, барсыңарбы? Кайдасыңар!

Анын доошунан чочуган канаттулар, дүрдүгө учушуп, бая кызарган этти көрүп, жабалактаган сагызгандар биринен бири калбай шакылыкташа, бутактардан-бутакка учуп конушту.

Эч кимден жооп болбогондуктан баягы жоон үн өктөм, ызырына кыйкырды.

-Атаңын оозун урайын, жамандар. Темселешип, кайда кетишкен? Жерге житип кетишкенби дейм. Эй, барсыңарбы? Алакөз! Чомой! Каадалы адам баштанышып, мени издетишип... Кулактары керең болуп калган окшойт. Атаңын оозуна урайын дүм кулактар! Силерге гана көргөзбөсөмбү!-деп улам үн сала, кайра ызырына сөгүнгөнү улам жакындай берди. -Чуркап келишип, ат алышты да билишпейт. Кем акыл, томаяктар! Мени издеткен иттердин, көздөрүнө бир көрүнбөсөм болбойт. Айбан гана иттер!

Бишкек улам сөзүнө ызырынган тарапка утурлай басты. Бутак арасынан ат үстүндөгү, аркы-терки тарапты шыкалай караган бийди көрдү. Ал камчысын бүктөй кармап, тынчсыздана ээр кашты ургулап, ысыкта ылоологон атынын оозун тартып турду. Суу тараптан аттын бышкырыгын уга коюп, ошол тарапты көздөй атын теминди. Экөө ортодогу суйдаң талга жакындаганда оро-кара чыгышты.

-Ассалоому алейкум, бийим-деди Бишкек элпектик менен.

-Ваалеки...-деп саламга жооп берип жаткан бийдин оозунан сөзү түштү.

-Сизди чочутуп албадымбы?

-Кайдан чыга калдың?

-Ат кошчуларыңыз чакырганынан келдим.

-Кайда жүрүшөт?

-Сизди келет деп, даярдык көрүп жатышат.

-Чакыр бери!

-Алар сизден башканын тилин алышпайт.

-Мени айтты дегин, тез келишсин!

-Барбайбыз, дешти.

Бий аны акшырая карап, чаңыра, этегин чапкылап:

-Эмне?

-Арам тамакка шерик болбойбуз-дешти.

Бий заматта бетинен заары чыга сакал-муруту бириндеп, титиреңдеди:

-Жашагын келсе, мени менен ойношпогун бала! Бул жерден тирүү кетпей каласың!

-Ак кызматыма карабай өлтүргүң келеби? Арам иштери элге дайын. Акак кызды кайда каттың? Анын эмне, сурап алары жок дейсиңби?

-Кыз менен ишиң эмне? Жогол азыр! Болбосо териңи тескери сыйрытам.

-Сен "ал дегенде" алып кетчү, иттериңе ишенесиңби? Тигине аларың "Убалыбызга бий себепкер" дешип, онтоп жатышат. Эмки кезек сеники-деп Бишкек жетелеген атын кое бере.

-Бий! Катуу кетишпейли. Жай сүйлөшөлү. Акымы бересиңби, бербейсиңби? Анын жөнүн айт!-деп илгерилей басты.

Бийдин алдындагы баягы өзү карап минген "көк телки", Бишкекти көрүп тааныдыбы окурана алга басты. Баятан бери сөздөн калбай, каяша кылып, өзү менен тең ата айтышкан Бишкекти опузалап, экинчи жолу жанына жологус кылайын дедиби, "көк телкинди" катуу теминип, тике келаткан Бишкекти омуроолото, камчы шилтеди.

-Куу жетим, мага каяша кылып, шакаба кылган сен, ким элең! Дагы "кыз кайда?" деп, демитип коет. Кыздан айланасыңбы? Кайсыл акыңы доолайсың! Мага каяша кылып, тең ата сүйлөшчүү-лөр али төрөлө элек! Мен кимди, эмне кылаарымды өзүм билем. Тим койсо, тим эле төбөгө чыгып барат-деп Бишкектин кетенчик-тегенине карабай, атка тебелетмекке сүйлөй да, темине да берди.

"Көк телки" өзүн куштап, таптап, эркелеткен досун аяп,кетенчиктегенине карабай, бий ат оозун кага эңкейип, жылан боор камчысын аркы-терки шилтеди. Бий ачуусу келгенде кутуруп кетерин билген Бишкек теңелбей, кол кайры кылбай турган. Жылан боор камчы "чып-чып" эте жонуна, мойнуна тийгенден улам, жаны ачышты. Атты тартып жылоодон алып:

-Бий, эмне болсо да жылкысын багып, колунан даам татып, кешиктеш болдум деп, катуу кетпедим эле. Кол кайруу кылбайын дегем. Жанымы ачыштырып камчы чаап жатасың, эсиңе кел!

-Менин эсими, сурабай эле кой! Колумда жүрүп, тамагыма кутурдуң! Дагы акы доолап коет. Атаңын оозун урайын топор кул.

-Кул дебегин. Бир мезгилде менин ата-бубам, сенин ата-бабаларыңды жоодон коргоп, баатыр аталышкан. Алардын атына тил тийгизбейм. Кана, аттан түш алышалы?

-Мен сага теңелемби, жаман, Бир жолу сени тебелетип, жок кылайын деп, "көк телкиге" камчы басты.

Суйданң сай тал аттын курч туягына кырча тебеленип, кээлери жапырыла, уйпаланды. Улам кетенчиктеп, теңелбейин деген Бишкекти "коркту" деп ойлогон бий, өктөмдүгүн кое бербей, сөгүнүп да, теминип да, камчы шилтеп да жатты. Жаны ачынган Бишкек атты жылоодон ала, кулачын кере шилтеген бийдин камчысынын

көгүнөн жазганбай, шап кармап, күч менен өзүнө силке тартты. Үзөңгүнү бош тээп, күүлөнө камчы чаап жаткан бийдин башынан тебетейи учуп түшүп, өзү талп эте, жерге кулады. Колундагы камчысын жулкуп алган Бишкек:

-Камчыны андай эмес, мындай чабат деп, жерде тоголонуп жаткан бийге керилип туруп камчы шилтеди. Эзели этине катуу нерсе тийбеген семиз бий жаны чыга бакырды:

-Аа-ай! Жеди желмогуз. Аааай!

-Баятан бери жөн койсо, күчөп баратат. Камчы тийген кандай болот экен? Мына сага! Мына сага!

-Айланайын, айланайын Бишкек! Жан соога, жан соога! Мени кечирип кой? Аа-ай! Аа-ай! Камчы чаба көрбө! Эмне десең да аткарайын, өлүп калбайын?-деп жалынып. Камчы чаппа айланайын?-деп бий чөгөлөй келип, бутун кучактай буркурады.

-Камчы кандай тиет экен? Жанын ачышат бекен?

-Ачышат, ачышат. Атаңан айланайын Бишкек. Асти чаба көрбө? Дегенинди берейин Айт! Жанымды аман кой?

-Канчаларды кан-какшатып, камчыга бөлөдүң эле. Жаның ачышат бекен?

-Билбептирмин? Экинчи камчы чаппай калайын?

-Акымы качан бересиң!

-Азыр берейин, мына бу атты ал.

-Акак кыз кайда?

-Үйдө айланайын. Үйдө. Азыр барып алып кете бер.

-Артыман шыбанчыларыңды жөнөтүп жүрбө!

-Жөнөтпөйм. Жөнөтпөйм. Жанымды кыйнабасаң эле болду?

-Кел, анда, атка мин. Үйүңө баралы?

-Жок, жок. Мени тек кой. Өзүң кете бер.

-Кой, эмне болсо да жашың улуу, тургузуп коеюн,-деп, анын колунан тарта тургузуп, ооздуругун чайнап турган "көк телкини" көздөй басты.

Баятан бери куугунга алган мени "кечирип кой" дегенсип "көк телки" окурана аны жыттады. Аттын тумшугун кармап, адатынча кулагын кашый берерде, "көк телки" селт эте башын көтөрө үркүп, жалт берди. "Эмне балээ болуп кетти?" деген ойдо, Бишкек жалт бурула караса, бий жалаңдаган бычагын колуна алып, дал ортого саярда, уйпаланган сай талга чалынып жыгылган экен. Бишкек аны көрө кала кыжыры ташып, жылан боор камчыны аркы-терки бийге шилтеди. Жаны чыга бакырган бий жан талпастап качып жөнөдү.

Артынан кууп жете келген Бишкек анын бакырып өкүргөнүнө карабады.

-Сени адам экен деп аяп, кыйнабайын дедим эле. Көрсө, кутурган иттен айырмаң жок экен. Сага жакшылык буйрубаптыр. Өлтүрмөк экенсиң да. Мына сага! Ме, ал энчиңди,-деп, кубалап жүрүп, камчы чапты.

Бийдин жан соогалап кайрылууга алы келбеди. Качкан сайын жетип бара, камчы шилтенип, сай талдарды пааналаганына карабай, туш келди жерине камчынын көгү тийип жатты. Бети-башы кан, көк ала болгон бий, качмак тургай баса албай, демиге көмкөрөсүнөн жыгылды. Улам күшүлдөп-бышылдап, соолуп, какап-чакап, окшуду.

Бишкек "көк телкинин" үзөнгүсүн теппей, секире аяк артып, артын карабай чаап жөнөдү.

## БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

Элде эзелтеден салтка айланган жөрөлгөлөр арбын. Айрыкча аш-тойдо илгертен калыптанган адаттар кайталанып, мейманды күткөндөн, узатканга чейинки жөрөлгөлөр эске алынат. Андан соң жоокердик оюндар өткөрүлүп, эр азаматтардын күчү, шамдагайлыгы, айлакер-алгырлыгы сыналат. Келин-кыздардын уз-чебердиги бааланат. Дасторкон жайылып, даам тартуудагы билгичтикке маани берилет. Атайлап тартуу берүү, сарпай кийгизүү деги эле адамгерчиликтеги толгон токой эрежелер кайталанат. Дал ошол жөрөлгөлөр аркылуу айылдагылардын ынтымагы-улууну урматтап, кичүүнү ызаттоосу байкалат. Өнөргө өзгөчө көңүл бөлүнүп саяпкер, санаткер, мүнүшкөрлүк, чечендик,

устачылык, шайырдык, акылмандык, сулуулук, эрктүүлүк даңазаланат. Аш-тойдун шылтоосу менен ата-бабалардан калган каада-салттар, ырым-жырым, жөрөлгө-адаттар, кайра жаңырып, көрөңгөсү көбүрө берет. Жалпы жөнүнөн расмилери бирдей болгону менен ашта жоктоо, эскерүүгө көбүрөөк көңүл бурулат. Ал эми тойдогу жөрөлгөлөр оюн-күлкү, тамашалар арбын болот.

Негизинен аш-той элдики делип, намыс-ариетин, түйшүгүн жакынкы уруудагы урук-туугандар, көтөрүшөт. Анын да жөнү бар. Аш-той өткөрүүчүлөр алдын ала туугандарын кеңешке чакырат. Айыл аксакалдары баш болгон жакынкы туугандары, коло-коңушулары келишип, той ээсинин чама-чаркын, кимдерди чакырышын,кимдер келээрин, аларга тамак-аш, кийит, соорун, союш берилерин, кимдер менен каттоо экендигин, аларга эмне алып барганын, эмне бергенин такташып, ортого салышып, эсепке алышат. Жыл ичиндеги мал эттенип, семирген кезге күн болжошот. Ага чейин аш-тойго арнаган, арык-торук мал эттенсин дешип, жайлоого айдатышат.Аш-тойдун эгеси гана эмес, айыл-апа, тууган-урук жабыла даярдык көрүшүп, жаңыдан үй көтөрмөккө кереге-уук, үй эмеректерин, туурдук, уук-кереге таңгыч, кыша, эшик жабуу, казан-аяк камдашат. Отун-суу, ал тургай өздөрүнүн үстү-баштарына чейин жаңылашат. Маараке өткөрүүгө ылайыктап журт, конушту чоттошот.

-Келген меймандар жөн кетпейт. Сынашат, сындашат. Ал тургай кептен кемтик, баскан-тургандан айып табууга аракеттенген дос-душманга таба болбойлу-дешип, намыс-ариетти ойлошот.

Өзүнчө бөлүнүп, көчө качкан Жолчу да ары барды, бери келди. Эл аралап жүрүп, көптү баамдады. Бөтөнгө барып, өз болуп кетиш да кыйын эле. «Тууган сөөгүн кордобойт» демекчи, анын да мааниси бар. Колуңда болсо, бөтөн да тууган. Короодо үрүп чыгар итиң жок, куу дөңгөчтү минип, куу чыбыкты эрмек кылып отурсаң тууганың да сенен алыстап өтүп, кайрылгыс болуп кол жууйт.

-Кой, бул байкуш да тууган эле. Кантип тирилигин өткөрүп жатты экен? деп, эсине түшкөн бирөө, айыл четиндеги күн өткөрүп жаткан тууганынын алачыгына келсе, анысы аттан түшүрүп, эптеп даам ооз тийгизе албаса, берген саламына какап, кайткычакты шашат.

-Жокчулук убактылуу. Бир кезде мунун колуна да, бир нерсе илешээр. Ага чейин короомдогу койдон, үйүмдөгү ырыскыдан, үлөштүрүп бере турайын-деген ойго да келбейт.

Кокустан, зарыктан иш чыгып, же күч керек болуп калса:

-Жакын тууган элек. Жардамың керек болуп калды. Жүргүн?-десе, анысы бир шылтоону айтып, моюн толгосо:

-Мен сага тууган деп, ишенип келдим. Колуңдан келген күчүңдү аясаң, мага туугандыгың кайсы?-деп, ат моюнун тескери бурат.

Ошону менен экөөнүн ортосундагы ажырым узара берет. Жылдардын дагы бир жылдарында баягы тууган эске түшсө:

-Койсоңчу аны. Саламга келбеген тууган, тууганбы-дейит.

Адамгерчилик туурасында анысы да, мунусу да ойлобойт. Ошондон улам элде «Төөгө жүктү мол артып, ашууга жетүүнү көздөп, таталап баратса, тар кыяга келип, жүгү жан боордогу жарга сүрүлүп, калтырап-титиреп турган чакта -Оо! деген да, төөгө медет. Төө кыядан өткөн соң -Оо!-дегениң курусун»-дептир. Анын сыңа-рындай кыйналып, кысталып турган чакта ал-жай сураган, анча-мынча кол кабыш кылган эстен кетпей, жакын көрүнүп калат эмеспи.

Жолчу да жашынан байлыкты самады. Бийликке жетүүгө далбас урду. Дүйнөнү кашыктап чогултту. Бирди эки кылды. Экини төрткө, төрттү сегиз деп жүрүп, айылындагы байларга теңелди. Байлыгы менен бийлик тизгинин да кармады. Бирок, байлык менен бийликтин жүзү жоктугун эсине албады. Алардын алдында барды «бар», жокту «жок» деп айта албады. Күндүн чыкканы, суунун акканы көзүнө көрүнбөдү. Чындыкты, акыйкатты айтуудан айбыкты. Айткан сөзүөзүнө зыян алып келээрин билип жүрдү. Акыйкаттык да, чындык да ачуу, өтө эле таптуу экенинен айбыкты. Ага бет тиктеп, карай албады. Билсе да билмексен, көрсө да көрмөксөн болуп, аркасын салды. Бийлик атына сүрөөнчү, байлык атына шыбанчы болуп, жанын бакты. Короосуна кой, жайытына мал толду. Бийлик камчысын чаап, айтканы айткандай аткарылып турду. Эмки бир максат, даңкын көтөрүү. Өзүнүн кимдигин элге билгизүү.

-Атаңын көрү! Болсоң, ушундай бол! Ата баласы тура! Катташканга, сыйлашканга ылайык пенде экен! Куда-сөөк күтсөң, ушундай адамды күт. Башында дөөлөт, кучагында береке ташып турат. Пай-пай! Төрт тарабы түгөл а!-дегизгиси келди.

Бул оюн кантип ишке ашырат? Түнкүсү түшүнөн, күндүзү оюнан кетпеген санаанын кучагында жүрдү. Акыры аны да тапты. Анын атын алыска угуза турган, кадыр-баркын көтөрө турган аш-той экен. Той деген тоюнтуу. Алганын бергени келишет. Албаганы келбей да коет. Аш дегени, ашыгы менен чачуу. Алганы да,

бергени да,  ал тургай алыскы жууктагы таанып-таанылбаганы келет. Даңазасы артып, тааныш ашырат. Аш берүү бүтүмүнө келди.

Төрт түлүктүн камы деп, журт тандап, жайыт которуп жүргөн Жолчу эгиз жерден эңкүүлөп, эл арасына келди. Аты, жыты туугандар анын аброюн эске алыштыбы, байлык-бийлигин сыйлаштыбы, алды бээ жетелеп, аркасы кой өңөрүп, өрлүктөп келип жатышты. Жолчу алардан эмнесин аянмак. «Берегеч колум, алагач»-деп, көлдөлөңдү көмө салдырып, дасторконду кенен жайдырып, чогуу келгенине кой сойдуруп, жалгыз келгенине жамбаш алдырып, жал, куйрук жая кестирип, казы-карта, чучук алдырып, «улуу башын кичүү кылып», «жагалдана жайдары кабыл алып», узатып жүрдү. Айыл-ападагылар той кылса атайлап ат бастырып барып, бата берген киши болуп, кошумчасын кошту. Туугандары ага жетине албай, «жайдары бай», «колу ачык», «ала карабайт», «бөлө санабайт» дешкени Жолчунун кулагына да жетти. Ал ансайын туугандарын көтөрмөлөгөн, баалаган, кээлерине кеңеш айткан, кээлеринен акыл сураган болуп, өзүнө тарта берди. Бий десе бий, бай десе бай тууганына тең ата сүйлөшүп, саламга келишкенге жетине албаган туугандар, дымак тартып, кай жерде болбосун батыл сүйлөшчү болушту.

Күз ортолоп, жыйын-терин аяктап калган. Тоолуктун түйшүгү кар түшкөнгө чейин бүтпөйт. Бирок, анча-мынча чарбадарлар баш-аягын эрте жыйып,эгин-тегинин жанчып, там-ташын жылуулап алган. Ал эми «кенебестер» кашек-чөбүн чөмөлө боюнча, «кол тийбеди» деп, кар түшкөнгө чейин жүрө берери белгилүү. Кыш өтүп, ала-шалбыртта дал ошолор жутап, жибин көтөрүп, камдуулардын босогосун сагалайт.

Мезгил суугуна тартып, эл өөндөп, чогулган чакта, Жолчунун күздөөсү тараптан коюу түтүн бургуйлап, баскан-тургандардын карааны арбыганын байкагандар, бири-бирине суроо салышты.

-Аркы тараптан коюу түтүн чыгып жатабы?

-Отун-суу камдагандардын карааны көбөйгөнсүйт.

-Согумга эртерээк киришкенби?

-Бий конок чакырат окшойт

-Келгендердин дайыны билинбейт.

-Анда айылдагыларды эле чакырат окшойт

-Шылтоосу эмне экен?

-«Колу ачык» бай туугандарын сыйлайын десе керек.

Мал сүрүлүп короого кирген чакта Жолчу бийдин боз үйү туугандарына жык толду. Ортодо дасторкон кенен жайылып, даамдын түрлөрү коюлду. Төрдө отурган аксакалдардан ыйба кылган жаштар, ашыкча сүйлөбөй, баары эле:

-Алың, алың? менен алек.

Күзгү кымыз кыдырата сунулуп, бошогон кара аяктар кайра-кайра узатылып жатты. Аңгыча жылкынын зардаби келтирилди. Шорпонун бетин май ээлеген.

-Очок башыңдагы балдарга айткыла! Шорпону калпып куйбай, кайнаган жеринен куюшсун!

-Жалаң эле тескейлетип куюшканбы, ууртаган май чыкыйга барып, тийип жатат.

-Жылкынын зардаби дары. Кырк жыл кетпеген ооруга шыпаа!

-Айрыкча ичинде табы барларга дары имиш.

-Сөөктөтөт. Ысык-суукка да шыпаа!

-Зардаптын касиети тердебегенди да тердетет. Суукчан, ысыкчандарды ылгайт.

-Балээгеби? Жакканга жагат. Жакпагандын ичин алып кетет.

-Адамдын ичин да, оорусунда тазалайт. Жылкынын эти да, шорпосу да дары.

-Айрыкча байдын жылкысынын эти баарына дары.

-Байдын пейилиндей, малынын да эти даамдуулугун айт.

-Кең пейил адамдын колу берешен. Бардык жагы төп келе берет экен да!

-Көп байлардын зыкымдыгын угуп-билип жүрөбүз.

-Ээ, алардын Жолчу бийге жетмеги кайда

-Кудай да бергенге берет. Өзүбүздүн байыбыз аман болсун.

-Сага окшогондор курсагы тойгон жерин мактайт.

-Мактабай анан. Берген кишини ким эле мактабасын.

Бакылдашкандарды үй ээсинин буйра сүйлөгөнү бузду.

-Кана жигиттер! Чараны ортого коюп, алдын ич этти кескиле. Казы-картаны, бириң чучукту узаткыла! Андан соң, устукандарды тартасыңар.

-Учаны эмне кылабыз?-деди бөкөлдөрдүн аксакалы, үй ээсине кайрылып.

-Кызык сүйлөйсүң да.Силерди жесин деп, атайлап силерге арнадым. Үй ээсинин сөзүнө отургандар жабыла ыраазылыгын билдиришти.

-Ырахмат.

-Короодогу малың, тапкан-тутканың берекелүү болсун!

-Короомдогу ак малымдын этин, алдын туугандарыма тартайын деп сойгуздум. Кенен отуруп, тартынбай жегиле. Үйүңөргө, бала-чакаңарга алып барганга да жетет.

-Баракелде!

-Кем болбо!

-Кудай жалгасын!

-Бизди сен сыйласаң, сени кудай сыйласын

-Туугандарым, мен силерден эмнемди аянам. Меники, силердики. Аянбагыла, алгыла!

-Айланып кетейиним. Алтын башың аман болсун!-деди аксакалдардан бирөө жалына

-Сен деп, сенин бардыгыңа сүйүнүп, сага ишенип жүрөбүз. Туурабы туугандар! деди көк ала сакал бирөөсү жайпаңдай.

-Туура. Барган жерибизде Жолчунун тууганыбыз деп, мардая мактанып калабыз.

Бири-бирин коштоп, үй ээсин мактай башташкан чакта эт кармап жаткан бөкөлдөрдүн бирөөсү зоңк этти.

-Кана, табакты колмо-кол узаткыла! Алдын аксакалдарга тарткыла!

-Кош колдоп узаткыла!

-Казы-карта жеткен соң, жалдан кескиле!-деди үй ээси барпаңдай. Чучукту майдалабай, төрт элиден кескиле, ашыгы менен жетет-деп, түгөл салдырдым.

-Баракелде! Жылкынын эти кең. Канча адамга болсун жетет.

-Этти кармашта,бөкөлдүн колу берекелүү болсо жетет-деп, бөкөлдүн жанындагы шериги мактаган болду.

Жиликтер улуулата тартылып, уча айылдагы жашы жагынан эң улуу Досмат аксакалга ыйгарылды. Ал чара толгон учадан кыя кесип, ооз тийди да:

-Мени аксакал деп сыйлаганыңарга ырахмат. Баарың мендей болуп, менин жашыма баргыла. Устуканды унчукпай алып кетсем уят. Кешигимен баарыңар ооз тийгиле-деп, алдынан жылдырды.

-Бөкөлгө бергиле, кессин. Аксакалдын кешигинен ооз тийгиле?

-Ооз тийдик. Ыраазыбыз.

-Аксакал өзү айткан соң, кесе бергиле?

-Койгула,жарымын кесип, таркаталы. Жарымын өзүнө берели.

-Ооба, учанын жарымы эле бир козунун этиндей болот.

Учанын жарымын кесип, отургандардын баары ооз тийишти.

-Кана аксакалдар, үй ээсине бата бериңиздер?-деди, орто жаштагы мойсопут бирөөсү көпчүлүктүн атынан суранып,

Отурган аксакалдардын улуусу Досмат карыя алаканын жайып:

-Кана эмесе, үй ээсине ыраазычылык билдирип бата берели! О жараткан! Өзүң колдо. Аш бергенге баш бергин. Узун өмүр жаш бергин. Бала-чакалары менен аман болушуп, койлору козуласын, жылкылары кулундасын. Жегендери жал болуп, казаны толо май болсун! Тууган-уругу мол болсун. Жети урпагына чейин бай болсун.Эл-жерибизге оомат келсин. Бакыт-тынчтык эгиз болуп, тилегибиз тегиз болуп, айдан аман, жылдан эсен бололу. Оомийин!

Отургандар жабыла бата кылышты. Бардыгы ордуларынан тура беринде:

-Эми колго суу келтиргиле! Отурган жерде жууйлу. Себеби, илешкен-пилешкен, жакшылыктардын баары үйдө калсын-деди баягы мойсопут адам.

Кол аарчууну мүрүсүнө илип, кумган менен чылапчынды көтөргөн бала солдон оңго карай колго суу куя баштады. Ар бири алкоо айтып, ыраазычылыгын билдиришти.

-Эмки кезек меники,-деди үй ээси, отургандарды козголтпой туруп.

Баары кулак төшөштү.

-Көбүң келгениңе таң калып турсаңар керек. «Туугандын турпагы алтын» дейт эмеспи элде. Мен силерге таянам, силерсиз кайда барам? Бирибизге бирибиз күйөбүз. Бирибиздин намысыбыз, баарыбыздын абийирибиз. Силерден жашырып эмне, атама аш бергени жатам.

Отургандар аңкая тиктешип, үндөшкөн жок.

-Атам байкуш, түшүмө көп кирчү болду. Үндөбөйт. Мени тиктеп тура берет. Чамасы «ушунча малың туруп, менен аяйсыңбы» дегендей. Атамын арбагын ыраазы кылайын деп, арбагына арнап куран окутуп, аш берейин деп турам. «Ап-бали. Арбак ыраазы, тирүү ыраазы. Туура кыласың»-деп, бирөөсү колдоп кетеби деп ойлогон. Эч биринен сөз чыкпады. Көпчүлүктү сөзгө салмакка:

-Менин оюма эмне дейсиңер?-деп суроо таштады.

-Аштын түйшүгү көп. Чарпылып калбас бекенсиң?-деди аксакалдардын бирөөсү.

-Ошол түйшүгүнө чыдайын деп, силер менен маслатташып отурам. Ой-пикириңерди угайын. Кийин соңгу, маслат кылбады, башы-көзүнө албады деген, таарыныч болбосун-деп айтканы чакырдым.

-Аш берген сен. Отун-суудан балдарга айтып, жардам бергизебиз-деди Шүкүр ойлобой туруп.

-Ашка кимдерди чакырайын дейсиң,-деди ортодогу суздукту байкаган Момуш аксакал.

-Туугандар, аш берүүнү мен айтып жатам. Кимдерди чакырышты силер билесиңер да. Баарыңдын куда-сөөк, жек-жаат, дос-жарыңар бар-деп, үй ээси жарыла сүйлөдү.

-Айтканың ырас. Тууган-тамыр баарыбызда бар-деди Көчөк баш ийкей. Бирок, чакыруунун милдети, келгендерди күтүп, сыйлоо, узатуу, таң-тамаша, оюндардын жайы кандай болот?

Отургандар жабыла кулак түрүп калышты.

-Ошол жагын кеңешели-деп, пикириңерди укканы чакырдым.

-Бул оюңду бизден башкалар да билеби-деди Орчун карыя.

-Жарыктык. Жакын туугандарым силер турганда, башкаларга айтып не. Силер туура көрсөңөр, анан барып, эл жакшыларын кеңешке чакырайын дегем.

-Ыгым-чыгымын эсепке алгандырсың? Орчун карыя көпчүлүк-түн атынан сурагандай болуп, кайра унчукту.

-Ыгым-чыгымдан да, соорун, байгеге, адиячыларга сарпталуу-чу малды эсептеш керек-деди, ортодон бирөө эскертип.

-Тойдун өзүнө эле канча союш кетер экен?

-Тойдун союшун аш берген киши өзү көтөрөт. Калган чыгымдар кайдан топтолот?-Кады отургандарга суроолу тигилди.

-Тууган-деп, бизге ишенет да-деп Кудур компойду.

-Сага ишенсе, эмнеңди бересиң? Төлөк адатынча корс эте.

-Сенчи?

-Менин чычкак улагым да жок.

-Андай болсо туугандыгың кайсы?

-Өзүң эмнени бересиң?

-Бар болсо аямак белем? Отун алып, от жакканга күчүм жетет.

-Койгула. Чырдын кереги жок. Бай аш берем-деп, короодогу малына ишенип, өзү айтып жатат. Биз тууган катары, кызматын кылып, келгендерди узаталы.-Сасман жайкай сүйлөдү.

-Эй бала, кеп төркүнүн түшүнүп, аш тартибин билип айт. Бай бизди жөн жеринен эт жеп кеткиле деп чакырган жок. Ойлонуп сүйлөп жүр!

-Ойлонуп эле сүйлөйм. Бай атасына аш берсе, чыгымын эмнеге биз тартабыз? Окулган курандын сообу атасына тийсе, биз эмнеге кыйналабыз?-деп Төлөк кесе сүйлөдү.

-Туугандык намысчы?

-«Туугандык намыс». Чокоюм жок, жылаңайлак жүрсөм. Бай тууганым деп, эмнеге намыс кылбайт? Берген эти да карызбы? Муну билгенде келбейт элем.

-Эй жамандар. Кабышпагыла! «Ынтымакка келише алышпаптыр»-деп, эл укса уят. Силер бербесеңер, бербегиле. Мен, аш берем-дедимби, берем. Бирок, журтчулуктан, туугандык-тан качып кайда бармаксыңар? Жаман-жакшылык бар. Ойлонгула!

Колу жука туугандары «лам» дей алышпады. Аларга карамалаган бирин-экин малы барлар, чечилип айта алышпады. Түн бир оокум болгондо алган тийешелерин түйгөн болушуп, келгендер жоопсуз, таркап кетишти. Бирок, колдорундагы тийешелер аркылуу, карыздар болуп калышкандары эч кимисинин көңүлүнө келбеди.

* * *

Көпчүлүк чогула калган жайда ар кыл кеп айтылып, ар ким уккан-билгенин жобурап жатышты.

-Жолчу бийдин үйүнө бийлер кеңешке келишиптир.

-Эмненин кеңеши экен?

-Жолчу атасына аш берет экен.

-Кай тараптагыларды чакырыптыр?

-Аксы, Наманган аймагына түгөл кабар берилмек болуптур.

-Бийлер кандай бүтүм чагырышты экен?

-Жолчунун туугандарынын көбүнүн колу жука дешет.

-Анда «түтүн пул» чачылган окшойт.

-Белдүүсү жылкы, колунда жогу союшка жандык бересе болуптур.

-Адия жагы кандай болду экен?

-Келген коноктордү ондон кылып, адияга бөлөт имиш. Ар бир адиянын тамак-ашын, отун-суусун, ат жем-отун Жолчунун туугандары көтөрө турган болуптур.

-Соорун жагы кандай эсептелди экен?

-Бардык байгеге тогуздап бөлүнүптүр-дешет.

-Анысы кандай?

-Баш байгеге тогуздан тогуз болсо, эң төмөнкүгө бир тогуз болот эмеспи.

-Тогуздан тогуз эмнеден коюлат.

-Тогуздан тогуз жылкыдан болсо, экинчи тогуздан тогуз төөдөн, үчүнчү тогуздан тогуз кара мал болсо, төртүнчүсү жандыктан.Бир

тогузу бээ болсо, бир тогузу тай, же куш, ичик, тон, баалуу аң терилери. Адеми буюмдар да тогуздап эсептелип кете берет.

-Тогуздап үй да койгондур?

- Жорго, тай жарышка тогуздап, боз үйлөр коюлуптур дешет.

-Байгелер ирдүү болсо, балбандар да арбын келсе керек?

-Аш күнү байгесин да, балбанын да бара көрөрбүз.

Ар ким угуп-укпай божомолдоп айткан «миш-миштер» күчөгөн сайын, аш берилер күн жакындай берди. Сууга жакын деп, тандалып алынган Кең-Ойго катар-катар үйлөр тигилип, көпчүлүктүн карааны күн өткөн сайын коюуланып, кызмат кылгандар ары-бери чуркап жүрүштү. Кемегелер кенен казылып, тай казандарда эт кайнап, келген меймандар сый үстүндө болушту. Алыс-жууктан келгендерди, улам утурлай чыккан жасоолдор ээрчите келишип, белгиленген үйлөргө түшүрүп жатышты.

Эрте менен тамаша башталып Кең-Ойдун бир тарабы кыжылдаган элге толду. Аягы жеңил, тыпылдаган кашка жоргону минген Жума ырчы, башындагы суусар тебетейин сеңселте, үстүндөгү кара баркут кемселинин белине кере карыш жаркыраган күмүш кемер курчанып, көптү аралап, жар сала кыйкырып жүрдү. Жазы маңдайы, тебетей алдынан тасырайып, жаңы гана кыр жаап келе жаткан кара муруту, куба жүзүнө жарашып, кымырынып-кысынбай өзүн эркин кармап, ат үстүндө комузун кыңгырата:

-Оо, калайык калың журт
Айткан сөздү баарын ук!
Тамашаны баштайбыз
Байгени алып баарың ут
Элан кылып келемин,
Укпай калдым дебегин.
Балбан күрөш башталат.
Балбандар келип катталат.
Калыстар таанып алышсын.

Белгилер болсун башкараак-десе, эртеден бери аркасынан калбай,аны ээрчиген биринчи жаш ырчы:

Жыгылганы терилет,
Жыкканга мөрөй берилет.
Тогуздап байге сайылды,
Балбаның болсо бери өт?

Ага катарлаша жандай, жакын келе калган экинчи ырчы:

Жыкчуулар дайым сый алган,
Жыгылган жагы уялган.

Таңыркаган көпчүлүк,

Тамаша кылып кубанган-деп эми күүлөнө баштаганда, аты ылоолоп башын серпе бергенде, ээр үстүндө бош отурган ырчы тизгини менен алек боло калды. Андан оозуна жулуп алган биринчи ырчы:

Ортого чыксын балбандар,

Эсепке кирбейт чалгандар.

Күч атасын тааныбайт,

Бата берсин калгандар-дегенде оюнга кызыккандар сүрдүгө жөнөштү.

Ортодогу белгиден өтпөй, тегерене турган көпчүлүк моюн созо, ар тарапты карашып, кулак түрүшөт. Маңдай тараптагылар козголуп, бирөөлөрдү сүрөгөндөй болуп жатышты. Бир мезгилде көпчүлүктөн суурула, белинен өйдө жылаңач, жалаң шымчан, жылаңайлак бирөө чыга келип, кайра аркасына бурула, алаканын жайды. Көпчүлүк дур эте бата беришти.Жылаңач балбан ортого жай басып келип, жумшак топурактын үстүнө сыңар тизелей отурду.

-Кана, ким чыгат? дегенсип айланасын кыдырата карады. Эки эмчеги салаңдап, булчуңдары бөлүнө буруйганына караганда, күрөштө маш болуп, кармашкан балбандарды жөн койбогон түрү бар. Аңгыча каршы тараптагы көпчүлүк ортосунан атырыла бирөөсү чуркап чыкты. Ал да жарым жылаңач. Бирок денеси как элес, сөөк-саактуу, шамдагай экени билинип турду. Калыстардын бирөөсү келип, эки балбанды учураштырып, белдерине кур байлап кучакташтырып, оюндун шартын айтып кетенчиктеди.

Эки балбан коюн-колтук алышып, бирин-бири чамалашып, ары-бери сүрүшө сынашып жатышты. Экөөнүн тең ыгына туура келбедиби, бирин-бири көтөрүүгө шашышкан жок. Арыгы беркил булчуңдары буруйганды чарчатайын дедиби, анын белиндеги курду чың тарта, эки бөйрөгүнө такай өзүн алыстатты. Арык немени булка тартып, шап көтөрүүнүн аракетиндеги эткел балбанга ал моюн бербей, кетенчиктей жүрдү. Бир мезгилде ыгына туура келдиби, эткел балбан шеригин кыса кармап, шап көтөрө айландырды. Турган эл чуу көтөрө, кыйкырып сүрөөнгө алышты.

-Көтө-өр.

-Аа-айт!

-Бутун жерге тийгизбе!

-Айландырып ур, чап!

Арык балбан шамдагайлык кыла, эткел балбанга моюн бербеди. Ал жулкуна бошонуп, эки согончогу менен таканчыктай тура калып, аны көтөрдү. Кыйкырык кайра жанданып, сүрөгөн үндөр:

-Азамат!

-Көтөр!

-Чап! Айландыр!

Бирин-бири буттарын жерден үзө көтөрүшүп, чамалашып, көрүшкөндөн соң, экөө тең этияттанып калышты. Улам ары сүр, бери сүр болуп жатышып, ортолукту майкандап жиберишти. Көпчүлүккө шап көтөрүп, бирин-бири жыгышы кызык көрүнүп, сүрөгөн кыйкырык улам күч алды. Көптүн кубаттаган үндөрү эткел балбанга дем болдубу, шеригин так көтөрүп, жерге чабарда, арык балбан жамбашына оң келе калган шеригине бутун тосо, аны тескери жакка бурай, күч менен булка көтөрдү. Тең салмактуулугун жоготуп алган балбан алдастай оңолгуча, арык балбан аны жерге чапты.Чуур-чуу, кыйкырык аба жарды.

-Азамат. Ата баласы.

-Нак көтөрдү.

-Эр экен! Шеригин оңолууга жол бербей, так көтөрдү.

-Күчүнө баракелде!

Калыстар эки балбанды бири-бирине кол бериштирип, жеңишке жетишкенди ортого отургузушту. Кийинки балбандарды чакырышты.

-Балбандын ысмын билели?

-Кайерден келиптир?

-Аты-жөнү ким экен?-деп тургандар чуулдашты

-Намангандык дыйкан Акимжан балбан. Акимжан балбанды билип алгыла! Дыйкан экен деп, калыстардын бирөөсү кыйкырды.

Баятан алышкан балбандарды сынап турушканбы, же оюн башталгандан кийин келип калышканбы, эки тараптан эки балбан удаалаш чыгышты. Алардын сөөлөттөрүн көргөндөр-Уу!-деп кыйкырып жиберишти. Анча-мынча аттар көтөрө алгыс, аюудай болгон эки балбан ортолуктагы аянтты этибар алышпагандай, бири-бирин көздөй чуркап жөнөштү. Экөө тең жуп жете беришеринде, калыстардын бирөөсү арача боло, экөөнү ортолукка жетелей келди.Оюндун шартын айтып, бири-бири менен учураштырып, белдерине кур байламак болгондо, экөөнө тең кыска келгендигин байкап турган экинчи калыс узун бел боону

алып жете келди. Дөөдөй болгон эки балбан, бирин-бири билектен ала жулкулдашып кириШти.

-Бул экөөнө адам даап чыга албаса керек.

-Булчуңдуу колдору эле жаш баладай.

Эмчектерин карагылачы, чарага толгон куйруктай, килкилдеп турат.

-Булар менен күрөшөм дечүүлөр, тирүү калышкыдай эмес.

-Ооба, жанынан түңүлгөндөр гана чыкпаса, кармашкандарды соо койбочудай.

-Кокус чыккан адамды устундай көтөрүп барып, башынан айландырып, жерге бир чапса ал тирүү калбайт.

-Кобурап, алагды кылбагыла. Экөөнүн алышканын көрөлү!

Ортодогу эки балбандын курсактары чоңдугунанбы, бири-бирине колдору жетпейби, көпкө билектен алыша аймалашышты. Аларды карап тургандар жабыла кыйкырып жатышты.

-Аймалашкандардын сооруңдарын бергиле:

-Соорун жок. Алыша алышпады, күрөшүн токтотушсун!

-Болбосо, белден алып күрөшүшсүн.

-Жыкканга гана соорун берилет.

-Экөөнү токтоткула! Башкалардын күрөшүн көрөлү!

Көптүн чуулдагынан улам калыстар экөөнү токтотушту.

-Акимжан балбанга түшөм дечүүлөр келгиле! Ишке бышкан дыйкан. Маңдай тери менен жан баккан балбанга тең келчүү ким бар! Ата балбандарынан, энеси балбан туугандардан барбы?

Бишкектин бүгүнкү күрөшкө түшө турганы оюнда да жок эле. Ал атын улак тартышка даярдап, он күндөн бери суутуп, жем-кашегин тарта берип жүргөн. Бүгүнкү күрөш оюнун көрүүгө кызыкдар көпчүлүктүн сүрөмөлөсү менен келе берген. Балбандардын күрөшүн көрүп каны кызыдыбы, улам ат үстүндө обдула тура калып, алышкан балбандардын кыймылын сая кетирбей, ыгын келтире албай жаткандарды байкап, кыжалаттанганын туйган Соломо инисинин күрөшкө түшкүсү келип жатканын билди. Күрөштүн илесине маш болгон күчүн билип турса да сүрөгөн жок. Бир мезгилде чарчысынан келген, чулу денелүү, салмактуу баскан бирөө ортого чыга келди. Аны элдин көбү тааныйбы, балбандыгы менен атагы чыкканбы:

-Эсеке балбан.

-Жалал-Абаддан, ээзели далысы жерге тие элек.

-Эч кимге мөрөй алдырбай жүрөт-деп билгендер жанында тургандарга айтып жатышты.

Аңгыча болбой беркил тараптан, эл алдына чыга калып, жердеги топурактан эңкейип алаканына ышкалай шыбап, кайра аны чаңыта күүп, элди карай бетине бата тарткан балбан жорто келип, ортолукка токтоду.

-Оо, кантет! Топуракты чаңыта күүп, жер челген букадай намына чыккан ким болуп кетти?

-Уйчудан келген Жалил балбан. Атасы тажик, энеси сарт.

-Аргын тура. Курама темир курч болот. Өзүнө ишенет экен.

-Жалил балбандын далысы жерге тийгенин уга элекпиз.

- Дайыма аш-тойлордогу мөрөй ушунуку.

-Чамасы Эсеке балбан менен Жалил балбан күрөшөт окшойт?

-Ооба, экөө бири-бирине дал келгидей.

-Кимиси кандай экенин эми көрөбүз.

Эки балбандын белине кур курчаган калыс четке чыга берди. Эсеке менен Жалил бирин-бири чамалап, күрөштү узакка созушкан жок. Чапсаң кыймылдашып бирин-бири сүрүп, ыгына келтире кармашып жатышты. Экөөнүн күчү пар келип, жылаңайлак буттары жумшак топуракка бата, чаң көтөрүлдү. Эсеке балбан чукурду кынтык басып алдыбы, бир тарабына оой түшкөндө, Жалил балбан чапсаңдык менен сүрүп барып, жамбашка ала жерге чабаарда, Эсеке балбан шарт оңдоно калып, шамдагайлык менен аны булкуй алдыга басты. Эки балбан сүрүлүп, ит жыгылыш боло,кырлары менен жерге тийишти. Чуу көтөрүлдү:

-Азамат. Экөөнүн тең күчү бирдей экен.

-Бири-бирине алдырышкан жок.

-Эсепке кирбейт. Ит жыгылыш.

Көптүн чуусунан уламбы, же калыстар да тең келишкен балбандарды ажыратышып, баягылардын катарларына отургузушту. Эртеден бери бир балбан гана жыгылып, калгандарды кайра күрөшкө салууга калыстар бүтүм кылышкан эле.

-Калайык калк! Тамаша көрчү көпчүлүк. Мына бул балбандарга тең келем дечүүлөрдү чыгаралы. Кана, ата уулдары болсо, алып келгиле!

Ат үстүндө турган Бишкек тапталган бүркүттөй ойдолоп, бир ортолукту, бир агасын карап, тынчы кете баштады. Соломо инисинин кыялын билет. Ал өзүнө ишенген ишти гана кылат. Колунан келбеген ишке түрткүлөсө да барбайт. Бир чамынып алса, аны токтотуш да кыйын. Чамынган дайра, жалындаган өрт болсо да жалтанбай кирип кете берет. Демек, бүгүн күрөшкөндөрдү

көрүп, дээлигип алыптыр, кайра кайтчуудай түрү жок. Кошо келген шериктери да Бишкектин күчүнө ишенип, алдыртадан аны күүлөп:

-Чык. Мөрөй сеники. Ушундайда күчүңдү көрсөтпөй, катып жүрө бересиңби? Кармаш. Булардан, сага тең келчүү түрлөрү жок-дешип, өрөпкүтө күүлөп, түрткүлөштү.

Шериктеринин кыстоосунан да өзүнүн каалоосу артып, ат үстүндө турган бойдон кемселин чечип, көйнөгүн шыпыра, жерге секирип түштү. Ал жердегилер жарыла беришти.

Сымбаты келишимдүү шыңга боюндагы буруйган булчуңдары бөлүнө, кан тамырлары айкын көрүнүп, как элес денеси, жумушка бышкандыгын далилдегендей. Арышын кере таштап, бут учу менен элпек басып, ортолуктагы калыстарга жакын келди.

-Шамдагай жолборс баштанып, элпек баскан бул ким?

-Бишкек баатыр деген ушул.

-Жолборс менен алышкан Бишкекпи?

-Аны жаш кезинде жылан жуткан дешчү беле?

-Эл айтканындай эле бар экен.

-Карачы, аябай эле сүрдүү көрүнөт.

-Жөн адам жолборс менен кармашпайт да

-Күрөшкө чыгып, күчүн сынайын деген окшойт.

-Балбан күчү менен балбан да.

-Мунун жүрөгүндө жалы бардай. Карачы, жалтанбай тиктегенин.

Чубулдаган көпчүлүктүн үнүн калыстын элге элан кылган кыйкырыгы бузду.

-Бул балбандын аты Бишкек.

Анын атын уга элек, таанып-таанымбагандар дуу күлүштү:

-Бишкек дейби?

-Чын аты Бишкекпи?

-Элдин баары Бишкек дешет.

-Токмок, Бишкек, Теше. Кызык. Кыргыз эптеп эле, ат кое берет.

-Сурап-тилеп алган балдарына ырым кылып кое беришет да.

-Бишкек деген жаман атпы?

-Ооба десең. Тезек, Бокубай, Итибай, Күчүк деп деле коюп жүрүшпөйбү?

-Аларга караганда Бишкек абийирдүү эмеспи.

-Жобурап-жиберебей, кеп угузгулачы. Калыстардын айтканын угалы дешип, суроо-жооп алгандарды тыйышты.

-Эл алдында күрөшүп көрө элек. Жаш балбан.

-Жаш балбанды этияттагыла! Жыгып койсоңор жалтак болуп калат.

-Мөрөй эч кимди аябайт. Күрөшкө чыккандар «жыгамын» деп чыгышат.

-Ооба. Эч кимдин жыгылгысы жок.

-Күч атасын тааныбайт. Жыкканы балбан.

-Кана, жаш балбанга кимиңер чыгасыңар?

Ортодогу калыс отурган балбандарга суроо катты.

-Кимибиз болсун, чыга беребиз-деди Жалил ордунан тура келип:

-Жалил балбан, жаш балбанды этияттап жык. Жерге катуу тийип калбасын-деди тургандардын бирөөсү.

-Жыгылам десе үйүндө отурбайбы-деп Жалил кайрыла, Бишкекти тоготпогондой үн чыккан жакка жооп кайтарды.

Бишкек көпчүлүктүн кобурун кулагынын сыртынан кетирип, белиндеги курду шалкы түйдү. Аны тааныгандардын көпчүлүгү «жолборс менен кармашканын» жакшы билишчү. Күрөшкө түшкөнүн, эч ким көрө да, биле да элек эле. Мындай чоң ашта балбандарга биринчи түшүүшү. Күдүрлөп ийленген, тоо текенин сары жаргак кандагайын анча-мынча улакка барганда кийе калчу. Бүгүн да эрте менен атын токуганда «чоң улакка» катышып каламбы-деп кандагайды кийе чыккан. Калыстын айтуусу боюнча экөө ортого басып келишти. Бирин-бири тоорушуп, бир имерилишти. Жалилдин көлөмү Бишкектен эки келет. Ал курдан колун бошотуп Бишкекке колун сунду. Ал шап кармады. Тигил билегин жулкуп, сууруп алуу аракетинде, колун бурай булкунду. Далайы менен күрөшүп, жеңиштин кыныгын алган карт балбан, оңой жоого кабылбаганын туйду. Көп балбандар билегинен карматканда, аны менен алек болгон чагында, колун сууруп алып, шап ичке кирип, аны өйдө так көтөрүп, жерге силке уруп, туруп кетчү. Андайга жол бербеген жоосунан этияттанды. Ичинен «соо бала эмес көрүнөт» деп сактанып калды.

Шарт боюнча эми Бишкек билегин сунду. Жалил чап билектен кармап, адатынча ичке кирүүгө камданганда, Бишкек булкуп колун сууруп ала, анын эки колун капшыра кармады. Дайыма темир кармап, кычкачтай катып калган колу, анын билектериндеги эки ача сөөктөрүнүн ортосундагы чуңкурларга батып, жанын көзүнө көрсөтө оорутту. Канчалык билектерин сууруп алууга аракет кылса да, натыйжа чыкпады. Билектеринин эки ача сөөктөрү муундан

ажырай кеткени билинип, колдорунан кубат кетти. Бишкек анын калдайган эки колун кое берип, өзүн так көтөрө жерге чапты.

-Бишкек, Бишкек!-дешип тегеректеп турган көпчүлүк жабыла кыйкырышты.

Баятан бери ортого чыккан балбандардын теңсинбей, жайма-жай отурган аюудай болгон эки балбандын бириси, ордунан тура кала майпаңдап, Бишкекти көздөй чуркады. Ал ай-уйга келбей, калысты жыкжыйта түртүп, теңсинбегендей төбөсүнөн карап Бишкекке колун сунду. Кокус алышканда, ага Бишкектин кучагы жетмек эмес. Бала балбан шап жоон билектен кармаганда, узун манжалуу тутамы анын билегине жетпеди. Бармагы менен билектин эки ача сөөгүнүн ортосундагы чуңкурга басып, карыштыра кармаганда, жоон балбандын көзүнө чаар чымын учуп, ийиле калды. Бош колу менен Бишкектин оң колун мыжыгарында, ал эңкейе берген балбанды кучактай калып, согончогун анын бутуна тогонек сала, артка түрттү. Ооруган колун бошотуу менен алек болгон «аюу» балбан, күп эте чалкасынан түшкөндө, борпоң топурак чаңып кетти.

-Азамат, ата баласы! Анык эр экен.

-Балбан деп ушуну айт.

-Бишкек, Бишкек!-деп жабыла кыйкырышты.

Көз боегондой заматта эле эки балбанды аш-баш дегенче жыккан Бишкекке эл да, ортодогу калыстар да таң.

-Жыгылган балбандын ысмы ким деген экен?

-Калыстар билет.

-Атабады го?

-Сурагылачы, Бишкек кимди, кайсыл жердик балбанды, жыкканын билип алалы?

-Кыз рабаттык Немат дешти.

-Аюу балбандын аты Немат бекен?

-Ооба, «Немат аюу» дешет экен.

-Анын шеригичи?

-Аны азыр билебиз.

-Бишкек балбанга Касандан келген Азиретаалы балбан чыкты! Жеңгени баш байгеге ээ болот! деп, элан кылды үч калыстын бири.

-Бишкектин эки балбанды жыкканына мөрөйү берилеби?

-Мөрөйү турат. Эми баш соорун үчүн күрөшөт-деп кыйкырды калыс.

Баятан берки Бишкектин ыгынан жазганганбы, «алдырып койбоюн» деген аракеттеги Азиретаалы балбан колун карматпай

ала качып, жакын келе калганда курсагы менен сүрө уруп, эптеп эле Бишкекти желкеден кармоонун аракетинде болуп жатты. Жоосунун оюн, жаземдебей билген Бишкек аны кантип кулатуунун ыгын келтире албай, алыстап, алагды кылып жатты. Бир учурда эки колун алга сунуп, эңкейе жакын келген Бишкекти ал тизеси менен ээк талаштыра уруп өттү. Тиштери «шак» дей түшкөн бала балбандын көздөрүнөн от чагыла, тилин тиштеп алды. Шилекейин жутса кан даамданды.  Жаны ачынган Бишкек термеле, эптеп аркасына өтүп, багелегине тээп болсун жыгуунун ыгын ойлоду. Аңгыча жакын келген Бишкекти экинчи жолу тизеси менен ээгине укуй берерinde, ал шамдагайлык менен анын бутунун кетмененинен кармай, шарт өйдө көтөрдү. Тең салмактуулугун жоготкон балбан «талп» эте чалкасынан түштү. Казганактаган эл кыйкырык-сүрөөнгө ала, Бишкек! деп, чакырып жатышты. Чуркап барып, аны баса калууга аракеттенген Бишкекти калыс кармай калды.

-Мындай эреже жок. Аны сен, күч менен жыгышың керек.

Чаңга түшүп, боз-ала болгон Азиретаалы ордунан тура келе, Бишкекти колу-бутунан кармап, экинчи күрөшкө түшкүс кылып, катардан чыгарууну ойлоп, анын кетенчиктегенине болбой кубалап алды. Кабактары түшүп, ачуусу келгенинен улам түсү өзгөрүлүп, көзүндө огу болсо атып ийчүүдөй тиктеди.

-Жеңилгениң ушул. Ачуусу келген алдастайт. Эми алдырганыңды билбей каласың-деди Бишкек ичинен, анын кыймылынан көзүн айрыбай.

Чамынган Азиретаалы күрөшүүнүн ыктарын эске албай, эптеп кармап, колу-бутун кайрып, сындырууну ойлоду. Ал сүрө качырып келип, далдайган колдору менен эки далысынан кычырата кармарда Бишкек ичке кире калып, белбоосунан сыга кучактай, тогонек чала, далысы менен көтөрүүгө камданганда Азиретаалы анын башын чеңгелдей кармап, мойнун кайрууга аракеттенди. Бишкек ага үлгүрпөй күч менен силккенде, анын бир буту тайып, ооп баратты. Ал колун Бишкектин башынан бошотуп, жер таянгыча болбой, оор денеси жерге «гүп» дей түштү. Үстүндөгү Бишкек жайдак өгүздү мингендей, көкүрөгүндө өбөктөп турду.

Тургандар, жабыла чуркап келишип, Бишкекти көтөрүп кетишти.

-Айланайын, намыска жараган уул экен.

-Атасы ким деген болду экен?

-Атасына ырахмат!

-Ушул баланы төрөгөн, энеси бейишке чыксын!

-Элдин уулу, эр азамат деген ушул!

-Ылайым көп жашасын!

-Бар болсун!

-Эл сыймыгы Бишкек! Журт намысы Бишкек!

Эл балбанын алкашып, күрөштүн калганына да көңүл бөлүшпөдү. Биринин артынан бири дүргүгөн көпчүлүк, жанаша жерде тигилген боз үйгө келишти. Сырттагы көптүн дүбүртүнөн сестенген үй ээси, босогодон баш бага калганда.

-Айланайын ак байбиче! Ак сары башыл, бабадин! Алтын колуңуз менен кесеге суу алып чыгып, ушул баланын башынан тегеретип коюңуз! Балбаныбызга көз тийбесин! Намыс алат деген ушул. Эл кызматына жарайт деген ушул!

-Айланайын көпчүлүк! Балабызга, батаңарды берип койгула! Бата менен эл көгөрөт дейт. Ушул жетимибиз элге аралашып, биздин бирибиз болуп, ариетибизге жарап, аман жүрсүн?

Шашкалактаган байбиче колу-башы калтырап, кеседеги суунун чайпалып-төгүлгөнүнө карабай, балбандын башына тегеретип келип:

-Түкүр сууга! Бар балекеттин баары, илешкен-пилешкен жамандыктар, суу менен кетсин деп, оң тарабына серпе чачып, кесени босогого көмкөрдү.

-Кадырман эненин колу жеңил. Ниети таза. Көрө албагандын көзү, жамандын сөзү жукпасын. Балабыз тазаланды. Бүгүндөн баштап, кайра туулду. Башы таштай катуу, өмүрү суудай узун, жашоосу майдай даамдуу болсун! Балбаныбыздын аты Бишкек. Баатыр, балбан деп жүрөлү! Баатыр деп билели!Оомийин!

Эл бирдей чуу эте, беттерине бата тартышты.

* * *

Аштын ирети боюнча тамашалар уюштурулуп, «Балбан күрөштөн» соң, «Эр эңиш», «Аялдардын эңиши» экинчи күнү өткөрүлсө, үчүнчү күнү «Кыз куумай», «Жорго салмай», «Кунан чабыш», «Тыйын эңмей», «Аркан тартмай», «Бука тартыш» оюндары өткөрүлүп, байге алгандар, кийинкиге калтырылган соорунга карк болуп жатышты. Төртүнчү күн «Жамбы атмайдан» башталып, андан соң «Эр сайыш», «Кызыл камчы», «Өпкө чапмай» тамашалары болуп, оюн көргөнү келген эл ары-бери сүрүлө, күн өтө берди. Аш-тойдун эң эле кызыктуусу да, орчундусуда «Улак тартыш»-«Көк бөрү», «Ат чабыш». Аларга соорун арбын коюлуп, карыдан жашына чейин бул оюнга

кызыкдар. «Улак тартышта» балбандын балбаны, ары шамдагай, ары өткүр чабандестер тандалат. Улакчынын аты да өзгөчө болуп, тартышса жулуп кетип, ала качса аяктуу, миңдеген аттарды жиреп галага кирген кубаттуу аттар тандалат. Ээсинин алгырлыгына, балбандыгына жана эрктүүлүгүнө жараша минген аты да төп келиш керек.

Улак тартыш оюнунда бети-баштын айрылганына, буту-колдун кайрылганына, көп аттын аягы алдында тебелендиге калганына кайыл адамдар катышат. Улакчы өңгүл-дөңгүлгө, колот-жар, кемерлүү сайга, күпүлдөгөн дарыяга карабай, өзүн да, минген атын да аябайт. Кандай каршылык болсо да, улакты тартып алып, маарага алып барып таштоосу тийиш. Ошондо гана анын аракети соорунга ылайык. Ага чейин улакчы көптөн жулуп алабы, тартып кетеби, миңдеген адам күбө болуп карап турат. Алар жөндөн-жөн алдырбайт. Ар киминин аракетинде жараша ийгилиги болот. Улакты алган чабандести калганы кубалап, ортого алат, кемер-жарга такайт. Ар тарабынан талап, жулуп-тартып алуунун аракетинде болот. Жалгыз чабандес, аларга моюн бербей, чапка баскан «улагын» мерчемдүү жайга алып барып, таштоосу тийиш. Ошол үчүн «көк бөрү» оюну аталат. Бөрү бир. Аны аңдыгандар миң. Ал олжосун куугунга алдырбай, ала качып, кутулуп кетиши керек. Каршылашын жазгырып, олжосун тарттырбаганы үчүн «көк жал». Демек чабандестин  олжосун алдырбаган оюнду эл «көк бөрү» аташкан. Ал оюн илгертен ата-бубалардан калган. Эр азаматтардын оюну. Ага белинде күчү, колунда кубаты, дээринде чабандестик эрки күчтүү, тайманбас эр жигиттер гана катыша алышат. Ат кулагы менен тең ойноп, өлөр-тирилерине карабай жан үрөп, көпкө моюн бербегендерди эл чабандестер деп аташат.

Тоолуктар жаш балдарды: «Жети жылга чейин жерден келтек жейт. Жети жылдан кийин жерди келтектейт»-деп коюшат. Анткенинин себеби, жаш бала баскан-турган жерлерин абайлабай чалынат, жыгылат, тыгылат. Жети жашка баргандан кийин акылына кирип, ар нерсеге абайлап мамиле кылат. Ачуу-таттууну, катуу-жумшакты  айрымалайт. Деги эле улуулардын кылган иште-ри балдарга кызыктай сезилет. Колдорунан келип-келбесе да, алар жасаган иштерди кайталагылары келишет. Тоолуктарда, көбүн эсе күздөн баштап, кыш ичи, ал тургай жаз, жай мезгилдердеги аш-тойлордо, же бир шылтоо боло калганда улак-тартыш оюну өткөрүлөт. Аны барып көрүүгө карылардан жаш эркек таналардан бери калбай келишет. Ал жерде аттын аты, эр

азаматтардын эң бир чабандестери сыналып, көптүн оозунан түшпөй айтылып,узун элдин учуна жетет. Анын баары жаш балдарга гана эмес чоңдорго да кызык.

Деги эле кыргыз баласынын канында, задинда барбы, ат оюндарына, күрөшүп-алышканга ого эле ышкылуу. Ат мингенде эле чапкысы келет. Же Манас айтылып, күү чертелсе, ага кошулуп ырдап кубаттай берет. Байгеде ат чапса, улак ашып, жула качса, же жарыша чапкандарды көрсө, күү чертип, күпүлдөтө Манас айтып, обон созуп, ыр ырдаса кыйкырып-чуу менен сүрөп жан алы калбайт. Бул да болсо ошол иштерге маани бериши, аны кубаттап, эргигени. Тээ бала кезинен эгиз жерде өсүп, кенендик менен бийиктикте тарбияланып, өзүнүн эркиндигине сыймыктанган сезимден улам окшойт. Кыргыздын жашоосу тунуктук менен тазалыкка терең чумуган. Бардыгы тунук: суусу да, асманы да, мөлтүрөгөн шүүдүрүмдөн бери бардыгы. Абасы да кышы, жайы, төрт мезгили тең. Кары, жамгыры жадакалса музу да таза. Бардыгы жаңы эт, сүт, майдан баштап жеген-ичкенден бери, өсүмдүктөрү, жашылча-жемиши, түрдүү гүлдөрү, чөптөрү. Эч бир булганган, же кирдеген буюм, затты көрбөйсүң. Ылайым эле ушул байлыктардын бардыгы, элибизге кут болсун. Пейилибиз, ички дүйнөбүз, ой, жашообуз таза бойдон калсын!-деп кыялданасың.

Тоонун балдары жети жашка жетип-жетпей эшек минип, эшиктеги эски талпакты улак тартып ойношот. Анан барып кулун-тайларды үйрөтүшүп, байге деп жарыштырып, акыйкаттык менен алдыңкыга «соорун» ыйгарып, жеңишти кадырлай билишет. Тартип-деп, бирин-бири башкарып, буйрук берүүгө да, аны аткарууга да көнүгөт. Бирин-бири угуп, улууну урматтоого, кичүүгө кам көрүүгө үйрөнүшөт Талаада тапканын бөлө жешип, пейилдери кеңейет.

Бишкек да бала кезинен улак тартыш оюнунун сырын өздөштүрүп, эрежесин так билип өстү. Оюндун кызуусуна батып, жыгылды-тыгылды, урунду баарын көтөрдү. Тартышып, түртүшүү-дөн, күрөшүп, чалышуудан каруусу толуп, мүчөлөрү өстү. Сөөктөрү чыңалып, дене булчуңдары катты. Кең жерде кеңири жүрүп, чарбалык оор жумуштарга бала кезинен катышып, жасап, үйрөнүп тотукту. Эринчээктик, жалкоолук оюна да келбей, илбериңки, шайдооттукка көнүктү. Жашоонун өзү аны сергектикке, шамдагайлыкка, баамчылдыкка тарбиялады. Ал тургай айбанат-тардын тилин, дилин билүүгө кызыкты. Чочуп качкан кайберен, илбесиндердин кыймылын туйду. Сезимтал, сергек балага жашоо

өзү үйрөттү. Билгенден биле элеги көп экенин аңдап, мойнуна алды. Жашоодогу бардык көрүнүштөр менен ынтымак, дос болууга умтулуп, мамилелешүүнү самады.

Ал биринчи эле минген аты менен ымала табууну жакшы көрөт. Аны сыйлап-сыйпап, кашып, эркелетип, көңүлүн алды. Аты да ага ыклас коюп, ээсинин оюн аз-аздан түшүнө баштады. Эки тараптын бири-бирине болгон мамилеси чын ыкластан болгондуктан, жарым жылга жетпей экөө сырдана болуп калышты. Бүгүнкү минген торукашкасы да ээсинин оюн айттырбай түшүнөт. Көптөн бери таң ашырып, сууткан аракетинен улам, атынын ичи тартылып, көкүрөгү чыкты. Ашыкча жем-от берилбегендиктен, денеси чыңалып, бармактай ашыкча майы жок. Алты күн чабылса да, арыбас абалга келген.

Чоң улакка катышып, өзүн да, атын да сынап көрмөк болгон Бишкек таң эртеден аргымагын аса байлап, ичин тазалатты. Жону-башын кашып, жал-куйругун тарап, муздак сууга кандыра сугарып, тезегин таштасын деп, аса байлап, каңтарып койду. Күн жерге тегиз тийген учурда, улакчылардын калың тобун көздөй, аттын басыгына коюп, жай баратты. Баштагы күнү убадалашкандай, шериктери да жолго чыгып, аны күтүп турушуптур. Ээрчише жүргөндөргө улам кошулушкан улакчылар жоон топ боло, ат майданга жете келе четтеп токтошту. Улакчылардын көптүгүнөн ортолук түтөйт. Көп туяктардын чаңы менен аттардын тери аралашып, жүргөн жел менен кошулуп, алыскы кетет. Күтүрөгөн миңдеген туяктардын, ортодо кысылган аттардын жөткүрүгү, күйүккөндөн улам чыккан бышкырыктары кошул-ташыл боло, ортолук кайнаган казандай боркулдайт.

Ортодогу улакты жерден эңип алып, кимиси ат жалына ашырганы, кимиси аны чапка басып, алдыга умтулганы билинбей, ортоңку галага ат салышат. Андан чыккан эч ким жок. Бардыгы эле жетсем деген үмүттө. Ортолукка аттын аты гана барбаса, анча-мынча чабал аттар чоң аттардын ортосунда калып, тумчугуп калчуудай. Тизгиндерин булкуп, үзөнгүлөрүн теминген чабандестердин аттарын сүрөгөн кыйкырыгына кошул-ташыл боло, кагышкан үзөнгүлөр, кысылгандан онтогон аттардын үндөрү айкын угулат. Ортого жетүүдөн түңүлгөн айрым улакчылар галадан чыгып кетүүгө жол таппай турса, четтегилер ортого умтулушуп, галадагилер бири-бирине ат салыша, теминип жатышты.

Бишкектер келгенден бери чай кайнам убакыт болсо да, галадагылар козголбоду, же бир тарапка сүрүлө жылып

кетишпеди. Ат ойноткон чабандестер бирөөнүн колундагы улакты чапка басып, чачырата сыртка бет албады. Комоктошкон топ даракка жармашкан аарынын уясындай, бир орундан жыла албай турду. Тамаша кылуучуларга галадагылар алыстан эмес, жакындан атайлап карагандарга да таанылгыс. Кимиси эмне болгону белгисиз эле. Балбандардын колдорунан сууруп алып ала кача, топ жарып, ат ойноткон азаматтарды көрөбүз деп келишкендер күтүп-күтүп зарыгышты. Чаң-терден улам, көбүнүн беттери ботала болуп, түстөрү өзгөрдү. Аттардын да терден улам өңдөрү өзгөрүп, жүндөрү тармалдана жиктелип, кайсыл ат экени билинбейт.

Ортодогу галага аттын аты гана барбаса, көпчүлүгү кысылуудан улам тердеп, ары-бери сүрүлүүдөн чаалыккан эле. Эрте мененки галадан эч кими улакты сууруп, алып чыга албаптыр. Бирөөлөрдүн айтуусуна караганда атайлап арналып союлган торпок бир жашар өгүздөй бар дешет. Чабандестерди сынайбыздешкенби, же соорунду алдырбастын аракетиндеби той башкаруучулар торпоктун чоңун тандашкандай. Улакчылар ага карайбы, чабандестер бир топко биригишип, бирисин-бириси сүрөп, жандап галага кирип, ортодогу торпокко жетишсе, бириси көтөрүп, экинчиси эңип, үчүнчүсү ат жалына салып, чапка басып, төртүнчү, бешинчиси аны калкалап, башкаларга бучкактатпай, дагы бири жол ачып, атты тизгиндеп тарта көптөп, алып чыгып кетери болуп келген. Бирок, бүгүнкү улакта, ар элден мен-менмин деген чабандестер келип, андайга жол койбой жатышкандай.

Түш ооп, күн кыңкайып баратты. Дале болсо галанын ортосу оюлбады. Чети кертилбеди. Бардыгы эле жетсем деген үмүт менен аттарын омуроолотуп, үзөңгүлөрүн теминишет. Четте тамаша көрөбүз деп котолошкон көпчүлүк, көп күтүүдөн жадашып, алды көлөкө издеп, далдоого кетсе, калгандары күтө-күтө уйкуга киришкен. Ат тизгинин ээр кашка ороп, каңтарып коюп, анча-мынча гала тарапка моюн созо, аңгемеге киришкен топтор да бар. Кийинки келгендер козголо башташты.

-Кана эмесе, жигиттер! Ата-баба арбактары колдоп, жолубузду ачсын. Оомийин!-деген Бишкек ээр каштагы тизгинди бошотуп, үзөңгү теппей атына минди. Аны ээрчиген шериктери улай бастырышты.

Бардыгы жеңил кийинишип, баштарын бир түстөгү кездеме менен бууп алышкан. Жалаң токум, жылаңач ээр үстүндөгү чабандестер Бишкек кырдуу, жаштары тегиз. Аргымактарын

шайдот бастырышып тез эле галага жете келишти. Кирген селдей болуп, күркүрөгөн топко карай бирөөсү ат салды. Калганы аны ээрчий суода сүзгөн өрдөктөй, акырын жыла-токтоп, комоктошкон көпчүлүктү аралай жыла беришти. Суутулган тың аттар улам алга сүрүлгөн сайын жака-белдеги кысылган аттар кетенчиктеп тисериле, калып жатты. Көптөн бери ортолукта туруп, тебеленген туяктары ооругандан улам,алга сүрүүдөн жадашкан аттар, эптеп четтеп чыгып кетүүнүн аракетинде.

Тың аттарын темине, өздөрүн сүрүп-кысып ээрчише, көптөн жол таап бараткандарды байкагандар жол бербей, алардын күүсүнө  кошулуп алга теминишти. Бирок, сыртта тыныгып, али кубатынан жана элек аттардын кысмагынан улам, көптөн бери ортодо турган аттар жадап, ээлеринин запкыларынан улам араң турушкан. Эптеп бир шылтоо болсо эле сыртка чыгып кетүүнү самашкандай. Ээсинин теминип ортого умтулуусунан улам, алга жылымыш болуп жуткунуп коюшат. Шыкалган аттарга салмагын сала жүткүнгөн тың аттардын тобу канчалык кысылгандарына карабай умтула беришти. Оңор эмес галанын ортолугуна өрлөп, ашуу ашкандай болушуп, чай кайнамдай убакытта эптеп жете келишти.

Күндүн аптабынан, көп адамдардын деминен, аттардын теринен гала турган кен ортолук андан бетер кызып, чөлдүн куйкалаган талаасындай лапылдата табы урат. Чаң менен аттардын деми аралашып, төбөдөгү күндүн бетин тосуп, бозомук көрүнөт.Ортолукка жеткен азаматтар, биринен сала бири, кол созуп, тебелендиде жаткан торпокту  кармап, ат жалына көтөрүүгө камданыша, булкунуп жатышты. Алар жетсе эле жаткан торпокту шарт ала каччудай сезишти. Бири-биринен алдын тосуп жатышты. Ортолуктун ары-бери сүрүлүүсүнөн улам, жерде жаткан торпокко эч кимисинин колу жетпей, колу жетсе да, көптүн ортосундагы кысылуудан шарт көтөрүүгө кубаты келбей, тирешип турушкан эле.

Көп аттын тебелендисинен жана терлеп аккан тамчысынан улам жаткан торпок сууланып, кармаган кол жылмышат. Баягы топту ээрчите, алга жылган Орунтай акыры жүрүп, жаткан торпокко жете барып токтоду. Ага жанаша келген Бишкек торпокко жетип-жетпей, эңиштин аракетинде эңкейе кол созду. Колу жуп жетээрде кысылган аттардын соорусу шыкалып, эңкейүүгө жылчык жок. Торукашканын тизгинин силккенде, ал эки алдыңкы бутун көтөрө, жанындагыга салмагын салды. Жанындагы Орунтай түшө кала

торпоктун бир бучкагынан көтрөгөндө, торпоктун арткы шыйрагы Бишкектин колуна илеше кетти.

Маӊдайда турган чабандестин аты торпоктун мойнунан тебелеген туягын тарта берди. Бишкек күчөнө бир тартып, жылбышкан колун бошотпой, арткы шыйрактын толорсугунун учундагы томпойунан мыжыга кармады да, үзөнгүгө салмагын сала булкуп тартканда жаткан торпоктун тулкусу жерден үзүлдү. Чапсаӊдык менен Бишкек мойнунан сүйөп, түрткөндө торпок Бишкектин тору кашкасынын жалына илеше түштү. Чабандес аны кое бербей, булкканда ээр кашка артыла калды.

Орунтай бошошо калган ортолукка атын темине кирип барып, Бишкектин торукашкасынын тизгинин шарт колуна орой, аргымагын теминди. Бишкектин аркасында турган Адыр жандай келип, торпоктун шыйрагына кол созгондорго такалды. Атына минүүгөүлгүрбөй кысылган Бишкек эптеп бучкакка жетүүгө кол созгон чабандестин үзөнгүсүн тээп, жанаша турган чабандестин атынан артыла секирип өз атынын мойнуна барып минип калды. Чабандес торкашкасына дем бере үн сала Аа-Ааа!-деп кыйкырды. Ары кысылуудан, ары үстүндөгү салмактан кыжыры келген аргымак, денеси менен силкине туйлап, алга умтулду. Кайнаган галанын ортосу жарыла берип, бошошо түштү. Чабандес тизгинин булка теминди. Аӊгыча бир тарапка сүрүлгөн топтон каршыдагы аттар сүрдүгүп, кысылгандары артка кетенчиктешип. Көп аттын бир багытты көздөй сүрүлүүсүнөн улам, жылчыксыз жыш шыкалган гала тосмого такалып, кайра серпилген селдей жыла, сүрдүгүп жөнөдү. Бишкекти ортого ала колдору жетсе эле, эптеп сууруп алуунун аракетиндеги башы-көздөрүнө карабай умтулгандардан калкалашкан шериктери аттарын теминишип, кол созгон чабандестерди буйдалта сүрүлгөн топтун алдына түшүшүп, эптеп галадан чыгып кетүү аракетинде болушту.

Уялуу аарынын тобу качкандай, өмөктөшө сүрүлгөн калыӊ топ, ат чабым алыстыкка чейин too көчкөндөй шыкала жылып ажырабай, бучкакташа баратышты. Көмөктөшкөн көптөн үзүлө, бөлүнүп кетүүнүн аракетиндеги чабандестер Бишкектин торукашкасын бириси жетелеп, эки тарабындагылар жандай чаап, куйрук улаш баратышты. Ынтымакташкан топ, ат сооруларын сала улам жулкунуп булкушкандардан калкалап, алга жыла беришти. Торпокко жетүүнүн аракетиндегилердин чабандестердин алга теминүүсүнөн улам, миӊдеген ат туяктары күтүрөп, улакчылардын кыйкырыгы, үзөнгүлөрдүн кагышканы, аттардын күшүлдөп-

бышылдаганы окторула шар аккан селдей күүлдөп турду. Көпчүлүк бири-биринен аянбай теминип-чамынып чабандеске эптеп жетүүнүн ааркетинде салып-уруп баратышты. Оңор эмес жайга жеткенде ээрчишкен көпчүлүк  топ-топ боло бириндешип, коюу топ беш-он боло суюла баштады. Көптөн үзүлгөндө ат жалындагы торпокту ээр кашка эки бутун арта, чапка баскан Бишкекти шериктери жалгыз кое беришпей, өздөрү орой чаап, алга узатуунун камында жандап баратышты. Бир топ жерге жетишип ат моюндарын артка бурушту.

Көптөн үзүп алуунун аракетинде болгон топ, улак таштай турган жерден алыстап,эки-үч чакырым тескери кетишкен эле. Алыстан кайрыла топту жирей чаап келе жаткан Бишкектен торпокту сууруп алууга  кызыгышкан чабандестер жандай чаап, көбү жабалакташа ээрчишип, чапка басылган торпокту биринен-бири өтүп бучкакташты. Ээр кашка ныгыра басылган торпокту Бишкектен сууруп алуу кыйын эле. Чабандестердин көбү жете келип, чамалап булкуп, атырылып бараткан атын тороп, булкуп-жулкуп токтотушту. Торукашка көп аргымактан кубаттуу, аягы жеңил, аягына жараша күчү да мол эле. Анча-мынча аттарды тоготпой, илешип, жабышканына карабай дөңгөчтөй  сүйрөп жүрдү. Аргымагына ишенген Бишкек топтошкондорду аралай жиреп, бир тарабына жете келип булккандарга, экинчи тараптагы торпоктун бутун кайрый таканчык кылып, экинчи тараптан келгендерге да так ошондой таканчык кылып, чабандестердин көбүнүн көзүн күйгүзүп, күчтөрүн сынады.

Курч аты менен көптү тоготпой, топтошкондорду жирей чапкан Бишкекке ачуусу келген балбандар алдын тороп, талоон алууга аракеттениишти. Ал учурда жанаша чаап бараткан шериктери жандай келип, ортого түшө калакалап жатышты. Ары-бери кайкып учкан шумкардай, топту аралай чапкан Бишкек акыры болжогон марага торпокту таштап, четтеп чыга берди.Баятан бери ээрчий, андан торпокту үзүп алууга, же атын жыгууга далалат кылган балбандар, аларды жандай  чапкандар, баатырдан  улак талашуу оюндарына келбей миңдеген атчан чабандес балбандарга моюн бербей, ат майданын аралай чаап, көпчүлүккө анык көк жалдай көрүнгөн чабандестин өзүнө, атына кызыккандар таңданып жатышты. Таанып таанproblem

-Бишкек чабандес деген ушул.

-Кай жердин жигити?
-Түбү Аксы-Ала-Букалык.
-Ким дегендин баласы?
-Ким болмок эле. Бир кыргыздын баласы.
-Атты кайдан алган?
-Кадимки эле кыргыздын кара байырынан го.
-Канча асый болду экен?
-Канча асый болсо да, баралыкка келген чагы экен.
-Анык чабандес деп ушуну айт!
-Ырахмат!
-Тамашасын көрүп, бир кумардан кандык.
-Улак чапкандар ушундай чапсын!
-Эр экен. Күч да, чабандестик да бар экен.
-Өзүнө аты да жарашыптыр. Баракелде!

Улак тартыш аяктабай жатып эле Бишкектин атына кардарлар көбөйүп, бирисинен экинчиси ашыра баа айтып жатышты.

-Үйүр-үйүр жылкы берели?
-Куржун толо тилда берели?
-Каалаcа, короо-короо жандык айдап келели?

Бишкек үчүн аты баарынан кымбат эле.

-Сатылбайт!-деген анын жообу көпчүлүктүн көпшүнүн суутту. Ал күнү тамашага келгендердин оозунан Бишкек менен анын торукашка аргымагынын таржымалы түшпөдү.

-Бишкектин жолборс менен алышканы, анык ушул ашта билинди. Айтылган аңызга көбүбүз ишенбейт элек.

-Анысы чын. Кантип эле айры буттуу адам жырткычтардын төрөсү жолборс менен алышмак эле дечүүбүз.

-Көрсө белинде кубаты, билегинде күчү, жүрөгүндө жалы бардыгы ырас тура.

-Аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы. Жолборстун атын алыстан уккан адам жолобой качат. Анык баатырдыгы бүгүн билинди.

-Ошону айт. Алдында аркырап турса, кандай адам даап жанына бара алат. Мен баягы апыртмалардын бири деп ойлогом. Бишкектин кимдигине бүгүн ишендим.

-Бишкекти жолборс менен алышкан, карышкыр менен кармашкан деп айтышса ишенчү эмесмин. Кече күнкү күрөштө аюу-балбанды бир кармаш менен билегиндеги сөөгүн сындыра койгонун көргөндө эле, баатырда күч бардыгына таң калгам.

-Балбандыгын өз көзүбүз менен көрдүк. Өзүнүн эки-үч эсе келген, тим эле алты жашар өгүздөй болгон сарт балбанды чычкандай кылып ойнотту.

-Имине? Чоң немени кубаладыбы?

-Жо-ок. Ал кармайын десе, аласынан өтүп, бирде кармап, бирде кое берип, тамаша кылды. Дөө балбан ага ызааланып, кармап алып, мыжыгамын дегенде, колун бир кармап отургуза койду.

-Ой-эй. Колу темир экен да?

-Агасы экөө темир кармап жүрүп, темир болуп калган окшойт.

-Улактагы жоругун айтсаң. Галадагы миңдеген улакчыларга моюн бербей, ноопаздай болгон торпокту ат жалына салып, ошончо чабандестерге бучкактатпай алып чыккан азаматты айт!

-Өзүнөн да аргымагын айтсаң. Эки чабандес эки тарабынан торпоктун буттарын чапка басып, сууруп алабыз дешсе да аларды тоготпой сүйрөп кетип жатпайбы.

-Охо. Атынын күчү да, оңор эмес экен. Кээ бир менменсинген улакчыларды, азамат чабандес, аты менен талпактай сүйрөп кеткенине ыраазы болдук.

-Бишкекти эч кимиси сүйрөй алышпады.

-Көбү кызыгып, чапка басып көрүштү. Тору кашка бирин да тоготподу.

-Бишкек атына, аты ээсине ишенет экен. Бири-бирине сынаакы тура.

-Деги Бишкегиңер кайда жүрүп, мындай күчкө ээ болгон?

-Биздей эле адам баласы. Жаштайынан ишке бышып, мал кайтарып, эгинчилик кылып, чарбада аралашып чоңоюптур. Бизчилеп эле амач аштап, жер айдап, кетмен чаап, дың бузуп, эгин эгип, орок оруп, жанчып, кырмандан, кызыл көтөрүп дыйканчылык кылып жетилиптир. Артыкчылыгы жаштайынан агасына жардамдашып көөрүк басып, базган чаап, дөшү таптап, темирчилик кылыптыр.

-Мына, темир кармаганынын жөнү бар экен. Бу темир дегендин касиети бар дешет. Ал айтат имиш-«Темир кармаганды темирдей чыңайм» деп. Темирчини Дөөтү пайгамбар өзү колдойт экен. Турпатына көз салгылагын. Денеси темирдей чулу. Эти чың. Урук-жааты ким дегендер?

-Баягы чуу көтөргөн кыргыздын бири.

-Чуу көтөргөн эмнеси?

-Кыргыз чуу чыккан жерде күч алат эмеспи.

-Ооба ал сөз илгертен калган. Чууну уккан кыргыздын минген атынын да каны кызып эргийт эмеспи.

-Баатыр менен күлүккө арналган сүрөөн көпкө даңаза.

-Бишкектин баатыр-балбан болушу ата-тегинен, экен да?

Айтылган сөздү баары кубаттап турушту.

* * *

Күн кеч кирип, эл жайына тарады. Адия болгон коноктор, ашка кай жерден бери эл чакырылганын сураштырышат эмеспи. Эски тааныштар, көптөн бери көрүшпөгөн дос-жарлар, аш-тойдо жолугушуп, бири-биринин эсендигин, ал-жайын билишет. Күндүзгү тамашада баарынын көөнү өтүп жаткан оюнда болуп, көпчүлүк арасында көбү учураша да албай калышат. Кечки мейманчылыкка келгенде: «Кимдердин келгендигин, кайсыл үйдө адия болгондугун, «бири-биринен билишип», атайлап келип учурашышып, эл-журттун амандыгын, тиричиликтеги жамандык-жакшылыкты сурашышат. Же күндүзгү тамаша аяктагандан кийин кечки тамаша башталып, ыр-күүгө ышкыбоздор, дастан-жомокторго кызыккандар, ырчы-чоорчулар отурган үйгө келишип, өнөр ээлери менен таанышышат. Ар жерден келишкен комузчу, ырчылар жаагын жанып ырдап, казал айтып, күү чертип, уккандын кумарын, кулактын кычуусун кандырат. Карылар өткөн-кеткенди кеп кылышып, сапка тизип санжыра айтышат. Манас, баатырдык дастандарды уккусу келген-дердин умачтай көздөрү ачылат.

Жаштар эшиктеги көпчүлүк топтолгон жайга кетип, жалаң аксакалдар калышты. Күндүзү ат оюндардагы, өткөрүлгөн тамашалардагы балбандар жайы айтылып, тээ илгерки балбандар жөнүндө ар ким көргөн-билгендерин кеп кылышты. Адаттагыдай эле аңгеме аягы санжырага уланып кетти.

Байыркы бабаларыбыздан урпактары кара жанын карч уруп, көр тиричилик менен эле күйпүл-ала болуп, күн өткөнүнө каниет кылып жүрө бербептир. Улам кийинкилерге жол ачып, өзүңдөн кийинкилерге жеткир!-деп улуу сабак, көөнөрбөс мурасын, даанышман осуятын аманат калтырышыптыр. Ал байлыктар кылымдан кылымга асыралып, колдон колго өткөрүлүп, кийинки-лерге жетип отурат. Бүгүнкү жашоодогу каада-салт, урунган эреже, адамгерчилик, ызат-сый, бири-бирине болгон камкордук бабалардан калган кут-мурас жана келечекке уланып кетүүчү мурункулардын керээзи.

Өз кадыр-баркын, абийир намысын ыйык тутуп, ынтымактын нарктуу салтын сактап, адилет, адамгерчилик, боорукердик, ырайымдуулук менен мамилелешип, башкаларды да ошондой касиет күтүүгө, сыйга чакырган элдик эрежелер түгөнгүс байлык эмей эмне. Ошол көлдөй улуулукту билип, анын кадыр-баркын кийинкилерге туюндуруунун бир тамчысы эл арасындагы оозеки айтымдар. Аны менен аз болсо да акыл-эс байып, өткөндөрдү тарых-таржымалы маалымдалат. Анын ичинен элдик санжыра-ата-бабалардын кимдигин кайсыл мезгилде жашагандыгынан кабарлап, тарыхты тактоого көмөк болот.

Дал ушул ата-бабалардын калган салтты улап, ар бир адамдын атын, сөзүн, окуясын көкүрөгүнө жат кылып, тунук акылына сактап, кийинкилерге баян эткен санжырачылардын сапка тизген сөздөрү кимдерди гана суктандырбайт. Көрсө, көкүрөгү тунук, ой-туюму таза, ар бир сөзгө маани берип, сөз кадырын баалаган пенделер гана санжырачы боло алат тура. Андай адамдарды эл баалап куйма кулак, эс-тутуму өзгөчө деп баалайт тура.

Керегеси кенен жайылып, омоктуу тигилген боз үйдүн ичи ого эле кечтеленбесе да, колунан көөрү төгүлгөн чебердин аздектеп жасаган ар бир буюму орду-ордунда. Кереге баштары сайын кымбат баалуу аң терилери илинбесе да, кадимки тоолуктун боло жүрчү адатындай, кертиле жыйылган көрпө-төшөк, жастык кийиз керегеден уукка жете тирелет. Төрдөн төмөн эркектин суусар тебетейинен баштап, карышкыр ичиги өңдөлгөн ак тону, кемер-куру, андан төмөн күмүш капталган ат жабдык дагы башка керектелүүчү буюмдар. Төрдүн сол тарабында аялдардын колдонгон буюмдарына улай, кештелене согулган, керегеге жете тирелген чий ашкана, андан төмөн идиш-аяк. Ортодогу кемегеде арча отуну жагылып, улам тырс-тырс эте учкундары түтүн менен кошулуп, түндүктөн ары созулуп кетет. Ашкана тараптагы чырактын жалыны кээде бүлбүл эте, кээде түзөлө, үйдүн ичине күңгүрт жарык чачат. Төрдө жайылган дасторкондо дүйүм даам толтурулуп, анын четинде чечилише сөзгө кирген карыялар. Алардын ар бир сөзүн сая кетирбей, кулактарын түргөн топтогулар, ынтаа кое, эңилип отурушат.

Саяпкерди саяпкер, комузчуну-комузчу издегендей эле, санжырачыларда, биринин атын бири угуп, таанышып сүйлөшүүнү самап жүргөндөр. Санжыргалуу сөзүн угуп, билбегенин сурап, кемип толуктап алуунун камындагы куйма кулак, ары сөзмөр, ар

кыл жаштагылар чогулушкан. Аларга той шылтоо болуп, бири-бири менен бүгүн таанышып отурушат. Кыргыз урууларынын оң канаттан эки-үчөө гана болбосо, көпчүлүгү ичкиликтерден жана сол канат топторунан. Бирөөсүнүн сөзүн экинчиси бузбай адеп сактап отургандын арасынан анча-мынчасы гана суроо бере койбосо, калгандары тамшана тиктешип, икая айткандын иретин бузбай, астейдил кепке берилишкен.

Сырткы таң-тамашага көңүл бөлбөй, өздөрүнчө болгонуна караганда кеп-аңызы ого эле кызыгандай. Жалаң гана кеп кадырын балагандар чогулгандай. Калмакы карыянын чечиле сүйлөгөн сөзүн кунт кое угуп жатышты.

-Илгери кимдир бирөөлөр тарабынан жазылган санжыра эл ичине тарайт. Анда бүткүл түрк урууларынын бардыгын арабдардан-Акеше дегенден таркатылган маалымат жазылган. Акеше чындыгында эле араб Мухаммед пайгамбардын сахабаларынын бири. Мухаммед дүйнөдөн кетеринин алдында, жакындарын чакырып алып:

-Мына эми, мен чын дүйнөгө кеткени турам. Жаш кезимде кимдин көңүлүн оорутуп койдум, кимди жазалап чаптым? Кимдин ыксасы бар, тиги дүйнөгө кетирбей, алып калгыла!-дейт.

-Йарасуллуллоох, менин кысасым бар-дейт Акеше-Сен мени келтирип туруп, камчы менен чапкансың!

-Андай болсо акыңы алып кал!-деп Мухаммед жонун тосуп берет.

Ал жердегилер Акешеге камчы алып келип беришет.

-Йа расуллуллоох, сен мени жылаңач турганда чапкансың-дейт Акеше.

Мухаммед жылаңач аркасын тосуп берет. Ошол кезде анын аркасынан жаркыраган нурдуу пайгамбарлык мөөр көрүнөт.

Акеше аны көрүп кубанып:

-Мен эми тозоктун отуна күйбөймүн-деп мөөрдү өөп алат.

Ошол касиеттүү Акеше кыргызга түпкү ата болот деп, кайсы бир молдо санжырага атайлап кошкону кыргыздарга таркап кетет.

Дагы бир уламышта Аналхак жөнүндө айтылат. Анын жөнү 856-жыл менен 922-жылдын аралыгында шайык Мансур деген суфии багытындагы бир адам болгон. Ал өзүн Кудай менен теңеген. Ошол шайыктын лакап аты Халлаж. Аны Багдат халифасы жазага тартып өлтүрүп, күлүн тоо-ташка, дарыяга сапырып жиберген. Ошондо «керемет» менен тоо-таштан «Апалхак, миналхак» деген үндөр чыгып, дарыя ташып көбүктөнүп

агыптыр. Дарыянын жээгинде кырк кыз сейилдеп жүргөн болот. Кыздар көбүк менен беттерин жууганда, бардыгы жүктүү болуп калат. Ошол кырк кыздан кыргыз таркайт делип айтылат. Ага маани бербей, чындык катары санжырага кошуп алышкан.

-Айтууга караганда казак, өзбектер кыргыз атадан таркайт-деген маалыматтар айтылат. Анын чын-төгүнү кандайча далилденет?-деп отургандардан бирөөсү суроо бере кетти.

-Ага да жооп даяр. Аз-аздан чечмелеп көрөлү.

* * *

-Жуучунун уулу Батый Сарайчукту талкалап, Алтын Ордо курду. Ага көп хандыктар баш ийди. Анын бир ханы Бердибек. Ал ислам динин кабыл алды. Андан туулган Өзбек кийин Алтын Ордого хан болду. Алтын Ордого токсон эки багыш карап турду. Өзүнө караган багыштан өкүл чакырып, чоң курултай өткөрдү. Кыргыздан Арстан бийдин урпагы Домбул бий барып катышты. Курултайда эр өлтүргөндөр, ереже бузгандар жөнү, башка уруулар ортосундагы чатактар, тартип, заң-закон каралып, казы, мубти шайланды.

Өзбек хандын тушунда мусулманчылык күчөгөн менен мазарга сыйынуу, отко табынуу калган эмес. Домбул бийдин тушунда Алтын Ордо күч алып, Өзбек хандын доору жүрүп турса, Долонбийдин тушунда Чагатай үлүшүнөн Шаа Темир чыгып, Алтын Ордону талкалап, Самарканды ортолук кылды. Анын мамлекетинин бир жагы Кытай, бир жагы Иран, бир жагы Туркия, бир жагы Орусия менен чектешип, аябагандай чоң аймакты ээледи. Шаа Темир өлгөндөн кийин анын мамлекети чачырап, бузулуп, калмактар кайра козголуп чыкты. Ошол кезде кыргыздардын сол канатын саруудан чыккан Байгара, кушчудан чыккан Жамбул, оңду Долон бийлеп турду.

Ак Ордого он жети жаштагы Абылкайыр хан болуп шайланды. Ал он жети жашынан жетим калып, Сыбан хандын урпагы Жумадык хандын колунда эр жетип, көптөгөн ич ара согушка катышты. Бир жолу Жумадык хан Маңгыт бектерине каршы жортуулга аттанганда, маңгыттар анын аскерлерин чегинтип, ташын талкан кылды. Ушул кармашта Жумадык хан каза болуп, Абылкайыр колго түштү. Маңгыт бийлери аны бошотуп жиберишти. Аны хан көтөрүүдө төбөй, кыят, карлук, үйсүн, уйгур жана коңурат уруулары ашык атып, негизги күч болуп беришти.

Абылкайыр-Дөөлөт шайыктын баласы. Дөөлөт шайык-Ибраимдин баласы. Ибраим-Болоттун баласы. Болот-Миңтемирдин баласы. Миңтемир-Бадакулдун баласы. Бадакул-Жуучу Буканын баласы. Жуучу Бука-Даниел баатырдын баласы. Даниел баатыр-Сыбандын баласы. Сыбан-Жоочунун баласы. Жоочу-Чыңгызхандын уулу экенин жакшы билесиңер.

Абылкайыр ханга Сыр-Дарыянын Сибир хандыгына чейинки мейкин талаа карады. Ал жыйырма жыл аралыгында Сыр-Дарыянын боюнда жайгашкан Сыгнак, Аркук, Сузак, Ак-Коргон, Өзгөн калааларын өзүнө каратат да, Сыгнакты хандыктын борбору атады. Ошол кезде калмактар Сыр-Дарыяга чейин келишип, согушпай эле, алардын талабын аткарып, моюн сунуусун хандан талап кылышты. Абылкайыр аларга макул болмок беле. Улуу кыргыз талаасындагы кагылышта кан суудай агып, күн тутулуп, жеңиш калмактар тарапка ооду. Абылкайыр чегинип Сыгнак калаасында камоодо калды. Уз Темир тайчы андан соң Түркстан, Ташкен калааларын ээлеп, талоонго алды. Кайтып кетеринде Абылкайыр хан менен Уз Темир тайчы тынчтык келишимин убадалашты.

Абылкайырдын эң жакын көргөн нөкөрлөрү аргын Таир Кожо (Акжол деп да аталган) менен кара кыпчак Кабылан баатыр баштатан эле өч болушуп, эрегишип жүрүшчү. Күндөрдүн биринде Кабылан баатыр Таир кожону өлтүрүп койду. Кылмыш Ак Ордонун элине тарап, аргындар хандан Кабылан баатырды өлтүрүп берүүсүн өтүнүштү. Абылкайыр хан ары түйшөлүп, бери түйшөлүп кун өндүрүп бермекке хан жарлыгын чыгарды. Ага таарынып хан Жаныбек жана Керей бийлер баштаган токсон эки боолуу аргын, керейит уруулары Ак Ордодон Балкаш көлү, Моголстан тарапка көчүп келе беришти.

Абылкайыр хандын бул чечимге келүүсүнүн себеби бар эле. Ак-Ордодо «Кара кыпчактын колуна, кылыч берип чепке кой, аргындын колуна, комуз берип аш менен тойго кой» деген накыл бар болчу. Ал кыпчактардын нааразычылыгынан чочуган эле. Токсон эки боолуу аргын, керейит ж.б майда уруктарды ээрчитишкен эки бий баягы эле Моголстанга караган Чуулу (Чүй) өрөөнгө келишти. Себеби Моголстан тарапта Чыңгызхандын экинчи уулу Чагатайдын урпагы Эсен Бука хандык кылчу. Эсен Бука аларды Балкаш көлүнүн түштүгүнө, Козу-Башы тоолорунун түздүгүнө жайгаштырды. Бөлүнүп келген аз журт Жаныбекти өздөрүнө хан көтөрүштү. Алар көчө качкандан баштап «качакпыз,

өзбек хандын адамдарыбыз» дешип, ал эми ханды-аз Жаныбек» деп атай башташты. Ал аз элдин ханы деген маани эле.

Жаныбек хан туурасында айтылган жомоктордо же уламыштарда-кыргыздар аны-кыргыз деп аташат. (Анын үчүнчү баласы Касым хан 1518 –жылы өлгөн) Тарых кабарына карап, казактын биринчи түзүлгөн мамлекети «качак» деген сөздөн куралып отурат. Ошондон кийин Улуу кыргыз талаасында «өзбек агам, сарт садагам» деген сөз уланды.

Абылкайыр хан көз жумду. Андан кийин хандык такты талашуу күчөп, Ак-Ордонун эли аз Жаныбектин элине келип кошулуп жатышты. Барак хандын уулу аз Жаныбек жана Керей бий ыңгайдан пайдаланып Моголстандан артка, Ак Ордого казатка аттанышты. Согушта Абылкайыр хандын уулу Шайык Айдар хан жана анын тууган-туушкандары каза болушту. Ошондон баштап Моголстанда калган калк «качак, «кайсак» ал эми аз Жаныбекти ээрчип келген эл жана Ак Ордонун калкы «өзбек» аталышты.

Абылкайыр хандын небереси Шейбак хан (Шейбани Аксак Темирдин насилинен) Букара, Самарканды өз ээлеринен тартып алды. Мавренахрды алып, Ташкен үчүн болгон кагылышта калк:

-Шейбак Жоочу хан урпагы, биздин ханыбыз. Чагатайдын урпактары биздин ханыбыз эмес. Тажик тууганыбыз эмес. Өзбек өз агам, сарт болсо садагам дешип, Шейбак ханга кошулушту.

Төрт тараптагы көчмөн турмуш курган тилдеш Сибир хандыгы, Чагатай насилинин, Темир бийдин жана Ак Ордонун, Ногой хандыктарынын калкы ушул окуядан соң, аларды «токсон эки боолуу өзбектер», «качактар», «кайсактар» деп атай башташты. Ошол улуу кыргыз талаасында, же болбосо-байыркы «Бетбак талаада» «кыргызмын деген жерде, оозуң менен көчүгүңдү басып отур» деген сөз айтылды. Кайсак, качак деген намыс менен барабар болуп, талаалыктар ошонтип атагандар менен кызыл чеке болушкан.

Санжырачылардын айтымында тээ байыркы мезгилдерде Түрктүн Түтөк уулунан Карахан. Карахандан Огузган. Огузхандан Тагын хан. Тагын хандан Кыргыз хан. Анын Салоор, Имрал, Киман деген инилери. Кыргыз хандын атасы Тагын хан, анын атасы Огуз хан, анын атасы Карахан анын атасы Могулхан, анын атасы Эленчи хан, анын атасы Кийик хан, анын атасы Бакы хан.

Огуз хан деген төрт баласынын бири кыргыз. Кыргыздан Сафар шаа. «Шаа» деген сөз, өз убагында мансаптуу чоң даражаны билдирген. Сафар шаадан Аналхак. Андан Рашидил-

хан. Андан Алы-хан. Андан Сарментей, андан Ирериштаг. Аны менен жүрүп отуруп, Алыхандан үч бала төрөлөт. Алар Байчоро, Канчоро, Карачоро аталышат.

Байчоро-улуу жүз, Канчоро-орто жүз, Карачоро-кичүү жүз.Казактарда айтылып жүргөн жүздөр кыргыздарга таандык. «Кыргыз-казак бир тууган»-дейбиз. Казактар түпкү теги жагынан кыргыздардан тарайт.

Эмне үчүн түздө жүргөн кыргыздар казактарга айланып кеткен? деген суроо туулат. Бир мезгилде Алматы тарабындагы Туран ойдуңундагы кыргыздар тынч жашашпай, бири экинчиси менен таймашып, чабышуулар көп болгондуктан «кезеп», «казап» деген атка конушкан. Кыргыздар жөн жүрбөгөн адамды «кезеп» деп коет эмеспи. Ошол «кезеп» бара-бара «казап», андан «казак» болуп өзгөргөн. Түздүктөгү көпчүлүктү түзгөн кыргыздар көп жылдардан соң казакка айланып кеткен деген уламыш айтылат.

Тагын хан улуу уулу Кыргызды өз тагына ардактап хан көтөрүптүр. Ал түп Азия аймагын мекендеп, он тогуз уулдуу болот. Белгилүүсү Сабырша, экинчиси Түркмөн. Түркмөндөн эки уул Азербайжан, Ататүрк. Ататүрктүн тукуму Түркмөн аталат. Азербайжандан Албан.

Чыңгызхандын чабуулунда кыргыздар аябагандай эле чачылат. Түздөгү кыргыздардын бир бөлүгү Орол жакка ооп, карагайларга жашынып, казактар аман калышат. Ошол каардуу замандарда Кайкы аттуу ырчы:

Эдил кайда, суу кайда?<br>
Көйкөлгөн шибер жер кайда?<br>
Сагынышып, издешкен<br>
Оо карачы, торгой эл кайда?-деп ырдаган экен.

Түндүк Кавказдагы карачайлар Карача хандан тараган. Ошол кезде аман калуу аракети менен барган кыргыздардын тукумдары. Кыргыз бутагындагы калктын бир бөлүгү башкырлар да токойго жашынышып, аман калышкан.

Сабыршаадан алты уул. Эң улусу Боронду. Борондудан Алаш, Булаш. Сабыршаа он сегиз жашка чыккан Алашка тагын берет. Алаш акылдуу чыгып, элинин мүдөөсүн аткарууга белсене киришти. Бардык ишти акылга калчап, вазирлери менен кеңешип бүтүрдү. Үйлөнүүгө шашпады. Өз бийлигин бир тарабы Азиядан Саян, Алтайга, бир тарабын Индияга чейин жеткирип, ого эле кең Түркстан аймагын түздү. Эли көбөйүп, соода-сатык, дыйканчылык, мал чарбачылыгы, кол өнөрчүлүк өнүгүп, калаалар курулду.

Алтымыш жыл хан болуп, алты аял алып, кыз-уулдары көбөйдү. Хандын атагы алыска кетти.

Македонский дүңгүрөгөн көп колу менен Түркстан аймагын каптап кирди. Кармаш катуу болуп, күнү-түнү кан агып, канча жандар азап чекти. Элинин көз көрүнө талкаланып жатканын көргөн Алаш хан өзү аттанып, Македонго бетме-бет чыгат. Кан түтөгөн кармашта душмандын айлакерлигинен колго түшүп, башы алынат. Булаштан бурят тарап, алар жардамга келбейт. Көп мезгилге чейин Алаштын балдарынан баш көтөрүп, баатырлар чыкпады. Акыры Алыхан деген эр чыгат. Андан Арстанбек, Рустамбек деген баатырлар төрөлөт. Арстанбектен Байчоро, Жанчоро, Карачоро аттуу уулдар төрөлөт.

Эң улуу жүз Байчородон Кийикбай, андан Эликбай, андан Текебай. Текебайдан төрт уул; Майкы, Көгөй, Мегреил, Койулдур. Майкыдан эки уул. Үйсүн, Уйсун. Үйсүдөн экөө: Аксакал, Жансакал. Аксакалдан Данияр, андан Карача, андан Байдөбөт. Байдөбөттүн үч аялы болгон. Кичүүсүнөн үч бала Албан, Субан, Дуулат. Улуу аялы Сары байбичеден тарагандар Олуя-Атанын өйдө тарабында жашаган сары үйсүндөр. Ортончу аялы Сырын. (Кыргыздар Ширин аташат). Андан эки бала Ысты, Чапыращты. Алардан тарагандар кыргыз аймагына жанаша турушат.

Магреилдин тукуму кырк миң уул аталат. Куюлдурдун балдары жүз миң уул, Оро-Төбө, Бухараны жердептир. Майкы бийден төрөлгөндөр Зайли тоосун жайлаптыр. Көгөм бийдин балдары Фергана-Алайды турак кылышыптыр. Кара чородон Аргын, Найман, Коңурат, Кыпчак, Кечмелик, Куттук, Калча, Тамгачы, Кабак, Көнөй, Алты уруунун атасы эр Коңурат.

Тогуз ата Найман. Улуу балдары Босторгой, Утай, Чандек кыпчактан беш уруу: Маңгыт, Конор, Токумчу, Байтаке, Сарык, Маңгыттан Көбөк, Барлас, Канчак. Канчак орустар менен кудалашып кыз берет. Барластан Тимур хан. Жанчородон Алгын, Жаппас, Чөмөкөй, Кызылкурт, Дөөлөткелди, Айдос, Бишкек, Куракты, Кудайберди, Атачал, Жагалтай, Желди.

Көгөйдүн уулу Амалак. Амалактан Баракхан, андан Кабырхан, андан Алидин, андан Кесекбай, андан Марыбай, андан Арстанбий андан Кылымбай, андан Шабырбай, андан Темишбай, андан Атан бий, андан Назарбай, андан Шүкүрбий, андан Сеитбий, андан Сарыбий, андан Домбулбий, андан Долонбий. Долонбийден Каракалпак, Аккалпак. Аккалпактан тогуз уул: Муратай, андан Бурундук андан Каракозу, Телкозу, Каракозудан Чоңбагыш.

Телкозудан Сатыкебий. Сатыкебийдин Барболот деген байбичесинен Акуул. Андан Адигине, Муңгуш, Тагай, Наалы эже.

Кыргыздар тоонун арасында жашаган улуу жүз, жогорудагы Көгөйдүн тукуму. «Манас» эпосунда да кыргыз Көгөйдөн таркалат деп, айтылат. Көгөйдөн Сарыбий, андан Муратай, андан Телкозу, андан Калпак бий,андан Домбул бий, андан Доолон бий, андан Чыны. Көп санжырачылар Долон бийге чейин айтып, андан Ак уул, Куу уул деп таратышып, Чыны жөнүн айтышпайт. Чынынын улуу аялынан Ак уул. Кичүү аялынан Ку уул. Эмне үчүн алар оң жана сол аталып калышты? Куу уулдун энеси дүйнөдөн өтүп, баласын Ак уулдун энеси багып чоңойтот. Ал Акуулга оң эмчегин, Куу уулга сол эмчегин эмизгендиктен балдар оң, сол аталып калышты.

Көпчүлүк санжырачылар Муңгушту Адигине, Тагайдын жээни- Наалы эженин баласы деп, жаңылышып жүрүшөт. Муңкуштун Адигине, Тагай катары көп эле оозго алынбаган себеби, ал мүнөзү жагынан жоош, чарбадар болуп, мал багып, дыйканчылык кылып, көп эле эл аралачу эмес. Адигине, Тагай жоокерчилик менен өмүр кечиришип, эл арасындагы аш-тойлорго көп катышчу.

Кыргыздарда ата-бабаларынан калган салт боюнча уул балдары бой тартып, эр жеткенде үйлөнтүп-жайлантып, ата-энеси энчисин бөлүп беришет. Кезинде Долон бий да уулдары Адигине менен Тагайды үйлүү-жайлы болушканынан кийин, болгон мал-мүлкүн, элин, жерин бөлүштүрүп, энчисин ыроолойт. Ош аймагындагы Кара-Дарыя суусун болжолдуу чек ара катары тутуп, дарыянын баш жагын күн чыгыш тарабын Адигинеге, Кара-Дарыянын этек тарабын-күн батыш тарабын Тагай бийге эли-жери менен ыйгарат. Атадан энчилерин алган ага-инилер бөлүшүп, Тагай бий Ат-Башы, Нарын, Ысык-Көл, Кетмен-Төбө, Наманган аймагын ээлейт.

Журт бийлеп, элди баштап бир туугандар Моңолдор менен калмактарга каршы күрөш жүргүзүштү. Алардан жадаган душмандар экөөнү тең Жаркен хандыгынын ордосуна «ак үйлүүгө алышат». Аларды кыргыз бийлери дешип, боз үй көтөрүшүп, ордо кыздарына үйлөшөт. «Ак үйлүүнүн мөөнөтү бүтүп, Ала-Тоолук кыргыздар тынчыган чакта, Адигине менен Тагайга уруксат беришти.

Куу уулдан Чоңбагыш, Жайыл, Босого, Мундуз-Каранай, Каратал, Жайылдан: Үчсейит, Токтоболчу. Токтоболчудан Кушчу. Каранайдан Саруу, Кытай, Саруудан Көнөк, Тубай, Кыркуул, Тоңтөрт, Тогунай, Кашкулак, Тубайдан Тагайберди, Меңди,

Мураталы. Тагайбердиден Айтамгалар, Токтомуш, Жамантай, Токтотумуштан Кенже Чаңгылы.

Ку уулдан жалгыз бала Каратал. Караталдан Аскала, Каңдыбас, Бичен, Килет, Курумчак, Басыз, Төбөй. Кээ бир санжырачылар Куу уулдан Кушчу, Кытат, Саруу, Мундузду таратышат. Караталдын жети баласынын бири Чоңбагыш. Андан кийинкиси Каңдабас. Каңдабастан Кушчу. Кушчудан Жайыл, андан Сарытеңеш. Сарытеңештен Меңдуулат, Жоош. Жооштон Үчсейит-Касымсейит, Төрөсейит, Тынымсейит. Меңдуулаттан сегиз уул: Каракушчу, Көккушчу, Бозкушчу, Тазкушчу, Онокор, Чейне, Сакалды, Салыке.

Ку уулдун Килет уулунан Мундуз тарайт. Мундуздан төрт уул: Бай, Сурак, Коткор, Кыйра. Байдан төрт бала: Көкчөкөз, Эркеназар, Кулжыгач, Сурактан бир уул-Чакча бий. Андан алты бала: Чоңмышык, Кичимышык, Кубат, ж.б. Биченден Саруу, андан төрт бала: Тубай, Кыркуул, Теңтөрүк, Төгүнөй. Улуу бала Тубайдөн Тагайберди, Меңди, Мураталы бий.

Мураталы бий мансаптуу, баатыр адам болуптур. Андан бала калбаган. Ал казактардан жылкы тийип, суу кечирип өткөндө жылкычылардын арасында бир бала жүргөн болот. Ал «Алатайчан Аладакы-Алакчын» деп, баланы асырап алат. Ошол баладан таркаган Таласта Алакчын деген топ бар. Алакчындардын жүрүш-туруштары казактардай. Чапкылашып, көтөрүлө сүйлөгөндөрү казак мүнөзүндөй.

Теңтөрук ого эле баатыр адам болуптур. Таластын Жерге-Талында Колпоч деген урук бар. Теңтөрүк заманында атын казактарга алдырып жиберип, барымтага бир кызды тартып алат. Ал кыздын аты Мончок. Андан Жанчак деген уул төрөлөт. Жанчактан Таабалды. Таабалдыдан Колпоч. Саруунун Кыркуул деген баласынан алты уул: Мамайар, Келдей, Мачак, Балкаман, Кулсейит, Кулучу.

Караталдын Кулунчукагынан Тегинакмат, Тентекакмат. Тегинакматтан: Тооке. Тооке баатырдан тогуз уул. Анын бири Кутай. Аны эл Кытай деп айтышат. Кытайдан үч бала: Байтике, Буудай, Бөгөжү. Байтикеден эки бала: Теңтөгөр, Кыйра. Теңтөгөрдөн он алты уул. Эң улуусу Самыр, Андан кийин Төрткара, Балаш, Дос, Шекер, Аксаккой, Каракабак, Колоке, Чоңтаман, Жаманбай, Өтөмбай, Кожоке, Атаке, Сарыбаш, Баймырза, Каралай. Кыйрадан он эки бала: Кара, Жети уруу. Жети уруудан Бакты, Насип, Олжой, Болку, Чотой, Чарык, Байтөбө,

Тоголок баш,Сарыбаш, Чөбөк. Кытайдын экинчи уулу Буудайдан Ногой, Төрдөш, Көртокой, Чөөдөн. Актонду, Сары, Тайалмыш, Карамыкчы, Бөгөжүдөн Боообек, Босой.

Кулунчактын экинчи уулу Тентекакматтан Чаксары, Койсары. Чаксарыдан Жетиген, андан Усуп. Андан үч бала Молдоийрек, Кыргыйбек, Кыбалбек. Кыбалдан Кудайберди, Тагайберди (Тагаймат), Байсейит, Миңсейит, Түлөкабыл. Кыргыйдан Карамойун, Сарымойун. Молдоийректен Дербиш.

Төбөйдөн Жылаңачкара, андан Молдо, Мурат, Карабаш, Майзай. Молдодон Чырымтал. Чырымталдан Кожош. Кожоштон. Калмакчы, Саты. Калматай, Моют

Басыздан Түгөл, Акбуура, Төбөй, Басыз. Төбөйдөн Сарыкүчүк. Сарыкүчүктөн Кудайлат. Кудайлаттан Дөөлөт, Жоруп, Борчо Мурат, Темир, Чүйүт, Басыздан Аккүп, Аккүптөн Керкитамга, Кылычтамга, Байсогур, Бактыгул.

Тагай бийден Богорстон, Койлон, Сарыбагыш (Кылжыр) Сарыбагыштын Менсек байбичесинен Орозбакты, Дөөлөс. Дөөлөстөн Токо, Жантай, Элчибек. Кичи аялы Кызбийкеден Манап. Манаптан Сүтүке, Сүтөй. Сүтүкеден Кудур. Кудурдан Жарбаң-Сүтөйдөн Качыке, Тукур-Качыкенин өңү сары болгондуктан Сарысейит аталып кетет. Сарысейит үчкө, Түлкү, Кудаян, Эрдене, Тукурдан Эшим, Олжотой (Чоңчарык) Богорстондон Эштек, Төлөк, Козор.

-Адигине эл деген,

Фергана-Алай жердеген-деген сөз эл арасында айтылып келген. Адигине бир туугандардын эң улуусу. Эл аралап, аш-тойлорго көп катышып, намыс-ариет талашып, башы таанылат.

Адигинеден беш уул Жолжакшы (Жору) Бөрү, Баргы, Карабагыш, Сартбай. Сартбай Адигиненин ордо аялынан.

Жорудан Айжору, Ачажору. Айжорудан Теңизбай, Тасма, Кожо. Теңизбайдан Булаш, Жалаңтөш, Биймырза. Булаштан Азоо Булаш, Чайкооз, Досмат. Биймырзадан Олжотай. Кожодон Мырзакул, Күнчубак, Калмакы, Када. Ачажорудан Элчибек, Чайчы, Кадыра-лы, Корок, Барак, Ийрек, Беш абышка, Эсеке, Кучкач, Каракунас, Чалча.

Бөрүдөн Дөбөткул, Кудайкул, Тастар, Кудайкулдан алты бек: Атаке, Алыке, Кожоке, Дабаке, Байыш, Балбай. Атакеден: Сараба, Куртка, Кулчу, Боккара, Акчубак, Сарабадан Жанкулу, Иттыйбас, Аюу. Кожокеден Бөлөксарт, Карабагыш, Калакбаш, Байыш.

Дабакеден Атантай, Кудаке, Буйла, Каражылкы, Кенже, Кудакеден, Назар, Кошуке, Тору. Назардан Сагындык, Майтараң.

Он эки аталуу Баргыдан Сатыке, Сансыз. Сатыкеден Кудайберди, Мырзаке. Кудайберди баатырдан: Апалтай, Маңгытай. Апалтайдан Сарай, Сарыбаргы, андан Токтош, Торойчу, Коңкош, Айтмарек. Токтоштон Эшкулу. Коңкоштон Кудайберди. Айтмаректен Бешберен. Маңытайдан Эсемат. Карабаргы, Калкамат, Тазбаргы Эсемат. Карабаргыдан Орчун, Эшей, Тайтың, Каракозу, Койсары, Жалчыман.

Мырзакеден Бөкөй, Сабай, Тооке. Бөкөйдөн Баатыр Бакал, бай Бөөчөн. Бөөчөндөн Олжоке, Көкчө, Тилеке, Жамгырчы. Баатыр Бакалдан Бешкуртка, андан Мендике, Кожояр, Чагыр, Кара күчүк, Жарыке, Чалмырза. Мендекеден Келдике Кожоярдан, Тору, Тайлак, Кедей.

Сабайдан Кашкулак, Мурат, Калча, Маркаш, Атабак. Тоокеден Алдар, Кучкач. Алдардан Чеке, Сарыке, Кырнайза. Чекеден Жаманкыз. Кемпир, Төлөбай, Сарыкеден Кашкар, Мамбет, Толубай Кырнайзадан Сүйөр, Темир, Кучкачтан Элике, Мамыт. Дөбөт. Эликеден Эшей, Атантай, Жыртак. Мамыттан Калча, Жорул, Белек, Арзыке Дөбөттөн Доорбек, Укерч, Жоошбай.

Сансыздан Ардай, Мөнөк. Ардайдан Асылбаш андан Асан андан Сарай, андан Койсары, Таңтагар. Койсарыдан Койлон андан Сарток Сасман. Таңтагардан Доскулу андан Токто андан Кудайменде, Көчөк, Кенже, Дорбобаш, Миңсейит. Миңсейиттен Түлеке, Шамаке. Кудаймендедеп Долон. Кенжеден Чортон, Чиркин, Темиржан, Кумар. Каракуш, Кубат, Темиржандан, Каке, Теке, Кумар.

Мөнөктөн Бакшылар, Калдар, Иттери, Манак, Түлөөбай, Акбуура, Мойнок. Акбуурадан Чекечабар, Карасакал андан Көчөк, Атабай, Саты, Анжианчы

Карабагыштан Жаныбек, Назаркул, Жаныбектен Жамаш, Кочу, Атамкул, Козу, Боруш, Сазан, Бактыбай, Чаарбаш, Калматай, Бабаш. Калматайдан Итим, Иткуйрук. Назаркулдан Эсет. Досмат, Жанай, Жообасар, Алсейит, Мырзаке, Шүкүр, Чачка, Райымкул, Эсет, Шарип, Момуш.

Сарттардан Кенчим, Полот, Тиленчи, Кенчимден Кузгун, Оштук, Жаней, Полоттон Коңурбай, Кабылан, Түктүүкурт. Кабыландан Катаган, Түктүүкурттан Туумачар.

Муңгуштан, Жапалак, Соколок, Эркекашка, Көкжайык, Төлөйкөн, Кодогочун, Сарылар, Букара, Татар, Жоош, Жылкелди, Тээке, Маңгыт, Жагалмай, Коштамга, Бүкүр, Жагалмайдан Саяке,

Коштамгадан Сарай, Маңгыт, Көкжатык,

Моголдон Баймоңол, Куужабаш, Саманкур, Бакы, Атаке, Бабыр.

Адигиненин уулу Сартбай, Тагайдын уулу Карачоро ошол ордо аялдарынан төрөлгөн балдар болот. Тагай бий элине кайтарында боюнда бар аялын ордого таштап:

-Уул болсо атын Карачоро койгун. Кийин Карачоролорду баштаган баатыр болоор. Кыз болсо өзүң атын коюп ал-деп кестигин берет.

Убакыт жетип, эркек бала төрөлүп, аты Карачоро коюлат. Карачоро тага журтунун колунда, ошол элдин кийимин кийип, ошол элдин салтында чоңоет. Он жаштан өткөндө Карачоро өткүр, бою узун, олбурлуу бала болуп, тең курбулары менен ойноп, аларды көбүнчө баса калчу. Күндөрдүн биринде курбулары менен чукулдаша кетет.

-Ой, жалгыз короз. Жалгыз короз болуп, бизге эрдемсине бербе!-дешет ордо балдары. Алардын айтуусунан улам Карачоро кийин Жанкороз атыгып кетет.

Сөздү уккан Карачоро энесине барып, какшык сөздүн себебин сурайт.

Баласына акыл кире баштаганын сезген эне Карачоронун кыргыз экенин, атасы кыргыз бийи Тагай экендигин айтып, бир кезде калтырган кестигин алып берет. Карачоро камданып, атасын издеп жолго чыгат. Аны менен кошо Карачорого энеси аркылуу бир тууган болгон Азык, Саяк, Черик да кошо келишип, Тагай бийди табышып, ага бала болуп калышат. Карачоро үйлөнгөндөн соң Багыш, Суумурун, Келдикке аттуу үч уулду болот.

Тагай бир туугандарынын эң кенжеси болгондуктан эркерээк өсүп, чогоол болуп, жашынан чыйрак чыгат. Андан төрт бала тарайт. Улуу аялынан Богорстон, Койлон, Сарбагыш, (кылжыр) Карачоро.

Богорстондун Эштек уулунан Солто. Койлондон Кооз Жедигер. Кылжырдан Орозбакты, Дөөлөс. Орозбактыдан он ата Бугу. Солтодон Күнтуу, Култуу, Айтуу, Чаа, Күнтуудан Карамерген, Токбай, Төрөкул, Болду, Жолболду, Байгана, Чоңмурун. Култуудан Адыке, Мендеке, Аккүчүк, Элчибек. Чаадан Талкан, Тата. Каракчы(Бөлөкбай). Талкандан Кошой, Коңурбай, Бакы, Багышан,

Байболот, Делдең. Татадан, Айтыке, Абыл, Аңкылдак, Жумабай, Кутубай, Соно. Каракчыдан Байсейит. Бүтөш. Байсейиттен Ногой, Эсиркемиш, Күтүрбет Жору, /кү, Жалайыр, Чүң көлөй. Бүтөштөн Жакып, Төкөлдөш, Түлөкабыл, Губар, Төлөк, Багыш, Жагыш. Кошойдон Жамансарт, Монокон, Баймырза, Мамбет. Коңурбайдан Жайыл.

Чаадан Жоочалыш. Жоочалыштан Кенен, Белек. Белектен Көкүл, Жарбаң, Чоңөтүк. Кененден Темир, Темпирек, Бишкек. Сарыбагыш уруусу Дөөлөстүн төрт уулунан тарайт. Токо, Жантай, Манап Дөөлөстүн биринчи аялы Жезбийкеден. Экинчи аялы Мончоктон-Элчибек. Манаптан: Сүтүке Сүтөй, Сүтүкеден, Кудур. Кудурдан Жарбаң. Сүтөйдөн Качыке, Тукур, Тукурдан Эшим, Олжотай (Чоңчарык) Качыкенин өңү сары болгондуктан сарысейит аталып кетет. Эшим, Сарысейит, Тугур. Сарысейиттен Үчүкө, Түлкү, Кудаян, Эрдене. Сарыбагыштар мурда Иленин башы Үч-Аралдан тарта Көк-Ойрок, Челек, Кара-Кемин, Чоң Сары Ой, Каракөө, Жылгын башы, Шамшыны жайлап жүрүшкөн. Карачоронун Суумурун деген уулунан Бишкек. Андан Нурмамбет, Азамбек, Олжобай, Түлкүчөн. Бүчүк, Дүйшөн.

Багыштан жети бала: Оржубек, Куржун, Көкүм, Бозоң, Онок, Кошбычак, Моңол. Багыштын Куржун деген баласынан Баарын. Баарындар Карабаарын, Сарыбаарын, Анабаарын, Балабаарындар болуп төрткө бөлүнөт.

Тагайдын бийлигин уулу Богорстон улайт. Анын уулу Эштек эркелигинен жөндүрөөк чыгып, анын Алиман аттуу аялы узун этек ургачы затындагы ченде жок, мыкты чыгат. «Улуу баланын уулу эмеспи» дешип, туугандары аны Кашкарга хан көтөрүшөт. Эштек Кашкарда жүргөндө түндүк кыргыздарды кара Токо менен Манап бийлешет.Көп убакыт өтпөй кашкарлыктар Эштектин ордосундагы кошундагыларга чечектин кагын унга кошо тартып беришет. Чечек кошулган унду ичкендерге чечек оорусу жугуп көбү кыргынга учурайт. Калмактар менен кагылышуусунда, жоо анын атын тартып алат. Кашкардагы бийлигин таштап качат. Аны эл:

-Эштек эптеп болгондо,
Кашкардын эли
Чечектин кагып унга кошту.
Кошундагы кол кырылып,
-Эштек, Түйтө кайра качты.

Кайдоол кайра чапты-деген лакап ошол окуядан айтылып калды.

Эштектин убагында калмактар чабуул коюп, чоң-тополоң түшкөн кез. Мухаммед Жусуп менен анын уулу Идейатулла (Кийин Авак кожо) «кара такыялуулар» менен «ак такыялуулардын» ортосунда от жагып, ченемсиз кыргын болот. Мухаммедеминдин чоң уулу Кожо Мухаммед Жусуп 1624-жылы Дахбиден Кашкарга келип, «ак такыялуулар» менен «кара такыялуулардын» каршылыгын күчөтөт да, Жаркен хандыгынын бийлигин экиге бөлүп, өлкөнүн тынчтыгын бузат. Мухаммед Жусуп 1668-жылы өлтүрүлүп, кожо Идейатулла атасынын өлүгүн Кашкардагы Ийагу деген жерге (Авак кожо мазарына) көөмп, кийин Илеге барып Жунгар ханы Галдаңдын бутун кучактап, он эки миң аскерин баштап Жаркенге келет. Жаркен хандыгынын 168 жылдык үстөмдүгүн талкалап, калмак бийлигиндеги «ак такыялуулар» бийлигин орнотот. Кожолордун бузукулугунан Кашкар аймагындагы жана Жети-Суу, Фергана аймагындагы элдер ого эле жапа чегишет. Кожолордун саткындыгынан улам калмактар Түркстандагы кең аймакты башкарып калышат.

Эштек отуз уулду бириктирип, Кашкарды кайра чабат. Кармашта Солтонун баатырдыгы билинет. Ошол себептен «Богорстондон болгон Солто» деген сөз калат. Эштек, Түйтө, Косорлор ошол кожолордон улам, жапа чегишип, калмактардын калбасында калышат.

Косор селде чалынган кожо көрсө эле, «эл бузарлар»-деп чочморун ала жүгүрчү экен. Ошондон улам кожолордун каргышы ага тийген делет.

Сарбагыштын уулу Дөөлөстөн Манап деген уулунун элге көрсөткөн залимдиги эл арасында унутулбайт. Анын терс аяктыгы оздон оозго айтылып, лакап болуп калды. Ал үйүндө жатып алып, жигиттери аркылуу элди тоноп, катаал бийлигин жүргүзөт. Короосуна мал күтпөй жалгыз ат, жалаң камчы менен эл башкарат. Жалоондой жигиттерин шилтеп, өздөрү чирене жатып алышып, элди былчылдата башкарышып, тоной башташат. «Болсоң Манаптай бол!» деген лакап тарайт. Алардын басырыгына чыдабаган эл, акыры алардын өздөрүндө болбосо да, өз жааттагыларына калтырган дүнүйө-малдарын «хан талоон» кылып, талап алышат.

«Кара Токо, Манап ай,
Жедиң эле аябай.
Эми кезек келиптир,

Бере бергин санабай!»-деген сөз айтылып келет. Эл тышкы жоолордон гана эмес, өз ич арасындагы жегичтерден да кыйналгандыгы айдан ачык күбө. Кыргыздар жалаң гана башка жактан келген жоолордон эле жабыркабастан, ич арасындагы дөгүрсүгөн жегичтерден ар дайым жапа чеккен.

Багыш эр жеткенде аябагандай баатыр, элге алымдуу болуптур. Ал Чүй өрөөнүн Ысык-Көл аймагын мекендеген. Багыштан тарагандар кийин уюткулуу журт болот. Күндөрдүн биринде кайдандыр бир ат качып келет. Ал ары сындуу, ары күлүк аргымак экен. Аны Багыш карматып алат. Айылдагы тууганадры:

- Баатыр, бул ат саяк Кабаныкы-деп айтышат.

Каба Кашкарга калмактарга каршы барып, кармашта атын алдырып, өзү аман калат. Каба атын Багыш карматып алып, минип жүргөнүн угуп;

-Калыстык кылып, өз атымды алып бергиле?-деп, элге кайрылат.

Тапкан сүйүнөт, тааныган алат-дешип Багыштан алып, Кабага атты кайрып беришет.

-Мен кармабасам, ат кайрылып келбейт эле-деп, Багыш таарынып Таластан ары Бетегелүү Кой-Таш, Чаткал аркылуу Аксыга көчөт.

Тагайдын уруктары алдына ат тартса да болбойт. Багыштардын тууганадрынан бөлүнүп кетишинин жөнү ушундай. Багышка кошулуп Койлондун кооз Жедигери да көчүп келе берет. Жедигерлер Майлы,-Сай, Арстанбапты этектеп орун алышат.

-Бир ат үчүн туугандарды качырдың дешкен эл, Кабаны бийлик-суулуктан кетиришет. «Кабанын аты качса, кармаба»!-деген лакап таркаган.

Дөөлөттүн Жийде деген аялынан Манап. Манаптан Сүтөй. Сүтөйдөн Сарысейит. Сарысейиттен Үчүкө. Түлкү, Кудаян, Эрдене. Үчүкөнүн үч уулу: Маматкул, Дөөлөткул, Бердигул.

***

Чүй, Ысык-Көл аймагын ээлеген калмактар кыргыздардын мал-мүлкүн талап, өздөрүн баш көтөртпөйт. «Тополоң чыгарып, каршы чыгышпасын»-дешип Сарыбагыштан Үчүкөнүн уулу Маматкулду, Солтодон Талкандын уулу Кошойду ордого бергиле-деп талап кылышат.

-Калмактар мыкты жигиттерибизди «ак үйлүүгө» алымыш болушуп, өлтүрүп коюшпасын. Эр азаматтардан айрылсак

кайырдиндегилерге кул болобуз-дешип уруу башчылар бергилери келишпейт.

Ал кезде солтону Талкандын уулу Байболот, Сарыбагышты Сарысейиттин уулу Кудаян бийлеп турган. Экөө Контайчыга барышып:

-Кошой менен Маматкул үчүн кун алгыла. Канча десеңер да төлөп берели-дешет.

-Ага макул. Кошой менен Маматкулду алып келсеңер, бошотуп беребиз-дешип Калмактар Байболотту алып калышып Кудаяны кайра жиберишет.

-Кудаян келет, ээр, токуму бош келет.

Ат үстүндөгү эр Байболот жок келет-деп, жол тосуп, күтүп турган жигит кыйкырат.

-Калмактардын бүтүм угабыз-деп дүрбөп тургандар:

-Мейли, Кошой менен Маматкулду берели. Баатыр Байболотту убактылуу болсо да, ажыратып алалы,-дешип, Байболотту бошотуп алышат.

Байболот ары эр жүрөк, ары балбандыгы менен калмактарга тең келип турган болчу.

-Балдарыбызды барымтага берип, душманга көз каранды болуп жүргүчө кармашабыз-дешип, аркалык кыргыздар Иледен Чүйгө чейинки кыргыз урууларынын билермандарына, казактарга кабар беришип, эр жигиттерден кошуун курашат.

Элди тоо таяна көчүрүшүп, Чаткал, Таласка ашырышып, кыргыздардын эр азаматтары калмактарды жапырып киришет. Кармашта катуу кыргын болуп, кыргыз-казактар жеңилет. Галдама түндүк аймакты чаап, Ташкенге чейин басып алат. Калмактын «кара жапырыгында» солто, сарбагыш уруулары катуу чабылып, тымтыракайы чыга чачылат. Алды качып Ысар, Гөлөпкө чейин сүрүлөт. Казактар токой аралап, ачкалыктан кайыңдын маңызын ичишет. Бир бөлүгү Букарга чейин барат. «Кыргыздар Ысар, Гөлөпкө чейин барганда, казактар кайың саагандан» деген лакап ошондон улам айтылат.

Бийлик Кудаянга калып, ал өз уруусун башкарып калды. Бийлик менен байлыкка мас болгон Кудаядын мүнөзү терс, ойлогонун эч кимге бербеген, кежир эле.

Элди, уруудагыларды, ал тургай өзүн эл арасынан чыккан сынчыларга сынатып, келечегине карай иш туткан бийлердин, аксакалдардын жоругун угуп, Кудаян да өзүнчө отуруп, оолугуп Санчы сынчыны өзүнө чакыртат да, аны маңдайына отургузуп

алып:-Сени эл сынчы дешет. Айткан сының сая кетпейт имиш. Кана, эр болсоң мени сындап көр! Кандай адаммын? Келечегим кандай болот? Билейин-деп сынчыны кыстайт.

-Сени сындап болбойт. Сынды көтөрө да албайсың-дейт сынчы.

-Сында. Болгонду болгондой айт! Баатырмынбы, шерминби? Жоомарттыгым кандай? Сараңмынбы? Канча өмүр сүрөм? Тукумум кандай? Элди бийлеп кете аламбы? Сыныңа толомунбу? Ачык айт!-деп кыстайт.

-Сын сага чак келбейт. Убактылуу болсо дагы, бийлик колуңда турат. Сени сыноого болбойт.

-Ачык айтып, ак сүйлө. Эмнеге сын чак келбейт?

-Бийлигиңе салып кыстаба! Сыныңды айтсам, сыр кетет.

-Көргөн, билгениңди айт! Айтпасаң жөн кетирбейм, башыңды алам!

-Сыныңды айтсам. Мени кор кыласың. Астымдагы атымды айыпка жыгып аласың. Кой, Кудаян пейилиңден кайт. Сындай албайм!

-Сынай албасаң эмнең сынчы? Чын сынчы болсоң, бетке айт!

-Кой десе болбойсуң. Кордугуңду койбойсуң. Көргөнүмдү, билгенимди айтсам, акырың жаман, оңбойсуң! Кадемиң каткан жандырсың, кара жолтой хандырсын! Сенин тушуңда, калкың качып-бозуп кысылат. Белгисиз жакка көчүп, журт бузулат. Калкка тиет кесириң, как талаада карайлап, какшап калат жесириң. Каргашалуу Кудаян каарданып эсирдиң.

-Келжиребе акмак! Дөөдүрөбөй сөзүңдү таап сүйлө! Жакшы жактарымды айт? Калыс-сынчы десе, тескери сүйлөйсүң. Дагы эмне дейсиң?

-Эсиңе түйүп, угуп ал. Аз жыл калды карап, тур! Дүнүйөңдү чачасың. Алапайыңды таба албай, шашып, жөөлөп, күн батышка качасың. Көргүлүктү көрөсүң! Ач-жылаңач, кайкалаган куу жондо ачка калып өлөсүң. Жетим калат балдарың, жер шыпырат акыры, кемпир менен чалдарың. Өз тукумуң аз болот. Назарлары пас болот. Калмак алат жериңди. Карайлатат элиңди. Караан урган Кудаян, капкандай чабат белиңди. Ойрот алат малыңды, оргуштатат каныңды!

Тайманбай, бетке айткан сынчыга Кудаян каарданат:

-Акмак сынчы, не дейсиң. Оозуңа келген сөздү айтып, не деп келжирейсиң-деп, Кудаян Санчы сынчыны чокуга чаап, минген атын тартып алат.

Сынчы айткандай эле, Кудаяндан сып, сынчыдан сыр кетет. Калмактын «кара чабуулунда» сарыбагыш эли Гисар, Гулябка сүрүлөт. Кудаян ач бел, куу жондо, кордук көрүп, талаада өлүм табат. Тагайдын урпактары Кудаяндын тобу менен Сыр-Дарыядан өтүп барып, бөтөн жерде тентип, ач-жылаңач калып, кордук көрүп, өлүм табышат.

-«Кудаян келет, Ээр, токуму  бош келет. Ат үстүндө эр Байболот жок келет»-деген лакаптын мааниси Байболот-солто Талкандын уулу. Кудаян Сарысейиттин уулу. Экөө тең баатыр чыгып эл коргоп, калмактарга каршы күрөшөт.

-Кыргыз Ысар, Көлөпкө, казак кайың саап, Букарга кирди. Ак таман чуурунду болуп, баба кайың саады. Жаман катын бир саттырды, жакшы катын үч саттырды»-деген лакаптын жөнү бар. Кыргыздар жеңилип калмактан качып, тажик жериндеги Гисар, Гуляб деген жерлерге, казактар болсо кайыңдуу токойлорго барып, кайыңдын маңызын ичип жан сактады. Айрымдары Букарга чейин тентишти. «Ак таман чуурунду»-дегени жолду көп басып, чарыктарынын таманы түшүп, бут ороолору чуурунду болгону айтылат.

Баскынчылар менен жергиликтүү элдин ортосундагы айкаш абдан катуу болуп, эки тараптан тең миңдеген адамдардын башы кетти. Катуу урушта кыргыздар калмактарга Чүй, Көл аймагын бошотуп берүүгө аргасыз болду. Кыргыздар Ысарга чейин барышып, ал жерден орун таба алышпай, түштүк кыргыздардын арасына келип  туруп калышат.

Апасына каяша сүйлөгөнү үчүн Ттлкү аялын кетиргенде Саруу элинен алган Даркен деген Түлкүнүн зайыбы кейиген экен.

-Үчүкөнүн үч уулу
Үч Үчүкө болор да
Жалгыз Тынай кулунум,
Сенин жайың не болот?

Кийин, ошо жалгыз Тынайдын тукумдары көп болгон экен.

Сарысейиттин  Үчүке, Түлкү деген балдары нойгуттан чыккан баатыр кызга барып, жылкы тийип, Жаңылды «канчык»деп койгону үчүн Жаңыл мырзанын колунан ажал табышат. Балдарынын өлгөнүн атасына угузушуп.

-Үчүке өлдү, дешсе:
-Үчүке  өлсө, Түлкүм бар.
Түгөнбөгөн мүлкүм бар-дейт атасы…
-Түлкүң да өлдү…

-Кан уучтап туулган Кудаяным бар. Ошого кубат берсин!-дейт Сарысейит бай.

Балдарынын өлгөнүн энесине айтканда:

-Үчүкө, Түлкү экөөөлсө,

Аткан огуң, чычкан богум!

Кан уучтап туулган.

Кара чунагым, аман болсун!-деп басып кетиптир.

Сарыбагыштар Үчүкө, Түлкүнүн кунун кууп, кийин Жаңыл мырзаны колго түшүрүп, карабагыштын Калматайына алып берип тынышат. Бирок, Жаңылдын кеги ичинде калып Калматайды, андан тууган баласын өлтүрүп качып кетет. Андан кийин Лоп дайрасын жайлаган нойгуттар Жаңылмырзанын уругу, кундан коркуп, Зардалыга көчүп кетишет.

Калмактардын кыргыздарга көрсөткөн зомбулуктары лакап болуп элде айтылат.

Солто эр жетип, чоңоюп атасы Эштектин ордун басты. Сары-Өзөн-Чүй өрөөнүн калмактар басып, өздөрү билгендей бийликтерин жүргүзүп, кыргыздарды басмырлап турушту. Солто Кунтуу, Култуу жана Чаа деген үч уулдарынын келечегин билгиси келген Солто бай Санчы сынчыны алдырып, балдарын сындатат. Кенже уулуу Чаа бечел болуп, үч-төрткө чыкканга чейин баспай, итийине айланып, чоңкурсак, буту-колдору чийдей, башы чоң болгондуктан ата-энеси бирөө жарымга да уулун көрсөтүүдөн арданышчу. Санчы сынчы Күнтууну көрүп, Солтого карап;

-Күнтуу балаңыздын урпактарынан жигиттери баатыр, кыздары сулуу, аргымактары арыштуу, ысымдары көпкө дайындуулар чыгат. Бирок, бир айыбы тукуму аз, анча өспөйт-дейт.

Экинчи уулу Култууну алып келишкенде, аны ары-бери бастырып, дааналап көз жүгүртүп;

-Бул уулуңуздан бир эмес, бир нече орто байлар чыгат. Эл жамынчысы болушуп, жакшы-жаманга баш болушат. Мунун да тукуму көп эле өсүмдүү боло бербейт-деп кесе айтат.

Санчы сынчынын берген сынына Солтонун көп эле көңүлү толо бербейт. Ал балдарынын келечегинен көптүүмүт этип, эл коргогон баатырлардын, акылман, чечендердин болушун күткөн эле. Аркы үйдө белчесинен оронуп, төшөктө жаткан, башы казандай, мойну кылдай колу-буту ичке, курсагы чоң Чааны көрсөтүүгө көңүлү чаппайт.

-Мындан башка да балдарыңыз болсо, тартынбай алып келе бериңиз? «Бешиктеги баланын, бек болоорун ким билет»? Купулга толорлугу бардыр?-деген сынчынын суроосуна:

-Башка балам дале жок-деп, бий оозангыча болбой, боз үйдүн бел курчоосун араң кармап, сүйрөлө баскан Чаанын караны көрүнө калат.

-Мына-мына, баатырдын өзү келе жатат. Айтам да, бийдин урпактарынын арасынан чыга тургандар, кантип эле болбосун – дегем. Сынчынын жүзү тамылжып, ордунан тура калат.

Сынчынын сөзүнөн улам, Солто Чааны бир карап алып:

-Ка-ап, болбостур эми. Болбостур. Чаа деген чоң курсак уулум бечел, итийине айланып,басалбай калды эле.

Байдын сөзүнө сынчы көңүл бурбай, ордунан тура келип, пешенесинен сылай:

-Я, Аллаа, астапр-алла. Жараткан өзүң колдо-деп жакасын кармана-Жолборс сымал айбаттуу, Чаа баатыр-деген уулуңуз ушул тура. Болот. Бар балээнин баары, ушул уулуңуздун тукумунан чыгат. Кара чаар жолборсту ээрчиткен баатырлар төрөлөт. Каардуу кабылан чыгат. Ат качырбас, боз айгыр чыгат. Ак дил жандоочтор, ак көрпө, туу чунак, асыл тукумдар туулат. Бу бок көтөнүңдөн, көкүрөгүн көтөргөн «мен-менмин» деген, эл кадырлаган акылмандар, эл башкарган бийлердин карааны көрүнөт. Болоор ишти бетке айткан, ак жүрөктөр арбын болоор. Бирок, чыр аягы забын болоор. Абайла баатыр, абайла!-деп жонунан таптайт.

Мезгилдин өтүшү менен Чаа атасы Солтонун ордуна бий болуп, эл башкарат. Чаанын биринчи аялынан Бөлөкбай (Каракчы), Талкан. Экинчи аялынан Жоочалыш, Тата. Чаа бийдин аялы айтылуу саруу уруусунан чыккан Курмандын карындашы болот. Чаа баатырдын тагдыры мылтыктын оозунда, кылычтын мизинде болуп, жоокердик заманда сыналат. Баатыр бир жылы барымтага барып, чоң олжо менен кайтарында бир сулуу кызды ала келет. Олжосун элге таратып берип, кызды алып калып, үйлөнөт. Зайыбынын төрөтү жакындаганда сырттан жоо басып кирет. Душманга каршы аттанып баратып, улуу байбичесине:

-Мен жоого аттанып баратам. Мен жокто төрөлгөн баланын атын жакшылап койгула!-деп эскертет.

Баатыр кетери менен толгоосу жетилген зайыбы эркек бала төрөйт. Улуу байбиче күнүлүк кылганыбы, же жоого кеткен эрин шылдыңга алганыбы:

-Жоо чаап келет имиш, кургурум-деп баланын атын «Жоочалыш»- койдурат.

Тийди-качты жоо менен алышып жүргөн Чаа баатыр малын күздөө мезгилинде жайы-кышы жери кара Кочкордун адыр-түзүнө айдатып барып, ит агытып, куш салып, аңчылык менен алек болуп жүрсө, сол канаттагы кыргыздардын басыз уруусунан (Ал кезде Кочкордон Нарынга чейин басыз уруулары ээлеп турган) бир жигит Чаага келип:

-Баатыр, бел ашып бараткан бир жигитти шериктери менен кармап алдык.

-Шериктери кандай немелер экен?

-Бир келин жана бойго жеткен бир кыз.

-Кайсыл жакты көздөй, ким дегенге баратышыптыр?

-Аны сурабадык.

-Мага алып келгиле!

Жолоочуларды Чаа баатырга алып келишет. Чоочун жигит учурашып, жөн-жайын айтат:

-Кичине кезимде, калмактар биз жашаган айылды чаап, мени кошо ала кетишкен. Андан бери алардын малын багып, малай болуп жүрдүм. Эр жетип, эли-журтумдуу иликтеп, табайын деп качып чыктым. Бул мага шерик болгондор калмак байынын үй-булөсүнөн. Келинди «төркүнүңө алып баратам»-деп алдап күндүн бүркөөсүнөн пайдаланып, адаштырып келе жатам.

-Өзүң кайсыл жерден, кандай уруудан болосуң?

-Таластык саруулардanмын.

-Болду, болду… Менин кайнилеримден экенсиң. Менин айылыма келип, конок бол. Андан соң туугандарыңа аман-эсен жеткиртип коем-дейт баатыр.

Жолоочулар Чаанын айылына келишет. Бийдин уулу Талкан ошол кезде он сегизге толгон чагы эле. Айылдагылар келбети келишкен калмак келиндин сулуулугуна суктанышат. Келин Талканга да жагып калат. Бирок, анын кудалашкан жери саруу уруусунун бийи Көбөлөктүн Чачыкан деген кызы болчу. Айылдагылар сүрөмөлөп, Талканга калмак келинди алып беришет. Келиндин ысмы Урумчий экен. Аны Урумкан деп аташат. Талкан калмак Урумкан аялынан Байболот, Делдең, Багыш, Алдаң аттуу төрт уулдуу болот. Ал эми кудалашкан саруу уруусунун кызы Чачыкандан Коңурбай, Кошой, Бакы, Багышан аттуу уулдар төрөлөт.

Бир күнү Талкандын үйүнө жолоочу келет. Аны коноктоп, кеч өзүнчө орун салдырып берет. Талкан түн ортосунда негедир чочуп ойгонуп кетсе, жолоочу жаткан үй жап-жарык болуп турганын көрөт. Акырын барып караса, жолоочудан нур төгүлүп, үй ичи жаркырайт. Ал жолоочу жөн киши эмес экенин түшүнүп, эң кичине баласы Багышанга чуркап барып ойготсо ойгонбой коет. Айласы кетип улуу балдары Коңурбай, Кошойду ойготот. Алар жолоочу жаткан үйгө келишип, шыкаалап карашат. Үй жап-жарык Жолоочунун жүзүнөн нур төгүлүп турат. Талкан чуркап барып, Бакыны ойготот. Ал келип караса үйдүн жарыгы кетейин-деп, ала тартып калыптыр. Талкан чыдабай кичүү баласына барып, аны ойготууга аракеттенип, жулкулдатып алып келет. Келсе жарык шоола бүлбүлдөп, өчөйүн деп калган болот.

-Атанын көрү ай! Канчалык силкилдетсем да, ойгонбой койдуң. Тукумуң аз болуп калбас бекен? Коңурбай, Кошойдун тукуму көп болот. Мыкты балдар ушундан чыгат деп, туруп калат. Бул аңыз болуп айтылганы менен Багышан тукуму Ак-Суунун алкым жагында жайгашып, ич ара Райымкул, Кожомберди, Жанкулу, Мурат деп төрт атага бөлүнүп, Жети-Өгүз, Жумгалда турушат.

* * *

Калмактардын «кара чабуулунда» аркалык кыргыздардын бардыгы эле көчүп кетпей, Бугу элинин бийи Белек мырза Контажы менен мамиле түзөт. Белекке калмактар ишеним көрсөтүшүп, Байболоттун ордуна бийлик жүргүзүүгө макулдук беришет. Калган-каткан кыргыздарга Белек бий өкүмдарлик кылат.

Белек бий башкарган бугу уруусундагылар Кетмен-Төбөгө келишип, мал-жандары анча бүлүнбөдү. «Жерден ооду»-деген гана аты болбосо, анча чабылып-чачылышпады. Кетмен-Төбөнүн суулуу жерлерине жайгашып, кайракы-күңгөйлөргө таруу, арпа, буудай айдашып кыйналышпады. Айлана-тегерегин тоо каптаган өрөөндө кышкысын бозо ичишип, жайкысын бээ байлашып жабыр тартышпады.

Белек бийдин Контажы менен мамиле кылганына Талкан менен Тынай бийлер өтө катуу наарazы болушат.

-Жоого каршы бирге бололу деген батаны бузду. Эзели Белек бий баш болгон бугулар кыргызга эл болбойт-дешкен солто, сарбагыш бийлери Суусамыр өрөөнүнө түшүшүп, андан ары Ала-Бел ашуусун ашып, көчүп-конуп жылып отурушуп, Кетмен-Төбө,

Коңур-Өгүздөн өтүп, Гисар, Гуляб, Анжиан, Наманган, Өзгөн, Алайга чейин жете барышат. Утуру көчүп-конгон эли-журтун Байболот баш болгон жоокерлер, бөлөк эл, бөлөк жерде коргоого алышат. Жаңы келген көчмөндөрдү жергиликтүүлөрдүн баары эле кучак жайып тосуп албайт. Көчтү коштогон эр азаматтар беттеше-кептеше келгендерге сес берип, калканч болушат. Байболот да бөлөк эл, бөтөн жерде катуу ооруп, жарыкчылык менен кош айтышат. Баласынын өлүмү Талкан бий үчүн гана эмес, жалпы солто,сарыбагыш урууларындагылар үчүн чоң жоготуу болду. Боздоп, ыйлап-сыздаган көпчүлүк ишенген баатырын жоктоп кайгыга батышты.

-Атаны кокуй, Байболот.

Эми, Байболоттой ким болот?-деген Талкан бийдин кайгысы, жалпы качкындарды сыздатты. Жер оодарып, көчүп келген солто эли көптөгөн кыйынчылыкка дуушар болушат. Ачарчылык алка-жакадан алып, көпчүлүктүн жашоосу оорлойт. Чачылгандар жегенге нан, ичерге аштык таппай көпчүлүгү жугуштуу ооруга дуушар болушуп, боо-боо болуп, ачкалыктын айынан мүрт кетишкен. Оор турмуштан запкы тарткан Талкан бий кайра көчүп, Кетмен-Төбөөрөөнүнө келет. Калмактар Байболоттун ордуна бий болгон Белек бийди үгүттөп, «Талкан бийди биротоло чаап, жоготкун»-деп ээрчитип барышат. Азап тарткан Талкан бийди омуроолоткон контайчы;

-Белек бийдин таманын өпсөң, жер берели. Болбосо бул жайдан жогол!-дейт.

-Ишенген Байболотуң жок. Тобуң менен жогол-деген Белекке экинчи жолу капа болуп, кутулуунун жолун издеп, Кетмен-Төбөдөн кайра көчүп, Намангандын үстүндөгү адырлардан орун алган Мазар кыштагына көчүп барат.

Бир нече жылдардан соң, Кошой бий тобун баштап Белек бийдин айылына жакын Коңур-Өгүзгө көчүп келишет. Себеби, Белек бийдин аялы Кошойдун карындашы Жаркын эле. Күйөө бала Белек бий кайнагасын өрлүктөп барбай, кабар жиберип, үйүнө чакыртат. Атайлап айттырган күйөө баланын чакыруусуна Кошой бий жалгыз өзү келе бербей, жанына Дорбобаш, Койкоң Назар, Чоңтаман, Кенже, Иткүчүк, Жайылдарды ээрчите барат.

Калмактарга каршы согушпай Белек бий элди башкарып калган. Ал башкарган бугулар солто элиндей болуп, конуп-көчүп, малы кырылып, эли өлүм-житимге дуушар болбогон эле. Аларга караганда телегейи тегиз, эли журтунун карды ток, кайгылары жок.

Кошой бий ээрчите келген меймандарды Белек бий анча жактыра бербей, каш-кабагы салыңкы кабыл алды. Кайнагасына угузар-угузбас кыла:

-Тентип жүрүп, буга жигит ээрчиткенди ким койду-деп колдурап, чакан козу союп, мейман кылмак болот.

Козунун эти бир кайнап бышканда, тамак тартылат. Белек кайнагасын ээрчий келген Дорбобашты шылдыңга алууну көздөп, сыйлап, бешбармак сугунткан болуп, арасына томукту кошуп, алдырат. Анын кытмырлыгын сезген Дорбобаш этияттык менен томукту жара чайнап, жутуп жиберип, эч нерсе болбогондой сыр бербейт. Белектин ойлогон ою ишке ашпай, тилеги таш кабат. Анын ою боюнча Дорбобаш томукту жута албай, какап-чакаса:

-Тамак жегенди да билбейсиң. Бу ач көздүгүң качан калат?-деп мазактап күлгүсү келген.

Белек бийдин мындай келекелөөсүн, арам оюн сезген Кошой ичинен ыза болуп, кек түйүп калат. Андан көп өтпөй Белек бий сарбагыш элинен Маматкулду да мейманчылыкка чакырат.

-Тууганыбыз атайлап чакырыптыр деп сыймыктанып, ары кубанып, эл ичиндеги каада-салт боюнча жан-жөкөрлөрүн, ага-туугандарын алып, Маматкул келип калат.

Белек аны жактырбай кабыл алып, кыркташ ашык меймандарга козу союп меймандайт. Белектин бул кылыгы Маматкулду көз көрүнө шылдыңдап, мазактаганы эле. Белектен шылдың болуп келген Маматкул, дароо эле Кошой бийге келип, кеп-кеңешин ортого салат.

-Белектин кылыгына абдан ызаа болдум. Жоро-жолдош, ага-тууган алдындагы кепке кемтик, сөзгө сөлтүк кылып, кырктан ашкан кишиге чакан көзү сойду. Бул шылдыңга чыдабайм. Белектин түндүгүн түшүрө чаап, көпкөн желин чыгарып койбосо болбойт. Ал Теңирин таанымбай, көөп баратыптыр-дейт Маматкул.

-Кантип чаап алабыз? Жоого минер атыбыз көтөрүм. Жоо чабаар кылычыбыз болбосо, жигиттерибиз ачарчылыктын айынан ач-жылаңач. Этияттайлы. Андай эле Белек бийди чапкың келсе, эл-журттун кара курсагы тоер, бышыкчылык болсун. Мингич аттар оңолуп, жигиттер кубатына келишсин-деп кеңеш берет Кошой бай.

Бугу элинин бийи бир Белек эле эмес, бүтүндөй жигиттери солто, сарбагыш урууларын «тентигендер» дешип кемсинтишип, күндө болбосо да, күн алыс « жоро бозо» ичишет. Жоро бозонун бийи да, эрке баласы да Белек бий. Анын заманы болуп, суусар тебетейин сүлкүлдөтө кийип, чалчактап турган кези.

Арыкчылык, жазгы маал, сары кар жаап, жер ала-шалбырт. Бугунун жигиттери жоро бозодо чардап, ойноп отурушкан. Карды ач Маматкул көк өгүзүн минип, өтүп баратып, «саламчы» болуп келип калат. Үйдөгүлөр эч нерсени көрбөгөн, билбеген болушуп, Маматкулдун айткан саламын да угушпай, ага көңүл бөлүшпөй, бири-бирине Маматкулду аттата аяк сунушуп, аяктагы бозодон кере жутушуп, маашырлана беришет. Бир окумда төрдө куш жаздыкта жамбаштап жаткан «эрке бала»-Белек бий Маматкулду эми гана көргөндөй болуп, калп эле чочуп:

-Ого! Маматкул бий келген тура. Бийге бозо сунгула!-деп буйра сүйлөйт.

Маматкулду айыпка жыгып, кепке кемтик кылуу максатында чоң чакага мелт-калт кыла, кордолгон бозо куюп сунушат. Жоро бозонун шарты, кокустан сунулган кесени төгүп алса, же жутуп жатып, «быш» эте дем алса, айыпка жыгылат. Ал шарт бузулса, же иче албай кусуп койсо, өмүр бою «баягы Маматкулча» деген лакап калмак. Аны жакшы билген Маматкул бозону бир дем албай жутуп түгөтүшү шарт. Тизелей чөк түшүп отурган Маматкул сунулган чоң челектеги бозону кош колдоп алып, жута баштайт. Челек жарымдап калганда Маматкулдун башындагы түлкү тебетейине жабышкан, сырттагы лапылдата жааган сары кар акырындык менен эрип, «тып-тып» эте, ичип жаткан челектеги бозого тама баштайт. Анын баарын байкап турган Белек:

-Маматкул аке, алдагы тебетейиңиздеги карды силкип таштап, ичиңизчи, жарыктык?-деп боор ооруган киши болуп алдыртан сөз катты.

Маматкул Белектин ал сөзүн укпаган болуп, бозону акырына чейин түгөтө ичип, челекти жерге коюп, тура кала:

-Тебетейди силкээр кезде, силкээрбиз-деп, чыгып кетти да кырчоодо байлануу турган көк өгүзүн минип, туура эле Кошой бийге келди.

-Бугулардын буулуккан жигиттери ар дайым биздин жигиттерди «тентип келгендер» дешип, кемсинткенин коюшпайт. Бүгүн мага, минтип сыр көрсөтүштү. Кордоп, шылдыңдашты. Бугуларды чабабыз!

Ага Кошой макул болбой, «жигиттердин карды тоюп, аттар оңолсун» деген ойлорун айтты. Кошойдун макул болбогонуна ачууланган Маматкул:

Байгара менен Жамбулда,
Тойлогондо бирге элек.

Калмак Калы, Кутунун,
Кан ичкенде бирге элек.
Көлөп менен Ысарда,
Ыйлаганда бирге элек.
Казак кайың саап,
Кыргыз Гисар   киргенде,
Ак таман чоор болгондо,
Кайда эле ушул Белек?
Маскарлады Белек бий,
Бозо сунуп бир челек.
Экөөбүздү кордоду,
Бугунун бийи бу Белек.
Качанга чейин Кошой бий,
Чабалы десем,-Кой-делет,-деп таарынат.

-Ашыкпа баатыр, ашыкпа. Өч алуу да менин эсимде. Аны ойлосом тынчым кетет. Мезгили келсин,- дейт Кошой.

Убакыт өтүп, эгин бышып, эл токчулукка жетишкенде, аттар оңолот. Күн болжолдонуп солто, сарбагыш урууларынын жигиттери аттанып чыгышат. Бугу элинин шаштысы кетип, амалдары куруйт. Себеби, беркилер бугуларга караганда эки-үч эсе сан жагынан көп эле.

-Аз айып, көп күнөөбүз болсо кечирип коюшсун?-деп Белек бий баягы жоруктарын эске түшүрүп, курун мойнуна илип келет.

-Белек бий күнөөсүн эми мойнуна алыптыр. Андай болсо, Белек бий тогуз байынын кызын себи менен берсин! Аларга кошуп, карартып мал берсин! Эгер бул шартка көнбөсө, «кимдердинтентип-тентибегенин» териштирээр мезгил келди-деген талаптар коюлду.

Чабышып, бирин-бири кыргандан эч кандай пайда жоктугун, бири-бирине эскертишкен бийлер ынтымакка келишти. Бугу элинин тогуз байынын кыздарын себи менен төртөөнү сарбагыш уруусундагылар, төртөөнү солто уруусундагылар алышты. Бирөөнү калыстык кылып ортого түшкөн Эр Садырга ыйгарышат. Маматкул үзөнгүнү чирене тээп, жер караган Белекке келип, кекээрлей:

-Ии… Белек бий! Бир учурда тентип жүрүп, чокой-чарыгыңдын таманы түшүп, «ак таман кыргыз» дегендей болдуң эле. Челекке бозо сундуруп, тебетейиңди силкпейсиң деп, күнөөлөдүң эле… Мына эми тебетейди силкken учур да келди-деп атын тескери бурду.

Тагай бийдин үчүнчү уулу Кылжыр. Андан Орозбакты. Дөөлөс. Орозбактыдан Бугулар, Дөөлөстөн-Сарыбагыштар тарайт. Бугулар мурда Кундуз, Жылдыз, Текеске чейинки жайытты ээлеп турушкан. Андан сырткары Каркыранын туз чыккан жерине чейин бугу уруусунун жайыты болгон. Тянь-Шанда: Эки Нарындын башы, Каракаман, Балгарт Нура, Какшаал суусуна чейин жайлашкан Орозбакты тукумунун бугу аталып калышына карата бир аңыз айтылат.

Орозбактынын Карамырза деген уулу мерген эле. Ал бир күнү Ала-Мышык тоосуна аңчылап барып, бир бугунун торпогун атып алат. Анын жанында дагы бир торпогу турган экен. Ал качпай торпокту жыттагылап, көзүнөн жаш төгүп мөөрөйт. Карамырза аны да атмак болот. Ыйлап жаткан торпок кыз түрүнөөзгөрүлүп:

-Абаке, мен кайберенмин. Бул менин бир тууганым эле. Мен аны таштап кете албай калдым-деп ыйламсырайт.

-Сен калп айтпагын. Менин көзүмө көрүнгөн жин-пери болбо!-деп, Карамырза жакындап барып кармап алат.

-Мага адам колу тийип калды. Эми болбой калды. Мен кайра кайберен боло албайм. Сени менен бирге кетем. Өзүңө нике кыйып ал?!-дейт.

-Мен олжоке кызды алып, элге насак боло албайм деп, ээрчитип келип, Карамырза кызды Алсейитке алып берет.

-Бугунун кызы. Бугу байбиче-деп аны дайыма бөлө айтышчу.

Бугу байбичеден көп тукум тарайт да, бугу уруусу аталып кетет.

Карамырза бой көтөрүп «олжоке» деп теңсибегени үчүн Бугу байбиченин каргышына калып, тогуз уулунун сегизи өлүп, бир гана уулунан тукум тарап, аз урук болуп калат.

Бугу байбиченин кызматын кылып жүргөн бир күң болот. Ал Бугу байбиче башын жууганда суу куюп берчү. Байбиченин башында эки элидей бугунун мүйүзү болуп, чачын жууганда, тараганда көрүнүп калчу экен. Буга байбиче аны башкаларга көрсөтпөй жүрчү. Башын жууган сууну киши баспаган жерге төктүрчү.

-Көргөн нерсеңди эч кимге айтпа. Сууну мен айткан жерге төк-деп күнүнө катуу эскертет.

Бир жолу Бугу байбиче башын жууган сууну күңү төккөнү алып бара жатып, ичип көргүсү келет. Бир ууртап алат да, калганын төгүп таштайт. Бирок, ошол эле «бир ууртаганынан» боюнда болуп калып, эркек бала төрөйт. Анын атын «Атасы жок желден

төрөлдү»-деп- Желдең коюшат. Бул уламыш чын-чынына келгенде Желдең мурдагы байыркы урууларга кирет.

Жедигердин Асан уулунан Мамбет төрөлөт. Ал сөөк-саактуу, өтө чоң балбан болгондуктан Чоң Мамбет аталып кетет. Кыргыз-казакты калмактар сүрүп, кыргыз Кызарт ашып, Ысар кирип, казак кайың саап, кыйналып турган мезгилде:

-Кыргыз-казакты баш көтөргүс кылдык-деп калмактар алым алып, бир нече убакытка чейин запкы көрсөтүшөт.

Убакыт өтүп эл эл болуп, жаңы баатырлар төрөлүп, эл камын ойлой башташат. Ошондой баатырлардын бири Чоң Мамбет эле. Арстанбап, Чарбакты бийлеп турган калмак ханы Бакаманжы контажы, Чоң Мамбетти колго түшүрүп өлтүрмөк болот. Аны өзүнө чакырып:

-Мелдешип, жаа тарталы-деп контажы Чоң Мамбетти ээрчитип, Арстанбапка барат. Беш кетменди катар коюп, Чоң Мамбет жаа менен атаарда, тээкти керилте чоюп, жебени кое бергенде, беш кетмендин башын катары менен тешип кетет. Калмак ханы жети кетменди теше атат.

-Мен Чоң Мамбетке караганда күчтүү экенмин. Мындан корко турган негиз жок экен-деп, Бакаманжы мадырайып турганда, Чоң Мамбеттин иниси Таскара тогуз кетменди катар койдуруп, теше атат.

Калмактар кыргыздардын күчүнө таң берип, качкан экен. Ал жерди Чоң Мамбет ээлеп калат.

Жедигердин Орус бийинен: Атабек, Чабыл, Кенчимаалы, Майчы. Асандан-Мамбет, Таскара, Аккозу, Мөңкөдөн-Кулболду, Карадөң, Кулжабаш, Кулжыгач.

Санжырада Мөңкөдөн тараган тукумдар жөнүндөгү айтым көпчүлүккө маалым. Мөңкөнүн Карадөң деген уулунан Кочкор, андан Кудаке. «Олжобай менен Кишимжан» аттуу айтымда дал ошолор жөнүндө сөз болот. Кулжыгачтын кызын кыпчактын торуайгыр уруусундагы Солтобай алат. Солтобай Олжобай аттуу уулду болот. Ошол учурда Кулжагычтын аялы Кишимжанды төрөйт. Кийин экөө тең чоңоюп, бирин-бири сүйүп калышат. Ошондо Кочкордун уулу Кудаке:

-Тентип келген кыпчактарга калыңсыз кыз беребизби? Атасынын күч күйөө болгону жетишет. Мен Кишимжанды калыңга сатам. Калың жейм-деп, үч багыштын Бийназарына кудалашып, көп калың алат.

Бийназар мурду бучук, ырайы суук болгондуктан Кишимжан аны чанып Олжобай менен качат. Олжобайдын атасы Солтобайдын түпкү теги Майлы-Сайга чектеш турган Аклабаттык Үч-Коргонго жакын жашаган кыпчактардан эле. Ошол аймактардагы жер-суунун аттарында Майлы-Сайдын, Таш-Көмүрдүн тегереги, Кудакенин Олжобай кубалап барган жери Кудаке бели, Олжобай менен Кишимжандын качып барган тереги-Чук-Терек, Казал Мазардын күн батышында, кийин ал Олжобай терек аталат.

## АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

Соломон устаты менен ынтымак жашап, жергиликтүүлөр менен биротоло таанышып, алардын шартына көнгөндөн кийин кербендер аркылуу Бишкекти өзүнө чакыртып алды. Сагынышкан ага-ини ал жай сурашышкан соң, Соломон өзүнүн шартын айтып берди.

-Бул жерде жашагандарды ногой-татар-дешет. Сүйлөгөн сөздөрү биздин эле кыргыз тилиндей. Баарын түшүнүүгө болот. Үрп-адаты, салттары дале биздикилерге окшош. Орустар менен соода-сатыкта, тиричиликте, алакалаш. Кыз алышып, уул үйлөшүп катташтары калың. Бири-биринин тилдерин жакшы түшүнүшүп, аралаштыра сүйлөшө беришет. Темирди атайын кенчилер казып, ташылып келинет. Завод кармаган төрөлөр жумушчуларга, темир усталарга, кен казгандарга акы төлөп беришет. Завод дегенинде темир, чоюн эриткен мештери бар. Боркулдап кайнап, сүзмөдөй болуп эрип, анан сүттөй суюлуп барып, калыптарга куюлат. Тим эле ал жерде карап тура албайсың. Ысыктыгына адам чыдай албайт. Темир эриткен жерге таш көмүр жагышат. Алоолонгон от менен чоктун үстүнө таштарды кошо жакканда таш жалбырттап күйөт. Темир менен чоюндун арасында алтын, күмүш аралаш болот экен. Мени бир карт устага шакирт кылышты. Сен экөөбүз бирге анын колунда иштеп, өнөрүн үйрөнөбүз.

Агасынын айткандары ага жомоктогудай сезилди. Алгачкы эле иштин башталышында Бишкек Соломо менен анын устаты Сергей деген карт оруска керектүү шаймандарды ташып келип, тынбай камсыз кылат. Иш оор. Керээлден кечке тыным жок. Эритилген темирден ар түрдүү керектүү буюмдар жасалат. Алардын түрлөрү

көп. Андан сырткары заводдун бөлүмдөрү ар түркүн буюмдарды чыгарат. Көбүн эсе эритилген темирлерди ченем менен сугарып, алар да сапатка бөлүнөрүн билди. Болотту чыңоону, иштетүүнү үйрөнүшүп ага-ини күндөн күнгө, дасыга бериштти. Темирдин сырын үйрөнүшүп, каалаган буюмдарды өз алдыларынча жасап калышты. Улам дасыккан усталар бир бөлүмдөн экинчи бөлүмгөөтүп, чеберчилиги арткан сайын, аларга да акы айрымаланып төлөнүп жатты. Ал экөөнү көбүнчө курал, мылтык жасоо кызыктырды. Сайлап мылтык жасоону өздөштүрүштү. Адам баласы кызыкса элекаалаган буюмду жасоого болорлугуна көнүгүштү.

* * *

Жусуп устат ага-инилүү шакиртерине түрк дүйнөсү, кыргыздардын дүйнө таанымы, байыркы ата-бабаларынын тарыхы тууралуу кеңири маалыматтарды айтып, өзүнүн билиминин тереңдигин айгинеледи. Өнөргө, адамгерчиликке болгон мамилеси өзгөчө суктанарлык болчу. Устаттан шакирттер көп нерселерди үйрөнүштү.

Усталар арасында кээде чогула калганда ар кыл кептер айтылып, жаңы маалыматтар угула калып жатты. Ага-инилерди көбүн эсе калмак контайчысы Суаң Рабдан Ала-Тоо аймагына басып кирип баргандыгы, Чүй, Ысык-Көл кылаасына калмактар көчүп барып, жашап жаткандыгы, улам элдин мал-мүлкүн талап алгандыктары боюнча сөз боло калганы, экөөнү ойго салды. Бул кабар Суаң Рабдандын Эртыш тараптагы бай тактысында иштеп жаткан усталардын маалыматы так экенин ырастады. Анын кол алдында шведдер келип иштеп, мылтык, замбирек жасап контайчыга жардам бергендиктери айтылды. Туулган жердеги тополоң экөөнү кыжалат кылды.

Соломонун дүкөнү элге ортолук. Карысынан жашына чейин калбай келишет. Кээлери кетмен, чотунун кетилген жерин тегиздеткени келсе, кээлери үзөнгү, капкан жасатууга, кээлери жөн гана кеп угуп, убактысын өткөргөнү, көпчүлүктүн башы бириккен жайга тоорулушат. Ар кими аркы-беркиден кеп урушуп, азил айтып тамалашкан, кээде жомок айтып жобурушкандар бири-бирине эрмек. Айылдагылардын айтса кептери түгөнбөйт. Көбүнүн сөзү токойдо.

Өрүктүнүн ичи чытырман токой. Адам тургай, айбандар жакын келбейт. Жалаң илбесин, жырткычтар мекендеп, эртели-кеч ач айкырыктардан канаттуу куштар чочуп, парпырап учуп, кайра конушар. Кээ-кээде гана токой четиндеги чалчыктарга, арстан, жолборс, аюу, камандардын баскан издери түшүп, анда-санда караандары көрүнө калат. Коркунучтуу жырткычтардын бардыгын билген жергиликтүүлөр ал жерден алыстан өтөйүн дешсе жол жок. Айласыз күндүзү топтолуп алышып, абайлап өтүшөт. Ал эми жалгыз-жарым адамдарды жол бөгөгөн жыркычтар жара тартып, тарпын да калтырышпай сүйрөп кетет. Жакын жайлардагы дыйкандардын эгиндерин каалашынча майкандап-оонап, тебелеп кетишсе, аларга каршылык кылууга эч кимиси даашпайт. Кээ күндөрүөйүз-бүйүздөгү чарбадарлардын кой-козуларын, ал тургай бодо малдарына чейин көтөрө кетишип, көпчүлүктүн көкөйүнө көк таштай эле тийди.

Жырткычтар мекендеген аймакты аңдаганы аңдап, аңдабагандары:

-Токой ичинде ажыдар уялаптыр. Каалаган учурда, кандай мал болсо да, оп тартып, жутуп кете берет имиш,-дешсе. Кээлери баткакка бата түшкөн издерден улам:

-Аюу-жолборстор өрүп жүрөт. Жой-Белентте аябай эле көп изин көрдүк,-дейт.

-Беш-Үңкүрдө андан да көп-деп, уккандардын үрөйүн учурушуп, ооздору толо миш-миш айтышат.

Бир чети, алардын айткандары да туурадай эле. Эзели адам изи баспаган жыш токой болсо, анда баары байырлабай коебу. Азыгы белен. Алдуусу алсызын баса калып жеп, салкын жайдан кайда кетишмек.

Өрөөн ичи кайберендерге тургай, азылуу жырткычтардын жашоосуна өтө ыңгайлуу эле. Кышы жылуу, жайы салкын. Балалап көбөйүшүнө, аларды торолтуп чоңоюушуна коркунуч болбогондуктан, башка тараптардан дап жеп, куугундукка алынган жырткычтар ээн жер, чытырман токойго келбей коебу. Жакынкы жайдагы аскалуу-зоолордо карагай-арча, жаңгак баш болгон жапайы өскөн мөмөлүү дарактардын бардык түрлөрү жыш. Мөмөлөрү жер бетине төгүлүп турат. Жылгасы сайын көк кашка суулар ташып, көлмөлөрүндө балыктар суу бетин бербей, секирип ойноп жүрүшөт.Бардыгы белен, берекелүү жайдан кайберендер үйүр албай, кайда барышмак.Бейиштин төрүндөй болуп, берекеси жайнаган жерге кимдер гана келгиси келбесин. Адамдар да

шартына кызыгып, кенен, көрктүүлүгүнө суктанышып, биринен бири угуп, көбүрөөк көчүп келишип, жергиликтүүлөргө кошула башташты. Көр тиригиликтин көйгөйүнөн улам, токой четинен каттагандардын саны да арбыды. Айрыкча Өрүктү аркылуу Орто-Токойду аралап, Терек-Сай дарыясын кечип, туш-тарапка жол кетет. Кан жолдо адамдардын караандары кышын-жайын үзүлбөйт. Ал тургай ач калган, кеч калгандар да жыш токой четинен күндүн көзү барында өтүп кетүүгө ашыгышат. Күн отургандан, таң атканга чейин Өрүктүнүн аймагы коркунучтуу. Көп адам жырткычтарга жем болгондугун билгендер, Өрүктүгө жетпей түнөп, күндүзү да жалгыздабай, жол бараткандарды зарыга күтүшүп топтошуп өтүшөт.

Кийинки күндөрү чаар жолборстун караны өткөн-кеткендердин көзүнө көбүрөөк чалдыкчу болду. Кээде жол четине жатып алганда, куралчандар гана айбат кылып өтпөсө, анча-мынча катын-бала, жалгыз-жарым жолоочулар ага жакындап келүүгө даай алышпайт. Токой ичиндеги сандаган кайберендердин эти көңүлүнө тийгенби же катын-балдарды жеп, кынык алганбы, жалгыз-жарым адамдарга кол салып, кишичил болуп кетти. Бир жуманын ичинде эле, эч кимди тоготпой, эки кара башыл адамды, күп-күндүзү, көпчүлүктү каратып туруп токой ичине көтөрүп, сүйрөп жөнөгөнү көптү бушайман кылды. Айылдагылар кишичил жолборско каршы бара алышпай, же бир чара көрө алышпай аябай эле жадашып, арга таппай калышты. Мына бүгүн да, четтен келген соодагерлердин кербени жол тартып баратып Өрүктүнүн ортолугуна келе бергенде, токой четинде жаткан жолборс, тура калып, төөсүн жарып, жетелеп бараткан ээсин сүйрөп кеткендиги маалым болду. Жүрөгү түшкөн кербенчилер не айла кылаарды билишпей, алдыга кете албай, же аркага кайта алышпай, титиреп, коркунучтан эстерин жоготуп отурушуптур. Жолдо келатып, кырсык чалгандарды көргөндөр, түз эле Бишкекке келишип, биринен бирөөтө жардам сурашты.

-Айланайын Бишкек. Сени баарыбыз эле баатыр деп билебиз. Бизди бир балээден кутултпасаң болбой калды?

-Өрүктүнү байырлаган жолборс жан койбоду. Өткөн-кеткенди жара тартканынан, жалгыз-жарымыбыз эле эмес, көбүбүз дале коркуп өтө албай калдык.

-Эптеп, бир чарасын көрбөсөң, тиригилигибиз токтоп, жан айласын таппай калдык. Жалгыз-жарымыбыз, алыш башына

барып, суу бура албаганыбыздан, этектеги эгинибиз да куурамак болду.

-Баатыр, эл үчүн туулат дейт. Эптеп бизди сактап кала көр, кагылайын?-дешип, көпчүлүк жардам сурап, жалынып-жалбара башташты.

Дүкөндө агасы Соломо менен дөшү таптап темир ийлеп узанып отурган Бишкек көкүрөгүндөгү алжапкычын чечип, төргө ыргытып көөлөнгөн бетин аарчып-аарчыбай эшиктен баш бакты.

-Эмне, мышыктын баласы ошончо эле жиндене баштадыбы?

-Жинденет дейт да, тирүүлөй адамды сүйрөп кетип жатпай-бы.

-Бүгүн эле, өтүп бараткан кербендирдин бир төөсүн жарып, жетелеп бараткан ээсин сүйрөп кеткенин көрүшүптүр. Дагы бир-экөө жарадар. Эстери ооп, туура албай жатышат-дешет.

-Эки-үчөөң курал менен барып, сес көрсөтө чапкылап, кубалап көрбөйсүңөрбү?

-Ботом, кубалаганды айтат. Топ киши даап баруудан заарка-нып, качып отурабыз. Жүрөгү тоодой, өзүңө окшогон бирөө барба-са, эч ким ага, тең келе албагыдай.

-Кай жерде?

-Дал эле Өрүктүдөн өтө беришинде, марып жатат дешти.

-Барып көрөлүчү.

-Айланайын, колуңа курал ала көр?

-Топ жигиттерди ээрчитип, шайланып бар?

-Жолборсуңар бирөө элеби?

-Бирөө эле. Ошол бирөөнө эч кимдин алы жетпей аргабыз кетип жатпайбы.

-Жүргүлө, көрөлүчү аны.

-Кокуй, карaaнын көрбөйүн. Бир жинди эле барбаса, соо киши даап бара албайт го?

-Коркпогонуң мени ээрчи. А коркконуң калгыла!

-Баатыр, этият-шарт. Этиңе бир жамынчы, колуңа Бишкек алып ал?

-Жамынчы, курал алсам эле, аныңар качып береби?

-Эч болбосо, этиңе кыл арканды ороп, ал. Азылуу жырткычтын тырмагы курч, эч кимди аябайт-деди келгендердин улуурагы.

-Айтканыңыз жөн, абаке. Алышкан жырткыч алдырбастын аракетинде, чапчыйт, тиштейт. Эки кыл чылбыр алсам болор?-дейм..

-Ырас, алышарың анык болсо, кыл арканды жылаңач денеңе чырмап ал. Кагылайын?

-Чырмап алсам эле, ал мени аяп коебу. Арканы жок эле, бир алышып көрөйүн?

-Кой, баатырдыгыңа салбай этияттан! Ал эч кимден жеңилбейт жыркычтан көбү качып, араң кутулушкан.

-Жолборстун жырткычтардын сырттаны экенин билбеген, бир дөдөй окшойт, мунуңар-дейт келгендердин арасындагы бей тааныш бирөө, Бишкекке ишенип, ишенбей.

-Азылуу жырткыч менен азилдешпе, балам. Жалгыз барба? Кармашарың анык болсо, жаныңа өзүңө окшогон беш-алты эр азаматтарды кошуп ал?

-Беш-алтообуз эмне… бир мышыкты кубалап ойнойт белек? Жеке барып, күчүмү бир сынап көрөйүнчү.

-Балээ, балээ. Мунуң таш жүрөк го?

-Ошо, таш жүрөктүгүнөн барам деп, жатпайбы.

-Баатыр деген ушундай. Коркунучту унутуп коет.

-Кудай сактасын. Кайдан да буга айта койдук эле. Өрөпкүгөн өпкөсү жок неме го?-деди баягы бейтааныш жолоочу.

-Чалдырып алса, балээсине биз калбагай элек. Жүр, эптеп бул жерден кетип калалычы?

-Коркпогула! Кыжалат болбогула! Кай жерде жатарын көрсөтүп, карап тургула!

Өрүктүгө жакындаган сайын топтошо басып, Бишкекти ээрчигендердин караандары суюла берди. Аркы тараптан баатырдын жолборско каршы баратканын, биринен бири уккандар союл, токмок, кетмен ала чуркап, аларга жакындап келе жатышты. Саздактуу токой ичинде, дүркүрөп өскөн калың камыш, дарактар менен бой тирешет. Жылдан жылга жаңылап, тамырлап чыгып, кыш келгенде биринин үстүнө бири куураган куу камыш, кадам сайын «кырс» эте сынып, саз бетиндей былкылдайт. Кокустан эле жаза басса, бут кирип, чалынып жыгылчуудай. Анын үстүнө жыш өскөн чычырканак, алга кадам шилтөөгө жол бербей, тим эле тикендери ийнедей учтанып, аралап өтүү азаптай туюлду.

Бишкек токой четиндеги суйдаң чычырканактууу талдарды аралай келди. Жырткычтын баскан изи көрүнбөсө да өсүмдүк, бадалдарды жапыра аралай, олжосун сүйрөп өткөн жырткычтын өткөн жолунун тому байкалды. Жырткыч кирип-чыккан ийиндей болгон из менен абайлап, акырын кадам шилтеп, акмалай алга жылды. Дүпүйгөн калың дарактардын жалбырактарынан улам, токой ичи күңгүрт көрүнөт. Улам кадамын аяр шилтеген Бишкек бир бутунун таманы таканчыкка дадил тийгенде, экинчи бутун

көтөрүп, добуш чыгарбай илгерилей берди. Улам алга жылган сайын кобурап:

-Шер, алышсаң алышам. Күрөшсөң күрөшөм. Токой ичи тар. Эр болсоң ачык, жайыкка чык! Күч сынашалы. Сени кишичил болуп кетти дешет. Кишинин этине кынык алдыңбы?! Адамга эч бир жырткыч тең келе алган эмес. Сен адамга тийишип, акылдан адаштыңбы? Адам каны сени куткарбайт. Аны билгин! Эр болсоң жашынбай чык, бери!

Баатыр ар бир сөзүн даана, ишенимдүү, бир кылдагы үн менен айтып, капилет шартка өзүн даяр тутуп, жай илгериледи.

Бир кезде мурдуна сасыткы, өлүмтүктүн жыты келди.

-А, жакын жерде экенсиң-деп, абайлап, алдыга көз салды.

-Шер, алышсаң чык, бери! Адам баласына асылганыңүчүн сени мен кечире албайм. Жазаңды берем!

Токой ичиндеги, дүм түшкөн караңгылыктан эч нерсе байкалбайт. Кулагын түрө, сак тыңшап, көз ирмебей баатыр алдын теше тиктейт. Бир маалда жырткычтын жалындаган курч көзү, маңдайда шамдай болуп жалтырап, өзүнө тигилген кош чекитти көрө калды. Жолборстун көздөрү күңгүрт жарыкта жалт-жалт эте, жалбырттап от чачкансыйт. Баатыр да жалтанбай, жырткычтын оттой болгон эки көзүнө тике карап, карегине карек кадады. Жыркыч жалындаган көзүн ирмеп койбой, кол салууга камдана, акырын «күр-күр» этип, ордунан козголо баштады.

Баятан бери чуру-чуу түшүп, ар кыл бакырыкка толгон токой ичи, тумчуккандай думуп, тынчып калды. Жаратылыш, жан-жаныбардын баары эки шердин алышарын аңдап, дем чыгарбай туруп калышкандай. Караңгыланган күңгүрт жайда да үн жок. Тым-тырс…

-Кана, анык шер болсоң, кел! Кезекти сага берейин. Адам күчүн сезбеген, адамды тоготпогон, адамдын акылман экенин туйбагаң сен, макулук жырткычсың! Алышып көрөлү! Кимибиз, кимибизди жеңээр экенбиз! Кана, баштабайсыңбы?!

Куралы жок эки чеңгелин алдыга сунуп, жалтанбай каршыла-шынын кол салышын күтүп турган адам баласын көргөн жырткыч-тын ачуусу ташып, каары кайнады.

-Сен менин курч тырмактуу, шамшардай азулуу жырткычтар-дын жырткычы экенимди билип туруп, коркпой, тоготпой келгениңүчүн жазаңды беремин. Экинчи мага жологус кыламын!-дегенсип, эки аягын жерге такап, колдорун алга сунуп, зор күчү

менен баатырды карай секирүүгө камданды. Көз ачып-жумгуча шарт, атыла алга секирди.

Жолборстун ар бир кыймылын аярлык менен сезип турган Бишкек шамдагайлык менен азуулуу ээгине муштай, оң колу менен кекиртегинен шап кармады да, сол колу менен араандай ачылган азуулуу оозун кычкачтай кысты. Айбандардын алпы аталган жолборс, алаканы менен кандай жаныбарды болсун бир коюп жыккан, же азуусуна салып бир силке тындым кылган күчү ойт бере, карт даракка далдаалана тура калып, ээгине кага муштап, кокодон алган Бишкек баатырдын алдында алсыз болду. Кекиртегинен алдырып, азуулуу жаагын ача албай анын колунда асылып калды. Арткы эки аягы жерге таканчыктап, эки алдыңкы колдору менен чапчылап, баатырдын кычкачтай карылуу колунан булкунуп чыгып кетүүнүн аракетиндеги жырткыч, канчалык тыбырчыласа да, кычкачтай бек кыскан кол кое бербеди. Жолборстун эки көзү чанагынан чыга, аба жетпеген өпкөсү буулуу. Канчалык тыбырчыласа да, кекиртегиндеги кокосунан катуу кысып, тумшугун кычырата кармап бошотподу. Айласы кеткен жырткычтын деми кыстыга ичи көөп, бошонууга зар боло, асылып турду. Заматта эле анын салмактуу денеси төбөдө асылгандан улам, бир аз умтула, эки бутун таканчы кылган баатырдын колундагы жырткычтын денесинин шайын кетире баштады.

-Ар-р! эткен жыркычтын ачылуу үнүн угушуп, дене бойлору дүркүрөп чочушкан жаныбарлар шарт эте, бир аз эле убакыт мурдараак дүрдүгө артка качышкан. Кээлери жалтайлап жалтаң-жалтаң карап, биринен бири өтө качуунун аракетинде бак-шактуу дарактарга урунуп, шатыр-шутур эте алга бой урушкан. Анан эле айлана дымып, тумчуккандай жымжырттык ээлеп, эч нерседен шек билинбей турду. Көккө бой созгон дарактардын учтары гана жогортон соккон желге теңселип, жалбырактары коркунучтан улам титиреп желпинип, жаткандай туюлду.

-Токой ичинде шарт кычырай, бутак айрылып, кургак бутактар, камыштар сынып, «кыр-р, кыр-р» эте муунган үн, тумчуккандай алсыз чыкты. Бир аздан кийин тым-тырс боло, кайрадан токой ичи дымып, эч бир шек билинбей калды.

Канчалык коркушса да, бири-биринин караандарын пеш кылышкан адам менен жырткычтын, баатыр менен шердин алышканына кызыккан, азыр эле боло калган балакетти билгиси-көргүсү келгендер, абайлап орундарынан козголо пайлап алга жылышты. Кызыгуу коркунучту жеңдиби, же кабары билинбеген эки

шердин эмне болушканын билгиси келиштиби, дарактарга пааналап, улам моюндарын созо баштарын кылтыйта жакындагандар, тик тура, тирешкен эки карааанды көрүшүп, аң-таң болушту. Алардын эч кимиси даап, жакындап, басып келе алышпады. Бири муунтуп, бири чапчый тирешкен эки караан, таш болуп катып калгандай сезилди. Бири-бирине үстөмдүк кыла алышып, адамы муунткан сайын, азуулуу жырткыч муунуп баратып да тиш салат деп кызыккандар тиреше, айкашып эки алп такыр козголбой катып турушуна ишенип, ишенишпеди. Бул көрүнүшкө таң калгандардын коркунучун кызыгуу жеңип, заматта эстерин жогото аңкыйышты.

Коркунучту такыр эсине албаган, алабарман инисинин мүнөзүн жакшы билген Соломо баягылардын артынан ээрчий келген эле. Окуянын чоо-жайын түшүнө коюп, Соломон шыпылдай басып келип, Бишкектин жонунан акырын таптай карышкан колун ушалай баштады.

-Бишкек! Баатыр эсиңе кел! Колуңду кое бер!-деп сүйлөгөн агасынын үнү аны уйкудан ойготкондой болду.

Бир топтон соң анын карышкан колуна жан кирип, салаалары бошошо түштү. Бир маалда кычкачтай колдон жылбыша түшкөн жырткычтын денеси «шалак» эте ооп жыгылып, жерге кулады. Эшик-төргө жетерлик азуусун арсайткан жолборстун денеси куйругун булайтып, камыш үстүндө суналып, кыймылсыз жатты. Баатырдын каруусунан билегине чейин орогон кыл чылбырды жырткыч жан талпас менен чапчый бергендиктен, анын чыйратылган өрүмү жанып, курч тырмактары этин сала-сала кыла тилгенден улам, кан шүйшүңдөп агып турду.

-Терисин сыйрып алгыла!-деген сөздү угушса да, көпчүлүктүн эч бири өлгөн жырткычтын жанына жакын келе алышпады.

Эл Бишкектин атын атабай эле «Жолборс менен алышкан баатыр», «Жолборс чапкан баатыр» дешчү болушту. Бишкек «Жолборс баатыр» аталып кетти. Жаңы төрөлөн балдарга ата-энелери. Бишкектей болсун дешип, «Бишкек» деп ат коюшчу болушту.

* * *

Калмактар деп аталган батыш моңголдор Кытай менен түз байланыштыруучу соода жолуна жана да жайыттарды ээлөөдөгү чыгыш моңголдору менен таймашында жолу болбоду. Эми

дыйканчылык менен кол өнөрчүлүк өнүккөн Чыгыш Түркстанга жана кыргыздар менен казактардын кең жайыттарына сугун арттыра башташты. Ойрот жапырыгы (1521-жылы) башталып, казак-кыргыз жерине кызыккан чабуулун токтотподу. Калмак дегендер кимдер? Сыр-дарыялык печенек-огуздардын мусулман динин кабыл албай бөлүнүп калган тобу, өзгөчө бийлик башында турган барани-огуздар калмак деп аталышат. Анысы «калып калгандар», «бөлүнүп калгандар» деген мааниде колдонулган.

Диний ишенимдер боюнча ич ара экиге бөлүнүү орто кылымдагы огуздардын мамлекетинен да орун алганы белгилүү. Алардын мусулман болгон тобу-чыгыш тараптагы бөлүгү «түркмөн» деп аталышып, ошол түркмөндөр менен каапыр огуздардын (калмактардын) ортосунда дин үчүн айыгышкан салгылашуулар болуп турчу. Акырында мусулмандар жеңишке ээ болуп, мусулман эместерди мамлекет чегинен сүрүп ташташкан. «Дашти кыпчактын»-(кыпчак талааларынын) эли 1320-жылы Ислам динин кабыл алышкан. Кыпчак талааларында огуздар мекендеп келгендиктен «Огуз талаасы» деп аталчу. Ал аймактагы мусулман болгондорду Өзбек хандын атынан «Өзбек» дешип, ал эми мусулман болгусу келбей, бөлүнүп калгандарды «калмак» дешип аташкан.

Эдил калмактары казактарга чабуул койду. Ал кезде Тобокелден кийин Эшимдин такка отурган учуру эле. Анын Турсун хан менен мамилеси начардыгын билип, казакты чапты. Эшим шашылыш казактардын башын кошту. Агасы Тобокелдин Самарканга чабуул коюшунда Эшим кыргыздар менен алака түздү. Кыргыз арасында «Эр Эшимдин эски эрежеси» деген лакап бар. Анын себеби, Эр Эшим бытыранды эл арасын бириктирет да, илгертен келе жаткан адат, нарк-насилди жаңылап, заң киргизүүнү ойлойт. Сырдын боюндагы Көк-Дөбө деген жерге жыйын куруп, өзүнө караштуу элдин ар бир уруусунан аксакал, бийлерди чакыртат. Солтодон Чаа, Сарбагыштан Сарысейит, Саяктан Түгөл, Түнкатар, багыштан Көкүм, саруудан Теңтөрүк, кушчудан Кайназар, кытайдан Калкелди өкүл болуп келишет. Чоң курултайда бардык уруунун өкүлдөрү эски Оторхан менен Барак хандан калган адеп менен эрежелерден мезгилге ылайыктууларын тандап алышат.

Ташкен эмири Турсун Мухамед Түркстанга чабуул коюп, кыргыздарды жеңип алды. Эшим Жети-Сууга качып, чыгыштагы Сейит Султандын урпагы Абдилрахимге барды. Анын кызына

үйлөнүп, өзүнө күч топтоп, Жети–Суудагы кыргыздарды бириктирди. Эшим такка отургандан кийин хошоуттардын тайшасы Байбагыш торгоуттар менен дөрбөттөргө кошулуп, Далай баатыр менен бирге ынтымак түзүүнү келишишти. Бирок, убадаларын унутушуп, казак жерине чабуулдарын уланта беришти. Келишимди бузгандыктары үчүн Эшим калмак элчилерин өлтүрдү. Он миң кол жиберип, убактылуу болсо да тынчтыкты колго алды. Эрдене Батур Хо Орлуктун небересине өз кызын күйөөгө берген болчу. Хо Орлок менен Эрдененин мамилеси келишпей, ал калмактардан бөлүнүп, Эдил бойлоруна көчүп кетти.

Буга чейин жунгарлар негизинен Иртыш-Тарбагатай аймактарында кошоуттар үрүмчү, чоростор Иле өрөөнүн жердешчү. Элүү-алтымыш миң түтүн тыргооттор чорос төбөлдөрү-нө баш ийүүнү каалабай Казакстандын аймагына жана андан ары батышка жер которушуп, Волга дарыясынын төмөнкү агымындагы аймактарга отурукташа башташкан. Кошоут уруулары да Хуан хы дарыясынын жогорку агымындагы Көкү Нор көлүнүн айланасына көчүп кетишкен. Ойроттордун калган уруулары Чыгыш Теңир Тоонун бош калган аймактарын ээлешкен.

Биримдиги бошоң калмактарга казак ханы Эшим башында турган казак-кыргыз кошууну жүрүш жасап, аларды Сибирге чейин качууга аргасыз кылышты. Калмактардын ынтымагы ич ара ыдырап, бийликтен четте калган торгоут (кыргыздар тыргоот дешкен) уруу тобу алыскы Эдил боюна көчүп кетиши, айрым билермандардын тынчын алды. Кезинде калмак контайчылары дал ушундай бөлүндү болгон урууларды, ал тургай жанаша аймактарды мекендеген элдерге зордук-зомбулугун көрсөтүп, баскынчылыгынан улам, кетпес кек, өчпөс өчтүн алоолонушуна себепкер болушкан. Эми биримдикке келе албаган ойроттор башкалар болбосо да кытай менен моңголдордун даяр жемине айланары анык эле. Ат үстүндө курал менен эчен жылдардан бери түптөгөн калмак биримдиги заматтын ортосунда эле талоонго түшүп, жок болоору анык. Алды-арканы талдап, өз уруусунун келечегин ойлогон чоростор шашыла баш бириктирүү аракетинде болушту. Түштүк Сибирдин кең мейкининде көчүп-конуп жүрүшкөн чорос тайжилери (бектери) уруунун билерманы Эртыш боюнун оңөңүрүндөгү Кара-Кула баатырдын айланасына топтоло башташты.

Батыш монголдор төрт урууну чорос, торгоут, дербет, хошоут урууларын бириктирген. «Дөрбөн ойрот» бирикмесин чорос

уруусунун билерманы Кара-Кула баатыр башкарды. Анын уулу Хото-Хочин  Далай Ламадан Эрден Батур хантайши аталып, ойрот урууларын бир хандыкка бириктирди. Ал мамлекет кийин Жунгар атка конду. Кытай тарыхында ойроттор-элеттер (өлөттөр вилате, валате) ж.б аттар менен белгилүү. Чынгызхандын жортуулунда ойроттордун төрт түмөн колу ар дайым сол канатта согушкан. Чоростор Иле боюнда, торгоуттар-Тарбагатайда, дербеттер, жогорку Эртышта, хошоуттар Дахуа шаарынын айланасына көчүп-конуп жүрүшкөн.

Дал ошол кезде калмактардай эле, казак султандары ортосунда бийлик талашуудан ырк кетип, экинчи тарабынан казак-кыргыз биримдиги да солгундап, уруу билермандарынын бири-биринен өйдөсүнгөнүнөн улам, бириндей башташкан. Аны  өз учурунда байкаган  калмактардын айрым уруу башчылары, эзелки жоо аталгандарга, бараандуу коркунучка айланды.   Кара-Кула баатырдын көзүөтүп, бүтүндөй ойрот жергесиндеги бийликти анын уулу Эрдене Батур кантайшы колго алууга умтулду. Ал кең аймактагы калмак уруу башчыларына биригүү талабын койду.

-Эгерде кимде-ким биригүүгө моюн толгоп, өз алдынча конуп-көчүп, каалаган жайытына кете бере турган болсо, уруудагылар чабылып, мал-мүлкү талоонго алынаары эскертилди.

Кантайшынын талабы калмак уруу башчыларынын каалаган-каалабаганына карабай, аткарылышы тийиш болчу. Мындай заң ата-бабаларынан калган. Жалгыз уруу-топтор күчтүү уруулардын курмандыгы. Аны жакшы билген уруу башчылары чоростордун айланасына  көчүп келе башташты. Аз эле убакыт ичинде калмак уруулары биригип, Жунгар хандыгы түптөлө баштады. Он жетинчи, он сегизинчи кылымдын биринчи жарымында Фергана өрөөнүндө таасирдүү орундагы кыргыз урууларынын чачкындыгынан пайдаланган Жунгар хандыгы бул аймакты басып алууга аракеттенди.  Ойроттордун чорос, хойт, дербет, хошоут уруулары-нын баш кошушунун натыйжасында Эрдене Батур хантайши тарабынан негизделди.

Илгертен бери кара калмактар мекендеген кең аймак, кийин Жунгария аталды. Эзелки көчмөн эл монгол-калмактардын ак сөөктөрүөздөрүн ойрот аташчу. Алар моңгол-ойрот калмагы болобу баарынын тили, дини бир, адат-салттары окшош. Бир мезгилде калмак-кыргыздар коңшу жашашып, бир аймакты турак кылышкан. Калмактар-кыргызга сөөк өчтүлүк кылып согушуудан улам, кыргыздар  аларга оңойлук менен жемин жедирбей,

тайлашып келди. Ойрот төбөлдөрүнүн ич ара мамилелери келишпегенинен, айрым уруулары орустардын ичине кире качышса, бир дары Тибет тоолорунан ары Көк-Нор тарапка журт которушту. Алардын ич ара келише алышпай, ар тарапка тыркырашы элдин эртеңине чоң кедергисин тийгизери айкын эле. Аны ойлогондор жунгариянын Тарбагатай аймагында бүтүндөй монгол-калмактардын тобу-чуулган өтүп, анда мамлекет болуунун өзүнчө эрежесин кабыл алышты. Ал мамлекет Монголиянын атынан түзүлсө да, Жунгарлар монголдордун сол каруусунда болуп, согуштук жүрүштөргө катышып, келгенбиз. Жунгар аталабыз дешип, Жунгария аталышты. Жунгар-ойрот өлкөсү бир жерди турактап, шаар түптөп, чеп салып, кол курап, туу көтөрүп, бурканга сыйынуучу жай салышты. Басып алган жерлеринде арык казышып, суу чыгарышып, эгин эгишти. Бул иште калмактардын чорос уруусунан чыккан, кезинде ары каардуу-ары айлакер Кара-Кула тайчы бүтүндөй Жунгарияны бириктирүүнүн демилгечиси болгон эле. Кийин анын саясатын уулу Батыр тайчы улантып, өзүн «Жунгар-Ойротторунун контайчысымын» деп жарыялады.

Жунгар аталыштын таржымалы, те Чыңгыз хандын жортуулдарында ойроттордун төрт түмөн (кырк миң) колу анын армиясынын сол канатын түзүп, согушка киришкен. Сол канат моңгол тилинде «зюнгар» аталган («зюн-сол», «гар-кары, кол»). Ушул сөздөн улам ойроттор мекендеген жердин аты Жунгар аталып жүрүп, кийин хандык түзүлгөндө ал Жунгар хандыгы аталды. Жунгар-ойрот мамлекетинин түзүлгөндөн бери анын урпактары бийлик тактыга эч кимди ээ кылбай, менчиктеп келишти. Батыр контайжы жыйырма жылга жетерлик убакыт аралыгында бийлигин жүргүзүп, коңшулаш элдерди басып алууда кандуу кылычын шилтеп келди.

Борбордук бийликке баш кошкон калмактар Батур хантайшинин жетегинде улам күчтөнө берди. Бүтүндөй калмак урууларын бириктирген курултай өткөрүлүп, ага Москва, Волга, Эдил калмактарынан өкүлдөр келип катышышып, анда «Жедигерлердин согуштук эрежесин» кабыл алышты. Аз эле убакыт аралыгында чыгышында Алтын ханды талкалап, Эне-Сайлык кыргыздарга үстөмдүк кыла башташты. Маанилүү соода жолу аталган Хами улусу үчүн күрөштү улантышып, кытай менен кагылышуудан кайра тартышпады. Бирок, калмак төбөлдөрүнүн башкы максаты Чыгыш Түркстанды жана Орто Азия менен Казакстанды биротоло ээлөө болгон. Чыгыш Түркстан менен

Ферганада өндүрүлгөн баалуу буюмдар, Кыргызстан менен Казакстандын кең жайыттары, ошону менен катар калмак төбөлдөрүнүн түпкүлүктүү жана эң коркунучтуу жоосу-түштүк чыгышындагы зор империя деп эсептешкен Цин сулелеси, качан болбосун батыш жакка, оңтойо келгенде жапырык жасаарын алар жакшы билишкен. Ошол себептен алар батыш жактагы аймактарды ээлеп, эгер ханзуларга алдары чак келбей калса, хандыкка катуу коркунуч туулса, алардан оолактап кетүүнү ойлошкон.

Айланасындагыларга тынчтык бербеген ойротторду биротоло тынчытуу үчүн Алтын хан Ногой ордосу менен сүйлөшүп, отуз миң кол менен ойротторго чабуул башташты. Ойроттордун кордугун тарткан кыргыздар да аларга кошулушту. Коңшулардын демилгесин калмак хантайшасы Убайши да колдоду. Согуш Кара-Иртыштын боюнда болуп, Алтын хан, бир тараптан, түштүк-батыштан казак-кыргыз ортого алышканда, чабылган ойроттор төмөн качышты. Ойротторду Эдил Жайыкка жөнөтүп, казак элине каршы койгон. Орус падышасы ойроттордон курал жарактарын, ат унааларын ала качты. Жаангир калмакка туткун болду. Аны Карасай баатыр бошотуп алды. Эшим хан ооруп, казакка Эшимдин уулу Жаангир (Салкан) хан болду. Алтын хандын уулу Омбыл, ойроттордун ноендорун чогултуп казака чабуул койду. Атасынын кунун кууган элүү миң кол менен Батыр хантайшы аларга кошулду. Ойроттор жолдогу кыргыз айылдарын талкалап, тирүүлөрүн кул-күң кылып туткундады. Жаангир миң колу менен жеңишке жетишти. Аркас тобундагы Кызыл-Кыя жеринде жоо колун ортого алып, ок жаадырды. Жалаңтөш баатыр жыйырма үч миң колу менен келип, Карасай баатырдын колдоосу менен жеңишти тартып алышты. Бул согушта Батыр хантайшы он эки миң адамынан айрылды. Кармашта казактардан Карасай, Агынтай, Жээнбет, Сарбука, Көксерек, кыргыздардан Көтөн, Төбай баатырлардын эрдиги даңаза болду. Аларга дуулат Жакшыгул, аргын Токон уулу Кампай, баатыр Суанкан багыш тукуму Элтынды баатырлар көмөк көрсөтүшүп, көпкө таанылышты.

Калмактардын батышты самаган максаттарынын эң негизгиси, чыгыш менен батыштын тагдырын алаканына салып, каалагандай калчаган атактуу бабасынын, өткөндөгү ааламды дүңгүрөткөн жеңиштеринин жаңырыгы чакырып, «кандуу деңиз толкунун селине бардык жерди каптаган» зор империяны түзүү эле. Басып алган өлкөлөрдүн элинин көбүн кырып, кулга айланткылары келген.

1643-жылы элүү миң аскери менен Жунгар хандыгы батышка жортуулга чыкты. Казак-кыргыздардын бир топ аймактарын басып алып, далай уруу-уруктарды талап тоношту. Түркстан, Ташкен шаарларына жакындап барышты. Жылга айланган согушта казак-кыргыздар эрдик менен салгылашышып, калмактарга жеңишти беришкен жок.

Үзгүлтүксүз кармаштарда казак султаны Жаангир (Эшим хандын уулу) менен Самаркан акими Жалаң төштүн бириккен колу калмактардын чабуулун кыйратышып, чегинүүгө мажбур кылышты. Бирок, калмактар айрым кыргыз-казак жерлерин колдон чыгарбай, ээлеп алган. Жунгарлар казак-кыргыздарга болгон экинчи чабуулундагы айыгышкан салгылаштарда казак-кыргыздар оор жоготууга учурап, Жаангир султан каза болду.

Көкүм Ферганалык кыргыздардын абройлуу, жетик башчысы. Ал Ташкен, Самарканды бийлеген Катагандын хан Турсуну менен мамилелеш болгон. Көкүм бий казак-кыргыз биримдигин түзүүдө жана Эр Эшимди хан көтөрүүдө чоң салым кошуп, кыргыздарды жетектеп жүргөн. Ал Эшим хандын эң ишенимдүү вазири болуп Ташкен шаарын бийлеген. Ташкен ал кезде он эки капкага бөлүнүп, алты капкасын кыргыздар бийлесе, алты капкасын казактар бийлеген. Шаардагы кыргыздардын көбү багыш, казактардын көбү жаныш уруусунан болчу. Ошондон улам «казакта жаныш көп, кыргызда багыш көп» деген лакап айтылып калган.

Көкүм Ташкенде элдин ынтымагы, улуттардын биримдиги үчүн көп аракеттенди. Ташкендеги казак-кыргыздар шаарда кышташканы менен жаз, жай мезгилдеринде шаарды бош калтырып, тоолорго, жайлоолорго көчүп кетишчү. Кеч күздө кайрылып шаарга келишип, эттенген малдарын базарга алып чыгышчу. Кышкыга үй куруш үчүн Көкүм бий курулуш жыгач-таштардан жардам берип отурукташтырды. Дыйканчылык кылган казак-кыргыздардан салык алдырбады. Шаарга бир нече ун, май чыгаруучу тегирмен, көпүрөлөрдү салдырды. Шаардагы тартипти жана тазалыкты, жалпы эле тиричиликти жүргүзүүгө ылайык көптөгөн жоболорду чыгарды. Ал мыйзам эл ичинде «Көкүмдүн көктөмөсү» деп аталып кетти. Көкүм хандын аброю жогорулап, көпкө алымдуулугун көрө албаган казактын жаныш уругунун улугу Кара Байтик аны үйүнө мейманчылыкка чакырып, билдирбей уу берип өлтүрдү. Көкүмдүн сөөгү Ташкен шаарынын Шейхантаур аймагындагы Карлыгач мазарына коюлат. Эшим хандын буйругу менен чоң күмбөз салынат. Төбөсү көк менен сырдалгандыктан

«Көкүмдүн көк күмбөзү» деп аталып калат. Көкүмдүн балдары жаш калгандыктан чиелер уругу аталат.

Көкүмдөн кийин 1645-жылы Эшим хан ааламдан өттү. Хандык так үчүн күрөш болду. Көкүм бийдин ордуна анын уулу Тейиш хан көтөрүлдү. Кара Байтик ага аталык болуп бийлик жүргүздү. Кара Байтиктин атасына кылган кыянаттыгы акыры келип Тейишке билинди. Кылмыштын бети ачылып, Ташкендин четиндеги Бетегелүү Кой-Ташта казак-кыргыз ортосунда кырылышкан кыргында кыргыздар жеңишке ээ болушту. Казактар Ташкен шаарын таштап кетүүгө аргасыз болушту. Эки ортодогу тополоңду пайдаланган жергиликтүүлөр шаарды ээлеп, Тейиш Фергана аймагын көздөй элин баштап көчүп келип, Аксыкентти ордо кылды.

Кыргыздардын ынтымакташкан биримдиги эчен жолку калмактардын чабуулунун мизин кайтарды. Душман менен кармашуусунда багыш уруусунан жана анын уулдары Хан Тейиш Ак-Кочкор, Каңкы, Чоботой, Семетей баатырлардын эрдиктеринин негизинде болуп, «Хан Тейиш, Ак Кочкор, Каңкы» деген элдик күүлөрдүн жаралышында баатырлардын таржымалы даңазаланды.

Жети-Суунун чыгышын ээлеген калмактар 1652-жылы ойрот, торгоут топторун бириктиришип, кыргыздарга кол салышты. Карасай баатыр беш миң колу менен жардамга келди. Казак-кыргыз катуу каршылыктарды көргөзүштү. Карасай баатыр Батыр хантайшынын оң колун шылый чапты. Ал жаракаты кабылдап, бир жыл өтпөй каза болду. Батыр контайчынын Чечен, Сенге, Галдан аттуу балдарынын арасында такты үчүн күрөш, кан төгүлгөн кармаш менен улана берди. Анын ордун чоң уулу Сенге улантты.

Сенге атасынын кегин алууга чабуулга аттанды. Иледен өтүп, Лабастагы дуулат, шапырашты топторун басты. Жыйырма миңге жеткен калмак колу Алматы чокусунун алдындагы Үч-Алматы шаарынан казактарды кууп чыгышып, шаарды ээлешти. Согушта Шахкозу колго түштү. Карасай баатырдын колу бир түндөүч жүз адамдын куралын тартып алышып, таң атканча баарын өлтүрүштү. Бул камоодо Батур хантайшанын Онша аттуу баласы да колго түшкөн эле. Аны эки ханзадага айрыбашташты. Согуш бир жумага созулуп, колго түшкөндөрдүн арасында казак айылдарында, наймандарга тынчтык бербеген Талай тайшынын уулу Сожы, Байбагыш тайшынын Жамбыл баштаган он уулу, Торух тайшынын өзү, андан башка көптөгөн ноендор бар эле. Үч жүз адам өлгөн Кулан-Сай, кийин Туткун сай аталып кетти.

Сенге он жети жыл тактыга отуруп, өлкөнүн кадыр-баркын көтөрө албады. Аны өз өргөсүндө уктап жаткан жеринен (1670-ж) түн ичинде бир тууганы Маатыр тайчы жүрөгүнө канжар уруп өлтүрдү. Анын өлүмүнө себепкер энелери бөлөк, аталаш бир туугандары Чечен тайчы менен Чотба баатырлар болду. Ортодо хан өлүп, бир туугандар ортосунда так талашуудан бир нече мураскорлордун баштары кетти. Кошун курап келген Кеген-Куттук Маатыр тайчыны мууздап өлтүргөндө Чечен хан менен Чотба баатырлар Моголстанга кире качып, из жашырышты. Кеген хан убактылуу Жунгарияга хан болоору менен Сенгенин иниси Галдан жеңесине дароо үйлөнүп алды.

Мураскорлук талашка түшүп, кан төгүүлөр токтободу. Галдан кылычынан кан тамган зулум контайчы катары элге таанылып, кыргыз-казактын эли-жерин Жунгарияга каратуунун камында болуп, жырткычтык, мыкаачылыгы менен атагы чыкты. Өлкөнүн ички абалы татаалдаша берди.

Мындай хан өлтүргөн баш аламандык Тибеттеги да лай-лама чиркөө башчыларына жакпады. Айрыкча жунгар-өлкөсүнүн эң эле ыйык делген, кадырман адамы, тибеттик кечил Сая-Бандит олуя өлкөнүн ички биримдигин сактап калууну ойлоп, ордого дароо жетип келди. Ал өз учурунда Батыр контайчыны колдоп, ал өлгөн соң уулу Сенгени такка отургузган касиеттүү кечил эле. Ал өзү ойрот болгондуктан Жунгарлар арасында анын сөзү сая кетчү эмес. Такты талашуудан өз туугандары жабыр тартпасын деп, Жунгар ойрот өлкөсүнө хан деп жыйырма жети жаштагы тибеттик кечил Сенге менен энелеш контайчынын уулу Галданды жарыялады. Галдан Бошокту деген ыйык наамды алып биринчи жолу жунгар өлкөсүндө хан деп аталды. Агасы Сенгени өлтүргөн аталаш бир туугандарын четинен кармагандарын ичин жарып, кечирим бербеди. Ал бийликке келээри менен элүү миң кол топтоп Монголияга бүлүк салды. Кайтып келээри менен кайрадан согушка даярданып, эл-журтту менен көп кошунду азык-түлүк, тамак-аш менен камсыз кылыш үчүн Кашкарга жүрүш жасады. Галдандын көп конушу Кашкарга карай жылып жөнөдү. Үрүмчү шаарына жете бергенде Аппак кожого чабарман жөнөттү:

-Мага каршы уруша турган болсо, майданга келсин. Болбосо багынып берсин!

Жаны көзүнө көрүнгөн Аппак кожо коркконунан ак желегин желбиретип алдынан тосуп чыкты да:

-Ордодогу болгон байлыгым сиздики-деп, ийилип турду.

Аппак кожо он беш жашар кызын контайчыга тартуулап, кайната болуп калды. Контайчынын ноендоруна уйгур кыздары тартууланды. Үч жүз биригип, 1680-жылы Тооке хан болду. Анын бийликке келиши калмактарды түйшөлттү. Ал айланасына акылдууларды жыйнады. Элди тышкы душмандардан коргоп, адилет бийлик жүргүздү. Кыркка жакын шаар салдырды. Кыргыздын Көкүм бийин, каракалпактын Сасык бийин, катагандын Жайма бийин колго алып, алар менен акылдашып иш жүргүздү. «Жети жарлыгын» элге элан кылды.

Суан Рабдан кыргыз айылдарын басып кирип, туткунга алгандарын, зордук менен казактарга каршы чабуулуна пайдаланды. Жаңы кантайшыны орустар колдоого алышып, куралдар менен жабдышты. Суан Рабдандын жыйырма миң колу Көк-Деңизден тарта Чу, Таластагы казактар жайгашкан жерге жортуулга аттанды. Казак-кыргыздарды жапырып, сүрүп Ташкенди багынтты. Сары-Суу боюндагы Айран төгүлгөн деген жердеги согушта казактар көптөгөн жоокерлери менен келишип, калмактарды аеосуз кыргынга кабылтышты.

1729-жылы калмактар кайрадан кытайга чабуулга аттанышты. Бир тараптан кыргыз-казактар, экинчи тараптан кытайлар чабуулга өтүшүп, калмак күчү бөлүндү болду. Мурда ээлеп алган Кордай, Козу башы, Кулжа башы душмандан тартылып алынды.

Теңир Тоодогу кыргыздарга да ойроттор тынчтык беришпеди. Галдан Бошокту хантайшы борборлоштурулган бийликти колго алган соң, күн өткөн сайын аскердик күчү чыңдала берди. Чабуулун тынымсыз улантып, Түркстандагы хандыктарды, айрым кыргыз урууларын өзүнө баш ийдирди. Анжиандык кыргыздарды каратууга жолго аттанды. Бирок, Адигине кыргыз урууларынын биримдиги, айрыкча баргы Бакал баатырдын жетекчилигиндеги кармаш, калмактардын мизин кайтарды. Анжиан чегинде катуу каршылыкка туш келишип, кайра кайтууга аргасыз болушту.

Жаз ортолоп, эл жайлоого көчкөн мезгилди пайдаланып, кайрадан калмактар күч топтоп Ошту басып алышып, Анжианды каптап киришти. Жоонун чабуулун уккан жергиликтүү кыргыз-өзбектерден топтолгон колу катуу каршылык көрсөтүшүп, аз эле убакыт аралыгында Анжиандан сүрүп чыгарышты. Жолу болбогон калмак колу жай айларында Сайрам шаарын басып, талоонго алышты. Каршылык көрсөткөндөрдү аеосуз талкалашып, туткунга алынгандарды калмак төрөлөрүнө кулдукка беришти. Чыңгыз

хандын адатынча колго түшкөн, алдуу-күчтүү туткундарды алдыга салышып, кайрадан 1685-жылы Анжианды каптashты.

Галдан Бошокту барган жерине тополоң салып, зордук-зомбулук менен кары-жашына карабай туткунга алды. Кары-картаңдарын кулдукка жумшап, жаш жигиттерин черүүгө пайдаланды. Жарак-жабдык, улоо берип, калмак ноендорунан башчы койду. Басып алуучу жерлерге, же урууларга карай, колго түшкөндөрдү каптатты. Алдын «Өздөрүнүн колу менен өздөрүн кармаштырып» качан гана каршылаштары алсыраганда черүүлөрүнө каптатып, чабуул коюуну адатка айландырышты.

Өткөн 1670-жылы бир тууганлары тарабынан өлтүрүлгөн Сенгенин кичүү уулу Суан Рабдан Богдыхандын тукуруусу менен Галдан Бошоктуга каршы чыгып, «жунгар-ойроттордун анык ханымын» деп, өзүн элине элан кылды. Галдан отуз миң колу менен Калкага басып кирип, зомбулугун көрсөтүп. Кытайга жортуулга аттанганда аны байкап турган казактар ойротторго чабуул жасашты. Галдандын жээни Суан Рабдан хантайшынын кытайга аттанганынан пайдаланып, башта Үч-Турпанга качып кеткен жеринен келип, Галдандын бийлигин басып алды.

Эзелки душманы жунгарларга сыртын салып, алардын душманы казак-кыргызга кыйыр түрдө жан тартымыш болуп турган кезде, казак ханы Тооке кыргыз-казактардын башын бириктүрүү аракетин көрө баштады.

Ага карабай Галдан Бошокту манжу-кытай өлкөсүнө кол салууга жашыруун даярданып жатты. Богдыхандын тыңчылары жунгар-ойроттордун ичинде көп болчу.

Галдан Бошокту алына карабады. Кытайды багыттап жортуулга аттанды. Ал ага чейин, чоң даярдык көрдү. Баскынчылыгы менен туткунга түшүрүп ар тараптан айдап келген туткундардын жалаң усталарын чогултуп, тындырбай курал-жарак жасатты. Кошунуна жетерлик азык даярдатты. Башкаларды жазгырыш максатында, күтүрөтүп малдарын айдаттырып, жайыттан жайыт тандап көчүп жүргөн болуп, кытай чек арасына жакындай берди. Ал эми согушчан жоокерлери алардын артынан түн ичинде гана жол жүрүшүп, күндүз буктурмаларда бой жашыра дымып жатышты.

Контайчы канчалык сагызгандай саксынса да, ашкан айлакер богдыхан Канси түлкүдөй сезгич эле. Ал да шырк эткен добуш билдирбей, күндү күн, түндү түн дебей, алда качан эле буктурма жолдор аркылуу, калмак чериктеринин аркасынан түшүп, аңдып-

тороп, жыла берди. Бири-биринин көзүн боегон аңдышуу, эки тарапка тең сезилбегендей туюлуп жатты. Капыстан жунгар черүүлөрү чек арадан көрүнө калганда, аларды эми гана байкагандай болуп «шашылыш чогултулган» кошун жунгарлардын алдынан чыкты. Даярдыгы жок колду заматта уйпалап, таш талканын чыгарууга ниеттенген калмактар жабыла чабуулга аттанышты. Көп колго туруштук берүүгө чамалары келбегендей Богдыхандын «даярдыгы жок» «аз колу» кетенчиктеп кача беришти. Бет маңдай келип, согушуудан «жалтаңдай качкандарды» артынан кууп жүрүп талкалоону самаган контайчы өзүнүн алданып калганын билгенче, аркы тараптан келген түмөн кол калмактардын азык-түлүктөрүн олжолоп, эки тараптагы буктурмага коюлган эки түмөн кол, эки тараптан каптап, маңдайдан түмөндөгөн кошун уюлгуй келип басып калды.

Кытайды басып алууга тымызын аттанган Галдан Бошокту өзүнө санаалаш неондору менен бирге курчоодо калды. Бир тарабынан Богдыхан Канси баш болуп, экинчи тарабынан жунгар-ойрот ханы аталган Суан Рабдан көп кошуну менен кысып, айласын кетирди. Алданып жарга кептелген жырткычтай кутулуп кетүүгө жол издеп тибеттик Далай Ламанын көмөгүн күттү. Курчоодо калып, өзүнүн алдатып алганына көзү жеткен Галдан, будуң-чаңга түшкөн кошун башчыларын тескей албай калды. Жана жан ноендору жандарына күч келгенде жунгарлардын жаңы ханынын кошуунуна кире качышты.

Кансинин негизги күчү душманын ороп, четтен кайсап кирди. Галдандын азык-түлүк, мал-мүлкүнөн ажырап калган көп колу жутка кабылып, алапайларын таба алышпады. Кол башкарган неондор тамаксыз ач калышып, контайчысына баш бербей, жан алекетке түшүшүп, баштарын аман алып калуунун аракетинде ар тарапка тыркырай качышты. Бардыгын көрүп-билип турган Галдандын жашоодон үмүтүүзүлүп, бал ичкен чөйчөгүнө уу куюп ичүүгө аргасыз болду.

* * *

Жуучу хандын уулу Батыйдын урпактарына алтын ордодон тартып Урал тоолору менен Иртиш, Сибирь хандыгы түгөл жана Жети-Сууга чейинки казак аймактары караган. Батыйдан Шыгай султан. Анын балдары Тобокел менен Эр Эшим бир тууган Орто Азия Чагатайдын урпактарынын энчисинде болуп, Ташкент,

Түркстан шаарлары менен Сайрам Эшим хандын карамагында болду. Чагатайдын урпактарынын бири-үргөнчтүн ханы Шариф Мухамеддин бийлигин тааныганы менен Эшим хандын уулу Тооке Чагатай хандарына баш ийбеди. Ал Жунгарлар менен өз бетинче салгылашып жүрүп каза болду. Анын мезгилинде калмактар казак өлкөсүнө каршы беш жолу согуш ачып, контайчы Суан Рабдандын жырткычтык чабуулуна туруштук беришти. Казак элин жунгар баскынчыларынан сактап калуунун түпкү жолу орус өлкөсүнө кошулуу деп ойлогон Тооке хан атасы Тобокел хандын оюн улады. Ал учурда жунгарлардын элинин саны казактарга караганда эки эсе көп болчу. Жунгарлар бир эле согушта казакка каршы он түмөн колун чыгарууга мүмкүнчүлүгү бар эле. Он түмөн кошун бир чамынса казак элин гана эмес Самаркан, Хивадан ары жайпап кетерин билген Тооке хан казак-кыргыз ынтымагына өзгөчө көңүл бөлүп, кыргыздарга караган Ташкен менен казактардын борбору аталган Түркстан шаарларын колдон чыгарбады.

Акылман хан каза болгон соң, казак өлкөсүндөгүүч чоң уруу-улуу жүз, орто жүз жана кичүү жүздүн ханы деп Тоокенин уулу Болотту жарыялашты. Хан атагын алганы менен Болоттун чаркы чамалуу эле. Үч уруу казак өз бет алдынча кетип, орто жүздү Самеке бийлеп, кичи жүздүн башында турган Абылкайыр Болоттон жүзүн тескери бурду. Улуу жүз казагынын ханымын деп Жолборс чыкты. Мындай ырксыздыктын акыры барып жунгарларга жем болорун билгендер кайрадан акылман Тоокенин уулу Кайыпты хан деп жарыялашты. Кайып хан казак калкы орус көзөмөлүнөөтөөрүн чечкиндүүлүк менен билдирди. Суан Рабдан казак өлкөсүнө кайрадан кол салып, бир түмөндөй калмак колуна Кайып хан моюн бербеди. Салгылашуу катуу болуп, эки тарап теңөлүм-житимге көп учурады.

* * *

Швед мамлекети үчүн жаңы колония түзүү максатында Сибирге атайын тапшырма менен шведдин географиялык коому тарабынан уюшулган «Бухольц» экспедициясы кен байлыктарды изилдеп жүрүшкөн. Суан Рабдандын ноену куралдуу колу менен экспедицияга кол салып, анын мүчөлөрүн туткундап алышты. Алардын ичинде колунан көп өнөр келген, ары билимдүү, ары аскер капитаны Ренат да бар эле. Ары билимдүү, көп ишке көзү жеткен офицер калмак контайчысына жагып калды.

-Сен аскер жетекчиси көрүнөсүң. Өз ыктыярың менен менин кызматымды кыла аласыңбы?-деди контайчы ага.

-Мен аскер адамымын. Сага кандай кызмат керек?-деди офицер кайра өзүнө.

-Сен өзүңдүн тартибиңди үйрөтөсүң.

-Ансыз да сенин адамдарыңда аскердик эреже сакталбасын байкадым.

-Менин жоокерлеримдин куралдары силерге жактыбы?

-Жок. Мылтыгы, замбиреги жок согуш, эч качан жеңиш алып келбейт.

-Биз алардын атын гана угабыз, өзүн көрө элекпиз.

-Аларды жасаса болот.

-Сен өзүңбү?-Контайчы сүйүнүп кетти.

-Сен мага кызмат кыл. Калмак кыздарын алып берем. Бай болосуң.

-Менин шериктерими өлтүрбөгүн. Бардыгы сага кызмат кылып беришет.

-Келе колуңду.

Экөө кол алышты. Ошол күндөн тартып Ренат шериктери менен ишке киришти. Устаканада темир эритип мылтык, чоюн замбиректерди, ок-дарыларды жасап көрсөттү. Европалык тартиптеги аскер эрежелерин үйрөттү. Аскерлердин кийимдерин алмаштырып, кармашууга ылайык кийимдерди тиктирди. Кездеме токууну, жүн иштетүүнү, тери бышырууну үйрөттү. Андан соң жунгарларга кийим үчүн кездеме токууну үйрөтө баштады. Мурда Чүй, Чоң-Кемин аймактарын кыштап жүрчү. Ары куралга ээ болуп, күчүнө кирген контайчы калмактардын көбүн Ысык-Көлдү көздөй көчүрдү. Калмактар Жети-Сууга жайгашып, Жети-Суудагы Ала-Тоону бойлой жана Балкашты көздөй дарыялардын баштарында Алтын Эмел менен Койбулдун аралыгында, Иленин түндүгүндөгү Көк-Тал менен Көк-Теректин аралыгында Кегендин түштүк жээгиндеги жана Чаарындын чыгыш тарабындагы Кетмен тоолорунун түндүк капталынын чыгыш аймагында кыштап жүрсө Чирин жана анын куймаларынын жогорку агымдарындагы түндүк жээктеринде Көк-Суу менен Ак-Суу аралыгында Карагатыга чейин, Талке ашуусунун түштүк чыгышындагы Кулжанын жанындагы кең аймакты ээлеп алышкан болчу. Ал тараптан жылып келип эми көл башындагы Түп, Жыргалаңдан өйдө көздө, Чарын Челек, Музарт, Каркыра, кегенди өзөнүн менчиги экенин жарыялады.

Суан Рабдан 1723-жылы алты түмөн кол алып, улуу жүз менен кичүү жүз урууларын таш-талкан кылыш үчүн алты түмөн колу менен согушка даярдана баштады. Кошундун башына контайчы өзүнүн эки ата өткөн тууганы, согуш ишине абдан маш Черен Дондокту дайындады. Анын конушу Лепсы менен Кара-Тал дарыясынын ортосунда тынбай машыгуу өткөрдү. Дондок неонго жардамчы кылып, өз уулу Шоно тайчыны кошту. Кийинки эки жарым түмөнгө жакшы көргөн уулу Галдан Сейренди башкартып, анын жардамчылыгына жакын тууганы Дондук Омбуну кошту.

Мыкты даярдыктан өткөн, куралдары шайма-шай кошун жырткычтык менен казак жерин басып кирди. Кызыл кыргын, кара сүргүндөн жаш балдар менен кемпир-чалдардын, бей күнөө адамдардын каны суудай акты. Калмактар мыкаачылыктан ашып түшкөн мыкаачылыкка барышты. Үч-Алматыдан төмөн Лепсы, Кара-Тал дарыяларынан тартып, күн батышты карай калмактар өрттөй каптап киришти. Эл таланып, эл кырылып жатты. Мал-жандыктары таланып, эл-журту түгөл кырылып, катын-кыздар зордукталып, ыксыз кордоого кабылган казактардын намысы ойгонду да, өлүмгө баш байлаган баатырлар жунгарларга каршы тик турушту. Колуна курал алган калк түп көтөрүлдү. Өрт алган кармаш токтобой көп черүү четтен жапырып киришти. Кол, курал жагынан тең келүү мүмкүн эмес эле. Кан сапырган кармаштан кордук көргөн казактар Кара-Тоодон ары Ала-Көл, Арал, Фергана, Анжиан, Самаркан, Хива, Бухарага чейин качууга аргасыз болушту. Калмактардын мыкаачылыгынан казактар толук талкаланып, ал тарыхта «Ак таман Шубырынды, Ала-Көл сулады» деген ат менен калды. Бул согушта казак калкы беш жүз миң адамынан ажырап, жерин таштап качууга аргасыз болушту. Калмактар Түркстанда казактарды жеңген соң, кыргыздар жайгашкан Ташкенди көздөй бет алышты. Суан Рабдандын колу Ташкендин күн чыгыш жагы менен Чаткал тараптагы тоо жакты тосту. Кармашта катуу жабыркаган кыргыздар эптеп аман калуу аракетинде, баш калка издешти.

Мыкаачылыгы менен даңаза болгон Суаң Рабдан 1727-жылы каза болду. Атасы өлөөрү менен анын уулу Галдан Сейрен өзүн контайчы деп жарыялады. Галданга караганда Суаң Рабдандын кичүү уулу Шонону ойроттор жакшы көрүшчү. Ал экөөнүн энелери башка болгондуктан, бири-бирине өч эле. Атасынын көзү тирүүсүндө чагымчыл Галдан иниси Шонону «Сизге уу берип, өлтүргөнү жүрөт» деп, ишендиргендиктен Суаң Рабдан аны

Ташкенден сырткары чыгарчу эмес. Суаң Рабдандын өлүмү калк ичинде шек туудурбай койгон жок. Контайчы тамак ичип отурган жерден кулап, тура албай көз жумган болчу. Галдан Сейрен кимдир бирөөлөр уу берди деп, күмөн санагандарды камакка ала баштады. Алардын ичинде Суаң Рабдандын токолу Шононун энеси Сетержап жана анын бойго жеткен үч кызы менен кошо кыйнап өлтүрдү. Ташкендеги Шонону өлтүрүп келүүгө көп кошун жиберди. Жамандыктын кабарын билген Лузан Шоно үй-бүлөсүн алып, Эдил боюна көчүп кеткен эле.

Атасынан да өткөн канкор Галдан Сейрен жыйырма жылга жакын кандуу бийлигин жүргүзүп 1745-жылы өлгөн соң хан такты талашка түштү. Хандын улуу баласы Лама Доржу атасы өлгөндө он тогуз жашта эле. Ал канызек (ойнош) катындан туулгандыктан Галдан Сейрен өз осуятында он үч жашар уулу Чеван Доржи Ажага калтырат. Ал 1749-жылга чейин Ажа хан деген ат менен Жунгарияга хандык кылат. Ажа хан өлтүрүлгөндөн кийин, анын ордуна Лама Доржи такка келет. Анын такка отурушуна көптөгөн ноендор менен жайсандар каршы чыгышып, «хандык бизге ылайык» дешип, Давачы менен Амурсана көтөрүлөт. Давачы Батур контайчынын түз тукумдарынан болсо, Амурсана Галдан Сейрендин кызынан төрөлгөн жээни болчу. Лама Доржинин хан болушуна контайчынын кызы Олоң байыр ого бетер каршы чыкты.

-Мен кайсы ноенго эрге тейсем, ошол хан болот,-деген жарлыгын элге айттырды. Ал ойротто жок сулуу кыз болгондуктан, аны алууга атактуу неондор көп эле. Олоң-байыр иниси Ажа хандын өчүн алыш үчүн:

-Кимде-ким Лама Доржини өлтүрүп келсе, ошого баш кошом,-деп талап койду.

Олоңбайырдын сулуулугун кошуп ырдабаган ойрот-кыргыз ичинде ырчылар аз болду. Өзгөчө аны Гүлгаакы деген ат менен кыргыз ырчылары ооздон-оозго улап, даң кылышты.

Эл оозунда айтылган уламыш, легендаларда элдин басып өткөн жолу, тарыхы, турмуш-тиричилик абалы, коомдук көз карашы кенен чагылдырылып, атадан балага жомок болуп, ыр түрүндө, же кара сөз менен айтылып келет. Дал ошол бай элдик-чыгармалардын ичинде элдик дастандар өзгөчө орунда турат. Ошондой аңыздардын бири «Гүлгаакы» чыгармасы. Ал эл арасында кара сөз, ыр түрүндө да «Гүлгаакы», «Шаа Машрап дубана» ж.б аттар менен элдин калың катмарына маалым болуп, ушул күнгө чейин айтылып келет.

Калмактар кыргыздарга кызыл кыргын салып, чилдей таратып, көптөгөн жерлерин ээлеп алышты. Жоокерчилик заман, бирде чабышып, бирде табышып, кээде жеңилсе, кээде жеңип, көп убакытка чейин тынымсыз согушуп, ар кимиси өз кызыкчылыгынын аракетинде болду.

Калмак ханынын Коңтаажы, Бакаманжы деген уулдары бар эле. Контаажы алтымыш алты жашка келгенге чейин перзенттүү болбой жүрүп, кыргыз аялы Айымдан кыздуу болот. Аны жети күнгө чейин ырымдап, эч кимге айтпай, көрсөтпөй, акыры сүйүнчүлөп чоң той берип, ат коюу аземин өткөрөт. Ошол учурда капылеттен бир карыя келип:

-Миң бир ооруга дары. Кышы-жайы гүлдөп турган «гаакы» деген гүл бар. Ошол гүл сыяктуу Гүлгаакы болсун деп, ат коет.

Гүлгаакы чоңоюп, суйкайган сулуу, акыл-эстүү кыз болот. Калмактын контаажысынын ашкан сулуу Гүлгаакы кызын Шаамашырап дубана жактырып калып, кызды өзүнөүйрөтүүүчүн жети жылы контаажынын төөсүн кайтарат.

Чыгарманын алгачкы башатынын окуясы уламыш катары айтылганы менен тарыхый адам аттарынын айланасында сөз жүрөт. Гүлгаакыга ашык болгон Шаамашрап дубананын ак уруп, кызга кайрылуусу, мусулман дининин актыгын, түпкүлүктүүлүгүн жайылтуу сыяктуу окуялар түзгөн.

Келме билип, Гүлгаакы,
Динге кирер бекенсиң.
Ар мураска жетерсин,
Кирбес болсоң диниме.
Тозоку болор бекенсиң,
Падыша кызы Гүлгаакы.
Пейил курган экенсиң,
Жалгыз алла болбосо,
Жаның кайдан жаралар.
Жаның кирип, үй кылган,
Теңин кайдан жаралар-деп ырдайт.

Бир күнү Гүлгаакы кырк нөкөрү менен сейилдеп жүргөндө, Шаамашырап кызга жолугуп, аны сүйүп жүргөнүн, мусулман дининин актыгын айтат.

Лайлаха иллалла,
Келмени бил, Гүлгаакым.
Жети жыл зар кылгын,
Бендени бил, Гүлгаакым.

Ашык болуп өзүңө,
Келгенди бил, Гүлгаакым.
Тирилмек бар бир күнү,
Өлгөндү бил, Гүлгаакым.
Эл жыйылып, көр казып,
Көмгөндү бил, Гүлгаакым.
Лайлаха иллалла
Билбейсиңби, Гүлгаакым.
Мухаммеддин динине
Кирбейсиңби, Гүлгаакым,
Кел кетели жаннатка,
Жүрбөйсүңбү, Гүлгаакым-дегени эл арасында айтылат. Комузчулар күүгө айландырышат. Элдик күү ушул күнгө чейин комузчулар тарабынан чертилип келет.

Көп убакыттан кийин кыз мусулман динине кирип, Шаамашрапка жубай болот.

Жети жылдык зарыңдан,
Жеткирди сага кудайым.
Шарияттан үйрөткүн,
Шаамашрап жубайым-деп, кыздын Шамашрапка кайрылышы менен окуя аяктайт.

Чыгарманын эл оозунда айтылган түрлөрү арбын. Айрым жыйноочулар, аны болумуш деп аташат. Бир айтымда Кыргызстандын Кара-Кыштак деген жеринде бийлик жүргүзүп турган контаажы деген калмак ханы болгон. Эки-үч жыл удаа элде жут болуп, мал кырылат. Контаажы:

-Кимде ким малымды аман асырап берсе, кызымды жана жарым хандыгымды берем-деп жар салат.

-Мен кайтарып берем-деп дубана Машрап убадасын берип, карышкырга койду, аюуга уйду, жолборско жылкыны, илбирске эчкини кайтартып коюп, өзү болсо жалаң аяк, жылаң баш дубаналык кылып, эл кыдырып кетет. Бир жыл өткөндөн кийин Коңтаажы малын эсептеп, эки эсе көбөйгөнүн көрөт. Убада боюнча Гүлгаакыны Дубанага берет. Машрап таманынын туурулган жерлерине эчкинин майын ысытып басып, каарып отурса, Гүлгаакы чечинип, маңдайына келет.

-Мен болсо эшик-эликте жүрүп, бутум жараланып, кесилип кетти. Бул үйдө отуруп, бул жерин эмне кестирип алды экен?-деп эчкинин майын Гүлгаакынын «кесилген жерине» басып коет.

Ошондон кийин Гүлгаакынын боюна бүтүп калат. Бала алты ай болгондо «ата» дейт. Жети ай болгондо «Ата нан жейм»-дейт.- Курсакта жатып «нан жейм» деген балага нан таап берем деп, кудайга күнөөкөр болот турбайынбы. Андан көрө качып кутулайын,- дейт.

-Сен уул төрөйсүң. Экөөбүз о дүйнөдө кезигебиз-деп Дубана Машрап үйүнөн чыгып жөнөйт.

Дагы бир айтымда Фергана өрөөнүндөөмүр сүргөн олуя Шаамашраб менен Гүлгаакы туурасында сөз болуп, Шаамашраб Намангандык тарыхый инсан катары мүнөздөлүп, ошондой эле тарыхта өмүр сүргөн белгилүү инсан Аппак кожонун шакирти деп берилет. Чыгарма Шаамашраптын төрөлүшүнөн башталып, ал энесинин ичинде кезинде эле жаман, жакшыны түшүнгөн олуя сымал бала экени баяндалат. Бала төрөлүп, акыл-эстүү болуп чоңоюп, Наманган шаарында медреседе окуйт. Билимин андан ары өркүндөтүүүчүн Кашкарга барат. Ал жерден сураштырып отуруп, Аппак кожо олуяны табат. Анын алдында көп жылдар окуп, билим алат. Аппак кожонун тапшырмасы боюнча Меккеге барып, «Олуя Шаамашрап» деген атакка ээ болот.

Шаамашрап бир жолу Балхтын падышасы Махмуд-хан берген палоону жебей:

-Мен эмес, менин итим дагы сен берген палоону жебейт-деп, падышанын тактысынын алдына даарат ушатат да, ошол жерде тургандарга кайрылып:

-Падыша  кол алдындагыларга, кандай мамиле кылса, мен ошого жооп бердим,-дейт.

Махмуд хан Машрабды соттоого буйрук берет.

-Мен өлгөндөн үч күндөн кийин, падыша да өлөт-дейт Шаамашраб.

Дарга аскана алып барышат. Ал баш кесерге өзүнүн устаты, акылчысы Сахиб-Кыран Кожо берген бычак менен гана өлтүрүүнүөтүнүп, чапанынын ичинде катып жүргөн бычагын берет. Өзү барып, жипке мойнун салат. Баш кесер келип, азирети Шаамашрабдын кекиртегине бычак урат.

Шаамашрабдын өлгөнүн угуп,  Махмуд хан катуу наараzы болуп:

-Тамашалап эле  «өлтүргүлө» деген элем,-дейт.

Буйрук берип жатып, көзүн кысканын кол алдындагылар этибарга албай калышат. Үч күндөн кийин падыша да өлөт. Балхтын жашоочулары аза кайгысына батышат. Машраб өлгөндөн

жети күндөн кийин, шаарга тогуз-дербиш календер келишет. Алар Шаамашраб өлдү деген кабарды угуп, дербиш-календарлар ачууланыщат.

-Эмне үчүн калп айтасыңар. Биз Шаамашрабды Герат чөлүндө кепинин көтөрүп, итин ээрчитип, Меккеге баратканын өз көзүбүз менен көрдүк,-дешет.

Муну уккан вазир Машрабдын мүрзөсүнө барып, мүрзөнүн кыбыла тарабы ачылып, ичи бош турганын көрөт.

Жогоруда айтылган Аппак кожо (Офак Хаджа) тарыхта жашаган адам. Ал Бабарахим Машраб менен замандаш. «Аппак кожо (өз аты Хидаятулла) 1681-1694-жылдардын аралыгында Кашкарды башкаруучу болуп турган. Шаамашрап самтыраган дубана кейпи, кир колу-буту менен ак уруп, хандын үйүнө уруксатсыз кирип баргандыгы үчүн башы кесилет. Жерде жаткан башын колтугуна кысып алып Меккени көздөй жөнөп кетет. Кесилген башын колуна алып, бир топко чейин өлбөй, кыймылдоо, басуу, сүйлөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон ыйыктардын образынын түпкү башаты тээ көөнө доордон башталат. Мындай айтымдар ислам, християн диндери жаралганга чейин эле болгон. Ислам дининин өкүлдөрү тарыхый инсандар: Гази-Мансур-Султан (татар), Самарканддык Куссам ибн Абас (өзбек, лакап аты Шахи-Зинда-(Живой Царь), Хорезмдик азиз шейх Нажим ад-дин Кубра (Суфий ордени Кубрабияны негиздөөчү) Шир Кевир-ата (түркмөн) Шамсидин Тебриз (түрк) жана акын Дивана-и Машраб туурасында легенда, уламыштарда аталган мусулман ыйыктарынын баштары ар түрдүү жагдайда, ар кандай жазыксыз күнөөлөр үчүн кесилет. Бардыгында ыйыктар кесилген баштарын көтөрүп алып, акыркы тилектерин аткарууга үлгүрүшөт.

Машрабдын ырлары да элдин муң-кайгысын, үмүт-тилегин чагылдырган жана түбөлүк тема болгон сүйүүгө арналган. Акындын коомдук-философиялык мазмундагы ырлары да өзгөчө орунда турат. Бабарахим Машрабдын өзбек гана эмес, тажик, казак, уйгур, татарлардын арасында да белгилүү. Анын поэзиясы-Чыгыштын улуу акындары-Алишер Наваи, Хафиз Ширази, Абдурахман Жами, Жалалидин Руминин чыгармаларынан таасир алып, элдик оозеки чыгармачылыктан сугарылган улуу поэзия. Ал жөнүндө буга чейин жарыяланып жүргөн чыгармалардын негизинен «Диван Машраб» деген кол жазмадан маалыматтар алынып жарыяланганы белгилүү.

Машрабдын өлүмү жөнүндө бардык тарыхый булактарда окшош маалыматтар айтылат. 1711-жылы Мусулман дининин өкүлдөрү тарабынан сунушталып, Балхтын башкаруучусу Аштарханиддер династиясынын тукуму Махмуд Катаган өлүм жазасына буйрук кылат да, аны дарга асып өлтүрүшөт. Шаамашрап тарыхта орду бар инсан. Өзбек элинин таланттуу классик-акыны Бабарахим Машраб (1657-жылы), (1640-жылы) Анжианда төрөлгөн. Анын өмүр жолунун алгачкы этабы туурасында маалыматтар бизге жетип, бала чагы Анжиан менен Наманганда өткөндүгү тарыхый булактарда белгиленген. Акын Орто Азия менен Жакынкы Чыгышты жөө аралап чыгат. Ага окшогон өз керт башын эркин алып, дербиш атка конуп, эл аралап жүрүп, өмүр сүргөн илим, адабият, искусствонун адамдары жөнүндө маалыматтар көп.

Тарыхый маалыматтар боюнча Бабархим мусулман динин өтө колдогон эмес. Бийлик ээлери, дин кызматкерлери менен көз карашы туура келбеген. Ал өлгөндөн кийин акындын чыгармаларынын түп нускалары жок кылынган. Бирок эл Машрабды жакшы көргөн. Анын ырларын жатка билген адамдар кагазга түшүрүп, нускаларын көбөйтүп, эл арасына жашыруун таратышкан. Акындын өмүрү жөнүндөгү чындык легендага айланып, элден-элге көчүп унутулбай сакталып калган. Мурда эл, жер кыдырып жүргөн кишини кандай экенине карабай, эле «дубана» деп коюшкан. «Машраб дубана» деген да анын дербиштик жашоосунан калган аңыз ат. Мына ушул тарыхый инсандын элдик чыгармадан орун алышына анын өмүр жолу туурасындагы толгон-токой уламыш, легенда аңыз-аңгемелер себеп болгон. Акын кыргыздар арасында болуп, кыргыз жеринде жүрүшү да, кыргыздын жерин жердеген калмак кызы Гүлгаакы менен Машраб дубананын окуясы кызыгууну туудурат.

* * *

Ала-Бука, Аксы аймактарында негизинен кыргыздардын сол канатын түзгөн басыз, кушчу, саруу, мундуз кытай урууларынан башка да, моңолдор, багыштар, чериктер жедигерлер, ичкиликтер топтору аралашып бирге жашашат. Ар бир айыл, өздөрүнчө топ-топ болуп, аймактарды ээлешкен. Алардын кыштоо, жайлоо, жаздоо, күздөөлөрү өз алдыларынча бөлөк. Кээ бир топтор, айрыкча жатакчылар аралашып бири-биринен бөлүнбөй көчүп-

конуп жүрө беришет. Жердин кенендигинен улам, көп дале жайыт талашып, чырдаша беришпейт. Сугат жерге, дыйканчылыкка байланыштуу гана ар бир топ, өз алдынча бөлүнө калышпаса, маараке, аш-тойлору, алыш-бериш, жаман-жакшылыктары бирдей. Элге коркунуч боло калганда, бир уруктай болуп канатташ кыштап, жайлап, жоодон чогуу коргонуп, душманга чогуу аттанып, ысык-суукту бирге тартышат. Бирок, адаттагыдай эле, ар бир уруунун өз алдынча бийлери бар. Ар бир уруу топтор колдорунан келишинче тандамал жигиттери менен өз айылдарын коргоп, өз урууларынын намысы –деп аттанышат.

Бирок, капсалаңдуу калба ага жол бербеди. Капылеттен жоо басып, ал уруу топтордун алына да, санына да, малына да карабады. Каршы турганын кыйратып, катын-балдарын ыйлатып, мал-мүлкүн талоон кылып, кыз-келинди күңдүккө, эркектана жигиттерин кулдукка тандап айдап кетишти. Колго түшкөндөр уруу топторуна карабай, эркеги кул, кыз-келини күң деп гана аталышат. Аны баштарынан өткөрүшкөн уруу топтор, эр азамат жигиттерди чыгарышып, кол топтой башташты. Чачырап, өз алдынча конгон малдуулар да, топко аралашышып, уруулук жик-бөлүнүү оозго алынбай калды. Ошентсе да, ар бир уруу топтордун жигиттерин тандамал жигит башылар, баатырлар жетектеди.

Чынжыр-буба жана Аламайдан аймактары бекеринен айтылбаса керек. Бул жер эчендеген кыргындын күбөсү болгондугун жер аттары айгинелеп турат. Аламайданда кырчылдашкан согуш, жан берип, кан төккөн кармаштар эчен жолу болгонбу, айланасында ат туягы басса, же жер казылып, топурагы антарылса эле, шагыраган сөөктөр, сайдын ташындай бадырайып чыга келет. Көп адамдардын өмүрү кыйылып, шейит-мазарга айланган аймак, кимдир бирөөлөр тарабынан тосмолонгону, жер менен жер боло жиги билинбей бараткан томдун изи турат. Көп кылым өтсө да, адам сөөктөрү чирибейби, саргарган сөөктөр кетилип, же курч буюм менен чабылып, кыйылгандай белгилерди байкоого болот. Аксакалдар бул жайлардын тарыхы менен кабардарбы, же машыккан жигиттердин алышканына ыңгайлуу, ортолук дешеби, аттарды суутуп, жигиттерди машыктырганга ушул жайларды тандап алышкан. Күн кур эмес Чынжыр бубада, Аламан майданда машыгуу өткөрүлөт. Аянттардын тегиз жана кеңири болгондугунанбы канчалаган атчан, жөө адамдар кенен батат. Көз салып тургандарга, тегиз аймакктын баары айкын көрүнөт.

Бүгүн да Ала майданда машыккан аттуу-жөөлөр толтура. Түнү менен ушул жерде болушканбы, же үлгүрүп келишкенби, таң атпай жеңил кийинишип, баштарын жоолук менен таңып алышкан жигиттер эки жаат боло кармашууда. Жалгыз ээр, жалаң токумчан чабандестер, аттарын чаап баратышып, ителгидей илбериңкилик менен зарыл куралдарды, керектүү шаймандарды көзгө илештирбей, жерден илип кетип жатышты. Заматта катарга тизилишип, он-ондон боло, бири-бирине ат коюшту. Алдын союлдарын алып «эр сайышка», найзаларын кезешсе, андан соң «кылыч чабышып», кайра эңише кетишип, чалма ыргытышып, сыйыртмакты шамдайгайлык менен тартып кетишет. Анча-мынча атка бош отургандар, топ эте жерге түшүп, чанда сүйрөлүп баратышты. «Машыгуу оюну» дешкени менен көбүнүн бети-башы көгөрүп, эти айрылып, чаңга буланып, кийимдери тытылганга баары кайыл.

Аттары да, өздөрү да, кара терге түшүшүп, чарчап-чаалыгуудан улам денелери титиреп, соолукташат. Канчалык «каршысына» алдырбастын аракетинде болушса да, сынаакы болгон жигиттер чабалдарын уйпалап, ого эле жүдөтүшөт. Мингич аттары да, ээлеринин ыгына көнүп, элпек бурулуп, тык токтоп, качса да, кууса да жан дилдери менен ээлеринин эркинен чыгышпайт. Машыгууда канчалык кыйынчылыктарды көп тартып, кыйналышса да, көптөгөн жоокердик ыктарга көнүп, өздөрүн коргоого, «душмандын айласын кетирип, тым-тыракайын чыгара чабуул коюуга» маш болушуп, көптөгөн согуштук эрежелерди үйрө нүүгө аракеттенип жатышты. Алдын алардын абалын көрүп, эчен кыйналып, эттери көгөргөнүн байкаган аксакалдар, этияттап кармашууну эскертишкен.

-Күч атасын таанybaйт. Майданда душман аяп коймок беле. Жан аяган жоокер, жоокер эмес-деп Бишкек ар бир жоокердин тыкан, сергек жана сарамжалдуу болуусун талап кылып, ортого сүрөт.

-Жигиттер, этияттангыла! Куралдын иши курал. Капыстан майып болуп калбагыла! Куралдын шарты бар. Кокустан учу тийип, бири-бириңди жарадар кылып аласыңар,-дешип, аксакалдар чыныгы курал ордуна, куу союл, өл таяк менен машыгуу өткөрүүнү айтышкан.

Ага Бишкек макулдук берсе да, майдандагы машыккан жигиттер ынашпады. Ар биринин «колдонгон куралдарына» белги салдырып, өз колдоруна берген. Жатса да, турса да алар

адашпай, бири-бириникине алмаштырбай, ала жүрүшөт. Куралын жоготуп, унутка калтыргандарды аео жок.

-Эр болсо коргонуп алышсын, же каршылашынын «куралын» тартып алышсын. Кадимки майдандагыдай кылыч менен чаап, найза менен сайып, чалма менен оодарып кете бермей дешкен.

Өз куралына маани бербей, унутка калтырып, же жоготкондор, куу келтекте калып, аябай эле жүдөп, экинчи куралдарын таштабас болушкан. Катуу талап, темирдей тартип көпчүлүк жигиттерди астейдил, жыйынтыктуу болууга үйрөттү. Мурдагыдай ээрге бошоң отуруп, ат тизгинин бош кое бергендер жок. Убакыт өткөн сайын, ары чапсаң, ары шамдагай, ары чабандес. Чуркап бараткан аттарына үзөңгү теппей минишип, үзөңгү боону кармап, аты менен тең жарышып, ээр үстүндө тура кала, же үзөңгүнү кармап аттын көкүрөгүнөн, же ичинен оңдон-солго өтүшүп, ого эле чебердиктерге ээ боло башташты. Бишкек көбүнчө аларга «шылк этме» менен иштөөгө көп маани берип, ага көнүктүрдү. Анын ыңгайлуулугу-ат салышышып, найза урууга, же кылыч, ай балта, чокмор шилтөөдө буямалары келбей калган чакта, шылк этмени колго алып, каалаган аралыкта, же жанында, бет маңдай, же эки-үч кулач ары болсо да «душманды» шылк этмени ылдамдык менен шилтеп, көк желкеге, же бет талаштыра уруп-жыгууга мүмкүнчүлүк бар эле.

Алдын жыгачтан куралдарды жасап үйрөтүп, уюлу катуу долоно, табылгы менен машыгууга көнүктүрдү. Чуркап бараткан ат үстүндө ылдамдык менен бет келгенин шилтеп, аны коргонууга үлгүрпөй, жалпайта чаап, же учуруп түшүргөн ыктарды үйрөттү. Күн сайын машыгуунун жыйынтыгы этегинде чагырылып, ар бир жоокерлердин ийкемдүү кыймыл-аракеттери байкоого алынды. Дасыкканына жана көнүгө албай жатканына баа берилди. Аракет артынан аракет болуп, ар бир болжогон жерге «шылк этмени» шилтеп, дал тийгизүүнү өздөштүрүштү. Андан да ыңгайлуу жолдору табылып, «шылк этмени» пайдалануунун жаңы эрежелери пайда боло берди. «Шылк этмени» шилтегенге көнүккөн жоокер ат үстүндө, же жерде туруп, он-он беш душманын заматта катардан чыгарууга кудурети жетерлиги үйрөнгөндөргө маалым боло берди. «Шылк этме» менен эле найзачан, кылыччан, чочморчон душманды жазгантып, баш көтөрүүгө үлгүртпөй, майданда талка-лоочу ыкка көнүгүштү.

Көрсө, жоокер ата-бубалар ар түрдүү ыктар, айла-амалдар менен душманын жазгантып, башын, денесин калкалоого аргасыз кылып, ийгиликтерге жетише алышканына «шылк этменин»

эрежесин үйрөнүп, өздөштүргөндөр ынанышты. Машыгууда алар чынжырлуу жыгачтарды гана пайдаланышса, чыныгы согушта, темир саптардын ортосуна чынжыр өткөрүлүп, шилтегенде бир-эки кулачка чейин жетип, дадил тийген жерин, же сөөктү талкалап кетерин, өз колдору менен жасап көнүгүштү. Кыргыз баласынын жоокердик камчысына, темирдин күкүмү кошо өрүлүп, анын учуна коргошун, же жез уютулат эмеспи. Ал мелжеген жерге чабылып тийгенде, денеден өтүп, сөөктү талкалай коет. Ал эми атайлап талуу жерге урганда, адам эмес, жырткычтарды да, экинчи тургус кылып, ажалын колуна берет.

* * *

Канатташ уруу топторунун жигиттери бардык учурда бир болушуп, Бишкек баатырдын айланысына топтолушкан. Күнүмдүк адатка айланган машыгуу эки топко бөлүндү. Бириси Чынжыр-Атада, экинчиси Аламайданда. Аларды Соломо уста менен Бишкек баатыр жетектейт. Күндүн нуру жерге тегиз чачыраган чакта, чыгыштан топ-топко бөлүнгөн атчандар, батыштан да ошончо атчандар бири-бирине карай ат коюушуп, чуруу-чуу түшүп калышты. Ат туяктарынан жер чаңып, баш-аягы оңор эмес. Ала майдан карсылдашкан кармашка жык толуп, күшүлдөгөн аттардын онтоосу, чамынып, энтиге өрөпкүй кыйкырып, бирин-бири кубаттаган жигиттердин чуусу чыгып, ат жалынан ооп түшкөндөрдүн, топуракка аралаша сүйрөлгөндөрдүн, караандары анык байкалды. Чай кайнамга жетпеген убак аралыгында биринчи топ, экинчи топту сүрүп, ат үстүнөн торойто чаап, караандарын суюлта койду. Бул жалаң кара келтек, куу союлчандардын кармашы эле.

Аламайдандагы көтөрүлгөн чаң суюлуп, чаалыккан жигиттер чарчаган аттарын четтете бастырып чыга беришкенде, кийинки топ караандар эки тараптан аттарын теминише, бири-бирине бет келишип чабуул коюп, чамынып жөнөштү. Жапырык салган эки тарап, алыстан бири-бирине чалма ыргытышып, кылыч чабышышып, айкашып жатышты. Бети-баштары көгөрүп, мурундары канаганга карашпай, чай кайнамдан ашык таймашышты. Ортодо жүргөн атчандардын белги бериши менен тең тайлашкан эки топ тең четке чыга беришти.

Майданга найзакерлер чыгышып, бир бирден бири-бирине ат коюшуп шукшуурулган найза мээленип, көздөр-көзгө кадала, куу бакандар карс-карс сынып жатты. Ээр үстүнөн эңшериле жыгылган

эрлер, мүргүп, чалынган аттардын караандары көбөйдү. Көкүрөк, денелерине калың токум, кийиз оронушкан эр азаматтар, түрдүү илелерге салышып, куу жыгач менен сайышып, ат үстүндө карсылдата чабышышып, кээде алышышып, үйрөнгөн ыктарын пайдаланышып, өздөрүн коргошту. Тасыган, илелүүлөр ат үстүнөн алдырышкан жок. Найзакерлер улам тандалып, жеңгендер улам бөлүнө белгилүү боло баштады. Чарчаган аттарды, чаалыккан жигиттерди тыныктырышып, эр эңиш, эр оодарыш таймаштары өткөрүлдү. Аттар да, ат үстүндөгү азаматтар да кара терге түшүшүп, аянттын үстүнө буу көтөрүлдү. Кеч ала көлөкө түшүп, күндүн табы кайта береде чаалыккан жигиттер аксакалдар турган жайга келишишип аттарынан оонай түшүп жатышты. Эртеңки таймаш элан кылынып:

-Жаа тартуу, мылтык атуу, тыйын эңмей, ат үстүндө алышуу, ат менен кошо жарышуу, эр алыш оюндары, Чынжыр-Ата аянтында өткөрүлөт. Калыс болуучулар, тамаша кылуучулар эртелеп баргыла,-дешти.

Жоо жакадан, бөрү этектен алып турган чакта чарчап-чалыгууну эч кими эсине алышкан жок. Кечке ат майданда тердеп-кургап, чаң болгон жигиттер жуунганы Чанач-Сайдын этегиндеги шар сууну көздөй жапырт жөнөштү.

Эртеси күн чыкпай жатып, Чынжыр-Атага агылгандардын караандары калыңдай берди. Аянтка чыккан жоокерлердин барында жаа, саадак, кылыч. Эки жигит көк тал союлга ашталган «каракчыны» бута атым аралыкка орнотушту. Мелдешти баштоого калыстар белги беришти. Жоокерлер биринин артынан экинчилери, жуп болуп келишип, ок чыгарып жатышты. Андан соң дарак учундай бийикке жамбы илишип, атты чаап баратып жебе аткандар сыналды. Жаа тартуу мелдешинен соң, ат менен кошо жарышуу, эр алыш сынактары өткөрүлдү. Ар бир оюндун башында Соломо менен Бишкектин өнөргө маштыгы көрүнүп, андан кийинкилер алардан үйрөнгөн эрежелерди так аткарууга аракеттенип жатышты. Күндө тарткан кыйынчылык, жоо менен кармашууга болгон даярдык. Бул сынак ар бир он күндө бирден өткөрүлүп, жоокерлердин дасыккандары бааланып, тапшырманы аткара албагандарды кайра машыктыруу адат эле.

Ага чейин ар бир айылда ондон жигит жана алардын жетекчиси кылыч чапканды, найза сайганды, жаа тартканды, «шылк этме» менен урганды мыкты билгендер менен машыгуу өткөрүшкөн. Кандуу чабыштарга катышып, майданда сыналган

улуу муундагы, орто жаштардагы адамдар «оюн башы» аталчу. Алардын милдети ар айылдын жигиттерин «жоокердик өнөргө» үйрөтүп, дасыктыруу болчу. Жоокерлердин тамак-ашы, ат-улоо, жарак-жабдыктарын, кийим-кече, куралдарын айыл башчылары аталган уруу топторунун жетекчилери тарабынан камдап берүүлөрүн эл өздөрү талап кылышкан.

Күн өткөн сайын он-ондон топко бөлүп, курал пайдаланууну, өзүн коргоону, ат үстүндө алышып, жерде таймашуунун түрдүү ыктары үйрөтүлдү. Дасыккандарын жаңыдан келгендерге башчы коюшту. Күн сайын машыгуунун жыйынтыгы чыгарылып, ар бири сынактан өткөрүлдү. Тапшырмаларды так аткаргандар өзүнчө топторго бөлүнүп, Чынжыр буба аянтындагылар, Ала майдандагыларга алмаштырылып, үйрөтүү окуусу үзгүлтүксүз өткөрүлө берди. Бекем тартипте, ар биринен катуу талап болгондуктан жаш жигиттер убакыт өткөн сайын тапталган аттардай сууп, ары шамдагай, ары чапчаң тарта башташты. Таңдан-кечке жөөсү бир бөлөк, атчаны бир бөлөк, алыш-күрөш менен алек болгондор кылыч союл шилтешип чабылган куралдардан көзгө илешпей, буйтап, жазгырынган ыктарды үйрөнүштү. Чуркап бараткан атка минип, кайра секирип түшкөн чапчаңдыкка көнүгүштү.

Согуш өнөрү ары татаал, ары оор болгондуктан денелери бош жигиттер эчен күйүгүшүп, кара терге чөмүлүштү. Кеч киргенде буту-колдорун тарта алышпай шалдырашты. Шымынан башка кийимдерин чечинишип, чаң-кир болгондоруна карабай, майдаланган топурак үстүндө алышып, күрөшүшүп, кечинде гана муздак сууга чайынышкандыктан бош денелер чыңалып, анча-мынча таяк, муш тийип, кесек-ташка жыгылгандарын тоготпой калышты.

Бишкектин машыгып жаткандарга койгон талабына, эч бири моюн толгободу. Анын айтканын так аткаруу милдетибиз деп сезишти.

-Эти ооруп, жан ачынганда, чын дилден аракет болот. Болбосо, ага чейин өзүн-өзү аяп, убакыттан уткурат. Майдан талаада ар бир жигит өзүн жоокер сезсин. Шеригинен келтек жеп, эти-башы көгөрбөстүн аракетинде алышсын, чабышсын жеңилбесин. Алсызга, жалкоого, жаны ширинге аео жок. Себеби жоо аны аябайт. Жоону өлтүрбөсө, өзү өлүм табат. Аны ар бири билсин,-деп, Бишкек жигит башыларына күн сайын эскертип турду.

Кеч ортодогу от боюнда отургандарга карыялар жомок айтып жобурап, санжыраны сапка тизип, ата-бабалардан берки улуу эрдиктерди, туулган жердин асылдыгын, элди-жерди коргоо сыймык экендигин, баатырдын ысмы даңазаланып, эрдиги өчпөстүгүн даңктап, өткөн мезгилдин, таржымал-тарыхын баяндашат. Алардын сезиминде:

-Жаштар билишсин. Сезишсин. Эл-жердин кадыр-баркын баалашсын деген терең ой-мүдөө бардыгын туюнууга болот. Ошол күндөрдөгү «Соломонун дүкөнү», «Соломонун тандыр, очогу», «Соломонун тегирмени, көпүрөсү»-деген аталыштар кийинки күндөргө  айтылып калды.

* * *

Эгин баш алып, мал жандык эттенип калган. Топ-топко бөлүнгөн калмак кошуну биринин караанынан бири алыстабай өр тартып келе жатышты. Бул да болсо шведдик капитан Ренаттын Европалык тартипте үйрөткөн аскердик жүрүш эле. Ага чейин калмак колу тайчы, ноен, жайсаңдардан кийин, жабыла чачылып жолго аттанышчу. Бүгүнкү топ-топ болуп, куйрук улаш жүрүштүн мааниси кокустук болуп, коркунучка кабылганда, заматта кошундагылардын бардыгы кабардар болууга шарттар түзүлгөн. Андан да, ар бир топтун арасында тартип сакталып, баш-аламандык болбой топ башчылар үчүн аскерлерин башкаруу, жоктоо, тапшырма берүүгө да ыңгайлуу болчу Эң негизгиси аскерлердин кызмат даражасына карай баалоо, мыкты жоокерлерди урматтоого болгон камкордук, баарын сыймыктандырып, көңүлдөрүн көтөрүүгө болгон аракет эле. Мындай жүрүштө эң алдында эр жүрөктөр жана аскердик эрежелердин толук өздөштүрүп, тартипти так сактагандар гана баштайт. Аскердик жүрүштө ноен, жайсаңдар ээлеген катарлары менен мактанышат. Ага швед офицери Ренат үйрөткөн. Аскерлер жана алардын жетекчилери да ошого ылайык кийинишип, ким кандай бөлүктө кызмат кылары башкаларга айкын билинип турат. Калмак кошуну багыттап бараткан тарапта ак карлуу тоолор мелтирейт. Андан төмөн жашыл ыраңдуу тоо-талаалар абасынын тазалыгы, жеринин кооздугу менен  басып алуучуларды суктандырды. Кантсе да, белгисиз сыры менен бөтөн жер аларды коопсуздандырды.

Күнөөсүз элди чапканы келе жаткан жоонун кабары эчак эле элге жеткен. Эчкилүүнүн тоосундагы Нообайдын бели, Кароол Чокулардын Аксы, Ала-Бука аймагына түгөл көрүнөт. Андагы жагылган оттун түтүнүнөн улам жамандыктын кабарын баары билген. Туш-тушка кабар берилип, кошун жыйылып жатты. Кокту-колот аркылуу чубала келип жаткандарды Мазар-Дөбөгө топтолууга кабар берилген. Согуш алааматын сезген көпчүлүк нестейишип, катын-бала ыйлап, жоого аттангандарды узатып жатышты. Кара-Чокудан алынып келинген таштар эритилип, Күйгүмөдө темир алынат. Терек-Сай суусу менен Күйгүмөнүн суусу кошулган кысыкка Соломон көпүрө салган (Ал жер азыр да Соломонун көпүрөсү аталат). Ал жерде Соломон аскерлерге нан жаптырып бергендиктен «Наабайдын бели» аталып келе жатат. Дөөтүканада темир узанган усталардын жаны тынбайт. Курал-жарагын камдап, кийимдери ырасталган жигиттер тынбай машыгууну уланта беришти. Көптөн бери машыгуу жүрүп жаткандан улам, Соломонун дөөтү канасынын жанында, элден келген малдар союлуп, тай казандарда эт кайнап, дандырларда нан бышырылып, арпа, буудай куурулуп, ар ким өз милдетин аткарып, жандары тынбады. Мындай топтошуп аракеттенүүдө Соломо өзү башында туруп, жигиттерге шыгына жараша иш аткарууну үйрөткөн. Өзү ыңгайга ылайык, жер тандырларды куруп, жаш жигиттерге нан жапканды, дан куурганды, эт кургатып, майдалоону, союлган малдын терилеринен ат жабдыктарын, кийиз басып токум жасоону, жазы ийлеп, бышырууну, андан куюшкан, тигип,көмөлдүрүк, камчы, жүгөн өрүүнү, кайыш чокой, маасы жасоого ага ылайыктап ийлөөгө көнүктүргөн. Ар бирине көрсөтүп берген. Аны жигиттер четтен аткара алышат. Гүлазык камдашып, ар бир жоокердин жан баштыгына бөлүп даярдашты.

Гүл азык жасоодо көбүн эсе жылкынын этин эзилте бышыртып, кайра как кыла кургаттырды. Арпа, буудай, жүгөрү, таруу, конок деги эле данды күнгө как кургаттырып, казанга кууруттурду. Этти өзүнчө, данды өзүнчө, кургатылган сүзмөнү, же курутту жаргылчакка, же тегирменге майда тарттырып, жылкынын зардаби-на, же кара малдын ич майларынын эритиндилерине маштаттыр-ды. Бардыгын күнгө жайдырып, кургаган соң ал жыттанбайт, көгөрбөйт, ачыбайт дагы. Ар бир жан баштыктарга, чаначтарга салдырып даярдайт да, жоокерге тегиз таркатып бергизет. Кай жерде болбосун, карды ачкан жоокер бир чеңгел «тытманы» суу куюлган жан аякка салып, маштап ичип алса,

керээлден кечке карды ачпай, ток жүрө берет. Ал аралашма «Соломонун гүл азыгы» аталып, кийинкилерге чейин калып кетти.

Соломо менен Бишкек Терек-Сайдагы Жал-Камышка очок жасашып, Орто-Токойдон арча жыгачтардын кыйып келишип, таштарды эритишип, темир алышкан. Көк-Таш, Сокур-Көздүн, Абалдын-Сайында темирдин уютулган эритиндилери азыркы күнгө чейин чачылып жатат. Аны жергиликтүүлөр «темирдин богу» аташкан. «Соломонун кароол дөбөсү», «Соломонун дөөтү канасы», «Соломонун көпүрөсү» ошол кездеги тарыхтын күбөсү!

Тоо ичине тереңдеген сайын, көптүгүнө ишенген кол саксынып, коопсузданды. Кокту-колот жиреп, капчыгайларда ашууда азыр болушуп, бөлүндү болуп келе беришти. Не болсо да тоо ичи алар үчүн капкан. Тар капчыгайлар жергиликтүүлөр үчүн өтө ыктуу. Ал үчүн эрте барып мерчемдүү жайларды ээлеп, шек алдырбаш керек. Бишкек согушуунун айла-амалдарын издеп, ойлогон оюн, эч кимге билдире элек. Колду бөлүндү кылса, күч чачырайт. Же капчыгайларга жеткирбей өрөөндө тоссо кандай болоор эле? Кандай болгондо да, өз жер, жергиликтүүлөр үчүн ыңгайлуу. Жоону тоо ичине кирүүдөн чочутуу керек?

Бишкек жигит башчыларын чогултуп, өз оюн ортого салды.

-Биз жоонун каптап келишин күтпөй, алдынан тосушубуз керек. Алар кокту-колот, капчыгайларга кирбей, жайык менен келишет. Жоо Кара-Сеңирдин алкымына келе бергенде, кол салабыз. Жоонун колу көп. Аламан коюп согушсак алдырып коебуз. Биринчи эле беттешкенде демилгени колго алууга аракеттенишибиз керек. Ал үчүн качырткы салып, эки тарапка буктурма коюп, уруш кылалы.

-Биз ойлогонду алар эчак эле болжоп коюшса керек?-деди жигит баш Назар.

-Ооба. Алар да алдатышпайт. Бирок, биз аларды мүмкүн болушунча жеңе албасак да, алсыратышыбыз керек.

-Бишкек, биз жеңишти ойлошубуз зарыл-деп кыйкырды Мамбет.

-Туура. Максатыбыз жеңиш. Бирок, алар көптүгүнө салышат. Бир кармаш менен согуш бүтүп калбайт. Улам күнү-түнү тынчтык бербей, алсыратсак ийгилик бизге жол ачат.

-Бишкек туура айтат. Жерибиздин ой-чуңкуру аларга тааныш эмес. Коолордогу корум таштар, карагай-черлүү жерлер бизге жардамчы-деди моңолдордун башчысы Топор.

-Биз Кескен-Жарды пайдаланбайлыбы?-деди саруулардын жигит башчысы Медер.

-Кескен-Жардын айланасы өтө эле тегиз. Биз үчүн ал жер ыңгайсыз болуп калат,-деп багыштардын жигит башчысы Эсен бакылдады.

-Сен менин айтканымы түшүнгүн досум-деди Медер ага кайрылып. Кескен-Жардын аркы тарабынан тосуп, кармаш кызып баратканда качырткы салабыз. Алар сүрүлүп кууп келишип, Кескен-Жарды байкабай күү менен капталышат. Ички эки тарабындагы буктурмада тургандар, күү менен келип, ат оозун тарта албай учуп түшкөндөрдү баш көтөртүшпөйт.

-Медердин оюна кошулам. Анда, колду төрткө бөлөбүз. Эки кол буктурмада. Бир кол бетме-бет кармашат. Төртүнчү кол качан гана чарчап-чаалыгып баратканда жардамга келет-деди Бишкек.

Кескен-Жардын шарты бардыгына дайын эле. Түз жердин ортосундагы кең аң, өтө терең. Кең жылгадан келген сел үңүп, бийик туурасы аркан бою келет. Ал алыстан түз көрүнүп, жар билинбейт. Коктунун ичи кенен булуңдуу, караган-черге жыш. Аны аралап өткөндө Жарбаң-Чат бар. Аны көрбөгөндөр байкай албайт. Анын ичи да, бир топ куюлма шагылдуу келип, жолу тик. Жан-жака бели коо.

-Бетме-бет кармашканга кимдин колу барат?-деген суроо турду.

Бишкек мындайда тим тура албайт эле. Колду баштап жүрүп, «Сен бар!» деп айтышы осол болмок. Ал шашыла:

-Алдыңкы кармашка мен чыгам-деп озунду. Эсен менен Топор буктурманы ээлейсиңер. Медердин колу бекинип, жоого билинбей аркадан кол салсын!

-Эми ага чейинки жоону тосконду кеңешели. Биринчи эле кармашта колду чыгым кылбас үчүн качып, буйтап согушалы. Жоону жазгырууда менин буйругумсуз эч ким, эч жакка жылбайт. Чегинүү менин көзөмөлүмдө болот. Жеңилүүнү ойлобостон, намысты ойлойлу. Аркабызда эл бар. Үй-бүлө, тууган-урук бизге ишенип, күтүп отурушат. Бишкек эскертпегенде да, жоокерлердин көбү кайра тартпас эр азаматтар, ар бири өлүмгө баштарын байлап, жоого аттанышкан эле.

Калмактардын калың колу сасык тумандай каптап, жылып келатты. Жоонун тике маңдайынан чыккан кыргыз колу жаа тартууга жеткизбей, айрыла кетип, толгоого алууга ат коюшту. Качырып киргендер аралашып, таймаш улам күчөдү. Улам тийип,

качып кыргын салып, жүдөтүштү. Эки тараптан тең кыргын көп болуп, жеңишке жетише алышпады. Качырткы салган кыргыз колу калмактарга согушка даап кире албай, тайсалдап жаткандай сезилди. Алар кошундун ыргагын бузбай, кыргыздардын артынан кууп бараткандай көрүнсө да, жакындап барып кол сала алышкан жок. Түн кирип, эки тарап тең бөлүнө кетенчиктешти. Калмактар алоолонто от жагышып, кабаттай кайгуул коюшуп, таң аткыча сак турушту. Кыргыздар тараптан жылт эткен оттун караанын көзгө чалдыкпады. Чарчаган жоокерлер, улоолорун эс алдырышып, тамак ичишкен соң, уйкуга киришти. Бишкек түнкү көзөмөлдү өз колуна алып, ар бир топту кыдырып жүрдү. Анын оюу эртеңки кармашта кандай ыктарды пайдаланып, жоо колун жазгырып, өз колун аман сактоо эле.

-Жоокерлер элдин жүрөгү, аларды бир-эки күндө эле кырдырып алсак, элдин шоруна калабыз. Кескен-Жарга барганда бир тагдырды сынап көрсөк, ага чейин ит урушка салып, качып коюп жүрө берели деген ойду бышыктады.

Түн оогон мезгилде шек билдирбеген жерчилдер, жоо колунун четине келип, кол салып, ат көөлүктөрүн айдай качып, бир топ жүдөтүштү. Бирин-бири пайлаган каршылаштар, кийинки күнү да бири качкан, экинчиси кууган болуп, кармаш ого эле кызыган жок. Айыгышкан, аңдышкан кармаш, канчага созулары белгисиз. Бишкек өзүнүн колундагыларды шердентиш үчүн калмактардын ноену менен жекеме-жекеге чыгарын айтып, моңол тобунун кол башчысы Топорду калмактарга жиберди.

Чубалжыган калмак колун те бийиктеги карагай-чердин ичинде буктурмада жаткан Медер кунт кое байкоого алды. Качан гана Бишкектен белги болгондо, калмактардын артынан чабуул коюуга даяр эле. Жоо сүрүлө алдыга жылып баратты. Артына кайрыла аргымагын бурган Топор, атырылта чапкан боюнча сүрүлүп келе жаткан калмактардын алдынан тосту.

-Биздин баатырыбыз силердин ноенуңар менен жекеме-жеке чыгууну билдирди-деп, мени жиберди. Топор эң алдыңкы душмандын туу көтөргөн тобуна жете берип кайрылды.

Калмактар топтошо калышып, кыргыздардын сунушун талкуулашты окшойт. Араларынан бирөө чыгып Топорго;

-Биз ноендордон эмес, баатырлардан чыгарабыз.

-Жок биздин баатырыбыз колдун башчысы. Силер да кол башчылардын чыгарууну талап кылабыз!

Калмактар кайра чогулуп, ат үстүндө маслатты бышыкташтыбы:

-Кол башчыңардын аты ким?-деп сурады Топорго окшоп, ортомчу болгон бирөөсү, ат үстүнөн кыйкырып.

-Бишкек баатыр.

-Бизден Омбо баатыр чыгат.

Эки элде тең согуштук эрежеде жекеме-жекеге бийлик даражасына жараша баатырлар эрөөлгө чыгат. Хан хан менен, кол башчы кол башчы менен гана чыгышы керек. Жөнөкөй жоокер хан менен же ноен, жайсаңдар менен беттешүүгө болбойт. Эгер ханга хан эрөөлгө чыкпай койсо, ал өтө арсыздык, корkконго барабар. Эрөөл делгенден кийин сөзсүз ага чиндик жана кызматтык даража боюнча барабар баатыр чыгып, жооп бериши шарт. Эрөөлгө чыккандан баш тартуу, ал өлүмгө барабар.

Ат ойнотуп чыккан эки баатыр ортолукка келишти. Эки тарап бетме-бет болуп турушту. Омбо алыстап сыр найзасын шукшурултуп качырып кирди. Бишкектин колунда долонодон жасалган куу союл. Сыр найза көкүрөгүнө кадаларында, башын аттын сол тарабына ката коюп, сыр найзаны союлу менен кагып жибергенде Омбонун найзасы колунан ыргып кетти. Ал шашыла жанындагы кылычын сууруй береринде, Бишкек союлун ыргытып жиберип, бош колу менен алдыга чыга келди. Аны көргөн Омбо да сууруп бараткан кылычын кынына кайра сала, бош колунун чеңгелдерин барбайта умтулду. Эки баатыр аттарын теминише, жанаша келишип, бирин-бири акмалап, тирешти. Бишкектин аты эңишке көп минилип, үйрөнүп калганбы, Омбонун атынын кетенчиктегенине карабай жанаша кала, омуроолоду. Эки баатыр чап билектен алыша, тартыша кетишти. Экөөнүн күчүнөн улам, аттар алга сүйрөп кетүүнүн аракетинде таталай умтулушту. Экөө ат мойнуна жата кала, күч менен тартышып жатышты. Ээр үстүнө кадап койгондой, экөө тең колдорун кыса, чиреништи.

Эки тарап тең уу-чуу боло кыйкырып жатышты. Экөө тең алдырбастын аракетинде, тарамыштай татайышып, колдорун капшыра кармашат. Бишкек кубаттуу салаалары менен ноендун колдорун кыса кармап:

-Колуман чыгарбай, ээр үстүнөн үзүп кетишим керек. Менин жеңишим, шериктеримди кайраттандырат. Мен муну алсам эле ийгилик бизди коштойт-деп ойлоно, Омбонун колун кычкачтай кысат.

Үстүндөгү үзүшө албагандардын күчүнөн улам аттардын шайы кетип, денелери титирей баштады. Улам жерди ое чапчып, тизелей тарткан Бишкектин торусунун жаалы келдиби, Омбонун

атын соорусунан карсылдата тиштеди. Жаны ачышкан калмактын аты чычаңдап, бирде тепкилей, кача баштады. Атынын сырын жакшы билген Бишкек бутунун учу менен тиштек торуну белги бере укуп коюп, Омбонун колун ээр кашка басуунун аракетинде болду. Катуу кысылгандан кан жүрбөй калган колдор талып, карышып баратты. Тиштек тору Омбонун атынын чычаңына мойнун арта салып, тумшугу менен анын ээсинин жонунан басканда ал өбөктөй түштү. Бишкек өзүнө тарта булкуп кармаганда, ноен эңкейе түшүп дал келе калды. Чапчаңдык менен анын колун оңдой кармап, өбөктөгөн Омбонунун колун ээр кашка басканда, ал колун ажыратуунун аракетинде, манжаларын бошото берди. Бир колу бошогон Бишкек калмактын кежигесинен кычкачтай кармап, ээр-кашка басып, ныгырды. Жан талпастык менен берки колун да кое берген калмак аба чапчып, каршылашынын денесин чапчылагыча болбой, Бишкек анын мойнун бир тарапка бурай, толгоп койду. Калмактын денеси сунала барып, жерге чабыла жыгылды.

Каршылаш эки тарап, чуру-чуу болуп калды. Бишкек тору кашкасын темине кыргыздар тарапка чү көйду. Эрөөлдүн шарты боюнча эрөөлчүсү жеңилген тарап экинчисин чыгарып, же урушту бир азга чейин токтотуп, анан эрөөлдү кайра башташчу. Калмактар ал шартты кармашкан жок. Шарт эле ыкыс бере, ат коюшту. Каптап келе жаткандарга кыргыздар жаа огун жаадырыша, кетенчиктешти. Калмактар жаа оогуна моюн беришпей, аламанга салышып, аттарын ылдамдата жабыла чаап жөнөштү. Кыргыздар качкан болушуп, Кескен-Жарга сүрүлүштү. Жардагы белгиленген жол менен суюла түшүшүп, шоп-шоп эте, жардын экинчи кырына чыга келишти. Көп аттын туягынан үбөлөнгөн жардын топурагы чаңып, Кескен-Жарды каптады. Мына ушул кезде коюу чаңды аңдабай жалпы ат койгон беш-алты миңдей калмак сүрдүгө келишип, биринин үстүнө бири типтик аңга кулап, ого бетер жардын чаңы көтөрүлдү. Эң арткы буктурмадагы карагай-черде бекинип калган Медерге белги берилди. Карагай-чер ичинде билинбей жаткан анын колу бийиктен шукшуурула келип, улам сүрүлө ат салып жаткан жоону аркадан каптады. Аң ичинде бири-бирин тебелеп, кулаган аттардын алдында калышып, кээлери куралдарына урунушуп, баш аламан тополоң тебелендиден колот ичинде душман өлүгү жайнады. Анан калгандарын, эки тараптагы буктурмадагылар жете келип, чаап жатышты.

Эки-үч тараптан орой чапкандардан улам, алдастаган калмактардын аман калгандары Кескен-Жардын экинчи тарабын

көздөй ат коюшту. Ал жерде турган Бишкектин колу менен бетме-бет келе аралашып, былчылдаша курал чаап, урушуп киришти. Жалаң курчоодо калган калмактар эптеп ортолуктан бошонуп чыгып кетүү аракетинде, алдастай качып, ит урушка киришишти. Бир тарапка сүрүлө качкан жоонун аркасынан калбай кубалап бараткан Бишкектин колу жандай чаап, алдыга өтүүнүн аракетинде болушту. Калмактар алдыдагы көрүнгөн дөбөгө шыкала беришкенде Бишкек жан жигиттери менен жете келип, короодогу койго тийген карышкырдай аралаша кетишти. Калмактар аярлай калышып саны аз көрүнгөн кыргыздарды ортого ала, орой чаап, карып салуунун аракетинде, бири-бирине белги бере, бир тарапка сүрө башташканда, Бишкек калмактардын туусунун алдына келип калган эле.

Кыргыздар сээлдегенине карабай топко бириндеп ат коюшту. Душман туу башынын эстерине албай, арка тарапка бөлүнө чаап келгендерди тосуунун аракетинде болушту. Алардын арасы суюла калганда Бишкек туу кармаган топко жетип, улам кезиккенине кылыч шилтеп, шамдагайлык менен илгерилей берди. Өлөр-тирилерине карабай чамынган Бишкекти кайтарууга алган жигиттери, аны коргоп да, согушуп да жүрүштү. Улам жакындап, каршы-терши кылыч шилтеп жаткан баатырдан туу кармаганы кача берeринде, жете келген Бишкек курч кылычын анын кежигесине шилтей кетти. Туу жыгылды. Аңгыча арттан келгендер, аз колду оромок болуп жаткандарды бириндете ортого алышканда, аман калгандары майданды таштай качып жөнөштү. Туу жыккан Бишкек ат ойното дөңгө чыгып шериктерине кол булгады. Калмактардын жарымынан көбү келген жактарына кайтпай калышты.

* * *

Ак жамынган адырды аралай кош атчан черүү күтүрөтө кар жиреп, илгерилеп келе жатышты. Алыстан байкагандарга баш-аякка созулган көп атчандардын карааны чубалжып, аркасы билинбей, алды тарабы айкын көрүнөт. Бирок, аларды айкындап, аңдаган эч ким жок. Жол тартып бараткан аймактын бийлеп-тескөөчүлөрү бизбиз дегендей, кош атчан черүү коркунуч бар экенин эске алышпагандай. Кээде катардан чыга калышып, кар сапыра аттарын аркы-терки чабышып, кээлери тартыша да кетишет. Кээлери карсылдата кылыч чабышкан болушуп, найза сунгандарга калкандарын тосушуп, ээн жердин бөрүсүндөй

кубалашып аскер оюндары менен алектенишет. Адырма-адыр ашып, бирде чачыла кетишип, бирде топтошо, тоо ичин тепчий, сүңгүп баратышты. Чериктердин алдында кеткен кайгуул-күзөтчүлөр биринен-бири улай жол кезишип, алды тарап коопсуз экенин билдиришип, жол тосо кабарлай, кайра аттарын чаапкылаша тоо ичине кирип, кар бетине чыйыр сала илгерилешет.

-Кыргыздар жер карада чачыла, алыскы тоо-ташты аралай көчүп кетишет. Кыш алар үчүн коркунучтуу. Бийиктеги суuктан, кардан жалтанышып, айласыз этекке чогулушат. Кар жаап, жүдөп турган кезинде, кокусунан кол салабыз. Үшүп-тоңуп, капарсыз жаткандардын чаң-тополоңун чыгара, мал-дүйнөсүн талап, каршылашканын кырып, калганын туткун кылып, айдап алалы-деген, калмак ноендору кошун баштап аттанышкан.

Тоо бийиктеп, улам өрдөгөн сайын жол татаалдана берди. Кууш капчыгай, кабышкан зоолор коркунучтуу сезилип, жүрүш оордоп баратты. Кыялай жүрүп, кайра эңкүүлөй түшө, сапар арбыбады. Бая түзөңдө жука карды малтай, чамынган аттар, өр тарткан сайын, күшүлдөй тердеп, энтигишет. Кечке жол жүрүшүп, кыштын кыска күнүндө, ашуу-төрдүн алкымындагы жайык-секичеге келип тыныгышты. Биринин артынан бири чалгындап кеткендер, тоо ичи тынч, абал коопсуз экенин билдиришти. Бел ашып түшкөн кошун, карагай-черге далдааланып, кайгуулчуларды алдыга жиберишти. Кокту-колоттордун ылымтасындабы айылдар көрүнбөйт. Алыстан үзүл-кесил авалаган иттердин үргөнү угула калып, кайдандыр түтүндүн булоологону сезилгенсийт.

Таң дык салары менен көп туяктын күтүрөгөн үнү угулуп, кар көчкүдөй болгон көп караан четки айылды каптады. Ордунан туруп-тура электер чочуп кыйкырышып, бирин-бири ойготкуча болбой, кол жеткенин кылычтап, боз үйлөргө өрт коюшкан калмактар аял-эркектерине карабай шукшуурулта найза сайышып, каршы-терши кылыч шилтеп жатышты. Өкүрүк, ызы-чууга кошул-ташыл, көккө сапырылган көк түтүн, эми гана уйкудан ойгонгон тоо ичине кабар бергендей болду.Эшикке эми чыга берген Бишкек баатырдын сергек кулагы таңкы тынчтыктагы уу-чууну уга калды. Элтең эте, көктү карана, жанаша айылдын үстүнөн көк түтүн бургуйлаганынан улам, жоо басканын билип, токулуу атына чуркап жетти.

-Жоо келди! Колуңарга курал алгыла!-деп кыйкырып, айыл аралай чаап жөнөдү.

Бишкектин үнүн улай, айылдагы эр азаматтар шашыла, босогодо илинүү турган куралдарын колго ала, кырчоодогу таң ашырыла, каңтарылган аттарына минишип, бири-бирине кыйкыра үн салып жатышты.

-Жоо чапты. Аттангыла!

Баш-аламанга түшкөн айылдыктар уйкулуу көздөрүн ушалай, эркеги шашылганынан жайдак атын мине чапкылап, аялдары уйкуда жаткан балдарын жулка көтөрүп, бирисин ээрчите, бирисин жетелей эшикти көздөй сүйрөп, алдасташты. Айылдагы чочуган иттер авалап, үрккөн мал мөөрөп-маарап, коркунучтан айыл ичине түн түштү. Бишкек атырылган аты менен айыл четиндеги дөңгө чыга, коңушу айылды калмактар талап-талкалап жатканын көрдү. Аңгыча Орто-Токой тараптан да, андан соң Эчкилүүнүн тоосунан Нообайдын белиндеги Кароол Чокудан коюу түтүн чыкты. Жанына жете келген жайдак атчанды башка айылдагыларга кабар берүүгө чаптырды.

-Калмактар каптап, айыл ичине чаң-тополоң салып жатат! Аттангыла жигиттер! Колуңарга курал алып, жоо тосконго чыккыла!-деген чабаганчынын үнү тоо ичин жаңыртты. Аны улай, ар айылдагылар бири-бирине кабар берип жатышты.

Жоо колу басып алган айылдарда, тирүү жанга аео бербей, жаш балдарды аттарына тебелетип, кол жеткенин найзага сайып ыргытышса, кол кайры кыла союл көтөргөндөргө ай Балта шилтешти. Алдыда жолуккан кемпир-чал, аялдарды кылычка алып, кызыл-жаян канга чулгашты. Аркадан келгендери үй-мүлктөрүн талап, кыз-келиндерди туткундап, колдорун байлашты. Таң атып-атпай, күн чыга электе чакан айыл кырылып, таланган айыл үстүндө жору-кузгун айланып, тегеректи ит-куш сагалашты. Алдастаган уу-чууну угушканбы, же айттырган кабардан билишкенби, чымын-куюн боло аттарын чаап келгендердин карааны калыңдай берди.

-Үлгүргөнү аркабыздан келет. Барыбыз айылдагыларды ажыратып калалы!-деп кыйкырган Бишкек баатыр атын кокту ылдый чаап, жанаша айылды туспалдап баратты. Топтолгон жигиттер анын артынан салышты. Тоолу улактарды чаап, талап-тоноо менен алектенип жаткан жоого билинтпей, айылдын туура тарабынан чабуул коюшту.

-Чап, сок! Сой!

-Аянбагыла. Ур-а!

-Орой чапкыла! деген үндөр чыгып, жигиттер капыстан атырыла ат салышты.

Тоолуктардын заматта эле жете келип калышын ойлоруна албай, талон-булоон менен алектенип жаткан жоо колу, эми гана эстерине келип, арт тарабын карагычакты көбүнүн денесине найза кагылып, кылыч чабылып, ай балта шилтенди. Ителгидей тийип, капшыра киришкен кыргыздардын чабуулун туйган жоонун бир тарабы «дүр» эте кача, четтей беришип, алардын саны аз экенин байкашып, кайра көптүгүнө сала ороп, чаап салуунун аракетинде, жабыла ат коюшту. Жан аябаган кармаштан улам, айыл ичи кан майданга айланды. Ары сүр-бери сүрдөн улам, таң эртеден эле адам өлүгү томурайып ар жерден көрүндү. Кабар жеткен жигиттер бириндеп келишип, айкаштан улам жарадар болуп, ажал тапкан шериктеринин ордун толуктап жатышты. Баятан бери айкаша алышып жалтанышты эстеринен чыгара, көптөгөн жоого моюн бербей арстандай алышып жаткандарды көрүштү. Корккондорунан эси ооп, жазганган айылдыктар тура кала чамынып, бир-бирден чабышып, же бирөөсү эки-үчөөнө моюн бербей кармашып жаткан тууганларын байкашып, эми гана эстерине келишкендей акыл-эстерин жыйышып, туткунга алынган кыз-келиндердин колдорун бошотушуп, каруусу барлар союл алышып, союл тийбегени аш бычактарын, балта, кетмендерин шилтешип, туш келген калмактарды чапкылап каршылык көрсөтүүгө аракеттеништи.

Аңгыча аркы айылды чапкан жоонун бир бөлүгү сүрүлө жетип келишти. Көптүн иши көп, куралдын күчү төп болуп, жоо колу жигиттердин көбүн мойсоп жиберди. Четтей калгандары жаа атышып, жакындары жандарына жолотушпай кылыч кезешти. Көп каршылык көрсөтсө сан жагынан артык калмактар туткундалган аялдарды аралаштыра жаа огуна тутарын ойлоп, Бишкек баатыр айылдыктарды калкалай чегинүү айласын кылды. Аны байкаган калмактар четте туруп жаа тартып, жебе узатышты. Кан майдандагы айкашта убакыттын өткөнү да билинбептир. Кыштын кыска күнүндө иңир кире баштаганын туйган Бишкектин оюна чегинүү зарылбы, же биротоло кармашуу керектиги келе калды. Кармаша берсе, көп калмак ортого алып, жигиттеринен ажырайт. Анда жоо бүт айылдарды каптап, каалагандай талап-тоношот. Чегинип аман калуунун аракетин көрүү керек! Анткенде айылдыктар кантет? Эки анжы болгон Бишкек, эмне болсо да чегинүүнү туура тапты.

-Айылдагы аман калгандарга, качып кетүүлөрүн кабарлагыла-деп жанындагы жигитке кыйкыра, тикелешкен калмактарга ат койду. Бишкек баатырдын артынан калбаган жигиттер жабыла киришти. Иңир талаштагы күүгүмдө ызы-чуудан кулак тунат. Кыжырдануудан жана жек көрүүдөн улам кыргыз жигиттеринин сезимдери кармашка багытталып, коркунучту түк эстеринен чыгарып коюшкан болчу. Жер шартын билбеген жоо ире-шире күүгүмдө, кармашты токтотуп, майдандан алыстоо аракетинде болушту. Аз болсо да, кыргыз колунун тайманбай ат сала, жапырып кириши аларды сестенттиби, орой чабуууга аракет кылышпады. Заматта тоо ичин караңгылык каптап, уруш-өзүнөн-өзү токтоду. Аз убакыт болсо да тополоң түшкөндөн пайдаланган айылдагы аман калгандар, жетелеше кокту-колотторго кирип кетишти.

-Жигиттер, калмактар алыстап кетишпейт. Жердин шарты бизге маалым. Түндү пайдаланып, баскынчылардын шайын оодарып, үшүн алалы-деди Бишкек, топтошуп турган жигиттерине.

Тоолуктар канчалык  чарчашса да, жетекчинин айтканына макул эле.

-Түн бышкычакты аттарыңарды тыныктырып, өзүңөр да эс алгыла. Мен калмактар кай жерге топтолуп, кантип жайгашканын байкоого алайын-деп айткычакты болбой жакынкы  эле жерден көп аттын күтүрөтө баскан туяктарынын, энтиге күйүгүп, бышкырынып, өпкө каккандары угулду.

-Топор баатыр жигиттери менен келип калды-деди топтошкондордун арасынан бириси.

Аңгыча болбой Топор баатырдын тааныш үнү угулду.

-Амансыңарбы, баатырлар.

-Аманчылык.

-Келип калдыңарбы?

-Жоо кайда? Кармашка үлгүрбөй калдыкпы?

Баятан бери чаалыгуудан улам кабак түйө үндөбөй тургандар, күлүп жиберишти. Бириси тамашалай:

-«Меймандарды адия кылуунун камын көрүп жатабыз».

-Жол алыс. Күн кыскалыгынан кеч келип калдык-деди Топор баатыр тамашаны сүйө бербей.

-Капа болбо, баатыр. Эртеңки согушка үлгүрөсүңөр!-деген үн угулду.

-Эртеңкиге калтырбай эле бүгүн бүтүрүп койбойсуңарбы-деди жаңы келгендердин арасынан бирөөсү какшыктай.

-Атайы келип, чабышпай кетишпесин деп, силерге калтырдык-деди дагы бир үн, тамашалай.

-Топор баатыр үлгүрүп келгениңер жакшы болду. Түнкү чабуулга кирели деп турабыз. Бишкек ишенимдүү үн катты.

-Калмактар кай жерге жайгашты?

-Аныгы боло элек. Алар жер шартын билишпейт. Караңгыда көп узап кетпей, жакынкы жерге токтошот.

-Жоонун саны канча?

-Саны канча экени билинбейт. Караандары калың.

-Беш жүзгө жетеби?

-Болжолго караганда андан кем эмес.

-Жоо, болду болбоду, Таш-Мойноктогу эгизге түнөйт.

-Аны кантип билдиңер?

-Бул тарапка келе жатышып, Таш-Мойнокту көрүшкөн. Анын үстү тарабы зоо. Калка болот. Асты тарабы эңкейиш. Ал жерге күзөт коюшат.

-Туура айттың. Андан башка жерлер ыңгайсыз.

-Бизге ыңгайлуу. Эки капталдан согуп, аралай чабабыз. Бишкек баатыр, силер Таш-Мойноктун этегине келгенин тоскула-деди жер шартын жакшы билген Топор баатыр.

-Силердин аттарыңар алыскы жолдо арып калбадыбы?-деди Бишкектин жигиттеринин бириси.

-Жок, керээлден кечке кармаштан силер чаалыктыңар. Биздикилер жаңы күч. Буга макул болгула!

-Биз дале чаалыга элекпиз-деген үн, талаша сүйлөдү.

-Талашмай жок. Мейли, Топор баатырдын айтканындай болсун-деди Бишкек.

-Бири-бирибизге кантип белги беришебиз?

-Чаалыккан калмактар жылдыз толгондо уйкуга киришет. Ага чейин, ар кимибиз болжогон жайга жетүүнүн аракетин кылалы. От жагып, белги беришебиз-деди Бишкек.

Бишкектин айтканы жөндүү эле. Душмандын карааны алыстан көрүнгөндө тоолу тоолуктар от жагып таш кулатышып белги бере алчу. Кокон Ангрен тараптан көрүнсө Тоо-Ашар, Кемчик, Бекташ чокуларынан Ак-Шамга, Кароол-Атага, Бозбу-Атага от жагышкан.

Кароол-Атадан отургандан үчүн тамак бышыруучу, намаз окуучу жайлар курулган. Эң бийиктеги чоң ташта арапча «Адам ата жаралгандан акыретке чейинки убакыт бир саатка барабар» деген жазуу бар Мамасалы Ташыбай уулу аттуу молдо чечмелеп окуган.

Калмактар Топор баатырдын жигиттери менен келгенин билишкен жок. Баары бир аз сандагы Бишкек баатырдын колун эртең ортого алып, ит талагандай кылып талкалайбыз деген ойдо болушканбы, ошол аймактагы эгиз, айлана-тегереги айкын көрүнө турган Таш-Мойнокко барып жайгашышты. Тоодогу түн тынч. Ак кардан улам айланадагылар айкын көрүнөт. Түнкү күзөттөгүлөр акмалашып, басып жүрүштү. Түнкү жылдыз толгон мезгилде, тээ алыстагы маңдайдан жылт-жылт эткен оттун караанын көрүндү. Аны аңдап, ойлогуча болбой, оң тараптан топ караан байкалды. Ай-гай салган кыйкырык, уктап жаткандарды чочутту. Аңгыча болбой сол тараптан чыккан кыйкырык, баш көтөрө калгандарды каптады. Эки тараптан жабыла кирген атчандар  орундарынан тура кала, курал алууга умтулгандардын башына кылычтарын ойното чаап кириштü.

Алдастай шашып, аттарын минүүгө үлгүрбөй, жетелей чуркагандарды, эңкүүлөй сүрүлүп түшкөндөрдү, тектирде күтүп тургандар найзага алышып, ай балта чабышып, кылыч шилтешип, тосуп алышты. Куралдарын алууга үлгүрбөй калгандар, эч кандай каршылык көрсөтө алышпады. Эптеп атына минип, коркунучтуу жайдан качып кутулуунун аракетинде болгондор, туш келди чабышып, эңкейиштен кулап, жардан учуп, ажал табышты. Чабылып, чачылган адам денеси менен ат өлүгү Таш-Мойноктун айланасына толуп кетти. Кан менен жиндин жытын алдыбы, же өлгөн денелерди туйдубу, асманда жору-кузгундун көп караанын айланса, жерде ит-куш жырткычтар шимшилеп, пайлап жүрүштү.

***

Моңолдор уруусунун Сейиткaзы тобунан Сарыбай, Сарыбайдан эрдиги менен элге таанылган Нооруз. Ал эр жеткенде Таластан Чаткалга көчүп келип, акырында Аксы, Ала-Бука аймактарын байырлап туруп калган болчу. Нооруз баатырдан таркагандар Өрүктү аймагынын Кең-Көл, Ортоктун-Белин жердешет. Ноорyздан Кожомурат, Кожомкул, Боке үч уул. Кожомураттан Андакул, Байкоңур, Байтели. Алардан таркагандар олбурлуу келишип, четинен балбан атыгышат. Кожомураттын Андакул уулунан тараган балдарды:

Тикенектей Тилеке,
Үйдөй Үчкемпир.
Тоодой Топор,
Аттай Асан-дешип туугандары тамаша кылышчу эле.

Андакулдан «Келегей уругу», Байконурдан «Согу уругу» Байтелиден «Сүйрү баш уругу» тарайт. Алардын кулк-мүнөздөрүнө, келбет-сөөлөттөрүнө карай эл арасында:

Келегейди жоого кой,
Сүйрү башты доого кой.
Баймоңолду кошко кой,
Согуга таяк берип,
Тоо таянтып, койго кой-деген лакап айтылып калат.

Ала-Бука-Чаткал аралыгына эл жайлоого чыгышат. Чоң той берилип, тамашага көпчүлүк чогулат. Эр оодарышка чоң байге сайылып, эр эңишке «Келегей уругунан» Үчкемпирдин иниси тоодой Топор чыгат. Ага саруунун балбаны бет келет. Ал кезде, кийимдеринен кармашып, тартышпасын дешип, балбандардын экөөнү тең көйнөктөрүн чечтирип, белине чейин жылаңач чыгарышчу. Чай кайнамга чейин балбандар бирин-бири ала алышпайт. Эр эңиш жайлоонун арчалуу жайыгында өтүп жаткандыктан, бир кезде аттар сүрүлүп барып, саруунун балбанынын ыштаны арчага илинип калат. Тоодой Топор ага карабай саруунун балбанын шарт тартып, оодарып кетет.

Эки уурунун ортосунда жаңжал чыгып кетпесин деп, аярлаган Андакул, өзүнүн текенин терисинен ийленген шымын саруунун балбанына кийгизе коет. Ошондон кийин ал жер «ыштан берди» деп аталып калат.

***

Жай ортолоп калган. Элдин баары жайлоодо. Ар ким өз тиричилиги менен алек. Тобу менен сүрүлүп келген калмактар Бетегелик жайлоосуна жакындап калышканда,

-Буктурмада бекинген черүү барбы-дешип, кайгуулга жансыз жөнөтүшөт.

Айыл четиндеги кароол чокуда, айланага саресеп салып турган Андакул ичкен кымызына ныксырап, уйкуга кетет. Жергиликтүүлөрдүн кийимин кийишип, бөлүнө, ар колоттон аярлап чыккан калмактар салам берген болуп келишип, аны алдап кармашат. Агасынан кабар алганы келе жаткан Байкоңурду капыстан ороп, туткундашат.

Калмактар баатырлары жок айылга чуу салып, кыз-келиндердин өңдүү-түстүүлөрдүн тандап, бөлүп алышып, жаш жигиттерди туткунга алып, баарын бири-бирине кошоктоп, байлашат. Жайылып жүргөн төрт түлүктү топтошуп, баарын коштоп-сүрүп айдамак болушат. Бетегелик жайлоосун жоо басып,

элин туткундаганын башка жайлоолордогулар билишпейт. Көк-Таш аймагындагы Бетегелик жайлоосунда мал багып жүргөн жаш жигиттин сүйгөн кызынын ата-энеси Боз-Тектир жайлоосунда болчу. Эки жаш күндө чоор тартышып, биринен бири кабар алып, сүйлөшүп жүрүшкөн эле. Жоо колуна түшүп, байланган жигит калмактардын башчысына кайрылып:

-Бизди туткундап, алып-кетип жатасыңар. Эми мындан кийин бул жайлоону көрөбүзбү көрбөйбүзбү-белгисиз. Уруксат болсо, жайлоомду жаңырта, бир чоор тартып алайын,-деп, өтүнөт.

-Жайыттагы мал келгиче, чоорун тартса угайын-деп, калмак башчысы макул болот.

Жигит сүйгөн кызына арнап, созолонто чоорун тартат.

Капыстан салып калбаны,
Андакулду алдады.
Байкатпастан калмактар,
Байкоңурду байлады.
Айылда эч ким калбады.
Кыз-келинди тандады,
Төрт түлүктү сүрүшүп,
Баарын кошо айдады?-деп кабар берет.

Боз-Тектир жайлоосундагы жигиттер Байтелинин баласы Сөлпү баатыр, Кең-Таш, Кызыл-Таш жайлоосундагы жигиттерди, Андакулдун баласы үйдөй Үчкемпир баштап, калмактардын жолун тосуп чыгышат.

Айыгышкан кармашта жоо колу талкаланып, аман калгандары чегине качып, Бетегелик Ак-Тоо жайлоолору душмандан тазаланат. Үчкемпир алган жаратынан набыт болуп, сөөгү Көк-Ала көлдүн башындагы, кыр жонго коюлат.

Чоор тартып, жоонун басканын кабарлаган чоорчу жигиттин урпактары кийин «кернейчилер» аталышат. Ал эми калмактардын кабарын угуп, жоо кийимин кийбей, шашыла аттанган Сөлпү баатырдын балдарын «Папырлар» делип, кийинкилерге лакап болуп айтылып калат.

* * *

Күз аяктап эл жайлоодон эңкүүлөп калган. Топ-топко бөлүнгөн калмактардын колу куйрук улаш ээрчишип, эгиздеп келе жатышты. Кан төгүлгөн калба жакында болоорун билишеби, же көп караандан чочушабы, жору-бөрүлөр алыстан акмалашса, асманда

карга-кузгун баш болгон жырткыч куштар, алардын төбөсүнөн алыстабай, ээрчише айланышат. Жоо, канчалык дайынын жашыргысы келсе да, тегерек-жакадагы эл-журт чапкынчылардын келе жатканын эчак эле билип алышкан. Бул жолку жортуулда калмактар кыргыз аймагынын түштүк тарабындагы жайытка бай, дан-аштыгы мол кыргыздарды басып алуу максатын көздөп чыгышкан эле. Буга чейин, арка тараптагы Сары-Өзөн Чүй, Кемин, Кочкор, Жумгал, Кара-Кол, Көл аймактарын басып алган болуп, кенен кесири жайгашкандай эле. Ак-Талаа, Нарын, Соң-Көлгө улам коркунуч келтирип, баш көтөргөнүн талкалап, өз эркинче тойлоп жүрүшкөн. Басынгандарга мал кайтартып, алымын алып, салгын салып, баш бириктирбей тыркырата бөлүп-жарып турушкан. Түштүк аймакка болгон жортуул калмак жоокерлерине оңой сезилгени менен контайчынын Чанжар ноенго берген тапшырмасы башка болчу.

-Анжиан, Аксы аймагынан келген кыргыздар жөн койбоду. Жаалдары катуу. Кармаштан кайра тартышпайт. Капылеттен келип, кызыл кыргын, кара сүргүнгө алышат. Канчалык кол курап барсак да алалбадык. Кошун курайлы деп, канчалаган ноен-тайчылар келишти.

-Улам чабуулдан бошобой башкалар менен болуп жүрүп, аларды этибар албаптырбыз. Көрсө, эң коркунучтуу жообуз колтугубузда тура. Ойдогудай кошун курап барып, баш көтөргүс кылып биротоло каратып кел. Кантайчынын талабын эч ким аткарбай кое албаган. Кошун курарда Чанжыр ноен, улуу урматтуунун ишенмине аябай сыймыктанган. Анан эмей. Канчалаган аттуу-баштуу ноендордун атын атабай, өзүн жеке чыкырып, сүйлөшүүсү сыймык эмей эмне? Эми өзүн теңине албай жүргөн ноендор, анын буйругу менен болот. Өзүнчө дымак байлаган ноен, болжогон аймакка тез эле жетип барууну самады. Аз болсо да өзүнө карган колду алып, жолду арбытууну ойлоп шашыла аттанган. Малга жайыттуу кенен жерлерди ээлеп, өз тобу менен болгон ноендорго чабаганчыларын чаптырып:

-Ар кими билген ашууларын ашып, токтобой барууларын талап кылып, өзүнө караган колун алып, шериктерин күтпөй, алды-аркасын карабай жөнөгөн.

Жаш ноендун тапшырмасын уккан жортулчулар бир чети анын оюн да туура табышты.

-Жол узак. Коркунучтуу капчыгайлар, кооптуу ашуулар, ат өтө алгыс дарыя-суулар бар. Өтө эле кылдаттыкты талап кылган,

бийик аска тоолор, көчкү-сел кетчүү тар жол, тайгак кечүүлөрдөн жол талашып бастыруу да кыйын. Ат тыныктырып, аялдоочу жерлерде кошундагылар батпайт-дешип, анын оюн жөн көрүштү.

Ала-Тоо аймагындагы кыргыздар казактарга окшоп, кең талааларда топтошуп жашашпайт. Уруу, топко бөлүнүшүп, ар тарапка чачылып, жайлоолоп кетишет. Бириндеген тоолуктарды байкатпай барып, басып алуу да оңой. Алыскы жолдо, бирине бири кабар берип, чогуулуга буямаларын келтирбей, талап-тоноого, чаап алууга да жеңил дешкен. Калмактардын ноендору колдорун алып, өз бет алдынча жолго чыгышты. Көп олжого, мол байлыкка, эртэрээк жетүүнү эңсеген баскынчалар улам кууш капчыгайларга туташкан тар кыя, бийик ашууларды ашып, агыны катуу сууларды кечип жүргөн сайын, жол узара берди. Анын үстүнө асмандан башка көрүнбөгөн капчалдуу кокту-колот ого эле коркунучтуу эле.

Эл ичинде коога каңшаар күчөп, айылдагылар чаң-тополоңго түшүп жатканда, Бишкек баатырга калмактардын коркунучу жөнүндөгү кабар улам-улам келе берди. Эч аярлабай туш-тушка кабар берип, кошун жыйып жаткан баатыр "Ала-Бука, Аксыга келип токтогула"-деп айттырып жатты. Баскынчыларга каршы кармашуу, бир алаамат менен бүтөөрүн көпчүлүктүн жүрөгү сезгендей, ыйлаган катын-бала, улуган жолбун иттер көбөйдү. Быйылкы түшүмдү мол алган дыйкандар, жоо келсе таппагандай кылып, аштык-дандарын белгилүү жерлердеги оролорго куюшуп, же кап-кабы менен алыскы тоолордун борлорундагы кара-үңкүрлөргө жашырып жатышса, чарбадарлар малын алыскы адам барбас жайыттарга чыгарышып, калган мүлктөрүн тоо-ташка алып барып, бекитип жатышты.

Соломо менен Бишкек күнү-түнү жандары тынбай, жоо-жарактарын камдап, темир узанышып дөөтүканага көмүр ташып, темир эритишип, көбүн эсе кылыч, чокмор, шылк этме, сүңгү жасашат. Күндө эл топтолуп Соломонун дөөтүканасынын тегерегинде аттарын суутуп, ат көөлүктөрүн бышыктап, курал соктурган көпчүлүк:

-Коркуп-үркүп, курулай жерден чуу чыгарбайлы. Кимде ким, жоого аттангандан баш тартса, аео болбойт. Коркконго бир гана чара-өлүм-деп, Бишкек элге жардык айттырган.

-Азели ата-бабаларыбыз душманга моюн сунбаган дешип, эр азаматтар кыл чайнап, кайраттанышса, эркектерден эмнебиз кем дешип, кыз-келиндер эркек кийимдерин кийишип, курал жарактарды алып, машыгып жаткандары да арбын.

-Калмактарга кул болгончо өлгөн артык-дешип, жигиттерге дем беришип, күнү-түнү карылар көпчүлүктүн кашынан кетишпейт.

Өлүмгө башын байлаган Бишкек согушуунун айла-амалын издеп, ар түрдүү ыкмаларды ойлойт. Согуш өнөрүндөгү калмактардын ыкмаларын эске алып, «канткен күндө да, аларды жазгыруунун жолун табалы» деп, баатыр ар топтун башчылары менен тынбай кеңешет.

-Душмандын кошуну ар тараптан чачылып келе жатат. Алардын жолун, утурлап барып тосуу опурталдуу. Чачылып кетебиз. Бир жерде топтошуп каршы алсак, алар курчоого алышат. Кандай кылганыбыз бизге ыңгайлуу?

Бишкектин оюна ой кошууга, эч кимиси жол таппайт.

-Өзүң бил-дешкенсип баары эле анын оозун тиктешет.

-Аргасы кеткендей болбойлу. Жерибиздин булуң-бурчу көп. Жашынарга да, чабуулга өтүүгө да, кеңири шартыбыз бар. Жоого эр жигиттерибиз эле эмес, жапырт элибиз, агыны катуу суубуз, кар көчкү жүрө турган капчыгай кообуз, тар кокту-колот, туюк жарларыбыз кооптуу. Аман эле турсак, аргасын табабыз-деп Соломо көпкө акыл, кайрат берет.

-Тоолорубуздун ашуу төрлөрүндө кандай сырлар жатканын эске алгыла. Душман капчыгайлар аркылуу жүрүүдөн кооптонот. Капчалдар алар үчүн даяр капкан. Ыйык мекенибизди калмактын колуна салып бергенден көрө, кырылганыбыз оң. Жалаң эле алардын чабуулун күтүп отурбай, улам бөлүндү болуп, ар топту тоо-токойлорго жашырып, качып, жүрүп берип, капкан тузакка түшүрүп, капылеттен шакектей ороп, аска-зоого, туюкка камап, таш кулатып, саздуу жерлерде алсыратып, кармаштын түрдүү ыктарын пайдалангыла-дешип, карылар да эр азаматтарга ортоктош.

Чанжыр ноен ашуу ашып, жол басып, канчалаган коркунучка кабылып, жолдун татаалдыгынан бушайман жеп, араң-дегенде учу-кыйырына көз жетпеген, кеңири аймакка туш келди. Бирок, кең аймак дегени менен ар тарабында чөккөн төөлөрдөй болуп, бири-бирине туташкан тоолордун баш-аягы билинбейт. Ары сүрдүү, ары сырдуу көрүнгөн тоолор аларды жактырбагансып, тумандана мелтирейт. Канчалаган узак жолду басып келишсе да, жолду ката тирүү жанды кезиктире алышпады. Кадимки эле, адамзаты жашабаган, жаңы жердей сезилди. Анткени менен баскынчылардын кай тараптан келип, кай тарапка багыттап баратканы, саны, куралы канчалыгын, кай жерге барып байырларын байкоого алгандар тоо- ашууларды арбын эле.

-Адамзатынын карааны эмес, изи да билинбейт деп, ойлогон жаш ноен, бөксө тоолордун этегиндеги кең жайыкка жете келип, «Ушул жерге токтогула!"-деп колуна буйрук берди.

Жаш ноен келген жер чындыгында кенен жайык, ат көөлүккө ылайыктуу, бүтүндөй кошундагылар келсе, кенен жайгашканга шарты келишкен, кызыл чаптуу аймак эле. Тегерек четиндеги дөңсөөлөр барып, кокту-колотторго туташып, андан ары бийик тоолорго созулуп кетет. Кокту-колоттордун ичиндеги булуңдар кең болуп, бадалдуу-шак, дүпүйгөн токойго айланып кеткен. Анда канчалаган адам болсо да, караандары сыртка байкалбайт болчу. Кеч күздөгү күн тоолорго батып баратты. Улам күүгүм коюулаган сайын, кең жерге турактаган калмактар эзели орок тиймек тургай, малдын туягы баспаган куу чөптүн үстүндө чар жайыт жатып, эс алууга киришишти. Көптөн бери ат үстүндө жүрүп, денелери талыгандыктан, жумшак чөптүн үстү аларга, мамыктай сезилди. Жаш ноен, кеңири жерде коркунучту унутуп, көзөмөлдөгүлөргө деле көп көңүл бурбады.

-Мейли, тар жол, коркунучтуу ашууларды ашып, тынбай ат үстүндө келгендер, бүгүнчө тынч эс алышып, кубаттанышсын деген ойдо жоокерлерин өз ойлоруна койду.

Башчысы эскертпегенден кийин жигит башчы, жайсандары да тескегенди эстерине алышкан жок. Түн коюуланып, асмандагы жылдыздар айкын көрүнө баштаган чакта, калмактардын алды оор уйкуга кеткен эле. Тоо тараптан соккон шамал, кеч күздүн ачуу тийген аптабын үйлөп, жан жыргаткан салкындык айлананы мемиретип баратты. Капылеттен катуу дүбүрт чыгып, ачуу чаңырык, бейгам уктап жаткандарды чочутту. Алды тура кала, дүбүрт менен кыйкырыктын кай тараптан чыкканын аңдагыча болбой, «шау-шау» эте, баштарынан секирген аттардын караандары байкалды. Кээлери тура калып, куралдарын алгыча болбой, чак эте кылычтардын шилтенишинен улам, ысык кандын булоологон жыты каптады. Дүпүрөгөн үндөргө улай, -Чап! Сок! Ур-а! деп коштогон кыйкырыктар кошул-ташыл. -Аа-а! деп айкыра чочуп, жан алакетке түшө, жандары ачышкандай чаңырган үндөр. Баш-аламан болгон караандардан көпчүлүк, акыл-эсин жогото, туш тарапка качуунун аракетинде болушту. Калмактарды кечтире аркыterки аттарын чаап, кылыч шилтеген жергиликтүүлөр түнкү тынчтыкты бузушуп, бири-бирине дем берише, кыйкырып жатышты. Заматта кан менен жиндин аралашкан сасык жыты Кызыл чаптын үстүндө көтөрүлдү.

Эртеси таң атып-атпай жатып асманда куркулдаган кузгун-жорулардын үндөрү чыгып, анан далбактай учкан караандары көрүндү. Күн жерге тегиз тийген мезгилде каң жыттанган талаада тирүү адамдын караанı көрүнбөдү. Куркулдаган кузгун, каркылдаган каргалар баш болуп, канаттуу жырткычтардын тою түштү. Шакылыктаган сагызгандар ар жерде секирип учушуп, ортолуктагы кандуу булоонго жакын бара алышпайт, каршы-терши четтеп өтүшөт. Чызырап тийген күндүн табынанбы, же өтө эле апсыга сугалактыктарынанбы, тойгон жажактарын көтөрө албай, ооздорун энтиге ача, акактаган таз жору-кузгундар, ээлеген "олжолоруна" башкаларды жакын жолотпой, канаттарын делбекте-тише коруган болушат. Кеч күздөгү куусаң талаада "тойлогон" канаттуу жырткычтар, күн отурарга жакын, конорголоруна кетиштин аракетин кыла, чет-четтеп чыга беришти. Көп тоюп алгандары, денелерин көтөрө албай, көккө канат сермеп барып, кайра эле жогжоң эте, дөңсөөлөргө конгон болуп, алыстап уча алышпады. Карга-кузгундары караандары сээлдеген сайын, эртеден бери оозун жаланып, улам умтулуп, кайра коркунучтан тисерилген чөө, бөрү, түлкүлөр кан тамган жерлерди шимшилешип, оозуна тийген сөөктөрдү тиштей качышат.

Күн тоого жашынган сайын, караңгылык улам коюуланып, асмандагы жылдыздардын шооласы үлбүл-көрүнө баштады. Ээн талаада сөөк талаша, ырылдаша-кабышкан жырткычтардын заардуу үндөрү "олжодон кур калдым" дегенсип, чет-четтеги чөө, бөрүлөрдүн алсыз муңкана улугандары түн тынчтыгын бузуп жатты.

Ушул окуядан көп өтпөй, ар тараптагы ашууларды ашып, бөлүндү болуп келген көп кол сойлогон ажыдардай бири-бирине илеше жылып келатты. Кыргыз кошуну жоонун кайсы колунун маңдайынан тике чыгып, жаа тартып, же найза сунуп, кылыч чаап айкаша алат? Чачыла конушкан жергиликтүүлөрдүн бир тобунан, экинчи тобуна кабар жеткиргичек болбой, батыштан, түндүк-түштүк тараптан кирип келген душмандын калдайган караандарынын көптүгү айкындала берди. Кандай арга кылуу керек?

Бишкек калмактардын басып келе жаткандыгын алдын алып:

-Ар бир топ өз уруусундагыларды коргоп, сак турушсун. Жоо кай тараптан чабуулун баштаса, качып жүрүп, коргонуунун аракетинде бололу. Жанаша жайгашканыбыз жабыла барып, бирибиз аркадан, экинчибиз туурасынан тийип-качып, чабуулга өтөбүз. Асти, бетме-бет келишип, кармашканды коелу. Анткени

биздин колубуз аз. Курал-жарак таңкыс. Мындайды бабаларыбыз «ит уруш» деп, тийип-качып жүрүп согушуп, алагды кылышкан. Эгер ыңгайы келип калса, "толгомо" эрежесине салып, орой чаап, ортого алуунун аракетинде бололу деп эскертти. Душман билбес, сезбес ыкты пайдаланалы. Коркунуч болсо, күнгөй-тескей тараптардагы тоолордун башына от жагалы. Жардам керек болсо, бет-маңдайлаш эки чокудагы отту тең күйгүзөлү деп, белгилерден бери көпкө макулдашып айткан эле.

Калмактар кай тараптан ат коюп басып келишпесин, чакан кыргыз кошундары жаа тартууга жеткирбей, алысташып, бет келише таймашпады. Согуш эрежесин өзгөртүп, биротоло качып кетпей, алыстап коргонуп турушуп, калмактар «көп колго теңеле албай, качкандыктары» деп ойлошту. Аркаларынан сая кубалашпа-са да, ээрчий илгерилей беришти. Түш оой бергенде, кыргыздар качкандарын токтотушуп, толгомойго өтүштү. Будуң-чаң түшө аралашып, кармашуу керээлден кечке токтободу. Кыргыздар улам туш-туштан качырып кирип барышып, ителгидей тийишти. Ойроттор канчалык жандарын сабашканы менен кыргыздардын мизин кайтара алышпады. Кыргыздардын колу канчалык буктурмада катылганы, көмөкчү кошуну бардыгын билүүгө калмактар кызыктар болду. Жолдо келе жаткан жоо колу дагы барбы, же негизги кол ушулбу, көмөкчү кошунду буктурмага катып койдубу? Аныгын билбей Бишкек бушайман.

Согуштун алгачкы күнүндө, эки тарап тең жан үрөп, чабуулга өтүшпөдү. Каткан кол кайсыл жерде? Саны канча болду? деген ой, эки тарапты тең санааркатты. Тийди-качты согуш улана берди. Курал тийген жоокерлер эрден кулап, башкарган ээси жок, бош калган аттар тополоңдон чыга алышпай, кишенеп айланчыкташат. Майдан талаада ызы-чуу батпай, эки тарапта тең кыргындан чыгым көп болду. Кармашты уланта берсе, кошундагылар кырылып калаарын сезген Бишкек күүгүм кирери менен чегинүүгө буйрук берди. Топ-топ болушуп, кыргыз жигиттери кокту-колот, жылгалар-га сиңип кетишип, тоо-тоолордун борлоруна от жагышпай, түндү улап эч кандай шек билдиришпеди. Мындай көрүнүш калмактар үчүн табышмак.

Чарчаган жоокерлер тамак ичип, бир аз тыным алышканда Бишкек эртең кандайча согушуунун жол жобосун айтып, өзү түн оогонго чейин кароол чокудагы үңкүрдө, амал издеди. Не болсо да жоокерлер элдин жүрөгү. Бир эки күндө аларды кырдырып алса, элдин шоруна калбайбы. Демек, калмак кошуну түгөл келмейин,

алардын күчүн так билмейин, алар менен ит уруш жасап, качып коюп, улам алаксыта берүүнү ойлоду. Эртеси эрте менен кыргыз кошуну чегинип жөнөгөндө калмактар кошуундун ыраатын бузбай, кыргыздардын артынан кууп бараткандай көрүнсө да, жакындап барып кол сала алышпады. Кыргыздар да согушту токтотушпай, калмактар уктап жатканда, же тынукканы бир жайга чогулганда ар жылгадан чыга калышып тие качып, кол салып, ат көөлүктөрүн айдай качып, жүдөткөндөй болушту.

Канчалык кармашып жатканы менен калмак-кыргыздын деми сууй элек. Кыргыз кошуну толук бойдон согушка неге кирбейт?- деп, ойлогон Илагучан ноен өтө эле аяр. Анын жер чалган адамдыры кыргыз колу жашынган жапсарга урунуп калышып, кайра качып чыгышты. Не болсо да, кыргыздардын аракети калмак ноендоруна табышмак эле. Айыгышкан, аңдышкан согуш үч күнгө созулду. Бул күндөрдүн аралыгында, тийди-качты кармаш, улам кайталанып, эки тараптан тең чыгым болуп жатты. Бишкектин ойлогон ою эми бышып жетилгендей болду. Алгачкы эле беттешүүдө Бишкектин кеңеши менен моңол уруусунун жигиттери душмандын аркасынан кол салмак болушкан. Аларды жетектеген Сөлпү баатыр менен Үчкемпир баатырдын колу, Тилеке баатыр менен Маатали балбандын колу биригишмек. Бирок, Тилеке баатыр менен Маатали балбандын колу Көк-Таш менен Бетегеликтен чыгып кетүүгөүлгүрбөй, жоо каптаган аймактагы калың черлүү коктуларда калган эле. Калмактарды жиреп өтүп кетишке күч жетпейт. Колдун саны аз. Улам, топ-топ боло, аркы-терки жол чалып жүргөн душмандын чалгынчыларынын көзүнө чалдыгуу, иштин баарын ойрон кылат. Аны билген моңгол уруусунун жигиттери эки күн шек билгизбей дымып жатышты. Үчүнчү күн дегенде түнкү караңгылыктан пайдаланып, тар капчыгайлардын ичине салып, эчен ашууларды ашып, улоолорунун жанын койбой, эки күндүк жолду бир күндө басышып, өздөрү чарчап-чаалыгып, аттары арыса да, болжогон жайга жете келишти. Аларды чыдамсыздык менен күткөн Сөлпү, Үчкемпир баатырлар дароо Бишкекке чабаганчыла-рын чаптырышты.

Түнкүсүн ай шооласын, күндүзү күндүн нурун тоо тосуп, түз жерге караганда бир топ айырма болот эмеспи. Тоодо эрте кечкирип, түнү коюу келет. Эгерде ай чыкпаса, сандаган жылдыздардын шооласы тоо ичин көп эле жарыта бербейт. Түнкү караңгылыкта жерчилдер гана жолго чыкпаса, жер сырын билбегендер, күүгүм киреерде жеткен жерине түнөшүп, эртеси жер

жарыганда гана сапарын улашат. Эл башына жүк түшүп турган чакта, аска-зоо, тар кыя, тайгак ашуулардын коркунучуна карабай жардамга келгендердин кабары кыргыз жоокерлерин көңүлдөрүн көтөрдү.

Бир эле Аксы тегерегине гана эмес, жалпы кең аймакка айкын көрүнгөн Тоо-Ашар, Кароол-Ата, Бозбу-Ата, Тастар-Ата андан кийинки Уңгар-Тоолорунун бийик чокуларында бүлбүл жарык чыгып, улам чоңоюп барып, жалындаган отко айланды. Аны калмактар туйдубу, туйбадыбы, жергиликтүүлөр биринен сала бирине кабарлашып, ошол оттордон өздөрүнө тап алгансып, жүрөктөрү болкулдап согуп жатты. Ар биринин оюна жылуу сезимдер уялап, эртеңки жоо менен болгон күрөш, ата бабалардан берки элди-жерди коргогон, душманга алдырбоо аракетиндеги күрөштүн уландысы экендигин туюндургансыды.

Бишкек баатырдын ар уруудан куралган эр азаматтарды ынтымакташып биригүүгө, Ата-Мекенди, элди-жерди сактоого, баскынчыларды биротоло кууп чыгып, экинчи келгис кылып талкалоого чакырган үндөөсүнөн кыргыздын ар бир азамат эр жигитинин намысы козголуп, жалын болуп өрттөп, ажал болуп жалмап келе жаткан жоого каршы, колго курал алып күрөшкө шыктанып даярданып жатты. Тоо жамынып согушкан кыргыз колу калмактарга үч күнгө дейре моюн беришпеди. Кочкор-Ата, Майлы-Сай, Көк-Арт, Өзгөн тараптагы жигиттерден куралган көп атчан кошун жардамга келип, калмактардын этек жагынан өйдө көздөй сүрүп, душмандын айласын кетирди. Аркадан келгендерди тоо таянган кыргыздарга жеткирбей жайлоого болгон калмактардын аракетинен эч нерсе чыкпады.

Өзүбүздүн кыргыздар кырылганда биз байкамаксан болуп жата берсек, арбак урбайбы дешкен Кара-Дарыя, Жалал-Абаддагы кыпчак, тейиттер кол курап, бирине улай бири келишти. Канчалык кырылганына карабай калмактын Гунжан, Чебан, Чаган Эргин аттуу ноендору колдорунун көптүгүнө салып, согушууну токтотушпады. Аламан урушта жер тарыды. Чарчап- чаалыккандарына карабай, калмактар да оңойлук менен алдырышпады. Айыгышкан аламан уруш таң каракчысынан башталып, кеч көз байланганга чейин басылбай, эрегиш күч алды. Эки тараптын тен аттары чаалыгып, жүрбөй калганына карашкан жок.

Чанжар ноендун ордуна башчылыкка дайындалган Чаган Эргин ак желегин көтөртүп элчисин жөнөттү. «Эл-журтун кырдырып албайын десе, согушууну токтотсун. Менин кошунумдун жарымы

гана кармашка катышып, жарымы көмөк бермекке буктурмада. Эгер согушканын токтотпосо, кыргыздардын күлүн көккө сапырам. Бишкек келип жеңилгенин мойнуна алсын. Өзү баш болуп, аскерлери аман калат-деп айттырганына баатыр көнбөдү.

-Туулган жерибиздин ой-чуңкуру душманга тааныш эмес. Коолордогу караган-чер, жол боюндагы корум таштар, кыргыз жоокерлеринин жардамчылары. Аларды бөлүп-жарып, аңга камап, жарга такап, аскага сүрүп, коого айдап, мукур, быткыл-сыткылга камайлы. Өз жерибиздин шартын, ыгын пайдалана албаганыбыз кечиримсиз. Капчалдарга камап, таш кулатып, саздактарга сүрүп, баткактарга батырыштын айласын кылалы. Кошунду сактап калыш үчүн буйтап, жазгырып согушалы-деген баатыр тыным албады.

Канчалык чаалыгып-чарчашса ынданы өчпөй, сергек тартып, шамдагай кыймылдаган жигиттерди байкаган Бишкек кайра чыйралып, айланасына көз салат.

-Аттиң. Аймактын гана алыстыгы. Тоо жериндеги шарттын эп келбегендиги. Буга окшогон кан майданда кыргыз элинин башы биригип, бекем турганда эмне? Он уул ичкилик, отуз уул Адигине, сол канат бүт уурулар чогулуп, ынтымакташканда, калмак канчалык катуу болсо да, тең келер элек. Аны туйган жоо тие алмак эмес. Бириге албагандарды билип, бөлүп-жарып, басмырлаганыбы? Бөлүнгөндү бөрү жейт болуп, бириге албагандын азабы ушубу? Жоо бириндетип, чаап кете берсе, кимиси аман калат? Андайда, кыргыз аты өчүп, калмакка көз каранды болобу? Жок. Болбойт. Биз жеңилбейбиз. Жеңишти колдон чыгарбайбыз. Өз журтубуз, ыйык мекенибиз, өзүбүзгө тирек. Кашык каныбыз калганча күрөшөбүз. Жоого мүңкүр болгуча өлгөнүбүз артык. Буларга багынгандан көрө, чилдей тарап, алтын башты аман алып калып, кыргыз атын өчүрбөш керек! Жок. Бул ой туура эмес. Алтын баштын амандыгы эмес, Ата мекенибиздин бүтүндүгү зарыл. Ата мекен аман болсо, алтын баш аман болот. Мекени жок, эли-журту жок адам болобу?

Кыргыз жоокери эмнеге ишенип, эмнеге күрөшүп жатат? Албетте, туулуп-өскөн эл-жерге, биримдик менен ынтымакка ишенет. Элди, жерди аман сактап калуу үчүн күрөшүп жатат. Күрөштө өмүрүн аябай, эртеңки жашоону сактап калууга жанын үрөп, көкүрөгүн тосууда. Кыргыз жери кайгы-муңга батпас үчүн орун басар балдардын шаттуу күлкү, кубанычы үчүн кан кечип отурабыз. Эрдик эскирбейт. Эртеңкилер, бари бир, эстейт. Ата мекенди, адам келечегин сактаган аталарга,агаларга

ыраазылыгын айтышат. Эстешет. Эскеришет! Бул ой, бул санаа бир эле Бишкекте эле эмес, ошондогу калмактарга каршы колуна курал алган кыргыз жигиттеринин ар биринин жүрөгүндө кайталанып, бири-бирине кубат бергени ырас эле.

Кайраты ашып-ташып, денеси темирдей чыңалган Бишкектин карааны шериктерине ишенимдүү эле. Алар да баатырдын ар бир аракетине суктанышып, эрдигин кайталашка аракет кылышчу. Жана жан достору Чынтемир, Балта, Отунчу өздөрүнүн топторун жетектеп, Бишкектин ар бир сөзүн так аткарып, тапшырманы илгерилетпей ишке ашырышчу.

Таң-үрөң-бараң салганда тоонун эрте мененки суугуна үшүгөн калмактар адаттарындай баш көтөрүшүп, көңүлсүз орундарынан тура башташты. Дал ошол кезде кыргыздардын керней-сурнайлары туш-туштан тартылып, аны жапырт атылган мылтык-тардын үндөрү коштоп, ат кое, чуулдаган үндөр жер жаңыртты. Эки жоо өлөр-тирилерине карабай аралашып кетти. Чака-чак үзөнгүлөр кагышып, кылыч ай балталар чабылып, майдан талааны өкүрүк-бакырык басты. Өпкө кага демиккен аттардын жөткүргөн, кишинеген үндөрү кошул-ташыл боло, жалындаган оттун табына кайнаган казандай, буу көтөрүлдү. Ысык кан менен жиндин жыты ат терине аралашты. Кеч күздөгү кургак майдан талаа ат туяктарына сапырылып, чаң көтөрүлдү. Кан майдандын үстүндө уюлгуп, боз түшүп турду. Түш ченде ат которуп минген кыргыздар өктөмдүгүн көргөзүшүп, кан майданды аралай, көп койго карышкыр тийгендей, аркы-терки жиреп жүрүштү. Эки тарап тен канчалык чыгымга учурашса да, эч бири майтарылбай, жандарын сабап согуша беришти.

Кыйкырык-чуу аба жарып, жыгылып баратып кишинеген аттар, жарадар болуп, эс учун билбегендер андан көп. Будуң-чаңдан бирин-бири айра таанытыдай эмес эле. Сөлпү баатырдын жигиттери майдандан бөлүп алган душмандын бир тобун оң тараптагы зоого карай сүрүп баратты. Үчкемпир менен Тилеке баатырлардын колу бир топ калмактарды курчоого алып, четтен кылыч шилтеп жатканда, калмактардын бир тобу аркадан каптап, эки тарап боло ортого алышты. Аны байкоого албаган Үчкемпир менен Тилеке баатырлардын шилтеген кылычтары сая кетпей, жандарына келгендерди мойсоп жатышты. Алардын жигиттеринин караандары азайып, өздөрү да алсырап калган эле. Ошол чакта тейиттер күч алышып, оттой каптап кетишти. Ага карабай Үчкемпир менен Тилеке баатырлар майдан талаада талоонго калып, бир

аздан кийин караандары көрүнбөй калды. Тейиттердин да чабуулу сээлдеп, көп калмак ортого алып кыса башташты. Бир кезде эки тарап будуң-чаң боло, аралаша түштү да, көп калмактардын арасынан кыргыздардын караандары көрүнбөй баратты. Бир тараптан Сөлпү баатырды ортого ала, анын жигиттери жака-белдегилерди кайсай, четтеп баратышты. Аңгыча иңир кирип, коюу чаңдан көптүн караандары үлбүлдөй барып, көрүнбөй калды.

Тоо ичиндеги кечтен пайдаланган кыргыздар, майдан талаадан суурула чыгышып, кокту-колотторго сиңип баратышты. Белгиленген жайга, биринин артынан бири, топ-тобу менен келе беришти. Кийинки тейиттер менен басыздардын жигиттери келип кошулса да, кыргыз колунун карааны калмактардын үчтөн бирине татыбай, сан жагынан аз эле. Эми андан бетер суюла түшкөнү билинип турду.

Соломонун акылмандыгына кошундагылардын бардыгы ыраазы. Күнү болобу, түнү болобу карындары ачканда жан аякка "Соломонун гүл азыгынан" чеңгелдей салып, муздак булак суусуна аралаштыра коюшса, ары татымдуу, ары маңыздуу ботко даяр. Анда бардык даамдардын түрлөрү, жада калса "кийик от", дары чөптөрдөн бери кошулган. Жыты буркурап, табитти ача коет. Топуктуулугун айт. Жан аяктагыны түгөтө ичкендер керээлден кечке тамакты эстен чыгарышат. Кээде чарчаганда гана каткан куруттан бир чагым оозго салып, шимигенче жүрө беришет.

Камдуу Соломо күн алыс, күндө тынбай кыймылдап, күчөнө согушкан жигиттердин ичтери жалаңдабасын, кубаттансын деп союлган жылкы менен кара малдын этин бирге кайнаттырат. Этин да аралаштырып берет. Анын жөнү жылкынын шорпосу кээ бир суукчандардын ичин алып кетпесин, малдын эт-майы сиңимдүүлүгү оор деп, атайлап жасаттырат. -Арпа, буудай нан жигиттерди кубаттандырат-деп, көчмө тандыр курдурат. Анысы ого эле оңой. Барган жердеги күл бото, чопо каланган отко бышып, тандыр боло калат. "Соломонун тандыры" аталчуу жерлер Аксы аймагында ого эле көп. Кийинкилер анын эмне себептен аталып калышын биле да беришпейт.

Күнү бою тыным албаган жигиттер тамактанган соң, алды уктай башташты. Антпесе да болбойт. Эртең кандуу кармаш кайтадан уланат. Тоолуктар куш уйку салса, кубаттана түшөт эмеспи. Ал да шартка байланыштуу. Тоолуктар өтө эле уйкуга көңүл бөлө беришпейт. "Уйку өлүк" дешет. Бир аз чырм этип алышса, дене-бойлору сергип, өздөрүн жеңил сезип калышат.

Бишкек кайгуул-күзөттөгүлөрдү жигит башчыларына дайындап, бийиктеги кырга чыкты.  Ой артынан ой келет. -Канткенде жоо мизин кайтарууга болот? Күндөн күнгө алышып, алдын жетишинче таймашып жатышат. Түрдүү ыктарга салды. Бардыгы жоого белгилүү. Алар даяр. Канчалык тийип-качышса да, калмактар көптүгүнө салып, орой кетишет. Бетме-бет туруп, кырчылдаша чабышып да көрүштү.  Кантсе да чабышка кыргыз колу ыктуу болгону менен көбүнүн колдорунда союл, калмактарда темир кылыч. Жан алакетке түшүп, эл-жерди коргоого баш оту менен киришкен эр азаматтар жалтанышкан жок. Жарадар болушса да, жыгылып баратып да, душманын чаап кетүүгө, аракет кылышканын байкаган Бишкек жигиттерине ыраазы. Алигече качканын, же коркуп жашынганын  көрбөдү. Кан майданды эске алып, эртеден кечке чейинки аракеттерин, сыдыра көз алдынан өткөрдү.

-Эмнеге калмактар майдан талаада көбүнөн ажырашса да, кошумча күчтөрүн толуктоого кошпой келишет?

Согушка кирген калмак жоокерлерин, ал тургай аттарын, кийим, желек-тууларынан бери эстөөгө аракет кылды.

-Кое тур!-деди өзүнө. Эмнеге алардын колунун чарчап-чаалыкканы билинбейт? Аттары да тың. Кечээки туу бүгүн көрүнбөдү го? Алмашып жатышабы? Эмнеге, бул ойду башта ойлогон жок. Демек, кыргыз колу согуш менен алек болуп жатканда, бир ноендун жигиттери эс алып, экинчи ноендун жигиттери кармашка чыгышат.

-Айтам да, кечке аттары да, өздөрү да тың. Ушул күнгө чейин эмнеге байкабадым экен? Деги, биз кан майданда кармашып жатканда, башка ноендордун колу жергиликтүүлөрдү талоонго албады бекен? Антиши да мүмкүн. Аксы, Жалал-Абад, Көк-Арт аймагы кенен. Калмактар туш тараптан келишпедиби? Бүгүндөн калбай, билиши керек!

Бишкек ордунан козголуп, башын көтөрө бергенде жанына келген жан жигитин көрө калды. Ага суроо бергиче болбой ал:

-Баатыр, аттарды кайтарып жүргөн күзөтчүлөр сизге жолуккусу келет.-деди.

-Кимиси?

-Күзөтчүлөрдүн башчысы Мусабек. Шериги менен келиптир.

-Чакыр бери?

Арытан шыпылдай баскан Мусабектин карааны көрүндү.

-Ассалоомуалейкум, баатыр.

-Кел, мырза Мусабек?

-Баатыр, калмактардын бир тобу аттарын тээ береги Эрмен-Колотко айдап кетишти.

-Ко-ош?

-Мага урукат берсеңиз?..-деп, такала туруп калды.

-Эмне деген уруксат?

-Шериктерим менен барып, аттарын сүрүп-айдап, башка тарапка өткөрүп келет элем.

-Караңгыда кантип сүрүп-айдай аласың?

-Бул жерде жылкы багып чоңойгомун. Коен жатагына чейин билем. Кай тараптан барып, кай тарапка айдап кетиш мен үчүн оңой.

-Аттарды кайтаргандар силерге алдыра койбойт го?

-Алар бөтөн жердин карышкырынан коркпой койбойт. Болбосо, от менен да коркутуп, алып кетем.

-Карышкырларды кантип алып барасың?

-Өзүм эле "карышкыр" боло коем.

-Кантип?-Бишкек тан кала ага тигилди.

-Карышкырдын өзүндөй болуп, улуй алам.

Бишкек баягындагы бала кезинде абасы менен ууга чыкканын абасы дөбөттүн, канчыктын үнүндөй "улуганын" эстеди.

-От менен кантип коркутасың?

-Соломо абам эчки менен койдун куйрук майын эритип, чаначка куюп, кууругучтарды ага салып күйгүзүп, элге тамак бергенде пайдаланып жүрбөйбү. Ошондой кылып, мен дагы кууругучтарга от коюп күйгүзсөм, аттар да үркөт, ат баккандар да качат.

-Бул ой сага кантип келип калды?

-Бала кезде чычаланы күйгүзүп, эчен ойнободумбу? Түндөсү от чыгарба, мал үркөт. Адамдар чочуп калат-деп чоң энелер тилдегени эстен кете элек-деп, сөзүн тамашага бурду.

-Балакет болуп, кырсыкка кабылып калба?

-Кудай берген жанын өзү алат. Кырсык мени карап туруптурбу?

-Этияттан! Кырсык каш-кабактын ортосунда!

-Ажалы жеткени, үйүндө жатып өлүп жатпайбы. Эмнеден коркмок элем.

-Калмактарды атсыз калтырып, сызга отургузалы-деди Мусабектин шериги. -Баатыр, сизге ишенгенибизден келдик. Болбосо, өзүбүз деле айдап кете берет элек.

-Сак болгула!

Мусабек менен шеригинин карааны заматта көрүнбөй калды.

-"Асыл таштан, акыл жаштан" деген. Бул ой эмнеге бизге келбеди? деген Бишкек, эңкүүлөй басып, кошундагыларга карай жөнөдү.

Таң атары менен Бишкекке кабар келди.

-Калмактардын бир тобу четки айылдарды капташып, аял-эркеги дебей, кол жеткенин кылычтап, үйлөргө от коюшуптур. Өкүрүк, ызы-чууга аралаш, атылган көк түтүндү көргөн башка айылдагылар түрүлө качышып, тоо-ташка чыгып, жашынып жатышыптыр. Калган айылдагылар жан-арга издешип, жоо менен беттешип жаткан жигиттерин көздөй жөнөшүптүр. Аркасынан түшкөн калмактар аял-эркек, чоң кишилер тургай, жаш балдарды найзага сайып, ыргытып, кууп келе жатышыптыр.

Бишкек алдастаган жок. Майдан талааны таштап кетүүгө болбойт. Кокустан эле колду баштап жыла турган болсо, калмактар жайыла айылдарды талап, катын-балдарды олжого алат. Канткенде да, бул жердегилерди алаксытып, күчөнө чабуулга киришсе, жоо чачылган колун топтойт. Ноендор биригип, чабуулдун мизин кайтарууга чамынышат. Ага чейин качкан эл, бир арга табышып, убактылуу болушса да, тоо-ташка бекинишет.

Бишкек жигит башчыларын чакырып:

-Биз күткөн, көптөн бери аңдыган жоонун колу эми биригишти. Чабуулга өтүп, жоону эки тарабын курчоого алууга аракеттенели. Аркадан келген жардамдар алар, жаңы күч катары сезилиши керек. Кечке тийип-качып, алаксыта кармап, түн киргенде кол салабыз- деп Сөлпү баатыр баштаган моңол, басыз урууларынын жигиттерин жоонун аркасына өтүп, кол салууга жиберди.

Сөлпү баатыр баштаган жигиттер жоо кошуну турган жайга жетиш үчүн жылга-жыбыттарды аралап, ашууларды ашып барат. Жай, салт атчандарга бир күндүк жол. Катуулап, бөрү жортушка салып барышса чак түшкө жетишерин Бишкек болжоду. Жакшы, тоо жолу жергиликтүүлөргө дайын. Канткенде да, уурулукча бел ашып, жар-кемерлерден жол таап өтүшсө убакыттан утушат. Кысталыш чакта, эл башына түн түшүп турган убакта тобокелдикке барууга туура келди.

Кыргыздар тие-качып, чегинген жер, баш-аягына созулган Кош-Дөбөнүн этегиндеги кең аймак эле. Калмактар жер шартын туура пайдаланып, Кош-Дөбөнүн үстүнө байырлашыптыр. Алыскы адырлардан караганда, алардын кыймылдары айкын көрүнүп турду. Азык, кем-карчын жүктөгөн кире, таң дык салаары менен аларга жете келишти. Топ-топко бөлүнөрү аларга дайынбы, улам

жүктүү кире ар тарапка жакындап баратышты. Утурлап алган зайсаңдар, өз топторуна бөлүп алып кетишти. Алардын түрүнө караганда бейкамдай. Эч биринде шашылганы же, коопсузданганы билинбейт. Себеби, Кош-Дөбөдөн он-он беш чакырым айланадагылар айкын көрүнөт. Кыргыздардын чабуулу башталып, коркунуч болчу болсо, алыскы аймактан жете келгичекти, алар баш-аягын жыйып, кеңири камдана алышмак. Жергиликтүүлөрдү көп деле тогото беришпей, ээн жердин бөрүсүндөй, өздөрүн эркин сезген жоону алыстан байкагандар

-Шашпагыла, кезек бизге да келээр,- дешип ичтен кекенишет.

Убакыт өтүп, күн нуру жерге тегиз тийген чакта, жоо кошуну ар ноендун башчылыгындагы кол, ордуларынан козголо башташты.

-«Үйрөнчүк жоо, кармашарга жакшы»-дешеби, же кыргыздар канчалык каршылык кылышса да, бизге тең келе алышпайт. Алдыдан чыккандарды тымтыракайын чыгара талкалап салабыз-дешеби топ-тобу менен жайыла илгерилей беришти.

Жоонун аракеттерине, абдандап көз салган Бишкек колун беш топко бөлдү.

-Кыраандар, кармашыбыз ары татаал, ары азаптуу болгудай. Бүгүнкү күнгө чейинки биздин каршылыгыбызды, алар толук талдоого алышты. Колду да, колдогу жигиттердин согушчандыгын абдан байкашты. Андан да, канчалык буктурмадагылар бардыгын, дагы жардамга келер күч канча экендигине кызыгышты. Сүрүлүп, тийип-качып, убакытты созгон кыргыз жоокерлерин сынашты. Биз да алардын күчүн, санын байкоого алды. Тагдырды майдан чечет. Сөлпү баатыр буйруса түш оой, мерчемдүү жерге жетип, калмактардын артынан кол салат. Жалтанмай жок. Аянбайлы!

Беш топко бөлүнүштүн себеби, калмактардын жүрүшү Көк-Белден ашып түшөрү менен Айры-Белге жеткирбей ортолук тушунун оң-солунан Чынкара, Бишкек баатырлардын колдору капылеттен каптайт. Калмактар эки тарапка алагды болуп жатканда алды тарабынан Отунчу, Топор баатырлар эки тараптан кол салышат. Жоо артка кайтып чегинбейт. Көптүгүнө салып, каршылык көргөзүшөт. Өтө эле өктөм болуп баратышса, шарт чегинүүнүн аракетин кылышат. Көк-Бел менен Айры-Белдин ортолугундагы жайыктын эки тарабы Муз-Булакка, экинчи тарабы Күйүк-Ашуусуна кетчүү коктуларга толо. Сүңгүп кирип кетсеңер, жер пайнабын аңдаган калмактар кууп жетүүдөн айбыгышат да Айры-Белди көздөй ат коюшат. Мен өзүмүн тобум менен аларды

тосуп урушкан болом да, Айры-Белди ашканга чейин алаксытам. Куюлмага келгенде токой ичине кирип, из жашырам. Аңгыча Сөлпү баатырдын колу аркадан ат коет. Калмактардын жарымы Айры-Белди ашып, жарымы өргө жармаша бергенде кууп жетип, тополоң салат. Эки белди ашып түшкөндө алардын улоолору чаалыгып, эс алууга мажбур болушат да, Байламага жетип-жетпей тыныгууга токтошот. Ага чейин күүгүм кирип, ошол жерге түнөөгө аргасыз болушат. Менин айткандарыма макулсуңарбы-деп, Бишкек айланасындагы-ларга кайрылды.

-Бул оюң абдан туура, баатыр. Бирок, экинчи тарабын эстен чыгарыпсың-деди жер шартын жакшы билген Элкиши. -Эки белдин ортосундагы жайыкка жетүүгө бир күн жетишпейт. Баатырлар колдору менен баргычакты, ойроттор эбак эле өтүп кеткен болот. Алар Айры-Белге жеткен чакта, биздин балдар бута гана болуп беришет.

-Абаке, эң туура баамдагансыз. Биз үлгүрбөсөк, башка жерлердин ыңгайы, бизге ылайык болбой калат.

-Анда балдарды кармаба. Оң тарапка салгандар аттарынын өлөр-тирилерине карабай, Кошулушту ашып түшүүсүн. Сол тарапка барчулар Бугу-Жайлоого жетип кайрылышсын.

Сен Сөөктүгө сал. Өзүңөргө да, атыңарга да Кудай кубат берсин-деди Элкиши. -"Тобокелчиге тоо жол бериптир" деген сөз бар. Элибиздин бактысына, кудай жолубузду оңдосун.

-Калмактар козголгуча, түз барсак үлгүрөт элек. Алдын жетсек болбойт беле?-деп, көптүн арасынан бирөөсүүн салды.

-Максат, калмактар бет алган жолго, ат изи түшпөсүн деген аракет. Болбосо, алар буктурма бар деп, шек санайт. Ушуну эсиңерден чыгарбагыла,-деди Бишкек.

Ошол күнкү окуя Бишкек болжогондой эле болду. Эки белдин ортосундагы жайыкта, эки тараптан жергиликтүүлөр буктурмадан чыгышып, чагылгандай тездик менен жандай чаап, чачыла бараткандарды шылый, уламдан-улам уйпалашты. Алдыдан Бишкектин колу чыгып, эки тарапка жардамга умтулган калмактарды алагды кылса, аркадан Сөлпү баатырдын колу тийип, чаң-тополоң салышты. Аттары да,өздөрү да чаалыгып чарчагандарына карабай, максаттарына жеткендей болушту. Бишкек өзү белгилегендей колу менен Куюлмага жете бергенде:

-Калмактар басып, түрө чаап келе жатат деген кабарды уккан бир топ айылдын адамдары, тигилүү үйлөрүнө, жайылган малдарына карабай, оокат-тиригилигин таштaшып, сүрүлө жоо

менен согушуп жүргөн балдарына жетип, эптеп баш калкалоого жолго чыгышкан эле. Нак белде Бишкек баштаган  кол сүрүлө жөнөгөндөр менен дал келише калышты. Чуруу-чууга түшө, ыйлакташып көрүшкөн соң, Бишкек аларды тобу менен токойдун ичине баштады.

Капылет кармашууга туш келишип, эки белди ашып келген калмак кошуну Бишкек белгилегендей Байламага жетип-жетпей тыныгууга токтошту. Андан ары жылып кетүүгө күүгүм кирип, үлгүрбөй калышты. Ар коктуну көздөй бириндеп кирип кеткен жергиликтүүлөр, али-бери топтолуп, үлгүрүп келе алышпайт.-деген жоо, иңир киргичекти тамактанууга киришишти. Узак жол, капылет кол салуу аларды аябай  эле чаалыктырган эле. Терге чөмүлүп аябай арыган аттары заматта чогулткан ат багарлар топ-тобу менен айдап, жайытты көздөй кетишти.

Сөлпү баатырдын колу аркадан кармашта өлгөн кыргыз жоокерлеринин денелерин коопсуз жайга бекитишип, жарадарларды ала кетишти. Чаалыгып-чарчагандар тамактанууга көңүлдөрү келбей, ар кими отурган жерлеринде кынтая башташты. Аларын абалын көрүп, Бишкек ичинен аяса да, кайрылууга туура келди.

-Кыраандарым. Билип турам. Бүгүнкү түйшүк баарыбызга оор болду. Бирок, бизге чаалыгып-чарчоого, буту-колду кенен сунуп, эс алууга болбойт. Качан тынчтык күнгө жеткенде, өзүбүздү эркин сезип, каалаганча эс алабыз. Тигине бизди азапка салып, кыйноо тарттырган душман маңдайда турат. Бизге убакыт кымбат. Жоого тынчтык бербешибиз керек. Күнгө-түнгө карабай согушабыз. Карангы түндү пайдаланабыз.

-Баатыр, түнү кантип согушабыз? Көп колдун алдында, аз сандагы жигиттерибизден кол жууп калбайлы? Канчалаган ашууларды ашып, азаптуу жолду басып, ырп этерге алдары келбей калды. Буларга да убал. Тыным бер?-деди Элкиши акыйкат сүйлөп.

-Абаке, эрте мененки сиздин кеңешиңиз менен ийгиликке жеттик эле. Жигиттерди аяганыңызга ырахмат. Бүгүнкүдөй учур дайыма эле келе бербейт. Душман бүгүн тыныкса, эртең бизге айгак. Мындан ары, аларды тосушубуз кыйын. Жоо эрте алдыга кетишет. Алдынан каршы алып тосчу жоокерлер аркада турабыз. Үрккөн-корккон элди алар тебелеп, майкандап кетишет. Чала өлүк кылбай жыландын башын жанчып, денесин аңга ыргытайлы. Мүмкүн эртеңки таң, биз үчүн ийгиликтин таңы болоор.

-Баатыр, андай таңды бир элибиз эле эмес, тоо, жер-суубуздун баары күтөт. Эл-жерибиздин ишенгени ушул жоокерлер эмеспи.

-Эл-журт, баарың уккула! Сан жагынан, күч жагынан аз болуп, айла кеткен чакта, калмактарды жазгырып, улам качып-тийип ушул учурга келдик. Биздин саныбыз аздыгын душман билди. Бииздеги бир арга, түнкү чабуулга өтүү. Аны кантип аткарабыз? Сөлпү баатырдын колунун жарымына башта тапшырма бердик эле. Алар мүмкүнчүлүгү болушунча тапшырманы аткарышып, Майлы-Сай, Кочкор-Атадагы кара майдан чаначтарга толтуруп, ат көөлүктөргө жүктөп келишти. Биздин ар бир жигитибиз, бир колуна кара майга чалынган куургучту, бир колуна кылыч, же союл алып, согушка кирет. Ага чейин, жоо кошуну жаткан Байламаны толук курчоого алабыз.

-Биз кетип калсак, эл кантет?-деп бирөөсү кыйкыра кетти.

-Эл да, биз менен бирге барат-деди үн чыккан жакка кылчая Бишкек.

-Ызылдаган катын-балдардын жүрөктөрү түшүп калбайбы? Аларды баштап барып, жоого салып бергендей болобуз.

-Жок. Жеңиште алардын да үлүшү бар. Көп караан болот:-деп кесе жооп берген Бишкектин сөзүнө, эч кими жооп кайтарбады.

-Куургучту кайдан алабыз?-деген суроо болушу да мүмкүн. Бардыгың аттарыңардын тердигин алып, токой ичиндеги таяк, союлдарга орогула. Жетпегенин тебетейиңден бери пайдалан. Силер даярдангыча чаалыккан калмактар куш уйку салышат. Баягы беш бөлүк, беш тараптан кол салып, калмактар жаткан Байламаны ортого аласыңар. Сөлпү баатырдын колунун жарымы эл менен биригип, согушка киргендердин артында от жанган куургучтарды көтөрүп, ары-бери айланышат. Ал эми жарымы калмактардын жаткан жерлерин тебелете, аттарын үркүтө айдашат.

Колуна жалындаган от кармап баргандар, уйкуда жаткан калмактарды ордунан тургузбай басып, баш көтөргөнүн чаап, качканын кубалап жүрүп, кырып-жоесуңар.

Ал түндө куургучка от койгону бардыгы даярдыктарды көрө башташты. Ага чейин каңтарылган аттар сууп, тыныгып калышкан эле. Бешке бөлүнгөн топ, аттарын желдире Байламаны тегеренип баратышты. Тоо ичиндеги түн коюуланып, төбөдөгү жылдыздар алсыз шоолаларын чачкан чакта, маңдайдагы төбөгө жеткен Бишкек колундагы куургучка от койду. Аңгыча душман жаткан талаага жакындаган жигиттер биринен-бири от тутантып, алга жылып баратышты.

Башына карамайга малынган билтелүү жалбырттап жанган таяктарды көтөрүп келе жаткан караандар көбөйө берди. Алардын баскан кыймылын байкагандарга түзөңдүү аймакта от дарыясы толкуп, чайкалып тургандай сезилди. Кечки салкындагы тоонун жели каршы-терши жүргөн сайын, билтелүү жалын жалбырттап, күүлдөгөн добуш күч алды. Караңгы түндө бул көрүнүш,  абдан каардуу да, коркунучтуу да эле. Аңгыча болбой жалындан үркөн аттар сүрүлө калмактар жаткан

жерди күтүрөтө тебелеп, өтө баштады. Маңдайдан чыккан көп жалындан кайра үркүп, кээлери корkконунан кошкурса, кээлери кишинеп, уу-чуу айланага батпай кетти. Уйкудагы калмактар күтүрөгөн көп туяктарга тебеленип тура калгандары сүрөндүдө калып, кыйкырык-чуу, оор онтоого айланды. Аркы-терки чуркаган аттардын курч туягы көбүн былчырата басып, жерге таптады. Качууга үлгүргөнүнө союл тийип, кылычтар шилтенди. Заматта кан күсөгөн баскынчылардын, канга чыланган денелери сайдын ташындай томурайып жерде жатты.

Канча убакыт өткөнү белгисиз, жергиликтүүлөр көтөргөн биликтүү жалындардын майы түгөнгөндөнбү, же кызарган жалындар карарып, бүксүгөн кара майдын жыты өлгөндөрдүн кан-жинине аралаша сасып, душман жаткан аймак кара түтүнгө толуп кетти. Түнкү тоонун ойнок жели каршы-терши жүрүп, бүксүгөн жыттан улам, туманданган кара түтүндөн тоо этегиндеги өңүрдү тазалаганга аракеттенгендей кеч күздөгү шамал дуу-дуу эте куулдап турду.

Таң сүрүлүп, тоонун аппак болгон чокулары айкын көрүнө баштаганда тоолуктар ажарданган тазалыкка суктана тигилишти.

* * *

Калмактардын кыргызга кылбаганы калбады. Боору бүтүн элдин боорун тилип, көзүнөн кан агызып, терисин тескери сыйрып, тирүүлөй кескилеп, ач иттерге ыргытып, тозоктун отун көргөздү. Душман көңүлгө көк таштай тийип, ата-бабалардан бери кордогон жоого элдин кеги кетпеди, өчү жанбады. Кара баскан калмак эл-журтту тукум курут кыларда, казапка чыдабай, туш келди тентип кетишип, аз болсо да жандарын сактап калышты. Жунгар-ойрот хандыгы көптөгөн жылдар аралыгында чоң жоо болду. Казак-кыргыздар атайлап камынып, күч топтоп, биримдүү болуп, өз ара ынтымак түзүп, баскынчыларга каршы бир беткей чыкканда жунгар хандыгы узак мезгилге чейин кеңири аймакка үстөмдүк жүргүзө алмак эмес. Эл да ошончолук кыргынга учурап кордук тартпайт эле.

Жер шартынын татаалдыгынан, кыргыз урууларынын өз ара тыгыз байланышы болбогондугунан улам, алардын биримдиги түзүлбөдү. Биригүүгө кедерги уруу башчылары бири-биринин бийлигин таанубай, кадыр-барк талашуусу, уруулар ортосунда жик бөлүшүү, өз ара араздашуусу, карапайым элди тыгыз баш коштурбай келди. Мындай кедерги, күнүмдүгүн гана ойлогон жеке кызыкчылыктар, согушка чоң таасирин тийгизди. Казактар да бул жагынан кыргыздардан айрымаланып кете алышкан жок. Бириккен күндөрдө даңазалуу жеңиштерге жетишип турушкан. Мурдатан болуп келген уруу башчыларынын биринен бири өйдөсүнүшү, башкарууга умтулуулары, көрө албастык, менменсинүү, же бийликтегилерге жагынуу, өңдүү ары палит, ары тайкы түшүнүк уруу төбөлдөрүнүн аң-сезимдеринен чыкпады. Жараткан жалгап, улуу жапырыктан калмак кырчынып, өкүм сүрдү. Ашынган душман аталган калмактардын мүрзөсүнө жылан, таш ыргытуу ата-бабалардан калган ырымга айланды.

Көз карандысыздыкка, саясий эркиндикке болгон умтулуу, калың элдин тынымсыз күрөшү, алсыраган калмак баскынчыларын Ата Журттан кууп чыгууга себеп болду. Ыйык Ала-Тоосун коргоодо канчалаган кан төгүлүп, өз тарыхында эң катаал, эң кыргындуу, заманды баштан кечирген кыргыз эли баскынчылардан ыйык жерин тазалап. Эркиндиктин таңы агарып айкындала баштады.

**КИТЕПКЕ КОЛДОО КӨРСӨТКӨН**
**АЛА-БУКА АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫ:**

Аматов Кылычбек Тыныбекович
Умаров Адыл Умарович
Койчумбаев Самат Искендербекович
Мамырбеков Амангелди Маматкулович
Стамов Асылбек Мамадалыевич
Атакозиев Чынарбек Жаныбекович
Мамырбеков Маматкул Масалбекович
Саттаров Адхамжан Тешебаевич
Рысматов Акылбек Таштемирович
Жоробеков Акылбек Канатович
Максымбеков Алманбет Досматович
Максымбеков Абдыкерим Махмудович
Буваев Дилшад Расулжанович
Рыскулбеков Элистан Кожонович
Токлибаева Замира Мырзакматовна
Нурматов Кадырбай Довутович
Акпаралыев Дилмурат Акпаралыевич
Сулайманова Айнура Гуламкадыровна
Батырбеков Эркинбек Мейманбекович
Масалбеков Кабылбек Авасбекович
Ныязбеков Муктарбек Турдукулович
Атабаев Фарход Абдуллахаевич
Орунбаев Голибжан Орихжанович
Атабаев Эркин Жорокулович
Усманалиев Машалбек Махмуджанович
Сарибаев Зафар
Абдисаматов Рустам Абдижалилович
Турсунбаев Эркинжан Эргашбаевич
Абдисаттаров Элбек Нурмаматович
Хусанбаев Мухайдинжан Мухидинович
Абдугафуров Фарходжон Валиханович

***Райондук Кошмо жыйындын жана айылдык***
***Кеңештин төрагасы: М. Мамырбеков***

## Пайдаланылган адабияттар жана маалыматтар


1. Аттокуров С. «Кыргыз санжырасы» Б. 1995-ж.
2. Жусупов К.–«Байыркынын издери» «Кыргызстан Сорос» фонду Б. 2001
3. Дүйшөнбаев П. «Баатыр Бишкекпи, же дыйкан Бишкекпи» Б 2015-ж.
4. Закиров С. «Кыргыз санжырасы» Б 1996-ж.
5. Супатай уулу Аман. «Уламадан уккан кеп» «Мурас» 2-91
6. Набиев Турсунбай «Касиеттүү Софет булан» Б «Учкун» 2004-ж.

7. Алчынбаев Боронбай, Ала-Бука району. Өрүктү- Сай айылы
8. Жарманов Иляз, Ала-Бука району.
9. Төрөбеков Өскөнбек Ала-Бука району, Падек айылы.
10. Көчөрбаев Капар, Ала-Бука району.
11. Камбарбеков Камчыбек, Ала-Бука району
12. [Нуркулов Балтагул] Ала-Бука району, Өрүктү айылы.
13. Термечиков Раушанбек Атакозуевич Ала-Бука району.
14. Юсупов Темирбек Кутубекович, Ала-Бука району

## МАЗМУНУ

БИРИНЧИ БӨЛҮМ .................... 3
ЭКИНЧИ БӨЛҮМ .................... 54
ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ .................... 126
ТӨРТҮНЧӨ БӨЛҮМ .................... 143
БЕШИНЧИ БӨЛҮМ .................... 299
АЛТЫНЧЫ  БӨЛҮМ .................... 356

**Жетимишов Суранчы**

# ТАҢ ТОСКОН ТООЛОР

Редактору: Алымжан Молорбаев
Тех: редактору: Алтыбаев Жуманалы
Корректору: Түгөлбаева Айнагүл
Компьютерге терген: Бекмурат Суранчиев
Компьютердик калыпка салган: Саитов Даирбек

Терүүгө 20. 02. 2017-ж. берилди. Басууга 20.05.2017 кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84.
Көлөмү 26,75 басма табак. Нускасы 300 даана.

«Кагаз Ресурстары» басмаканасы
Ош шаары, А. Мамыров көчөсү, 86-г
Тел.: (03222) 4-69-16